КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«Манас» сериясы

# СЕМЕТЕЙ

**Баатырдык эпос**

## МАМБЕТ ЧОКМОРОВДУН ВАРИАНТЫНДА

*«Манас» үчилтигинин 2-бөлүгү 2-китеп*

**Академик Абдылдажан АКМАТАЛИЕВдин жалпы редакциясы боюнча**

**Түзгөн: Мурат Садыров**

«Турар»
Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 82.3 (2 Ки)
С 30

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатынын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы (2014-ж., 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж., 6-июнь, № 151 б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун
Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган

**Редколлегия:**

**Акматалиев А. – башкы редактор**
**Жайнакова А.**
**Көлбаева М.К.**
**Кыдырбаева Р.З.**
**Сооронов О.**

С 30 «Семетей». Баатырдык эпос. «Манас» эпосунун экинчи бөлүгү: 2-китеп/ М.Чокморовдун варианты б-ча. – Б.: Турар, 2017. – 580 б.

ISBN 978-9967-15-697-5

Мамбет Чокморовдун «Семетей» эпосу салттуу эпикалык окуяларды толук камтуу менен «Манас» үчилтигинин өз алдынча варианты болуп эсептелет. М.Чокморовдун айтуусундагы «Манас» үчилтиги көлөмү жагынан залкар манасчы С.Каралаевден кийинки орунда турат. Бул залкар манасчыдан жазылып алынган «Семетей» эпосу 1970–1972-жылдар аралыгында жазылып алынып, жалпы 76 000 саптан ашык көлөмдөн турат.

М.Чокморовдун «Семетей» эпосу окурмандарга алгач ирет тартууланып жатат.

С 4702300500–17 УДК 821.51
ББК 82.3 (2 Ки)

ISBN 978-9967-15-697-5

© КРУИА, 2017
© Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2017
© Турар басмасы, 2017

## АЖЫБАЙДЫН АЙЧҮРӨККӨ АЙТЫП ТУРГАН ЖЕРИ

Атам кары, өзүм кыз
Атаңдын көрү дүнүйө,
Айлам барбы душманга?
Күйүп ичим өрттөнөт.
Беризаада Айчүрөк
Кайгы тарткан жөндөнүп,
Капаланган өңдөнүп,
Айыпка кармап бергидей
Айлыңа чабуул салдымбы?
Малыңды тийип алдымбы?
Айыптуу болуп калдымбы?
Эмине кармап бергендей
Элине чабуул салдымбы?
Эр өлтүрүп экөөңөр
Күңкор болуп калдыңбы?
Баймырза уулу Ажыке
Түлкүнүн уулу Түмөке
Кайсы арманым айтайын.
Үч атадан үч жалгыз
Оймоктуудан уз болдум
Атадан жалгыз кыз болдум.
Акункандын төрүнө
Көп олтуруп мен шордуу
Ушундай ишке туш болдум.
Эми калкка кайман салгыча
Калайык эл журтумдун
Убалына калгыча,
Элге эмгек салгыча,
Ушу турган курган журт,
Эмгектүү болуп калгыча,
Айлам барбы душманга,
Айласыздан барайын,
Ушу турган журтумду,
Аман сактап калайын.
Эми акылдашып кеп кылып,
Акунканды бек кылып,
Ай Ажаке, Түмөке,
Чынкожо, Толтой дөөлөргө
Кадырбай, Төлөк шерлерге
Камап жаткан эрлерге,
Элчиликке барганы,
Барып акыл салганы.
«Айбатыңар жок болсо,
Эптеп камын жегиле,
Элдешели»,- дегиле.
Ата чабар баатырлар,
Айткан сөзгө көнөөр деп,
Акылы болсо билер деп,
Чынкожонун Кара атын,
Эр Толтойдун Сур атын,
Мен эки атынча болоормун,
Экөөн баштап бергин деп,
Куда болуп, кой союп,
Кулдук уруп, тай союп,
Чүрөккө калың бергиле.
Калдайтып калың мал алып,
Кан Акундун астына,
Күйөө болуп бүгүлүп,
Кулдук уруп жүгүнүп,
Ордосуна киргиле.
Акжибек була, азылтуу,
Кийитине кийгиле.

Курчашып куда болгуча
Акункандын астына
Айдап калың мал алып,
Алтын-күмүш зар алып,
Атактуу куда болгула
Акундун кызы Чүрөктү
Аркы менен алгыла.
Ак кийим кийип агарып,
Баркы менен алгыла.
Агарып куда болсоңор
Айылга барып калсаңар
Жери менен алгыла.
Карып калды Акункан,
Эли менен алгыла.
Булкунтуп буудан мингиле,
Бул алымды билгиле.
Эр өлтүрүп салбасаң,
Эмгектүү болуп калбасаң,
Мени эр кунуна бергидей,
Ара өлтүрүп салбасаң,
Мени айыпка кармап бергидей,
Айыбы толуп калгыдай,
Карат менен Суратты,
Таасына кебез байлатып,
Эки атты баш кылып,
Санатын жүзгө толтуруп,
Салдатына айдатып,
Төрөлөр келип консун де,
Кадырлуу куда болсун де.
Жеңкетайын даярдап
Жеткилең айгыр келсин де.
Калың кызга берсин де.
Тойлукту толук кылсын де.
Чаап алам дегиче
Куда болуп тынсын де.
Кагазга муну жазгыла
Айтканымдын баарысын
Ката кылбай айткыла.
Бербейбиз десек келгиле
Анан мени алып барып бергиле.
Акылга даана Айчүрөк
Өз атасы Акункан
Ыраазы болуп баарысы
Айчүрөк тапкан акылдан.
Айчүрөк айткан кебине
Түмөнбай «макул» деди эле.
Ажыбай чечен кеп айтат:
«Барган менен болбойт го,
Чүрөктү аман койбойт го,
Калың алып келбейт го,
Карат менен Суратты
Башат кылып бербейт го.
Чобурдан калың салалы,
Башка мал берсе алалы.
Эки атын салсак калыңга,
Эки атты калың салат деп,
Чыңкожо чатак салат го».
Ажыбай айтып турганда,
Түмөнбай баатыр кеп айтат,
Сен алжыбагын»,-деп айтып.
Айчүрөк адамдан башка жан эле
Билгирлиги бар эле,
Абдан алгыр жан эле.
Эки атын салык саламын,
Дөгүрсүсө бербейм,- деп,
Мына ошерге өлүп каламын.
Оогандын канын төгөмүн,
Уруш кылып көрөмүн.
Адамдан асыл Чүрөктү,
Сыздатып кармап мен берип,
Эмне тирүү жүрөмүн.
Оо курган Чүрөк байкушту
Бекерге кармап бергидей,
Эр өлтүрүп салбагам.
Аскери менен  келгидей,
Эр кулду болуп калбасам
Чүрөктү кармап бергиче
Туубай тууна чөгөйүн.

# СЕМЕТЕЙ

Дөгүрсүгөн чочкого,
Кармашып атып өлөйүн.
Эр Түмөнбай күүлөнүп,
Акункан ыйлап болкулдап,
Атаганат дүнүйө,
Колумда жалгыз Чүрөктү
Алам деп душман келген соң
Эл көрбөсүн дүмөктү.
Эмгекке тууган бала экен
Атаганат дүнүйө,
Аскер алып курулуп,
Азаптуу балам Айчүрөк
Ушундай ишке урунуп.
Бейпайга кеткен жаш бекен
Жер үстүнө мендедей
Өзүм барып алам кыз
Биз өңдүү шордуу бар бекен.
Бир Чүрөктүн айынан,
Эл көрбөсүн кордукту.
Эми душмандар кылсын чоңдукту
Айла болоор кеп эмес
Атаганат дүнүйө,
Кечээ маркум Манас барында
Ушу байкуш Чүрөк жалгызым
Алты жашаар чагында,
Бууданды жыйып топтотуп,
Жоргону жыйып коштотуп,
Баатыр Манас келет деп,
Береги ооган журтумду
Тостурдум жолун топтотуп.
Акка моюн сунду эле
Бел куда болдук сизге деп,
Бакай кулдук урду эле.
Канкор Манас кайран эр
Айдап калың мал берип,
Алтын-күмүш зар берип,
Алакан жайып бет ачып,
Ак куран ачып кат жазып,
Тилегим кудай берер деп,
Ошо Манас баатырга
Кабыл келсе тилегиң
Бир барганды көрөөр деп,
Батаңды берип атказып,
Курчанып куда болушуп,
Кечээ Көкөтөй кандын ашында
Каапыр менен мусулман
Журт карысы кан Кошой
Алаканын жайды эле.
Ошо батадан бүтүп калды эле.
Манастын көзү өткөн соң,
Эки энеси көтөрүп,
Букарга тентип кеткен соң,
Тайынын шаарына
Бала барып чоңоюп,
Кайра келип журтуна.
Калкын билип, эл жыйып,
Катарга бала кирди деп,
Аргын менен огойду
Баксын кармап билдирип.
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулуна тең болуп,
Атасы Манас баатырдын
Арбагы конду деди эле.
Атасындай эл сурап,
Арбактуу болду деди эле.
Ошо бала бар болсо,
Кайыкканда камаган
Катыныңды алам деп,
Атасындай да болсо,
Эшен менен абасы
Бакай деген абасы
Бул экөөнөн кеп укса,
Өзүң издеп табаар деп.
Кан атам тапкан кайным деп,
Мен болуучу зайбың деп,
Олжо жесир чыгат деп,
Камоону бала салар деп,
Катынын таап алар деп,

Баарына балдар баргыла
Камап жаткан көп жанды
Бергеним болсо алгыла.
Бербейбиз десе келгиле
Айлаңар барбы кулунум
Айчүрөктү бергиле.
Ажыбай менен Түмөнбай
Акункан менен Чүрөктүн
Акыл азган кеп угуп,
Бармак болду деп угуп,
Акункан сөзү акылдай
Атка тердик кылышты.
Ажыбай менен Түмөнбай
Чынкожо менен Толтойдун
Өз астына барышты.
Ат жетелеп, жөө басып,
Чынкожо менен Толтойдун
Салам айтып, кол сунуп,
Маңдайлашып калышты.
Жедигердин эр Толтой
Адегенде кеп сурап,
Келдиңер кандай деп сурап
Биз бу жерге келгени
Бир жылга өтүп баратат.
Мындан мурун келбеген
Дидарлашып сүйлөшүп,
Бет уруп жүздү көрбөгөн
Келгениңи айткыла.
Келип Толтой кеп сурайт.
Айткыла кепти деп сурайт.
Эр Түмөнбай кеп айтат:
«Эми айтайын кепти уккула,
Жедигер каны сен болдуң
Шыгайдын каны бул болду.
Кара сакал Кадырбай,
Калк бийлеген Абдырай,
Төлгөчү деген Төлөктү,
Эли менен алдыңар.
Бир Чүрөктүн айынан
Акункандын элине
Эмгекти катуу салдыңар.
Жайы-кышы он эки ай
Жерге эгин чачтырбай,
Жердин бетин ачтырбай,
Короодон айдап койду алдың,
Өрүштөп айдап жылкы алдың,
Акункандын ooганы
Атка минбей жөө болду.
Ашка жетпей ач болду.
Береги Карат менен Суратка
Башына кебез байлатып,
Алтымыш кылып айдатып,
Өрүштө жаткан Каратты
Эр Толтой минген Суратты
Санатын толук жүз кылып,
Кимиң күйөө, кимиң эр
Акункандын астына
Куда болуп баргыла.
Айкалышып Чүрөктү
Аркы менен алгыла.
Кандар келип токтошуп,
Куда болуп жатат деп,
Даңкы менен алгыла.
Атадан жалгыз Чүрөктү
Атан төөнү чөгөрүп,
Кыз-келинге бүктөтүп,
Булгун-буулум жүктөтүп,
Баркы менен алгыла.
Карып кетти Акункан
Оогандын элин билгиле.
Аскер менен оңбутпай
Акунканды сыздатпай
Чүрөктүн көөнүн муздатпай
Бата менен алгыла.
Мен келгени караба
Айтканымдай барсаңар
Менин улуу башым садага».
Бирөө баатыр Түмөнбай

Айтып турат ар кандай
Шыгайдын уулу Чынкожо
Бул айтканы акыл деп,
Кулакка сыйар макул деп,
Эки атка кебез байла деп,
Алтымыш кылып айда деп,
Карат менин канатым
Береги баатыр Толтойдун
Жоого чоюн бууданы.
Экөөнү салык кылдыңар
Бул экөөнү албаңар
Башка  малдан салгыла.
Канча десең алгыла
Билериктүү ур берем,
Минилбеген сур берем,
Аргымак күлүк ат берем,
Тобурчак жорго байлатам,
Токсон жорго айдатам,
Айтканыма көнсөңөр,
Женкетайга шайлатам.
Жайы-кышы он эки ай
Камоо көрүп жаткан эл.
Акункан менен эр Толтой
Атактуу баатыр Чынкожо
Кудалашып калды деп,
Эшик ачып жол тозуп,
Акундун кызы Чүрөккө
Күйөө келет экен деп,
Кара элечек катынга
Кымчак эндүү кыздарга
Жеңкетайга берүүгө
Жеткилең кылып айдатам.
Өрүшкө жылкы жайнатам.
Эр Чынкожо кеп айтат
Эки атты койгун,- деп айтат.
Чынкожо кебин укканда
Ажыбай чечен кеп айтат
Чүрөктүн жайын эми айтат:
«Акундун кызы Айчүрөк
Атагы чыккан жан эле.
Медианын белинен
Бери ойногон жеринен
Чаап келген бала эле.
Менде эмес, пери эле
Силер өндүү баатырга
Алтын-күмүш эп эле.
Адам эмес, пери эле
Калайыкка даң болду.
Атасынын ордуна
Ок эки жылы кан болду.
Ooганды кармап сурады
Дүнүйөнү курады
Алыстан уста жылдырды
Сарайды бөлөк салдырды
Сарамжалды шай кылды.
Дүнүйөнү толтурду
Улук болуп журт сурап
Касиеттүү кан болуп
Калаалуу турган оогандын
Телегейи тең болду.
Айчүрөк сурап турганы
Береги турган ооганга
Казып алчу кен болду.
Даңкы кетти далайга
Казына жыйып толтуруп
Акункандын Чүрөгү
Баркы менен барсаңар
Өзүм кылып Чүрөктү
Аркы менен алсаңар.
Төрт айактуу шал эмес
Казынасы Чүрөктүн
Алтын-күмүш зары бар.
Жана башка дүйнө баары бар.
Эки атты алып барсаңар
Акундун кызы Айчүрөк
Ак никелеп алсаңар.
Айчүрөк жыйган дүнүйө
А сеники эмей кимики?

Түркүгү алтын кураткан
Жабык башын ойдурган
Сары алтын менен көөкарды
Жабык  башка ойдурган,
Жакшылык менен барсаңар
Акундун кызы Чүрөктү
Аркы менен алсаңар.
Өзү ургаачы болгон соң
Күйөө болчу кишиңер
Чүрөктүн тагын минбейби
Оогандын элин билбейби?
Айчүрөктүн күйөөсү
Бизге улук болду деп,
Калк чогулуп келбейби?
Кызым пенде шери бар
Айтканына Чынкожо
Эрип кеткен жери бар.
Эмесе болот макул деп,
Айчүрөк болсо адам деп,
Эки ат болсо айбан деп,
Куда болуп калдайып
Эче күндө барам деп
Ажыбай менен Түмөнбай
Барар күндү чек кыл деп
Убаданы бек кыл деп
Атка тердик салалы
Эче күндө баралы?
Айтканыңа көнөлү
Карат менен Суратты
Экөөнү тең берели».
Деп ошентип Чынкожо
Айтып сөздү турганда
Күн чекте деп турганда.
Төлгөчү Төлөк кеп айтып
Тура тур Кожо - деп айтып.
Бир келген Кожо деп айтат
Берен Төлөк эми айтат,
Шооруккандын Төлөгү
Чынкожону жетелеп,
Токтоп калды бөлөгү.
«Ала көөдөн эсерсиң
Ар немени билбеген
Мангыр Кожо экенсиң.
Эштемени билбеген,
Эсер Кожо экенсиң.
Жайы-кышы он эки ай
Ушул экөө келбеген,
Бет алышып сүйлөшүп,
Калың бергин дебеген,
Тетиги турган Ажыбай
Арамзаада уул экен.
Тетиги жанындагы Түмөнбай
Сен өңдү аңгир өскөн кул экен.
Калыңга эки ат салганы
Эки атыңды бергин деп
Салып жатып алганы.
Мен билемин Чүрөктү
Бу баланын ичинде
Катып койгон дөөсү бар.
Куруп койгон колу бар.
Жыйып койгон эли бар.
Эки атты алып келгин деп,
Баш ат кылып бергин деп,
Салык кылып турганы
Эки ат тийсе колуна
Сени салат жолуна.
Эки атын алып келгин деп
Эптеп алып келип бергин деп
Мунун акылдашкан эли бар.
Мунун айтышып жүргөн кеби бар.
Мунун сүйлөшкөн кеби бар
Талаадан жылкы тийдирип
Бир жылга созуп бул жатты
Мунун жыйып койгон эли бар.
Эчен баатыр эчен шер
Акундун кызы Чүрөктүн
Сен билбесең мен билдим
Тийип алган эри бар.

Мунун сүйлөшкөнү жок болсо,
Узун аяк мал койбой
Короосуна кой койбой
Талаасына үй койбой
Бордоп тиккен боз үйдүн
Муну бердиң аябай
Ак чокудан бек кылган
Ак кине менен жаптырган
Жүз алтымыш үй берди.
Мунун сүйлөшкөнү келген го
Арачы болуп баргыла,
Эки атын эптеп алгыла.
Эки ат тийсе колуңа
Эрдигин анан билебиз.
Чынкожо менен Толтойдун
Кыйындыгын көрөбүз.
Кармаша чыгып урушуп,
Баатырлыгын билебиз.
Билбесең кептин жүйөөсүн
Камдап койгон турбайбы.
Эки атты минчү үй эми
Деп, ошентип эр Түмөн
Чынкожого күйлөнүп,
Баатыр Төлөк сүйлөнүп,
Акылды  Төлөк кеп айтып.
Тетиги арамзаада экөөнү
Атказып ийгин деп айтып.
Чынкожого үйрөтүп,
Алып чыгып сүйлөшүп,
Макул деген Чынкожо
Басып келет күйлөнүп.
Ажыбай менен Түмөнбай
Бул экөөнө сүйлөнүп.
Бир кыз эмес, Караттын
Караттын бир башын
Он беш кызга бербейм деп,
Сенин кызың Чүрөктү
Айбан дейсин Каратты
Куйругунча көрбөйм деп.
Досум минген Суратты
Чүрөк эмес Суратты
Сегиз кызга бербейм деп.
Сениң кызың Чүрөктү
Досум минген Суратты
Туягынча көрбөйм деп.
Берээр болсоң берем деп
Бербес болсоң бербейм деп.
Атырылып Чынкожо
Ажыбайга күйлөнүп,
Басып келди сүйлөнүп.
Убада сөзүн унуткан
Ант урган акмак экенсиң.
Айткан кепти укпаган
Чынкожонун кебине
Эр Түмөнбай күйлөнөт.
Каарланып кеп айтат.
Адамдан асыл Чүрөктү
Алача жорго ат жебей,
Азыкты инген эт жебей,
Айлыңа чабуу салдымбы?
Айыпка кармап бергидей
Мен айыптуу болуп калдымбы?
Толукшуган Чүрөктү
Топтолуп калың мал жебей.
Томуктуу жилик эт жебей.
Же айдап калың мал жебей.
Эсиңе чабуу салдымбы?
Эр өлтүрүп кун коюп,
Күнкор болуп калдыңбы?
Эли журтуң аманбы?
Эмгекке кармап бергидей
Кармап берип Чүрөктү
Өлбөй тирүү каламбы?
Айткан сөздөн калган соң
Убаданы танган соң
Кыз албасаң кызыңды ал,
Кырып туруп кызымды ал,
Кыз бербейин энеңди ал,

Куу таңыртып күүлөнүп,
Келесиң кайра күүлөнүп,
Уктум эле жайыңды.
Кечээ баатыр Манас барында
Айдап жүргөн гүлү деп,
Ата кудайдан тапкан кызыны
Эми сага не дейин.
Адамдан асыл Чүрөктү
Өлбөй тирүү мен туруп,
Кантип кармап берейин.
Бекер алып келгидей
Менде кор болуп келгидей
Астыңа алсыз келгидей
Айыпкер болуп бергидей
Мен берейинби Чүрөктү.
Салайын азыр дүмөктү.
Улук сендей болобу?
Айтып жатса не дейин
Акункан айткан кеби бар
Кечээ бу баатыр айткан
Ошонун куда болгон жери бар.
Болоттон калган тукул бар.
Манастан калган тукум бар.
Ошо бала келгенде
Кайнатам менин калкым деп,
Кана менин зайбым деп,
Сага берип Чүрөктү
Ошо Манастан калган балага
Мен эмнени берейин.
Бөлүнүп чыгып алат деп,
Тетиги Төлөк деген кызталак
Бүткөн кепти жандырып,
Кепти бузуп салат деп,
Чакырчы бери Төлөгүн
Кырып салчу эмедей
Атка минип камчылап,
Токтоткун Төлөктөн башка бөлөгүн.
Баатыр бала Түмөнбай
Ак була тону бүгүлөт.
Айткан сөзүн танат деп
Чынкожодой баатырга
Айбалта ала жүгүрөт
Шыгайдын уулу Чынкожо
Кылычын кармап сабынан
Сууруп алып кабынан
Эр Чынкожо чамынат.
Чабуучудай камынат.
Баймырза уулу Ажыбай
Кармап алып колунан
Түмөнбайга кеп айтат:
Кеп келгенде деп айтат
«Бу да сенин эрдигиң
Жайкап айткан Кеңколго
Урушайын дегениң
Чолок акыл кемдигиң.
Акылга чечен Ажыбай
Кайраттуу бала Түмөнбай
Чабышып чаркы жетпеген
Чалкалаган баатырга
Кармашкан менен болобу?
Айтканың айтпай койобу?
Койгун бала берели
Бербесек бизди соо койбойт
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Кармаша чыгып келүүгө,
Атка минген эрендер,
Астын тозуп берүүгө,
Жергендер бизде жок болот.
Каптап кетсе калың кол
Калаанын ичин кан кылып,
Капканын ичин чаң кылып,
Ат тизгинин бурушат.
Муну киши деген чыдап урушат».
Ажыбай чечен кеп айтып,
«Биз Чүрөктү бербесек
Калбайбы заман»,-деп айтып.
Эр Түмөнбай күүлөнөт
Койо бер деп жулунуп

Ажыбайга сүйлөнөт.
Сен да келдиң арага
Мен да келдим арага
Элди бөлүп сүйлөшүп,
Айчүрөктү берем деп,
Элүү жамбы, миң дилде
Ала койдуң барага.
Акундун кызы Чүрөккө
Менин кара башым садага
Кое бербей колуңду
Билдим сенин оюңду.
Айчүрөктү берем деп
Арачы болуп кеп айтып
Арачы болуп мен келдим.
Менин акымды бергин деп айтып.
Мал көрүндүү оңбогур
Акункандын күчү ургур.
Ак байбиче энебиз
Аа ошонун сүтү ургур.
Кое бергин колумду
Кылат экен кызыкты
Салат экен бузукту.
Же өлөт элем бу жерден
Же өлтүрөт элем Кожону
Мен элге кабар саламын.
Элди жыйып алайын
Мен Акунканга барамын,
Аскерди жыйып аламын,
Атайын уруш саламын.
Айбалта алып колуна
Ар неме түшүп оюна
Эр Түмөнбай күйлөнүп,
Кызыталак ант ургур
Кан Манас мунун кайны эле.
Бу Семетей алчу зайбы эле.
Канкордун уулу Семетей
Менин келиним кайда дегенде
Бары калып Кожого
Бүгүн Айчүрөктү бересиң.
Айчүрөк берип кутулуп
Кандын тукуму
Каканга барып чаң салган.
Кайраттуу Бакай барында
Сен Айчүрөк берип кутулуп,
Бүгүн ажалдан аман каласың.
Ушу Семетей, Бакай келгенде
Менин дайным кайда дегенде
Айланды кайдан табасың.
Кайраттуу бала Түмөнбай
Чынкожого кеп айтып
Сага кыз бербеймин,- деп айтып.
Атка бутун салган жер
Акунканга барам деп,
Айылга кабар салам деп,
Боордошум Чүрөктү
Сыздатып кармап бергиче
Кармашып өлүп калам деп.
Түмөнбай жолго салган жер.
Ажыбай чечен калган жер.
Чынкожо менен Толтойго
Ажыбай чечен кеп айтып:
«Тетики ала көөдөн балага
Чынкожо, Толтой эки дөө
Теңелбегин деп айтып.
Капа болуп кол жыйып
Кандап уруш кылбагын,
Катын-бала кырбагын.
Мен Чүрөктү алып келемин
Акундун кызы Чүрөктү
Колум менен беремин.
Кызматкерди ээчитип,
Отун алып, от жагып,
Казан кармап эт багып,
Кулу менен берермин.
Колумдагы Чүрөктү
Көңүлүңөр тойгудай
Булу менен беремин.
Маазы тартып жүк жыйчу

Кызы менен беремин.
Жүк астына олтуруп
Буйду бычып иш кылчу
Узу менен беремин».
Деп, ошентип Ажыбай
Чынкожо, Толтой кеп кылып,
Жер болжошуп чек кылып,
Ажыбай чечен кеп айтып.
Мына алмак болду Чүрөктү
Чүрөктү алып мен барсам
Күтөөр жерди айтып бер.
Алла таала жол берсе,
Акундун кызы Чүрөктү
Алуучуңар камынып
Куш келгенин айтып бер.
Эр Чынкожо кеп айтат:
«Ыраазымын кебиңе,
Эмики тапкан эбиңе.
Чатырлуу тоонун оюна
Чалкандуу өзөн кең жайык
Кессеңир деген бели бар.
Алдында турган Кожонун
Айчүрөк алып сен келсең
Ошондо салтанатым көрүп ал.
Билериктүү сур берем
Минилбеген кур берем
Торалaсын топтотуп,
Чүрөктү алып кеткенге
Тогуздан жорго коштотуп
Жылкыдан сегиз сойдурам.
Алып келсең Чүрөктү,
Ушу талаага жатып той кылам.
Алача жылкы айдатам
Астыңа салып канча мал
Дүнүйөнү жайнатам.
Тор жылкыны бир бөлүп,
Токсонду байлап айдатам.
Эч болбосо колуңа
Чүрөктү алып сен келсең
Эки жүз жылкы карматам».
Чынкожо менен Ажыбай
Кол алышып кеп кылып
Убаданы бек кылып,
Жети күндү чек кылып,
Ажыбай жолго салган жер.
Айчүрөк алып келет деп,
Ажыбай өзү баш болуп,
Акун келип берет деп,
Аскерин жыйын олтуруп,
Чобурларды сойгула.
Кара этине тойгула.
Казы менен картасын
Балга кошуп койгула.
Айчүрөк алып келгиче
Жайы-кышы кур оттоп,
Казы алып бооруна,
Жая алган сооруна,
Унутурдун кашка суу
Ошого салган жылкыдай
Сегизин тандап келгиле.
Айчүрөк алып келгенче
Тамакты жакшылап бергиле.
Купулуна толсун деп,
Акункандын ооганы
Арага келген экөөнө
Жетиден жорго ат берем.
Куу арасы болсун деп
Ополдун ою сары түз
Ошол жолдо коңур күз
Куру жаткан бекерде
Айдап алып жөнөдү.
Караламан калың кол
Жайкап алып жөнөдү.
Сары жайык кең талаа
Кош түшүрүп жаткан жер.
Айчүрөк алып той берип
Жангасасын чыгарып,
Даярланып аткан жер.

Чыңкожо менен кептешип
Ант ичишип шерттешип,
Ажыбай жолго салган жер.
Кан Акундун шаарына
Ажыбай барды айлына
Акункандын жез мамы
Баатыр бала Түмөнбай
Атын байлап салыптыр.
Акункандын астына
Түмөнбай барып калыптыр.
Бүркөлүп кабак ачылбайт,
Үшкүрүгү басылбайт,
Күлүп көөнү басылбайт,
Башы жерге салынат.
Эмне капа болду деп,
Сырын айтпай койду деп,
Кан Акун менен Акбарча,
Коркуп экөө зарылат
Артынан Ажы барды эми.
Каалга ачып шарт этип
Акункандын астына
Жүзү ачык жарк этип
Ажыбай чечен барды эми.
Салам кылып, кол берип,
Чоң Акункан астына
Тизеси менен чөк түшүп,
Артык чечен Ажыбай
Ачуулу бала Түмөнбай
Айтып өттү бекен деп.
Мойнун, ийип шылкыйтып
Улук Акун кеп сурайт.
Мурун келген Түмөнбай
Күлүп көөнү жазылбайт.
Бүркөлүп кабак ачылбайт.
Кийин келип Ажыбай
Кол алышып көрүшүп,
Мойнуңду жерге саласың,
Экөөң тең айтпай каласың,
Айткыла балдар кебиңди.
Арачы барган экөөңөр
Акункан сурап турган жер.
Оолукмалуу Түмөнбай
Чынкожо, Толтой дөөлөргө
Арачы болуп бардык биз.
Аттан айып салдык биз.
Айчүрөктүн айтканын
Баарын айтып бардык биз.
Чынкожо көөдөк жан эле
Каалаганың эки атты
Калыңга салсаң алгын,- дейт.
Макул болсо Чынкожо
Төлөгү келип күүлөкөй
Азооңо сага ат бербейм
Ат эмес, толтура аяк аш бербейм,
Чыдасаң жата бергин,- дейт.
Айчүрөктү бербесең
Айлыңды чаңдан бөлгүн,- дейт.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы чуу,
Шаарыңан көргүн,- дейт.
Бербеймин деп мен айтсам
Кызыңызды көрөм деп,
Кырылып туруп берем деп,
Бир Чүрөктүн айынан
Калкка камоо кылбайлы.
Карган кемпир-чалдардын,
Жаңы өспүрүм балдардын,
Убалына калбайлы.
Айчүрөктү алалы,
Акункан журтун багалы,
Астынакай ооганды,
Аман сактап калалы.
Берели деп мен айтсам
Берени уулум Түмөнбай
Жашым улуу мен элем.
Камчысын бүктөп күүлөнөт.
Кайраттанып сүйлөнөт.
Адам уккус кеп айтат.

Ай мен Чүрөктү бербейм деп айтат.
Экөөбүз эки санаада
Экөөбүз бардык карага.
Астыңызга келдик биз,
Акылыңды айткын сиз,
Акункандай зор канга
Ажыбай айтып турган жер.
Анда Акункан кеп айтат,
Айлам канча,- деп айтат.
Эки шумкар баласы
Кеп талашкан не пайда.
Эки атанын баласы
Кеп талашкан не пайда.
Бергиле балдар Чүрөктү
Эл көрбөсүн дүмөктү.
Кармап бер балдар Чүрөктү
Калк көрбөсүн дүмөктү.
Өзүм кары, балам кыз
Атаңдын көрү көр дүйнө
Ичим күйүп болдум туз.
Бул Айчүрөк куу тумшук
Кандай ишке болду туш.
Акункан кызын бербейм деп,
Айылга бузук салды деп,
Катын менен баланын
Убалына калды деп,
Кепке кемдик кылбаңар.
Сөзгө сөлтүк кылбаңар.
Акункан айтып турган жер.
Чогол акыл чорт кыял,
Ала көдөн кош кыял,
Ыргып коош калган жер.
Карындашы Чүрөктү
Ач билектен алган жер,
Мурутунун агында,
Букар кетер чагында.
Токсондон жашы өтүптүр,
Токсон бешке жетиптир,
Атым аман калсын деп.
Береги агаң Ажыбай
Айчүрөктү мен берип,
Айылды сактап калдым деп.
Ат сооруна аламын
Атаң менен Ажыбай
Экөө берем деп турса,
Барбачу Чүрөк сен билсең
Өлүмгө башын байлаган.
Түмөнбай кургур мен белем
Туруң Чүрөк тура гой.
Барбасаң берем өзүңдү
Аткардым кечөөгү айткан сөзүңдү.
Бербеймин деп мен айтсам
Беремин,- дейт Ажекең.
Асманга түтүн созулат,
Жашы таттуу атакең
Айчүрөктү бергин деп,
Ажыбайга кошулат.
Түмөнбай колдон алган соң
Баргын Чүрөк баргын деп,
Жез мамыга байлатып,
Арпа менен күрмөктү
Акырына толтуруп.
Суусаганда ичүүгө
Теңиздин салып акырды.
Акундун кызы Айчүрөк
Атасы Акун шаарына
Башкача тапкан акылды.
Аттардын түрүн караса,
Буура көкүл, кунан жал
Алда кызыл, жандуу көк
Арстан Бакай баатырдын
Кошо минген Тууучунак.
Калкамандын кыраатты,
Каныкейдин аргымак,
Чачыкейдин Бозжорго,
Күлчоронун Актелки,
Канчорунун Суртелки,
Соорусу жайык Көкала

Буура көкүл Акборчук
Баатырдын уулу Семетей
Айдатып келген бууданы.
Башка киши көргөндө
Тегеренип олоңдоп
Кулакты кайра жапырып.
Тээп ийчү эмедей
Аттары турат качырып.
Олжо күндө Ажыкең
Эт жүрөгү сезген жер.
Эси чыгып кеткен жер.
Кайраты бар Түмөнбай
Мээтетинди алайын,
Береним Чүрөк барган го,
Берендин уулу баатырды
Ошону таап алган го.
Берекелүү Үргөнчкө
Аттын түрү бир башка
Канкордун уулу жалгыз эр
Ошо келип калган го.
Ажыбай коркуп кеп сурайт
Айчүрөк аттарды айтчы деп сурайт.
Аттардын жайын сурасаң
Мына бу турган жети ат
Ашкабаттын аты экен,
Бакканы ойрон сарт экен.
Быягында жети ат
Кышкысын топтогон,
Арсланбап тоосун оттогон.
Чынкожо кандын шаарынан
Жоого минчү ат экен.
Атты баккан ат барса
Муну ээси сарт экен.
Акундун кызы Айчүрөк
Эки агасын ээчитип,
Каалга жаап бекитип,
Андан алып жөнөдү.
Сары жезден кыйдырган,
Бетине калай жаптырган,
Кырына сүрөт жаптырган,
Каалга тартып шарп этип,
Акундун кызы Айчүрөк
Анан кирди сарайга.
Ажыбай менен Түмөнбай
Жаңыдан башын салганда,
Астына Чүрөк барганда,
Соорусун сылап калганда,
Көт жагынан ээчитип,
Эки агасы барганда,
Суук боор киши барганда,
Мурдун тартып бышкырып,
Боорун тартып кошкуруп,
Тегеренип олоңдоп,
Тээп ийчү эмедей,
Тыбырчылап олоңдоп,
Сулатып жайын жаткырган.
Акундун кызы Айчүрөк
Төрөсүнүн бууданын
Ошону бөлөк бактырган.
Карап турса жалы бар
Жерди чапчып тарсылдап,
Алтын така, болот мык,
Бутка салса бурулат.
Туягында жаркылдап
Мамынын башын кемирип,
Аркардай болуп элирип,
Абандан башка түрү бар,
Жылкыдан башка сүрү бар,
Кең соорусу кетмендей
Кебездей болгон көкүлү
Эки көздүн ортого
Уузду ургач керткендей.
Маңдайы жазы, кең соору
Кызылы түлкү жүнүндөй
Туу калган аркар бүрүндөй.
Экинчи барып сарайдан
Кереметтүү Айчүрөк
Буурул атты көргөздү.

Буурулду көрүп Айчүрөк
Жылан көргөн эмедей
Жыйрыла түшүп токтолуп,
Кызыл өңү боз болуп,
Эт жүрөгү козголуп,
Астындагы Чүрөктү,
Аркалыктан алган жер.
Аттан коркуп Ажыбай
Айткын Чүрөк сырыңды
Ажыбай сурап калган жер.
Муңайган Чүрөк пери
Оң бөйрөгү болк этип,
Оң жагы ийни солк этип,
Кашка тиши жарк этип,
Капа болуп ыйлаган
Эми күлө багып кеп айтып,
Күндөй бети жарк этип.
Кагылайын Ажаке,
Айбанды көрүп минтесиң?
Адамды көрсөң кантесиң?
Бууданды көрсөң минтесиң
Кагылайын Ажаке,
Жоону көрсөң кантесиң?
Аттын жайын уксаңыз
Буудайбек кандын Музбурчак
Ошо минген Тообурчак
Жал-куйругу жайылган
Туягы жерге сайылган
Адамзат мендеге
Ашташ болгон ат экен.
Бу Музбурчак деген менденин
Түпкү атасы сарт экен.
Түнү ууруга мингизген
Багып жүргөн ат экен.
Белине белбоо чалынган,
Сооруга күпсөр салынган,
Кылычын белге байланган,
Колунан мылтык түшпөгөн
Музбурчак кандын эгиз бек
Он эки төөгө бул жүктөп,
Алтымыш киши ээчитип,
Айылга келип түштү эле.
Ушу нур корогон журтуңду
Өзүм билип турган соң.
Сооданын жолун ачтадым.
Атыңды барктап баккын деп,
Бөлүп алып бактырдым.
Деп, ошентип Айчүрөк
Эки агасын ээчитип,
Андан алып жөнөдү.
Ар жагында бир сарай
Каалга ачып, шарт этип,
Абасынын астына
Айчүрөк баштап кирген жер.
Атасы Манас канкордун
Жортуулга чыкса башынан
Жолду мурун чалуучу,
Жоону мурун табуучу.
Олуязаада Каныкей
Ардактап жакшы багуучу.
Темирден чынжыр урдуруп,
Жезден салган калот  го
Эт тууратып сойдуруп,
Билгенге бир тайган,
Көкжалдан калган көк тайган.
Көрүп ачып караса,
Адамды жутуп ийгендей,
Иттен түрү бир башка,
Бошонуп кетсе жарчудай,
Ажыбай менен Түмөнбай
Экөөн тең тиштеп алчудай.
Абакеси кан Бакай
Канчоро менен Күлчоро
Эпейип атка мингендей.
Адырга тайган жойлоткон
Адис болуп жүрсүн деп,
Абакеси кан Бакай
Эки бирдей жетимди.

Будурдан бугу кондуруп,
Аскадан аркар алдырып,
Адис кылып ойноткон.
Тайганды көрүп булкулдап
Айчүрөктү ээчиген.
Ажыбай менен Түмөнбай
Эси чыгып солкулдап,
Ай Айчүрөк тура тур.
Жаңкыларды ат дейсиң
Сурасак муну ит дейсиң
Иттен түрү бир башка,
Иттин жайын айтып бер.
Чүрөктөн сурап турган жер
Акундун кызы Айчүрөк
Ичинен тынып күлгөн жер.
Ээчип келген экөөнүн
Коркоктугун билген жер.
Кагылайын абалар,
Корксоңор кайра кайткыла
Ар түрдү айбан көрдүк деп,
Үйүңөргө айткыла.
Адырга тайган агытып,
Булкулдап бугу тиштетип,
Аскадан аркар тиштетип,
Адырдан аркар куудуруп,
Тоо кийикти айдатып,
Баккан койдон ийритип,
Короого айдап кийирип,
Кожобек кандын уулу экен.
Баккан ити бу экен
Карыган тайган агыткан
Өзү мерген шум экен.
Кабарымды угуп тур
Алты төөгө бул жүктөп,
Итин алып чыгыптыр.
Итимди багып бергин деп,
Астыма келип кыйнады,
Итти өзүнөн артык сыйлады.
Акундун кызы Айчүрөк
Эки агасын ээчитип,
Андан алып жөнөдү.
Куш туурдугун тарттырган,
Текөөрүн ак кебезге бастырган,
Күмүштөн каңдай ойдурган.
Семетейдин Акшумкар
Алып келип кондурган.
Ак койдун жарым эт
Жем басарга бастырган,
Мүнүшкөргө тапшырган.
Токту-койдун томук эт
Тай көзүнө чокуткан.
Көпөлөк көрсө булкунтуп,
Көлөкө көрсө талпынтып,
Коңгуроосу шаңгырап,
Башындагы томого
Алтын менен жээктеп,
Тамагынан тээктеп,
Томогонун кырына
Жакут таштан бастырып,
Акундун кызы Айчүрөк
Сары алтын менен каптырды
Ойлонуп акыл жеткисиз,
Усталарга чаптырып.
Канаттуудан бир башка
Эки агасын ээчитип,
Акундун кызы Айчүрөк
Акшумкарды көргөздү.
Ат борумун көрдүк деп,
Ит борумун көрдүк деп,
Куш борумун көрдүк деп,
Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Ажыбайга кеп айтып,
Какшык кылып бек айтып.
Чынкожо менен Толтойго
Эми карындышың Чүрөктү,
Алпарып бергин,- деп айтып.
Экөөбүз бардык арага
Оң колуман бек кармап,

Бербеймин,- деп мен айтсам,
Өкүнөмүн,- деп айтсам,
Кеп келгенде кеп айткан.
Сенин бу да эрдигиң
Кайнап аткан көп колго
Чынкожо менен Толтойго
Кармашамын дегениң.
Ал чолок акыл кемдигин
Кармап алып күүлөндүң.
Жашың уулу сен элең
Сенден кичүү мен элем
Чынкожо менен Толтойду
Тилдеп мени токтотуп,
Алып чыгып кеп айттың.
Айчүрөктү берем деп,
Ушу кепти не айтың.
Жанагы турган жаңгыз ат
Манастын уулу жаңгыз эр
Семетей келген турбайбы?
Байлануу турган ак тайган
Семетейдин тайганы.
Мына бу турган ителги
Семетейдин шумкары.
Айчүрөктүн артынан
Биригип кошо баргын деп,
Манастын уулу келиптир.
Барып жооп айткын деп,
Бет алышып сүйлөшүп,
Астындагы Чүрөктү
Бербеймин,- деп айткан.
Чынкожо, Төлөк зорум бар
Эр Толтой деген чоңум бар.
Тиздеп койгон төөм бар.
Айчүрөктү алуучу
Эр Толтой деген күйөөм бар.
Барып өзүң айткын кеп,
Семетейге кайткын деп,
Бербеймин деп айткын деп,
Өзүң барып айтып кел,
Бербеймин,- деп айтып кел.
Ай Айчүрөк тура тур
Манастын уулу баатырды
Муну алып келипсиң.
Уктум эле ар кимден
Манастын уулу баатырды
Минген аты Буурул деп,
Көргөздүм аты мунун деп,
Ай булутка бураса,
Кайнатам Манас баатырды
Айчүрөк сага болсун ыраазы.
Кудай берсе тилекти
Сен үчүн касташкан жоону алар деп.
Ашкан чукул жан болсо,
Андан өлүп колдо деп,
Мен бул жерден кайтайын,
Акункага айтайын.
Мамыга буудан байлатып,
Башка булбул сайратып,
Жангыз кызы Айчүрөк,
Күйөөгө тийип алыптыр.
Манастын уулу жангызды
Айчүрөктүн ордого
Ошо келип калыптыр.
Акункага барайын
Күйөөгө кызың тийди деп,
Мен сүйүнчү алайын.
Көргөнүмдүн баарысын
Бирин койбой айтып бар.
Семетей менен сүйлөшүп
Сен бул жерден кайтып бар.
Ажыбай менен Түмөнбай
Кол кармашып турушат.
Ачуу келип үксөңдөйт
Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Ажыбай менен урушат.
Акундун кызы Айчүрөк
Кагылайын, эки аба
Баймырзадан сен жалгыз

Акункандан мен жаңгыз,
Үч атадан үч жаңгыз.
Кеп талашып нетели,
Дүнүйөнү көрөлү,
Көчөгө салып бөлөлү.
Кеп талашып урушпай
Биерге токтоп турушат.
Жүргүлө баралы
Казынаны каптатып,
Экөөңөргө жаттатып,
Мурадыга жеткизип,
Казынаны өткөзүп,
Кандай заман күн болот,
Чоң дептерге салгыла.
Экөөн көзүн алгыла.
Деп ошентип Айчүрөк
Андан басып кетти эми.
Ар жагында бир сүрөт
Каалгасын караткан,
Каршы темир бураткан.
Каалганын кырына
Чоюн коюп сулаткан.
Каалга ачып шарт этип,
Акундун кызы Чүрөктүн
Кереметин көрдүңбү?
Астына кирди жарк этип,
Ачасы алтын жез ыргай
Чыпчың алтын, чыбы жез
Чын бадана, торой көз,
Этеги алтын, жеңи жез,
Ичи ою тышы бос,
Кырк бадана торгой көз.
Алтын менен жээктеп,
Акылман уста жасаган.
Аколпокту көргөзүп
Акундун кызы Айчүрөк
Манастын уулу баатырдын
Бар экенин билгизип,
Айзасы турат жөлөнүү,
Кылычы турат илинүү,
Күпсөрү турат салынуу.
Айбалта турат тагылуу,
Жоо-жарагы бир башка.
Эр Түмөнбай кеп айтат,
Ой Ажаке,- деп айтат.
«Акундун кызы Чүрөктүн
Ким экенин билбейсиң.
Ай караңгы түн экен
Мунабу турган жаракты
Кийип жүргөн ким экен.
Тетиги турган мылтыкты
Атып жүргөн ким экен.
Мылтыктары бир башка
Алтын ооз алма баш»
Аны көрдү Ажыбай
Күмүш кулак, жез көчүк,
Күлчоронун мылтыгы.
Муну көрдү Түмөнбай
Баатырдын уулу келгенин билдиңби?
Манастан калган жоо-жарак
Мунун баарын көрдү эми,
Акундун кызы Айчүрөк
Андан ары барганда.
Жерден эрден куйдурган
Борумду боз сарай.
Борумун айтса бир далай.
Комуз чертип дуулдап,
Келин-кыз ойнойт шуулдап.
Кыйак тартып кыңылдап.
Кыз-келин ойнойт чурулдап.
Алаканын чабышып,
Ары-бери чабышып,
Анжыр менен алчаны,
Адам менде көрбөгөн.
Түрдүү жемиш канчаны
Какты бардай кемирип,
Кара чайын шимирип,
Мейиз кишмиш алышып,

Акундун кызы Айчүрөк
Мурда басып жетти эми.
Канчоро менен Күлчоро
Келин-кыздын жанында
Кудалашып келди деп
Эки бирдей кайниси
Экөөнө айтып кетти эми.
Сары мойун коендой
Моюн алышкан жиндилер
Шабырдагы балыктай,
Балкылдаган жиндилер
Жездесинен кеп угуп,
Куда келди деп угуп,
Бооруна колун алышып,
Салам айтып, кол берип.
Канчоро менен Күлчоро
Экөө чыкты жарышып.
Ажыбай келип кол берип,
Канкорума жеткени
Жиндилерди көргөндө
Коркуп катуу кеткени.
Канчоронун колунан
Шашпай кармап кеп айтып:
«Сак саламат болдуңар
Кагылайын кан жезде,
Санаасын биздин алдыңбы
Эсен-аман болдуңбу?
Кагылайын эр жезде,
Эсиңе бизди алдыңбы?
Корпой эмей жеткени
Ажыбай коркуп кеткени.
Канчорону жезде деп».
Ажыбай айтып турганда
Бул эмне дегени.
Каргадай болгон Күлчоро
Кайра тартып буралып,
Канчорону жезде деп,
Ажыбай айтып турганда.
Күлчоро кетти уялып,
Ак көйнөк бүгүлүп,
Уятына чыдабай
Өзү жаткан сарайга
Күлчоро кирди жүгүрүп.
Ошондо Чүрөк болгонун
Кагылайын эки ага,
Балдары жатат быякта,
Баатыр жездең тыякта,
Чобурап жатат быякта,
Булбул жездең тыякта,
Ойногон балдар быякта,
Оболу жездең тиякта.
Каалга ачып, кылт коюп,
Канчоро менен Күлчоро
Экөө бирдей кетти жылт коюп.
Акундун кызы Айчүрөк
Басты бели буралып.
Агасы баатыр Түмөнбай
Жоодон кордук көп көргөн.
Семетей келген экен деп,
Айчүрөктүн артынан
Түмөнбай келет кубанып.
Ок тийгендей селдейип
Башына түшүп пенделик.
Чынкожо менен Толтойго
Берем деп кайдан айттым деп,
Самандай өңү саргарып.
Айчүрөк менен Түмөнбай
Ажыбай артынан келет сандалып.
Башка киши көрбөгөн,
Басып киши көрбөгөн,
Мурун киши көрбөгөн,
Жанына киши келбеген,
Бурду уулу боз сарай
Боруму башка көрүнөт.
Кереге кайың сыйдасы,
Босогосу борту алтын
Чамгарагы чарк алтын.
Каалгасын камдаткан

Боруму менен сырдаткан,
Туурдугунун бетине,
Албан айчык кондурган.
Үзүгүнүн кырына
Окуу оюп бастырган.
Чамгарактын үстүнө
Сары алтынды койдуруп,
Көрчөгөлөп жаткырган.
Керегесин көрктөйүн
Күмүш менен бөрктөйүн.
Акундун кызы Айчүрөк
Каалга тартып бек болсун
Кайра салып эшикти
Үйүнө басып кирген жер.
Манастын уулу эр жаңгыз
Маңдайында мунарган
Күйүп турган шамы бар.
Адамдан башка кайкайып
Кишиден башка залкайып.
Жаңы чыккан муруту
Жаагында бурулуп,
Атадан жалгыз баатырдын
Жазы маңдай, жар кабак,
Түрү башка көрүнөт.
Ажыдаар жыландай
Сүрү башка көрүнөт.
Чыканактап байкайын,
Жаткан экен заңкайып,
Акундун кызы алганы.
Кантээр экен экөө деп,
Эки агасын төрөгө
Айчүрөк алып барганы.
Канкордун уулу эр жаңгыз
Бир атадан ал жаңгыз.
Барча кагаз бербеген
Акункан менин калкым деп,
Айчүрөк менин зайбым деп,
Айдап калың мал алып,
Алтын, күмүш зар алып.
Күйөө болуп келбеген
Акункандын элине
Айтылуу ооган элине
Чынкожо, Толтойлор келип,
Кайнаган калың кол келип,
Буларга мурун келбеген.
Мен зайбымды алам дебеген,
Айчүрөктү бербейбиз.
Бу жерге жатпай качсын дейт,
Элине барып айтсын дейт,
Убада кылып кайтсын дейт,
Эр Багыштын уулуна
Беребиз деп шерт кылган.
Мынабу менин өз агам
Сага болот кайнагаң
Баш көтөрүп өйдө бол
Сен бу жерге келген
Абамдын атын бактым деп,
Ай караңгы түн болду.
Он алты күн жаттың деп,
Эки бирдей кайнагаң,
Билгениңизди айткын деп,
Учурашып экөөнө,
Салам кылып кайткын деп.
Кантер экен экөө деп
Акундун кызы Айчүрөк
Манастын уулу бөрүгө
Чагын койду төрөгө.
Атасы Манас өткөн шер
Атасындай болгон эр.
Обдулуп кобо калган жер
Оолугуп добуш салган жер.
Канчоролоп кыйкырып
Күлчоролоп чакырып
Билген экен дайныңды.
Бербейт экен зайбыңды
Мынабу келген экөөнү
Астыңа салып айда деп,
Күнөкөрүн тарттырган.

Өз даргысын алды деп
Канкордун уулу Семетей
Бакырып үндү салган жер.
Эки бирдей жинди кул
Кылычын сууруп кынынан
Экөө кирип барган жер.
Каргадай болгон Күлчоро
Кармап колго алган жер.
Айда, айда , айда деп
Бас дегенде баскын деп
Эки жинди кан ичме
Экөөнү колдон алган жер.
Баатырдын түрү бир башка
Ажыбай менен Түмөнбай
Ажырашып калган жер.
Канга тойгон жинди кул
Эр Түмөнбай баатырды
Кармап калып колунан
Атасы Алмамбет чапкан жолунан,
Беттешип киши жеңбеген
Атасынан бабасы
Бетине менде келбеген.
Каргадай болгон баланын
Арбагы башка көрүнүп,
Ажыбай сындуу баатырдын
Санаасы санга бөлүнүп,
Каалгага корголоп.
Кайраттуу баатыр Түмөнбай
Колун булкуп кеп айтып:
«Кана төрө, жездеке,
Атаң Манас эр маркум
Бу дүйнөдөн өтүптүр.
Жанында турган зайбыңа
Бел куда болуп кетиптир.
Чачына буурул киргиче
Атаң Манас маркумдун
Арбагын сыйлап жүрдүм деп.
Ажалым сенден экенин
Жездеке сени күйдүмбү?
Канзаада эрдин тукуму
Канкордон калган жаңгыз эр
Аман койсо келер деп,
Камап жаткан жоо болсо,
Кармашып аткан кол болсо,
Болоттон калган тукул деп,
Баатырдан калган тукум деп,
Жайган менин торум деп,
Ар качандан бир качан
Каарду жанга кабылган
Кайнаган менин шорум деп.
Жазыгым болсо жездеке,
Салчы менин мойнума.
Жатайын жатчу ордума»
Кайраттуу бала Түмөнбай
Эр Семетей төрөгө
Кайраттанып кеп айтып.
Билсин төрө деп айтып.
Баатырдын уулу Семетей
Түмөнбай кебин укканда
Айчүрөктү бир тиктеп,
Жалган айткан экен деп,
Ачуусу менен көп тиктеп.
Ак көйнөк кийип буралып,
Бириң төрө, бириң кан,
Акылды жакшы салгыла,
Жакшы жакка баргыла,
Каргадай болгон жетим кул
Күлчоро чуркап кетти уялып.
Баймырза уулу Ажыбай
Өзү коркок жан экен
Атаганат катыгүн
Коркоктугу болбосо,
Чечендиги бар экен.
Баатыр бала Түмөнбай
Кайраттанып айткан соң.
Айдап чыкты эки кул
Экөө кайра кайткан соң
Келди төрө кашына.

Бала төрө көкжалдын
Эми келди астына.
Салам кылып кол берип
Акылы толук жан экен.
Семетейден кеп сурап.
Аргын менен огойдун
Анын жайын көп сурап.
Кагылайын кан жезде,
Асманда булут зор бекен?
Атаң менен бир жүргөн
Кан Бакай аман бар бекен?
Жыргалдуу мендей эр деген
Маркум атаң эр Манас
Сайып кеткен багы бар.
Салып кеткен ташы бар.
Биз угабыз ар кимден
Кеңкол, Талас жери бар.
Аргын, огой эли бар.
Атаң күтүп жердеген
Элиң аман бар бекен?
Адамдын боорун эриткен,
Арчабозго бош арткан,
Азабыңды көп тарткан,
Энең аман бар бекен?
Азоо тартып үйрөткөн,
Акылдашып сүйлөшкөн,
Элиң аман бар бекен?
Оо, айдай жүзү жоо жарык
Айтмак болду Ажыбай
Акыр түбүн оодарып,
Бала төрө эр жезде
Ажыбай чечен кеп угуп,
Бардыгы аман деп угуп,
Байгамбар сындуу бабаңды
Бакай сындуу абаң бар,
Алакан жайып, кол жайып,
Алыстан чыгып, жол басып,
Абакең Бакай келдиби?
Келинимди алам деп,
Кайда менин балам деп,
Анда бербейм дедимби?
Өлтүрөмүн дегендей
Ырысыңды жедимби?
Сүрүп калың мал алып,
Алтын, күмүш зар алып,
Атадан калган жетимим
Аман өсүп чоңойду.
Адам болуп оңолду.
Энекең Каныш келдиби?
Алдыңдагы Түмөнбай
Жаныңда турган мен абаң
Мында бербейм дедимби?
Өлтүрөмүн дегендей
Кана салчы мойнума
Ырысымды жедимби?
Ошондо айтат Ажыбай
Кайнагаң менин шоруман,
Казылуу терең оруман,
Жайы-кышы он эки ай
Камоосуна мен жаттым.
Чынкожо, Толтой колунан
Эриккени чачпадым,
Жердин бетин ачпадым.
Мынабу кууган курган журт
Эгерим менен ала албай.
Сойоруна мал албай,
Ичерине аш албай,
Минерине ат албай,
Айчүрөктү алам деп,
Алып келип бергин деп,
Айчүрөктү бербесең,
Айлыңа кыргын салам деп.
Басып чыккан мал койбой
Талаага киши чыгарбай
Жайы-кышы он эки ай
Мына бу катыңындын айынан
Камоосунда мен жаттым.
Манастан калган жалгыз эр

Кабарын укса келер деп,
Намыз алып берер деп,
Катылып келсе алар деп,
Камап жаткан көп жоону
Келсе эбин табар деп.
Урушса уят болор деп.
Кармашса кордук көрөр деп.
Атасы Манас болгон соң
Чынкожо менен Толтойдун
Кездешсе намыз алар деп.
Айчүрөк алып колуна
Ободо жаткан ооганды
Атасы Манас болгон соң
Ажыратып басар деп.
Ой жездеке Семетей,
Камаган душман айынан
Душмандын катуу зарынан
Алдыңда турган Чүрөктү
Алып барып бердимби?
Айлымды багам дедимби?
Өлтүрөмүн дегендей
Ырысымды жедимби?
Ажыбай айтты такымдап,
Манастын уулу эр Семең
Ажыбай айткан кебине
Жооп бербей турасың.
Айтканынын баары чын
Кан Букардын уулу эр жалгыз
Турду ошондо уялып.
Ачуу шайтан, акыл дос,
Айланайын эки ага,
Акылыма акыл кош
Манастын уулу Семетей
Ыргып-кооп калган жер.
Ажыбай менен Түмөнбай
Кол кармашып көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп,
Бет алышып көрүшүп,
Беттеринен өбүшүп,
Айланайын эки ага,
Жаш чыбыктар ийилсе,
Сынган эмей неткени,
Жаш адамдар уялса,
Өлгөн эмей эткени.
Акка мойнум сундум деп,
Ачуум келип кеп айтып
Уят болуп турдум деп.
Манастын уулу Семетей
Айчүрөккө таарынып,
Ажыбай менен Түмөнбай
Абакелеп жалынып,
Кагылайын эки аба,
Чынкожо, Толтой дейсиңер.
Кайдан чыккан эр экен.
Камап жаткан калың кол
Кайсы кандын эли экен.
Жаза угуп аламбы?
Жаңылыш болуп каламбы.
Тактап айтып бергиле
Ошо камап жаткан көп жоонун
Ким экенин билгиле.
Баштап келген баатырдын
Баарын айтып бергиле.
Чүрөктү алчу ким экен
Сабын айтып бергиле.
Ката болуп калбасын
Агын айтып бергиле.
Канкордун уулу Семетей
Кайра оңолуп кеп сурап
Билемин дайнын деп
Ажыбай чечен кеп айтат
Биринчиси Чынкожо
Экинчиси эр Толтой
Кара Төлөк кан неме
Салды ушулар аңгеме
Калк бийлеген Кадырбай
Кара сакал Абдырай
Беш баатырдын колу бар

Сизди келер бекен деп
Жээрине дан берип
Сойоруна мал берип
Жүктөөрүнө төө берип
Союшуна бээ берип
Отун жагып бергин деп
Кара чокту кул берип
Кийми начар болду деп
Кабар келсе камынан
Казынадан пул берип
Ошо келген бешөөнө
Татытарга туз берип
Арбак сыйлап жүрдүк деп
Атасы Манас болгон соң
Жайы-кышы он эки ай
Сизди чыдап күттүк деп
Аны угуп алган соң
Канкордун уулу Семетей
Кулагын чындап салган соң
Тасторконун жыйдырып
Аш-тамагын алдырып
Ажыбай менен  Түмөнбай
Атасы адыл Семетей
Кош колдоп аяк сунган жер
Ыраазы болуп кебине
Эңкейип кулдук урган жер
Айлыңды чаап алгандай
Калкыма бузук салгандай
Кайдан чыккан чоң экен
Билет го менин дайнымды
Ачат бекен айбымды
Алат бекен Чыңкожо
Менин Айчүрөк сындуу зайбымды
Алаканын жайган соң
Бата кылып алган соң
Манастын уулу Семетей
Сыйынды кудай, арбакка
Аттанып чалгын чалмакка
Семетей өзү бармакка
Канчоролоп кыйкырып
Күлчоролоп чыңырып
Эки жинди келгиче
Жеңеңерди алуучу
Эрегишкен жоо бар дейт
Атымды токуп бергиле
Аттанып жолго салайын
Кайдан чыккан эр экен
Аккелте колго алайын
Өзүм чалгын чалайын
Колуман качкан Чынкожо
Тууган таап алгансып
Калкына жөнсүз мактанып
Бекерлүү кенен өндөнүп
Келгендерин көрөйүн
Атакең Манас жар болсо
Кызыталак чочкону
Алды-алдынан бөлөйүн
Семетей кебин укканда
Каргадай болгон Күлчоро
Басып үйдөн чыкканда
Манастын уулу баатырдын
Астына басып келгенде
Атамдын тону дегенде
Кабагы жерге салынып
Кайра басып алайын
Калемдей кашы чийилип
Эки баштан ортого
Ажыдаар жылан түйүлүп
Абакеси дардаңды
Күлчоро жетим түшүнүп
Баланын түрү бир башка
Караса көздөн кан тамган
Кармаса колдон от тамган
Кайратын көр, сүрүн көр
Баланын башка түрүн көр
Баркылдап айткан кебин көр
Башкага тапкан эбин көр
Семетейге кеп айтып

Ой абаке Семетей
Айтканың уят деп айтып
Абаке чалгын чалабы
Аттанып жоого барабы?
Уяты жок иниси
Айлына жатып калабы?
Төөсү чалгын чалабы?
Төбөңдөн тийген иниси
Үйдө жатып алабы?
Улуусу чалгын чалабы?
Уяты жок иничек
Уялбай жатып алабы?
Ай абаке Семетей
Ушу сөзүң уят деп
Бу сөзүңдү ким угат
Ушул айткан кебиңе
Таба койгон эбиңе
Чыдап киши турабы?
Кайнагаңа мактанып
Атымды алып келгин деп
Токуп келип бергин деп
Барайын деп аттанып
Жолдошуң иниң болгон соң,
Жоолашар душман келген соң,
Жоону кудай берген соң,
Барып чалгын чал дебей,
Басташа турган ким экен,
Кабарын даана ал дебей,
Ким экен дайнын бил дебей,
Жетелеп багып чоңойттуң.
Ийменбей жоого кир дебей,
Жоо-жаракты ал дебей,
Аттанып чалгын чал дебей,
Экөөңүн бирөөң бар дебей,
Өзүм барам дегениң,
Жаңыласың абаке,
Өткөрө кылып кеп айтса,
Таарынасың абаке.
Эркек козу тууганда
Курмандыкка жараткан.
Эркек бала тууганда
Казаттыкка жараткан.
Жолдош болоор бекен деп,
Сенин энең Каныкей,
Он саамайын жыттаткан.
Орто төшкө уктаткан.
Омуртка сөөгүн сыздаткан,
Ак саамайын жыттаткан,
Акырек сөөгүн сыздаткан,
Айры төшкө уктаткан,
Уядан учса балапан,
Канаттарын тарайт деп,
Өзүнөн болгон жалгызды,
Ар ишине жарайт деп.
Жакалап алтын тон берген,
Минсин деп буудан ат берген,
Ичсин деп таза аш берген,
Көнсүн деп айча кайрылып,
Асынып алып мылтыкты,
Алты жашар чагында,
Ак милтеге чок бердим.
Кылычты салдым кынына,
Айбалта салдын жанына,
Ал-Толондун белине
Ынталашып ойношуп,
Нечен бардым алдыңа.
Кылычты кындан суурушуп,
Бул Күлчоро, Канчоро
Миндик атка катыгып,
Мылтык атып, жаа тартып,
Мерген балдар атыгып.
Адырдан аркар алдырдың,
Аркар атып ойнодук,
Улуу бийик зоолордон.
Улар атып ойнодук,
Балакет кеткен башынан.
Баатыр болот экен деп,
Атыккамын мен жетим.

# СЕМЕТЕЙ

Алты жашар жашымдан,
Каргадай болгон Күлчоро,
Кайраттанып кеп айтып,
Канкордун уулу төрөгө,
Каарланып бек айтып,
Алтын көкүл секелек
Сага жолдош болот,- деп.
Каныкей баккан жетелеп
Бейлиме жашык кадаган
Мен сага болбоймунбу садага?
Аттанып чалгын салбасын
Сенин ажалыңа барбасын.
Туубай тууна чөгөйүн,
Бу дүнүйө жалганда,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Ат көкүлүн түйөйүн,
Аттанып жоого тийейин,
Ат куйругун өрөйүн,
Алда таала кудайдын
Жардамы болсо көрөйүн.
Айчүрөк алчу киши экен
Аттанып чалгын чаламын.
Айчүрөк алчу баатырга
Бир беттешип калайын.
Ажал жетип күн бүтсө,
Кармашып туруп өлөйүн.
Жараткан алда кудайдын
Жарагы болсо көрөйүн.
Жанакы айткан кебиң жаман кеп,
Аттанып чалгын чалам деп,
Балдарың турса жаныңда
Мен чалгынга барам деп.
Адам уккус кеп айтып,
Чалгынга чыгам деп айтып.
Таптаганың болобу?
Төрөң баатыр экен деп.
Кыз-келин турса жыйылып
Жаныңда турса Айчүрөк
Мактанганың болобу?
Даңкылдатып минүүгө
Буурулду бергин минейин
Жаркылдатып кийүүгө
Олпокту бергин кийейин.
Ок-дарыны чачууга
Бет алышып атууга
Аккелте бергин алайын.
Аттанып чалгын чалайын.
Ай абаке Семетей,
Сенин ажалыңа барайын.
Ойноп айткан кебиңди,
Сенин обу жок тапкан эбиңди,
Жасап айткан кебиңди,
Сенин жансыз тапкан эбиңди.
Жаныңда жүргөн балдарды
Келин менен кыздарга
Шылдың болсуң дедиңби?
Каргадай чунак кеп айтып,
Чагылгандай бек айтып,
Мен чалгынга чыгам деп айтып.
Баланын кебин укканда
Келген эл карайт жарданып,
Көргөн эл карайт жарданып,
Көп киши турат таң калып,
Кээ бирөө кеп айтат,
Каргадай болгон бала экен
Капырай бала  кателек
Бу чунак бала атка жетелек,
Төрөсүнөн ат сурап,
Айтып турган кебин көр.
Эл чогулуп жарданып
Баланы карап таң калып,
Жакаларын кармашып,
Канкордун уулу абасы
Каргадай Чоро иниси
Айтканы катуу угулуп,
Баатырдын уулу көкжалдын
Заманасы куурулуп.
Алапайын таба албай,

Атка тердик сала албай,
Бербеймин деп айта албай,
Каргадай болгон балага
Бериштенин түрү бар.
Берендин көөнүн майтарбай
Барбагын деп айта албай.
Баланын көөнүн кайтарбай,
Чыкпагын деп айтта албай,
Чыррактын көөнүн кайтарбай
Канкордун уулу абасы
Күлчоро барам деген соң
Ыйлап ийди агасы.
Канчоро бала кеп айтып,
Араң алган Буурулду
Алып келгин деп айтып.
Буурулду алып келгин деп
Кара чунак жайрагыр
Иниңе токуп бергин дейт.
Баатырдын уулу Семетей
Бала барам дегенде
Көкүрөктөн эс кетип,
Оозунан кеп кетип,
Бүткөн бойдон тер кетип,
Жанымда турган Айчүрөк
Жоолук менен желдетип.
Манастан калган Буурулду
Канчоро алып келген жер.
Каргадай болгон балага
Буурул аттын чылбырын
Кармагын деп берген жер.
Ар жарак алып кел деди.
Буурул атка токунуп,
Эки каптап эндеткен,
Эптөө кылган Акканкы.
Астыңкы башы карк алтын,
Көткү башы ак күмүш,
Капталы темир сары жез,
Манастан калган сары жез.
Манастан калган Аккаңкы
Эки каштын ортосу,
Баатыр Манас минчү эле,
Өлчөп көрсө жарым кез
Каныкей кылган ак тердик
Булгары оюп чаптаган,
Күлдүрсүн коюп чаптаган,
Ойлоп акыл жетпеген,
Ок тийсе өтүп кетпеген,
Тайбуурулга салды эми.
Тоодой болгон Буурулду
Канчоро токуп калды эми.
Үстүнө тердик салган соң
Атты токуп калган соң
Жер тепкилеп ойноктоп,
Боорун тартып бышкырып,
Мурдун тартып кошкуруп,
Жоого минер Буурул ат
Аттын түрүн көргөндө
Көрүп турган башка элдин
Заманасы куурулат.
Аюу көпчүк, кең быштан
Акканкыга салган жер.
Кош алакан басмайыл
Баса тартып алган жер.
Боор этинин астына
Табарсыктын үстүнө
Жана тартып койду эле.
Кыялдап алтын чаптырган,
Ортосуна жаткырган,
Жакалыгы бир карыш
Усталар соккон тумарча
Көмөлдүрүк тартты эми.
Ат жетелеп айланып
Канчородой абасы
Ары-бери басты эми.
Болоттон кылган ооздук
Жара чайнап ийчүдөй
Карсылдата кемирип,
Жакындап келген адамды

Тээп ийчү эмедей.
Тегеренип элирип
Басар жерге чулгутуп,
Туягын жерге ургутуп,
Жоого минер кезинде
Буурулдун жайы бир башка
Аты минтет экен деп,
Баласы кантет экен деп,
Баатырың ыйлайт экен деп,
Көргөндөр турат жарданып
Эр Семетей жаңгыз эр
Аттын түрүн көргөндө
Барса бала барсын деп,
Чалгынды чалса чалсын деп,
Канчоро менен Чүрөккө
Канкордун уулу кеп айтып:
«Атамдан калган мураапы
Барысын алып келгин деп айтып.
Канчоро, Чүрөк барган жер
Кайнатасы Манастын
Аркасына салган жер.
Жоого аттанар кезинде
Баатыр Манас келген жер.
Барып жоого тийген жер.
Акундун кызы Айчүрөк
Олпокту колго алды эми
Көтөрө албай Айчүрөк
Эси чыгып калды эми.
Ак жибек көйнөк бүгүлүп
Айланайын жарыктык,
Кайнатасы Манастын
Арбагына жүгүнүп.
Аягы менен тик туруп,
Тизеси менен чөк түшүп,
Жалынып ыйлап кудайга
Акка мойнун сунган жер.
Кайнатасы Манастын
Арбагына Айчүрөк
Куран окуп турган жер.
Канчорого кеп айтып:
Айланса болот арбакка
Кагылайын уулуке,
Сен көтөрчү деп айтып.
Каныкей кылган кандагай
Айчүрөк алды колуна
Камбардын уулу Канчоро
Калпагын кийди башына.
Манастын уулу баатырдын
Алып берди астына.
Киймин көрүп болкулдап,
Жетимчем кантип кийет деп,
Жоо көрсө кантип качат деп,
Кантип мылтык атат деп,
Манастын уулу Семетей
Атамдан калган сегиз мүлк
Баарын алып кел деди.
Мынабу турган иниңе
Алып келип бер деди.
Жоо-жарактын баарысын
Чогу алып кел деди
Бөбөгүңө бер деди.
Манастан калган сегиз мүлк
Жоого кийер тегиз мүлк.
Баарын алып келген жер
Баатырдын уулу Семетей
Жетимчеге берген жер.
Кандагай бутка алган жер
Ычкырынын кашаты
Айры төшкө барган жер.
Багалеги сүйрөлүп
Ылайык келбей калган жер.
Башына калпак кийгизип
Манастын уулу Семетей
Каргадай болгон инисин
Көтөрүп атка мингизип,
Жекесан бутка кийгизип,
Каргадай болгон бөбөгүн
Тепейтип атка мингизип

Бала атка мингенде,
Аколпок алды колуна,
Абакеси Семетей
Баланын жапты жонуна.
Манастан калган олпокту
Жаап койсо бап келет.
Карт кишидей какайып
Чоң кишидей болкоюп
Тоногон ордой тоңкоюп,
Каргадай болгон балага,
Капырай Манастын тону чак келет.
Манастын тонун кийгенде
Жардамы болуп кудайдын
Арбагы колдоп Манастын
Секелек сары чачы бар
Он экиде жашы бар.
Акканкыга мингенде
Ээрден башы ашпаган.
Алмадай болгон башы бар.
Оң саамайын өрдүргөн
Абакеси кан Бакай
Алып жүрүп жетимди
Ар түрлүү ишке көндүргөн.
Секелекке бастырган
Кишинин тили тиет деп
Энекеси Каныкей
Шуру менен берметти
Саамайына тактырган.
Кыз өңдөнүп бактырган
Кылганын кудай жактырган.
Жанындагы саамайын
Желкесине салды эми
Чекесинде көмүлүп
Кайра тартып Күлчоро
Атасы зор Манас
Баса кийип алды эми.
Каргадай болгон жетимге
Алда деп атка мингенде,
Ар жаракты кийгенде,
Топоюп атка мингенде,
Жоо-жаракты кийгенде,
Ээрден башы ашты эми
Эр Күлчоро чунакты
Ээчип арбак басты эми.
Каңкыдан башы ашты эми.
Бу кудайдын жардамы
Алмамбет менен Чубактын
Атактуу молдо Сыргактын
Арбагы келип басты эми.
Манастын уулу абасы
Аккелте берди асынтып,
Ок-дары берди артынтып,
Санына балта тактырып,
Кынына кылыч салдырып,
Далыга мылтык асынтып,
Каруута айза илдирип,
Момундай алып жүргүн деп.
Үзөңгүгө коштуруп
Күлчорого тептирип.
Баланы байкап караса
Ошондо түрү бир башка.
Кызыл түлкү жейиндей
Бети кыздын күлүндөй.
Анда-мында сүйлөсө
Карт кишинин үнүндөй.
Сегиз мүлктү кийгенде
Тепейип атка мингенде
Алда нече түрдөнүп
Адамдан башка түрдөнүп
Манастын уулу абасы
Баланы атка мингизип,
Ыйлап ийди агасы
Мен садагаң кетейин,
Сен Күлчоро оң колум
Буурул атты канатым
Жоого барам деп миндиң.
Буурулдун жайын айтайын
Тоо айланып таш баскан,

Тоо кайыптан жалгашкан,
Эки тоонун арасы,
Желкайыптын баласы.
Кумга тууп, ташка өскөн,
Куландар менен бирге өскөн,
Ташка тууп, кумга өскөн,
Тоо кийик менен бирге өскөн,
Карабайыр казан ат
Калбыр өпкө, жез канат,
Мен садагаң кетейин.
Кызсайкалдын башында
Атам маркум зор Манас
Алыптыр кыстап Буурулду.
Кунан чыкма жайында
Асыйында арс эмген,
Курагында кур эмген,
Быштысында сүт эмген,
Бир жыл бою он эки ай,
Алтымыш бээ бүт эмген.
Мен садагаң кетейин,
Буурул атка сакыт бол.
Аколпок жайын айтайын,
Жакасын алтын жээктеп,
Бадана коюп бастырган.
Ок өткүсүз болсун деп,
Майда кумдан ээленди,
Темиринин өгөндү,
Кебез менен жибектин
Ортосуна жаткырган.
Бараңдын огу батпаган,
Келтенин огу кеспеген,
Айзанын учу сыйбаган,
Чапса кылыч кеспеген,
Балтанын мизи өтпөгөн,
Атакең кийген тон ушу,
Аколпокко сакыт бол.
Кандагай жайын айтайын,
Тоо текенин терисин,
Мергендер атып өбөктөп,
Энекең жибек менен жибектеп,
Бакымынын астында,
Алтын менен жээктеп,
Ортого көк шал бастырган,
Аламатынын аккабык
Атандарга жүктөтүп,
Энекең шорду алдырган,
Манжага алты ай салдырган,
Ашаткыга кандырган,
Он эки катар бүктөгөн,
Кагылайын жетимчем,
Жайы-кышы он эки ай
Канча уузду чогултуп,
Эрикпей жатып иштеген.
Ичине көк шал бастырган,
Майда кумдан эленди,
Темиринин өгөндү,
Ок өткүсүз болот деп,
Шуру менен жаткырган.
Тартып койсо кандагай
Талаа болуп чоюлган.
Бүктөп койсо Канчоро
Бир алакан отуна
Муштум болуп жыйылган.
Мен садагаң кетейин,
Кандагай салдың бутуңа,
Атамдан калган мурапы,
Кандагайга сак бол деп,
Семетей айтып турган жер.
Калпагын жайын айтайын,
Тармал жагын кырктырган,
Шиберлүү жерге жыктырган,
Төрт талаалап ойдурган,
Төбөсүнө көөкар таш,
Алтындан кошуп койдурган,
Аралаш кебез бастырган,
Жоого сүрдүү болсун деп,
Маңдайына айчыктап,
Жакут таштан жаткырган.

Мен садагаӊ кетейин,
Атамдан калган мурапы,
Калпагыӊа сакыт бол.
Баатырдын уулу абасы
Бар кийимин бергенде,
Тепейип бала кийгенде,
Теминип Буурул мингенде,
Каргадай болгон балага,
Канкоруӊ аткан Аккелте,
Канчоро алып келди эми,
Семетейге берди эми.
Абакеси Семетей
Колуна кармап болкулдап,
Каргадай болгон чунактын
Балалыгын санаса
Ыйлап турат солкулдап.
Мээнетиӊди алайын,
Атаӊдан калган Аккелте
Мунун жайын мен айтып,
Кулагыӊа салайын.
Аккелтеге сакыт бол,
Төбө карай кырына
Оорду түбү теӊеген,
Сыртын көкжал өгөлөгөн.
Төкөр уста бөлөгөн.
Даркан уста Бөлөкбай
Салып шайын келтирген,
Атып жоосун өлтүргөн.
Алтымыш атаар бастырган,
Көчүгүнө жаткырган.
Сары милте күйгөн чок
Мындай мылтык элде жок.
Атакем аткан мылтык деп,
Оболоӊу бастырып,
Кой башындай болотту,
Аягына жаткырып.
Караӊгыда атууга
Чыныдай алтын чөгөрүп,
Катагандын Кара уста
Бу кармап соккон темирди.
Мен садагаӊ кетейин,
Атаӊдан калган Аккелте
Бу мусулмандын сеӊири.
Колуӊан тайып кетпесин
Кокус жерге түшпөсүн.
Аккелтеге сакыт бол.
Манастын уулу абасы
Мына айтып турат абасы.
Эми айзанын жайын айтайын,
Жашык кайсы жыгач деп,
Мал тартпаган оордоп,
Кышып кайсы жыгашты,
Как жарылган зоолдоп.
Жайып кыйып тыштаткан.
Тышын тартып алдырган,
Кырк устага эптеткен,
Бир элиден чектеткен,
Кокустан сынма болот деп,
Сары жез менен колону,
Ортосуна куйдурган.
Кокустан колдон таят деп,
Бейпай экен Каныкей
Кол кармоочу жерине
Манат менен баркытты
Ит тамандап бастырган.
Зааракору милтелеп,
Аралаша жаткырган.
Караӊгыда караса,
Кандай болот кызарган.
Казатка кирип жоо сайса,
Өзүнөн өзү узарган.
Кагылайын көпөлөк,
Кантип жүрөр экенсиӊ
Мунун баарын көтөрүп.
Атаӊдан калган жоо-жарак
Айзаӊын жайы дагы ушул.
Абакеси Семетей
Айтып берди балага.

Эми кылычтын жайын айтайын,
Кыйноону салдың башыма,
Кысылып турат абакең
Сенин он экиде жашыңа.
Атакең маркум чыгарда
Аттанып уруш кыларда,
Ак эшен келип кабылган,
Атакең Манас маркумдун
Таалайына табылган.
Каарланса тоо кесме,
Алып жүрсө ар кесме,
Атакең маркум алганда
Кылычты суурул алганда.
Кылычынын мизинен
Кызыл кан агып жуурулган.
Кылычтын түрүн көргөндө
Кызыгып турган душмандын
Заманасы куурулган.
Жүрөгү чыгып кырылган.
Сабына болот тагылган.
Атакең Манас маркумдун
Таалайына кабылган.
Уста чаап мистебей.
Киши кармап иштебей.
Атаң Манас чоң маркум
Талаадан таап алыптыр.
Азирети Аалыдан
Бу Зулпукор калыптыр.
Зулпукор жандан суурушса,
Душман менен урушса,
Бет алып бенде келбеген,
Берешен жолдош атаңа
Беттеп душман жеңбеген.
Караңгыда кармаса,
Ай тийгендей мунарган,
Колго алып караса,
Ысык күндөй тунарган.
Тиктесе көзү уялган
Атаңдан калган Зулпукор
Мен садагаң кетейин
Ар кесмеге сакыт бол.
Эми айбалта жайын айтайын,
Төкөр уста бөлгөн.
Даркан уста Бөлөкбай
Жатып алып өгөгөн.
Катагандын Кара уста
Өзү кармап чыңаган.
Жараты оор болгон деп,
Ырбап жүрүп өлсүн деп,
Саардагы чочконун
Сийдигине сугарган.
Курчу түшүп калат деп,
Асмандан булут бурдурган,
Жерге жамгыр куйдурган.
Колго жеңил болгон деп,
Даркандарга чыңаткан,
Жамгыр сууга сугарткан.
Сугатына чыдабай
Жаңгыз улак союлган.
Көөрүгүнө чыдабай
Көк бука баштап союлган.
Көмүрүнө чыдабай
Эчен токой жоюлган.
Басканына чыдабай
Эчен киши ыйлаган.
Сокмосуна чыдабай
Канча уста кыйраган.
Эки бетин ойдурган
Алтын менен көөкарды
Айчык кылып койдурган.
Жаза тийген пендесин
Жараткан колдогон.
Таамай чапкан келдесин
Таш баскандай оңдогон.
Атаңдан калган Айбалта
Мен садагаң кетейин
Мобу айбалтага сакыт бол.
Манастын уулу болкулдап

Ыйлап туруп солкулдап
Манастан калган сегиз мүлк
Баарын алып келди эми.
Каргадай болгон чунакка
Бирин койбой берди эми.
Акканкынын чагарак
Камчыга алып келди эми.
Чагаракка илинүү
Жайын айтып Семетей
Күлчорого берди эми.
Камчынын жайын айтайын,
Өзөгү кайыш, топу жүз,
Өзү он эки туташ так бир кез.
Асый өгүз терисин,
Өзөгүнө кердирген,
Алты жылкы терисин,
Усталарга тердирген.
Терме кылып өрдүргөн.
Башына буурул чок койгон,
Учуна карыш ок койгон,
Как жыгачтан саптаган,
Астына чыраш бастырып,
Булгары менен каптаган,
Күлүк аттай таптаган,
Мен садаган кетейин
Бүлдүргөгө таптырып
Термечик деген устага
Зымыратып күмүштөп,
Муну өзүм тактырдым.
Манастын уулу Семетей
Камчыны берип колуна,
Каргадай болгон  баланы,
Салмак болду жолуна.
Бутка кийген жекесан,
Мунун жайын айтайын,
Тышы бугу териси
Ичи аркар териси
Ортосуна тундурган.
Олуязаада кан Бакай
Майда кумдан эленди.
Темиринин өгөндү.
Адамга шегин билгизбей,
Акылман уста бөлөгөн.
Жез аралаш куйдурган,
Мылтык тийсе чак эткен.
Кылыч тийсе кетилген,
Айза тийсе өтпөгөн,
Айбалта чапса кеспеген,
Жекесан берди кийгизип.
Ошо Манас баатырдын
Жаңгыз уулу Семетей
Баркын элге билгизип.
Жөнөтмөк болду баланы
Чалгынды көздөй жүргүзүп,
Манастан калган сегиз мүлк
Баарын колго алган соң.
Каргадай болгон көпөлөк
Буурулду минтип өпөйүп,
Үзөңгү тээп тепейип,
Тизгинди тартып кекейип,
Атынын оозун бурган жер.
Кана аба, келгин деп,
Ошо чогуу турган калың журт
Абакеме кошулуп,
Батаңарды бергин деп.
Каргадай болгон көпөлөк
Атанын жолун төтөлөп,
Ат тизгинин бурган жер
Бата сурап турган жер.
Манастын уулу абасы
Эсинен танып калган жер.
Каргадай болгон чунактын
Ошо астына басып барган жер.
Айтарына ал келбей
Оозуна кеп келбей
Көкүрөккө эс келбей
Бошоду мууну болкулдап.
Атадан жалгыз мен элем

Каралдым чором сен элең,
Как талаада кайгырып,
Каламбы сенден айрылып,
Мен садагаң кетейин,
Каламбы сенден айрылып.
Айзага таккан желегим,
Атадан калган белегим,
Белиме чалган кемерим,
Бетиме түшкөн бедерим,
Соотко таккан кыягым,
Жолборстон калган туягым,
Ырысы жок шордуумун
Күлчоро сенден айрылып
Кантип чыдап турамын.
Көлдөн калган чалчыгым,
Көптөн калган күчүгүм,
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Боюма таккан тумарым,
Күлчоро сенден ажырап,
Курусун менин турганым.
Бу Тайбуурул канатың
Бу Күлчоро өз колум
Айзага таккан желексиң.
Аман жүрүп жетилсең
Алдымда чынар терексиң.
Абакеңе керексиң
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Аңтарылып кетсечи
Бу көрөкчө шум дүйнө
Мен садагаң кетейин.
Жоо көрөлек жаш элең,
Жол көрөлек боз элең,
Бараар маалың боло элек
Булчуң этиң толо элек.
Чыгаар маалың боло элек
Ат асырап мине элек.
Ат кадырын биле элек
Атышып жоого чыга элек.
Ач кыйкырык куу сүрөөн
Жоонун үнүн уга элек.
Тон тостуруп кие элек
Жол тосуп жоого тие элек.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Маңдайымда баргегим
Эки көздө айнегим
Төбөмдө чолпон жылдызым
Боюма кийген кырмызым
Мен садагаң кетейин,
Адамдан жарык жылдызың.
Жоону көрсөң кайтып кел!
Абакеңди жулунтпай,
Жоонун жайын айтып кел!
Караанды көрсөң кайтып кел!
Абакеңди какшатпай,
Караанды көрсөң айтып кел!
Алтындан калган акоорум
Ат боруна катырба.
Жараткан алда бир кудай
Жаш баланын азабын
Мен жаңгызга тарттырба.
Күмүштөн калган акоорум
Ат бооруна катырба.
Каргадай болгон көпөлөк
Бакты эле энем жетелеп.
Жараткан алда бир кудай
Күйүтүн мага тарттырба.
Жан күлчөгөн жаңгыз ат
Жараткан кудай жалгыз ак.
Жаш минип баратат
Сактай көр кудай саламат.
Бу Тайбуурул канатым
Бу Күлчоро оң колум
Экөөнөн бирден айрылсам
Өлгүчө кетпейт жаманат.
Тууганың жаман эме эле
Элиң жаман шум эле.
Манастын уулу өжөр ит
Катын издеп барды деп,

Бала менен атынан
Бу экөөнөн айрылып
Как талаада калды деп.
Артынан ушак көп болот
Айткан элге кеп болот.
Атказып коюп баланы
Оң  бөйрөгүн таянып
Болкулдап ыйлап Семетей.
Сол бөйрөгүн таянып
Солкулап ыйлап Семетей.
Бала атка мингенде
Жаңгыздын ыйы ушундай.
Абакеси Семетей
Балача ыйлап бакырды.
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Ошондо көтөрдү заман акырды.
Баатырдын үнүн укканда
Баласы чунак оңбогур
Кайраттанып кеп айтып
Мурапыдан кеп айтып
Ой абаке Семетей,
Карганы көрсө айт деген,
Карaанын көрсөң кач деген,
Мага ойноп тапкан кебиңби?
Обу жок тапкан эбиңби?
Жоону көрсөң кайт деген
Жоонун жайын айт деген
Сенин жасап айткан кебиңби?
Жазыпсыз тапкан эбиңди
Ажал жетип, күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер.
Кетирбей койбойт казган көр.
Бу дүнүйө жалганда
Өлбөй киши калабы?
Өлүп калса Күлчорoң
Кой териси эмеспи?
Өлбөй жүрсө Күлчороң
Жоо бөрүсү эмеспи?
Ой абаке ыйлайсың
Мына бу турган элди кыйнайсың.
Бир колдогон атаңдын
Арбагын кандай сыйлайсың.
Жүз жыйырма төрт миң пайгамбар
Отуз үч миң сабалар
Булар өткөн дүйнөдөн.
Ак пайгамбар Мустапа
Жараткан алда бир кудай
Бу өткөн дүйнө ошол.
Эчен кылым эл өткөн
Ушу дүйнө жалгандан.
Азиретаалы шер өткөн
Пайгамбардын баары өткөн.
Үрүстөм дастан ал өткөн.
Өлбөсө атаң эр Манас
Азирет Аалы шер өткөн
Абалкы өткөн элдерди
Ажал жетип күн бүтсө,
Азирейил колунан
Алып калчу сен эмес.
Абакем жалгыз калат деп,
Калып калчу мен эмес.
Атыңды менден айасаң
Катуу айтса жинди кул
Ат көөнүнө карасаң.
Атыңды минип кетпейин
Кактелки минип кетейин.
Аттанып чалгын чалайын
Кызыталак Чынкожо
Ажалдан калган Алмаң деп,
Арманымдан калган деп,
Акыман сурап мен бурсам.
Баласын алман салат деп
Бул баласын жиберип,
Өзү жатып алат деп.
Жеткайтка барып жерсинип
Жедигер элин элсинип,
Тууган таап алгансып.
Теңдикке жетип калгансып,

Чынкожо кылган иш экен
Атка минип алышып.
Үзөңгүлөр кагышып
Канчоро менен Күлчоро
Экөөбүз барсак жарышып.
Кудайдын кылган иши экен
Биз Кеңколдо жүргөндө
Чынкожо кайдан киши экен.
Каары келип эпеңдеп
Катуу айтып баатырга
Көктелки минип кетем деп.
Камчы салып бууданга,
Айланса болот алдага
Каргадай болгон көпөлөк
Кайрат берип турганга.
Баланын кебин кайтарбай
Барбагын деп айталбай.
Манастын уулу Семетей
Мен садагаң кетейин,
Анжыяндын Арсланбап,
Ага сени тапшырдым.
Жигиттин пири Шаймерден
Буга сени тапшырдым.
Эрдин пири Кожосан,
Жардамына тапшырдым.
Алмамбет менен Чубактын
Арбагына тапшырдым.
Мен садагаң кетейин
Ободо жылдыз оң болсун,
Ороюң элден чоң болсун,
Асманда жылдыз оң болсун,
Арбагың журттан чоң болсун,
Ободо жылдыз ачылсын
Астыңа чыккан жоо болсо,
Олуязаада атаңдын
Арбагы сайып качырсын.
Асмандан булут ачылсын
Астыңа чыккан жоо болсо,
Алмамбет менен Чубактын
Атактуу молдо Сыргактын
Арбагы сайып качырсын.
Саламат барып сак кел деп,
Мен садагаң кетейин,
Сарыктырбай бат кел деп.
Эсен барып соо кел деп.
Капа болуп абасы,
Каалгадан кашка тиш
Катуу тиштеп капшырып,
Астыңдагы сойулгур
Мылтыктын үнүн укканда
Ач кыйкырык куу сүрөөн
Душмандын үнү чыкканда.
Мынабу кан азууга ооздук
Кокустан кордойго бутун салбасын.
Колун үзүп албасын
Береги турган шордуу абаң
Кокуйун тартып калбасын.
Каргадай болгон көпөлөк
Манастын пири жетелеп,
Аттанып жолго салган жер.
Батасын берип абасы
Айласыз токтоп калган жер.
Күлчоро атты мингенде
Жоо-жарак колго алганда
Абасынан бата алып
Жол тартмак болуп калганда
Каргадай бала жаш экен
Канткенде чалгын чалат деп,
Казатка кандай барат деп,
Кармашчу душман кабылса,
Кайрылып келбей калат деп.
Баланын түрүн көргөндө
Көрүп турган калк ыйлап,
Келин менен кыз ыйлап,
Кемпир менен ал ыйлап,
Кейип элдин баары ыйлап,
Тилге кирген бала ыйлап,
Абасынын боору жаш

Баласын чалгын чыгарып,
Кантип чыдап жатат деп.
Өзүнөн чоң мынтыкты
Кантип бала атат деп.
Калк чыркырап турганда
Каргадай болгон жайрагыр
Калктын көөнүн тындырып
Манастан калган ар неме
Кармай калып сабынан.
Сууруп алып кабынан
Кылычын кындан чыгарып,
Кызарган өңү кубарып,
Алагар көзү тунарып,
Каарланып кеп айтып.
Карысы бар, жашы бар
Баарыңды кырам деп айтып.
Калк жарылып бөлүндү
Кайнатасы Манастын
Арбагы келип жанына
Айчүрөккө көрүндү.
Баабединге мал айтып,
Берди кудай берди деп,
Каргадай болгон көпөлөк
Калың элди токтотуп,
Чыкты жолго жетелеп,
Алтын ооз, керки жон
Оозу менен алышып.
Канаттуу менен жарышып,
Астындагы Тайбуурул
Таманы жерге тарсылдап
Алтын така, болот мык
Туягында жаркылдап.
Астыңкы эки туягы
Кере тарта бооруна
Тийип барат шакылдап.
Жоолугу башта делбиреп
Алдындагы Буурулдун
Оозу менен алышып.
Эки тизгин, бир чылбыр
Эки колдо карышып.
Кудай бетин көргөзбө
Астындагы Буурулдун
Араандай оозу ачылып,
Мурдунан чыккан ак көбүк
Төгүлүп жерге чачылып.
Ошо күнү кечинде
Кечке жуук бешимде
Жаркыны күндөй көрүнүп,
Шаардан чыкты бөлүнүп,
Улуу жолго салган жер.
Шаардан чыгып койгулап
Алдындагы Буурулдун
Эти кызып алганда
Желгенине жел жетпейт,
Жебелеп аткан ок жетпейт,
Басканына мал жетпейт,
Машалап аткан ок жетпейт,
Бүркүттүн кара тоосуна
Капчыгайдын оозуна
Күн бата жетти Күлчоро.
Эми Акундун кызы Чүрөктүн
Арманынан баштайлы,
Канатын жерге каккылап,
Куйругун кумга чапкылап,
Аккуу кебин кийген жер.
Акундун кызы жеңеси
Айланып учуп куркулдап,
Көт жагынан жүргөн жер.
Адырлуу кыя алыс жол
Түндүктүү кыя, түпкүр жол.
Каргадай болгон Күлчоро
Ошо жолго барганда
Амаз дигер, амаз шам
Акылы айран бөлүнүп
Ар кайсы жерден келген жол.
Буурулдун оозун бурган жер
Кайчы жолго салган жер.
Бээжинден келген берки жол,

Турпандан келген туура жол,
Кашкардан келген кара жол,
Кербендер өткөн эчен жол.
Акункандын шаарына
Чабылган кара жолу бар.
Жолун байкап караса,
Ар кайсыл жерден кошулган,
Талаадай болгон тегиз жол,
Санап көрсө сегиз жол.
Буурулдун оозун бурган жер.
Кайсы жолго саларын
Кандай жол менен бараарын
Каргадай болгон Күлчоро
Жоону кайдан табарын
Атынын оозун бурган жер.
Акылынан адашып
Будаланып турган жер.
Кеңколдон жөнөп чыкканда
Үч кыяны ашканда,
Оюна келип жатканда,
Бозчолок минип мойундап,
Ок-даары алып койундап,
Олуязаада абасы
Айкожо Бакай абасы
Көт жагынан барган жер.
Көргөн жолдун баарысын
Айкожо Бакай абасы
Баарын катка салган жер.
Эгиз тоонун оюна
Эчен жолдун боюна
Бастырып чалгын чаласың.
Жол табалбай айланып
Будаланып каласың.
Кара-Кыя чоң кайкы
Кашкайып бели көрүнөт.
Түндүктө кыя Ала-Тоо
Башынан туман бөлүнөт.
Түн жамынып сен барсаң
Мунарып башы көрүнөт.
Аюулар баспас асканы
Түлкүлөр баскан түнкү жол,
Карышкыр баспас түптүү жол,
Карышкыр баспас кара жол,
Как ошого салгын деп,
Кармаша чыгып жоо келсе,
Сары жайык, кең өзөн
Ошону бойлоп баргын деп.
Жаныгы талаа мунарган,
Чөбү күндөп тунарган,
Көргөн менде кубанган,
Көргөндүн көзү уялган,
Асты жагы керме тоо,
Үстү жагы терме тоо,
Орто жери көк жайык
Мынабу кагаздан окуп табасың.
Чалгынга чапкан жоо болсо,
Ошо жерден беттешип,
Кагылышып каласың.
Ошо каргадай болгон баланы
Берииште салып бейлине
Ошо абасы Бакай баатырдын
Эстеп катып алды эми
Ээринин кашына
Кагазын жая салды эми.
Катынан окуп караса
Арстан Бакай баатырды
Адис болгон жер экен.
Айбулутка кураса
Абасы Бакай баатырга
Жараткан алда бир кудай
Курмандык кылса карасы
Жазган катын окуса,
Эр кишинин жолуна
Кырсык болот деди эле.
Бакай айткан кеп эле
Катына жазып берди эле.
Астыңан түлкү жойлосо
А да кырсык деди эле.

Аюу чыгып кабылса,
Бу да кырсык деди эле.
Кыргый учса чыпылдап,
Астыңан учса жыпылдап,
А да кырсык деди эле.
Үкү учуп үн салса,
Буда кырсык деди эле.
Казатты көздөй чыкканда
Кыз-келин чыгып ойносо
Басып келип кашкайып,
Жолуңан чыкса шаңкайып,
Катуу кырсык деди эле.
Буларды көрсөн барба деп,
Майып болуп калба деп.
Көргөнүңдүн барысын
Бирин койбой айтып кел
Жоону чалбай кайтып кел.
Катынан окуп билди эле,
Капчыгына салды эле,
Кайра катып алды эле.
Эки дөбө кош кыя
Бала чунак барды эле.
Аркы дөбө үстүндө
Жаңгыз ат жүргөн жолу бар
Кашкайып шаңы көрүнөт.
Акундун кызы жеңеси
Акбула кийип мунарып,
Ай тийгендей тунарып,
Айдай бети жаркырап,
Астынан кабылды.
Каргадай болгон жинди кул
Абамдын айткан кеби деп
Таштап коюп абамды
Эминеге келди деп.
Кылычты кындан алды эми,
Ушу Чүрөк долунун
Айтышып койгон кеби бар,
Антташып тийген эри бар,
Сүйлөшүп койгон кеби бар,
Сүйүп тийген эри бар.
Ала көөдөн абамды
Таштап келген экен деп,
Арам кыял долунун
Башын кесип кетем деп.
Жибектей болгон кара чач
Куюшканга чалам деп.
Башын кесип байланып
Баатырсынган абама
Айчүрөгүң кайда деп,
Семетейге барам деп,
Кылычын кармап камданып,
Акундун кызы жеңесин
Чабуучудай шаңданып.
Камчы салып бууданга
Капа болуп Күлчоро
Астында Чүрөк турганда.
Ою башка бөлүнүп,
Абасы айткан ар түрлүү
Астынан Чүрөк көрүнүп.
Бала жакын барганда
Акундун кызы Айчүрөк
Көрүп турат баарысын
Кызыл чаар жолборсу
Кайнатасы Манасты
Кысылган жерде колдоочу.
Кара чаар жолборсу
Кайнатасы Манасты
Камалган жерде колдоочу.
Көсөө куйрук көк бөрү
Көт жагынан барыптыр.
Карачаар жолборстор
Тайбуурулга кошулуп
Кошо жүрүп калыптыр.
Беризаада Айчүрөк
Бериштелүү Күлчоро
Белгисин көрүп сүйүнүп
Беттешкен жоону жеңет деп,
Айланса болот алдага,

Мен алуучу баатырды
Сайып келип берет деп.
Атасынын жолборсу
Бу да келген турбайбы.
Жолборсторго кошулуп
Алчаган мүйүз ак кулжа
Алмамбеттин жолдошу
А да келген турбайбы.
Тилегиме жеттим деп
Акундун кызы Айчүрөк
Таманы жерге такылдап,
Эки бутта согончок
Соорусуна шакылдап.
Ак жибек болуп бүгүлүп
А кудайлап сүйүнүп.
Кайниси баланын
Астына барды жүгүрүп.
Эңкейип кулдук кылганда
Күлчоро карап турганда
Алмадай башы ийилип,
Тилек кылып кудайга
Үстүнөн мунар көрүнүп.
Көздөн аккан кара жаш
Камчыдай жерге төгүлүп,
Кайниси баланын
Астына басып барган жер.
Каргадай болгон баланы
Бейлине түшө калган жер.
Кынынан кандай алдым деп,
Айчүрөк түрүн көргөндө
Кылычын кынга салган жер.
Акундун кызы Айчүрөк
Каргадай болгон кайнисин
Ат үстүнөн жеңеси
Так көтөрүп алган жер.
Чоронун көөнү бөлүнөт
Мончоктоп агып көздөн жаш
Эки беттин отунан
Жеңекеси Чүрөктүн
Тамчылап жерге төгүлөт.
Эмине ыйлайт жеңем деп
Баланын көөнү бөлүнөт.
Мен садагаң кетейин
Айзаны алган колунан
Айлансам болот кудайга
Атаңдын чапкан жолунан.
Кылычты алган колуңан
Айланса болот кудайга
Атаңын кырк чилтен күткөн жолунан.
Акундун кызы Айчүрөк
Баарын көрүп алыптыр.
Күлчорого көрүнбөй
Сары адырмак кер өзөн
Жеңесинин периси
Тегеректеп барыптыр.
Оң бетинен бир сүйүп
Акундун кызы жеңеси
Сол бетинен бир сүйүп
Чылбырынан бек кармап
Кайнисине билгизбей
Белинен алган жоолугун.
Калпагынын кырына
Тегерете чалды эми
Ошо жолдо баланы
Жетимиш түрлүү дөө-пери
Тегеректеп калды эми.
Акундун кызы кеп айтып,
Мен садагаң кетейин,
Аттанып чалгын чалгын деп,
Салгыныңа баргын деп,
Акундун кызы бөлүнүп,
Жоолук берип төлгөлөп,
Алаканын жайган жер,
Кайниси балага
Бата берип Айчүрөк
Баланы жолго салган жер.
Беттешкен жоону жеңет деп
Алакөөдөн эси жок,

Ар деме менен иши жок.
Арбашкан жоону кан кылып
Касташкан жоону жай кылып.
Абасына иниси
Жеңип келип берет деп.
Абакеси Семетей
Көп арамдын бири экен.
Ыраазымын кудайга
Камаган жоонун айынан
Беш кандын эли барынан
Мен алам деп камынып,
Камап жаткан жайынан.
Ак токмо белге чалдым деп,
Ат боройдун барысын
Семетейдин айынан
Канчалык жерге бардым деп.
Мендеден мындай көрбөдүм
Акундун кызы Айчүрөк
Менин төрөм Семетей
Билбейт го кудай бергенин.
Кайниси менен коштошуп
Аккуу жайын салынып.
Акундун кызы Айчүрөк
Кайрылып учуп алган жер.
Канкордун уулу баатырдын
Жанына барып калган жер.
Каргадай бала Күлчоро
Буурулга камчы салган жер.
Жеңесинен бата алып,
Темир таман үзөңгү,
Теппей ыргып минген жер.
Аргын менен огойдун
Арасында жүргөндөй
Талас менен Кеңколдун
Калаасында жүргөндөй
Артынан Чүрөк келген соң
Жеңеси бата берген соң
Башына жоолук чалганда,
Бала билбейт анысын.
Камчы үстүнө камчы уруп,
Катуу кармап имерип
Качырып жоого тийчүдөй.
Алдындагы бууданды
Тартып-тартып жиберип,
Камчынын учу тийгенде
Астындагы буудандын
Чакмак эти бөлүнүп,
Санынан каны бөлүнүп,
Баскан жери ой болуп.
Буурулдап аккан кара кан
Карга менен кузганга
Чокууруна той болуп.
Арчалуу тоонун астында
Маралдуу тоонун үстүндө
Бала чунак жетим кул
Обого жылдыз толгондо.
Түн жарымы болгондо.
Бакайдын айткан кебине
Чыгып барды Күлчоро.
Каттап берген жерине
Белге чыгып барган жер,
Эки жагын чалган жер.
Чыккан чөбү кулпунуп,
Аркар маарайт бакылдап,
Ар түрлүү айбан толуптур.
Эки жагын караса
Чыккан чөп белден буралган.
Кишиден үркүп кийиктер
Балдарынын башынан
Алыс-алыс чураган
Чыккан чөбүн караса,
Ат боорунан жиреген
Буудандын оозун бурган жер.
Жайык өзөн бел экен
Кудай, арбак колдосо
Кан төгүлчү жер экен.
Астындагы Буурулдун
Семетейдин кош тизгин

Акканкыга чалды эми.
Семетейдин чоң найза
Карысынан алды эми.
Айдалыда Аккелте
Алдындагы Акканкы
Кашына илип салды эми,
Айзасын жерге сайды эми.
Каргадай болгон көпөлөк
Чалгынга чыгып төтөлөп,
Сырнайзаны жөлөнүп,
Аюу көпчүк, ак быштан
Көчүгүндө басылуу.
Каргадай болгон жинди кул
Кылычын кыя байланып,
Жерди көрүп таң калып,
Чын уйкуга барган жер,
Түнөрүп уктап калган жер,
Катуу уйкуга барган жер.
Кашайып уктап калган жер,
Ажыбай барып арага
Түмөнбай калып талаага
Чынкожо менен Толтойго
Бек айтышып кеп кылган,
Айчүрөк алып келем деп,
Өзүм алып келип берем деп,
Ошо жерди чек кылган.
Карындашым Чүрөктү
Колум менен берем деп,
Бир канчалык бул алып,
Жолум менен берем деп.
Болжолун койгон жерине
Ажыбай айткан кебине
Келин менен кыз келет
Кереметтүү куш келет.
Алуучу күйөө келсин деп,
Айчүрөктүн жолдошу
Жеңкетайды берсин деп.
Олжого эгер болгон деп
Мурун күйөө келсин деп.
Карындашым Чүрөктүн
Ар борумун көрсүн деп.
Ажыбай чечен кеп кылган
Алты күндү чек кылган.
Күлчорону таштайбыз
Чынкожо менен Толтойдун
Экөөнүн ишин баштайбыз.
Күн карарып түн түштү,
Убада болгон күн бүттү.
Ай бүркөлүп түн түштү.
Айтышып койгон кеп бүттү.
Чынкожо айткан кеп экен
Акункандын жаңгыз кыз
Сага алып берем деп.
Калк чогултуп, кол жыйып,
Канчалык колду мол жыйып,
Эми кеңешип кебин айтышып.
Абдырай менен Төлөктү
Ар бир ишке кайраттуу
Адамдан чыккан айбаттуу
Чынкожо, Толтой эки дөө
Торучаны алдырып
Баабединге чалдырып
Айчүрөктү алууга
Баары келип кам кылып,
Айчүрөк алчу күйөөгө
Эр Чыңкожо кеп айтып.
Асманда мунар боз элек
Акыреттик дос элек.
Ободон мунар боз элек,
Оо дүйнөлүк дос элек.
Тилегиңе жеткирдим.
Айчүрөк алчу сенденби?
Алып берчү менденби?
Ажыбай чечен кеп айтты
Айчүрөк алчу күйөөңөр
Мурун келсин деп айтты.
Сүйлөшкөн сөзү бүткөндүр
Карындашы Чүрөктү

Алып келип Ажыбай
Эмгиче бизди күткөндүр.
Келин-кыз келип толгондур
Кечээ келин конгондур.
Тастаркониду жайгандыр
Кереметтүү дечү эле
Ардактуу күйөө келет деп,
Чатыр тигип салгандыр,
Айчүрөк тосуп калгандыр.
Асылым досум барып кел
Жеңкетайга берем деп,
Береги турган аскердин
Жетимиш буудан ат берем,
Деп, ошентип айтып кел.
Айчүрөктү ээчитип
Убада кылып кайтып кел.
Шыгайдын уулу эр Кожо
Толтойго айтып турган жер.
Арстан Толтой кереттүү
Моюнун буруп турган жер.
Чын досум тура тур
Айланып сөздү уга тур.
Айткан сөзүм жүйөөсү
Айчүрөктү алуучу
Келди мунун күйөөсү.
Айлын камап барганда
Арага бирөө келбеген,
Кечээ Ажыбай менен Түмөнбай
Арачы болуп келгени,
Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Кайраты бар уул экен.
Баймырза уулу Ажыбай
Арамзаада шум экен.
А дегенде кеп айтты,
Эки атты бергин деп айтты.
Байкагын Кожо жолдошум
Эки атынды бербесең,
Чүрөктү бербейт деп айтты.
Муруңку кардын жааганы
Акундун кызы Айчүрөк
Ишенбейсиң билбейсиң
Айланып учуп алганы.
Ат боройду чалганы,
Кудайга иши жакканы.
Манастан калган баатырды
Бу Семетейди тапканы.
Бөксөгө мөндүр жаадырып
Жакага жамгыр куйдуруп,
Жердин үстүн тундуруп,
Бөксөнү мөндүр күз алып,
Жаканы жамгыр жай алып,
Кийинки күндүн жааганы
Акункандын шаарына
Дардандын келип  калганы.
Алыстан баатыр келди деп,
Чалгынчы болсо көрөт деп,
Атынын изин жашырып,
Бу Семетейди катканы.
Кантер экен экөө деп,
Ажыбай менен Түмөнбай
Агасына айтканы:
«Бирөө болсо тулпар деп,
Бирөө айланып учкан шумкар деп,
Эки атың алып келгин деп,
Акундун кызы Чүрөктүн
Алып келген дөөсү бар,
Ат жетпеген жөөсү бар.
Кой Чыңкожо кайталы
Кайтмайынча жол болбойт
Өз атасын өлтүргөн
Кара жолтой канкорго
Кабылып калсак оң болбойт.
Кой Чыңкожо кетели
Кетмейинче жол болбойт.
Атадан калган мураапы,
Кырк чоросун кыйраткан,
Кара боор канкорго,
Кезигип калсак оң болбойт.

Ок-дарыны чачалы
Калың колду кайтарып,
Эртеден калбай кайталы.
Кой Чынкожо тил алгын
Бу жерге турбай кетели».
Кереметтүү Толтой кеп айтат
Кетели досум деп айтат.
Арстан Толтой деп келсем
Акмак Толтой экенсиң.
Баатыр Толтой деп келсем
Байкуш Толтой экенсиң.
Ал Талас кайда, эр кайда
Ошо талыкпай келчү эр кайда.
Кеңкол кайда, жер кайда
Келе турган эр кайда.
Алыстан жортуул жол чалып
Айчүрөк алчу эме эмес.
Айткан сөзүң кеп эмес.
Камоону катуу көргөндө
Калкына кыстоо түшкөндө
Бир катындын айынан
Камоодо жатып өлөбүз.
Кандай күндү көрөбүз.
Элинен кыстоо көргөндөр,
Элинен кыстоо келгендер,
Биз баралы дегендер,
Түмөнбай деген агасы.
Кайраты катуу экен деп
Сенин бу айтканың бекер кеп.
Баймырза уулу Ажыбай
Арамзаада экен деп
Сенин бу айтканың бекер кеп.
Чынкожо баатыр күүлөнүп,
Эр Толтойго сүйлөнүп.
Бергенин кудай алабы?
Чүрөктү албай барабы?
Калк чогулуп келгенде
Айчүрөк келди дегенде
Чүрөктү албай кайтабыз.
Эмине жооп айтабыз.
Айчүрөктү алабыз
Алжыба Толтой жолдошум
Айчүрөк албай Жеткайтка
Кантип тирүү барабыз.
Чынкожо баатыр кеп айтып,
Эр Багышкандын жаңгызы
Эмесе Кожом тура тур,
Энтелебей уга тур.
Жети жашар чагында
Ойноо бала табында,
Каркыранын сазында,
Көкөтөй кандын ашында
Каапыр менен мусулман
Аралаша конгондо.
Жыш ургандай толгондо
Каапыр күчтөп келгенде.
Тиккен үйүн таштап,
Мусулман чыга бергенде
Атасы Манас баатырдын
Ошондо көрдүм эрдигин.
Дөгүрсүгөн калмактын
Буту-колун бүктөтүп,
Бууралarга жүктөтүп,
Кылычынан кан агып,
Чыкканына там жарып,
Каапыр менен мусулман
Манас билди башкарып.
Кангайдын уулу каапырды
Эчен түркүн баатыр бар.
Чоюн кулак зорлору
Жоого тууган баатырлар
Чоюн башы колунда.
Темир тону ийнинде
Башы болгон казандай
Манас баатыр барганда
Барып эшик ача албай.
Тополоңу тоз болгон
Ушу дүйнө козголгон.

Ошо Манас баатырга
Беттеген менде жок болгон.
Каапыр менен мусулман
Алты айдар тон кийген,
Жеке бийлеп, эл билген.
Каш кайтарган киши жок
Манас баатыр барганда
Баатырсынган калмактын
Кыйынсынган кытайдын
Дөгүрсүгөн дөөлөрүн
Айдап чыкты жөөлөрүн.
Эр Манас баатырды
Каапыр менен мусулман
Ысыкты койдой ийирди.
Кайрат кылам дегенин,
Өлтүрүп жерге кийирди.
Кылычтын мизин кан кылды,
Далайды кыйып жай кылды.
Мен атамдын жанында
Кандын баарын жыйганда,
Каапыр менен мусулман
Баш көтөртпөй жыйганда.
Кан чогулуп келгенде
Ошо Манас баатырга
Он алты кан мусулман
Бийлигин колго бергенде.
Айтылуу Кошой деп айтты.
Бакабаш, койбаш эки эл
Маргалаңдын Малабек,
Кокондун каны Кожобек,
Анжыяндын Сынжыбек
Турпандын каны Турусбек
Мунун ал жүргөнү дурус деп
Кашкардын каны Эсенбек
Ошондо укмуш эчен кеп.
Алтын така, жез өкчө
Казактын каны кан Көкчө
Манастан мурун барыптыр.
Сойчу малын жайнатып
Ар түлүктү мал менен
Барган экен айдатып.
Көкөтөйдүн Бокмурун
Кылымдан башка шок экен.
Балалыгы башында
Манаска кеңеш кылбаган
Балалыгын караса,
Ошо Манас баатырдын
Мен атамдын жанында
Калк чогулуп кеп кылып
Эми аштыгындай берели.
Улуузаада Көкөтөй
Даңазасын көрөлү.
Каапыр менен мусулман
Тамашасын көрөлү.
Эрлер чыгып сайышка
Буга эмине берели.
Ажыбай деген чоросун
Койду Манас башкартып,
Тентектин баарын  тыйсын деп,
Тентексиген кишини
Алмадай мойнун кыйсын деп.
Буйрук кылды бу Манас
Каяша айткан кишини
Караңгы үйгө кийирип,
Айдап келип камады.
Атасы Манас баатырдын
Ошондо көрдүм эрдигин
Мына бу турган жаш бала
Кимдики деп сурады.
Маңдайынан сылады
Эр болот деп санады.
Ошо Манас баатырга
Бет алып бенде барбады,
Каршы айткан тирүү калбады.
Көкөтөй кандын ашында
Манаска конгон арбагы.
Ошо Манас баатырды
Каапыр менен мусулман

Колуна барып алганы.
Он алты кан ээлигип
Ошо Манас баатырды
Көрө элеги бар экен,
Билелеги бар экен.
Бээжиндин каны манжуулар
Ошо Манас баатырды
Астына келип чокунду.
Мусулмандын баарысы
Ошондо бирдигин берип отурду.
Аттарды бөлөк айдатты
Каапыр менен мусулман
Асты-астынан жай жатты.
Мергенге жамбы аттырды
Өзү билди эр Манас
Кай күлүктүн баарысын
Эки киши каапырдан
Эки киши мусулман
Жүз сексен ат болду.
Он эки күндө барсын деп,
Сегиз күндө келсин деп,
Аттын барып келиши
Жыйырма күнгө толсун деп.
Сөз ушундай болгон деп,
Жыйырма күндү чек кылды.
Атасы Манас баатырдын
Арстаным досум тура тур
Канкордун уулу эсерге,
Кара жолтой көсөргө,
Кабылган менен болбойт го.
Сенин кылганыңда чала бар,
Чынкожо тилимди ал.
Бу Акункандын шаарына
Батадан бүткөн бала бар.
Ар ишиңде чала бар.
Акункандын шаарында
Сен билбесең, мен билдим
Манастан калган бала бар.
Кара малдан төө бар
Канга тууган бирөө бар.
Бетинде күйгөн шамы бар.
Тиштегени ок болгон
Тиктегени жок болгон
Жолдоштору дагы бар.
Ошо батадан бүткөн баласы
Ой Чынкожо кайталы
Катынын кантип аласың
Кыябына тийгенде
Кырк чорону кыйраткан
Кыйыр тууган ит эле.
Кырганын көрүп жүрбөйлү
Өсөлөнүп келгенде
Өз атасын өлтүргөн
Өкүм тууган ит эле.
Ошондон кордук көрбөйлү
Бир катынды алам деп
Урушуп уят болбойлу.
Кармашып кордук көрбөйлү
Кабылып бекер өлбөйлү.
Дагы айтарым дагы бар.
Ошо балада жаткан балааны
Батадан бүткөн жайы бар.
Бүткөндүгүн айтайын
Каапырдан болгон дөө чыккан
Караса көздөн кан тамган,
Тиктесе көздөн от жанган,
Өзү дөбө сеңирдей
Көрбөгөн жанга теңирдей
Айланып келип балбата
Ошондо ээрчип жүрүп атамды,
Ошонун баарын мен көрдүм.
Мусулман аттуу көп калктан
Балбан чыкпай калганда
Ошондо мурутунун агы эле,
Букар кетер чагы эле.
Сакалы аппак ак экен
Санааны тартар чагы экен.
Эл чогулуп турганда

Эрдин баарын сынады.
Балбандын түрүн көргөндө
Эч ким чыкпай турганда
Ошо бир ала сакал карыя
Айтып келди жарыя.
Баргандар маалым болот деп,
Кармашкан бекер өлөт деп,
Башка киши калба деп,
Балбанга чыгып барба деп,
Бөөдө өлүп калба деп,
Эр Манасты чыгарды.
Колунан кармап кеп айтты:
«Башкасы барса өлөт деп,
Акыретти көрөт деп,
Мына бу Кошой жарайт деп,
Карган чал кантип барат деп,
Барып калган чал болсо,
Балбанды кантип жыгат деп,
Бар дешибиз уят деп.
Калкы карап турганда
Эч ким чыдап баталбай
Балбанга чыдап бергенде
Эр Кошойго айталбай».
Ошо Манас баатырдын
Ошондо көрдүм эрдигин.
Абаке балбанга чыгып бергин деп,
Береги турган мусулман
Амызын алып келгин деп.
Ошондо Кошой күүлөндү,
Уяты жок сен эргул
Көксө болгон табында,
Өлүмгө кетер чагында,
Балбанга барып келгин деп,
Мына бу турган журтуңа
Амыз алып бергин деп,
Айтып турган кебин көр.
Ала көөдөн айбандын
Таап турган кебин көр.
Ачуусу келип жулкулдап
Кармана албай булкулдап,
Ошондо эр Манаска сүйлөндү.
Ошондо Манас кеп айтты:
«Кагылайын абаке,
Тоодой болгон чоң дөөгө
Барып бергин деп айтты.
Дөөгүрсүгөн нечени
Чечип киймин кийгизди.
Шымын кийсе бутуна
Баатырдан атпай барышып,
Куйрукка жетпей тырышып,
Ошондо Кошой абасы
Манас менен урушуп.
«Эмдиге катын көп тууган,
Баарын бирдей чөп тууган.
Берген кийимиң чак келбейт».
Деп, ошентип бакырды.
Каракашка аргымак
Ат жетелеп бүгүлүп,
Ээрди чолок бир катын
Ошо Кошой баатырдын
Астына келди жүгүрүп,
Аюу көпчүк көк быштан
Акканкынын үстүнө
Аюу көпчүк астына
Койгон экен бастырып
Кош басмайыл тарттырып.
Күбүр-шыбыр болду эле
Күбүрөшө кетти эле.
Алмамбет, Чубак эки шер
Экөө чуркап жетти эле.
Арта салмак басмайыл
Боосун тартып алды эле.
Ортосунан бир коюп
Алмамбет алып барды эле.
Аба муну кийгин деп
Алдына туруп алды эле.
Тартып койсо түгөнгүр
Талаа болуп чоюлган,

Жыйып койсо жарыктык
Бир колунун бетине
Алаканга жыйылган.
Ошону Кошой бутка салды эле,
Алмамбет, Чубак жанында
Экөө тура калды эле.
Балтыры батпай тырышып,
Куйругуна жетпей
Айбалтасын белеңдеп,
Канчыктын кылган кийими
Ачуусу менен эр Манас
Өзү чуркап барды эле.
Алмамбет, Чубак эки шер
Багалегин чойду эле.
Тартып-тартып койду эле.
Колуна Кошой алды эле,
Эки бутун салды эле.
Кандагайдын кашаты
Эмчекке жетип барды эле.
Кайра байлап кашатты
Эмчегини астына,
Киндигинин үстүнө,
Катуу байлап капшырды.
Ошондо Кошой кеп айтты:
«Бу кийимди жасаган
Зайып жакшы деп айтты.
Майдайыма келсин деп,
Бедериңди көрсүн деп,
Жасаган киши келбесе,
Менин беремимди көрбөсө,
Балбанга барбайм деп айтты.
Кара кашка аргымак
Жойкума чылбыр салды эле,
Атакелеп келди эле.
Ээрди кайчы ак жүздү
Баш чекеси жерге тийгиче,
Тизеси жерге киргиче,
Ар көйнөк кийди бүгүлүп,
Ошо Кошой баатырдын
Астына барды жүгүнүп.
Көзүнөн жашы төгүлүп.
Айланайын абаке,
Оң саамайын өрдүрүп,
Оң тизеге ойнотуп,
Бир барбадым
Ак саамайын өрбөдүм,
Алдейлеп бала көрбөдүм,
Туйгунуң чыкты элүүгө,
Туяксыз өтүп баратат.
Буркурап киши ыйласа,
Муңума менде туралбай.
Заркырап ыйлап
Зарына менде туралбай.
Ошондо Кошой бакырды
Мусулман баарың келгин деп,
Айтылуу Кошой чакырды
Мусулман барды сабалап.
Калмак, кытай аралаш
Көтүнөн барды камалбай.
Ошол алаканын жайды эле
Шер катынын тартып алам деп
Айтасың кантип Чынкожо.
Манас уулу дардаң кул
Ошо батадан бүтүп калды эле.
Кошой бата берди эле.
Мусулманы кошулуп,
Калмак-кытай калың журт
Кошо бата берди эле.
Каапыр менен мусулман
Батасынан бүттү эле.
Манастын зайбы Каныкей
Орошон белге бууду эле.
Андан мурун алты жыл
Карылардан кеп уктум.
Акункандын кызына
Алтыга жашы чыкты деп.
Ошол бала көрөт деп,
Бел куда болду деп уктум.

Ошо Манас баласы
Буларга жана кабылсак
Бир балаага каласың.
Атасы Манас болгон соң
Семетей атка конгон соң
Кайтпаган менен  жол болбойт
Кабылсак бизди соо койбойт.
Тил алгын болсоң кайталы.
Эр Толтой айтып турган жер
Күйөө Толтой ошентип
Семетей жайын мен билем
Атыша турган алы жок,
Чалыша турган чаркы жок,
Уруша турган көңүл жок.
Эки көзүн кал басып,
Карыган Бакай өзү жок.
Кеңколдон бала келди деп,
Эптеп айтып турганы
Эси жок Толтой баатыр деп,
Сени ээсип келгемин
Мени кудай урганын
Бууданды минсе мен миндим,
Аргынды билсе мен билдим,
Атасы Манас баатырдын
Атынын күнү тийбеген
Жердеги бүтүн жок экен.
Адамга колу тийбеген
Эле бүлүк жок экен.
Баатыр Манас дейсиң сен
Каарман Манас болуптур.
Калайык эл журтума
Каарман атка конуптур.
Шаакожо кандын шаарына
Барып чабуул салыптыр,
Малын талап алыптыр,
Ошонун кары кеби калыптыр.
Өрүшүнө мал койбой
Манас, Манас дейсиң сен,
Кан Шаакожо келиптир.
Манастын уулу мына деп
Семетейди бериптир.
Шаакожо колго алыптыр
Анжыяндан Сынчыбек
Шаакожо экөө биригип,
Кой кайтартып калыптыр.
Чынкожо жасап кеп айтат,
Керектүү болгой деп айтат.
Семетей көзү барында
Айчүрөк бизге тийбейт деп,
Бакайдын көзү барында
Эч адам келип кол салбайт.
Таластан келип мал албайт.
Темиркандын шаарына
Тентип жүрүп чоңоюп
Кайра келип элине
Кадырман атка конду дейт.
Каарына тийип кырк чоро
Баарын кырып койду дейт.
Акункандын шаарына
Бекер бузук салбайлы,
Айчүрөктү албайлы.
Катын менен баланын
Убалына калбайлы.
Асманда жылдыз оң болуп,
Атасы чапкан жол болуп,
Атасы Манас болгон соң
Кабылсак кайдан соо коет.
Карылар айткан кеби бар
Кой Чыңкожо кайталы.
Ошо карамүртөз канкордун
Батадан бүткөн эли бар.
Каныкей баккан калкалап,
Семетейди аркалап,
Таластын суусун жээктеп,
Семетейди тээктеп,
Жетим жүрүп жетилип,
Кеңколго барып конду дейт.
Керемттүү эр Бакай

Машыктырып койду дейт
Атаңдын жолун баскын деп,
Катыктырып койду дейт,
Баатыр Кожо кеп айтат:
Барбайсыңбы эр Толтой
Сенин атаң эр Багыш
Дасторкон жайып астыга
Ак куран кармап колуна
Алда таала кудурет
Салды бизди жолуна.
Калк чогулуп топ кылып,
Экөөбүздү акыреттик дос кылып,
Эл чогулуп топ кылып,
Оо дүйнөлүк дос кылып,
Ак бозүйүм калайлуу,
Адамдан башка таалайлуу
Баатыр досум деп жүрсөм
Байкуш киши экенсиң.
Эл чогулуп кеп кылып
Кадырбай менен Төлөктү
Абдрайды алалы.
Акыреттик дос элек
Ажырашмак болдук деп.
Ак досторкон жаялы
Акундун кызы Айчүрөк
Убаданы кылалы.
Сен албасаң мен алам
Акункандын шаарына
Барып уруш мен салам.
Бербеймин десе Чүрөктү
Тополоңун тос кылам.
Шаары менен жок кылам.
Сары атыңды минип кет,
Сары тонду кийип кет,
Тасторконду жайып кет,
Акыреттик антыңды
Кетирдиң Толтой баркыңды,
Өз мойнуңа алып кет.
Мен Чүрөктү алганда,
Чүрөктү алып барганда,
Сенин атаң эр Багыш
Астыма басып келгенде,
Баракелде эки дос
Аламын деп барды деп,
Акундун кызы Чүрөктү
Чынкожо өзү алды деп,
Менин уулум кана деп,
Айчүрөк албай калды деп,
Атанын кебин угузба.
Катын-кызга туйгузба.
Кепке кемтик кылдарба.
Кепке мени сындырба.
Аяш атам эр Багыш
Каарына калтырба.
Келе Толтой колуңду
Жедигер элин алгын деп,
Жеткайтка жете баргын деп,
Абдырай, Төлөк эр айтып,
Антына эстеп бир айтып,
Ак боз бээ алсын деп,
Айтышып турган эки шер
Көтөрүп турган кара жер
Ушу жерде калсын деп.
Жедигер эли дүрдүгүп
Толтойдун кебин уккандар
Кетебиз деп сүрдүгүп,
Асты-астынан бүгүлүп,
Ар кайсы жерден көрүнүп.
Топ-тобунан бөлүнүп,
Тоо таянып көрүнүп.
Эр Чыңкожо кыйкырат
«Кызыталак жедигер
Эки-экиден сүйлөшүп,
Эминесин көрдүңөр.
Атаңдын көрү жедигер
Астыртадан сүйлөшүп»,
Дагы эмине дедиңер.
Адамдык кылып кеп айтып,

Биз кетебиз деп айтып,
Кетип калчу сен эмес,
Кетирип ийчү мен эмес,
Шыгайдын уулу Чыңкожо
Кылган ишин окшотуп,
Кыйдырып жолун токтотуп,
Эл Төлөккө кеп айтат,
Баатыр Төлөк жолдошум
Мына төлгөңдү тартчы деп айтат.
Төлгөчү Төлөк келген жер,
Төлгөсүн тартып көргөн жер,
Билгичи Төлөк келген жер,
Билгенин айтып берген жер,
Алакан жайып кол ачып,
Айтылуу Төлөк төлгө ачып,
Төлгөсүнө жол түшүп,
Толтойдун иши оң түшүп.
Карарган Төлөк көзүнө
Кан чалынып калыптыр.
Катары жакын Толтойго
Төлгө тартып турганда
Төлгөсүн белги кылганда
Акундун кызы Айчүрөк
Толтойду ээчип калыптыр.
Акундун эли чуркурап
Оогандын каны Акундун
Алакан жайып артына
Кан жездебиз болду деп.
Кудалашы Чынкожо
Күйөө болчу эр Толтойу
Жолдош болчу Төлөгү
Токтоп турду бөлөгү.
Көрүндү Төлөк көзүнө
Караан түштү өзүнө.
Кара көзүн кал басып
Алагар көзүн ыл басып.
Билбей калды эр Төлөк
Чынкожо, Толтой эки дөө
Акырет сапар жол басып.

Абыдан жакын күн бүткөн
Эр Багыштын кан Толтой
Төлөктүн тилин алган жер.
Төлгөсү жакшы болду деп
Акундун кызы Чүрөккө
Бармак болуп калган жер.
Кана жаман күн болот
Жедигер элин алайын
Аскер менен барайын
Бекинип жаткан эл болсо,
Камынып жаткан жоо болсо,
Мен калганын чалайын.
Добулбасын карч уруп
Байрагын алып бакырып,
Бирден калбай келсин деп,
Жедигер элин чакырып,
Кандан кабар болгондо
Атка тердик салынып,
Ат токутуп алышып.
Чынкожо, Толтой жанына
Жүгүрүп барды жарышып.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Арстан Толтой аттанып,
Айзакерди бир бөлүп,
Мынтык атчу мергенди
Бет алышып жоо келсе,
Жазбай атып бергенди
Ыктууларды бир бөлүп.
Айза сайар ак буудан
Беттешкен жоодон качпаган,
Сунган айза тартпаган,
Бууданы жоодон качпаган,
Айзакерди бир бөлүп.
Мына бу мынтык атышмак
Адырдан бугу сулаткан,
Аскадан кийик кулаткан,
Мергенди алып бир бөлүп,
Кылычты кыя чаппаган,

Кыйыны жоодон качпаган,
Кылганы башка акылдуу,
Кылыч чабар мыктуусу,
Муну алды бир бөлүп.
Ала байрак куу жолдо
Баары бирдей көй кашка
Кызыл желек, сыр найза
Жедигердин элинен
Айымдары бир башка.
Атказып жолго салган жер
Аскерин алып чуркурап,
Мергендери бөлүнүп,
Асманды көздөй ок атса,
Чүрөктү баатыр алат деп,
Коен жүрөк коркоктор
Корксо барбай калат деп,
Жекендей найза кылкылдап,
Жердин үстү былкылдап,
Жети миң аскер бөлүнүп,
Береги Толтой баатырдын
Айткан тилин алыптыр.
Атка тердик салыптыр
Жедигерден эл калбай
Баары жүрүп калыптыр.
Кара чоктуу шери бар
Кайраты ашкан эли бар.
Сунган айза тартпаган
Тууганы жоодон качпаган.
Өткөрө чечен бели бар
Өлүмдөн кайпас демдүү бар.
Кара чоктуу эчен бар
Калк башкарган чечен бар.
Кызыл чокту эчен бар
Кызыл тилди бураган
Кылгыр деген чечен бар.
Эр  Багыштын Толтойу
Сурнай тартып кол баштап,
Аскер алып кол баштап,
Айчүрөктү алууга,
Аскери менен баарууга,
Арстан Толтой камынып
Кокустан чыгып жоо келсе,
Тегеректеп кыргыла.
Сапты  санап кылгыла
Токтобой башын алгыла.
Кара жолдун боюна
Тоголотуп салгыла.
Ыйгактуу айза аштады
Аскер Толтой баштады.
Элчибек менен Төлөктү
Артынан кошо жиберди.
Күйөө мурун келсин деп
Саламатын көргөзүп,
Жеңкетайын берсин деп,
Сүйлөшүп койгон кеп эле
Дүрбөтүп аскер дарбытып,
Аскери менен барганда.
Чүрөктөн куру калат деп,
Арага салды Төлөктү
Арачы Төлөк кеп айтты,
Аскериң менен барба деп,
Ажыбай айткан кеп эле,
Айчүрөк берер деди эле,
Аскери менен келгидей
Атыша чыкчу менби деп,
Мени алуучу эрби деп.
Акундун кызы Айчүрөк
Чаап алсаң эл мына,
Басып алсаң жер мына,
Акункан деген кан мына,
Айдап алсаң мал мына,
Керек десең кыз мына,
Келберсиген уул мына,
Асмандап учуп алат деп,
Чүрөктөн куру калат деп,
Арага Төлөк барган жер.
Айтылуу Толтой эр баатыр
Төлөктүн кебин уккан жер.

Кожого кайра баргын деп,
Арачыга кеп айтып,
Бара түшүп аскерди
Таштап кетем деп айтып.
Төлөктү кайра кайтарып,
Багыштын уулу эр баатыр
Астындагы Суркоен
Кирип барса союлгур
Бетеге башы былк этпейт,
Чөптүн башы солк этпейт.
Туягы жерге илинбейт,
Жүгүргөнү билинбейт.
Учту десе канат жок
Бир кулагын жапырып,
Дабыш укса Суркоен
Жата калат жашынып,
Ак-Кыянын астында
Көк-Жайыктын үстүндө
Арстан  Толтой эр баатыр.
Кылган ишин окшотуп
Алып чыккан аскерин
Ошо жерге токтотуп,
Акундун кызы Чүрөктү
Кырга койгон сүрөттү
Алмак болду эр Толтой.
Айчүрөктү алууга
Бармак болду эр Толтой.
Үргөнчтүн бою калаага
Үч айланып жол чалды.
Манастан уулу дардаңбай
Алыстан келип жоо келсе,
Ай касаба кол жүрсө,
Атынын изи калаар деп,
Жетип келип Үргөнчтү
Жети айланып чалды эми.
Чалгынчы көрсө чалат деп
Кокустан келип кол салып,
Шаарга бузук салат деп.
Бөксөгө мөндүр тунтуруп,
Жакага жамгыр куйдуруп,
Аттардын изин жашырып,
Акункандын шаарына
Семетей жаткан жашынып.
Айланып чалгын чалганда
Эр Багыштын Толтойу
Из таба албай калыптыр.
Кыялы кар жары боор,
Кыя тартып келди эми.
Кыядагы кара таш
Как жарылып калыптыр.
Барса Толтой кайран эр
Жата калып чалыптыр.
Үргөнчтү Чоро кечкенде,
Буурулга камчы салганда,
Кыз-келин көрүп кызыгып,
Күлчоро жүрүп калганда.
Жалпайып аткан кара жер
Аттын буту тийиптир.
Таш жарылып калыптыр
Акундун кызы Айчүрөк
Көтүнөн гана жүрүшүп,
Из жашырып салыптыр.
Чаканын изи экен деп,
Берсе кудай тилекти
Чүрөктү алып кетем деп,
Аскерин Толтой топтотуп,
Асынып мынтык далылап,
Айзасын азып кайрылып,
Кылычын мизи кыңгырап,
Айбалта белде шыңгырап,
Бозкисе бойдо шалдырап,
Айчыгы алтын күпсөрү.
Айлуу төшкө жаркылдап,
Алдындагы Суркоен
Ала качып зыкылдап.
Эки беттин тар кокту
Арстан Төлөк салды эми.
Баягы жетим кул жаткан кайкыга

Астындагы Суркоен
Туягы жерге илинбейт,
Жүгүргөнү билинбейт,
Туягы жерге тарс этпейт,
Жаздап койгон жаздыктай
Төшөп койгон олпоктой.
Үтүндөгү эр Толтой
Уктап кетет былк этпей.
Коенумдун жолуна
Кокту менен жол жүрүп,
Чыкты  Толтой жонуна
Кудай бетин көргөзбө,
Жашыл кыя, түз талаа
Жайнап жүрөт кыз-келин.
Кызыл айча, кымча бел
Кыз боруму көрүнөт.
Алача көйнөк ак жүздүү
Зайыптын шаңы көрүнөт.
Самоору кайнайт буркурап,
Кербени келет зыркырап,
Кыз-келин ырдай чуркурап,
Айчүрөк кылган керемет
Бозсеңирдин астында
Кологон кол чатыр
Ортосунда чоң чатыр.
Тегерегин караса
Тиккен чатыр жанаша.
Айланасын караса,
Ар түрлүү чатыр жанаша.
Шамы күйөт мунарып,
Бу Айчүрөк экен деп,
Көрдү Толтой кубанып,
Ала тамак, бой мончок
Сагагына сайынып.
Упа менен эндикти
Баатыр жезде келет деп,
Беттерине жамынып.
Шуру менен берметти
Жаагына тагынып.
Баатыр жезде келет деп
Кыз-келин турат камынып.
Сыр алдырмак керези
Келин - кыз болуп көрүнөт.
Айчүрөктүн бериси
Кара чаар жолборсу
Катын - кыз болуп көрүнөт.
Айчүрөктүн жолдошу
Беринин кызы Чоңсайкал
Жорго минип бастырып,
Сары алтын менен көөкарды
Аркалыкка чаптырып,
Айчүрөк болуп көрүнөт.
Айтылуу Чүрөк экен деп,
Акундун кызы Чүрөктү
Буюрса алып кетем деп,
Атка камчы салган жер.
Түн уйкусу келгенде
Түнкү жолду төтөлөп,
Барган экен өлчөлөп,
Семетейдин Күлчоро
Туйбай уктап калган жер.
Белиндеги белбоону
Белинен чечип салыптыр.
Атынын чалгын чалганын
Билбей уктап калыптыр.
Айдалыда Аккелте
Акканкыны кашына
Боосун илип алыптыр.
Абасынын Сырнайза
Түбүн жерге сайыптыр.
Чалгынды минтип чалганын
Билбей уктап калыптыр.
Толтой жакын барганда
Балага жакын калганда
Семетейдин Тайбуурул
Атын көрүп алыптыр.
Тегеренип токтобой
Жерди чапчып тарпылдап,

Болоттон кылган ооздук
Капшыра тиштеп карсылдап,
Толтой калды жакындап,
Бир кулагын бүктөтүп,
Бир кулагын жиктетип,
Бир кулагын жашырып,
Көкүлүнөн ашырып,
Семетейдин Тайбуурул
Уктап жатты былк этпей.
Үзөнгүгө бут салып
Туйбай Чоро тырп этпей
Ак болотун дат алып,
Таянып турган айзага
Семетейдин Тайбуурул
Жата калды маталып.
Айзасы колдон таярда,
Колунан түшүп каларда,
Мурдун тартып бышкырып,
Ичин тартып кошкуруп,
Улутунуп үшкүрүп,
Кемегедей кара чым
Кесе чапчып ыргытып
От ордундай кара чым
Ое чапчып ыргытып,
Жата калып жалт берип,
Тура калып кылт этип,
Ат токтобой турганда
Ала көдөн канкордун
Айткан аты ушу деп
Аттанып жолго чыгарда,
Семетей айткан кеп эле.
Алтымыш күнү жол жүрсө,
Арбый басчу жан эле.
Көзүн ачып селт этип
Атын мактап айтат деп,
Алтымыш күнү жол жүрсө,
Арыбайт менин бууданым.
Алтымыш асый болгуча
Карыбайт менин бууданым.
Жарым күнгө чыдабай
Тыбырчылап турганын
Тизгинин бек силкип
Каргадай болгон Күлчоро
Арам өлгүр деп силкип,
Ооздук кагып бек силкип,
Союлган доңуз деп силкип,
Буурул ат менен урушуп,
Каргадай болгон Күлчоро
Тизгинин какса Тайбуурул
Жата калат жалп этип.
Ооздук какса Тайбуурул
Бир кулагын бүктөтпөй
Оң кулагын жиктетпей
Эр Күлчоро ой ойлоп,
Ээн талаа жер экен
Жан чыкпаган бел экен.
Ак жолборс келдиби?
Карышкыр-бөрү көрдүбү?
Бирдеме жытын алдыбы?
Астымдагы бууданым
Көрүп үркүп калдыбы?
Маңдайында секелек
Балалыгы кетелек.
Кайра салып көкүлүн
Калпагын оңдоп кийди эми.
Маңдайга колун алды эми
Эки жагын чалды эми.
Чалып байкап караса,
Тоодой болгон аты бар,
Табактай кызыл бети бар,
Алагардай көзү бар,
Жоо-жарагы дагы бар.
Жоо көрө элек боз бала
Жер көрө элек жаш бала
Жылан көргөн эмедей
Жыйрыла түшүп токтолуп,
Жүрөгү чындап козголуп,
Баланын жүрөгү болк этип,

Бүткөн бою солк этип,
Азат бою бас болуп,
Жетимдин кызыл өңү саз болуп,
Ок-дарысын чачууга
Корккон эмей эткени.
Жоонун түрүн көрө элек
Жоону жоодой тие элек
Андай ишти билелек
Желегин жерден түрдү эми.
Качайын деп камынып
Жер ботого кирди эми.
Кайра оңолуп караса,
Тайгандай болгон аты бар,
Жанказандай башы бар,
Табактай болгон бети бар,
Токтолуп көзүн салалбай,
Алапайын таба албай.
Ажыбай айткан кеп эле
Эр Толтой баатыр деди эле
Толтой деген эмеби?
Тоосу жылып келеби?
Албарсы, шайтан толдубу?
Азгырма келип калдыбы?
Каргадай болгон Күлчоро
Капшыра курчап капчыгын
Көрдүңбү кырк эки жаштыгын.
Аккелте асып далылап,
Айзасын алып карылап,
Качмак болгон жер ошол.
Кача турган өңдөнүп,
Кайра тартып токтолуп,
Көргөнүм адамбы же айбанбы?
Аккуунун кызы жеңеме
Кереметтүү немеге
Элесин көрүп алат деп,
Эси чыгып токтобой,
Энтелеп качып калат деп,
Караанын көрүп алат деп,
Караанын көрүп топтобой,
Кайрылып качып калат деп.
Билип койсо кантейин
Кайраттанып кеп айтып,
Зоот-чопкур кием деп,
Агасы минип бууданын
Сурап алып минем деп.
Кайраттанып кеп айтып,
Чаламын деп чыгат деп,
Жоону көрүп токтобой,
Кайра келип турат деп.
Кыйшакташып кыз-келин
Күлүп койсо кантемин.
Акундун кызы Айчүрөк
Билип койсо кантемин.
Абыдан таанып алайын,
Анан жолго салайын,
Эр Күлчоро ой ойлоп,
Ой ойлосо көп ойлоп,
Астымдагы Буурулдун
Оозун кагып токтотуп.
Семетейдин Акканкы
Алмадай башын ашырып,
Кундактай боюн жашырып,
Күлчоро байкап калган жер.
Кудай бетин көргөзбө
Быгыш кандын эр Толтой
Жакын келип калган жер.
Акундун кызы Чүрөктү
Алда таала кудурет
Акыреттик жолдошум
Оң колунан алам деп,
Эр Чынкожо досуна
Келген булум ушу деп,
Бу Акункандын кызы деп.
Олжону алып барамын
Бек сүйлөшүп беттешип.
Келген келин-кыз болсо,
Ойноп тура бергин деп,
Кайрылып жолго саламын.

Чынкожо бөлөк досумдан
Алтымыш буудан аламын
Ат айдатып келемин.
Жеңкетайга беремин.
Жаагына кыл салып
Ырдап келет Толтой кан.
Чоң өтүк бутта чойкоюп
Карыда айза койкоюп,
Адамдан башка доңкоюп,
Капасы жок ыр ырдап,
Кайран Толтой барган жер
Каргадай болгон Күлчоро
Толтойдун ырын укканда
Кары тартып оңолуп,
Каны-сөөлү жоголуп,
Кайраттанып калган жер.
Ушунун кебин уккуча
Угуп качып чыккыча
Туубай туна чөгөйүн.
Тумшугу жок мен жетим,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Ак милтеге чок берип,
Аккелтеге ок берип,
Эми колго алган жер.
Каргадай болгон Күлчоро
Көтөрө албай оордоп,
Астындагы Толтойду
Аккелте менен бир койгон.
Алыс атып салган жер
Аккелте үнү чыкканда
Мылтыктын үнүн укканда
Эчтемени кенебейт
Бу эмине болду деп
Баатыр Толтой элебейт.
Маңдайга колун салганда,
Астын карап калганда,
Тоодой болгон аты бар,
Томуктай болгон киши бар.
Таңдын элес элинде
Алмадай болгон жүзү бар.
Аты башка көрүнүп,
Арстан Толтой баатырдын
Карууга найза алган жер.
Астындагы баланы
Кагуучудай камынып,
Даярланып калган жер,
Кишисин сайып салам деп,
Атын коштоп алам деп,
Чынкожо, Төлөк досума
Соогатыма берем деп.
Түбөк колго түкүрүп,
Кышылдап айза бек кармап,
Мен сайайын деп кармап,
Аккелте үнүн элебей,
Каргадай болгон баланын,
Караанын көрүп эр Толтой,
Өз боюна теңебей,
Он эки көпөлөк,
Атасынын бедери,
Алдындагы Буурулду
Алган экен жетелеп.
Мылтык атсам билбейт деп,
Киши ордуна көрбөйт деп,
Ажалым жетсе өлөм деп,
Айза салып көрөм деп,
Ошо бала эр чунак
Баабедин деп бакырды.
Аа дегенде жинди кул
Манас деп ураан чакырды.
Эр Толтойдун Суркоен
Оң кулагын жапырды.
Он экиде Күлчоро
Чоң Толтойду качырды,
Качырган менен болк этпейт.
Айзасы бар колунда
Суркоендун жонунда.
Кылычы бар белинде
Таңдын элес элинде

Берсе жолдош баланын
Бериште салды бейлине.
Бир кудай салды демине
Бакырыгы баш жарып,
Бакырса үнү таш жарып,
Ач-кыйкырып куу сүрөөн,
Абасы Бакай баатырдын
Астын тосуп алгын деп.
Эр Күлчоро чакырып,
Удаа-удаа бакырып,
Бериштелүү жинди кул
Семетейди чакырып,
Арстан Толтой эр баатыр
Чочуп кетип болк этип,
Чоң жүрөгү солк этип,
Эси чыгып болк этип,
Эт жүрөгү солк этип,
Эки жагын караса,
Асты жагын коргойлуу.
Кум-Дөбөнүн кайкыдан
Бозчологун моюндап,
Ок-дарысын коюндап,
Бакайдын шаңы көрүнөт.
Өөдө жагын караса,
Асты жагы коргойбуз.
Кум-Дөбөнүн кайкыдан
Бозчологум моюндап,
Ок-дарысын коюдап,
Бакайдын шаңы көрүнөт.
Өөдө жагын караса,
Кан тамчылап көзүнөн,
Качпа, качпа, качпа деп,
Чоңдугу төөнүн арындай,
Толкуну көлдүн шарындай,
Семетей шаңы көрүнөт.
Маңдай жагын караса,
Балапан учкан бүркүттөй
Канчоро шаңы көрүнөт.
Ошондо Толтой эр баатыр
Айтканым келген экен деп,
Кантип элге жетем деп,
Тегеренип калыптыр
Канткенде тирүү кетем деп,
Канчоро, Бакай шер эмес
Эр Семетей эр эмес
Балачаар жолборсу
Алмамбет менен Чубакты,
Айтылуу молдо Сыргакты,
Атактуу Манас баатырды,
Ошондой жерде колдоочу,
Он экиде баланы
Оң саамайын өрүшүп,
Айчүрөк алчу Толтойго
Кудай билет чын болсо
Таластагы Бакайды,
Шаардагы Семетей,
Ойноп аткан Күлчоро,
Төртөөнүн шаңы көрүнөт.
Бет алып токтоп тура албай
Чыркыраган жетимдин
Заарына чыдабай,
Коендун  оозун бурган жер,
Камчынын катуу урган жер.
Катын алчу Толтой шер
Коенго камчы урган жер,
Созулуп жолго салган жер.
Томуктай болгон баладан
Тоодой болгон Толтой кан
Токтобой качып калган жер.
Каргадай болгон жетим кул
Боз кисе белге бууган жер.
Качып калган Толтойду
Көтүнөн түшүп калган жер.
Бакырыгы бек чыгып,
Бала чунак Чоронун
Баабедин уксун деп чыгып,
Кыйкырыгы бек чыгып,
Атакемин кырк чилтен,

Булар уксун деп чыгып,
Бакырыгы басылбай,
Бакырган үнү жазылбай,
Кыйкырыгы басылбай,
Кыйкырган үнү жазылбай,
Эр Толтойдун Суркоен
Тоо таянса Суркоен
Сары бел кең өзөн
Муну көздөй салды эми.
Камчы үстүнө камчы уруп
Бала жетим чунактан
Толтой качып калды эми.
Астындагы Тайбуурул
Аркар кууган тайгандай
Араандай оозу ачылып,
Ууртунан чыккан ак көбүк
Ак кардай жерге чачылып,
Бээжинден келген берим жол
Берилентип эр Толтой
Муну көздөй салды эми.
Беришге минген Тайбуурул
Мына жетти жакындап,
Кашкардан келген Кара-Жол
Муну көздөй салды эми.
Кайыптан бүткөн Тайбуурул
Жакын жетип калды эми.
Кум-Кыянын узун жол
Чородон качкан чоң Толтой
Артынан кууган баланы
Бу Семетей экен деп,
Адаштырып кетем деп,
Муну көздөй салды эми.
Куюндан бүткөн Тайбуурул
Чукул жетип калды эми.
Ак-Кыянын Кара-Саз
Астынан Толтой качканда,
Көтүнөн Чоро чыкканда,
Каздар учуп каңкылдап.
Аңыр учуп аңкылдап,
Өрдөк учуп каркылдап,
Каз-өрдөк учуп чырылдап.
Каргадай болгон Күлчоро
Кара-Саздын жээгине
Кара-Булак боюна
Семетейдин чоң айза
Катуу кармап колуна
Эки колдоп бек кармап,
Эсин жыйа Күлчоро
Эми жетем деп кармап.
Өөдө-өөдө жер келсе,
Өксүп сайып баратат.
Ылдый-ылдый жер келсе,
Мүчүп сайып баратат.
Имерилиш Кара-Сай
Эр Күлчоро жакындап,
Тайбуурул жетип такымдап,
Өлчөлүүнүн өзү деп,
Өлүүчү жери ушу деп,
Как жүрөктүн тушу деп,
Кайтпас жери ушу деп,
Кара-Саздын түзүндө
Тиктеп кетип баратат.
Семетейдин чоң тизгин
Акканкынын башына
Жекесандын астына
Чоң тизгинди салган жер.
Кара борчук балчыкка
Эр Толтойдун Суркоен
Колун салып алган жер.
Будаланып калган жер.
Кочкор сүзгөн эмедей
Эки далы ортого
Каргадай болгон Күлчоро
Коюп туруп калган жер.
Ики, кокуй белим деп,
Бала мени жедиң деп,
Ээринен көт тайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,

Куюшканын тырмалап,
Куйкумунан кармалап,
Каңкынын башын кармалап,
Каргадай болгон Күлчоро
Айзаны тартып алганда,
Айсоорудан кара кан
Жаба коюп бурчактап,
Айзаны тартып алганда.
Кайра оңолуп саям деп,
Каракушун жарам деп,
Каңкыдагы чоң тизгин
Кашынан түшүп калыптыр.
Күлчоронун Тайбуурул
Колун салып алыптыр.
Кош колдоп айза сунарда,
Оңолуп айза ураарда,
Астындагы Тайбуурул
Тизгинге колун чалган жер.
Катуусун айзанын
Каргадай болгон жетим кул
Тайбуурулдун башынан
Алыс кетип калган жер.
Жарадар болуп айза жеп,
Ээринин башын бек кармап,
Баатыр Толтой ээрине
Эми өлдүм деп кармап.
Кайра тартып оңолуп,
Кудай билет чын болсо,
Камчы салып койгонго,
Чымындыктын оюнан
Чындап жолго салды эми.
Аткан октой зыркырап
Алдындагы Суркоен
Алакачып бөлүнүп,
Арстан Толтой баатырдын
Аркадан каны төгүлүп
Айза менен бир сайып,
Күлчоро калды бөлүнүп,
Ат чылбырын алгыча,
Атка мине калгыча,
Кайрылып атка мингиче,
Качырып кайра киргиче,
Токтолуп атка мингиче,
Токтобой кайра киргиче,
Каргадай болгон баланын
Сайганынын айбы жок
Атандың көрү дүйнөнүн
Жарадар болгон Толтойдун
Кайда кеткен дайны жок.
Чымылдактын талаага
Эр Толтой калды балаага.
Кең сайды кесип кетти эми.
Жарадар болуп айза жеп
Чынкожого жетти эми.
Кол чогулуп караса,
Суркоен келет зыркырап,
Баскан жери быркырап,
Толтойу келет өбөктөп,
Ээринин кашын жөлөктөп,
Белине каны толуптур,
Бери баккыс болуптур,
Койнуна каны толуптур,
Кайра копкус болуптур.
Семетейдин бөрү тил
Оң далысын жарыптыр.
Омуроодон тешилип
Катуу сайган айзанын
Учу сынып калыптыр.
Кайтын элге жеткенде
А дегенге алы жок
Сүйлөөрүнө тили жок
Сүлдөрү бар дарман жок,
Сүйлөөр алы калган жок,
Арбагы бар дарман жок,
Айтарга алы калган жок.
Алагар көзү алайып,
Айдай бети тунарып,
Жарадар болгон кансырап,

Калган экен кубарып,
Калк жыйылган жыпылдап,
Кайнаган аскер быкылдап,
Чынкожо туруп келген жер.
Эр Толтойдун жаратын
Тегеренип көргөндөр
Жаранын оозу чарадай
Ичиндеги жүрөгү
Темиргендин барадай.
Эр Толтой келип жыгылды,
Эч айласын таба албай.
Калктан келди дарыкеч,
Элден келди ырымкеч,
Аккан канды жуудуруп,
Айзанын уусун таратып,
Ар түрдү даары куйдуруп,
Ак келе менен бастырып,
Үстүнө ылай жаптырып,
Чынкожо, Төлөк, Абдырай
Эр Толтойду бактырып.
Каткан канды жууганда,
Жарага даары куйганда,
Күңгүрөнүп үн берип,
Көптөн кийин тил берип.
Тилге келип кеп айтып
Жарадар Толтой кеп айтып
Чынкожо менен Төлөккө
Каарланып бек айтып.
Кой, кой десе болбойсун
Кой-койдун тилин албайсын.
Кетем десе болбойсуң
Кишинин тилин албайсың.
Айчүрөккө баргын деп,
Ажыбай менен Түмөнбай
Убадасын алгын деп,
Чүрөктү алып келгин деп,
Жеңкетайга бергин деп,
Жетимиш атты камдайсың.
Айтып өттүм мен муну
Манастын уулу Семетей
Келди десе болбойсуң.
Кызыл буурул аты бар,
Кызыл чийки жүзү бар,
Көрбөй жакын барыптыр.
Мен кабылып калыпмын
Бет алып айза суналбай
Бетимдин заарына
Бедерим чыдап тура албай.
Кармап айза суналбай
Каарына чыдап тура албай.
Качып жолго салдым деп,
Кара-Саздын жээгинен
Жарадар болуп айза жеп,
Мен кабылып калдым деп,
Каражолтой канкордун
Акундун кызы канчыктын
Айланып учуп алганы.
Бу Таласка барганы
Манастын уулу дардаңды
Буга тийип алганы.
Эр болсо экөө келсин деп,
Эми келип көрсүн деп,
Семетейди бакканы.
Ажыбай менен Түмөнбай
Баарып кел деп айтканы.
Карат менен Суратты
Алып кел деп айтканы.
Ажыбай менен Түмөнбай
Арага экөө келгени
Арам кыял эки ит
Эки атты бергин дегени.
Айчүрөк тапкан эп экен
Манастын уулу Семетей
Баргын деп айткан кеп экен.
Күңгүрөнүп кеп айтып,
Көрсүн кожо деп айтып,
Каарлуу итке кабылып,
Өлсүн Кожо деп айтып,

Каны-сөлү жоголуп,
Кайран Толтой эр баатыр
Кызыл тили бурулуп.
Дары куйган жараттан
Кан көбүктөп чубуруп,
Арстан Толтой эр жатты.
Эр Чынкожо элге айтты,
«Айтсам коркуп алды эле
Коркуп араң барды эле.
Семетей сайса оң кылбайт
Канчоро сайса соо кылбайт.
Күлчоро сайса жөн кылбайт
Ичи күйүп ооганддан
Жолду тосуп алган го.
Бу Толтойду көргөндө
Эсерлигин билгенде
Өчөшкөн бирөө сайган го.
Каратыңдын барында
Калың аскер жаныңда
Дардаң кул келсе соелук,
Асмандан учуп айланып,
Семетей атып коемун
Кызыталак Акундун
Шаарына чабуул саламын.
Арстан Толтой досумду
Айыктырып аламын.
Бир кыз үчүн ооганга
Кыргынды катуу саламын.
Кыздарынын баарысын
Олжо кылып аламын.
Эркегинин баарысын
Такыр кырып саламын.
Акункандай чочкону,
Каракөзүн оемун.
Боз баланын баарысын,
Чогу кырып саламын.
Жарадар болгон айза жеп,
Эр Толтойдун жатканы
Эр Чынкожо баатырдын
Кайраттанып айтканын
Кеңкол, Талас шаарында,
Баатыр Манас барында,
Кыргылчы деген чалы бар.
Чынкожонун жанында
Аттын изин мен тааныйм.
Манас кандын баарында
Бадачы болуп уй бактым.
Жайы-кышы уй багып
Сары майды кемирдим,
Каймагын суудай шимирдим.
Каптап жүрүп элчиси
Канкор Манас барында
Сандыгына салган го,
Дептерден көрүп алган го.
Мал көңүлдүү киши эле
Каны деп кеп угуп,
Издеп келип калган го,
Жанына жолдош бергиле,
Буурул ат изин мен тааныйм,
Кошо барып көргүлө.
Кыргыл чал айтып турду эле
Барып чалгын чалгыла,
Буурул ат менен башкабы,
Абыдан таанып алгыла.
Өлө турган табында
Олжо алууга камынып
Сексенден ашкан чагында
Чынкожого кошулуп,
Эминеге келди экен.
Кыргыл чал атка минди эле
Эки киши ээчитип,
Жер чалууга жүрдү эле.
Качкан жери кайсы деп,
Сайышкан жери кайсы деп,
Кууган жери кайсы деп,
Күлчоро чунак кууган жер.
Кара-Сайдын жээгине
Кош колдоп айза урган жер.

Алдындагы Буурул ат
Тизгинге бутун салган жер.
Будаланып калган жер.
Күлчоро айтат жыгылып,
Арстан Толтой баатыр шер,
Кутулуп жолго салган жер.
Каракашка Кыргыл чал
Эки киши ээчитип,
Сайган жерге барган жер.
Кара-Сазды жээктеп,
Кара-Булак четинен,
Кара сеңир түбүнөн,
Кара чалчык баткакты
Жетип Чоро салыптыр.
Семетейдин Тайбуурул
Кудай бетин көргөзбө
Төрт туягы чарадай
Жерге батып калыптыр.
Баскан жери союлуп
Кум арык болгон жоюлуп,
Кеңири болуп казылып,
Туягын тартып алганда,
От ордундай кара чым
Калган экен чачылып.
Бу Кыргыл чалдын көргөн жер
Бу кан ичменин аты деп,
Өңгөчүн тартып өлгөн жер.
Жүрөгү чыгып кабынан,
Кыргыл чал чочуп жанынан,
Аттын изин көргөндө,
Издеп жатып Кыргылчал,
Ажалы жетип өлгөнү
Акыретти көргөн жер.
Жанындагы жолдошу
Көтөрүп атка салган жер.
Кыргылчалды өңөрүп
Кайрылып колго барган жер.
Бу эмине болду деп
Калк чогулуп келген жер.
Аттын изин көрдү деп,
Каармандын аты деп,
Эки тартып көздөрү
Тилге келбей өлдү деп,
Экөө айтты элге кеп.
Калкында бар дарысы,
Элинде бар элчиси,
Ар немени билчүсү,
Жарага даары салыптыр.
Айлакери анда көп
Арстан Толтой баатырды
Айыктырып алыптыр.
Чыңкожо менен Толтойду
Кадырбай менен Төлөктү
Ушу жерге таштайлы.
Каргадай болгон жетимдин
Арманынан баштайлы.
Жоону сайып кутказып,
Калганынан баштайлы.
Арманын айтса бир сабак,
Атты оңолуп мингени.
Атаңдын көрү дүйнө күн
Качкан жоону кутказган,
Айзалашып сайышып,
Аколпок тондо тешик жок,
Мен жетимде кешик жок,
Кандагай кийсем бырыш жок,
Качкан жоону кутказаган,
Мен жетимде намыс жок,
Манастын уулу дардаңдын
Айтпай атын минерде
Айтырбай элин билерде,
Астыма түшүп качкан жол.
Качкан жоону кутказып
Жаза сайып салганым,
Арылбайт экен арманым.
Тууган энем маркумду,
Эмчегин жара чайнадым.
Эмчекке кудай салганын

Эстесем кетпейт ичимен
Менин толгон арманым.
Бул көрөкчө өлөйүн
Туубай туна чөгөйүн.
Жароокер болуп алсырап,
Калгандыр чочко кансырап,
Атынын изин чабайын,
Көт жагынан барайын,
Жарадар болуп бу жатса,
Башын кесип алайын.
Берсе кудай тилекти
Катын алчу бажам деп,
Тийип алчу эриң деп,
Айчүрөк менен абама
Башын алып барайын.
Эр Күлчоро ой ойлоп,
Боорго камчы салган жер.
Чымылдактын оюна
Жалгыз жүрүп калган жер.
Кайнап аткан көп колго
Жакын кирип барган жер.
Кудай бетин көргөзбө
Буурулдун оозун бурган жер.
Аскерди көрүп токтолуп
Каргадай болгон жетимче
Будаланып турган жер.
Аскерди байкап караса,
Адамдын башка кылкылдап,
Желектүү айза кыймылдайт.
Жерге батпай жыкылдайт.
Ала байрак кум найза
Атышчусу бир башка.
Кызыл желек, сыр найза
Кыйындары бир башка.
Аскери кайнап көрүнөт,
Аскерге кирип баралбай,
Алапайын табалбай,
Баланын көөнү бөлүнөт.
Ажал жетсе өлсөмбү?
Аманат жанды берсемби?
Бир аралап көрсөмбү?
Эр Күлчоро толгонот,
Эчен акыл ойлонот.
Жети бөрү бир койду
Жесе тарпы калбайт го.
Жеке башым болгон соң.
Жеткизсең алым калбайт го.
Алты бөрү  бир койду
Таласа тарпы калбайт го.
Жаңгыз өзүм болгон соң
Кармашсам алым калбайт го.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Түн жамынып турсамбы?
Түн уурусун кылсамбы?
Түн ичинде эптеп
Барып уруш салсамбы?
Атышып тийип алсамбы?
Ал акылды ойлонот.
Кара мүртөз Күлчоро
Камчы саптай толгонот.
Эчен акыл ой ойлоп,
Сайган жоосун кутказып,
Түн уурусун кылат деп
Абакеси баатырдын
Атын сурап минет деп,
Тонун сурап кийет деп,
Кереметтүү боз кисе
Билип койсо кантейин.
Келин-кызы чымчышып,
Ууру бала экен деп,
Күлүп койсо кантейин.
Каражолтой канкордун,
Айзазын бүктөп алайын,
Кош колдоп айза салдың деп,
Корс үзүлүп бу айдай
Айдай сынып калды деп,
Эки бөлүп барайын.
Эр Күлчоро жинди кул,

Эсинен танып эндиреп,
Акылдан тайып алсырап,
Тегеренип толгонуп,
Эчен акыл ойлонуп,
Айзаны колго алган жер.
Акканкынын башына
Эки бүктөп алууга,
Эптеп кармап барууга,
Жетим Күлчоро салган жер.
Бейлине кудай салыптыр,
Бериште жакын барыптыр,
Берииштелүү баланы,
Эсине түшө калыптыр.
Бу Манас сайган айза экен,
Айза кабы түшө элек
Мен сындырып алганда
Эки бөлүп салганда,
Эптеп кармап барганда,
Асили киши оңбойт го,
Аттансам жолум болбойт го.
Эгерде иши оңбойт го,
Эми жолум болбойт го.
Астындагы Буурулдан
Аттан түшө калган жер.
Бала Чоро кайран эр
Кайраттанып калган жер.
Басмайыл бек тартып
Кош олоңун кош тартып,
Темири жаман үзөңгү,
Тээп бутун салган жер.
Кайраттанып күүлөнүп,
Каргадай болгон жетим кул
Үргөнчтү көздөй бет алып,
Буурулдун оозун жайган жер.
Күлчоро чыгып жол чалып,
Чалгынга чыгып кеткенде.
Абакеси кеп айткан,
Мен садагаң кетейин,
Эртеңдең калба деп айткан,
Ыйлап туруп көп айткан
Күнү-күнү эки күн
Ортодон өтүп кетиптир,
Манастын уулу Семетей
Атадан жаңгыз бу баатыр
Бала менен Чородон
Айрылганым ушу деп,
Талаада калып мен жаңгыз
Кайгырганың ошо деп.
Мен алуучу Айчүрөк
Акункандын кызы деп.
Тараза жылдыз батканда,
Таң агарып жатканда,
Дааратын таза алды эми,
Башына селде чалды эми,
Мечитке басып барды эми,
Экөө сүнөт, эки барс
Намаз окуп алды эми.
Келген эл кайра кайтты эми.
Манастын уулу Семетей
Мечитке чыкпай жатты эми.
Жаңгыздыгың курусун
Бүткөн экен жумушуң.
Энеден элкин кылгыча
Эгем таала кудурет
Эмне жасады башында.
Алып койсо не болот
Балтыр бешик жашымда
Бу Күлчоро оң колум
Бу Тайбуурул канатым
Атаңдың көрү көр дүйнө
Атадан жалгыз мен болсом
Каралдым Чоро ал болсо,
Муңканып төрө ыйласа,
Жанына киши туралбай.
Манастын уулу Семетей
Балача ыйлап баркырап,
Чыккан үнү жер жарат.
Күлчорону санаса,

Айнектей көзү жумулат.
Акункандын эли эле
Төрө бала баатырдын
Ыйлаган үнү угулат.
Мунарган терек талбы дейт.
Ботосунан айрылган
Биз өңдөнгөн жанбы деп,
Кайнатасы Акункан
Кайненеси Акбарча
Муңдуу үндү укканда.
Мууну бошоп тура албай
Үйүнөн басып чыкканда,
Манастын уулу баатырдын
Муңканган үнү бек чыгып,
Муңайган үнү көп чыгып.
Кандай болуп кетти деп,
Калктын көбү көрө элек.
Эр Семетей келгенин
Кайын журту билелек.
Элдин көбү көрөлек
Эр Семетей келгенин.
Ажыбай менен Түмөнбай
Экөөдөн башка көрө элек.
Манастын уулу баатырдын
Үнү эчен кубулуп,
Күлчором деп ыйласа,
Калың келди деп чубуруп,
Эл чогулуп толгонду,
Эл бүт басып келгенде,
Калк чогулуп толгонду.
Карылар басып келгенде
Акундун кызы Айчүрөк
Аста басып буралып,
Ак жибектей чубалып,
Кан күйөөсү баатырга,
Арстан төрөм жаңгызым,
Менин атым зайып деп,
Мечитке кирип айып деп.
Капаланып ыйлаба,
Каныңдын жанын кыйнаба,
Каргадай болгон көпөлөк,
Атаңдын пири жетелеп,
Балалыгы кетелек.
Мен алуучу күйөөгө
Беттешип айза салды деп.
Дөгүрсүгөн эр неме
Жарадар болуп калды деп.
Желегинин бетине
Как жабылып калды деп.
Сайган жоосун кутказып,
Багымды кудай ачты деп,
Балаңдан жоо качты деп.
Кыл мурутуң өрөсүң,
Каргадай болгон балаңдын
Амандыгын көрөсүң.
Аман келсин бөбөгүң
Астынан тосуп чыгасың.
Айткан кебин угасың.
Балаң келет күүлөнүп,
Баатырым сага сүйлөнүп,
Каарланып кеп айтат,
Ачуусу менен бек айтат,
Сайган жоону кутказып,
Жаман болдум деп айтат.
Акка мойнуң сунуп тур,
Келип калды бөбөгүң.
Айткан кебин угуп тур,
Ошондо тобо кылып Семетей,
Айтып турган Чүрөктүн,
Оң саамайын сылады.
Аман келсе Күлчором
Атаң-энем дебесмин.
Артылып камчы чаппасмын.
Сени ургаачы дебесмин.
Үстүнө катын албасмын.
Айчүрөктөн кеп угуп,
Келди балам деп угуп.
Ошондо төрө барбактап,

Көчөгө чыкты дардактап,
Күн чекеге келиптир.
Үргөнчтүн шаарын аралап,
Каргадай болгон Күлчоро,
Кирип барды ошондо.
Астындагы Буурулдун
Аягынан чаң чыгып,
Этек жеңи желбиреп,
Айчүрөк салган ак жоолук,
Төбөсүндө бурулат.
Капаланып ыйлаган
Каргадай болгон баланын
Калкка үнү угулат.
Качкан жоону мен сайдым,
Ак була тондо тешик жок.
Сайып жоону кутказган,
Мен жетимде кешик жок.
Кандагай кийдим бырыш жок.
Качкан жоону кутказган,
Мен жетимде ырыс жок.
Обу жок кылган айы саз,
Бала айзаңдын тийген пайдасы,
Кармаган колго чак келсе,
Оолжуган Толтойдун
Кетирбейт белем айласын.
Кесирлүү кулдун айзасы
Айзамын тийген пайдасы.
Кармаган колго чак келсе,
Келберсиген Толтойдун
Кетирбейт белем айласын.
Кош колдон айза сунганда,
Чоң далыга урганда,
Мынабу турган тизгинди,
Акканкынын кашына,
Айзасы колго алганда,
Тизгиниңди чалгамын.
Кайрылып оңдоп саярда,
Тизгиндин түшүп калганы,
Мынабу көргөн Тайбуурул,
Колун салып алганы.
Кош колдоп айза салгамын
Кайрылып катуу сүрөм деп,
Мынабу Буурул аттын башынан,
Алыс кетип калгамын.
Жарадар болгон айза жеп,
Менин сайган жоом кутулду.
Жараткан алда бир кудай
Буйругуң ушул шукулду.
Жоо-жаракты бердиң сен
Алып аман келдим мен,
Жарагыңды алгын сен,
Атаңдын көрү дүйнөнүн,
Жаман болуп калдым мен.
Каргадай чунак күүлөнүп,
Абасына сүйлөнүп,
Буудан атка камчы уруп,
Бура тартып алгамын.
Манастын уулу Семетей
Көргөнүнө муңканып,
Семетей ыйлап капанып.
Качсам жоом кутулуп,
Калды ишим бузулуп,
Каргадай болгон Күлчоро
Көрдүңбү калк аралап барганын.
Манастын уулу Семетей
Күлчоро минген Буурулду
Куйругунан алганын.
Каргадай болгон баланы
Акканкынын үстүнөн
Так көтөрүп алганын.
Канчоро кармап чылбырдан
Буурул атты жетелеп,
Ак саамайы өрүлдү,
Акункандын элине,
Бала төрө Семетей
Калың элге көрүндү.
Мээнетинди алайын,
Өңүм бекен ошонум,

Түшүм бекен ушунум,
Күлчорону кучактап,
Аттанып чыккан жолундан,
Аттанып чыккан жоо сайган,
Ушу сенин колундан
Бастырып чыгып жоо сайган.
Ушу сениң колундан
Коргошундай көйкөлүп
Канкордун уулу Семетей
Эрип кете таштады.
Күлчоро кайра келгенде
Кутказдың жоону дегенде
Өлүп кете жаздады.
Акункан кызы Айчүрөк
Ур төрөсү баатырды
Оң колунан алган жер.
Семетейдин колунда
Каргадай чунак бала бар.
Манастан калган чоң найза
Акундун кызы Айчүрөк
Бир колуна алыптыр
Калк чогулуп көрсүн дейт.
Баатырдан калган жалгызды
Ким экенин билгин деп,
Желегинин бетине
Сайып айза тартканда
Кан жабылып калган дейт.
Күлчоро кайра барганда
Акундун кызы жеңеси
Айзасын колго алганда.
Кан жабылып желекке
Каргадай болуп камыккан,
Жетим Чоро атыккан.
Жарайт экен керекке
Акундун кызы Айчүрөк
Ак боз бээ алдырып,
Кары менен жаштарга
Алаканын жайдырып.
Ай туякка чалдырып,
Сары серке алдырып,
Садагасын чаптырып,
Калың эл карай таңданып,
Кантип жоону сайды деп,
Баланы карап таң калып.
Улуу Акун кеп айтып:
«Аксакалым өрдүм деп,
Алда таала кудайдын
Ар кылганын көрдүм деп.
Кече антташкан Манас кудамдын
Атасы Манас өлгөндө
Атасы баккан тууганы.
Энекем кордук көргөндө
Бу баласын аркалап,
Каныкей качып кетти деп,
Кайнененсин жетелеп,
Караканга жеткирет.
Уктум эле кабарын.
Манастан калган жалгыз эр,
Кайрылып Талас Кожонун
Айланса болот алдага,
Атасындай болгонун».
Оогандын каны Акункан
Баласына баа берип,
Ачкаларга дан берип,
Жалгызга камыр болгон деп,
Кийми жокко тон берип,
Жалгыз кызы Чүрөктүн
Казынасын ачтырып,
Касиеттүү кан Акун
Жалгызга кайыр болгон деп.
Сары алтын чачтырып,
Бурак ат кармап токушуп,
Кудасы Манас баатырга
Алмамбек, Чубак акылга,
Айтылуу Сыргак баатырга,
Арбагында колдо деп,
Шейит өткөн шерлерге
Өтүп кеткен эрлерге

Ат сойдуруп Акункан.
Аларга куран окутуп,
Эр Семетей абасы
Күлчородон кеп сурап,
Мен садагаң кетейин,
Кантип салдың деп сурап,
Беттеше чыгып келдиби?
Бедериңди көрдүбү?
Үзөңгү буттан тайдыбы?
Олуязаада атаңдын
Мен садагаң кетейин,
Арбагы барып сайдыбы?
Кандай болуп беттештиң?
Кандай жерде кездештиң?
Кыйгактуу айза алдыңбы?
Кыйкырып добуш салдыңбы?
Дабышың жерди жардыбы?
Мен секетиң кетейин,
Тоодой болгон чоң кеме
Сенден качып калдыбы?
Артыңда буудан жеттиби?
Айтып берген сөзүңдү
Мен садагаң кетейин,
Ыйлап келген көзүңдөн
Канкордун уулу Семетей
Күлчородон кеп сурап,
Кантип сайдың деп сурап.
Бала чунак кеп айтат:
«Колуңда айза чак келсе,
Кылбайт белең кызыкты.
Салбайт белең бузукту.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Жоо сайганы курусун
Кылган ишим бузулду.
Жарадар болуп айза жеп,
Сайган кишим кутулду».
Каргадай болгон жетим кул
Ошо капаланып кеп айтат.
«Эки колдоп бек сайдым
Бейли кара чочкону
Өлтүрөйүн деп сайдым.
Мен өңдөнгөн жетимге
Бергин кудай деп сайдым.
Таңдын элес кезинде
Тааный албай ошону
Чынкожо экен деп сайдым».
Баланын кебин укканда
Бала төрө Семетей
Каргадай болгон көпөлөк
Коштоп арбак көтөрүп.
Өз абийрин ачканда
Мээнетиңди алайын,
Беттешкен сенден качканда.
Капа болуп ыйлайсың
Абакеңди кыйнайсың
Абакең атка мингенде,
Аттанып жоого тийгенде,
Аккелте үнүн укканда,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Абаңдын үнү чыкканда.
Туруучу жоонун көтү эмес,
Мени менен беттешчү
Чыңкожо кулуң өзү эмес,
Көргөнүңдү айт деген.
Күлчоросу кеп айтат:
«Сайган жоону кутказып,
Ат-куйругун бууганда.
Артынан түшүп турганда.
Аты күлүк эме экен
Качып жолго салыптыр.
Кайнап аткан көп колдун
Арасына барыптыр.
Талаасы жайык жер көрдүм
Кайнаган калың эл көрдүм.
Алыстан байкап карасам
Айзада желек кылкылдайт,
Аскердин башы кылкылдайт.
Жерге батпай жыкылдайт.

Канча экенин билбедим
Качырып жоого кирбедим.
Күндүн жүзүн бүркөгөн,
Жердин үстүн чиркеген,
Аскерин койдой айдаган,
Немеси кумдай жайнаган,
Берилип киши барбаган,
Желектүү айза колунда.
Кайсы экени билинди
Кайнаган аскер эл көрдүм,
Канчыкты мен көрдүм.
Кайра тартып мен келдим
Жоо-жарагым сактадым.
Калың колго жакындап,
Аккелте мылтык атпадым.
А дегенде кабылган,
Дөгүрсүгөн чочкону,
Алыс атып таштадым».
Эр Күлчоро кеп айтып
Мен ушуну көрдүм деп айтып.
Айтып турган сөзүңдөн
Мен садагаң кетейин,
Ыйлаган эки көзүңдөн
Уктум сенден кабарды,
Шыгайдын уулу Чыңкожо
Уялбай уруш саларда
Ат аябай урушупсуң.
Чын бир айлык иш экен
Манастын уулу Семетей
Күлчородон кеп угуп,
Уруушуга кем уруп.
Күлчорону камын деп,
Күлчоро минген Тайбуурул
Эрөөн кылып алалы.
Үчөөбүз чыгып баралы
Караламан эл болсо,
Кайнаган калың кол болсо,
Чыңкожо доңуз чын болсо,
Жер жайнаган эл болсо,
Акылы жок дардаң боз
Абдырай деген бар болсо,
Аралап уруш салалы.
Эки күндөн өткөзбөй
Эртерек жетип баралы.
Ок-дарысын чачалы.
Атаңдан калган Аккелте
Аккелте менен аталы.
Деп ошентип Семетей
Кайрат кылып кеп айтат.
Караламан көп колго
Чынкожо менен Толтойго
Кара чокту Төлөккө
Кадырбай менен Абдырай
Келген экен бу экөө.
Чынкожо чочко алыптыр,
Элге киши өңдөнүп
Жеткайтка көчүп барыптыр.
Жедигерди жыгыптыр,
Урушууга чыгыптыр,
Бала төрө камынып,
Баабединге жалынып,
Бу Айчүрөк болбосо,
Аттанчудай камынып,
Акундун кызы Айчүрөк
Билген адам айткан кеп,
Беринин кызы Чүрөк деп
Билбегендер айткан кеп.
Бейжай салган дүмөк деп,
Билген айтат Чүрөктү
Кайыптын кызы Чүрөк деп.
Билбеген айтат Чүрөктү
Калкына салган дүмөк деп.
Акундун кызы жеңеси
Эки чоро, бир төрө,
Үчөөнү алды колунан.
Акундун кызы Айчүрөк
Салмак болду жолуна.
Жараткан салса оңуна

Арстан төрөм кеп айтат:
«Эки кайним эми айтам,
Жети бөрү бир койду,
Жесе тарпы калчу эмес.
Кайнап аткан көп элге
Жеткирсе аны калчу эмес.
Алты бөрү, бир койду,
Таласа тарпы калчу эмес.
Ага даба болбосо,
Аскер толуп мол болсо,
Түн жамынып агабы?
Түндө уруш салабы?
Акункандын калаасын
Түн көтөрө чабабы?
Таң жашынып алабы?
Шаарды басып алабы?
Бет алып жоого чыгуучу,
Беттешип уруш кылуучу,
Байгамбар сындуу бабаң жок.
Сени башкарып жоого салуучу
Айкожоң деген абаң жок.
Ушу ooган элиңдин
Көк жайык деген жери бар.
Жайкысын жайлаган
Ашуусу кыя бели бар,
Көк тиреген зоосу бар.
Эки жагы жар болгон
Ортосунда коосу бар.
Жол кайтарган киши бар.
Жаңгыз аттын изи бар.
Кагылайын жалгыз эр,
Ошо жерге баргын сен,
Кароолчуга сүйлөшүп,
Андан өтүп алгын сен,
Жаныңды бекке салгын сен
Ат тизгинин бургун сен
Артыңан камап жоо барса,
Астын тосуп тургун сен.
Ок-дарыны чачкын сен,
Ойлобой мылтык аткын сен.
Баатырдын уулу көкжалым
Ошерге барып жаткын сен,
Айтканымды билгин сен.
Аскер чубап барганда
Аттанып жоого тийгин сен.
Туура жолго салгын сен.
Катардан калган жаңгыз эр
Ушу ooган журтуңан
Тил алганың алгын сен.
Жолдош менен баргын сен.
Ат тизгинин бургун сен.
Тар жерге барып урушуп,
Көтүңөң куба жоо барса,
Астын тосуп тургун сен.
Бала баатыр төрөсүң
Акундун кызы Чүрөктүн
Ар кылганын көрөсүң.
Манастын уулу Семетей
Айчүрөк тилин алган жер,
Атка тердик салган жер.
Атышууга камынып,
Он төрт атты айдатып,
Ок-дарысын шайлатып,
Канчоро менен Күлчоро
Эрмек болгон эки кул,
Алдым экөөн ээчитип,
Манастын уулу Семетей
Жолдош болгон киши жок.
Калың кара эл көрүп
Кайнаган кара эл көрүп,
Жүрөгү үшүп калган эл.
Жолдоштукка жарабай
Барып жатып калган жер.
Манастын уулу Семетей
Айчүрөк тилин алган жер,
Аттанып жолго салган жер.
Манастын уулу Семетей
Айчүрөк тилин алышты.

Кошколоңун арттырып,
Ок-дарсысын жүктөтүп,
Кандай заман болот деп,
Канкордун уулу Семетей
Айтылуу ооган элинен
Аттана чыккан киши жок.
Арачы болгон Ажыбай
Эр Түмөнбай кеп айтат,
«Береги Семетей күйөөгө
Бололу жолдош деп айтат.
Тил алган элди алалы
Жайы-кышы он эки ай
Беш кандын эли камады.
Береги Семетей баатырга
Жолдош болуп баралы.
Берсе кудай тилекти
Жоолашып өчтү алалы.
Бу Семетей барында
Камап жаткан көп жоого
Бир беттешип көрөлү.
Оогандын элин жыялы
Эр бүлөнүн баарысын
Жолдош кылып чыгалы.
Жүр Ажыбай баралы
Эр Түмөнбай кеп айтып
Ажыбай чечен кеп айтып,
Сен акылыңдан адашып
Эмине дейсиң деп айтып.
Манастын уулу Семетей
Эси жок эсер кул экен.
Ээчиткени жаш балдар
Экөө бирдей шум экен.
Карындашың Айчүрөк
Кандай болгон барганын
Манастын уулу баатырды
Кандай алып келгенин.
Эч ким билбейт дайнын дейт.
Эр бүлөнү ал дейсиң
Манастын уулу балага
Жолдош болуп бар дейсиң.
Казат кылып кан төгүп,
Жармашууга жарабайт,
Бет алышып ок салып
Кичинекей жаш балдар
Атышууга жарабайт.
Элди жыйып албайбыз
Эмгекке  тууган курган журт
Бекер кырып салбайбыз.
Кайнаган калың кол болсо,
Жайнаган калың эл болсо,
Жаңчы киши болгон соң.
Чалышып чаркы жетеби?
Кармашып күчү жетеби?
Айчүрөк турат аман таап
Мал жашаган ат жайноо
Жаныңы бекке салгын деп,
Эптеп аман калгын деп,
Адамдын ичи ачышты.
Тийип алган күйөөсүн
Карындашым Айчүрөк
Амал менен качырды.
Ажыбай чечен кеп айтып,
Мен барбаймын деп айтып.
Эр Түмөнбай күүлөнүп,
Ажыбайга сүйлөнүп,
Ажалым жетсе өлөмүн,
Кан төгүшүп көрөмүн.
Буудайдын оозун керемин,
Манастын уулу баатырга
Курмандык болуп беремин.
Ок-дарысын чачышам
Семетейге кошулуп,
Чынкожо, Толтой шерине
Абдырай, Төлөк элине
Кадырбай деген канына
Тилекти кудай берген соң,
Манастын уулу Семетей
Балдарын алып келген соң,

Кайсыл ишке карайбыз,
Канчалык көрдүк кордукту,
Чынкожо менен Толтойдун
Булардан көрдүк зордукту,
Эр Түмөнбай кеп айтат,
Семетейге кошулуп,
Мен барайын деп айтат.
Ок-дарысын арттырып,
Кош-колондуу мал алып,
Семетейге кошулуп,
Кайраты бар жан экен.
Эрди кошо жол алып,
Манастын уулу Семетей
Тайбуурул минип буралып,
Абаң жолдош болду деп,
Баатыр төрө кубанып,
Сербеңдеген эки жаш
Артыман атты айда деп,
Кечигип жатып калба деп,
Түмөнбайды алган жер.
Түндү кыя Кара-Жар
Семетей менен Түмөнбай
Айчүрөк чыгып барган жер.
Эр Семетей кайран эр
Бет алышып кан төгүп,
Мергендер жатчу жер экен,
Кылычты кындан суурушуп,
Кыя кармап урушуп,
Кырылып жатчу жер экен.
Жараткан алда бир кудай
Салып койгон чеп экен.
Артыман кууса Чынкожо
Күлчором сайган Толтойго
Буурулдун оозун керийин.
Жедигердин аскерин,
Күлчоромо берейин.
Тайбуурул оозун жыямын
Колуман качкан Чынкожо
Өзүм тосуп калайын.
Эр Семетей кайран эр,
Жерин көрүп кубанып,
Жол кайтарган кароолчу
Эр Түмөнбай ээчитип,
Кароолчуга барган жер.
Эр Түмөнбай кеп айтып:
«Калааны каптап эл келет,
Кайнаган калың кол келет,
Чыңкожо, Толтой зор келет,
Бу жерге турбай кеткиле.
Калың элге жеткиле,
Кармашууга кол келсе,
Качты деп барып айткыла.
Кармашар болсо келсин деп,
Чыгып келип берсин деп,
Кароолчуну кайтарып,
Семетей менен Түмөнбай
Эки бала эрбеңдеп,
Садагасы кетейин.
Эки окшош жаш чунак
Саамайлары сербеңдеп,
Ат болушка салышып,
Абасынын артынан,
Чыгып барды жарышып.
Бала чунак кеп айтат:
«Кудай салган чеп экен
Кагылайын эки аба,
Кан төгүшүп кармашып,
Казат кылчу жер экен.
Чаңылдаган Күлчоро
А дегенде жоо сайган.
Колу канду нур чоро
Жерди көрүп кубанып,
Бет алып бирге келер деп,
Бет алышып көрөр деп,
Беттеше келип өлөр деп,
Муңду сеңир көк жайык
Кош түшүрүп Семетей
Аттардын оозун жайган жер.

Кош түшүрүп жол тосуп,
Семетей жатып калган жер.
Манастын уулу дардаңды
Ушу жерге таштайлы,
Каптап жаткан көп жоону
Эми айта баштайлы.
Күлчоро, Толтой сайышып,
Жарадар болуп калганы,
Он эки күндүн ичинде
Эр Багышкандын Толтойун
Айыктырып алганы.
Жайнап жаткан аскерге
Кандардан кабар салгыла.
Оогандын элин чапмакка,
Калаасын бузуп кыйратып,
Катын-кызын ыйлатып,
Эркегин койбой кыралы.
Кызыталак ооганды
Сыптысымак кылалы.
Бүрдөгөн терек чынарын
Бүрү менен алалы.
Дүмүрөйгөн калаасын
Дым чыгарбай чабалы.
Доолбас кагып тарсылдап,
Домбура кагып баркылдап,
Караламан көп колго
Кабар берип ошондо
Жалпы атка мин деди.
Бириң калбай жүр деди.
Акункандын шаарына
Түн боюнча киргин деп,
Каратып башын ал деди.
Кабылып калса Акункан
Баабединге чал деди.
Ак сакалдуу карысын
Кыргыла мунун баарысын
Бооз катын кабылса
Айбалта менен жар деди.
Эркек бала да болсо,
Аны өлтүрүп сал деди.
Карагай айза бөрү тил
Аштап асып жөнөдү.
Эр Толтойду ээчитип,
Артын айдап демит деп.
Коркуп жатып албасын
Кокустан киши калбасын
Кайра тартып качпасын,
Катылып киши жатпасын
Эл качырбай айда деп,
Кайра тартып качкандан
Башын кесип жайла деп,
Кызыталак жедигер
Кылчаңдайсың баарыңар.
Кыя тартып сүйлөшүп,
Жана эмине дедиңер.
Жарадар болду калың эл
Канга канды боейлу,
Кызыталак ооганды
Шаарынан чабалы
Түн жамынып баралы.
Таң агарып атканда
Күн кызарып чыкканда,
Барып басып капканы,
Чынкожо кылды буйрукту.
Кабарды андан уккан соң
Шатырата ат токуп,
Атты шаша бат токуп,
Көңүлдөрүн түйүшүп,
Куйруктарын түйүшүп,
Ок-дарысын алышып,
Кош атка жүктөп салышып,
Ак асаба, кызыл туу
Жерге батпай ызы-чуу
Айзанын учу кылкылдап,
Кылычы кындан жылтылдап,
Чыңкожо, Толтой, эр Төлөк
Баштап алып жөнөдү.
Эми Акункан кызы Айчүрөк

Бокмурундун балдызын
Байтурсун менен акылдаш
Турсунбүбү кара көз
Кандын кызы Калыйма
Апсыбай кызы Акбермет
Акункан кызы Айчүрөк
Атка калай жаткызып,
Боюна бермет тактырып,
Эч кишиге кеп айтпай.
Он эки киши жети кыз
Акункан кызы Айчүрөк
Чынкожо, Толтой баатырдын
Жолун тосуп алууга,
Чоң калааны каптатпай,
Бөлөк жолго салууга,
Жоонун эбин табууга,
Амалы бар Айчүрөк.
Караламан көп колду,
Эки кандын эгиз кыз
Акылман туулган Айчүрөк
Ак сакалдуу карыдан
Алтымыш киши алган жер.
Жети келин, сегиз кыз
Тартуусуна берем деп,
Камап келген көп жоонун
Астын тосуп калган жер.
Мунарган көчө четинде
Узун көчө бурчунда
Карарган асма шагы бар,
Мунарган терең багы бар.
Акункан кызы Айчүрөк
Камап жаткан көп колго,
Келинге казан астырып,
Кемпирге отту жактырып,
Сарамжалын арттырып,
Тасторконун жайган жер.
Момо жууркан, көлдөлөң
Талаага жайып салган жер.
Түркүн киймин төктүрүп,
Ар бир түрлүү кам кылып,
Алда таала кудурет,
Кабыл кылса тилекти,
Алып калар бекемин.
Ушу камап жаткан көп жоодон
Калып калар бекемин.
Жолго чейин бурулуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Караламан калың кол
Кирип келди чубуруп,
Асмандан түтүн бөлүнөт.
Чыңкожо, Толтой эки дөө
Кол астында көрүнөт.
Абадан түтүн бөлүнөт.
Абдырай, Төлөк бул үчөө
Бир жагында көрүнөт.
Жасайылып жатканың
Замбирегин комдойун,
Жоо-жарагын оңдотуп,
Каргаша айза кызыл туу
Айгайлаган ызы-чуу
Дарбазасын талкалап,
Кызыталак ооганды
Карс этип ити каппасын.
Кокустан мылтык атпасын
Көчөсүнө толгула
Баарыңар даяр болгула.
Канчасын талкалап,
Кылычты ала киргиле.
Дүнүйөгө карабай
Эркектин башын алгыла.
Ургаачысын өлтүрбөй
Көчөгө айдап баргыла.
Калаанын ичин кан кылып,
Капканын ичин чаң кылып,
Көчөнүн жолун кан кылып,
Баатырсыган мыктысын
Башын чаап салгыла.
Багындым деп жалынса,

Өлтүрбөй айдап алгыла.
Көрдүңбү кылган өкүмүн
Өткөрө баатыр эр алып,
Он эки түркүн эл алып,
Таңдын элес элинде,
Карыга айза салышып,
Мылтыкты колго алышып,
Жанына кирип барышып,
Акундун кызы Айчүрөк
Алуучу күйөө эр Толтой
Шыгайдын уулу Чынкожо
Булкунтуп буудан миниптир.
Өкүм кылып аскерин
Экөө баштан жүрүптүр.
Чыңкожо, Толтой жакындап,
Мунарат күйгөн шамы бар.
Бурулушуп жол тоскон
Кыз-келини дагы бар.
Бул эмине болду деп,
Кыз-келин кайдан болду деп,
Чыңкожо, Толтой эки шер
Айчүрөктүн алдына
Жакын кирип келген жер.
Ак сакалдуу абышка
Алар турат бир башка
Мойнуна курун салышып,
Багындык деп жалынып,
Калааны каптап кирбе деп,
Калкка кыргын кылба деп,
Ак сакалын бурушат.
Камап келген калың жоо
Баштап келген чоң жоо
Астын тосуп турушат.
Акундун кызы Айчүрөк
Ала таяк аттап булактап,
Ай тийгендей кылактап,
Жети келин, сегиз кыз
Шуру менен берметти
Омуроодо бурулуп,
Айчүрөктүн артына
Ээчий басып чубуруп,
Кош алакан ак тасма
Айчүрөк иши бир башка
Таманы жерге такылдап,
Акундун кызы Айчүрөк
Чыңкожо, Толтой астына
Барды басып жакындап,
Айчүрөктү көргөндө
Токто, токто, токто деп,
Аста, аста, аста деп,
Тетиги Чүрөк экен деп,
Кандын кызы кашында
Кандай келди болду экен.
Каптаган колду топтошуп,
Карысы турат бир бөлөк.
Акункан кызы Айчүрөк
Аста баатыр, аста деп,
Токто баатыр, токто деп,
Аскериңди айда деп,
Бириң кайни, бириңер
Атышчу жооң кайда деп,
Кабарыңды угуп тур.
Ок-дарыны чачты деп,
Ээчиткени эки жаш
Каргадай болгон бала экен.
Эчтемени билбеген
Өзү шер жан экен.
Жанындагы балдары
Белине канат боло элек.
Теминип жоого кире элек
Мингени буудан ат экен
Алты күн болду качты деп,
Саадактын огун чачты деп,
Шаарга келип жатты деп,
Атасы маркум шер экен,
Азгана ооган ушу журт
Атагына багытын
Коркуп калган эл экен.

Бир окуя болот деп,
Багып жатты баланы.
Кабарыңды укканда
Бала тартты санааны.
Оогандын малы жайылып,
Тизилтип кулун байлатты.
Топтотуп жылкы айдатты.
Берендер чыгып жайнатты.
Белге жанын салды деп,
Мени алуучу дардаңбы?
Качып кетип калды деп,
Кара малдын түкөн деп,
Кайсы менин күйөөм деп,
Аны кармаша чыккан эки дөө
Кимиңерге тием деп,
Мынабу турган кыз-келин
Мени алуучу күйөөгө
Кызматкер кылып берем деп.
Абышка салып арага
Акундун кызы Айчүрөк
Кыз-келиним тартып барууга
Бу Айчүрөк амалы.
Акундун кызы Айчүрөк
Өзү басып келди деп,
Бизге кудай берди деп,
Толтой менен Чүрөктү
Буюрса кудай кошту деп,
Өзү жолду тосту деп,
Аттан түшө калышып,
Айчүрөккө барышып,
Кол кармашып калышып,
Кош айтышып сүйлөшүп,
Канкордун уулу дардаңды,
Кайсы жактан табабыз.
Бу дардаңды алабыз.
Бу дардаңды сойбосок,
Кара көзүн ойбосок,
Өссө дардаң соо койбойт.
Өлбөсө дардаң оң кылбайт.
Шыгайдын уулу Чыңкожо
Акундун кызы Чүрөктүн
Акыл салып турду ошо,
Келе колуң берчи деп,
Эр Багышкандын Толтойу
Чүрөккө колун сунду эми.
Акылман Чүрөк кеп айтып:
Алуучу күйөөм сен болсоң
Икесиз кызга кол сунган
Текебер болот деп айтат.
Качкан жоону алгын сен
Кайнатаңдын шаарына
Кайрылып түшүп калгын сен,
Кары жашын жыйгын сен.
Ак сарыбашыл кой союп,
Алача жылкы тай союп,
Эшен-молдо жыйгын сен.
Эл чогултуп калк жыйып,
Анан ике кыйгын сен.
Кайнатаң Акун карыга
Оор эшигин ачкын сен.
Кайнатаң Акун карынын
Ордун барып баскын сен.
Ооганга токтоп кан болуп
Ойноп-күлүп жаткын сен.
Акундун кызы Айчүрөк
Алуучу күйөө эр Толтой
Амал менен кеп айтып,
Качып кеткен качкынды
Эсер өткөн эмени
Жоо көрөлек баланы
Көт жагынан баргын сен,
Кармап байлап алгын сен.
Эрдемсиген дардаңды
Баабединге чалгын сен.
Анан мени алгын сен.
Келген аскер астына
Тосторконун салдырып,
Кол алдына чай берип,

Тамакка кошуп бал берип,
Мына бу түндүктүн тоо ошол
Аскер жүрчү жер ошол,
Ак-Кыя деген бел ошол,
Мынабу кан Акункан билгенге
Чаптырып койгон жолу бар,
Кастырып койгон бели бар,
Кайтартып койгон эли бар.
Элчи кармап алгандыр
Же болбосо Семетей
Колго түшүп калгандыр.
Ушу жолго салгыла
Качып калган дарданды
Сары изине чөп салып,
Барып кармап алгыла.
Калаага согуш кылчудай
Киши койбой кырчудай
Караламан колуңуз
Баштаганың болбойт деп,
Түпкүлүктүү калааны
Каптаганың болбойт деп.
Кол кармашып сүйлөшүп,
Амалы бар Айчүрөк
Алуучу күйөм сен деди.
Семетей алып кел деди.
Ак тузуна тапшырып,
Амалдап жолго салганы.
Арамзаада эки чоң
Айчүрөк тилин алганы.
Көрдүңбү амалы бар Айчүрөк
Калаасын сактап калганы.
Желбиреген сыр желек
Желдетип айдап бир бөлүп,
Керинейин тарттырып,
Айчүрөк жолду тосту деп,
Кудай билет чын болсо
Чүрөктүн тилин алган жер.
Айчүрөк айткан жолуна
Аскери түшүп калган жер.
Акундун кызы Айчүрөк
Билгени журттан бир башка.
Камап келген аскерди
Амалдап жолго салды эми.
Акункандын калаасын
Айчүрөк сактап калды эми.
Боз кисе белге буушуп
Чыңкожо, Төлөк, Абдырай
Бу дарданды соелу
Көт жагынан баралы.
Өлтүрбөй кармап алалы.
Сени сайган баланы
Баабедингe чалалы.
Манастан калган Буурулду
Өлтүрбөй кармап алалы.
Ошо Манастын уулу Семетей
Жайлоочу кенен жер экен,
Жайык жаткан талаа экен,
Эки бала эрчитип,
Эр Семетей барган жер.
Эки дөбө ортосу
Ат агытып салган жер.
Манастан калган чоң дүрбү
Семетей колго алган жер.
Баатырдын уулу Семетей
Акункандын шаарына
Кайрылып дүрбү салган жер.
Кудай билет чын болсо,
Асмандан түтүн бөлүнөт.
Ак асаба кылкылдап,
Аскердин шаңы көрүнөт.
Көктөн туман бөлүнөт,
Жердин бетин чүркөгөн,
Көптүн шаңы көрүнөт.
Алтын ооз сыр жебе
Асынган мылтык бир башка.
Артына келсин көйкашка
Чыңкожо шаңы көрүнөт.
Желтаман буудан ат минип,

Кыл куйругун чарт түйүп,
Толтойдун шаңы көрүнөт.
Ашкан кыя ала бел
Ар кайсы жери кара көл
Төлөктүн колу көрүнөт.
Эки жагы кара жар
Кумайлуу өлкө талаа бар
Кадырбай менен Абдырай
Экөөнүн шаңы көрүнөт.
Бала төрө Семетей
Балдарына кеп айтып,
Аттанып ыгып жол чалып
Балдарына кеп айтып,
Аттанып чыгып жол чалып,
Айза кармап жол салып,
А дегенде жоо сайып,
Сен машыгып калдың деп,
Беш баатырдын эли экен.
Каптап кетчү сел экен,
Кара ат минип кайкайган,
Ок тийгендей шалкайган,
Оңолбогон чочкону.
Чыңкожонун колу экен
Минген аты элирген.
Минген сайын семирген,
Эр Толтойдун колу экен.
Кум-Дөбөгө жыйылган
Аскерин койдой ийирген
Айдап жолго кийирген.
Жоо дегенде дегдеген
Жоболоңдуу Кожого
Жолдош болуп алыптыр.
Урушууга камынып,
Даярланып калыптыр.
Эр Төлөктүн колу экен
Асты жайык, үстү тоо
Аюу жүргөн бийик зоо,
Абдырайдын колу экен.
Кара-Көлдү бойлогон,
Каратын ойлогон,
Карыбайдын колу экен.
Кагылайын жетимчем
Кайсы жолго саласың.
Кимдин колун аласың,
Күлчорого кеп айтып
Берсе кудай аларбыз
Ажал жетип күн бүтсө,
Ушерге өлүп каларбыз.
Эр Семетей кеп сурап,
Тосчу жоону айткын деп,
Айтчы Чоро деп сурап.
Алты жашар чагында
Ак бараң атып катыккан.
Канга туулган бала деп
Калайыкка атышкан.
Кол тырмактай чагында,
Бакай жүргөн жанында,
Кол болжошкон башында,
Шумкарды Чүрөк алганда,
Көтүнөн издеп барганда,
Аттанып чалгын чалганда,
А дегенде жоо сайган.
Качпай жоого кол салган,
Айдаган койдой чубуруп,
Аскердин үнү угулуп,
Аскер жүрсө жерден чоң
Төбөсүнө бурулуп,
Дөгүрсүгөн чоң неме
Толтой деген эр экен.
А дегенде беттешип,
Колум тийип калды эле,
Ошонун колун алайын,
Тосуп уруш салайын,
Абасына кеп айтып,
Бала Чоро эр айтып,
Толтойдун колун алмакка,
Ат көтөрүп арбакка,
Тосуп уруш салмакка,

Бала чунак калган жер.
Кемегелеп жер казып,
Күлчоро жатып алган жер.
Канчоро менен Түмөнбай
Кайсы колду аласың
Кандай уруш саласың.
Бала төрө кеп сурап,
Айткылачы деп сурап.
Эр Семетей турган жер
Эрке өскөн Канчоро
Эр Түмөнбай жанына,
Абаке сенин барыңда,
Беттешип жоого тийейин.
Жер жайнаган көп колго
Мунун жолун алайын,
Тосуп уруш салайын.
Ажал жетип күн бүтсө,
Айланайын абаке,
Кан төгүшүп кармашып,
Кындан кылыч суурушуп,
Кыя тартып урушуп,
Садагаңа жарайын,
Бет алып тоого киргенде,
Качырып жоого тийгенде,
Кагылайын Түмөке,
Кайра тартып качпа деп,
Канчоро айтты да бир кеп,
Эр Түмөнбай жолдошум,
Жараткан кудай жар болсо,
Жоо келди жакындап,
Камчы чаап атына.
Союшчусу бир бөлөк
Бири-бирин такылдап.
Эр Түмөнбай кеп айтат:
Төрө жезде Семетей
Эрбеңдеген эки иниң
Ээчип жүргөн мен агаң
Эки бөлөк жаткырып,
Айттың өзүң башкарып,
Жана мурун кеп айттың.
Колуман чыккан Чынкожо
Ошону алам деп айттың.
Тар кыядан өткөндө
Жайнап аскер жеткенде
Тегеренип толгондо,
Беттешип уруш болгондо,
Кайнап аскер толгондо,
Кагылып уруш болгондо,
Чынкожону алам деп,
Тосуп уруш салсам деп,
Кайсы жолго саласың.
Кандай тосуп каласың
Кайнагасы Түмөнбай
Кан күйөөсү Семетей
Айтып сурап турду эле.
Ыраазымын кудайга
Үстү жагы зоо экен.
Асты коргул чеп экен.
Заманабыз күн болсо,
Жак бекинчү жер экен.
Кара-жардын оюна
Чынкожонун жолуна,
Өзүм чыгып барайын.
Кудай берсе Кожону
Ошерден атып салайын.
Буурулдун оозун керейин,
Буйругу жетсе кудайдын,
Аманат жанды берейин.
Үчөөңөргө айтканым
Бараңдын үнү барс этип,
Аккелте үнү заңк этип,
Мылтыктын үнүн уккула.
Андан кийин чыккыла,
Манастан калган Аккелте
Кармаганга чоң сеңир.
Асынып жүрсө бир темир
Катагандын кара уста
Кармап соккон темири.

Бусурмандын сеңири
Бүткүл-бүткүл будуру
Аска, аска адыры.
Үнүн угуп чыксаңар
Билинет Аккелтенин кадыры.
Манастын уулу Семетей
Баарын айтып аттанып,
Чоролорду баш кылып,
Астындагы Буурулдун
Ат көңүлүн түйгөн жер.
Семетей баатыр жүргөн жер
Там-Кыянын үстүнө
Жар-Кыянын астына
Мылтыкка майлык салган жер.
Аяк каптай чоң көчүк
Алтымыш асый ат ошо.
Бат атарын бастырды
Баарын бирдей жаткырды.
Ат-өтпөстүн Ала-Тоо
Баатырдын уулу Семетей
Өзү чыгып барды ошол.
Буурулду байлап бекитип,
Ак милтеге чок берип,
Аккелтеге ок берип,
Манастын уулу эр жаңгыз.
Шыгайдын уулу Чыңкожо
Кол айдаган башчыны,
Алды муну чакырып,
Жоо башылаган мыктыны
Муну алды жанына.
Чынкожо айтты баарына
Абдырай, Төлөк канына.
Сактала турган үч буюм
Уруш салса Семетей
Манастан калган Аккелте
Катуу түшүп калбасын.
Эр Манас кийген Аколпок
Сайса айза тешпеген,
Чапса кылыч кеспеген,
Атса мылтык өтпөгөн,
Аколпокко сак болгун.
Семетейдин Тайбуурул
Уруш кылып кирбесин,
Кокустан ок жаңылып,
Буурул атка сакыт бол.
Аман сактап келгиле
Канкордун уулу дардайып,
Кармап алып өлтүрүп,
Башын кесип бергиле.
Жанындагы ар кесме
Катуу чапса таш кесме.
Чапса мизи кетилбейт
Бүлөөгө салса жетилбейт.
Бу ар кесмеге сак бол деп,
Кан Чынкожо башкарып,
Жасоолорун аткарып,
Манастын уулу Семетей
Басып келип бергендей.
Өлтүрсөң өзүң билгин деп,
Өзү басып келгендей.
Бир кудайдын колунда
Калың кара кол менен,
Кандай кылса алам деп,
Чынкожо кулдун оюнда
Кудай бетин көргөзбө
Түркүн, түркүн болушат.
Семетей кайда жатат деп,
Баатырлыгы бөлүнүп,
Кайнаган калың кол менен,
Чубап атат жол менен,
Каргадай болгон Күлчоро
Абасы айткан кеби бар,
Аккелте үнүн укканда
Анан чык деген жери бар.
Камаган аскер барганда,
Жанына жакын калганда,
Кылычын кындан чыгарып,
Айбалта сандан бошотуп,

Алтын кемер, боз кисе
Капшыра тартып курчанып.
Кан ичүүчү жинди кул
Уу ичкендей кумсарып,
Алма башка ок салып,
Аңдып атып жол чалып,
Манастын уулу баатырга
Буурулдун иши белгилүү.
Муну көрүп алыптыр
Семетей мында экен деп,
Изин таанып Буурулдун
Качпа, качпа, качпа деп,
Кайда, кайда, кайда деп,
Канкордун уулу дардаңды
Тил сүйлөтпөй карма деп,
Эки колун байла деп,
Кокустан коркуп калба деп,
Коркпой барып карма деп,
Аскерче берип буйрукту
Шыгайдын уулу Чынкожо
Каратка камчы салган жер.
Кайнаган аскер көп солон
Семетей жаткан Кара-Жар
Тегеренип барган жер.
Шыгайдын уулу Чыңкожо
Кокустан атып салам деп,
Аккелте колго алат деп,
Баарын атып салат деп,
Калың колду каматып,
Караттын оозун бурган жер.
Чынкожо кайда жүрөт деп
Баатырдын уулу Семетей
Байкап ал турган жер.
Теминээри шарпылдап,
Кудай бетин көргөзбө
Ок жамгырдай тарсылдап.
Булуттан түшкөн мөндүрдөй
Кармаган мылтык колунда
Канкордун уулу Семетей
Качыра турган оңунда,
Каргадай болгон Күлчоро
Кудай уруп салды деп.
Аккелте үнү угулбайт
Абакем коркуп калды деп.
Жараткан кудай жалгыз ак
Ар кандай болот таалай-бак.
Койго тийет карышкыр
Атасынын бабасы
Шер жаралган ысымдар.
Ат куйругун түйгөндөр
Аттанып жоого тийерде
Суркоен менен зоңкоюп,
Баатырлардын артында,
Көп аскердин астында,
Бөрү тил айза колго алып,
Толтой келет оңдонуп.
Толтойду көрүп кызыгып,
Баланын ичи бузулуп,
Жин ургандай тутунуп,
Ай тийген тоодой шаңданып,
Алмамбет, Чубак баатырдын
Арбагына жалынып.
Жараткан алда бир кудай
Жардам бер деп жалынып.
Шаймерден бирлери,
Келе көр деп жалынып.
Жараткан алда бир кудай
Дөгүрсүгөн чочкону
Бере көр деп жалынып.
Каргадай болгон Күлчоро
Карт бөрүдөй комдонуп,
Камчы саптай толгонуп,
Тие турган өңдөнду.
Калың кара көп колго
Кире турган өңдөнду.
Саамай чачын түйүптүр
Абамдын айткан кеби деп,
Аккелте менен күйүптүр.

Эр Түмөнбай, Канчоро
Эчак жоого тийиптир.
Бет алышып калыптыр
Какырыгы кан татып,
Түкүрүгү жин татып,
Кылычты кындан суурушуп,
Кыя тартып урушуп,
Ок-дарыны чачышып,
Орто жерден атышып,
Майданды бала салыптыр.
Канчоро менен Түмөнбай
Кан боелуп калыптыр.
Манастын уулу баатырды
Атасы аткан Аккелте
Оң колуна алган жер.
Бат атарын көчүккө
Бекем катып салган жер.
Атасы аткан мылтыкты
Семетей кобо калганда
«Карма» деген чолокту
Аккелте үнү заңк этип,
Алтын жаак болот ок
Алдына алды колуна
Манастын уулу баатырды
Кабылды душман оңуна.
Аккелте үнү чыкканда
Баабедин деп бакырган.
Манастап ураан чакырган.
Семетей үнүн укканда
Желке чачын түйдү эми.
Мен өңдөнгөн жетимге
Берер кудай берди деп,
Жетим Чоро кирди эми.
Бакырыгы басылбай
Бакырса үнү жазылбай
Бала десе бир башка
Колдогону Кожосан,
Колдогону ак эшен,
Жөлөгөнү Жөлөсан,
Жөндөгөнү ак эшен,
Ажыбайдын ак жылан
Ошо жолдо Чоронун
Алты оролду белине.
Анын жайын айтайын
Атасы Алмамбет жолдошу
Калемдей кашы чийилип,
Кармаган колу ийилип,
Эки каштын ортого,
Бала Чоро чунактын
Ажыдаар боруму
Муштум болуп түйүлүп.
Бала кирип келгенде,
Бала түрүн көргөндө,
Бакырган үнү чыкканда,
Баабедин деп бакырган.
Баласын үнүн укканда
Эси чыгып селт этип,
Жүрөгү чыгып болк этип,
Жылан көргөн эмедей,
Жыйылышып топтолуп,
Алтын жаа, сыр жебе
Тартып турду Күлчоро.
Кан Бакай берген Алмабаш
Атып кирди Күлчоро.
Булут өңдүү бурулуп,
Коен өңдүү кубулуп,
Алда Манас, алда деп,
Алмамбет, Чубак эки шер
Арбагында колдо деп
Безелентип бек тийди.
Берişте жолдош Күлчоро
Беттешкен жоого бек кирди.
Какаланып бек тийди
Каргадай болгон Күлчоро
Мына качырып жоого бек тийди.
А дегенде Күлчоро
Айзаны алды беттешип,
Кудай билет чын болсо,

Аскер келди, аскер касташып,
Күлчоро колундагы Сырнайза
Темирди сайса тешиптир,
Сексен киши бир келсе,
Тебетей сайган эмедей
Тегеренип кетиптир.
Колундагы сырнайза
Соотту сайса тешиптир,
Топу сайган эмедей
Тоголонуп өтүптүр.
Бет алып менде барган жок
Кайберен кашында
Бир колдогон жашында,
Алты жашар чагында,
Айза кармап машыккан,
Айзакер болуп атыккан,
Ошо жолдо Чоронун
Бакырыгы басылбайт,
Бакырган үнү ачылбайт.
Бакырыгы баш жарат,
Баабедин деп бакырса,
Баланын үнү таш жарат.
Кудай билет чын болсо
Кызыл чаар жолборсу,
Кырк чилтен болуп жолдошу,
Кылганын кудай оңдоочу,
Он экиде Күлчоро
Ошо олуязаада эр Чоро.
Казатка кирген жеринде
Каныкей айткан кебинде,
Урушуп жоого кол салсаң,
Баабедин түшпөй оозунан,
Бакыра жүргүн деп айткан.
Өз атаңдын арбагын
Чакыра көргүн деп айткан.
Кысылып жоого кол салсаң
Кыйкыра көргүн деп айткан.
Өз атаңдын арбагын
Чакыра бергин деп айткан.
Энекеси Каныкей
Ушу сөздү көп айткан.
Бериште салды бейлине,
Бир кудай салды динине
Аралашып кан кечип,
Кудай бетин көргөзбө.
Канча киши кан кечип,
Анда-санда бакырып,
Атам болсо Алмамбет
Колдогун деп чакырып,
Каргадай болгон жинди кул
Алмамбет атка мингендей
Аттанып жоого тийгендей,
Көрдүңбү атам кошо жүргөндөй.
Бала чаар жолборсу
Жанына барып жолдошу
Кээ бирөө кеп айтат,
Каргадай жетим деп айтат.
Казатка Чоро киргенде,
Качкан жоого тийгенде,
Чоң болду төөнүн арындай,
Толкуган көлдүн шарындай,
Иймeнбей жоого тийгендей,
Жашын айтса көпөлөк,
Бир кудайдын жардамы
Атасы Алмамбеттин арбагы,
Кошо жүрөт жетелеп,
Караламан калың кол,
Казат кылган жер ошол.
Калың колду жапырып,
Карышкырдай качырып,
Каргадай бала эр ошол
Коңгуроолу эки сан
Колду андан бөлүнтүп.
Коктуга канын төгүптүр,
Бөрү тийген эмедей
Бөлүп жүрөт бир четин
Ителги тийген таандай.
Ийрип тийген бир четин

Жагалмай тийген чымчыктай,
Жайып жүрөт бир четин.
Кууса аты жеткендей
Илгир куштай кайран эр
Топу сайган эмедей,
Тоголонуп өткөнү
Бет алып менде барбады.
Беттешкен тирүү калбады.
Кагышкан аман барбады.
Кармашкан аман калбады.
Асты-үстүнөн бөлүнүп,
Ар кайсы жерден көрүнүп,
Капталынан кан болуп,
Карысынан жин болуп,
Шай колдогон Күлчоро
Канга кирин жуудуруп,
Караламан калың кол
Сынамасы  жуурулуп.
Күлчоронун үнүнөн
Баатырдын башка түрүнөн,
Коен жүрөк коркогу
Жүрөгү чыгып жыгылып,
Алда нече сүрдөнүп,
Бу кудайдын жардамы
Каргадай болгон Күлчоро
Качырып жоого тийгенде,
Айланса болот алдага
Көрдүңбү, Азиретаалы түрдөнүп.
Күлчорого беттебей
Ат жетелеп жөө басып,
Тоо таянып жөө басып,
Кайрылып артын караса,
Кудай бетин көргөзбө,
Азууларын аркайтып,
Ат өңү көрүнөт.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүмү көрүнөт.
Малакайын жоготуп,
Басып калган мындан көп.
Өлүмүш болуп былк этпей
Жатып калган мындан көп.
Айбалтанын жер чапчып,
Казып аткан мындан көп.
Ар кайсы жерде таргоо
Жатып аткан мындан көп.
Айза тийбей, ок тийбей
Кыйраганы мындан көп.
Бир боорум деп өкүрүп,
Ыйлаганы мындан көп.
Үзөңгү боосу үзүлүп,
Көктөгөнү мындан көп.
Тууганынан айрылып,
Көксөгөнү мындан көп.
Өлгөндөргө кайгырып,
Кетпегени мындан көп.
Көрдүңбү бала кылганын,
Бир колдогон Күлчоро
Кармаша чыккан көп жоону
Арык койчо кыргамын.
Арбактуу атка коно элек
Күлчоро атактуу баатыр боло элек.
Ооректуу атка коно элек
Он экиде Күлчоро
Жоо сайган атка коно элек.
А дегенде эр сайып,
Кабылганда кан кечип,
Кадимки Толтой шер сайып,
Буурулду минип булкунтуп,
Он экиде кезинде
Беттешип жоого урушуп,
Кудай билет чын болсо
Шыгайдын уулу Чынкожо
Толтойдун канын алам деп.
Акункандын шаарына
Барып ойрон салам деп,
Жарадар болгон Толтойду
Манастын уулу дарданды
Кармап алып байлайм деп,

Балдары менен жайлайм деп.
Барган Кожо камынып,
Аталары шер өткөн
Атышкан жоону жеңе өткөн
Бала жетим Чорону
өз атасы Алмамбет
Байгамбар бир ак, диним ак
Жашында минген алтын так
Мусулман башын кураган.
Бу байгамбар батын албаган
Азирет Аалы барбаган,
Бээжинди камап сураган.
Он экиде Чорону
Олуязаада Алмаңы
Артында калган тукуму.
Арбак конуп жоо сайып,
А дегенде бул сайып,
Жандырып жоого тийгенде,
Жаш кезинде киргенде,
Кылычынын мизинде,
Кызарып аккан каны бар.
Бир өзүмүн башында
Жетимиш кийиктин шаңы бар.
Айзасынын учунда
Карарып аккан каны бар.
Жоо аралап жүргөндө
Алтымыш эрдин шаңы бар.
Алакан тайпы, кол ачык
Аттанып чыкса жол ачык.
Дөгүрсүгөн Толтойдун
Кыя өзүн сайды эле.
Кечеги өчүм алам деп,
Дөгүрсүгөн Толтойго
Аскери менен барды эле.
Толтойду сайган Күлчоро
Кан куюлуп көзүнөн,
Кайраты ашкан өзүнөн,
Каныкей айткан кеп эле.
Кармаганы ок болот.
Караганы жок болот.
Тиштегени ок болот.
Тиктегени жок болот.
Оң бетинде калы бар.
Оң көзүндө шамы бар.
Оң колуна кан түшкөн
Мунун канга тууган жаны бар.
Көргөн элге айтчу эле
Айтканы туура келиптир
Алда таала кудурет
Атасынан бабасы
Баабедин колдоп бир жөлөп,
Баарына кудай бериптир.
Жер жайнаган көп колго
Жеке бала сүрүптүр.
Кайнап аткан көп колду,
Жеке бала сүрүптүр.
Кайнап аткан көп колду,
Каргадай бала сүрүптүр.
Караламан аскерге
Ителгидей тийиптир.
Копту жерге толуптур,
Күлчоро уруш салган жер.
Урушуга барган эр
Кой өлгөндөй болуптур.
Талаага өлүк толуптур.
Бала уруш салган жер,
Уруушуга барган эр,
Тай өлгөндөй болуптур.
Жедигердин карасын
Дөгүрсүгөн эр Толтой
Күлчорого бет келбей
Жан калкалап качкан жер.
Өлүгүнөн калганы
Он экиде Күлчоро
Жангыз уруш салганы.
Караламан жедигер
Кайра качып калганы.
Барбагын десе болбойт деп

Шыгайдын уулу Чынкожо
Барбаган ойго койбойт деп,
Катын десе болбойт деп,
Касиреттүү Чынкожо
Кетүүчү ойго койбойт деп.
Тополоңу тоз болуп
Томуктай болгон баладан
Толгон киши жок болуп.
Кылычты кындан суурушуп,
Эрдемсиген эчендер
Күлчоронун үнүнөн
Баатырдын башка сүрүнөн
Жүрөгү чыгып кырылып,
Кийген айдар алтын чок
Ал амалдуу кишиден
Күлчородой эч ким жок.
Өлгөнүнөн калганы
Качып жолго салганы
Эр Күлчоро кайран эр
Көтүнөн түшүп калганы.
Жедигердин элинде
Кудай билет чын болсо
Эреше деген кары бар.
Акылы артык жаны бар
Качпа, качпа, качпа деп,
Жоо-жарагың ташта деп,
Качкан менен болбойт деп,
Кууган жоого койбойт деп,
Ат жетелеп жөө басып,
Качкан элди топтошуп,
Акылман тууган жан экен
Аттан түшүп берели.
Багындык деп көрөлү.
Багынганга кол салбайт,
Атасы ашкан шер эле
Багынганга тийбеген,
Мусулмандын кени эле.
Эреше тилин алышып,
Аттан түшө калышып,
Жоо-жарагын ташташып,
Кол көтөрүп буркурап,
«Багындык» деп чуркурап,
Алакан жайып буркурап,
Аман калган жедигер
Өлтүрбө деп чуркурап,
Аттанып чыкса сан колдой,
Адамдан ашкан ак жолтой,
Бериштеден белги алган,
Жаш кезинде Күлчоро
Кырк чилтенден төлгө алган.
Артынан кызыр ээчиген
Баабедин болгон жолдошу,
Башынан кудай колдочу,
Алаканын жайгандар
Ат жетелеп жөө басып.

1) Канчоро менен Түмөнбайдын Чынкожого, Толтойдун колуна каршы аттанганы.
2) Чынкожо, Толтойдун колун жок кылышы жана Чынкожо, Толтойдун каза табышы
3) Семетейдин Акункандын элине келип той берип, Айчүрөктү элине алып келиши
4) Күлчоронун окуясы

Артынан ээчип баргандар
Бала Чоро өзү шер
Багындык деп канча эл.
Кайраты бар эр Чоро
Канга тууган Күлчоро
Багынганга кеп айтып,
Жата бергин деп айтып.
Эр Күлчоро кайран эр
Жоону сайып багынтып,
Багындык деп жалынтып,
Багынтканын жыйыптыр,

Эр Күлчоро жинди кул
Убаданы кылыптыр.
Эриле элди баштаптыр
Эр Күлчоро жинди кул
Өзү көргөн көп жоону
Багындырып таштаптыр.
Кара кузгун, жол жору,
Өлүктөргө конгону.
Асмандан учуп айланып,
Киши этине тойгону.
Айдын жүзү көрүнбөйт
Какалап учуп айланып,
Ат этине тойгону.
Каары менен Күлчоро
Катуу кырып койгондо,
Кудай билет чын болсо
Бу Үргөнчтүн боюна,
Узун-Булак жээгине,
Кара-Тоонун түбүнө,
Өлгөнүнөн калганын,
Айдап барып токтотуп,
Жаралууң жата бергин деп,
Садагасы кетейин,
Бир колдогон Күлчоро
Тазаңар өлүк көмгүн деп,
Ооруңар жата бергин деп,
Он экиде Күлчоро
Өлүктөрдү көмгүн деп,
Он экиде чагында
Атагы чыгып жоо сайып,
Караламан кол сайып,
Кеткендерден эр сайып,
Эченди катар бир сайып,
Кабылган жерден эр сайып,
Канчаны катар бир сайып,
Он экиде кезинде
Жолду башка баштады.
Он эки миң аскердин
Толтой кандын эли экен
Теңин кырып таштады.
Калганына кеп айтып:
Кайраты бар Күлчоро
Киши саа тийбейт деп,
Кагаз берди колуна.
Он экиде баланы
Кайберен салды жолуна.
Эми Канчоро эрден баштайлы
Үркүттүн бою чоң талаа
Канчоро он үчтөгү жаш бала.
Кайраттуу киши Түмөнбай
Күлчоро үнү чыкканда
Качпа, качпа, качпа деп,
Баланын үнү чыкканда,
Атынын оозун бура албай,
Канчоро менен Түмөнбай,
Ал экөө кирди тура албай.
Кечкени кызыл кан болуп,
Кудай билет чын болсо
Сунган айза тартышпай,
Жумулган көздү ачышпай.
Карагай найза боолатып,
Канчоро менен Түмөнбай
Экөө чыкты жоолашып,
Башынан түтүн бурулат.
Бала Чоро баатырдан
Ортосу канча алыс жер.
Бакырган үнү угулат
Канчоро менен Түмөнбай
Тизгинди бирге түйүшөт.
Тизелешип киришет.
Ат оозун бирге жайышат.
Эки эрди көрдүңбү,
Качпай жоону сайышат.
Көзгө саяр көсөмдү,
Бетке чабар эченди,
Башка чабар баатырды,
Баарын сайып алышат.
Кудай билет чын болсо

Качкандарын кутказбайт.
Күнү-түнү эчен күн
Майданды экөө салганы,
Абдырай, Төлөк аскери
Экөөнү кармап алганы.
Токтобой качып калганы,
Кара чоктуу эченди,
Канга тууган көсөмдү,
Сайып алып эченди
Бөрү тийген эмедей.
Булүндүрүп жүрүшүп,
Канчоро менен Түмөнбай,
Бакырып жоого тийгенде,
Манас деп ураан чакырып,
Эки баатыр киргенде,
Жел жеткенге тийгендей.
Жапырылып калышат
Экөөнүн түрүн көргөндө,
Жабыла качып калышат.
Канчоро менен Түмөнбай
Ат тизгинин бурушат,
Жан аябай урушуп,
Айбаты бар Түмөнбай,
Кайраты бар Канчоро,
Төрт-Күлдүн оюу кум талаа.
Кудай бетин көргөзбө
Бөлүндүрүп айдады.
Кадырбай менен Төлөктүн
Канча аскерин жайлады.
Атаганат катыгүн,
Калың элди чакырып,
Кантип тирүү калам деп,
Канчоро менен Түмөнбай
Бирөөн сайып алам деп,
Каарланып Төлөгү
Качырып калды бир канча.
Төлөгүнөн бөлөгү
Кумдуу жайык талаага
Кубалашып урушат.
Сары жайык талаада
Салгалашып урушат.
Эки баатыр биригип,
Эр Түмөнбай ой ойлоп,
Тегеретип көп ойлоп,
Ыраазымын кудайга
Бул Айчүрөк болбосо,
Өлүмгө башты байладык,
Короодон койду айдадык,
Жүктөтүп берди буулумду
Талаага жайык мал койбой
Кесиреттүү беш доңуз
Урушуп уят болбо деп,
Кармашып кордук көрбө деп,
Айчүрөктү бербейм деп,
Кармашып кордук көрбө деп,
Айчүрөктү бербейм деп,
Элиңе бузук салба деп,
Сурап турган букараң,
Убалына калба деп.
Айдатып малды алчу экен,
Оңолбогон  беш баатыр
Азыгы жок калдык деп.
Айда салык салчу экен,
Чынкожо, Толтой элине
Алууга киши келчү экен.
Корккону нан айдатып,
Эчендерди берчү экен.
Атаганат дүнүйө,
Акункандын журтунун
Жетмек болду түбүнө.
Акундун жаңгыз кызына
Атаганат дүнүйө,
Акункан кармап сураган,
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Куруп калган курган журт.
Акундун кызы Айчүрөк
Чыгат экен учуга.

Ушундай ойлоп жүрчү экен.
Айчүрөк учуп алганда
Манастын уулу Семетей
Эки бала ээрчитип,
Семетей келип калганда.
Муңайган үнү басылып,
Бүркөлгөн кабак ачылып,
Күлүп кабак жазылып,
Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Бергенин кудай албайт деп,
БерекелүүҮргөнчкө
Семетейге кошулуп,
Ажыбай кошо барбайт деп.
Кайгы тартып камалып,
Айчүрөктү берем деп,
Ажыбай айткан кебине
Акункандын элине
Жолдош болуп бербейт деп.
Эр Түмөнбай таарынып,
Бурулуштуу сеңирдин,
Бурчуна чыгып турган жер,
Эр Түмөнбай кайран эр
Жоону сайган колуңа
Атаңар чапкан жолуңа
Айланса болот алдага
Кылганы журттан бир башка
Кырк чилтен экен жолдошу
Кагылайын Канчоро,
Ишиңди кудай оңдосун
Кара чаар жолборсуң.
Кайберен экен жолдошуң
Артыңды кудай оңдосун.
Алакан жайса бала чак
Аттанып чыкса жол ачык,
Элден кепти сурасак
Аттанып жолго чыкканда,
Азык-түлүк бербеген,
Жазык эмей эмине
Бирөө кошо келбеген.
Кармап мылтык атпаган,
Ат жетпеген жөөлөрдү,
Кошулуп кошо баспаган.
Колго алып мылтык атпаган,
Эт сеңирде турушуп,
Эчен күнү кармашып,
Эр токтотуп урушуп,
Эрендин баарын кырышып,
Эр Түмөнбай камынып,
Эл чогултуп бербейм деп.
Манастан калган балдарга
Элин алып келбейт деп.
Капаска калкын салат деп
Ата болуп Акунга
Эр Түмөнбай таарынып,
Чыкпай жатып алат деп.
Бала чунак Канчоро
Ай Түмөнбай акетай
Бу айтканың кеп эмес.
Жайы-кышы он эки ай
Камап жаткан кол менен
Кайсынысын айтасың
Эси чыгып элеңдеп.
Азык-түлүк белендеп,
Бурулса бузук салат деп,
Башыбызды алат деп,
Кызыкса кыргын салат деп,
Ушул ооган курган журт
Кыргын көрүп калат деп,
Мен да болсом жаш элем,
Күлчоро болсо дос эле,
Ээчиткени эки жаш
Жоону кантип жеңет деп.
Атакеңер Акункан
Коркуп жатып алгандыр
Кордукту көргөн курган журт
Кошулбай жатып калган журт
Кошулбай жатып калгандыр.
Алмалуунун боюнан

Кудай бетин көргөзбө
Ак-Сеңирдин оюнан
Асмандан түтүн бөлүнөт,
Аскердин шаңы көрүнөт.
Аюу көпчүк, ак быштан
Кош басмайыл тартышат.
Кош колоңун артышат.
Канчоро менен Түмөнбай
Качып чыккан бу экөө
Ошо колду баштаган,
Кадимки Төлөк чоң экен.
Ителгидей ийирип,
Ийри-Суунун боюна
Кармаша чыккан эки шер
Кайра келер бекен деп,
Канчалыкты кырдырып,
Кантип тирүү кетем деп,
Кайраттанып алган жер.
Кадимки Төлөк, Абдырай
Канчоро менен Түмөнбай
Экөөнүн бирөөн алууга
Даярланып калган жер.
Канчоро дүрбү салган жер
Бир канчалык калың эл
Баарын көрүп алган жер.
Ой Түмөнбай абаке,
Тетигини көрдүңбү?
Кол топтошуп, эл жыйып,
Кайраттуусу турганын.
Кадимки Төлөк экен деп,
Кагылайын Түмөке,
Мен кармашпай кантип кетем деп,
Астындагы Суртелки
Атын ондоп токунуп.
Атасы Манас баатырдын
Арбагына Канчоро
Куран окуп отуруп.
Калың колго барайын
Качпай келип сайышка
Бет алышып сайышып
Мен кумардан канайын.
Көкдөөнүн оозун буруптур
Ой Түмөнбай агатай
Мылтыктарга ок берип,
Милтелерге от берип,
Байкап карап туруптур.
Көрөйүн Төлөк кордугун,
Көтөрөм кантип зордугун,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Тетиги Төлөк баатырга,
Айзалашып көрөйүн.
Суртелкини камчылап,
Келмек болду Канчоро,
Эр Төлөктүн колуна
Эми кирмек болду Канчоро.
Акылдашкан абасы
Өзү Түлкү баласы
Бу Канчоро болбосо,
Жетет кимге дабасы.
Канчоро тилин алыптыр
Чымылдактын Кара-Коо
Эр Түмөнбай барыптыр.
Жайылып жүргөн ат айдап,
Эри өлүп аты бар.
Эр Түмөнбай караса,
Кылыч тийип кыйраган,
Жарадар болуп айза жеп,
Кара жанын кыйнаган.
Айбалта уруп кыйраган,
Минип атка жете албай,
Жөө калып ыйлаган.
Канчоро менен Түмөнбай
Аралап уруш салганда
Бир канчасы кыйраган.
Беттебей Төлөк кутулган
Төлгөчү кара Төлөктүн
Эр Толтойго кеп айтып,
Жолуң ачык деп айтып.

Төлгөсүнөн жаңылып,
Ошондо Төлөктүн иши бузулган.
Түмөнбай калды артында
Бала баатыр Канчоро
Атасы кылган наркы эле
Атадан калган даңк эле.
Күлчоро жоону сайгандыр
Күчтүү жоого кабылып,
Эл чоң өлүп калгандыр.
Семетей жоону жеңгендир,
Кармашкан жоону жеңдим деп,
Алакөөдөн киши эле.
Мактанып Айчүрөккө келгендир
Төлөктүн түрүн көргөндө,
Көрүп качып калгыча,
Кепке кемтик болгуча,
Мен Төлөктөн өлөм деп,
Төлөк менен сайышып,
Баатырлыгын көрөм деп.
Көзүнөн каны тамчылап,
Көп жанга жолдош кан,
Жоону көздөй бет алып,
Суртелкини камчылап.
Баабедин деп бакырып,
Манастан ураан чакырып,
Эр Баабедин колдо деп,
Эгем таала кудурет
Ишимди өзүң ондо деп.
Чымылдактын оюна
Кашка-Суунун боюна
Бакырып үндү салган жер.
Бала баатыр Канчоро
Акылман Төлөк эр экен
Багып жүргөн эл экен.
Бу Канчоро келбесе,
Дүрбү салып көрбөсө,
Элимден калып кутулуп,
Аман кетем дечү экен.
Кудай бетин көргөзбө,
Келбейт деген Канчоро,
Оозунан түтүп буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Кудай бетин көргөзбө
Баабедин деп чыркырап,
Камчысына камчы уруп,
Баатыр болсоң келгин деп,
Чыгып келип көргүн деп,
Бакырыгы басылбай,
Манас деген ачуу үн салып.
Оозунан басылбайт
Жоо бөрүсү Канчоро
Кыйкырыгы басылбай.
Кудай бетин көргөзбө,
Манас деген кыйкырык
Жанында жолдош жүргөндө,
Олкунуп  жоого тийгенде,
Бакырган үнү басылбай,
Айза алып колуна
Бала баатыр Канчоро
Кабылды Төлөк чоңуна.
Балтыр эти толо элек,
Баралына келе элек,
Чакмак эти ката элек,
Чалышар кези келе элек,
Булчуң эти толо элек,
Булкушар маалы боло элек,
Канчоросун ала элек,
Өлгөндүн канын мен албай,
Кантип кетип калам деп.
Кудай билет чын болсо,
Ат оозгундап алган жер.
Артык Төлөк кыйын эр.
Алмадай болгон баланын
Астын тосуп калган жер.
Качпа, качпа, качпа деп,
Кыйкырыгы таш жарып,
Канчоро кирип барган жер.
Кудай бетин көргөзбө,

Тоодой болгон эр Төлөк
Томуктай болгон Канчоро
Айза менен сайышып,
Айзанын сабы майышып,
Уңгусунан кайрышып,
Айбалта менен сайышып,
Саптары колдо калышып,
Аттары баспай майышып,
Алыша албайт бул экөө.
Кылыч менен сайышып,
Кындары жанда калышып,
Кызыл ала кан болуп,
Каны-сөлү жоголуп,
Бир-биринин канына
Эки баатыр боелуп,
Айбалта колдон бөлүнүп,
Каарынан кетип кылычы
Ат тизгинин бурушат.
Канчоро менен эр Төлөк
Алыша албай турушат.
Канчоро, Төлөк кагышып,
Алыша албайт чалышып,
Этек-жеңден жулушуп,
Жабдыгы тайып колунан,
Алыша албай турушуп.
Мойнуна кийген зооттор
Тигишинен сөгүлүп,
Ортосунда кебези
Булайып калып көрүнүп.
Тоодой болгон Төлөктү
Томуктай Чоро жеңе албай
Каргадай болгон баланы
Кадиктүү Төлөк жеңе албай.
Үстүндө кийми бөлүнүп,
Бетинин каны төгүлүп,
Канчоро бала кеп айтып,
Кан Төлөк сенден өлбөсө,
Караңгы көргө кирбесем,
Эртерек сени сойбосом,
Тирүү жүрүп нетейин.
Төлөк саа алдырып
Төлөк сени албасам
Булдургөн тонун камдатып.
Канчоро, Төлөк эки эр
Кудай билет чын болсо,
Күнү-түнү кармашып,
Аколпок тонун камдашып,
Канчоро, Төлөк эки шер
Ат аябай кармашып,
Ат тизесин бүгүшүп,
Ат үстүнөн сүзүшүп,
Үстүнө кийген чопкуттун
Этегин өөдө түрүшүп.
Жакалашып алышып,
Жабдыгы жок колунда
Колдору менен салышып.
Кармаган колу карышып,
Каргадай болгон Канчоро
Таңып койгон эмедей
Суртелкиге жабышып.
Кандагай кийип алгандыр
Энекеси Каныкей
Каптап жинин ичирип
Каныкей жазап койгонбу?
Торгойдой болгон баланы
Атынан жулуп алалбай
Тоодой болгон Төлөк эр
Эч айласын таба албай
Кош алакан басмайыл
Кошо тартып койгондой.
Каңкысына жабышып
Канчоронун сары алтын
Желим менен чаптаган.
Бул Канчоро баланы
Кармашып турган эр Төлөк
Алаарга айла таппаган,
Кармаган колу карышып.
Ажырабайт атынан

Канчоро бала жабышып.
Бутундагы жеке сан
Тигишинен сөгүлүп.
Бири баатыр, бир шер
Бут орогон чулгоолор
Булайып чыгат көрүнүп.
Баатыр Төлөк жеңет деп,
Астындагы бууданын
Бизге соогат берет деп.
Эр Төлөктүн эрлери
Кана Төлөк жеңгени?
Каргадай болгон баланы
Качан Төлөк жеңет деп,
Кармалашып салышып,
Этек-жеңин булушуп,
Балтыр этин жулушуп,
Багалеги булактап,
Өтүгүнүн ичинде
Ороп кийген чулгоолор
Түшүп калат кылактап.
Алалбасын билгенде
Акылман Төлөк эр тура
Төлөк менен кармашып,
Канчоро бала шер тура
Жаагынан сылап кеп айтып,
Ат тизгинин буруштук
Айзалашып сайышып,
Минген аттарды экөөбүз
Баспай калды майышып.
Кылычты кындан суурушуп,
Кыя кармап уруштук
Кызыл канга боелуп,
Айбалта сандан алыштык.
Минип турган буудандын
Убалына калыштык.
Төлөк жанын сактагын
Бала чунак Канчоро
Ойлонуп акыл таппаган
Амалдуу Төлөк кеп айтып:
Үйүм калды бөлүнүп,
Каныбыз акты төгүлүп,
Кабыргасы сөгүлүп,
Ат тизгинин буралы.
Аттын куйрук кылалы,
Атка мине чыгалы.
Ат сергитип биз алып,
Анан уруш кылалы,
Баланы Төлөк алдады.
Ээ Төлөк сени албасам,
Сенден өлүп калбасам,
Кантип кое берейин.
Кармаган жоосун кутказып,
Өлтүрбөй кое берди деп,
Канкордун уулу Семетей
Тилдеп койсо не дейин.
Бала баатыр Канчоро
Кое бербей жабышып,
Ошондо баатыр Төлөк кеп айтып,
Алыша албай эчен күн,
Уруш кылдым деп айтып.
Канчоро сага багынып,
Сага кандай күнү кабылып,
Жоого туулган шер болсоң
Убадалуу эр болсоң
Жооп бербей мен койсом
Алаканды жаялы
Ак куран колго алалы.
Бакылдашып кеп кылып.
Ант айланы кылалы.
Тамактанып аш ичип,
Астындагы бууданды,
Ооздугун чыгарып,
Кашка суудан сугарып,
Бетеге чөбү былкылдайт,
Жылтырган чыгып жылтылдайт,
Күзгө жуук болуптур,
Чымын-чиркей толуптур,
Кое берип тил алгын,

Ат өргүтүп эс алып,
Келбей койсом мени урсун.
Ишенбесең сени урсун.
Астына кыстап кеп айтып,
Кое бер бала деп айтып.
Төлөк айтып турган жер,
«Кайра тартып келбесең,
Өзүң келип бербесең,
Алакан жайган бата урсун,
Атайы кылган ант урсун»,
Деп, ошентип Канчоро.
Кое берди Төлөктү
Чочконун акылы журттан бир башка
Эр Канчоро жаш бала
Аколпогун жайган жер,
Айзасын эңип алган жер,
Кармашкан бөлөк келгенде
Өзү келип бергидей
Же Төлөктөн өлөрмүн.
Же мен алармын
Суртелки оозун бурду эми,
Айзасын кармап таянып
Канчоро бала турду эми.
Көкүрөктөн сөл кетип,
Алмадай беттен нур кетип,
Бүткөн бойдон тер кетип,
Томуктай бала чагында
Төлөк менен кармашып.
Айткан кебиң акыл деп
Кое берип Төлөктү
Эмесе Төлөк макул деп,
Бура тартып алганы
Кудай билет чын болсо,
Аты күлүк, өзү зор
Антты алган эр Төлөк.
Ойлогону бир бөлөк
Томуктай болгон баланы
Торгойдой сайып салган жер.
Алуучу жоого алдатып,
Каргадай болуп Канчоро
Атаңдын көрү арман күн
Тоголонуп калган жер.
Башын кесип алууга
Кылычын кындан чыгарып,
Кадиктүү Төлөк эр баатыр,
Жыгылып аттан Канчоро.
Кылычын кармап барган жер.
Канчоро жатып калганда,
Төлөк сайып салганда,
Түмөнбай көрүп алган жер.
Канчоро өлүп калат деп,
Башын кылыч менен чабат деп,
Башын алып салат деп,
Кайраты бар өзүндө
Каары бар жүрөктүү
Балбандыгы билекте,
Канчоро башын аларда,
Башын чаап саларда,
Түмөнбай жанына барганы.
Баатыр Төлөк арстан шер
Түмөнбайдын барганын.
Кан Төлөк билбей калганы
Баабедин деп бакырып,
Ошондо Манас деп ураан чакырып,
Кайраты бар Түмөнбай
Канчоро башын алууга,
Башын алып салууга,
Даярданып барганы.
Буйругу экен кудайдын
Ажалдан киши калабы?
Арам Кыяз ойлонуп,
Алайын деп баланы,
Түмөнбай айта салганы.
Төлөктүн туйбай калганы,
Айзаны катуу сунганда
Түмөнбай сайып турганда.
Качырып катуу тийгенде
Капталга айза киргенде.

Оң эмчектин астына
Оң өпкөнүн үстүнө
Айза бата түшкөн жер.
Дөгүрсүгөн Төлөктү
Түмөнбай келип сайган жер.
Кулап калган Канчоро
Ыргып кобо калган жер.
Эки миздүү ар кесме
Колуна кармап алган жер.
Коркурап аткан айза жеп
Казандай болгон кара баш
Бир кудай өзү билбесе
Мына Канчоро чаап салган жер.
Башы жерге токтобой
Бүлөдөй болгон кызыл тил
Көмөкөйгө бурулуп,
Кудай билет чын болсо,
Кызыл тили көрүнүп,
Жерге тийип тарсылдап,
Кайраттуу баатыр Түмөнбай
Салып коюп Төлөктү
Бала баатыр Канчоро
Манастын уулу Семетей
Абасына көлөкө,
Ажалы жакын Төлөккө,
Кесиреттүү Чынкожо,
Эл чогултуп кеп айткан,
Эр Төлөккө кеп айткан.
Манастан калган мүлктөргө
Сак болгула деп айткан.
Ала көдөн ит дардаң
Буурул ат мойнун бурушса,
Тосо чыгып урушка,
Кокустан майып болбосун.
Буурулду алып минебиз,
Акундун кызы Чүрөктү,
Жеткайтка алып келебиз.
Кудайсыз айткан кеп эле,
Курдашым Төлөк деди эле,
Айласыз айткан кеп эле,
Антташым Төлөктү,
Ишенгени бөлөктү,
Канчоро менен Түмөнбай,
Кармап алып сойгон жер.
Каарман бала Канчоро
Кан Төлөктүн аскерин
Катуу уруп койгон жер,
Теминип буудан минген жер.
Тентек өскөн жиндилер
Тепейип жоого кирген жер,
Атка бутун салган жер.
А дегенде кан кечип
Арбактуу болуп калган жер.
Камбардын уулу Канчоро
Канчалык жоону кыйратып,
Жоонун атын айдатып,
Жолго казан астырып,
Тамак-ашты жайнатып,
Ат семизин сойдуруп,
Каарман болуп катыгып
Кан ичер Чоро атыгып,
Кан Төлөктүн колунан
Төлөктүн кудайсыз жүргөн оюнан.
Кайнаган элдин шорунан,
Башына түшкөн менделик
Өлбөй жүргөн нечен бар.
Жарадар болгон сенделип,
Башына кудай салган соң,
Калдары жашып алган соң,
Караламан көп колдун
Көбү өлүп калган соң.
Түмөнбай менен Канчоро
Тирүүлөрүн жыйган жер
Кайраттуусун өлтүрүп,
Канчалыкты кырган жер.
Аскер минген аттарды,
Шаарга айдап кирген жер.
Коркуп жаткан оогандар

Атка жетип минген жер.
Канчоро менен Түмөнбай,
Арбактуу атка конгон жер.
Акункандын ооганы
Ат олжого толгон жер.
Бала чунак Канчоро
Ат минбеген ооганды
Ат мингизип айда деп,
Кош көчө кыя көлмөгө,
Кош түшүрүп жаткан жер.
Канкордун уулу абасын
Канчоро эстен чыгарып,
Ат союп аткан жер.
Түмөнбай менен Канчоро
Кошо жүргөн ат союп,
Шаарга кайра бара элек.
Жашык киши Күлчоро
Абакеси Семетей
Экөөнөн кабар ала элек.
Түмөнбай менен Чорону
Ушу жерге таштайбыз
Күлчородон баштайбыз.
Ошо буулугуп жоого тийгенде,
Муңканып ыйлап кудайга
Күлчоро ыйлап киргенде,
Ошо качырып жоого тийгенде,
Арстаным ыйлап кудайга
Аттанып жоого тийгенде,
Алда таала жол берген,
Өз атасы Алмамбет
Алты бирге кол берген,
Атасы болгон жолдошу
Качырып жоону сайганда,
Атасынын арбагы,
Кошо жүрүп колдоочу.
Кечээ чалгынды бирге чалганда,
Толтойду жалгыз сайганда,
Бир кудайдын жардамы,
Ошондо барган жанагы,
Атасы Алмамбет арбагы,
Арбак колдоп бир жөлөп,
Ошо камаган жоону алганы.
Атка минип жол чалып,
Эр Толтойдун жедигер
Жалгыз барып кол салып.
Жедигер кандын эр Толтой
Колго конуп айланып,
Жерге колу байланып,
Аты болсун көк жашык
Кызыталак баланын,
Каны калсын бир кашык.
Толтой кан минген Суркоен
Билбегенге бир буудан.
Күлчорону тууганда
Айгыр карап, бээ тууган.
Алакеңдин Күлчоро
Таалайына туулган.
Акыры Күлчоро бууданы
Күлчорого бет албай,
Эми таштап  кете албай,
Шайтандуу бала экен деп,
Жоого кабылбай кетем деп,
Тоо айланып жол чалып,
Чынкожону мааналап,
Асмандан учуп чыгар деп.
Жоону жеңдик деп дардактап,
Көтөрүлүп калар деп,
Көкөлөп учуп Чыңкожо
Көрсө атып салар деп,
Тоо айланып мааналап,
Чынкожого каралап,
Кайра тартып кете албай,
Жеткайтка Төлөк жете албай,
Күлчорого баталбай,
Жайкын уктап жата албай,
Суркоен оозун бурган жер.
Айбандан күлүк Суркоен
Ажалы жакын эр Толтой

Будаланып турган деп,
Каргадай болгон кан ичме,
Кагынган колду алган жер.
Ат мингизип баарына
Агындуу суугa киришип,
Каргадай болгон Күлчоро
Алып жүрүп жанына,
Кол көтөрүп багынган,
Күлчорого жалынган,
Шер ушундай болбойбу?
Эр ушундай болбойбу?
Өлгөнүнөн калганы,
Күлүк жыйып алганы,
Аты жокко ат берип,
Эл токтотуп салганы.
Оогандын эли келет деп,
Камоону көргөн канча эл,
Бөөдө өлтүрө берем деп,
Акундун эли келет деп,
Азапты көргөн канча эл.
Жөн өлтүрө берем деп,
Башчысына кат берип,
Бага бер деп жаныңды,
Эр Толтойдун калың эл.
Күлчорого багынды
Өлгөнүнөн калган эл.
Өткөн Манас баатырдын
Арбагына жагынды.
Садагасы кетейин,
Арбагы артык атанын,
Катасы жок батанын,
Эрбейип атка мингенде,
Энекеси Каныкей
Эл чогулуп бата алган.
Тентек Чоро атыккан,
Тентектиги дагы бар.
Ошо бала Чорону
Адамдан башка ак жүргөн,
Каргадай бала Күлчоро.
Кишиден башка так жүргөн,
Минген аты Актелки
Ээр токум алдырып,
Ыраң чөптөн салдырып,
Суутуп суусун кандырып,
Күнү-түнү эчен күн
Ат агытып жай жатып,
Багындырган элине.
Аттарды бөлүп айдатып,
Ат семизин сойдуруп,
Ачкан элди тойдуруп,
Акункандын айынан,
Айчүрөктүн жайынан,
Чынкожо салган кызыкты.
Оoганга салган бузукту
Башына жапаа салган жер.
Манастын уулу баланы
Катынын тартып алам деп,
Кан Чынкожо эр баатыр
Кайгыга башы малынып
Канкордун уулу Семетей
Каргадай бала Күлчоро
Каарман бала Канчоро
Өзү келип кабылып,
Ажал өңүн сагынып,
Аскер жыйып чоң болуп,
Айчүрөктүн айынан
Акундун эли кор болуп.
Канкордун уулу Семетей
Акшумкар издеп артынан,
Айчүрөк алган дартынан,
Шумкарымды табам деп,
Семетей издеп барган жер.
Эчтеме менен ою жок
Эки бирдей жаш бала
Жолдош кылып алган жер.
Калың колго кабылып,
Качпай уруш салган жер.
Манастын уулу Семетей

Жаңгыз жүрүп элебей
Шашпай уруш салган жер.
Эки бирдей иниси
Кол башкарып жол берген
Манастын уулу Семетей.
Бөлүп, бөлүп кол берген,
Ажалың жетсе өл деген,
Азабың болсо көр деген,
Тартынбай жоого бар деген,
Кайраттанып кир деген,
Эки бирдей иниси
Эр Семетей абасы
Берген жоосун алыптыр.
Ажалдуусун өлтүрүп,
Кабылганын кан кылып,
Канчаларын жай кылып,
Багындырып салыптыр.
Ай караңгы түн өттү
Бири-бирин көрө албай,
Арадан канча күн өттү.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Атасы Акун бегине
Келди ооган элине.
Семетей жоону жеңди деп,
Тилекти кудай берди деп,
Жеткирди кудай тилекке,
Айланса болот Чүрөккө,
Айланып учуп алганга,
Арбак сыйлап барганга,
Семетей алып келгенге,
Калың жоону жеңгенге,
Билгендери Чүрөк деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Тартып келген кагазга,
Дүнүйөнү сүрөттөп.
Ушакчылар кеп айткан,
Акункандын кара кыз,
Карыгыча олтуруп,
Эрге тийбей жүрөт деп.
Эминени күйөт деп.
Алуучу күйөө карыганда
Акундун кызы Айчүрөк
Байкуш Чүрөк деп жүрсөк,
Бадыша Чүрөк экен деп.
Кайгылуу Чүрөк деп жүрсөк,
Калайыктын камын жеп,
Кан болчу Чүрөк экен деп.
Оозун басып жорголоп,
Олуязаада Чүрөктүн
Ушак айткан эчендер,
Угуп коер бекен деп,
Укса уят кылат деп,
Кызмат кылып жүгүрүп,
Кыя басып кыз-келин
Акундун кызы Чүрөккө
Каныбыз деп жүгүнүп.
Кан жездебиз кайда деп,
Кайрылып качан келет деп,
Карып болгон ооганга
Айдап калың берет деп.
Шаар ичине болот кеп,
Түлкүнун уулу Түмөнбай
Шаарына барыптыр,
Жаман кайып жаш бала
Жоону жеңип салдык деп,
Сүйүнтүп олжо алыптыр.
Акункандын астына
Ажыбайдын кашына,
Эр Түмөнбай барганы,
Ой Ажыбай агатай,
Эч кимге тийбей жардамың,
Ушу Акун карыя
Сенин карып калганың.
Билбейсиң жоону жеңерин
Өткөн Манас кудаңа
Өзүңөң болгон балага
Жоону жеңип берерин.
Бизге кудай берди деп,

Семетей жоону жеңди деп,
Чечен уулу Ажыбай
Асты-үстүнө карабай
Семетейге кошулуп,
Аттанууга жарабай,
Кол бер десек болгон жок,
Кошо чыгып койгон жок,
Семетейдин барында
Ажыкеңдин көөнү ток.
Семетейге кошулсак
Чыңкожо элди чабат деп,
Семетейди алат деп,
Семетейге кошулган,
Элди кырып салат деп.
Ажыкеңдин эби бар
Акункан айтат ойлоп ой
Чечен уулу Ажыбай
Арам кыял жери бар.
Кайраттуу бала Түмөнбай
Кадимки чечен Ажыбай
Карып калган кан Акун
Буларга келип кеп айтып,
Жата бергин деп айтып.
Элге кабар салган жер,
Эр Түмөнбай кайран эр,
Дүнүйө жыйып алган жер.
Сүйүнчүлөп мал алып,
Булгун, буулум бул алып,
Түлкүнүн уулу Төмөнбай
Акункандын элине
Айтып сөзгө кандырып.
Акундун эли кеп айтып:
Башта Чүрөк кан эле,
Чүрөк мындан кетет деп,
Айчүрөктүн ордуна,
Каныбыз болгон деп айтып.
Түмөнбай менен Канчоро
Түйшүктүү бала Күлчоро
Бул үчөөнү таштайлы
Манастын уулу жаңгыз эр
Семетейден баштайлы.
Кылганы кыйын иш экен
Шыгайдын уулу Чынкожо
Касташып жүргөн киши экен.
Манастын уулу Семетей
Жайнап аскер барганда.
Калың аскер кол менен,
Канкордун уулу дардаңдан,
Тегеренип калганда.
Чынкожо чыгып келсин деп,
Чыдап уруш салсын деп,
Каарымды көргөндө
Аттан түшө калсын деп,
Багындым келсин деп,
Манастын уулу Семетей
Өзү келип берсин деп.
Аккелтеге ок коюп,
Акмилтеге от коюп,
Бет алып каптап барганда,
Беттешип уруш салганда,
Каптап камап барганда,
Камап уруш салганда,
Аккелте менен койгулап,
Манастын уулу Семетей
Аскерге кыргын салганда.
Каары келип бакырып,
Атканга болбойт экен деп,
Манастын уулу Семетей
Бакырып жоого кирген жер.
Чынкожонун Караты
Мылтыктын үнүн укканда,
Бакырган үнү чыкканда,
Учуп кетер адаты.
Караттын жайын сурады
Канаты болот кынама
Алтымыш жерден кынама
Ал аттын жайын сураба
Семетей менен беттешпей,

Жорулу зоону бет алып,
Шыгайдын уулу Чыңкожо
Мылтыгына ок салып.
Каргадай учуп айланып,
Колго-колу байланып,
Канкордун уулу калганда.
Калың кол камап барганда
Атасындай бакырып,
Качырып жоого тийгенде,
Кайраттанып киргенде,
Колду жолго салганда,
Жоону жеңип салдык деп,
Ала көөдөн ит эле,
Көтөрүлүп калганда
Ок-дарысын артынып,
Качып жолго салайын.
Калың элден бөлүнтүп,
Кара канын төгүлтүп,
Канкордун уулу дардаңды,
Анан атып алайын.
Семетейдин жолуна
Караламан Шыгайды,
Калың кара көп колду,
Сала берип жолуна,
Ээн жерде кондуруп,
Коңгуроосун тактырып,
Аттын изин көрсүн деп,
Артынан кууп келсин деп,
Жалгыз чыгып берсин деп,
Айла кылып Чыңкожо
Кудай билет чын болсо,
Каргадай учуп калдактап,
Оболоп учуп далдактап,
Караттын боюн кызытып,
Жебелеген ок алып,
Ок-дарыны мол алып,
Асмандан учуп камынат,
Канкордун уулу дардаңды
Кандай болсо алам деп.
Калың элден бөлүнсө,
Жаңгыз чыгып көрүнсө,
Муну атып салам деп.
Шыгайдын уулу Чыңкожо
Бет алганы Кара-Зоо
Бөлүнүп чыгар бекен деп,
Эр Чыңкожо барган жер.
Манастын уулу баатырды
Аңдып жатып калган жер.
Канкордун уулу Семетей
Бакырып жоого тийген жер.
Атасы Манас өңдөнүп,
Бала төрө кирген жер.
Кыргынды кыйын салган жер.
Манастын уулу Семетей
Кызыл канга боелуп,
Кылган ишин окшотуп,
Чынкожо аскерин
Кылыч менен топтошуп,
Чынкожо тилин алгандар,
Жолдош болуп калгандар,
Жоо соючу берендер,
Жоого тийчү эрендер,
Айза сайчу ыктуулар,
Атка жакшы мыктуулар,
Кылыч чабаар баатырлар,
Бөлөк чаап белендеп,
Чынкожо тилин алгандар.
Бөлүнүп мага келет деп,
Манастын уулу Семетей
Огой, шыгай бир деген.
Ою менен жүрбөгөн
Жеткайтка барып жедигер
Жедигерди элдеген,
Мени тууган көрбөгөн,
Коркуп аскер бергендер,
Кызыталак Кожого
Корkконунан келгендер.
Коркогуң чыгып бөлүн деп,

Жоо бөрүсү кайран эр
Бөлүнүп чыгып көрүн деп,
Алуучудай качырып,
Манастын уулу Семетей
Кол аралап бакырып.
Эл жарылып бөлүндү
Коркконунан келгендер,
Коркуп аскер бергендер,
Канкордун уулу баатырга
Багындык деп көрүндү.
Коркпой киши калган жок,
Беттешип киши барган жок,
Баары ыйлап буркурап,
Чынкожонун калың эл
Баатырдын уулу жаңгызга
Багынып берди чурулдап.
Бала төрө чурулдап,
Бала төрө Семетей,
Шыгайдын элин алган жер.
Каргадай учуп айланып,
Ок-дары алып камданып,
Манастын уулу баатырды
Чынкожо аңдып калган деп.
Бала төрө Семетей
Өлгөндөн калган Шыгайды
Өзү айдап көндүрүп,
Өлгөндөрүн көмдүрүп,
Каргага канын чокутпай,
Кузгунга көзүн ойдурбай,
Жоруларга той кылбай,
Ополдун оюу Үч-Сеңир
Олуязаада кайран эр
Ошерге жыйды аскерди
Кармашууга камынган,
Качты эле менин колуман.
Жеткайтка барып жердеген,
Жедигер бала элдеген,
Билчү эле менин дайнымды.
Толтойго алып берем деп,
Мен алуучу зайбымды
Жазыгы жок ооган журт.
Чабамын деп камаган,
Талаага киши чыгарбай,
Байлап алып сабаган.
Таласта жаткан мен болсом,
Чынкожо күткөн эл болсоң,
Улуу-өзөк жайлак жер эле,
Убалы жетсин Кожого
Атабыз күткөн эл эле.
Элди айдап бөлүндү,
Канчалык каны төгүлдү.
Чынкожо минген Караты
Арамдыгы бүтпөгөн,
Акмактын башынан беркки адаты
Калган элди токтотуп,
Катары жетип өлгөндүн
Аттарын көрүп коштошуп.
Ошондо өлгөндөн калган кеп айтат,
Бала төрө эр жаңгыз
Баатырбыз Чыңкожо,
Асмандан учат деп айтат.
Айтарына Караты
Мунун учуп кетчү адаты.
Караттын бар канаты
Чынкожону атам деп,
Бекер майып болбо деп,
Оболоп учуп айланып,
Ок-дарысын байланып,
Асмандан учуп айланып,
Ар жарак алып камданып,
Аңдып жүргөн чени бар.
Сизди аңдып жүрбөсө,
Шыгайдын уулу Кожонун
Бекинип калчу жери бар.
Кордойдун тоосу бийик тоо
Айланып учуп баргандыр.
Айылга кирип кетпесе,
Сизди аңдып калгандыр.

Каратты кармап токуган,
Индистандан окуган,
Билими журттан бир башка,
Багынып берген эл айтып,
Байкагын төрө деп айтып,
Колуна түшкөн эл айтып,
Сактангын төрө деп айтып,
Жору учпаган зоо болот,
Бийик-бийик тоо болот,
Чынкожо ошондо жерге бекинет.
Бала төрө баатырга
Өлгөнүнөн калганы
Баары ыйлап көп айтат.
Манастын уулу Семетей
Эл азаатын уккан жер.
Же Кожодон өлбөсөм
Же Кожону өлтүрүп,
Башын алып келбесем,
Атаңдан калган Аккелте
Карылар айткан кеп эле
Канга жолдуу деди эле.
Ок-дарынын чачышат
Оболоп учуп көрүнсө,
Мен Чынкожо менен атышам.
Балдардын кайда жүргөнү
Кана төрө билгени
Балдарды эстен чыгарып,
Канкордун уулу Семетей
Оогандын элин журтум деп,
Калың элге кеп айтып.
Кайра тартып ал бала
Кайын журтка баргыла.
Ат куйругун өргүлө
Айчүрөк сындуу жеңеңе
Амандашып көргүлө.
Сары изине чөп салып,
Саргарып издеп табам деп,
Куу изине чөп салып,
Кубарып издеп табам деп,
Эч жазыгым жок эле,
Кудай берсе Кожону,
Кайда болсо алам деп,
Манастын уулу Семетей,
Калган элге кеп айтып.
Өлгөнүнөн калганы,
Үй сагынган эл болсоң
Аттын мойнун тердетпей,
Кийминдерди кирдетпей,
Кете бергин деп айтып.
Чыңкожону тапмакка
Аккелтени атмакка.
Ок-дарысын артынып,
Орто жери көк темир,
Арстан Манас атчуу эле
Атадан калган мураапы.
Балдарына чоң сеңир
Манастын уулу Семетей
Асынса далы айкели,
Аккелте асып жонуна,
Күпсөрүн байлап бооруна,
Манастын уулу Семетей
Шыгайдын уулу Кожону
Издеп чыкты ошону.
Кашкалдактын Кара-Тоо
Төө мойнок Ийри-Тоо
Кыз эмчектүү Сүйрү-Тоо
Алда нече бөлөк зоо.
Ою жемиш күлдөгөн,
Аралап айбан жүрбөгөн,
Бастырып киши барбаган,
Жемишин киши албаган,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Жан бекинчү жери деп,
Манастын уулу Семетей
Башта көргөн жер эмес,
Бугулуунун Кара-Жон
Эр Семетей көк жалың
Буга чыгып барды ошол.

Шыгайдын уулу Чынкожо
Акыры тоодон өтүптүр,
Артыман кууп келсин деп,
Ала көөдөн доңузду,
Ушу жерден атам деп.
Издесе келип көрсүн деп,
Караттын изин тамгалап,
Семетейге каралап,
Манастын уулу Семетей
Аттын изин көргөн жер.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Айланып учуп келген жер.
Астындагы Караты
Айланып учса Караттын
Жаркылдайт экен канаты.
Манастын уулу Семетей
Буурул аттан түшкөн жер.
Ак милтеге чок коюп,
Аккелтеге ок коюп,
Бала төрө камданып,
Кайдан келер экен деп,
Аккелтени колго алып,
Семетей бала турган жер.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Оболоп учуп көкөлөп,
Келген экен эсер деп,
Кара-Жарды каралап,
Жардын башын салалап,
Бийик жарды кыдырып,
Жоонун башын сыдырып,
Астындагы Караттын,
Жал куйругу бурулуп,
Анда-мында тарс эткен,
Мылтыктын үнү угулуп,
Манастын уулу Семетей
Байкап көрдү Чынкожо.
Мынтыктын үнүн укканда
Манастын уулу Семетей
Абай жаап атына,
Зоот жаап сооруга,
Олоң тартып бооруна,
Акканкы токуп үстүнө,
Кайдан чыгар экен деп.
Ак карлуу тоонун түзүнө
Шыгайдын уулу Чынкожо
Асмандап учуп атышса,
Астындагы Буурулга
Ок жаңылып тиет деп,
Атка жабуу жабыптыр,
Өз жанын өзү багыптыр.
Манастын уулу Семетей
Аккелте колго алыптыр.
Кудай билет чын болсо,
Ок-даарысын байланып,
Ок жеткидей учуп айланып,
Чынкожо кайра барыптыр.
Асмандап учкан Чынкожо
Астында турган Семетей
Ок-даарысын чачышып,
Кудай билет чын болсо,
Семетей менен Чынкожо
Ошо жерден атышып,
Аккелте үнүн укканда,
Асмандап кетет Чыңкожо
Аккелте атса ок жетпейт.
Улам атып салам деп,
Көкөлөп учкан Кожону
Ушу жерден алам деп.
Бу Чынкожонун амалы
Ала көөдөн аңги боз
Канчыктын огу кагылсын,
Күпсөрдүн огу күбүлсүн,
Саадактын огу чачылсын,
Аккелте үнү басылсын,
Анан жакын барам деп.
Ала көөдөн дардаңды
Анан атып алам деп.
Буурул ат тийип колума

Баатырсынган балдарга
Буудан атты жетелеп,
Кызыталак Акундун
Шаарына барам деп,
Багынбаса балдары
Барып атып салам деп.
Эр Семетей дегенди
Элин атып өлтүрүп,
Эр сураган кыйындар
Бегин атып өлтүрүп,
Семетей уруш салганда.
Калың кол кармап барганда,
Эр Толтойго кеп айткан,
Менден кабар болгуча
Кетип калба деп айткан.
Бу Караттын барында
Бу мылтык болсо колумда.
Салып-сайып келтирген
Аткан жанды өлтүргөн,
Балдарын атып салам деп,
Ажыбай менен Түмөнбай
Акундун кызы Чүрөктүн
Агасын атып салам деп.
Ободон бери кан болгон,
Жүргөнү элге даң болгон,
Манас баатыр чыкканда,
Кучакташып дос болгон.
Дос болгон бойдон туралбай,
Кудалашып антташкан,
Баарынын жайын куп билем,
Айчүрөктүн атасы
Акунду атып салам деп.
Азганакай ооганды
Өз колума алам деп.
Акунду кызы Чүрөктү
Бейли бизде болгон соң,
Берiште жазып койгон соң,
Калаанын ичин кан кылып,
Көчөнүн үстүн чаң кылып,
Калааны каптап киректе
Калкына кыргын салаарда,
Тартуусуна мал алып,
Колуна кармап дан алып,
Келбеттүү сулуу кыз алып,
Астыбызга келди эле
Айылга кыргын салба деп,
Мен алуучу күйөөм деп,
Киминерге тием деп,
Кара беле калың журт
Убалына калба деп.
Акундун кызы Айчүрөк
Жолду тосуп келди эле.
Дардайып кулдун качканы
Жан бекитип жатканы.
Көт жагына барды деди,
Көк-Жайыктан ал деди,
Ала көөдөн дардаңдын,
Башын кесип кел деди,
Алам деп сени талашкан
Мынабу эрин сен деди,
Коркпо Толтой, коркпо деп,
Качпа Толтой, качпа деп,
Акылыңдан шашпа деп,
Казат кылып кан төгүп,
Кармаша чыгып жоо келсе,
Караламан колуңду
Качкыла деп айтпа деп.
Бу Караттын барында
Канкорду албай койбоймун.
Суркоен турса астымда
Жаныңды бекке салып жүр.
Семетей колго түшкүчө
Өз жаныңды багып жүр.
Манастын уулу кесирди
Акундун кызы Айчүрөк
Ар кимден калган жесирди.
Чынкожо тилин алган жер
Аман болсо Чынкожо

Семетейди алат деп,
Жанын бекке салган жер,
Жана жолдош алыптыр.
Мергенинен беш киши,
Төлгөчүдөн төрт киши,
Акыл табар үч киши,
Күлчоро уруш салганда.
Күлчорого беттебей
Кан ичмеге кабылсак
Катардан каршы кеткени
Абийирдин кеткени.
Ок-даарысын шайланып,
Ополдун тоосун айланып,
Он эки киши ээчитип,
Тоодон кийик аттырып,
Жолдонмо отту жактырып,
Кийиктин этин кайнатат.
Кечээ Чүрөк келгенде
Жолунан чыгып жол тосуп,
Менин күйөөм кайсы дегенде
Эриди менин боюм деп.
Түштү менин бейлим деп.
Акункан кызы Айчүрөк
Адамдан башка турбайбы
Жолду тосот чалкалап,
Алп калды ооганды
Айласын таап калкалап,
Бул Айчүрөктү алабыз
Кара Төлөк өлгөндүр.
Айчүрөк сындуу кишини
Жеткайтка алып барабыз.
Жетсек жанды багабыз.
Ошондо Толтой эр баатыр
Минген аты Суркоен
Жал-куйругун тал-талдап,
Түйүп жүргөн жер ошол.
Чынкожо качан келет деп,
Манастын уулун алдым деп,
Качан кабар берет деп,
Күйүп жүргөн жер ошол.
Семетей менен Чынкожо
Айланып учат калкылдап.
Манастын уулу Семетей
Аккелте атат тарсылдап.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Анда-мында бир атып
Айланып учуп өткөндө.
Манастын уулу Семетей
Аккелте үнүн чогу атып.
Кароолун тиктеп мунарып,
Караган көзү тунарып,
Аккелте огун чачкан жер.
Ок-даарыны катып сактабай
Оболоп учкан Кожону
Ойлобой дардаң аткан жер.
Ок-даарысы түгөнүп
Канчыктын огу кагылды.
Күпсөрдүн огу күбүлдү,
Саадактын огу түгөндү,
Аккелте үнү басылды.
Баатырдын уулу Семетей
Айзасын кармап таянып,
Атаарына ок калбай,
Милтесинде от калбай,
Саадагына ок калбай,
Сандалып басып турган жер.
Асмандап учкан Чынкожо
Семетей атып ала албай.
Ат жетелеп жөө басып
Баатырдын уулу Семетей
Айласы кетип турган жер.
Аккелте үнү басылып,
Ок-дарысын түгөтүп,
Дардайган кул калды бекерге.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Атып салып төрөнү
Канчоро менен Күлчоро
Экөөнү издеп кетерде,

Кудай бетин көргөзбө,
Жамгыр жааган эмедей.
Жаадырат көп окту
Мөндүр жааган эмедей
Төгүлдүрөт көп окту
Манастын уулу баатырды
Айланып учуп жакындап.
Атаңдын көрү дүйнө ай
Карат учат закымдап.
Канкордун уулу жаңгызды
Карай турган көзгө атат.
Кармай турган колго атат.
Эңкейе берсе жонго атат.
Манастын уулу баатырды
Отура калса башка атат.
Короолой калса ташты атат.
Баса турган бутка атат.
Кыңайа берсе колго атат.
Манастын уулу баатырды
Ок жаңылып белине
Тулку боюн жаралап,
Кан куюлуп салаалап,
Алган кең дүйнө күн
Канчалык жери жаралап,
Өлө турган кезинде
Манастан калган Тайбуурул
Кара чаар жолборсу
Камалган жерде колдоочу,
Кызыл чаар жолборсу,
Кысылган жерде колдоочу,
Бала чаар ак жолборс
Манастын уулу Семетей
Жарадар болуп жатканда,
Маңдайына барыптыр.
Атасы Манас баатырды
Ар кандай иштен колдогон,
Атасынын жолдошу
Семетейдин Тайбуурул
Суулугунан алыптыр.
Жорулунун Кара-Тоо
Ар кайсы жери канча зоо
Агалары ала баш
Кийиктери аралаш
Тайбуурул качып калыптыр.
Атын кармап алам деп,
Асыл төрө Чынкожо
Көкөлөп учуп закымдап,
Тайбуурулдун көтүнөн,
Астындагы Караттын,
Конор жери анда жок.
Буурулду кууп такымдап,
Бурулуп булут тутулуп,
Чынкожого жеткизбей
Буурул ат кетти кутулуп.
Асмандан булут тутулуп,
Манасты уулу баатырды
Аты кетти куйулуп.
Мылтыктын үнү басылып,
Жарадар болуп алсырап,
Баатыр төрө эр жаңгыз
Жатып калды кансырап.
Эки көзүн ачыптыр
Эсин жыйып Семетей
Кара ташты мааналап,
Жарадар төрө басыптыр.
Эки жагы кара таш
Кудай билет чын болсо,
Айбалтасын таянып,
Эми атып салам деп,
Эки жагын каранып,
Кара-үнкүрдү мааналап,
Канкордун уулу Семетей
Чынкожо кайра келгиче
Бу кудайдын буйругу
Буурулду кармап алсак деп,
Манастын уулу чочкону
Копкус кылып салдым деп,
Башына кийген алтын бөрк

Канжыгага чалам деп,
Башын кесип байланып,
Тийүүчү эриң мына деп,
Айчүрөккө барам деп.
Шыгайдын уулу баатырды
Оюна кудай салган жер
Бериште түшпөйт бейлине
Эчтеме түшпөйт демине
Кайра тартып алыптыр.
Чынкожо кайра баргыча
Канкордун уулу Семетей
Бу кудайдын маанасы
Үңкүргө жетип калыптыр.
Жанын бекке салыптыр.
Жонуна олпок жаба албай
Канкордун уулу Семетей
Алапайын таба албай.
Тула бойдон аккан кан
Камыр болуп жуурулуп,
Октун уусу тарады.
Жарасынан салаалап,
Манастын уулу Семетей
Семетейди койдум деп,
Чынкожо кабар салыптыр.
Эр Толтой кайра барып,
Канчоро менен Күлчоро
Кабылса майып кылат деп,
Жанын  бекке салыптыр.
Айчүрөк айткан кеби деп,
Убада кылып берди деп,
Калаанын ичинде
Эки жинди жүрөбү?
Эки жинди өлбөсө
Айчүрөк бизге тиеби?
Жиндилер аман бар бекен?
Бар экенин билели.
Элчиге киши бара албай
Эми балдар бардыгын
Арстан болсо биле албай.
Семетей болсо өлдү деп,
Калаага батып кире албай,
Келсе Айчүрөк келээр деп,
Чүрөктүн бейли ак болсо,
Чынкожо, Толтой эки дөө
Бу балага келгин деп.
Айчүрөк жооп берер деп,
Арстан Толтой кайран эр
Күйүп жаткан жери бар.
Акундун кызы Айчүрөк
Мен силерге тием деп,
Айтып койгон жери бар.
Аларга зыян кылат деп,
Амал менен кеп айткан,
Алуучу күйөө кайсы деп,
Акундун кызы Айчүрөк
Мен силерге тийем деп айткан.
Айткан сөзгө алданган,
Атагы чыккан эки дөө
Ажалдуу жоого кармалган,
Чымылдактын оюнда,
Улуу-Суунун боюнда,
Жан казанын астырып,
Желдетке отту жактырып,
Казы менен жал коюп,
Кара буура этине
Алгандан калган эл тоюп,
Канчоро жаткан буруксуп.
Абабыз качан чыгат деп
Өлгөндөн калган аскерди
Акункан менен кеңешип,
Буларды кандай жыят деп.
Эчтемени кенебей
Канчоро жаткан элебей
Эми кадимки бала Күлчоро
Жедигер элин алган жер.
Жеткизбей Толтой кутулуп,
Качып кетип калган жер.
Калган элди багынтып,

Жолдош кылып алган жер.
Канчорого барган жер.
Күлчоро барса жанына
Канчоро жатат буруксуп,
Эрдиги бар, эси жок,
Абасы Семетей менен иши жок,
Акылы бар, эси жок,
Агасы менен иши жок,
Бериште жолдош Күлчоро,
Бериште салды демине.
Ай караңгы түн болгон,
Абасынан бөлүнүп,
Ажырашып кеткени.
Бир канчалык күн болгон
Канчородон кеп сурап,
Эр Семетей агаңды
Төрө баатыр агаңды,
Билдиңби мунун дайнын деп,
Күлчоро сурап турган жер.
Канчоро айтат Чорого,
Жоону сайсак биз сайдык,
Эртеги өткөн эрлерди,
Алмамбет, Чубак шерлерди,
Бакай, Манас баатырдан
Эминесин кем сайдың.
Шыгайдын колун алды эле
Шыгайды жеңип алгандыр,
Кармашкан жоону жеңдим деп,
Ала көөдөн киши эле,
Айчүрөккө баргандыр.
Канчоро айтып турган жер,
Ойлонот бала Күлчоро
Аман болсо абакем
Кантип кабар бербесин,
Балдарым аман барбы деп,
Кабарын алып келгин деп,
Бар бекен анан билгин деп,
Кантип киши келбесин
Шыгайдын уулу Чынкожо
Асмандап учат деди эле,
Айланып учуп алган го.
Абакебиз Семетей
Чынкожо менен атышып,
Канетсе жарадар болуп калган го.
Бизди таштап талаага
Кайдан барсын калаага.
Сен бу жерге жата бер
Буурулдун изин чалайын
Абакебиз Семетей
Урушкан жерге барайын.
Аттын изин чалайын
Абакебиз Семетей
Атышкан жерге барайын.
Аттын изи жок болсо,
Акункандын шаарына,
Барып кабар алайын.
Канчорого кеп айтып,
Каргадай бала бек айтып,
Как телкини камчылап,
Абакеси Семетей
Калың жоого кабылып,
Кармашкан жерге барды эми.
Аккелте менен атышып,
Ок-даарына чачышып,
Урушкан жерге барды эми.
Чынкожо менен кармашып,
Турушкан жерге барды эми.
Буурулду минип бакырып
Булкунуп жоону качырып
Турушкан жерге барды эми.
Ак-Кыянын астында,
Жайык-Талаа ичинде,
Азууларын аркайтып,
Ат көкүлү көрүнөт.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүмү көрүнөт.
Кулактарын калкайтып,
Туяктарын тартайтып,

Мал өлүмү көрүнөт.
Айза тийип, ок тийип,
Ар кайсы жерге жыгылган,
Киши өлүмү көрүнөт.
Манастын уулу баатырдын
Кайда кеткен дайыны жок
Чынкожо атып салдыбы?
Абакем өлүп калдыбы?
Жерди чалып издеди.
Абасынын дайны жок
Кайсы жакка кетти деп
Ак-Кыяны ашты эми,
Абакесин табалбай,
Акылынан шашты эми.
Жору учпас тоонун оюнан
Кум-Дөбөнүн белинен,
Аттын изин чалыптыр,
Манастын уулу баатырдын
Буурул ат менен барыптыр.
Буурулдун изи калыптыр,
Мындан таппай зарланып,
Каргадай болгон Күлчоро,
Куу изине чөп салып,
Кубара издеп жөнөдү.
Сары изине чөп салып,
Саргарып издеп жөнөдү.
Манастын уулу абасы
Качкан жоону кууганбы?
Шыгайдын уулу Чынкожо
Качырткы салып турганбы?
Абакем артынан түшүп кууганбы?
Ошо каргадай болгон секелек
Аттанып андан жөнөдү
Ак карлуу бийик аска тоо
Асмандагы бийик зоо
Аркарлар аттап өтпөгөн,
Атууга мерген жетпеген,
Бугулар аттап өтпөгөн,
Бугуп мерген жетпеген,
Ала баш ого көп жүрөт.
Аны көрдү Күлчоро
Жер көрө элек эр Чоро
Жери отко бир башка.
Манастын уулу Семетей
Барган экен бир ташка.
Эр Күлчоро барган жер,
Тегернип чалган жер,
Кара таштын түбүнө
Койдой болгон кара кан,
Кан төгүлүп калган жер.
Буурул аттын изи жок
Атаңдын көрү дүнүйө
Кан төгүлүп жер жатат.
Эки жагын караса,
Келип жаткан киши жок.
Астыны көздөй басты эми
Эр Күлчоро жаш бала
Аттын изин тапты эми.
Кара-Үңкүрдүн ичине
Айза тиши алсырап,
Жарадар болуп кансырап,
Абакеси жатты эми.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Абакем өлгөн экен деп,
Чынкожо менен атышып,
Абама ажал жетиптир,
Атып салып абамды,
Абакемдин бууданын,
Чынкожо алып кетиптир.
Тирүү жүрбөй өлөйүн
Атаңдын көрү арман күн,
Абакемден айрылып,
Эмине күндү көрөйүн.
Аттан түшүп болкулдап,
Уларлуу тоонун оюнда
Бу жерде чунак Күлчоро
Бакырып ыйлап солпулдап.
Атаны кокуй арман күн

Астыма чыккан терегим,
Төбөмдө чолпон жылдызым,
Жанаша таккан кундузум,
Абакемден айрылып,
Бүткөн экен жумушум.
Атаны кокуй арман күн,
Алтын чырай ур бетиң,
Кубулганын көрбөдүм.
Алагардай көзүңдүн,
Жумулганын көрбөдүм.
Булбулдун мукам тилиңдин,
Бурулганын көрбөдүм.
Карасаң өңү бузулуп,
Көөдөнгө жаны кысылып,
Жан бергениң көрбөдүм.
Жанына кыстоо келгенде,
Маңдайында болбодум.
Атаңдын көрү арман күн
Астымдагы абама
Ыйман айтып койбодум.
Как талаада кайгырып,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кандай ишке кабылдың,
Абакемден айрылдым,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Айчүрөктү албадык,
Азапка туулган шор беле,
Кайгыга тууган кан Бакай
Астына аман барбадык.
Он экиде Күлчоро
Каргадай башка караан жок
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кудайдан башка маана жок.
Кой деп айтаар киши жок.
Алаканы шакылдап,
Көкүрөгүн койгулап,
Аңдын төшү тарсылдап,
Кагылайын абаке,
Кармай жаткын колуңа,
Аколпок тонду чечтиң го,
Атышып жатып кечтиң го,
Ката жаткын койнуңа,
Абакемди эрим деп,
Өзүм өлбөй келдим деп,
Каражолтой Кеңколго,
Кайрылып кантип барасың?
Кагылайын абаке,
Кантип сенден калайын.
Эл кадырын билелек,
Эл аралап жүрө элек,
Калк кадырын биле элек,
Калк аралап жүрө элек,
Акыл таап бергин деп,
Кимдин көзүн карайын?
Кагылайын абаке,
Көт жагыңдан барайын,
Каныкей менен Бакайга,
Көрүнбөй өлүп калайын.
Бу жерден минтип кашайып
Акундун кызы Чүрөккө
Абакем кайда жүрөт деп,
Айчүрөк тосуп сураса,
Эмине деп айтайын?
Буурулдагы туйгунум,
Атадан жаңгыз абакем,
Акыл айтар булбулум,
Уядан калган чымчыгым,
Астымда көрпө төшөгүм,
Башымдагы жаздыгым,
Эл кадырын билбеген
Атаны кокуй арман күн,
Он экиде жаштасың
Болкулдап ыйлайт Күлчоро
Абакем өлгөн экен деп.
Солкулдап ыйлайт Күлчоро
Коргошундай көйкөлүп,
Эргип ыйлайт Күлчоро,
Абакелеп бакырып.

Жерди жарып кыйкырып,
«Ала жат» деп айкырып,
Бала Чоро бакырып,
Ыйлаган жери дагы ошол
Манастын уулу Семетей
Жер таянып жөө басып,
Чынкожо атып турганда.
Аколпок тону сүйрөлүп,
Боорго жылып бек качып,
Кара-Үнкүргө барыптыр.
Сүлдөрү бар, дарман жок
Сүйлөргө алы келген жок,
Арбагы бар, дарман жок,
А дээрге алы калган жок.
Манастын уулу Семетей
Жанында турган киши жок.
Ушу күндү көргүн деп,
Кештелүү  калпак кең чалбар
Керээзин айтар жаш балдар.
Саймалуу калпак кең чалбар
Акылын айтар жаш балдар
Бу жанында болбоду
Манастын уулу Семетей
Оң жагына толгонуп,
Жан берчүдөй өңдөнүп,
Аманат жаны кысталып,
Анда нече бузулуп,
Кан көбүктөп боюнан
Агып жатат сызылып,
Жарат акты жан жатты.
Манастын уулу Семетей
Жарадар болуп эр жатты,
Эңгиреп эсин жыйган жер,
Элестеп кулак салган жер,
Эр Семетей кайран шер,
Булбулдун үнү муңайып,
Буйругуң ушу кудайым,
Чабалактап чыркырап,
Катуу дабыш угулат.
Манастын уулу Семетей
Дабыш угуп элестеп,
Оң колун чаркып колуна
Оңолуп төрө калган жер.
Оюна кудай салган жер.
Өөдө басса өбөгү,
Он экиде бөбөгү,
Семетейдин жөлөгү,
Үнүн угуп алган жер.
Манастын уулу Семетей
Кичинекей эс алып,
Оң кулагы чалган жер.
Аз токтолуп тыңдаса,
Каргадай болгон бөбөгү,
Каралды Чоро жөлөгү,
Иниси Чоро барган жер,
Жөлөгүм Чоро экен деп,
Манастын уулу Семетей
Баш көтөрүп калган жер.
Кара-Үңкүрдүн оозуна
Эңкейип башын салган жер.
Каргадай болгон инисин
Элесин көрүп алган жер.
Элесин көрүп бүгүлүп,
Эр Семетей көк жалың
Калыптыр жандан түңүлүп,
Каргадай болгон баланын
Караанын көрүп сүйүнүп.
Орунан туруп козголуп
Ох деп, төрө окшуса,
Оозунан өжөк кан кетип,
Кан басылып токтолуп,
Азганакай эс алып,
Манастын уулу Семетей
Кайра жатты кыйналып.
Чыканактап тынч алып,
Айдай бети кубулат.
Жер жарылып чыркырап,
Жетимдин үнү угулат.

Манастын уулу Семетей
Баш көтөрө калган жер,
Байкап көзүн салган жер,
Күлчоронун барганын
Таанып көрүп алган жер.
Араң жан болуп жаткан эр
Шыгайдын уулу Чынкожо
Семетейди аткан жер.
Эр Күлчоро иниси
Күлчоро издеп тапкан жер.
Жетимим Чоро экен деп,
Кудайым берер бекен деп,
Кызыл тили бурулуп,
Ыйлап турган Күлчоро
Үнү Семетейге угулуп,
Бу Күлчором экен деп,
Күңгүрөнүп кыйкырып,
Буйругу ушул деп ойлоп,
Манастын уулу Семетей
Күлчоролоп чыкырып,
Сыздап аткан Күлчоро
Бала жолборс эр Чоро
Оң колуна чалды эми.
Күлчоролоп кыйкырган
Абакеси баатырдын
Үнүн уга калды эми.
Эки жагын элеңдеп
Эр Күлчоро жинди кул
Мылтыгына кол салып,
Жоо-жарагын белендеп,
Тегеренип калды эми.
Бу Күлчоро барганда
Семетейге жакындап,
Жетерге жакын калганда,
Кайберен карап, бээ тууган
Кайып менен бир тууган.
Тоо айланып чөл кечкен
Тоо кийик менен бирге өскөн,
Ташты басып чөлдө өскөн,
Таш кийик менен бирге өскөн,
Жабуулары тешилип
Ар кайсы жерге көзөлүп,
Башын жерге салыптыр.
Кара-Үңкүрдүн жанына
Буурул ат барып калыптыр.
Каргадай болгон Күлчоро
Атты көрүп алганда
Семетейдин дабышы
Аз элестеп калганда.
Абакем мында экен деп,
Арбалаңдап түйүлүп,
А кудайлап сүйүнүп,
Атты көздөй жүгүрүп,
Эрбелеңдеп түйүлүп,
Эр Күлчоро сүйүнүп,
Эликтей катуу жүгүрүп,
Эрди мурдун жаланып,
Айбалтага таянып,
Эки жагын каранып,
Семетейдин кашына
Бала Чоро эр баатыр
Барды эми астына,
Алагар көзү алайып,
Ак тамагы кылайып,
Асыл жүзүн нур чалып,
Алагар көзү тунарып,
Алтындай өңү кумсарып,
Кыл муруту шыйпайып,
Ай кулагы калкандай,
Алагар көзү чолпондой,
Оң кулагы калкандай,
Эки көзү чолпондой,
Манастын уулу Семетей
Ок жаңылып алсырап,
Жарадар болуп кансырап,
Жаткан экен үңкүрдө
Бала Чоро барды эми.
Абасын колдон алды эми.

Моюнунан кучактап,
Башын жөлөп караса,
Ар кайсы жерден кызыл кан,
Агып атат буурчактап,
Бала Чоро баатырдын,
Манастын уулу Семетей
Жарадар болуп алсырап,
Жаткан жерде кансырап,
Күлчоро издеп барган жер.
Алы жок жаткан абасын
Айласы кеткен абасын
Күлчоро таап алган жер.
Жаш да болсо Чорону
Билими журттан бир башка
Аттанып жоого чыгарда
Жеңеси берген даары бар
Айза тийсе жаралап,
Кан куюлса салаалап,
Эчен түрлүү даары бар.
Араң жаткан абасын
Күлчоро барып жууду эле.
Күнү-түнү үч күндө
Эр Семетей жаңгыз эр
Эс алып өөдө турду эле.
Эсинен танып сезеттир
Канкордун уулу баатырдын
Айласы жаман кетиптир.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Асмандан учуп айланып,
Аткан жери жаралап,
Ок тийген жери балаалап,
Канчалык жери жаралап,
Жарасы катып балаалап,
Айласы кетип жатканда,
Чоросу барып жатканда,
Каны-сөөлүн жууганда,
Дарыны Чоро куйганда,
Эс алып төрө кеп айтат,
Жетимим Чоро деп айтат.
Оңо турган жоо эмес,
Кармаша турган жоо эмес,
Катылуучу эме эмес,
Жан багып аман калууга
Бейтаалай энең Каныкей
Кайрылып аман баруага,
Мен садагаң кетейин,
Ооганга кайра баргын деп,
Ортого киши салгын деп,
Шыгайдын уулу Кожого
Арага киши салгын деп,
Айчүрөктү алгын деп,
Арачыга кеп айткын
Айчүрөк үчүн кармашып,
Кан төгүштүк деп айткын.
Шыгайдын уулу Кожого
Чүрөктү алсын деп айткын.
Нааразы болбосо,
Аколпоктуу жабуулап,
Тайбуурулду алсын деп айткын.
Атаганат дүнүйө,
Акункандын шаарына
Кайра тартып барып кел.
Арага киши салып кел.
Ажыбай менен Түмөнбай
Эки агасын алып кел.
Айчүрөктү берели
Асмандап учкан Кожого
Биз элдешип көрөлү
Элдешпесек болбойт деп,
Каргадай учуп айланат,
Азили бизди койбойт деп.
Манастын уулу Семетей
Жарак жатты, жан жатты.
Өпкө-боору кан менен,
Өлөр-өлбөс жан менен,
Кара боору кан менен,
Чыгар-чыкпас жан менен,
Бала төрө жатканда

Каргадай болгон Күлчоро
Издеп барып тапканда,
Каткан канды жууганда,
Жарага даары куйганда,
Эс алып өөдө болгондо,
Эр Семетей абасы
Күлчорого кеп айтып
Чүрөктү бергин деп айтып.
Ажыбай чечен жан экен,
Арачы болуп келсин деп.
Тайбуурулду мингизип,
Шыгайдын уулу Кожого
Айчүрөктү берсин деп.
Арачы болбосо
Аккелтени атсын деп.
Арачыга кеп айткын
Атамдан калган мураапы
Баарысын берем деп айткын.
Күлчоронун агасы
Ушу сөздү курганда
Каргадай болгон кайраттуу,
Канчалык жандан айбаттуу,
Ак болоттун тукулу,
Асаада эрдин тукуму,
Ошондон калган баласы,
Курсактан окуп чыкканбы?
Күлчоро эмдин даарысы,
Айдын бети тунарып.
Агасы айткан кебине,
Уу ичкендей кубарып.
Самандай көзү саргарып.
Сандыргалуу Күлчоро
Жакасын бекем карманып.
Тазасында эселек
Эси кеткен экен деп
Качырганы Аккелте
Кармашар киши Чынкожо
Чынкожону албасам
Атышып өлүп калбасам,
Өлбөй тирүү кетем деп.
Аргын менен огойго
Каныкей менен Бакайга
Манастан калган мураапы
Барып кантип берем деп,
Асмандап учкан Кожону
Бир атышып көрөм деп.
Алат киши өлөт деп
Менин көзүм өткөндө,
Окко учуп кеткенде,
Арага киши салгын деп
Катының атка мингизип,
Атаңдын аколпогун кийгизип,
Аккелте мылтык асынып,
Өлүмдөн аман калган деп.
Өкүм Чоро кеп айтат:
Өлгөнү жаткан баатырга
Үтүрөндөп бек» айтат,
Каргадай Чоро кеп айтат:
Кансырап жаткан баатырга
Кайраттанып бек айтат.
Экиленген оңбогур
Эр Семетей абасы,
Эгерде жолуң болбогур
Атышып жеңип албадың.
Асмандап учуп жүргөндө
Аккелте колго кармадым.
Айланып учкан Кожону
Сен эмес, мени Чынкожо,
Атып салдыбы?
Ок-даарыны чачат деп,
Обологон чочкону,
Мен ошону атат деп.
Күүлөнгөнүң өттү го
Менин көзүм өткөндө
Бу төртөөнү бергин деп
Сүйлөп Чороң өттү го.
Чынкожонун огунан
Айтып турган бу кебим

Кызыталак оңбогур
Сөөгүмөн өтүп кетти го.
Манастын уулу Семетей
Атыштым деп не айттың,
Ачууң менен бек айттың,
Менин тилим алгын деп.
Таш эмчегин бошотуп,
Тар курсакты кеңитип,
Ак саамайын жыттатып,
Айры төшкө уктатып,
Каныкей баккан бала элең
Касиеттүү кан Бакай
Көтөрүп баккан жан элең.
Менин тилим албасаң,
Арага киши салбасаң,
Мени сактап калбасаң,
Каныкейдин сүтү урат.
Кан Бакайдын күчү урат.
Күлчоро сени катуу урат.
Ак курандын бата урат.
Манастын уулу Семетей
Айтып турат Чорого
Опсолоң төрө экенсиң
Жана айтсам жана кеп,
Жандырып айтсам дагы көп
Кебимди угар бекенсиң.
Айтып өттүм өзүңө,
Ыйлаган эки көзүңө,
Ыраазы болбойм сөзүңө,
Мен ажалым жетсе өлөмүн.
Асмандап учкан Кожого
Бир атышып көрөмүн.
Күлчором окко учту деп,
Башыңа түшсө бенделик
Ооган кайын журтуңа
Баргын анан сенделип.
Ажыбай менен Түмөнбай
Арага өзүң салгын деп,
Тартуугa берип Чүрөктү
Жаңгызды сакта кудай деп,
Каргадай болгон Күлчоро
Баатырга айткан катуу кеп,
Баланын кеби бек чыгып
Башкача сүйлөп көп чыгып.
Манастын уулу Семетей
Чоронун кебин укканда
Балача ыйлап бакырды,
Атасы Манас баатырдын
Арбагын айтып Семетей
Убалын жүктөп ыйлады.
Күлө багып кашкайып
Көрдүңбү жетим кудай турганын.
Алты катын албайт деп,
Алтоонун алтоо калбайт деп,
Туубангандын түбү чий.
Душмандык кылып турганын
Кантейин кудай кылганын.
Кырк чорону кырганда,
Кыргынды салып турганда,
Талаадан таап алганда,
Кол куржунга салганда,
Өлтүрүп койбой не болдум.
Өлбөсө жолдош болот деп,
Таалайы тайкы энекем,
Кол куржунга салганда,
Өлтүруп койбой не болдум?
Өлбөсө жолдош болот деп,
Таалайы такы энекем,
Оң саамайын жыттатып,
Орто төшкө уктатып,
Айзага таккан желек деп,
Атадан калган белек деп,
Убалым жетсин Манаска
Жаңгыз катын алгыча,
Жети катын албайбы?
Жетөөнөн жетөө калбайбы.
Атасы бирге болгон соң
Болотту белге чалбайбы?

Менин айткан тилим албайбы?
Манастын уулу Семетей
Душмандык кылды бала деп,
Муңканып ыйлап кеп айтат,
Каргадай болгон жетим кул
Мурункудан бек айтат.
Кырк чорону кыргансың
Энемди кошо өлтүрүп,
Мени жетим кылгансың.
Тилиңди кантип аламын
Арага кантип барамын.
Сенден энемдин канын аламын
Көңүлү катуу суусун деп,
Көкжалдан калган көпөлөк
Оттоп турган Буурулду,
Алып келди жетелеп.
Каргадай болгон Күлчоро
Ыраазы болсоң Семетей
Аккелтени бергин деп.
Тегеле аба өлдүң деп,
Аккелтени алайын
Аккелте берсең колума
Асмандап учкан Чынкожо
Бир атышып калайын.
Эми арбак, бир кудай,
Жалынып зарлап ыйлайын.
Асмандап учкан Кожого
Бир атышып көрөйүн.
Жараткан алда кудайдын
Жазып койсо өлөйүн.
Эчен кылым эл өткөн,
Азиретаалы шер өткөн,
Байгамбардын баары өткөн,
Бадыша экен кан өткөн,
Өлбөсө атаң эр кана?
Алмамбет, Чубак шер кана?
Айтылуу Сыргак эр кана?
Манастын уулу Семетей
Балага айтса тил албай
Аккелте алып койнуна
Аколпок басып чыгарбай
Бербей турган өңдөндү.
Кайраттуу бала жинди кул
Өсөлөнүп бек басып,
Келе мылтыкты бергин деп басып,
Какаланып бек басып,
Келе олпокту деп айтып.
Жаныңа жазык байлап деп,
Аккелтени алам деп,
Ыйлап ийди Семетей.
Кара боор жүзү заар
Каарланып Күлчоро
Койнундагы Аккелте
Койбой жулуп алган жер.
Боорундагы Аколпок
Болбой жулуп алган жер.
Каргадай болгон Күлчоро
Аккелтени асынып
Аттанып жолго салган жер.
Кара-Үңкүрдө солкулдап
Абакеси калган жер.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Жетти бала түбүнө
Кантип чыдайт оңбогур.
Атылган мылтык үнүнө
Күлчоро жолго салган соң,
Болбой кетип калган соң,
Манастын уулу Семетей
Өлүм алып өзүнө.
Башына түшүп менделик
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кайсы жерден өлөт деп,
Арчалуунун Кара-Тоо,
Ээн жерде жөн басып
Боору менен жылган жер.
Каргадай болгон Күлчоро
Кара деңиз бурган суу,
Шумурайыл бел ошол,

Өлүк толгон жер ошол,
Кудай билет чын болсо,
Ажал жетип өлгөн жер,
Өлгөндөрдү көмгөн жер,
Шейити бар бир канча
Оогандан чыккан Стамбек
Бураланып бастырган,
Бурчуна алтын жаптырган,
Эшикке аят жаздырган,
Эр Күлчоро барды эми,
Атты байлап салды эми,
Аккелтеге ок салып.
Ичин майлап кыргылап,
Сүмбө менен ургулап,
Коло менен кошулган.
Аяк каптай көп чүкө
Бат атарын бастырып,
Өзү мерген Күлчоро
Октун баарын жаткырып,
Бейитттерди аралап,
Куран окуп чөктүрүп,
Куран окуп бөк түшүп,
Тизеси менен бөк түшүп,
Минип барган бууданга
Атасы берген ак камчы
Мынтык мээлеп кол атар.
Мусулмандын сеңири
Жаратканга жалынып.
Жалын бекем карманып
Асмандап учкан Чынкожо
Бүлүндүрүп бек атып,
Жамгыр түшкөн эмедей.
Талааны атып тарсылдап,
Айланып учкан Чынкожо
Таш-Коргонго жакындап.
Тегеренип алган жер
Мынтыкты алып дардаң кул
Кайсы жерде жатат деп
Көкөлөп учуп калган жер.

Алты жашар чагында
Абасы алып жанына
Ойнотуп буудан токуткан.
Тогузка Чоро чыкканда
Булуттун жайын окуткан.
Адырдан аркар аттырган,
Алмамбеттин өнөрүн.
Айтылуу Бакай абасы
Алып жүрүп ээчитип,
Баласына тапшырган.
Он бирге жашы чыкканда
Олуя Бакай окуткан
Он экиде баланын
Жайчылыгы дагы бар.
Асмандан учуп көкөлөп
Оолактап учуп алганда
Кокустан атып салат деп
Оболоп учуп калганда
Күлчоро күндү жайлады.
Асмандан булут бурулуп,
Кудай бетин көрөзбө
Айланып учкан Кожону
Булут ойноп бөлүнүп,
Жерге мөндүр төгүлүп,
Көкөлөп Кожо учканда
Мурутуна муз тоңуп,
Бурулгусуз болгон жер
Кабагына кар тоңуп,
Кайрылгысыз болгон жер.
Каргадай бала дечү эле
Кан Бакайдан жат окуп,
Күндү жайлап койгон жер.
Тегеренип калдактап
Айласын тапкан далдактап,
Көкөлөп учкан Кожону
Борошо басат салмактап.
Бура тартып уча албай,
Кайра тартып чыга албай,
Караттын оозун бура албай,

Каргадай болгон Күлчоро
Асмандап учкан Чынкожо
Кайыгып үшүп колдоюп,
Кармаган колу солдоюп,
Бул кайыгып калган жер.
Мурутуна муз тоңуп,
Сакалына кар тоңуп,
Ок-даарыны чача албай
Чынкожо мылтык ата албай.
Тегеретип алганда
Асмандан булут бөлүнүп,
Анда-мында кылактап,
Караттын шаңы көрүнүп,
Ободо булут бөлүнүп,
Ар кайсы жерден кылактап,
Бурулуп турган булуттан,
Караттын шаңы көрүнүп,
Алача булут бурулуп,
Адис мерген Чынкожо
Ажал айдап Чорого
Жанып калды урулуп,
Асмандап булут жасалып,
Булут ойноп ачылып,
Адис мерген Күлчоро
Кудай билет чын болсо,
Тайбуурулдун жанына
Акканкынын белине
Мааналап койгон Аккелте
Арта салып шыкаалап
Атып калган жер ошол
Аткан жерден тийди эле.
Бат атары басылуу
Түтүнгө-түтүн кошулду.
Манастан калган Аккелте
Ок-даарысы катылуу.
Тегеренип далдактап,
Уча албай Карат далдактап,
А дегенде тийди эле.
Жерге түшө бергиче
Адис мерген жетим кул
Сегиз атып ийди эле.
Канатттарын талкалап.
Кудай билет чын болсо,
Аткан жерден ок тийип,
Кара боорун жарды эми.
Адис мерген Күлчоро
Күндү ачып салды эми.
Тегеренип калдактап
Чынкожо жакын барды эми.
Аккелте үнүн укканда
Удаа-удаа атылган
Удаалаш үнү чыкканда
Булутту Чоро ачканда.
Чынкожонун учкул ат
Тегеренип калдактап,
Ок-дарысын салмактап,
Жерди көздөй жакындап,
Имерилип алганда
Калалуу коргон чарбакка,
Баашаны баскан бармакка,
Айланса болот арбакка,
Манастын уулу бакырып,
Баабедин айтып чакырып,
Эр Баабедин колдо деп
Мен секетиң кетейин.
Коркуп качып койбо деп,
Кийген тонун чечкен жер
Манастын уулу бакырып,
Жанына чуркап жеткен жер.
Жерге Карат тийген жер.
Тумшугу жерге тийген жер.
Чынкожонун Караты
Аккелте огу тийгенде
Талкаланып канаты
Аты өлүп, өзү аман
Өтүп кетет көп заман.
Талкаланып Караты
Аман түшүп Чынкожо

Каргадай болгон Күлчоро
Айдалыдан алды эми.
Тоодой болгон Чынкожо
Торгойдой болгон Күлчоро
Кармалашып калды эми.
Баланы жерге чабарда,
Башын алып салаарда,
Берди кудай ошону.
Манастын уулу Семетей
Бекем карма чочкону.
Бакырып үндү салган жер,
Баланы майып кылаарда,
Абасы жетип барган жер.
Баатырдын үнүн укканда,
Кармагын деп чыкканда,
Эт жүрөгү болк этип,
Эсинен танып солк этип,
Кое берет баланы,
Чынкожо токтоп калган жер.
Канкордун уулу Семетей
Семетей жетип барган жер.
Кара болот Зулпукор
Кармады колго сабынан,
Манастын уулу Семетей
Ал да тартып алды эми,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Анда-мындай дегиче,
Ар кесме колго алган жер.
Казанбактай кара баш
Кудай билет чын болсо,
Канга тууган Семетей
Башын алып салган жер.
Күлчорого жалынып,
Атакең чапкан жолунан,
Мээнетиңди алайын,
Аккелте аткан колунан,
Таппаган адам оюнан,
Машааны баскан бармагың,
Мен садагаң кетейин,
Айланса болот арбакка,
Жаман айтып койбо деп,
Айткан кепке кылчактап,
Каргадай болгон Чоросун,
Сыга кармап кучактап,
Ыйлап турат кудайга,
Канкордун уулу Семетей
Баатырдын көзүнүн жашы
буурчактап,
Манастын уулу Семетей
Каргадай болгон Күлчоро
Жарадар болуп жатканда,
Капаланып кеп айткан
Кара чунак оңбогур
Тилимди албай койдуң деп,
Душмандык кылдың деп айткан.
Өлгөнү жатсам билбейсиң,
Өз бооруңдай көрбөйсүң,
Баргын десе болбойсуң,
Тилимди алып койбойсуң,
Болбой мойнуң толгойсуң,
Ажыбай менен Түмөнбай
Арачы кылып келбейсиң.
Айчүрөктү бербейсиң
Канкордун уулу Семетей
Капа болуп ыйлаган,
Канга тууган чунакты
Тил албайт деп кыйнаган,
Аккелте колго алганда
Ачуусу менен Күлчоро
Кучактап жаткан олпокту
Колунан жулуп алганда.
Бастырып буудан мингенде
Манастын уулу Семетей
Аккелте атсам ок жетпейт
Сур жебе тартсам жаа жетпейт
Жерде жүргөн неме эмес
Жагалмайдай айланып
Зарлап калган Семетей

Жетим жүрүп жетилген,
Чыңаган темир жүздөнгөн,
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Абакесин ыйлатып,
Аттанып Чоро барган жер.
Айлам кандай болот деп,
Араң жаткан абасы,
Акмалап басып калган жер.
Талмазардын оюна,
Коңур айыл чоң мазар,
Барган баса жолуна.
Мылтыгын кармап түтүнүн
Асмандап учкан Кожону
Күлчоро атып түшүрүп.
Аккелте үнү заңк этип,
Асмандап учкан Чынкожо
Айланып түштү жалп этип.
Манастын уулу Семетей
Бакырып үндү салган жер.
Чынкожо жерге түшкөндө
Өзү баатыр өңдөнүп
Качпа, качпа, качпа деп,
Коркпо, коркпо, коркпо деп,
Арбаң-сарбаң жүгүрүп,
Араң жан болгон Семетей
Чынкожо жерге түшкөндө
Аркардан катуу жүгүрүп
Манастын уулу Семетей
Кара баткак чалчыкты
Капталдап чыккан балчыкта
Өтүгү менен кечкен жер.
Канкордун уулу Семетей
Күлчоро менен Чынкожо
Жакалашшып турганда
Жаралуу баатыр жеткен жер.
Кылычын кындан алган жер.
Кыя чаап салган жер.
Ак саамай чачы бурулуп,
Канкордун айткан кебине
Каргадай болгон жетимдин
Алтындай жүзү кубарып,
Оң саамай чачы бурулуп,
Он экиде жетимдин
Күмүштөй өңү кубулуп,
Атаңдын көрү дүнүйө
Ак була кийим быртыш жок,
Ар кылганым татыбай
Мен жетимде ырыс жок.
Кандагай кийсе быртыш жок.
Канчалык кылсам татыбай
Мен жетимде ырыс жок.
Жараткан алда бир кудай
Энеден элкин калгыча,
Атадан жалгыз калгыча,
Жаратпай койсо не болот.
Жасады кудай башында
Алып койсо болбойбу
Бу көрөкчө жашымда
Канкордун айткан кебине
Ошо баланын көөнү бөлүнүп,
Ошо айнектей көзү киртийген
Душмандык кылдың деп айтып.
Абакеси кеп айтып.
Жетимге кеби бек тийген,
Жекендей көзү киртийген,
Жетим кулга бек тийген,
Кагылайын абаке,
Ыраазымын өзүңө.
Кантейин кечеги айткан сөзүңө
Аккелтең мына ала гой,
Аколпок мына кийе гой,
Бууруулуң мына мине гой,
Оң далыңа асынып
Аккелте жонго сала гой.
Ок-даарыны артынып,
Эми Чүрөгүңө бара гой.
Бала жетим жинди кул
Кайгы тартып камынып,

Душмандык кылдың деген соң,
Күлчоро ыйлайт зарылып,
Манастын уулу Семетей
Баланын түрүн көргөндө
Белине саадак кадагым
Мен садагаң кетейин,
Мына абакең сага садага,
Колуна саадак алганы,
Өтүп кетти сөөгүмдөн
Мен садагаң кетейин,
Сенин айткан арманың.
Буурулду өзүн мине гой
Билгениңдей жүрө гой
Атаңдан калган мураапы
Аколпок тонду кийе гой.
Мына бу абаңдын атын мине гой.
Мен садагаң кетейин
Билгениңдей жүрө гой.
Ат куйругун өргөнү
Күлчоро сени ыйлатып,
Курусун абаңдын тирүү жүргөнү.
Мен садагаң кетейин,
Кечээ жарадар болуп алсырап,
Жатып калдым кансырап,
Эсилим жыйбай эндиреп,
Эсим ооп кеп айттым.
Тумшугу жок курган жан
Душмандык кылган турат деп.
Ушу кепти не айттым
Баланын түрүн көргөндө
Манастын уулу Семетей
Бакырып үндү салган жер.
Кагылайын абаке,
Кантесиң капа болосуң,
Сен бу ишти качан коесуң,
Жаныңда турган иниңди,
Сен үчүн кудай жараткан,
Береги чочко Кожону.
Кечээ бирге жүргөн бир тууган,
Муну жүргөн жерден ким кууган,
Бейлине шайтан толгондо,
Туугандуу киши болгондо,
Айчүрөктү алам деп,
Аскерди жыйып алганы.
Арбак урган чочкону
Бир канчалык адамдын
Убалына калгамын.
Казандай болгон кара баш
Аласалып токтобой
Калкандай кулак көрүнүп,
Карап турса Семетей
Маңдайы жазы жан экен
Баатырдыгы бар экен.
Өлбөсөм Бээжин барарда
Асмандап учуп айланып,
Жолдош болчу эр экен
Чынкожону өлтүрүп,
Кезекти кудай келтирип,
Эр Семетей Күлчоро
Эчтемени элебей
Өзүнчө жатат кан
Карат минген Кожонун
Ок-даарысын алган жер.
Куржунуна салган жер.
Тон-тоноосун чечкен жер.
Чынкожо башын кескен жер.
Алакан жайган баатырга
Кечээ Манас баатыр барында
Бастырып Кожо жүрчү эле.
Олжону өзү билчү эле.
Ою менен алчу эле.
Арстан Манас эр баатыр
Катылганды кан кылып,
Кабылганды жай кылып
Ойсуратып салчу эле.
Үй эңшерип, эр сайып,
Каарланып жоо сайып,
Кармашканды жеңчү эле.

Кайраттуу болуп жүргүн деп,
Качпай жоого тийгин деп,
Чынкожону билгин деп,
Чынкожо олжо келчүү эле,
Сүйгөнүнө берчү эле,
Атасынын батасы,
Алакан жайган бата урган,
Кезекти кудай келтирген,
Асмандап учуп айланып,
Ат минүүгө камданып,
Кем акылга алданып,
Тон кийүүгө камданып,
Манастын тонун кием деп,
Баланын атын минем деп,
Чыккан экен чамынып,
Калган экен Чынкожо
Текеберге кабылып.
Асмандап учкан Кожону
Каргадай болгон Күлчоро
Атып жерге түшүрүп,
Атышкан жоосун бүтүрүп,
Кезекти кудай келтирип,
Кереметтүү Күлчоро
Айланып учкан Кожону
Атып салып өлтүрүп.
Абакеси Семетей
Ак була тонун чечкен жер.
Башын алып Кожонун
Мурун биздин эл эле,
Бу да болсо шер эле,
Каргага көзүн ойдурган
Кара жору, кузгунга.
Чынкожону тай кылбай
Улуктугун көрдүңбү?
Тепкедеги оогандай
Мал кайтарган малчыдай,
Малай болгон жалчыдан,
Жайытка чыгып, жер чалып,
Анан алып Семетей
Көр каздырып көмдүрүп,
Жаназасын окутуп,
Күлчорону ээчитип,
Аттатып жолго салган жер.
Чынкожону өлтүрүп,
Кайра тартып калган жер.
Эр Багыштын эр Толтой
Чынкожо качан келет деп,
Асмандап учуп алгандыр,
Ала көөдөн дардаңды,
Чынкожо атып салгандыр.
Оболоп учуп айланып
Ок-даарысын байланып
Канчоросун аткандыр.
Күлчоросун сойгондур
Кармашканы үч киши
Үчөөнү аттып койгондур.
Бугулуунун оюнда,
Бууралуунун боюнда,
Кете турган жолуна,
Казан асып, эт бышып,
Отун алып от жагып,
Жанындагы жолдошко,
Баатыр Толтой кеп айтып,
Акункандын дүнүйө
Капа болбой жүргүлө
Баарыңа жетет деп айтып.
Акундун кызы Айчүрөк
Казат кылып кан төгүп,
Кагылышып турганда
Канчоро менен Күлчоро
Өз агасы Түмөнбай
Кыргынды катуу кылганда.
Болукшуган эр Толтой
Жеткайтка жете келчүдөй
Качып жолго салганда,
Акундун кызы Айчүрөк
Жолунан чыга калганда,
Арстаным төрөм кантесиң

Менин көөнүм сенде эле.
Баладан качып минтесиң
Ободон булут ачылат,
Урушка түшүп басылат,
Каалаганым сен болсоң
Караганым сен болсоң
Асмандан булут ачылат,
Атыша түшүп басылат.
Аркамдагы жеримде
Атактуу Кожо жээнимди
Эчендерден кеп угам
Асмандап учуп айланып
Атып кетет деп угам.
Эки бирдей баласын
Эр Семетей абасын
Эмгиче атып койгондур.
Эрке төрө сен жангыз
Бир атадан мен жаңгыз
Тилек тилейм кудайдан
Жараткан алда бир кудай
Сага качып коет деп.
Жаңгыз бала Семетей
Акылы жок турбайбы
Ээчиткени эки жан
Элдин жолун тосот деп,
Акундун кызы Айчүрөк
Эл урушуп турганда
Эки чоро кырганда,
Калк карап турганда,
Кара чаар баатыр кырганда,
Кайра тартып толгонгон.
Жедигердин каны эле
Кайтайын деп ойлонгон
Канчорого кабылбай,
Күлчорого табылбай,
Сары өзөнгө салганда,
Кайтмак болуп калганда,
Айчүрөк чыккан жолунан.
Качпа төрө, качпа деп,
Акылыңдан шашпа деп,
Алуучу зайбың мен элем,
Кармаган Толтой колунан
Толтой качып кетерде
Акундун кызы Айчүрөк
Жеткайтка Толтой кетерде
Эки жол чыккан жолунан
Кайра тартып мааналап,
Чүрөктүн көөнү менде экен
Кантип албай кетем деп.
Ошондо эр Толтой жүргөн каралап,
Агындуу сууну бойлошуп,
Семетей менен Күлчоро
Аркар атып ойношуп,
Бугулуу тоону бойлошуп,
Бурулуп бугу атышып,
Кездешкен жоону союшуп,
Арага эки конушуп.
Бүркөлгөн кабак ачылып
Бала менен баатырдын
Көңүлдөрү жазылып.
Агындуу суунун боюна
Алмалуу тоонун оюна
Күлчоро менен Семетей
Ат өргүтүп жаткан жер.
Канчоро менен Түмөнбай
Жоону сайып жеңгенде
Казатка кирген айбы жок.
Күлчоро менен Семетей
Кайда жүргөн дайны жок.
Экөөнүн дайнын билем деп
Эми издеп көрөм деп.
Калың кара оогандан
Калк четинен кеп угуп
Канкордун уулу Семетей
Кайра тартып келе элек.
Кайын журтун көрө элек
Кармашып жоону жеңгенби?
Катары кетип өлгөнбү?

Аркар атчу мергендей
Соода кылчу кербендер
Жол чалышып баргандар
Чоң Үргөнчтүн боюнда
Алмалуунун оюнда
Эки киши бар деди
Жанына жакын барбаптыр
Барып жоого тийбептир.
Түрү башка экен деп,
Көрүнбөй жолго салыптыр.
Эки кербен үч мерген
Ошолор келип кеп айтты,
Ээн жерде эки жан
Ошерде жатат деп айтты.
Ат агытып откозуп,
Аркар атып топтошуп,
Бул экөөнү көрдүк деп,
Көрүп качып келдик деп,
Бекмырза мерген кеп айтты.
Мен көрүп келдим деп.
Канетсе ошо болбосо,
Ок жаадырып айланып,
Оболоп учуп алчу эле.
Ойдо жүргөн жандардын
Чын ачуусу келгенде
Басып жүргөн мал койбой,
Үрүп жүргөн ит койбой,
Чынкожо атып салчу эле.
Чынкожо атып салганбы?
Манастын уулу Семетей
Атылып өлүп калганбы?
Кербенчиден кеп угуп
Акункандын шаарына
Келелек төрө деп угуп.
Болсо болоор ошо деп
Болукшуган Канчоро
Беттешкенин мерт кылып,
Кармашканын кан кылып,
Канчалыкты жай кылып,
Толукшуган Канчоро
Ок-даарыны алган жер,
Суртелкиге салган жер.
Иниси менен абасын
Улук төрө абасын
Экөөнү издеп калган жер.
Улуу-Суунун боюнда
Алмалуунун оюнда
Эт бышырп жай жатат.
Жан казанга толтура
Аркар эти кайнабайт.
Актелки менен Буурулду
Ээр токумун алыптыр,
Ат жайдакттап талаага
Семетей менен Күлчоро
Чынкожону өлтүрүп,
Эки конуп калыптыр.
Аш-тамагын ичерде
Жан казанын аларда,
Канжыгага чаларда,
Кайра тартып ооганга,
Семетей, Чоро бapарда,
Канчоро калды кабылып,
Абакелеп жалынып,
Калдым сизди сагынып,
Саламат жаның сакпы деп,
Эсен жаның сообу деп,
Эсим чыгып мен ийдим.
Кагылайын абаке,
Экөөңү аман мен көрдүм.
Ай булутка бураса,
Жараткан алда кудайга.
Эми болдум ыраазы,
Жоо бөрүсү жиндилер.
Учурашып көрүшүп,
Кучактышып өбүшүп,
Азат бою эришип,
Амандашып көрүшүп,
Беттеринен өбүшүп.

Эр Семетей кеп айтып
Асмандап учкан Кожону
Берди кудай ошону
Бөбөгүң атып түшүрдү
Шыгайдын уулу Чынкожо
Кылганы журтка даң Кожо
Өз кылганы өзүнө
Текебери жетти деп,
Абакем башын кыйды деп,
Айтып турат Күлчоро.
Кабагым-кашым дебеген
Канкордун уулу Семетей
Эки Чоро эрмеги
Кең-Үргөнчкө келгени.
Алмак турсун Чүрөктү
Аскерден камоо көргөнү.
Айдап жүргөн дөөлөрдү
Атыша түшүп өлгөнү.
Маңдайында багы бар
Бала төрө атыккан
Аттанып жоого тийгенде
Атасынын шаңы бар.
Аш кошушуп сүйлөшүп,
Бала Чоро кеп айтат:
«Чүрөктү алчу Толтойду
Табалы издеп деп айтат.
Айбалта кылыч байланып,
Атышкан жоону жайланып,
Канчоро уккан кеп эле
Жеңекеси Айчүрөк
Кетелек Толтой деди эле.
Чынкожо аттан түшө элек
Чынкожо кабар берет деп
Күдөрүн Толтой үзө элек.
Ниеттеши Чынкожо
Атылганын биле элек.
Атынын изин чалалы
Толтойду издеп табалы.
Эр Толтойдун мингени
Эки чоро, бир төрө
Жин ургандай шалкылдап.
Жоо-жарагы жаркылдап
Манастын уулу кеп айтып:
«Асты кийин аңдыгын,
Бир-бириңди жандагын,
Бөлүнүшүп калбагын.
Бөлүнүп уруш салбагын,
Мен көрдүм канча зордукту
Катынып жаткан жер болсо,
Бекинген мерген эр болсо,
Кокустан атып салбасын.
Ок жаңылып калбасын».
Ошо канкордун уулу Семетей
Канзаада өңдүү кеп айтып
Бөлүнбө балдар деп айтып
Кундуздуу көлдү этектеп
Үч бөрүнү көрдүңбү
Кокустан бекинип аткан жоо болсо
Көрсө качып кетет деп
Манастын уулу Семетей
Адырлуу тоону бакалап
Аттын изин тамандап
Бу жетим кул Күлчоро
Кундуздуу көлдү бойлоду.
Кундуз атын ойноду
Кара-Көлдүн четинде
Кечке жуук бешимде
Созулуп түшүп көрүнөт.
Бекинип жаткан экен деп
Үч жерге үчөө бөлүнөт.
Ашуусу кыя Ак-Жарды
Маана кылып алыптыр.
Жедигер каны эр Толтой
Жанын бекке салыптыр.
Эр Чынкожону келет деп
Эрдемсинген дарданды
Атып келип берет деп,
Кабар угуп Кожодон

Калаага кайра барабыз,
Айчүрөктү алабыз,
Мунарган түтүн бөлүнүп,
Манастын уулу Семетей
Буурулду минип болкулдап,
Жеке желип солкулдап,
Эки көзү алактап,
Эки буту шалактап,
Көңүлүн басып, көз ачып,
Жоону жеке жеңгенсип,
Жеке жеңип келгенсип,
Куурайлуу-Кыя, Кош-Ашуу
Буга чыгып барды эми.
Кудай артык жараткан
Манастын уулу Семетей
Толтойду көрүп алды эми.
Тааный албай маң болуп,
Койнунан дүрбү алды эми.
Болотттон кылган сабы бар
Айнеги алтын дагы бар
Бой тумар өңдүү кабынан,
Алды тартып кабынан,
Кармады колго сабынан.
Үзөңгү тээп чалкалап,
Көзүнө дүрбү алды эми.
Канкордун уулу эр неме
Бейжай дүрбү салды эми.
Кашкарга кетчү Кара-Жол
Толтойду издеп жол чалып
Манастын уулу баатырга
Мунун өзүлөрү кол салып,
Абийринин кеткени.
Жеткайтка барып кеп кылып,
Манастын уулу дардаңдын
Катынын барып алам деп,
Акундун шаарын чабам деп,
Чынкожо, Толтой эки дөө
Алмак турсун Чүрөктү
Аскери кыргын көргөн жер.
Баатырдын уулу Семетей
Алды-алдынан бөлгөн жер.
Асмандап учкан Кожону
Күлчоро атып салган жер.
Караламан душманды
Канчоро атып салган жер.
Айзага таккан желектер
Атадан калган белектер
Кармашып жеңип алган жер.
Чынкожо болсо алдык деп,
Толтоюн таппай калдык деп,
Аты күлүк деди эле,
Айланып Толтой жүргөндүр.
Алтын туяк, жез канат
Ишенип атын минген жер.
Аттанып чалгын чалалы
Толтойду таап алалы.
Үч бөлүнүп жол чалып
Кабылып калаар бекен деп,
Ортосун алды Күлчоро
Ополду көздөй бет алып,
Ошондо жүрдү Канчоро.
Манастын уулу Семетей
Колуна дүрбү алганда
Карарган мунар жайык чөл
Семетей дүрбү салганда.
Ат куйругун түйүшүп,
Мергендер атка минишип,
Аскадан ого ашыптыр,
Мергендерин жиберип,
Атактуу Толтой эр баатыр
Өзү кошо жатыптыр.
Манастын уулу Семетей
Толтойду көрүп алыптыр.
Кудай берет экен деп
Толуктап дүрбү салыптыр.
Мынтыгы бар колунда
Мергени бар жанында
Эр Багыштын Толтойу

Куралып аскер барганда
Коюп кеткен чеги бар.
Белгилеп кеткен жери бар.
Атылган жоону койгондо
Канчоро менен Күлчоро
Кансыратып салганда,
Айланып учкан Чынкожо
Канкордун уулу Семетей
Чынкожо андып калганда,
Толтой кайра качаарда
Чынкожо келип кеп айткан.
Сен кетпегин деп айткан.
Алакөөдөн канкордун
Колго колу байлансын,
Атың арык болгондо
Аламын деп дардактап,
Аскерди кырып койгондо,
Астындагы Караттын
Карат менин канатым.
Жердеги жүргөн жан эмес
Айланып учкан канаттуу
Менин атып алчу адатым.
Ай бүркөлсө тутулбайт
Ала көөдөн иттерди
Ал менден аман кутулбайт.
Асмандап учуп айланат
Кара көзүн оемун
Канкордун уулу дардаңдын
Арстан Толтой эр досум
Бир күнү атып коемун.
Көңүлүңдү бурба деп,
Көпкө шылдың кылба деп,
Санааңды башка бөлбө деп,
Айланып тиет колуңа
Жамандык алба оюңа.
Акундун эли ооганда
Атка минип чыккамын
Тилегин айтып терeңдеп
Акундун кызы Чүрөктү
Өзүңө алып берем деп.
Эр Чынкожо кеп кылган
Эр Багыштын Толтою
Бала Чоро кезигип
Кабылып уруш салган жер.
Маңдайына барган жок
Чынкожонун барында
Баатыр Толтой көөнү ток.
Чынкожо кабар берген деп,
Баатырсынган дардаңды,
Аттым деп Кожо келет деп,
Айчүрөктү алам деп,
Семетей минген бууданды
Суркоенду Кожом деп,
Кетпей жолун тосом деп,
Шурубектин алтын көз
Даана мерген жан экен.
Жаш кезинен үйрөнүп,
Адис болгон бала экен.
Арстан Толтой алыптыр
Айчүрөктү алам деп,
Кетпей жатып калыптыр.
Манастын уулу Семетей
Дүрбү салып көргөн жер,
Ат ойнотуп кыйкырып,
Эки инисин чыкырып,
Байрак алып бакырып,
Эки инисин чакырып,
Келгиле менин кашыма.
Кара-Зоонун оюнан
Кадиктүү мыкты эр жатат,
Кадиктүү мыкты шер жатат,
Канетсе Толтой эр жатат.
Жүргүлө баралы
Манастын уулу Семетей
Же Толтойбу, башкабы?
Абыдан таанып алалы
Эр Багыштын Толтойу
Элпек киши деп угам,

Өлтүрбөй кармап келели.
Зор Акундай улукка
Малай кылып берели.
Бала төрө эр Семең
Манастын уулу эр немең
Атка тердик салган жер.
Толтой кан жаткан жерине
Семетей жакын барган жер.
Эр Толтойу мергени
Астынан тосо келгени
Мылтык атып, жаа тартып,
Бүлүндүрөт көп окту
Маңдайлашып алалбайт
Атылган окко даай албай.
Актелки менен Суртелки
Катуу жолго салды эми.
Атып турган мергенди
Кан Манастын үч бөрү
Тегеректеп калды эми.
Манастын уулу эр Семең
Аны атып салды эми.
Аккелте үнү заңкылдап,
Жер жарылып тарсылдап,
Бурулуп түтүн көп чыгып,
Кан Манастын Аккелте
Ачуу үнү бек чыгып,
Тоо жаңырып таш кулап,
Жер жарылып жар урап,
Көчкү жүргөн эмедей.
Аккелте колго алган жер
Толтой эрдин шеринин
Семетей атып салган жер.
Кудай уруп салган го,
Семетей өлбөй калган го,
Аккелте үнү экен деп,
Атып жүргөн ким экен,
Эр Багыштын Толтойу
Эки жагын чалган жер.
Элеңдеп карап калган жер.
Манастын уулу кайран шер,
Кудай бетин көргөзбө,
Оң колунда Аккелте
Каруусунда Айбалта
Кабыргада Аркесме
Караса көздөн кан тамган.
Караган киши жазганган.
Жөө туман көздөнгөн,
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Ошондо Күлчоро тирүү көрүнөт.
Жазы маңдай, жайык төш,
Кабагы бийик, жаргак көз,
Оңколуу мурун өңү саз,
Канчоро шаңы көрүнөт.
Канчоро менен Күлчоро
Канкордун уулу Семетей
Өлө элек тирүү экен
Жеткизбей качып кетем деп,
Желтаман туулган Суркоен
Атка тердик салган жер.
Баатыр туулган эр Толтой
Ок-даарыны чачкан жер.
Балдардын түрүн көргөндө
Манастын уулу Семетей
Жакын кирип келгенде,
Ыргып атка минген жер.
Кудай билет чын болсо,
Белине саадак чалган жер.
Бөрүлөрдү көргөндө
Тайгандай качкан коендой,
Суркоенго камчы урган жер,
Толтой кан качып калган жер.
Канкордун уулу Семетей
Камбардын уулу Канчоро
Каргадай болгон Күлчоро
Качпа Толтой, качпа деп,
Абийириңди ачпа деп,
Үн улашып кыйкырып,
Качканда кайда барасың,

Кутулуп кетчү сен эмес,
Кутказып ийчү мен эмес,
Манастын уулу Семетей
Тоодактын ою чоң талаа
Толтой жолго салды эми.
Семетейди көргөндө
Толтой качып калды эми.
Эр Толтойдун колуна
Антташкан эки досуна
Бала чунак барды эми.
Алтоону атып салды эми.
Каргадай болгон Чорого
Кармашып киши барбаган,
Кабылган тирүү калбаган,
Кездешкен киши барбаган,
Кездешкен тирүү калбаган,
Эр Багыштын Толтой кан
Бедери бар бетинде,
Каары бар көзүндө,
Кактелкинин үстүндө.
Семетейге кеп айтып,
Мен саяйын деп айтып.
Кактелкини камчылап,
Кара мырза жайрагыр,
Этек-жеңи жайылып,
Астындагы Көктелки
Туягы жерге сайылып,
Толтой качты камынып,
Кашкардын жолу кайрылыш
Толтой жолго салды эми.
Күлчоронун Кактелки
Бала Чоро желдирип,
Аты жетпей калды эми.
Бээжиндин жолу белгилүү
Муну көздөй салды эми.
Көктелки менен Суртелки
Экөө жетпей калды эми.
Толтой кандын бууданы
Бута бою аң келсе,
Мындан өтөт буйдалбай.
Айза бою жар келсе,
Андан өтөт буйдалбай.
Талаа-талаа түз келсе,
Этек-жеңи жайылып.
Астындагы Коендун
Буягы жерге сайылып,
Кууп атса ок жетпейт.
Кармашууга кол жетпейт.
Үч-Төкмөнүн Кара-Жол
Суркоенго койгулап,
Качып Толтой барды ошол.
Көктелки менен Суртелки
Чунак балдар желгенде
Аты жетпей калды ошол.
Манастын уулу Семетей
Буурулга камчы урган жер.
Качып калган Толтойдун
Артынан түшүп кууган жер.
Көк ала чап, кең жайык
Муну көздөй салды эми.
Манастын уулу Семетей
Мындан жетип сая албай
Семетей өксүп калды эми.
Эр Толтойдун Суркоен
Тартып атса жаа жетпейт,
Мылтык атса ок жетпейт,
Басканына мал жетпейт,
Кара-Тоону бөксөлөп,
Эр Багыштын Толтойу
Жолду чалып койуптур.
Каччу жолду төтөлөп,
Катар-катар кыр келет,
Кокту-кокту жер келет,
Манастын уулу Семетей
Бакырыгы бир башка,
Алдындагы Тайбуурул
Бакырыгы бир башка
Алдындагы Тайбуурул

Кара тер басып кызыган
Качырып жоого тиерде
Башын жерге салуучу
Тарпаң-турпаң жүгүрүп,
Кармаша чыгып жоо келсе,
Аты жетпей калуучу.
Куш-Текейдин узун жол
Буга Толтой салды эми.
Куюн болуп кубулуп,
Көк түтүн болгон бурулуп,
Чаң буркурап асманга
Семетей келе жаткан
Улам-улам алтын жаа
Аткан менен ок жетпейт.
Жедигердин Толтойу
Узун жолго салган жер.
Буурул атка жеткизбей
Толтой качып калган жер.
Адыры майда, кум талаа.
Качкан Толтой салды эми.
Манастын уулу баатырга
Бет алышып кабылбай
Толтой качып калды эми.
Суу акпаган кең сайга
Жедигердин Толтойу
Кирип барды ал сайга.
Бел кыяны ашкыча
Аны ашып качкыча
Бериште минген Тайбуурул
Жетти ошондо закымдап.
Манастын уулу Семетей
Кудай бетин көргөзбө
Карагай найза сунуш
Караган көзү кылгырып
Темир айза сундуруп
Тиктеген көзү кылгырып
Кудай бетин көргөзбө
Үч кайкыдан өткөндө
Үч алага жеткенде
Жер жарылып суу чыгат.
Качпа, качпа, качпа деп,
Бериштеси барганбы
Жолдоп жүргөн бирлери
Желтаман туулган Суркоен
Чылбырынан алганбы.
Кайыптан бүткөн Тайбуурул
Жетмек болуп калганбы?
Бала баатыр Күлчоро
Үнү кайдан чыкты деп,
Арстан Толтой эр баатыр
Эки жагын чалган жер.
Үстү-үстүнө камчы уруп
Өрүктүүнүн оюна,
Куру сайдын боюна,
Толтой жетип калган жер.
Көк жалдын уулу Семетей
Буурулду кудай урду деп,
Качып калган эр Толтой
Кутулмак болуп турду деп,
Караган саптуу Каканга
Кармап колго имерди.
Арам өлгөн союлгур
Эмине болуп калды деп,
Кара сандын үстүнө
Тартып, тарттып жиберди.
Кудай билет чын болсо,
Ийри-Суунун боюна,
Чоң-Ополздун оюна,
Толтой жолго салган жер.
Эти ачылып буудан ат
Ошерде жете барган жер.
Өлчөлүүнүн өзү деп,
Өлүүчү жердин тушу деп,
Ай далынын үстү деп,
Жүрөгүнүн башы деп,
Өпкөсүнүн өзү деп,
Өөдө-өөдө жер келсе,
Өксүп учуп баратат.

Ылдый-ылдый жер келсе,
Жаза сайып баратат.
Темиркендүү жээкке
Суркоенду камчылап
Толтой кирди жээкке.
Кара-Суудан өткөн жер
Кайыптан бүткөн Тайбуурул
Суркоенго жеткен жер.
Манастын уулу Семетей
Эки далы ортого
Чоң жүрөктүн толтого
Жетип айза салган жер.
Тоодой болгон чоң Толтой
Суркоендун үстүнөн
Томолонуп калган жер.
Тоодон көчкү көчкөндөй
Манастын уулу Семетей
Эр Толтойду кулатты.
Кудай урду Сур атты
Толтой жатып калган соң
Айчүрөктүн бериси
Атын адам билбеген
Чоң Сайкал мунун жолдошу.
Чылбырдан кармай калган жер
Манастын уулу Семетей
Буурул ат жеткен эмедей
Коенду кармап алган жер.
Ак жибектеп өрдүрүп,
Ар кайсы жерин тердирип,
Бала Толтой кайран эр
Жаагында каркытты
Сары алтын менен чаптырган.
Узундугу үч кулач
Чылбырды илип алган жер.
Манастын уулу Семетей
Чылбырын белге чалган жер.
Эр Толтойдун Суркоен
Алданын салган жолуна
Бир кудай салып оңуна
Манастын уулу баатырдын
Суркоен тийип колуна
Канкордун уулу Семең
Жоонун атын караса,
Жан-жагына көрүнөт.
Буурулдан өөдө көрүнөт.
Коенду кармап алган жер.
Толтойду сайган жеринен
Канкордун уулу Семетей
Кайра тартып барган жер.
Өпкө боору кан менен,
Өлөр-өлбөс жан менен,
Тула бою кан менен,
Чыгар-чыкпас жан менен,
Алагар көзү сүзүлүп,
Айчүрөк алчу кан Толтой
Акырет сапар жол тартып,
Кетүүчүдөй үзүлүп,
Манастын уулу Семетей
Кара болот Зулпукор
Сууруп кындан алган жер.
Катынын алчу Толтойду
Келтирди кудай кезекти
Башын алып салган жер.
Кара мүртөз боору таш
Канкордун уулу Семетей
Кадимки Толтой баатырдын
Тон-тоноосун алган жер.
Ок-даарыны толтура
Кол куржунга салган жер.
Бала төрө кайран эр
Көтөрүлүп дардайып
Ошондо көкжалдын уулу Семетей
Суркоенду жетелеп,
Келе жатат барбактап,
Эки окшош Телкиге,
Атка камчы салышты.
Толтойду сайган экен деп
Канчоро менен Күлчоро

Соогат аба, соогат деп,
Астын тосуп жаркылдап,
Манастын уулу Семетей
Жакын кирип барганда,
Эр Күлчоро кайран эр
Кагылайын абаке,
Сымбаттуу сулуу меники,
Суурулган күлүк сеники,
Керектүү күлүк меники,
Канчоро келет бакылдап.
Канкордун уулу Семетей
Балдарга келди жакындап.
Жеткениң жетип алгын деп,
Жетпегениң калгын деп,
Калыс деген абасы,
Белимдеги оролгон
Белден чечип алган жер.
Күлчоро жетип алсын деп
Чорону көздөй ыргытып,
Манастын уулу Семетей
Айдалысын салган жер.
Каргадай болгон Күлчоро
Чылбырын илип алган жер.
Өзүм мурун жеттим деп,
Канчоро келип кол сунса,
Күлчоро бербей койгон жер.
Манастын уулу Семетей
Толтойду сайып койгон жер.
Өзүмдөн кичүү баланы
Атаңдын көрү дүйнө күн
Калыстык кылбайт абам деп,
Эр Канчоро баатырдын
Көңүлү кирдеп калган жер.
Көтөрүлүп Семетей
Өзү жеңген эмедей
Бала төрө балбактап,
Баатырдын уулу Семетей
Көтөрүлүп дардактап,
Эки колду токтотуп,
Эрикпестен жоо сайдык
Эчен күнү уруштук
Ат эс алып калсын деп,
Ээр токумду алдырып,
Аттарга ыраң чалдырып,
Манастын уулу Семетей
Кайраты бар Канчоро
Жаш секелек Күлчоро
Кармашкан жоону алган жер.
Ат откозуп токтолуп,
Кармашкан жоосун жеңген жер.
Эр Толтойдун бууданын
Күлчорого берген жер.
Жоону жеңип алганда
Асмандап учкан Кожону
Күлчоро атын түшүрүп,
Кармашкан жоосун бүтүрүп,
Толтойду сайып чалкалап,
Кармашкан жоосун талкалап,
Атасы Манас баатырдын
Арбагы колдоп жоо жеңип,
Канкордун уулу Семетей
Кечөө калың кол жаман болгондо
Манастын уулу төрөсүн
Акундун кызы Айчүрөк
Атказып жолго салганда.
Жаман камап беш улук
Артынан камап барганда
Канчоро менен Күлчоро
Качырган жерден эр сайган.
Канчаны катар бир сайган.
Үзөңгү буттан тайышкан
Жарым ай жатып сайышкан
Ат куйругун өрө элек
Аттанып жоого чыкканы
Акундун калкын көрө элек,
Басташкан жолго сала элек,
Кайрылып кайта бара элек,
Кечөө казатты катуу кылганда

Канчоро менен Түмөнбай
Төлөк менен Толтойдун
Аскерин койдой кырганда
Чынкожонун жолдошу
Төлөктү кармап сойгондо,
Жоо бөрүсү Төлөктүн
Башын кесип койгондо,
Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Алтымыш түркүн аш алып.
Арбактуу баатыр атанып
Канчоронун келгенин
Качыргандан кайтпаган,
Адамга сырын айтпаган,
Сундурган айза тартпаган,
Туулганы жоодон качпаган,
Семетей жолду баштаган,
Ажалы жетсе өлсүн деп.
Канчоро менен Күлчоро
Экөөнү бөлүп таштаган.
Канчоро кылган кызыкты
Күлчоро салган бузукту
Чынкожо тилин алам деп
Жедигердин калың эл
Алмаңдын уулу Күлчоро
Буту сынган төкөргө
Ат берип Чоро мингизди.
Атасындай Күлчоро
Адылдыгын билгизди.
Өлгөндөн калган аскерди
Өз жолуна киргизди.
Тирүүлүгүн билгизди.
Ажалдан калган адамдар
Башкача баатыр экен деп,
Атадан артык туулган
Жаралган экен улукка
Жакасынан карманып,
Этегине тырмышып,
Жанына кошо кетем деп,
Атасы Манас наркы бар
Аргын, ногой даңкы бар
Элине кошо кетем деп,
Кеп билүүчү чечени
Эл бийлеген башчысы
Кара бүлө аскерге
Акыл салып кеп айтып
Таластын боору кең деген,
Аргын, ногой жердеген,
Биз Таласка баралы
Аргын, ногой журтуна
Тууган болгон аласы.
Кеңколду бирөө жердейин
Кенедей болгон бала экен
Кемиги жок калың кол
Бу баладан өлдү деп,
Кыргынды жаман көрдү деп,
Канчасын бала сойду деп,
Мен багындым дегенди,
Жай жайына койду деп.
Айланып учкан ак Туйгун
Туурга келип конобу?
Адамзат менденен
Ушундай киши болобу?
Арбагы ашкан жан экен
Өзү он экиде бала экен.
Бала менен бир жүрсө,
Билбегенди билгизип,
Туйбаганды туйгузуп,
Уктаганды ойготуп,
Ыйлаганды сооротуп,
Ак саамайы буралып,
Жан болууга ылайык
Багынган эли кеп кылып,
Өлгөнүнөн калганын
Таласка кошо кетмекке,
Убаданы бек кылып.
Бир кудайга жалынып
Төлөк, Толтой аскерин
Өлгөндөн калганы

Күлчорого багынып.
Канкордун уулу Семетей
Чынкожо колун алам деп
Өзүм уруш салам деп.
Кирген экен чамынып,
Манастын уулу Семетей
Жеңген жоого жендирип,
Калган экен Семетей
Жаман жоого кабылып.
Кабылганын айтайын
Кечээ Аколпок тонду чечкенде,
Үргөнчтүн суусун кечкенде,
Өлтүрөм деп күүлөнүп,
Күлчорого жеткенде,
Адылдын уулу баатырдын
Ачуусун тосуп алам деп,
Астынан Чүрөк барганда,
Ачуусу менен кеп айткан,
Албаймын сени деп айткан,
Акундун кызы Айчүрөк
Астына келип жүгүрсө,
Сен өңдөнгөн сексенди
Катын кылып албайм деп.
Өлтүрөр бала өзүмкү
Шумкарымды бергин деп.
Акундун кызы Айчүрөк
Манастын уулу Семетей
Астын тосуп ыйласа,
Кайнатасы Манастын
Арбагын Чүрөк сыйласа,
Манастын уулу Семетей
Албаймын сени деп айткан.
Эрдиги бар, эси жок
Эчтеме иши жок
Текебер сөздү көп айткан.
Айчүрөк келип жалынган
Акундун кызы Чүрөккө
Катуу айтып коем деп,
Манастын уулу Семетей
Текеберге кабылган.
Текебер жетип башына
Манастын уулу Семетей
Чынкожонун астына
Асмандап Кожо ашканда
Айласы кетип жатканда,
Оболоп Кожо жатканда,
Ооруп төрө атканда,
Күлчоро издеп жатканда,
Сен душмандык кылдың деп,
Күлчорого айтканда,
Айткандардын баары чын.
Туштаганы дагы чын.
Аккелте жулуп алганда
Бооруна баскан олпокту
Күлчоро жулуп кийгенде
Каргадай болгон Күлчоро
Тал-Мазарга барганда,
Асмандап учкан Кожону
Күлчоро атып салганда.
Буркурап ыйлап жүгүрүп
Күлчоро атып салды деп,
А кудайлап сүйүнүп,
Эр Семетей жеткиче
Каргадай болгон Күлчоро
Чынкожо башын алыптыр.
Акундун кызы Чүрөктүн
Канчоро деп көп айтып,
Кечээ Айчүрөккө барганда
Беринин кызы Чүрөккө
Бек айтам деп Семетей
Текеберге калыптыр.
Кечээ асмандан учкан Кожону
Күлчоро атып түшүрдү
Манастын уулу Семетей
Кан текебер түшүндү.
Мен садагаң кетейин
Төрө жашымда
Текебер кылдым башында.

Сени айтып кесир деп,
Жеңеңди айттып жесир деп,
Бул айтканың катуу кеп,
Күлчорого жалбарып
Жараткан кудай кечир деп.
Семетей айтып зарланып,
Чынкожо менен алышып,
Манастын уулу Семетей
Атка бутун салганы
Кайда жүргөн дайны жок
Канчоро жетип барганы.
Бир кудайдын жардамы
Атасы Манас арбагы
Жоону сайса ким сайды
Эки чоро тең сайды.
Акылып таап жеңдирген
Бул Акундун кызы Айчүрөк.
Бул Айчүрөк болбосо,
Акункандын шаарына
Жатпайт беле камынып.
Элиме кыргын салдырбай
Акундун кызы Айчүрөк
Семетейге кеп айтып,
Качкан киши өңдөнүп
Кете бергин деп айтып.
Камынган жоону токтотуп,
Айчүрөк жолго салды эле
Мына Айчүрөк жеңбей ким жеңди
Жоону жеңип бердим деп,
Жоону сайган атагы
Семетейге калды эле.
Канчоро менен Күлчоро
Канкордун уулу Семетей
Аттанып жолго салышып,
Толтойду сайып алышып,
Соогат аба, соогат деп
Канчоро менен Күлчоро
Астына келсе жарышып,
Аттын мойнун бурду эле,
Белине чалган чылбырын,
Белден чечип Семетей
Күлчорого урду эле.
Эр Күлчоро жинди кул
Чылбырды илип алды эле
Канчоро көөнүн кирдетип,
Манастын уулу Семетей
Эр Толтойдун Суркоен
Күлчоро мингизип,
Чынкожонун жоо-жарак
Шыйрагын кайра бүктөтүп,
Как Телкиге жүктөтүп,
Калааны көздөй барды эле.
Манастын уулу Семетей
Өзү жеңген эмедей
Буурулду минип барбактап,
Эрдиги бар, эси жок
Ардеме менен иши жок.
Боз кисе бойдо шалкылдап,
Аккелте жондо жаркылдап,
Кылычы белде кыңырап,
Айбалта санда шыңгырап,
Мына бу каруула койкоюп,
Канкордун уулу Семетей
Баатыр төрө келет деп,
Катын-кыздын баарысын
Карап турат жарданып.
Карылуунун баарысы
Жакаларын карманып
Бирөө болсо жаш экен
Бирөө болсо боз экен
Семетей жашка толуптур,
Кармашар чагы болуптур.
Эки бирдей иниси
Экөө окшош алма баш
Энеси эгиз туугандай
Он экиде бирөө бар
Он үчтөгү бирөө бар
Кантип айза салды деп

Чынкожо, Толтой дөөлөрдү
Кадырбай, Төлөк эрлерди
Камаган калың элдерди
Кантип жеңип алды деп.
Эл чогулуп жыйынга
Атакеси Манас баатырдын
Арбагына сыйынып,
Кайнатасы сыйынып,
Сарайына барганда
Жоону жеңип берди деп.
Эрлерге эшик ачтырып
Манастын уулу баатырдын
Садагасын белендеп
Сары алтын дилде чачтырып.
Эчтемени энебейт
Жалгыз тууган көп журтту
Канкор уулу Семетей
Өз башына теңебейт.
Буурулду минип барбактап,
Манастын уулу Семетей
Барды жандап шаарына
Күйөө болуп бүгүлбөй
Кайнатасы Акунга
Зыярат кылып жүгүнбөй,
Канкордун уулу Семетей
Чоң көчөгө барган жер.
Эл чогулуп жол тосуп,
Манастын уулу Семетей
Салам айтса, алик жок,
Айта турган кеби жок.
Баатырлыгы болбосо
Адамдан башка обу жок.
Асмандагы Кожону
Атып келдим ошону.
Аты күлүк жел таман
Жерде жүргөн Толтойду
Жетип сайып мен келдим.
Бетке айтам, баарың ук
Жезденер минген Суркоен
Балдарыма мен бердим.
Манастын уулу Семетей
Барк билбеген эмедей
Канкордун кайран эр
Атасындай аркы жок
Манастын уулу эр жаңгыз
Мактанып элге барган жер.
Акундун кызы Айчүрөк
Элге жаман көрүнүп,
Оолугуп кепти салат деп,
Кайын журтун сураган
Кайнатасы Акундун
Кайнатасы кашына өзү болот деп,
Беризаада Айчүрөк
Бери төрөм тура тур
Мен айткан кепти уга тур
Асмандап учкан Кожону
Аккелте менен ата албай
Атса огуң тийген жок.
От чагылып көзүнө
Ок жаңылып бооруңа.
Жатканыңда мен бармын
Мына он экиде бөбөгүм
Тапканымда мен муну
Атаңдан калган Аккелте
Ай далыңа алтын тон
Алдыңда минген Буурул ат
Шыгайдын уулу качканда
Арага киши салгын деп
Ажыбай менен Түмөнбай
Айтып турат агасы бул экөөнө.
Оңо турган жоо эмес,
Айтчуну аткарып,
Аккелте асынтып,
Аколпокту кийгизип,
Буурулду мингизип,
Береги көргөн иниңе
Айтканда мен бармын.
Ажыбайды алгын деп

Оңо жүргөн жоо эмес
Капталыңан кан агып
Кара-үңкүрдө корголоп,
Жатканда мен бардым.
Асмандап учкан Кожону
Мына бу каргадай болгон бөбөгүм
Атканда мен бармын.
Арыстаным төрөм мактанба
Мактанам деп сен жүрүп
Жаман ишке жалтанба.
Мен айтайын бир кепти
Башканын тилин албай жүр
Мына бу баланын көөнүн салбай жүр.
Манастын уулу Семетей
Акундун кызы Айчүрөк
Ак була жолун бүгүлтүп,
Семетей жоону жеңгенде
Акункандын шаарына
Чоролорун ээрчитип
Бала төрө келгенде.
Баатырдын уулу Семетей
Оогандын эли толгондо
Кечеги өткөн Манастын
Жаш балдары келди деп,
Камаган жоону жеңди деп
Калк чогулуп келели
Манастын уулун көрөлү
Ар көчөгө эл топтоп
Ар кимиси ат коштоп
Төрөнү келип көрмөккө,
Ат жыйышып бермекке,
Манастын уулу Семетей
Акункандын чоң сарай
Жатып калды чалкалап,
Кармашкан жоосун талкалап,
Айчүрөк алам дегенди
Жайы-кышы он эки ай
Айдап малды жегенди.
Айчүрөктү бербесең
Кыргынымы көргүн деп,
Кызымды кармап бергидей
Чабуулду салган Ооганга
Акункан бекер жан эмес,
Жазыгы жок жаткан эл.
Шаарыңды чабам деп,
Эр бүлөңдү көрөм деп,
Катын менен кызыңды
Олжо катын кылам деп.
Бүлүк салып жатканда
Акундун кызы Айчүрөк
Кан Манас менин кайным деп.
Ошондон калган баламын
Билемин мунун дайнын деп.
Асмандап учуп айланып
Кеңкол менен Таласка
Айчүрөк учуп барыптыр.
Акыреттик жолдошу
Манастын уулу баланы
Издеп таап алыптыр.
Бала төрө келген жер
Бактылуу Ооган көп журтка
Башынан кудай берген эл.
Эр Бакай колун сунган жер
Эр Манас кулдук кылган жер.
Ээн жаткан эл деген
Ченине киши келбеген.
Чүрөктөн кабар угуптур
Аскер жыйып кол болуп,
Атышууга мол болуп,
Эркинче жаткан Ооганды
Элин барып чабалы.
Калк сураган Акундун
Жаңгыз кызы бар деген,
Муну тартып алалы.
Малын айдап мол кылып,
Жесирин алып күң кылып,
Солкулдаган мырзасын
Азапка салып жин кылып,

Кыз-келинин күң кылып,
Аскерлерден кол алып,
Атышарга мол алып,
Ал элге кол менен,
Акундун кызы Чүрөктү
Алалы деген ой менен.
Жайы-кышы он эки ай
Жатып алып камаган
Жайытта малын талаган.
Багып жүргөн ээлерин
Байлап алып сабаган,
Бастырган киши болбогон,
Акункандын ooган эл
Өз оюна койбогон.
Асманга колун сунгандай
Акункандын ooганын
Айылын күнкөр кылганда.
Чынкожо, Толтой эки дөө
Кара сакал Кадырбай
Сарттын каны Абдырай
Беш берен колду алган жер.
Бейпайды элге салган жер
Жайы менен он эки ай
Короого тиккен үйдү алган,
Сандыкка салган булду алган,
Эр азамат кулду алган,
Элим бейпай болду деп
Акундун кызы Айчүрөк
Кабарсыз жаткан канкорго
Кабарды Чүрөк салыптыр.
Канкордун уулу Семетей
Кан Акундун шаарына
Эки бала ээчитип,
Жангыз барып калыптыр.
Эр Семетей кеп угуп
Айчүрөктү алам деп
Аскер жыйып кол алып
Ooганды басып туруптур.
Манастын уулу Семетей
Ээрчиткени эки жаш
Эмине ишке жарайт деп,
Элинин эси чыгыптыр.
Атасынын баласы
Канга тууган баатырлар
Кайратты катуу кылыптыр.
Аскерин койбой кырыптыр
Абдырай менен Төлөктү
Чынкожо менен Толтойду
Катары менен союптур.
Аскерин кырып коюптур
Бу кудайдын барманы
Кечөгү өткөн шерлердин
Ошолордун арбагы.
Жоону кырып бүтүрүп
Эки инисин ээрчитип
Баатырдын уулу Семетей
Эр аңтарып, эр сайып
Эченди катар бир сайып.
Ат күлүгүн алган жер
Акункандын шаарына
Бала төрө Сейтек барган жер.
Аттар болду көк жашык
Кандары болду бир кашык
Ат семирип ык болсун
Баатырдын уулу Семетей
Жатты кандын шаарына.
Тополоң кайнап тоз болуп
Баатырдын түрүн көрмөккө
Маңдайына бармакка,
Айланса болот арбакка,
Жоону сайган балдарды
Балдарды көрүп алмакка.
Эл жыйылып толгон жер
Манастын уулу Семетей
Калк жыйылып келгенде
Жараткан кудай жол берип,
Кары дебей, жаш дебей
Катын дебей, кыз дебей

Канкордун уулу Семетей
Астын тосуп кол берип.
Келген эл карайт жарданып,
Көкжалды көрүп таңданып,
Баатыры мындай экен деп,
Төрөсү мындай экен деп,
Чоросу кандай экен деп,
Улууң мындай экен деп,
Кичүүсү кандай экен деп,
Шыбыр күбүр болушуп.
Уламалар улашып,
Тентектерди көрмөккө,
Бири-биринен сурашып.
Эптүүлөрү кеп айтып,
Балдары кайда деп айтып,
Ажыбай аба кеп айтып,
Мунун эки иниси бар деген.
Көргөндөрү бар экен.
Көрө элеги көп экен.
Баатырдын шаңын көрдүк деп,
Ар мүчөсү тең экен
Адамдан бейли кең экен.
Улуктукка жөлөткөн
Адилет болчу жан экен.
Баатырды көрүп жактырып,
Өз элинен жеп угуп,
Ажыбай чыкты бастырып.
Эки Чоро жиндиге
Калк чогулуп келди деп.
Төрөлөрдү көрүшүп,
Силерди көрөм деди деп,
Ажыбай барды арага
Калкым кайда болду деп,
Эр Күлчоро кеп сурап,
Элиң кайда деп сурап,
Ажыбай баатыр кеп айтат.
Калк чогултуп эл жыйган
Кан Акункан деп айтып.
Акункандын ордого
Экөөңөрдү көрмөккө
Кары менен жаш толду.
Катын менен кыз толду.
Эки баатыр баргыла
Калың ооган көп журтка
Учурашып алгыла.
Эки жинди макул деп
Көктелки менен Суртелки
Атка тердик салышат.
Канга тууган жиндилер
Жоо-жарагын алышып,
Эрке өскөн жиндилер
Көчөгө чыкты жарышып.
Айзалары жаркылдап
Мылтыктарын далылап,
Кылычты кынга салышып,
Көчөгө чыгып жарышып,
Ай балта санга салышып,
Атка минип жарышып,
Нурдап жаткан көп элге
Эрке өскөн жиндилер
Эл четине барган жер.
Балдары келе жатат деп,
Ажыбай кабар салган жер.
Кан ичмелер жарышып
Калкка жакын барган жер.
Шабырдагы балыктай,
Шалкылдаган жиндилер,
Айбалта менен кылычы
Жаркылдаган жиндилер,
Бирөөн байкап караса,
Жаагында чачы бар.
Он эки менен он үчтүн
Ортосунда жашы бар.
Адамдан башка шаңданып,
Кудай деген Оогандар
Күлчорону көргөндө
Кудай кирип оозуна
Жакасын кармап таң калып

Ар поруму күлдөгөн.
Көргөн адам сүрдөгөн.
Кызылы түлкү жүнүндөй,
Күлгөнү жаздын үнүндөй,
Маңдайында шамы бар,
Эки каштын ортодо
Мөөр басып койгондой
Түшкөн кара калы бар.
Төбөсүндө мунарат
Эки көзү тунарат.
Калайык эл калың журт
Түрүн көрүп кубанат
Атка минип эпейип,
Үзөңгү тээп тепейип,
Кичинекей көрүнөт.
Аттанып жоого барды деп,
Жоосун жеңип алды деп,
Кичинекей бала экен
Эл Толтойду сайды деп.
Элестеп угуп алыптыр
Кээ бирөө кеп айтат.
Кичинекей бала экен
Кантип сайды деп айтат.
Улама улуу карылар
Толтой эмес бу балдар
Кара тоону күл кылат.
Кармашканын жок кылат.
Же атып албай жол чалат.
Байкагыла борумун
Кармашкан Толтой эр эмес
Муна бу ооган эл эмес
Аман жүрсө бу бала
Каканга барып кол салат.
Күлчоро көрүп таңданып,
Калк чогулуп жарданып,
Камбардын уулу Канчоро
Ар боруму бир башка
Арта тууган көйкашка
Оңколуу мурун, жаргак көз
Жаз маңдай, жайык төш,
Чыңдаган темир жүздөнүп,
Кабагы бийик, өңү саз
Камбардын уулу Канчоро
Жашыганга боору таш.
Калемдей кашы чийилип
Эки каштын ортого
Уста кадап койгондой.
Кош муштум болуп түйүлөт.
Адамдан башка боруму
Айза кармап эпейип
Агасы жатат сарайда.
Канчоро менен Күлчоро
Түшпөйт аттан тепейип,
Балдардын түрүн көрүшүп,
Басып келип колунан
Тартып алып өбүшүп,
Эл көрүшүп турганда.
Калыйма менен Батыйна
Канчоро менен Күлчоро
Келди басып жанына.
Мына бу турган калың журт
Ой Күлчоро, Канчоро
Аттан түшпөй эпейип
Турасыңар кекейип.
А дөөлөт улук төрөңөр
Сарайда жатат чалкалап,
Сайдыңар жоону талкалап.
Күрдөөлүү калың журт,
Экөөңдү карайт аркалап,
Бул турганың жаркылдайт.
Жараткан алда бир кудай
Тобо кылса кечирет.
«Атасы бааша, ай кашка,
Айтайын сөзү бир башка.
Жоону сайып жеңдиңер
Жоонун атын бердиңер
Аттан түшө калбайсың
Кан Акундун астына

Кулдук уруп барбайсың.
Абаңар болсо күйөөлөп
Улук Акун кудаңа
Кудалык жолун кылган жок,
Эңкейип кулдук урган жок».
Калыйма айтып бүтүрдү.
Ошондо Чоро түшүндү
Бул айтканың акыл деп
Атаң айтчу акыл деп,
Элге айткан акыл деп,
Энеңер айтчу акыл деп,
Кыргыйдай элпек Күлчоро
Кызтан элпек Канчоро
Аттан түшө калышып,
Моюнга чылбыр салышып
Күлүп аткан көп журтка
Кулдук уруп жүрүшүп.
Бою эрип кеткенде
Кучакташып өбүшүп.
Кабарын көрүп кайран журт
Башка түшкөн заманбы.
Куда журтум аманбы?
Ар боруму бир башка,
Арта турган көйкашка,
Көптөн түрү бир башка,
Көк жалдан калган көй кашка.
Адамдын бою эрите
Эр Күлчоро кеп айтат,
Эрүүчү кепти эми айтат,
Аттар болуп көк жашык
Чаалыгып жатып калышып,
Калайык эл, калың журт
Билбей жатып алышып.
Кудалар келбей койду деп.
Санааңар санга бөлүнүп,
Чарчап калган кудаңар
Эми сиздерге келдик көрүшүп.
Катабыз болсо кечир деп
Жаңылып калсак өткөрүп».
Бала Чоро байкаса,
Маңдайы жарык бала экен
Бала да болсо байкуштун
Чечендиги бар экен
Каргадай бала кеп айтып,
Калың журтум деп айтып.
Балалык кылды деп
Карылар капа болбогун,
Атадан калган эр жаңгыз,
Бир атадан мен жаңгыз,
Үч атадан үч жаңгыз,
Баш коштурду кудайым.
Балапан жүнүм маңдайда
Эненин сүтү таңдайда.
Оң колуна ойнотуп,
Сол колуна ойнотуп,
Тай-кулундай тебишип,
Талаага ойноп чыкканда,
Кайра чуркап жарышып,
Энекелеп барышып,
Талашып эмчек эмишип,
Ак шумкар колдон качканда
Абамдын иши качканда,
Эки жанга таарынып,
Кагылышып жатканда.
Айчүрөк сенин зайбың деп,
Айтылуу ооган кайның деп,
Башынан айтып койбойт деп,
Каныкей менен Бакайга
Экөөнө бирдей таарынып.
Үчөөбүз келип бу жерге
Катуу ишке кабылып,
Камоону катуу көрүшүп,
Айдатып малды бериңиз.
Калың жоо менен кармашып,
Казатты кылдык биз.
Аттар арык болду деп,
Тон-тоноодон ажырап,
Айза тийип тешилип,

Кылыч тийип кесилип,
Кайрылып элге келдик деп.
Эки күнү эс алып
Элебей жата бердик деп.
Өзү чечен такылдап
Калың ooган көп журттун
Көрө элеги көп экен
Айтканында тагы жок,
Адамдан башка жан экен
Бала айтып турганда
Эл чогулуп жарданып,
Баланын айткан сөзүнө
Уккан келип таң калып.
Кишинин көзү жанат деп,
Жаман көзү бар болсо,
Көзү тийип калат деп.
Кан кудасы Акундун
Сары жибек бүктөтүп,
Сары атанга жүктөтүп,
Куржунга дилде салдырып,
Карып менен мискинди
Кабар менен алдырып.
Кан кудасы Акункан
Кан кудасы Манас арбагы
Калган экен артында
Алып келген балдарын
Кол кайыр кылып чачтырып,
Эчкиден серке алдырып,
Кан кудасы Акункан
Ошо каргадай болгон балдарга
Садагасын чаптырып.
Жеңекеси Айчүрөк
Оромол кийип булактап,
Он экиде кайнисин
Ороло басып кылактап.
Кара сууну бурдуруп,
Тегерегин урдуруп,
Кызыл дилде чачтырып,
Атасына кошулуп,
Баланын жолун ачтырып.
Башта айтып жүрчү экен
Талаадан тапкан Чүрөк деп,
Элге салды дүмөк деп,
Бала төрө барганы
Каптап келген калың жоо
Каргадай болгон балдары
Жоону жеңип алганы.
Эрге жолдош болду деп,
Мурун болсо кан эле
Чүрөккө арбак конду деп,
Эл чогулуп буркурап,
Айланайын, Чүрөк деп,
Батасын берип чуркурап.
Кан атасы Акункан
Ажыбай менен Түмөнбай
Эки тизгин алган жер,
Элге кабар салган жер.
«Бууданды жыйып келгиле,
Аттарды жыйып көргүлө,
Аргымак таптап байла деп,
Бары-жогун камда деп,
Күн өткөрүп ийбе деп,
Үйгө бекер жүрбө деп,
Күлүктүн оозун керемин,
Кан кудам Манас баатырга
Эшен-молдо жыямын.
Ак куран ачып окутуп,
Акыретке минсин деп,
Баатырга бурак токутуп.
Асыл Манас кудама
Эл жыйып ашын беремин».
Акункан айтып турганда
Акылдуунун баарысын
Өз алдына жыйганда.
Кандын кебин макул деп,
Калк убада кылганда.
Ошондо Чоро кеп айтат:
Калайыкка даң болгон,

Карыганча кан болгон,
Кан Акун деп айтат.
Эчен түркүн ой ойлоп,
Эр Күлчоро көп ойлоп,
Акылы бар жери бар
Адамдан башка кеби бар.
Манастын уулу Семетей
Күйөө болуп келди деп.
Кайнатасы Акункан
Манастын ашын берди деп.
Катын-бала кеп айтат
Акундун кызы Айчүрөк
Аны алам деп айтат.
Ашын берген деп айтар
Ошондо бала кеп айтып
Атабыз Манас өлгөндө
Азыркы жаткан абабыз
Көтөрүп качып энебиз
Качкын экен деп айтат.
Темиркандын шаарына
Энебиз тентип барганда
Азыркы жаткан төрөңөр
Темине канат болгондо,
Тепейип атка мингенде,
Таятабыз Каракан
Алты кан элин жыйыптыр.
Азили башсыз калат деп
Шай күлүктү таптатып,
Сары кожо, эшенге
Шарият жолун баштатып.
Кермеге күлүк байлатып,
Элине кеңеш кылыптыр.
Кудаңар Манас баатырга
Жайы-кышы он эки ай
Жыл өткөрүп арадан
Калк чогултуп ар кайдан
Ат күлүгүн алдырып,
Кандарга кабар салдырып,
Чоң Букарга толтуруп,
Акылдашып олтуруп,
Алтын, күмүш зар алып,
Ар бир түрлүү мал алып,
Күлдүү жибек топ алып,
Күрдөөлүү журтту курамын.
Баатыр Манас кудаңар
Жоого минген ат экен.
Кайнына мурун бериптир.
Ошону каны билиптир
Азайы алтымыштан ашканда
Энебиз тапка салыптыр.
Кермеге күлүк сайдырып,
Кеңешин элге алдырып,
Мамыга буудан байлатып,
Энекебиз Каныкей
Сары алтын, күмүш жыйдырып,
Санатты башка кылдырып,
Акылманды алдырып,
Өз атасы Каракан
Арага киши салдырып.
Мамыга аркан кериптир
Баатыр Манас кудамды
Каракандын шаарына
Каргадай болгон баласы
Катарга кирип калганда,
Энебиз ашын бериптир.
Ошондо карып калган бууданы
Ат баштап чыгып келиптир.
Азыркы жаткан төрөгө
Эки көзүн кан баскан,
Төрт туягын даң баскан,
Манас минген ат экен.
Аты чыгып келди деп,
Жакшы сыймык болду деп,
Артында калган баласы
Өткөн Манас баатырдын
Арбагы келип конду деп.
Азыркы жаткан төрөгө
Алакан жазып, кол ачып,

Көп чогулуп буркурап,
Атасындай болгон деп,
Бериптир бата чуркурап.
Мамыга күлүк керилген
Баатыр Манас кудаңар
Букарга ашы берилген.
Айткан кебин окшотуп
Көрдүңбү каргадай болгон жетимче
Аш берүүнү токтотуп
Манастын уулу төрөнү
Калың ооган, кайын журт
Акункан баштап кеп айтып,
Арстан Манас баатырдын
Ашы берилген экен деп айтып,
Манастын ашы берилсе,
Калың ооган элинен
Катын-бала калбасын.
Түпкүлүктүү оогандын
Үйүнө киши калбасын.
Кермеге күлүк керилип,
Келген жоону жеңди деп,
Элге түлөө беремин.
Мамыга күлүк керемин
Басташкан жоону жеңди деп,
Баарына түлөө беремин.
Түлөө берип, той кылып,
Баарыңарды тыямын,
Барктап түлөө кыламын.
Мен түлөөнү бергенде
Каныкей менен Бакайга
Карык болуп тургандар
Балдарым качан келет деп,
Карып болуп тургандар
Кекиртектен аш өтпөй
Арык болуп тургандар,
Кабар салып калкыңа
Калың эл келип жатканда.
Каныкей менен Бакайга
Кагаз берип, кат жазам.
Жаңгыз кызым Чүрөктү
Тоюн берип атказам.
Эл чогултуп кеп кылып,
Ушу кеби макул деп,
Убаданы бек кылып,
Улуу заада Акункан
Ак боз бээ алдырып,
Ай туяктан чалдырып,
Ай мүйүздү уй алып,
Ак сарбашыл кой алып,
Кан Акункан ой кылып,
Жети күнү той кылып,
Мамыга аркан кердирип,
Балдарга бата бердирип.
Арачыга кеп айтып,
Улуузаада Акункан,
Жаңгыз балам Айчүрөк
Кан чыгат деп айтып.
Барар күнүн айтсын деп,
Арага киши салыптыр,
Айчүрөккө барыптыр.
Атанын айткан кебине
Айланса болот атага
Ушул айткан кебине,
Калк чогулуп келгенче,
Кайын түлөө бергенче,
Эл чогулуп келгенче,
Элге түлөө бергенче,
Атам тактан түшкөндө,
Кандыкты мага бергенде,
Жаңгыз балам Айчүрөк
Өз ордумду алсын деп,
Журтумду Чүрөк билсин деп,
Атаңардын ордуна
Ооганды кармап сурадым,
Дүнүйөнү курадым,
Казынасын толтурдум,
Он жылы так минип
Сурак кылып олтурдум.

Жазылганым болгондур
Карысы бар, жашы бар
Бирөө жаман айтып койгондур.
Кан болуп элди кармайт деп,
Орто жашка келгенде
Эл чогулуп кеп айтар,
Эр издеди деп айтар,
Кудай кошкон жан экен
Жалгандан кеткен баатырга
Мына бу кары Акункан
Кудалашкан жан экен.
Мен арбакты сыйлаймын,
Мен бу жерге турбаймын,
Баатырдан калган жаңгызды
Мына бу турган балдарды
Кайненебиз барыптыр
Балапан башы жетилип
Баатыр болуп калыптыр.
Өчкөн оту жаныптыр,
Эл үчүн ойго тоюптур,
Күйөөңөр жаңгыз Семетей
Өзү улук болуптур.
Атанын тагын миниптир
Кабарын уксам элестеп
Аргын, огой көп журтун
Улук болуп билиптир.
Жаңылдымбы, жаздымбы?
Катам болсо кечир деп.
Менин атым ургаачы
Болсо болуп кеткендир
Башыма тийет кесир деп.
Акылман Чүрөк айткан жер
Калайык эл калың журт
Той таратып кайткан жер.
Кээ бир киши кеп айтат
Манастын уулу жаш төрө
Эки жылы токтолуп
Эл сурасын деп айтат.
Атанын тагын минсин деп
Кайын-журту ооганды
Эки жылы билсин деп.
Семетей мында келгени
Казат кылып, кан төгүп
Кабылып уруш салганы.
Кан Акундун шаарына
Семетейдин барганы.
Ай-караңгы түн өтүп,
Ортосунан жыл өтүп,
Калкы айтып турганда
Кан Акункан кеп айтат,
«Каныкей, Бакай эки жан
Эми эки жыл турганда
Уктабай көзүн сүзбөйбү.
Ичкен ашы аш болбой
Ушу турган калың журт
Каныкей элге маана эле,
Кан Бакай болсо даана эле,
Манаска шерик жан эле,
Бакайды Манас сүрөгөн,
Душманды кардай күрөгөн,
Арстан Бакай шер эле.
Манастан Бакай эр эле.
Келбей жатып алды эле.
Мени унутуп калды деп,
Көөнүнө кир кетер,
Санаасына чий кетер,
Айза кармап туу баштап,
Алып жүргөн эр эле,
Калың колдуу калк эле,
Кармашканды талкалап,
Багып жүргөн эр эле.
Саратанга зар жүктөп,
Сары алтын жамбы мал жүктөп,
Бакайга калың берели.
Бакайдын көөнү ачылып,
Он эки төөгө бул жүктөп,
Булгун-барча жыялы.
Муну даяр кылалы.

Короодо коргон чарбакка
Баатыр Манас арбакка
Жалгыз балам барды деп,
Барып катын алды деп,
Кан кудам кийит берди деп,
Келиним эми келди деп,
Каныкей, Бакай ой кылсын.
Калк чогултуп той кылсын».
Элден эптүү жыйдырып,
Калкка кабар салдырып,
Кабарлап киши алдырып,
Жаңгыз кызы Чүрөктү
Атакеси Акункан
Атка-суўга кам кылып.
Керилтип булгун жыйдырып
Кереметтүү Чүрөктүн
Барктуу болуп барсын деп,
Аргын, огой калың журт
Арктуу кылып барсын деп,
Улуузаада Акункан
Ушунча дүйнө берди деп,
Жаңгыз Айчүрөк
Дүнүйө менен келди деп,
Калк чогулуп жарданып,
Көргөн киши таңкалып,
Олуязаада Акункан
Жөнөтмөк болду Чүрөктү.
Берди кудай тилекти
Арага киши салдырып
Айымкан менен Кайымкан
Бойтурсун менен Акбермет
Кан Манастын шаарына
Кадырлуу огой айлына
Кеңкол, Талас жерине
Керктүү аргын элине
Барктуу болуп барсын деп.
Эжесине кошулуп,
Аркалуу болуп барсын деп.
Ажыбайдын Акбермет
Аны жолдош алсын деп.
Бокмуруундун балдызы
Бойтурсун кошо барсын деп.
Акыл кошкон калкынан
Аны кошуп алсын деп.
Кан Бакайдын кан куда
Каныкейдей кудагый
Кошо барып көрсүн деп.
Булардын баркын билсин деп.
Акункандын элине
Баарысына болуп эп
Салтанаты бир башка
Манастын уулу көкжалга
Энекесин эстесе,
Эр Семетей турбаска,
Көлдөлөңдү калтырып,
Көрпөчөсүн салдырып,
Күнү-түнү жети күн
Атка-суўга Чүрөктү
Акундун элин кан кылып.
Булкунтуп буудан мингизип
Бураган темир кара көк
Бууданы чалыш мал экен,
Буурул атча бар экен,
Ат соорусу кең экен,
Ар мүчөсү тең эле.
Акундун кызы Чүрөккө
Акункан алтын топтотуп,
Жаман болду Айчүрөк
Атасы менен коштошуп.
Энеси келип кеп айтат:
«Атадан жаңгыз сен элең,
Ардактап баккан мен элем,
Энеден элкин сен элең,
Эмгектеп баккан мен элем,
Талаадан тапкан жан элең,
Азаада бери тукуму
Ардактап баккан бала элең.
Бойго жеткен Бойтурсун

Акылдашып ал эми
Бир тууганы Акбермет
Акундун кызы Айчүрөк
Сарамжалын бүктөтүп,
Алты атанга жүктөтүп,
Келинге кете кийгизип,
Келишкен жорго мингизип,
Кымкапты кызга кийгизип,
Кылымга байда тийгизип,
Кылымга тийген байдасы.
Кечээ төрөсү сайган калың жоо
Айчүрөктүн айласы
Бейлин шайтан бурбаса».
Айтып турат энеси,
Ургаачылык кылбаса,
Ааламга тийет пайдасы.
Адамдан башка айлакер
Баатырдын уулу төрөгө
Бала төрө күйөөгө
Ар качан тиет пайдасы.
Эл чогултуп кеп айтып
Энекеси көп айтып.
Семетейдин энеси
Кошо келип жоо сайган.
Кол токтотуп эр Семең
Көптү көргөн жан экен.
Береги сениң төрөңө
Коргон болчу бала экен.
Ушу баланын көөнүн салба деп,
Кечээги өткөн Манас кан кудам
Айланса болот арбакка
Жанындагы жолдошу
Айдап калың мал алып,
Айры өркөчтүү нар алып,
Сүрүп калың мал алып,
Дуңгул өркөч нар алып,
Алтын-күмүш мол алып,
Астыма келип түштү эле.
Арка чачын өрө элек,
Менин алган зайбым Каныкей
Алдейлеп бала көрө элек,
Желке чачын түйө элек,
Менин зайбым Каныкей
Жетелеп бала сүйө элек.
Оң саамайын өрө элек,
Ойнотуп бала көрө элек,
Алты жашар балаңа
Кайнатаң айткан кеп эле
Ошондо бел куда болдум деди эле.
Элден элес кеп уктум
Кудагыйым Каныкей
Эркек тууду деп уктум.
Ошо Манас куда келгенде
Кыл саналып жайганда
Бетинде кызыл уру бар
Белинде кемер куру бар,
Кан Манастын жолдошу
Баатыр Чубак деди эле.
Энтелеп кулдук урду эле
Көзү бар деп угамын
Кан кудам Манас баатырды
Баштап келип эрдеген
Ардактуу кудам кан Бакай
Ар кандай кетти оюма.
Ат бастырып келбеген
Он эки канат ордоңду
Ойлонуп басып келгидей
Кудагыйым Каныкей
Үйүмдө жатып жактырам.
Оо кулунум Айчүрөк
Ошого сени жактырам.
Алты канат ордоңду
Айланып басып капшырам.
Аа жалгызым Айчүрөк
Кан кудам Бакай баатырга
Как өзүнө тапшырам.
Энеси айтып эритип,
Элдин көөнүн кейитип,

Бала жинди Күлчоро
Байбиченин астына
Күлчоро басып барган жер.
Күлө багып кашкайып,
Кармап колдоп алган жер.
«Кагылайын байбиче,
Азыркы айткан кебиңе
Менин алтын денем эриди.
Абам менен энеме
Аманат деп тапшырган,
Абакебиз кан Бакай
Айкожо деп атыккан.
Баатыр Манас атасы
Энекебиз Каныкей
Жоого тиер кезинде
Жолдоштугу бар экен.
Казатка чыгар кезинде
Кабар алган жан экен.
Кайыптыгы бар экен.
Каныкей менин энекем
Энемдин көзү өткүчө
Карып болбойт жеңекем.
Маңдайында мээри бар
Тилинде кара сөөлү бар
Каргышы ката кетпеген
Касиеттүү жери бар.
Алты канат ордону
Айлана басып капшырам.
Ыраазымын сөзүңө
Айланса болот өзүңө
Абам менен энеме
Жеңекемди тапшырам.
Кол кагышып кеп айтып
Күлчоро бала эр айтып
Атка бутун салган жер.
Алда, кудай колдо деп
Кан Акунга барган жер.
Касиеттүү Акундан
Барып бата алган жер.
Эки келин үч кызды
Келиндин атын айталы
Кожосан кызы Урулча
Шооруккан кызы Шурумбек
Төө жетелеп булактап
Чыкмак болду калаадан.
Каргадай болгон Күлчоро
Канкордун уулу Семетей
Абасына кеп айтып:
«Аттанып жолго чыгабыз
Акунканга кайрылып,
Кулдук ургун деп айтып.
Алаканын жайсын деп
Улуу кары жан экен
Колдогону бар экен
Бата берип калсын деп.
Каргадай болгон көпөлөк
Акылы журттан бир башка
Алып чыкты абасын
Ак ордодон жетелеп,
Баатырдын башын ийилтип,
Кайнатасы Акунга,
Кайненеси Барчага,
Семетейди жүгүнтүп,
Мендеден чыгып көйкашка
Бу Күлчоро жетимден
Билгени журттан бир башка
Адамдан чыгат көйкашка
Бу Күлчоро жетимдин
Акылы жуттан бир башка
Эл чогулуп буркурап,
Алакан жайып чуркурап,
Калк чогулуп буркурап,
Ошо каргадай болгон балага
Батасын берип чуркурап.
Калкынан бата алган жер
Ак маралдай созулуп,
Абасына кошулуп,
Жоо-жарак бойго чалышып,

Манастан калган жалгыздын
Балалыгы жок экен
Ырысыма табылып.
Булуттай болуп бурулуп
Бурулушту көчөдөн.
Айчүрөк менен көрүшүп,
Ээчип алып чубуруп,
Карылар карап жарданып,
Бала менен төрөгө
Артынан карап таңкалып.
Семетей минди Буурулду
Күлчоро минди Коенду
Көпчүлүгү кеп айтып
Көрбөдүк мындай оенду,
Алакан тайкы жол башка,
Адамдан башка жолу ачык.
Бастырып чыкса сан колдой,
Адамдан башка ак жолтой,
Артык туулган шер экен.
Абасынан иниси
Ашык чыккан эр экен.
Күлчоронун артынан
Алаканын жайган көп,
Бата берип калган көп,
Акундун кызы Айчүрөк
Жоргону минип булактап,
Айдай бети жаркылдап,
Саамай чачы чубактап,
Карыларга кеп айтып,
Акылын айтып токтотуп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Аттанып чыккан жер ошол.
Акункандын шаарынан
Акундун кызы Чүрөктүн
Эр жаңгызга кошулуп,
Ак булуттай созулуп,
Жанына жөөкөр алган жер
Эр төрөгө кошулуп,
Шаардан чыгып калган жер.
Алты атанга бул жүктөп
Көкжалдын уулу Семетей
Бурулуп булут созулуп,
Буйругу менен кудайдын
Айчүрөк алып кошулуп.
Ашуу-ашуу жол тартып,
Алты төөгө кош артып,
Сурнай тартып талаага
Оң жетип тартып алууга
Таласка жакын барарда
Манастын уулу Семетей
Канчоро менен Күлчоро
Экөөнү мурун баргын деп,
Манастын уулу Семетей
Эки бирдей инисин
Сүйүнчүгө жиберип.
Төө жетелеп, жол басып
Бор-Дөбөнүн Ком-Ашуу
Түн жамынып ашкан жер.
Бор-Дөбөнүн оюна
Айланышып Семетей
Балдыздары жанында
Айчүрөк менен жаткан жер.
Кеңколдун башы Кара-Сай
Эки Чоро жарышып,
Үзөңгү бутта кагышып,
Кеңколго кирип барышып,
Кеңколдо жаткан тууганга
Жеңени алып келдик деп,
Сүйүнчүнү алышып.
Каныкей келип кеп сурайт
Сенин мингениң башка деп сурайт.
Кечээ Акшумкарды качырып,
Аттанып жолго салдыңар.
Менден келип бата албай
Айкожо баатыр абаңдын
Батасын алып аттанбай
Эмине күндө калдыңар.
Эки бирдей балага

Балдарга берип садага
Садага малын алдырып,
Олуязаада Каныкей
Ордого элин жыйган жер.
Эмине күндү көрдүң деп
Каныкей сурап турган жер.
Келбей жатып алдыңар
Бир жылга жетти кеткениң
Эли-журтту эстебей
Эмине жатып калдыңар.
Ат суулугун ар бөлүп
Жүргөнүңдү айткыла.
Ар кандай ишти бир бөлүп
Көргөнүңдү айткыла.
Каныкей сурап Чородон
Кагылайын энеке,
Кечээ өз тууганың Чынкожо
Жеткайтка көчүп барыптыр.
Жети сан кара кол менен
Жеңемди тартып алууга
Кан кудаңдын калаасын
Камап уруш салыптыр.
Ак шумкардын артынан,
Мына бу өзүңдөн туулган жаңгыздын
Капа болуп бир канча
Шумкарды издеп бардык деп,
Билбей түшүп калдык деп.
Барып жатып кеп уктук
Айчүрөктү алууга
Чынкожо, Толтой, Абдырай
Камап жатат деп уктук.
Ат тизгинин бурuштук
Ошо калың кара кол менен
Энеке талыкпай алты ай уруштук.
Жоо жеңилип бергенге
Айчүрөк алчу эр Толтой
Өзү чыгып келгенде.
Кезекти кудай келтирди
Чынкожо менен Толтойду
Абдырай менен Төлөктү
Мынабу колум өлтүрдү.
Энесине кеп айтып
Казат кылып кан төгүп,
Келбей калдык деп айтып.
Олуязаада энеси
Оозун кармап кеп айтат:
«Айбандан чыккан асыл деп,
Куйругу менен кулагын
Алда ала көөдөн абакең
Муну эмине келет деп айтат.
Айбандан мындан туулбайт
Айбан да болсо жаныбар
Жүрөгүнө чий кетип
Кектүү болуп калат го».
Келе турган Каныкей
Кабар алып балдардан
Калың элди жыйган жер.
Эми келин келет деп
Калк чогулуп турган жер.
Тараза жылдыз батканда
Таң агарып аткан жер.
Айчүрөк менен Семетей
Намазын окуп жаткан жер.
Айчүрөктүн жолдошу
Семетейдин энеси
Атанга комун арткан жер,
Кош колоңун тарткан жер.
Мунарыктай бурулуп
Канкордун уулу Семетей
Айдалыда Аккелте
Оң колунда Акшумкар
Кыя тартып чалкалап,
Үстүнөн мунар чубалып,
Айчүрөктүн артынан.
Кыз-келин келет буралып,
Төөгө салган жабдыктан,
Кишинин көзү уялып,
Кеңколдун башы Кум-Дөбө

Акундун кызы Айчүрөк
Астындагы жоргодон
Аттан түшө калды эми.
Кайнатасы маркумдун
Күмбөзүн көздөй бурду эми
Ак жыландай бүгүлүп,
Кайнатасы маркумдун
Арбагына жүгүнүп,
Басса бели бурулуп,
Кайненеси бурулуп,
Кайненеси Каныкей
Карап турат кубанып.
Эл чогулуп жарданып.
Акундун кызы Айчүрөк
Элден мурун бейитке
Маркум Манас кийитке
Зыяратка барды деп,
Акбермет менен Бойтурсун
Кандын кызы Калыйма
Урумкан менен Бекбача
Эл жышылып жарданын
Бекер киши эмес деп
Аттан түшө калды деп.
Манастын уулу жаңгызга
Үстүртөн кудай колдогон.
Кечээ Манас баатырды
Касиеттүү Каныкей
Бусулган кемин ондогон.
Чачылганды жыйнаган,
Чабылганды кураган,
Бу Каныкей келгенде
Акылман болуп бергенде,
Арстан Манас эр баатыр
Канчалыкты сураган.
Күмбөзгө Чүрөк барганда
Төө жетелеп буралып,
Айчүрөктүн жөкөрү
Калаага кирди кубалап,
Олуязаада Каныкей
Карыны жыйып камынтып,
Бир кудайга жалынтып,
Арбактуу Чүрөк келди деп,
Мунун айлына кудай берди деп,
Келин-кыз жыйын курултуп.
Күмбөзгө келген Чүрөктү
Тостуруп астын чубуртуп.
Манастын уулу Семетей
Атка тердик салганда
Акшумкар качырып
Издеп кетип калганда.
Калың эл калган кайгырып
Баатырдан калган баладан
Каныбыз деп кайрылып.
Жаш болду жолдошу
Жараткан ишин оңдочу.
Жол көрөлек жаш балдар,
Жоо көрө элек боз балдар,
Эки бала алды деп
Болбой кетип калды деп.
Эки бала алат деп,
Бир балаага калат деп,
Аргын менен огойду
Эчендери айткан деп.
Манастын уулу Семетей
Жайы-кышы он эки ай
Жоо кабылып жеңиптир.
Кайра тартып Кеңколго
Каныкейди саргартып,
Чоң энеси Чыйырды
Чыйырдыны зарлантып.
Так бир жылда келиптир
Калаага бала түшкөн жер
Аргын, огой калың журт
Манастын уулу каркыбар,
Мунун атасындай баркы бар,
Барып жоону жеңди деп,
Акундун кызы Чүрөктү
Ээчитип алып келди деп.

Айчүрөк барды арк менен
Калың огой эл жыйып
Акундун кызы келинин
Тосуп алды барк менен.
Кеңколго ногой толгон жер.
Атасы Манас барындай
Таласка ногой барган жер.
Атасы Манас баатырдай
Таалайлуу бала болгон жер.
Манастын уулу Семетей
Энекеси Каныкей
Ак боз бээ алдырып,
Ай туякка чалдырып,
Бу Каныкей ой кылып
Бу Айчүрөк барганда
Жети күнү той кылып.
Акундун кызы барган жер
Аргын, огой калың эл
Кадимки Манас барындай
Жыргап жатып калган жер.
Эчтемени элебейт
Манастын уулу Семетей
Атасындай болду деп.
Балага арбак конду деп.
Аргын, огой чалкалап
Жатып калган жер ошол
Семетейди аркалап,
Ит агытып, куш салып,
Манастын уулу баатырдын
Тентек өскөн эки кул.
Чалгынды чалып из чалып
Манастын уулу эр канкор
Жоолоруна жоосу жок.
Эрлеринен эли көп
Кармашарга жоосу жок.
Каралды болгон эли көп
Эртеги Манас өткөнүн
Эр Семетей эстебейт.
Баатыр Манас өткөнүн
Бала чунак эстебейт.

Семетей Айчүрөктү алып келип, элинде тынч алып, дуулдап жаткан жери. Бир күнү Семетей чоролорун чакырып айткан жери: «Экөөңөр бекер айыл аралап жүрө бербегиле, атаңар күткөн жылкыга барып, жылкычы болгула. Келсенер келе бергиле, келбесеңер жүрө бергиле», - дейт.

Атадан калган мураапы
Айдап жылкы баккыла.
Жылкычыга баш болуп,
Кымыз ичип, тай союп,
Барып жыргап жаткыла.
Жайкысын Суусамырды жайлагыла.
Күздө Сары-Өзөндө күздөгүлө.

Кышкысын Ала-Көлдө кыштагыла деп Семетей баатыр эки баланы жылкы бактырып сараландуу сан жылкы, көгала көп жылкы тууса бир бөлгүн

Аргымак тууса бир бөлгүн
Айдап жылкы баккыла.
Айылга жүрбөй бекерге
Жылкы багып жаткыла.

Эки бала жылкычы болуп кеткен жери.
Семетей Айчүрөктү алып, элди сурап жаткан жери:

Канчоро менен Күлчоро
Жылдар жылга айланып,
Жырылтып казы чайнашып,
Жылкычы болуп жүргөн жер.
Айчүрөктү алганы
Эки чоро жиндинин
Жылкычы болуп калганы.
Бир жылга толук жеткени
Балдар жылкычы болуп кеткени.

## КҮЛЧОРОНУН ОКУЯСЫ

Эми Камбардын уулу Канчоро
Алмамбеттин уулу Күлчоро
Атасынан бабасы
Артык тууган шум Чоро.
Бери жатып толгонуп,
Эчен кыял ойлонуп,
Баабединге мал союп,
Дасторконго дан коюп,
Канчорого кеп айтат,
Ой абаке деп айтат.
Оюнда кепти ким айтат
Манастын уулу Семетей
Баркыбызды билбеди.
Жылкы багып жүр деди.
Айчүрөк алып дуулады.
Эрдиги бар эси жок,
Эчтеме менен иши жок,
Алмамбет, Мажик тукуму
Жоону сайсак тең сайдык.
Эр Семетей абаңды
Кылган экен ушубу?
Катын алып дууласа,
Экөөбүздүн атабыз
Жылкы багып жатабыз.
Атагыбыз жылкычы,
Ары жок иши уйкучу
Манастын уулу Семетей
Жата берсин чалкалап,
Айчүрөктү аркалап,
Жылкыны топтоп бөлөлү.
Анжияндын Сынжыбек
Ашхабадда Шаакожо
Ошондо жабдык бар деген
Эк жүз жылкы алалы,
Жылкы айдап баралы.
Жортуп жолго салалы,
Кагылайын абаке,
Биз Бээжинге баралы.
Ат куйругун өрөлү,
Түн уурусун кылалы,
Күн жолоочу бололу,
Белге саадак тагалы,
Чалгынчы болуп баралы.
Бээжиндеги калдайдын
Аңдып жолун чалалы.
Атабыздын жардамы,
Колдойт бизди арбагы.
Ак бараң асып, жол чалып,
Алмамбет барган Бээжинге
Жол жолоочу көрүнсө,
Шөлбө чапан, жеңи узун
Жол кайтарган кытайды
Аны кармап алалы.
Кытай киймин киели,
Бээжинге барып кирели.
Бээжиндеги калчаны
Жаткан жерин билели.
Кудай берип кабылса,
Кара көзүн оелу.
Атабыздын арбагын
Барып алып коелу.
Ажал жетсе өлөлү

Жылкы багып дардактап,
Жыргап жаткан эмедей
Жылкыдан жылкы бөлөлү.
Какан менен Бээжинди
Өлөлекте көрөлү».
Канчорого кеп айтат
Кана чунак жайрагыр
Какан менен Бээжинди
Биз баралы деп айтат.
Канчоро барып кеп айтат:
«Жоо көрө элек боз болсок,
Жол көрө элек бош болсок,
Ээлигип атты мине элек,
Жердин жайын биле элек,
Жоноюп атка мине элек.
Жолду мурда көрө элек.
Мен уккамын Бакайдан
Ажыдардын уюгун.
Адамды жутуп ийүүчү
Каракушу дагы бар.
Адам басып өтпөгөн,
Бээжинге киши жетпеген,
Баруучу жолу тар деген».
Кой Күлчоро, тилимди ал,
Минип жүргөн бууданың
Оңой эмес жыргалың.
Эригип калсак экөөбүз
Арыстан Манас баатырдын
Оор эшигин ачалы.
Таласка барып жаталы.
Күндө күлүк минели
Бакбайбыз деп жылкыны
Семетейге айталы.
Ит агытып, куш салып,
Карала тайган ит алып.
Карала бүркүт, куш салып,
Аркар атып, аң уулап,
Атактуу мерген бололу.
Кой Күлчоро, тилимди ал.
Башка жолду баштайлы
Биз Бээжинге барам деп,
Айтышкан сөздү таштайлы.
Аман-эсен биз болсок
Байгамбар сындуу бабабыз
Айкожо, Бакай баатырга
Манастын уулу эсерге
Бакай акыл салаар деп,
Бала төрө Семетей
Кабар укса Бакайдан
Белине саадак чалар деп.
Атаңдынканын алам деп,
Мен Бээжинге барам деп.
Семетей баштап чыгаар деп,
Бакайдын кебин угаар деп,
Бу Канчоро болбоду.
Болбойт экен абам деп,
Өзүндөн улуу угам деп,
Алыста жаткан агама,
Айкожо, Бакай абама,
Буга кабар салам деп.
Эр Күлчоро ой ойлоп,
Канчоро болбой койгондо,
Аягында муну ойлоп,
Кагылайын абаке,
Балапан кезде баккан жан.
Баарыбызды тапкан жан
Каргадай камынтып,
Ителгидей теминтип,
Карышкырдай качыртып,
Мынтык берип колуңа,
Кылыч байлап белине,
Жоокер болуп чыксын деп.
Бала башты зор кылган,
Башынан ишти оң кылган,
Энеден тартып эр болуп,
Эр уулунуна тең болуп,

Учурашып келбейт деп.
Ата болуп асырап,
Келер бекен деп ойлоп,
Абакебиз Бакайдын
Эки көзү чачырап,
Кагылайын абаке,
Атка тердик салайын,
Жата бергин жайыңа,
Сенин тилиң алайын,
Олуязаада Бакайга
Маңдайына барайын.
Учурашып келейин
Арстан Бакай абамдын
Акыл-насаат кеп угуп,
Кагылайын абаке,
Айтып келип берейин.
Койчу, бала, жинди кул
Адамдан башка ойлоп,
Айландырып көп ойлоп,
Эки семиз ат алып,
Барайын деп кеп айтып.
Бу Канчоро макул деп,
Мына ушу сөзү акыл деп,
Барсаң, барып көргүн деп,
Касиеттүү жан эле.
Абаңды барып көргүн деп,
Акыл-насаат кеп айтып,
Айтып келип бергин деп,
Көккашка менен Күрөңгө
Сүйгөнүңдү мингин деп.
Абасы Чоро кеп айтат
Ал экөөнү минбеймин,
Түн ичинде жол чалып,
Жоону сайып маш болгон,
Көктелкини минейин.
Түн ичинде жол жүрүп,
Адис болгон мал эле.
Жаштайында мен минип,
Көнүп калган мал эле.
Көктелкини минип алайын
Өзүм минген ат эле.
Ошону менен барайын».
Канчорого кеп айтып:
Эмесе өзүң билгин деп,
Өз атыңды мингин деп,
Өзүнөн уулу Канчоро
Барсаң барып келгин деп.
Улуксаат берди ошого.
Карасаат жинди кул
Көктелкини минген жер.
Бу Бакайга бармакка
Азык-түлүк алган жер.
Аккуржунга салган жер.
Мен Бакайга барам деп
Бала чунак жинди кул
Канчорого кеп айтып:
Атты тапка салгын деп,
Малыңды жакшы баккын деп,
Жакшы жыргап жаткын деп».
Көктелкини минген жер
Карасаат жинди кул
Бакайды көздөй жүргөн жер.
Кашка-Сууга барган жер.
Ат откозуп толгонуп,
Ар түрлүү акыл ойлонуп,
Кан абакем Бакайга
Кандай кабар салам деп,
Кандай айла табам деп,
Эр Күлчоро жинди кул
Тегеренип толгонуп,
Эчен кыял ойлонуп,
Көптөн кийин ой ойлоп,
Ой ойлосо муну ойлоп,
Телегейин тең ойлоп,
Тегеретип көп ойлоп,
Арачы болуп бармакка,

Асыл туулган Бакайга
Семетей уулуң айтты деп,
Барып акыл салмакка,
Жайкын жаткан Бакайды
Жыргап жаткан төрөсүн,
Бала чунак жинди кул
Ар кылганын көрөсүң.
Карасаат жинди кул
Кагаз алып кат жазып,
Барып кел деп атказып,
Семетей уулуң айтты деп,
Мына бу катты жазды деп,
Асыл Бакай абаке,
Буруу тоонун агында,
Букар кетер чагында,
Сакалынын агында,
Сапар кетер чагында,
Белине саадак чалбайт деп,
Атаңдын канын алгын деп,
Какан менен Бээжинге
Мени ээчитип барбайт деп.
Ат куйругун өрбөйт деп,
Жолдошу Манас өлгөнүн
Бир тыйынча көрбөйт деп.
Кең Бээжинге баргын деп
Атаңдын канын алгын деп.
Жол көргөзүп бергин деп,
Барбай койсо мейли деп.
Барбаймын деп камынып,
Манастын уулу эсериң
Абакем баштап келбейт деп.
Акыл айтып бербейт деп
Жазды уулуң таарынып
Оолукмалуу жинди кул
Семетейдин каты деп
Семетей минтип айтты деп.
Кашка салып алганы
Кара чунак жиндинин
Оюна кудай салганын.
Кара мүртөз жайрагыр
Кан Бакайга барганы
Баркөл деген жери бар.
Арстан Бакай баатырдын
Барктуу маңкөш эли бар.
Салып койгон чеби бар
Жыйып койгон колу бар.
Чаптырып койгон жолу бар
Сайып койгон багы бар.
Түн ичинде жаркырап,
Күйүп турган шамы бар.
Жер кайтарган жол чалган
Аскерлери дагы бар.
Дарбазанын жолунда
Жалаң кылыч колунда
Белине кылыч чалынган,
Бекзаттары канча бар.
Далыга мылтык асынган,
Ок-даарысын артынган,
Желдеттери дагы бар.
Карап турган Күлчоро
Дүрбү салып караса,
Адам баргыс жер эмес,
Башын салган жан болсо,
Аман калар жер эмес.
Кырка сайган мамы бар
Мамысынын башында
Байлап койгон чыны бар.
Чынысынын астында
Тартып койгон зымы бар.
Кечээ Манас өткөнү
Эл бузулуп кеткени.
Таласта андай жок эле
Жинди бала чунактын
Арстан Бакай баатырдын
Шаарын көрүп таңданып,
Аскерин көрүп таң калып,

Кантип буга барам деп,
Билбегениң бар чыгар.
Кокустан өлүп калам деп
Чунак Чоро ой ойлоп,
Аягында муну ойлоп,
Тараза жылдыз батарда
Таң агарып атарда,
Дарбазасын ачарда,
Эшендер азан коердо,
Амаз маалы болордо,
Эл мечитке толордо,
Алтын ооз дарбаза,
Дарбазасын ачканда,
Эшен-молдо эл чубап,
Мечитти көздөй басканда.
Жараткан алда кудурет
Жаңылганды кечирет.
Жараткан алда бир кудай
Кыла көрбө кесирет.
Түн жамынып, эл басып,
Түйшүк кылып, жөө басып,
Арып-ачкан өңдөнүп.
Карасаат жинди кул
Таң агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Дарбазаны ачканда,
Каралуу турган аскери
Чубап кирип жатканда,
Кара чоптуу аскери
Чубап чыгып жатканда,
Арстан Бакай эр көкжал
Алтыдан кылган селдесин
Тыпырайта чалынып,
Бир кудайга жалынып,
Абакеси кан Бакай
Мечитти көздөй басканы.
Эл чогулуп жатканда
Адамдан башка эби бар
Карасаат жиндинин
Айта турган кеби бар.
Чоң мечитти көргөндө
Бара турган жери бар.
Селделери кайкалап,
Жүз кырк үчү тарпылдап,
Ак селдеси оролуп,
Эшен-молдо чогулуп,
Маазым азан айтыптыр.
Төрт ирекет багымдат
Кепти окуп алмакка
Эки сүнөт, экөө барс
Кээ бирөөндө илим бар,
Кээ бирөөндө билим бар,
Эптеп окуп алмакка
Эл жыйылып барган жер.
Адамдан артык жаралган,
Чоң короонун оозуна
Эптеп Чоро барган жер.
Калың эл кайра кайтканда
Кан агам басып келер деп,
Ушу жерден көрөр деп,
Оң бетимен өбөр деп,
Арстан абам кеп айтар.
Түн жамынып жол басып
Сен кандай келдиң деп айтар.
Колуна тесме алышып,
Жер жайнаган калың эл
Алдырып зикир чалышып.
Куранын катып койнуна,
Теспесин кармап колуна,
Бири калбай түшүптүр.
Айкожо, Бакай жолуна
Он кожо, төрт молдо
Эл артында калыптыр.
Баланын түрүн көрө элек
Ким экенин биле элек
Жаагында чачы бар,

Кичинекей башы бар,
Кыз өңдөнгөн боруму
Кайдагы бала болду деп.
Көргөн киши таң калат
Ошо кезде Чоронун
Эки колу боорунда.
Тосуп турат Бакайды
Эрке өстүргөн баласы
Абасынын жолунда.
Эл артында буралып,
Молдо Кожо чубалып,
Бери чыкты мечиттен.
Ак сакалы булайып,
Алтындан кылган селдесин
Тыпырайта чалынып,
Асасын асып колуна
Арстан Бакай абасы
Адамдан улук жан эле.
Өз колунда чоңойгон
Бакай багып жүргөндө,
Семетей атка мингенде,
Колунан Шумкар качканда,
Шумкар качынып,
Баатырдын уулу Семетей
Кайгыланып жатканда.
Каныкей менен Бакайга
Башынан айтып койбойт деп.
Кеткен экен таарынып
Атасы Манас көк эле.
Кара жолтой бул чунак
Баарын жолго салат деп.
Жайын айтып бербесем
Бир балаага калат деп.
Баркөлдөн Бакай келди эле
Семетейге көрүнбөй
Каргадай болгон балага
Батасын Бакай берди эле.
Адис болгон көк Бакай
Жол каттап жолго салды эле
Он экиде Күлчоро
Бакай жазган катты окуп,
Манастын уулу дардаңды
Ополго алып барды эле.
Айкожо, Бакай асылдын,
Манас билген баатырдын,
Кармаша чыккан душмандын,
Канкордун уулу Семетей
Камбардын уулу Канчоро
Алмандын уулу Күлчоро
Батасы менен жеңди эле.
Акун кандын элине
Моминтип теңдикти алып келди эле.
Кеңкол, Талас шаарына
Каныкейдин жанына
Чүрөктү алып келди эле.
Манастын уулу Семетей
Адегенде жоо жеңип,
Айчүрөк алып келгенде
Атышкан жоону жеңгенде.
Элдеринин эри көп
Жоолоруна жоосу жок
Энебей жатып алды эле.
Бала Чоро жиндинин
Бейлине кудай салды эле.
Айкожо, Бакай абамды
Абаптап жолго салам деп.
Жол баштатып алам деп.
Мен Бээжинге барам деп.
Акылы жандан бир башка
Алда кече ой ойлоп,
Аягында муну ойлоп,
Кагаз алып кат жазып,
Семетей уулуң жазды деп,
Ойноо бала жинди кул
Колуна кагаз алган жер.
Айкожонун шаарына

Бала Чоро барган жер.
Абасы Бакай баатырга
Учурашып калган жер.
Баланын түрүн көргөндө
Баатыр Бакай абасы
Чочуп кетти болк этип,
Коркуп кетти солк этип,
Оң колунан алды эми.
Мойнунан өбө кучактап,
Ыйлап ийди кан Бакай.
Көзүнүн жашы буурчактап,
Мен садага кетейин,
Кабагың катып калыптыр.
Түн уйкуңду бөлгөндөй
Атың арык болуптур.
Күндөп-түндөп жүргөндөй
Кеңкол, Талас жер эле
Келбетүү ой эл эле,
Элиң аман жатабы?
Эмгекке тууган жан эле
Энең аман жатабы?
Сарыкан, Бакай эки чал
Ошолор аман жатабы?
Канкордон калган көпөлөк
Маана болоор бекен деп,
Атасы Манас баатырдай
Даана болоор бекен деп,
Үчөөңдү бактым жетелеп.
Жетим жүрүм жетилген,
Эсерирээк чоңойгон,
Мен ээрчитип көп жүрүп,
Катарга кирип оңойгон,
Катарга кирип оңолгон,
Семетей аман жатабы?
Абасы Бакай-Айкожом
Баланын мойнун бурду эле,
Элинен калып бөлүнүп,
Дайынын сурап турду эле.
Манастан калган калың журт
Айылын сурап турду эле.
Артындагы көлөкөм
Тасторкондогу берекем
Мен садагам кетейин.
Кармашкан жоону жеңдиңби?
Акундун кызы жеңеңди
Таластан алып келдиңби?
Эмгектүү энең байкушка
Баш коштуруп бердиңби?
Бакай сурап турган жер.
Семетей жазган каты деп,
Жинди бала Күлчоро
Кагазды сууруп алган жер.
Айкожо-Бакай баатырдын
Астына жайган жер.
Кагазын окуп караса,
Канкордон калган эр жалгыз
Катына жазып коюптур,
Белине саадак салмакка,
Бээжинге карай бармакка,
Ат куйругун түймөккө,
Бээжинге казат жүрмөккө,
Кече курбусу Манас өтүптүр.
Катары жетип кан Манас
Кармашкан жоонун колунан
Менин атам зор Манас
Жалгандан өтүп кетиптир.
Белине саадак чалам деп,
Атамдын канын алам деп,
Мен Бээжинге барам деп,
Абакем Бакай келсин деп,
Жол көргөзүп берсин деп,
Абакем Бакай келбесе,
Жол көрсөтүп бербесе,
Барбайм деп жообун айтсын деп.
Өз жайында жатсын деп.
Аргын менен огойдун

Эр бүлөсүн жыямын
Аттанып сапар чыгамын.
Бээжинге казат кыламын.
Катарым жетсе өлөмүн
Алла таала кудайдын
Ар жазганын көрөмүн.
Бала чунак Күлчоро
Муну Семетей уулуң жазды деп.
Күлчоро өзү жазыптыр
Катты окуп буралып,
Айланса болот алдага.
Артында тукум чоңойюп,
Атамдын канын алам деп,
Бээжинге жортуул барам деп,
Балалыгы болбосо,
Баатырлыгы бар эле.
Мен садагаң кетейин,
Балапан жүнүң маңдайда
Бара бер деп айта албайм.
Арстаның Манас баатырдын
Каны төгүлгөн жери эле.
Бээжинге барып кол салып
Өтүп кеткен шерлердин
Көзүм тирүү барында
Кармашып өткөн кандардын
Алманбет, Чубак шерлердин
Айтылуу Сыргак эрлердин
Султаны Манас жолборстун
Кыл мурутун шуйгөмүн
Мен садагаң кетейин
Балтыр эти толсун деп,
Басташаар маалы болсун деп,
Чакмак маалы толсун деп,
Чалышаар чагы болсун деп,
Булчуң эти толсун деп,
Урушаар маалы болсун деп,
Үчөөндү күтүп жүргөмүн.
Мурутумдун агында
Мусаапыр сапар жол тартып,
Кете турган чагымда,
Сакалымдын агында,
Бул дүнүйө жалгандын
Сапар кетээр чагымда,
Мен кудайга ыраазы.
Жетим жүрүп жетилген,
Мен Бээжинге барам деп,
Атамдын канын алам деп,
Укпай турган кеп эле.
Мага кудай бергени
Ыраазымын кудайга.
Каргадай болгон көпөлөк
Кабарчы болуп келгени.
Манастан калган жалгызым
Каканга барам дегени.
Арстан Бакай-Айкожо
Ак сакалын жайкалтып,
Баатыр болуп жоо сайган.
Кармаша чыгып кан төккөн
Бул Канчоро баланы
Жаш баладай жетелеп,
Арстан Бакай, Айкожо
Баабедим деп бакырып,
Байбичесин чакырып,
Айкожо-Бакай сүйүнүп,
Оң колунда келетат.
Ойноо бала сербеңдеп,
Кан Бакайдын байбиче
Бакай менен жаш бала.
Бакай үндү салганда,
Үйгө жакын барганда,
Арстан Бакай кеп айтып,
Кара аякка суу куй деп,
Айланайын байбиче,
Бу баланын башына
Тегерете ургун деп.
Баланы үйгө киргизбей

Ак сары башыл алгын деп,
Азыр кылып чалгын деп,
Эчкиден серке алдырган,
Садагасын чаптырган.
Айкожо-Бакай баатырдын
Каргадай бала колунда,
Алтын селде башында,
Ак кураны койнунда,
Азасы бар колунда.
Байбиче барып караса,
Эмчек сүтүн эмизген,
Жилик майын сордурган,
Ак боз бээ сойдурган,
Канчоро менен Күлчоро
Атын уйкаш койдурган.
Калайык эл канча журт
Аш-тамака тойдурган.
Эл чогулуп бата алган,
Эки тентек атанган,
Калк чогулуп бата алган,
Кан ичме тентек аталган,
Семетейтин бөбөгү
Мусулмандын жөлөгү
Арстан Бакай баатырдын
Акбача деген байбиче
Байтайлак деген баласы
Башка болгон турбайбы.
Бакай журттун бабасы,
Байбиче байкап караса,
Оң саамайы өрүлүп,
Күлчоро түрү көрүнөт,
Бакай сурап кеп айтат.
«Кичинекей боз бала,
Бу калаада жок бала,
Кайдагы бала» деп айтат.
Арстан Бакай маңкайып,
Арбагы журттан бир башка.
Ак карлуу тоодой заңкайып,
Ой байбиче угуп тур.
Кече Манастын уулу эр жаңгыз
Жолборсуңдан айрылып,
Калдым эле мен жалгыз.
Бу Каныкей бейтаалай,
Мендеден болгон кем таалай,
Манастан калган сан дүйнө
Бай да көрбөй чачты эле.
Семетейди жетелеп,
Чыйырдыны көтөрүп,
Каныкей байкуш бакты эле.
Темиркандын шаарына
Тентип барып чоңоюп,
Жетим жүрүп жетилип,
Кайрылып элге келди эле.
Каныкей сенин курдашың
Чыйырды сенин кайненең
Баатыр Манас өлгөндө,
Бир далайды көргөндө,
Манастын көзү өткөндө,
Манастан калган көп дүйнө
Душман басып кеткенде.
Каныкейди камалап,
Кайда бала дегенде,
Бакты күңдүн баласын
Бу Каныкей акылман
Баланы керек кылсаңар
Мына бала деди эле.
Абыке, Көбөш баатырдын
Атабыз Жакып баатырдын
Колдоруна берди эле.
Чыркыратып баланы
Колдон-буттан алды эле.
Кара көзүн ойдук деп
Бул Каныкей долуну
Таянып жүргөн баласын
Көпчүлүккө көргөзүп,
Көк бөрү тартып койдук деп.

Кордукту көрүп Каныкей
Кеңколду таштап качты эле.
Кейип жүрүп Каныкей
Семетейди бакты эле.
Эрешен тартып эр болуп,
Эрбейип бала келди эле.
Заарыгып жетет тилекке,
Кармап тууган каапырды
Кара боор баатырды
Адегенде Семетей
Өз атасын сойду эле.
Андан кийин бул тентек
Кырк чорону кыйратып,
Кыргын салып койду эле.
Эми ошо Семетей балаң кеп айтып,
Бээжинге барам деп кеп айтып,
Калам алып, кат жазып,
Жол көргөзүп берем деп.
Бул баланы атказып,
Байкагын бала ким экен.
Байбичеси Барчы адам
Бакай кан сурап турган жер.
Сары серке алдырып,
Садагасын чаптырып,
Акбарча байкап караса,
Жаш кезинде көрчү эле.
Саамай чачы бар эле
Он үч менен он төртүн
Ортосунда жашы бар.
Баладан башка сүрү бар
Абыдан байкап караса,
Жалгандан бүткөн асыл шер.
Алмамбеттин түрү бар
Ошондо байбиче ыйлап бүгүлүп,
Баабедин деп сүйүнүп,
Оң колунан алышып,
Бу Күлчоро чунакты
Үйүнө алып барышып,
Айкожого кошулуп,
Байбичеге кеп айтып.
Айланса болот алдага
Жетим жүрүп жетилип.
Казатка барам дегенге
Жараткан кудай бергенге
Ат арытып бек жүрүп,
Ат сокту болуп калды деп.
Айланса болот кудайга
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Өңү азып калыптыр.
Бала жата берсин деп
Калалуу коргон чарбакка
Айкожо-Бакай абасы
Каканга казат бармакка,
Какан менен кармашып,
Арманы жок калмакка.
Олуя Бакай камынып,
Билгенде көргөнү,
Зарылганда көргөнү,
Жараткан кудай бергени
Манастан калган көпөлөк
Барам деп Бээжинге келген соң,
Кантип жанды аяйын
Каканчылуу Бээжинге
Жетимдерди ээчитип,
Жол көргөзүп барайын.
Жаңы өскөн балдарды
Чогу аскер алайын.
Элдин башын курайын.
Эми аскер жыйнайын.
Ыраазымын кудайга
Балдарым барам дегенде
Эмине чыдап турайын.
Айкожо-Бакай камынып,
Кечээ жолборсум Манас барындай,
Кара-Шаар жерине
Кадимки моңкөш элине

Арстан Бакай баатырдын
Алкан жайып кол ачып,
Аттанып чыкса жол ачык.
Бастырып чыкса сан колдой,
Басташкан жерге ак жолтой,
Аттанып чыкса сан колдой,
Атышкан жоого ак жолтой,
Ыраакка чыкса сан колдой,
Ырыска тууган ак жолтой.
Кабар салып калкына
Баатыр Манас барындай.
Баштап жүргөн чагындай
Бармак болду Бээжинге
Кудай билет чын болсо
Бакай кабар салыптыр,
Жатып жамбаш талганда,
Уктап уйку канганда
Күлчоро туруп барыптыр.
Арстан Бакай баатырдын
Аскерин көрүп алыптыр.
Айза кармап жоодурап,
Кылычты кыя байлатып,
Далыга мылтык асынып,
Кайраттуусу күүлөнүп,
Сай күлүктү минишип,
Ат куйругун түйүшүп,
Алган экен такалап.
Кийгендери көк темир
Зооттору буралат.
Арстан Бакай, Айкожо
Аскери атын мингенде
Алардын түрүн көргөндө
Тентек бала Күлчоро
Кылганына уялат.
Эми кандай кылам деп,
Абама кабар салдым деп,
Аскери менен дүрбөтүп,
Бармак болуп калды деп.
Же Семетей айткан кеп эмес
Семетейден кеп угуп,
Энекемен мен угуп,
Же кабарга келген мен эмес
Семетей каты деп,
Кагазга кандай жазды деп,
Арбактуу абам Бакайга
Муну кандай айттым деп.
Эр Күлчоро жаш жинди
Алапайын таба албай
Абакесин дүрбөтүп,
Аскер алып келдим деп.
Семетейге бара албай
Кандай айла кылам деп.
Жараткан алда жалгыз ак,
Жардамын кылар бекен деп.
Атам баатыр Алмамбет
Акыл берер бекен деп.
Өтүп кеткен шейиттер
Макул көрөр бекен деп.
Өзү кылган ишине
Өткүр бала толгонуп,
Кандай күнгө салдым деп,
Эчен акыл ойлонуп.
Ойлонуп акыл таба албай,
Оолугуп жолго сала албай,
Тегеренип турган жер.
Асыл Бакай-Айкожо
Жети миң аскер турган жер.
Жасайылын арттырып,
Аскерине тапшырып,
Кош колоңун арттырып,
Кол башчыга тапшырып,
Калган элди чакырып,
Ак боз бээ алдырып,
Ай туякка чалдырып,
Арстан Бакай-Айкожо
Аттанмак болду камынып.

Айтылуу Бакай-Айкожо
Аскерин алып колуна
Аттанып чыкты жолуна.
Кыйгактуу айза аштаган,
Эчен жолду баштаган,
Беттешкен жоосун берт кылган,
Кармашканын кан кылган,
Тиштегени ок болгон,
Тиктегени жок болгон,
Кармаганы ок болгон,
Караганы жок болгон.
Манасты Бакай сүрөгөн
Каарына келгенде
Каапырды кардай күрөгөн.
Дин мусулман бендени
Башына тийген ай болгон,
Арстан Манас баатырдын
Бузулган ишин оңдогон,
Манасты Бакай колдогон,
Жоо дегенде дегдеген
Арстан Бакай-Айкожо
Күлчором кабар келди деп,
Жалгызым кабар берди деп,
Бээжинге барам деп,
Мен кудайга ыраазы
Калган элге кеп айтып,
Каралдым балам Семетей
Казатка барам деп айтып.
Кагазына салыптыр
Айланса болот алдага
Барамын деп Бээжинге
Даярданып калыптыр.
Айкожо абам келсин деп
Жол көрө элек балдарга
Жол көргөзүп берсин деп.
Өлбөсөм кайра келермин
Калың журтум жоктотуп,
Айтылуу Бакай шер баатыр
Карылар менен кайтамын.
Аскер жыйнап кол алып,
Жоо-жарагын мол алып,
Ай туягын өткөрүп,
Башына селде чалынып,
Барып жүргөн жер эле.
Көрүп жүргөн эр эле
Көкчолок оозун керейин
Берсе кудай тилекти
Бээжиндин каны чоң манжуу
Бир беттешип көрөйүн.
Айкожо-Бакай айбаттуу
Адамдан башка кайраттуу
Баланын тилин алган жер
Аскерин жолго салган жер.
Атактуу Бакай кайран эр
Шаарынан бөлүнүп,
Бакай жолго салган жер.
Калкы менен катташып,
Кайрат кылып жоктошуп,
Карылар ыйлап калган жер.
Ойло бала Күлчоро
Шай колдогон эр Чоро
Айкожо-Бакай жанында,
Аскеринин алдында,
Секелеги жаркылдап,
Саамай чачы кылактап,
Артык тентек жинди кул
Абасы жыйган аскерди
Астына жүрүп бөлүшүп,
Ар кайсы жерде көрүнүп,
Башка бала экен деп
Айкожого кошулган
Артык туулган эме экен
Маңдайы жарык жан экен
Балалыгы бар экен.
Балалыктан өткөндө
Башына доор жеткенде

Кайраттуу болчу неме экен.
Кадимки Манас түрдөнгөн
Каралып калган эр экен
Дүңгүрөгөн калың кол
Алмалуудан өттү эми,
Агын сууну кечти эми,
Ой-Талаага жетти эми,
Айкожо-Бакай кеп айтат,
Узун кийген жериме
Жүрүп келгин деп айтып,
Туура чийген жериме
Конуп келгин деп айтып,
Чаалыктырбай аттарды
Ар кайсы жерге токтотуп,
Күздүү чыккан чөбү бар
Күлчоро кайкы бели бар
Бетеге белден бураган,
Аркар-кулжа чубаган,
Жейрени жерде жарышкан,
Карышкыр иттей кабышкан,
Мергендер мылтык атышкан,
Аюу, кулжа кулатып,
Атып кийик сулатып,
Жан казанга салгыла.
Шашпай колун алгыла
Арстан Бакай баатырдын
Айтып турган кеби бар.
Ар кайсы жерге белгилеп
Баатыр Манас барында
Доң көтөргөн жери бар.
Айкожо-Бакай баатырдын
Айткан тилин алуучу
Комбо деген жерине
Чубап жолго салуучу
Түшпө деген жерине
Аттан түшүп алуучу.
Кош түшүрүп салуучу,
Мергендер кийик атуучу,
Башкасы казан асуучу,
От жагып, от жакчу,
Алар жүрөт бир бөлөк.
Казан асып, эт асчу
Булар жүрөт бир бөлөк.
Айза саяр ыктуусу,
Жоого тиер мыктуусу,
Булар жүрөт бир бөлөк.
Мылтык атар мергени
Булар жүрөт бир бөлөк.
Көптү көргөн көсөмү
Эл бийлеген эмени,
Эл Сураган чечени,
Алар жүрөт бир бөлөк.
Ар борумун көргөндө
Бала чунак жинди кул
Боруму башка жоодурап,
Жүргөнү башка шоодурап,
Дос аттуусу бир бөлөк.
Былыктары көрүнөт.
Кыйгактуу айза баштаган,
Кыйкырып колду баштаган,
Кыйындары көрүнөт.
Ойноо бала жинди кул
Абасынын аскерин
Купулуна толтурат.
Куп жарашып олтурат
Ара жолго барганда,
Аскери конуп калганда,
Адамдан ойчул Күлчоро
Ой ойлонуп токтолот.
Ат жетелеп өткөрөт
Өзү кылган иш эле
Аттай туйлап жүрөгү
Семетей уккан кеп эмес.
Кан Бакайдын аскери
Барбай койчу эл эмес.
Кандай айла табам деп

Канкор төрө абама
Кандай айтып барам деп,
Чыканактап кыйшайып,
Чырым этип уйку алып,
Кичинекей тынч алып,
Көзү уйкуга илинет.
Кудай билет чын болсо
Алмамбет шаңы билинет.
Түшүнө кирип кеп айтат
Түйшүктү салба дейт.
Калың колду ташта дейт
Айкожону алгыла
Жол баштатып баргыла.
Күн жолоочу болгула
Түндө ууру кылгыла
Бээжиндеги Калдайдын
Билет жайын эр Бакай
Айтканындай баргыла.
Каканчылуу Бээжиндин
Кара чоктуу кечилдин
Жайыттагы жылкысын
Барып тийип алгыла.
Казат кылып кармашпай,
Кан төгүшүп урушпай,
Кайра тартып келгиле.
Алып келсең жылкыны
Аргын менен огойдун
Түтүнүнө бергиле.
Оңдосо кудай ишине
Алмамбет кирди түшүнө.
Тараза жылдыз батканда
Таң агарып атканда,
Жан казанын асынып,
Ат токумун даярдап,
Тамактанып жатышат.
Оолукмалуу жиндини
Оюна кудай салганын
Чоро ойлоно калганы,
Айкожосу Бакайга
Амаз окуп токтолуп,
Минген атын откозуп,
Астына басып барды эми.
Абасына кеп айтат,
Айкожо аба деп айтат.
Мен бу жерден барамын
Манастын уулу балага
Абам атка минди деп,
Аскери менен келди деп,
Барып кабар саламын.
Аргын менен огойдун
Айткан кебин уккун деп,
Абам Бакай келетат.
Бээжинге барам деп айтат
Жолун тосуп чыктым деп
Аргын, огой элиңе
Барып кабар кылайын,
Азык-түлүк жыйнайын,
Адил Бакай абамдын
Аскери келип калды деп,
Мурун кабар салайын.
Өзүм мурун барайын.
Жинди Чоро ой ойлоп,
Аягында муну ойлоп,
Айкожо-Бакай баатырга
Акыл салып кеп айтып,
Кеңколго мурун барайын.
Айкожо келип калды деп,
Энеме кабар салайын.
Аш даярдап, тон кылып,
Аскерине бермек деп,
Айкожо келип калды деп,
Айтканымды уксун деп,
Аяш балам канаке
Астыңы тосуп чыксын деп,
Тентек Чороң тапкан кеп,
Бакайга кеби жаккан кеп.

Макул болуп баргын деп,
Барып кабар салгын деп,
Аргын менен огойдун
Баарысын жыйып алгын деп.
Мени менен тең өскөн
Карысын жыйып алгын деп.
Манастын уулу Семетей
Барктап элин жыйсын деп.
Баарын даяр кылсын деп,
Бу Күлчоро тапкан эп.
Ат откозуп, жай кел деп.
Акылдашып Бакайга
Айтып кебин жат кылып,
Макулдашып Бакайга
Жинди кулду көрдүңбү?
Аттанып жолго салганын
Талас менен Кеңколго
Ат арытып жай жүрүп,
Ара жерге Күлчоро
Айлы конуп калганын.
Кабарга бала кетти деп,
Барып кабар салар деп.
Сарамжалын шай кылып,
Азык-түлүк кам кылып,
Бизди тосуп калар деп.
Арстан Бакай эр Кожо
Ар кылганы окшошот.
Ат кыйнабай жай жүр деп
Алып жүргөн аскерин
Ар кайсы жерге токтотот.
Ок аткандай жинди кул
Атка камчы салган жер.
Абасынан бөлүнүп,
Алты конуп калган жер.
Кеңкол, Талас жерине
Аргын, огой элине
Кечке жуук барган жер.
Жоргонун белин ашкан жер.
Жоболоңдуу жинди кул
Жоо көргөндөй шашкан жер.
Эр Семетей ойлочу
Жайытка жылкы салды деп,
Жылкычыга баш болгон,
Баккан малын өстүрүп,
Көңүлдөрүн көтөрүп,
Семизин тандап сойгондур.
Эки чоро жиндинин
Билектери толгондур.
Манастын уулу Семетей
Эрдиги бар, эси жок
Эчтеме менен иши жок.
Таластан издеди бойлоочу
Шумкарын салып ойночу
Акшумкарын салуучу
Өрдөк, үчрөк алдырып,
Ал туурасына салдырып,
Үйүнө алып баруучу,
Канатту этин бышырып.
Каныкейди чакырып
Балга кошуп берүүчү.
Салтанаты бир башка
Таластын суусун жээктеп,
Каз-өрдөгүн алдырып,
Канжыгадан артканын,
Куюшкандан өткөрүп,
Толорсуктан жээктеп,
Ошо күнү куш салып,
Кечке жуук барган жер.
Кереметтүү жинди кул
Күлчоро барып калган жер.
Кактелкини камчылап,
Качкалаңын оңдотуп,
Кара бойдон аккан тер.
Төгүлүп жерге тамчылап,
Шашкалаңы өңдөнүп,
Келди жетип Күлчоро

Баатырдын уулу Семетей
Күлчоро көрүп бурулуп,
Капырай, эминени көрдүң сен
Алдыңдагы атыңдын
Тер төгүлүп чубуруп.
Качкаланды өңдөнүп,
Шашкаланды өңдөнүп,
Атка катуу бек жүрүп,
Кандай катуу келдиң сен.
Айтчы Чоро кебинди
Деп ошентип Семетей
Аттан түшпөй сурады
Коркунучтуу кеппи деп.
Семетей айтып турганы
Ошондо Чоро кеп айтат
Жылкы багып жай жатсам,
Казы-карта кайнатсам,
Казы менен жал туурап,
Жегеним казы сары жал,
Бакканым жылкы асыл мал.
Арстан Бакай ababыз
Күлчорого баргын деп.
Арага киши салыптыр,
Абасы айтып барыптыр,
Кайгы тартып камынып,
Абаке сага таарынып,
Айчүрөк алып дуулдайт деп,
Эрке өскөн эки кул
Жылкы артына салат деп.
Жылкычы кылып алат деп,
Белине саадак чалбайт деп,
Бээжинге каат барбайт деп,
Туулбай калсын атадан
Атасы Манас маркумдун
Аттанып кунун куубайт деп.
Арачыга жазыптыр
Мына бу катты көргүн деп.
Каттан окуп билгин деп
Семетейге айтыптыр.
Бакай жазган кат эмес
Бакайдан чыгып бөлүнүп,
Бала чунак жинди кул
Күлчоро өзү жазыптыр.
Кагазын окуп саргарып,
Канкордун уулу таңкалып,
Айбулутка бураса
Абакең айткан кеби деп,
Бээжинге барам деди деп,
Манастын уулу Семетей
Абасы жазган катты окуп,
Баатырдын уулу Семетей
Ыраазы болуп шаттанып,
Атасы Манас болгон соң.
Мен Бээжинге барам деп,
Абасы Бакай жазган соң.
Барамын деп айткан соң
Канкордун уулу Семетей
Мен ыраазы алдага
Карып калган чагында
Мен Бээжинге барам деп.
Аргын менен огойду
Атка минип чыгайын.
Асыл Бакай абама
Азыр даяр кылайын.
Көкжалдын уулу кан ичме
Көтөрүлүп алганы.
Бакай барам дегенде
Көңүлдөнүп камданып,
Бала төрө шаңданып,
Карасаат жинди кул
Жайнап жаткан абасын
Эркин жүргөн агасын
Чакчелекей салганы.
Эки жерден камынтып
Бул Күлчоро тилеги
Семетей менен Бакайды

Экөөнү минтип кабылтып.
Кылды бала кызыкты
Карасаат жинди кул
Салды бала бузукту.
Атаганат дүнүйө,
Бастырып чыгар чагы жок.
Балдар болсо жаш эле
Айчүрөк жаңы келди эле
Кандай заман болот деп,
Кагылайын Каныкей,
Атка минип Айкожо
Даярланып алган соң
Манас атаң Бээжинге
Барамын деп калган соң,
Кандай заман, кандай күн
Кандай каран кандай түн.
Маңдайда шорум кете элек
Атаганат дүйнө күн
Бактым эле жетелеп.
Баралына келелек
Басташар маалы боло элек.
Убагына келе элек
Урушар маалы боло элек.
Олуязаада Каныкей
Арка чачы түйүлүп,
Ары-бери жүгүрүп,
Тилимди алсаң Айкожо
Быйыл алып калармын.
Эки жылда өткөзүп,
Алып жолго салармын.
Каныкей ушинтип ойлоп
Капаланып турган жер.
Карасаат жинди кул
Бу Кулчоро кылган жер.
Манастын уулу баатырың
Аттанам деп камынып,
Энекеси Каныкей
Жаңгызына кеп айтып
Аттанам деп чамынбай
Жата бергин деп айтат.
Айкожо келсе айтайын
Сен бул жерден кайт дешип,
Ат тизгинин бур дешип,
Эки жыл аяр кыл дешип,
Эр Семетей кеп айтат.
Абакем барам деген соң
Барбасам ишим оңобу
Карысы барам деген соң
Кагылайын энеке,
Мен барбаймын дегенде
Мынабу жаңгыздын жолу болобу?
Тилекти кудай берген соң
Аскерин жыйып кол менен.
Айкожо абам келген соң
Ажалым жетсе өлөйүн.
Атам Манас баатырдын
Арбагын эстеп көрөйүн.
Тагдыр жетсе өлөйүн
Бээжиндеги калдайга
Берсе кудай тилекти
Бир беттешип көрөйүн.
Айзанын учун камдайын
Кагылайын энеке,
Жеткирсе кудай тилекти
Бээжиндеги калдайды,
Берсе кудай жайлайын.
Кара чоктуу калмактын
Качырганын көрөйүн.
Ажал жетсе өлөйүн.
Айзанын учун камдашып,
Калдай менен кармашып,
Жараткан алда кудайдын
Жазаганы болсо көрөсүң.
Кылычты кындан суурушуп,
Кыя тартып урушуп,
Кызыл канга боелуп,

Кагылайын энеке,
Кыйынсынган кытайга
Абам менен барайын.
Абам барам деп келсе,
Мен кантип барбай каламын.
Бала төрө эр айтат
Энесине бек айтат.
Бала жинди токтобой
Барды бала астына
Каныкейдин кашына.
Кагылайын энеке,
Карып калган абабыз
Козголоңду салган соң,
Кошун жыйып алган соң,
Айкожо келип калган соң,
Алтын сакал Айкожо
Барайын деп келген соң
Барбайм деп кантип калабыз.
Баарыбыздын агабыз
Белге саадак чалынып,
Асылдар келген Бээжинге
Чалгынчы болуп барабыз.
Кабылтса кудай калдайга
Атанын канын алабыз.
Чакчелекей салган жер
Бала чунак жайрагыр
Шамал эмес, жел эмес
Акылы ашкан жинди кул
Өзү кылган иши эле.
Баатыр төрө агасы
Байкабай жаткан иши эле.
Калаалу коргон чарбакка
Канга тууган жинди кул
Жалынды кудай арбакка.
Какан менен Бээжинге
Казат кылып бармакка
Оттой күйүп илеби
Олуязаада баланы
Өтүп кетти тилеги.
Айкожо-Бакай абасы
Олуязаада Күлчоро
Алмамбеттин баласы
Атасынын зери бар.
Жаш кезинде жоо сайган
Шай колдогон жери бар.
Адамдан башка эби бар
Семетейге кеп айтып
Келип калса уят деп
Астын тосуп алалы.
Ардактуу тууган баатырга
Жолун тосуп баралы.
Огойдун элин жыялы
Аскериңе берүүгө
Тамакты даяр кылалы.
Ошо жинди Күлчоро
Башка жолго салган жер,
Бала чунак жинди кул
Аргын, огой элинен
Кеңкол, Талас жеринен
Азык-түлүк алган жер.
Абакеси Бакайды
Ардактап тосуп калган жер.
Жаш кезинде камынган,
Кан ичме болуп атыккан,
Жол чал десе, кан ичкен
Бөрк ал десе, баш кескен
Чунак Чоро кандай жан.
Атанга кошуп арттырып
Олуязаада Каныкей
Атка аябай жаптырып,
Аргын менен огойго
Аскерге даяр кылсын деп,
Даярланып турсун деп,
Кара кашка аргымак
Каныкей кайып токунуп,
Аттанып жоого салган жер.

Арбактуу бала Семетей
Айкожо, Бакай абасын
Астын тосуп калган жер.
Аргын, огой карысы
Арстан Бакай көкжалы
Жолго чыгып баарысы
Жолун тосушуп турган жер.
Жоболоңду жинди кул
Дүрбөлөң салып калкына,
Калың журттун жалпыга,
Бу Күлчоро кылган жер.
Арбактуу Бакай барган жер
Аскери койдой шооду
Кол баштаган алдында
Балага келди жоодурап,
Эч кишиге билгизбей
Жан кишиге туйгузбай,
Күлчоро эбин көр
Арстан Бакай кайран эр
Күрдөөлү калың элин көр.
Аргын-огой калың эл
Каныкей кайып баш болгон,
Арстан Бакай көкжалды
Тосуп алган жерин көр.
Аскери башка бир бөлөк
Арстан Бакай баатырды
Аскерин аргын эл көрүп,
Колду көрүп таң калып,
Барбаган менен болбойт деп
Аргын, огой калың журт
Баралы деп камданып.
Арстан Бакай элине
Аргын менен огойду
Ондон бөлүп үйүнө
Азык-түлүк камдатып,
Аттарын бөлүп айдатып,
Эр Семетей аттанып,
Өзү жүрөт башкарып.

Каныкей асыл кеп айтат,
Кан Бакайга кеп айтат,
«Кандай заман, кандай күн
Кагылайын Айкожо,
Кандай каран, кандай түн,
Таластын суусун жээктеп,
Заманым түшүп башыма
Кетпеди беле дүйнө күн.
Мына бу жаңгызымды тээктеп
Белиме канат болгондо,
Тентип жүрүп келгенде,
Атасы башка арамдар
Өлтүрдүк десек, тирүү деп.
Атасы өткөн кан ичме
Тууганыбыз болбойт деп.
Акыры тирүү койбойт деп,
Тополоңу тоз болуп,
Семетейди теңсибей
Бул ногойду элсинбей,
Сөөлөтүнө мас болуп,
Семетейге кас болгон.
Казынасын чачты эле
Бээжинге кирип кетмекке
Абыке, Көбөш арамдар
Канкорун күткөн кырк чоро
Аларды бузуп качты эле.
Атаганат дүнүйө,
Бу жаңгызың кеп айтып
Атамдан калган мурапы
Айрылбаймын деп айтып.
Мен да кошо барам деп,
Кошо кетип калам деп,
Кой, кой десем болгон жок,
Тилимди алып койгон жок.
Жаңгызымдын колу жок
Койгун десем тил албай
Көгөрүп ыйлап алды эле.
Көт жагынан барды эле.

Атын тартса тил албай
Атасы башка арамдар
Аларды кудай урду эле.
Манастын уулу жаңгыздын
Баатырдан калган мураапы
Бирин койбой кырды эле.
Кыргындан калган эки жан
Азыраак чайкап куш кылдым.
Кайсы арманым айтайын
Атадан калган жаңгызга
Жолдош болор бекен деп,
Семетейге туш кылдым.
Балапан жүнү маңдайда
Байкуш шордуу мен бактым,
Менин сүтүм жан бактым,
Балтыр эти толо элек,
Эки жетим чунагым
Барар маалы боло элек.
Атка минсе мингендир
Кайсы арманым айтайын.
Каршы алышкан душманда
Жоого тийсе тийгендир
Кудай берет жардамы
Өткөндөрдүн арбагы
Арбак конуп, бир жөлөп,
Калган жоону сайгандыр.
Бээжин оңой жер эмес
Бара турган кез эмес.
Олуязаада Каныкей
Кечээ канкоруң Манас өлгөндө
Атасы башка душмандын
Кордугум көрүп качтым мен.
Кордукту жаман тарттым мен.
Көрбөгөнүм көр болуп,
Жебегени ок болуп,
Мага жакшы айтар киши жок болуп,
Каракандын шаарына
Тентип жүрүп мен келдим.
Тарттым жапа азапты
Менин тилим алсаңар
Айланайын Айкожо
Кое тургун казатты».
Каныкей айтып турганда
Арстан Бакай кеп айтат
Каныкей аяш деп айтат.
«Болоттон болот тукул деп,
Атадан калган тукум деп,
Бетти шадак чалбасам,
Мен Бээжинге барбасам,
Атамдын кунун албасам,
Туубай тууна чөгөмүн.
Бу дүнүйө жалганга
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Айкожо абам келсин деп,
Жол көргөзүп берсин деп,
Семетей катка жазыптыр
Семетей барам деген соң
Барбайм деп кантип айтайын.
Баланын шагын сындырып,
Тынч алып кантип жатайын.
Жаңкы айтканың дагы чын
Эки бирдей жаш дедиң,
Жоо көрө элек боз дедиң,
Алты жашка чыкканда,
Алып жүрүп колума,
Бараң мынтык аттырып,
Машыктырдым башында.
Жоокер кылдым жашында
Атанын чапкан жолу деп
Аргымак тандап мингиздим,
Ар кайсы жолду билгиздим,
Кечээ Акункандын шаарына
Айылдан чыгып душманы
Айчүрөктү алам деп
Чынкожо чыкканы.
Мен кудайга ыраазы

Аттанып жолго салыптыр,
Бу кудайдын жардамы
Алмамбет менен Чубактын
Атактуу баатыр Сыргактын
Жолборсу Манас баатырдын
Арбагы конуп калыптыр.
Кармашкан жоону жеңиптир
Тилекти кудай бериптир.
Капа болбо Каныкей
Барса барып келербиз
Жараткан алда кудайдын
Жардамы болсо көрөрбүз».
Айткан сөзү окшошуп,
Каныкей, Бакай эки жан
Айтышып сөздү токтотуп.
Бала төрө Семетей
Билбейт жинди кылганын
Эр Семетей жаңгыз эр
Абакем кандай келди деп,
Бээжин барам деди деп,
Айран болуп турганы.
Аргын, ногой карысы
Семетей жыйып барысын,
Мен Бээжинге барам деп,
Эр азамат жигитти
Аскерин барып алам деп,
Элине кабар салганы.
Эл чогултуп барганын
Карылар ыйлайт кайгырып,
Кечээ баатыр Манастан
Калдык эле айрылып.
Көрбөгөндү көрдүк деп,
Өлгөнүбүз өлдүк деп,
Өлбөчүбүз жүрдүк деп,
Кечээ атам Манас өлгөндө,
Талап малды бөлгөндө,
Атамдан калган малды алып
Алтын, күмүш зарды алып,
Камчыга ченеп жерди алып,
Атандан калган элди алып,
Чоң атаңар күүлөнүп,
Арамдар тили алды эле.
Кудай таала жар болуп,
Сени өлтүрөбүз дегенде
Бейтаалай шордуу Каныкей
Сени калкалап алып калды эле.
Атасынан айрылып,
Жетим калган мындан көп.
Күйөөсүнөн айрылып,
Жесир калган мындан көп.
Кечээ атакең казат барганы
Алмамбет, Чубак шерлери
Айтылуу Сыргак эрлери
Алардын өлүп калганы.
Атаңдын көрү өткөндө
Атакеңдин жолдошу
Алмамбет, Чубак кеткенде
Ушу турган курган журт
Абыке, Көбөш эки арам
Айдап малды бөлдү эле.
Ушу турган курган журт
Көрбөгөндү көрдү эле.
Карылар келип кеп айтып
Кечээ Абыке, Көбөш арамдын
Апасы башка алардын
Жаккан оту өчө элек
Өлүмдөн заты кете элек.
Бейтаалай байкуш Каныкей
Силерди бакпады беле жетелеп.
Атаңдан жаңгыз туулган
Арбактуу бала сен элең.
Эми Бээжин кантип барасың
Жетимдерди жетелеп,
Жесирлери оңолгон,
Береги турган журтуңду
Бейпайга кандай саласың.

Карылар келип кеп айтат
Кандай заман кандай күн
Карыларды боздотуп,
Бээжинге кандай барасың.
Улууларга кеп айтып,
Тил алсаң барба деп айтып,
Ушу сөздү угушат
Күлчоро менен Семетей
Экөө бирге турушат.
Журттун кебин укканда
Манастын уулу Семетей
Эси ооп калдаят.
Бала Чоро жинди кул
Арбак конуп шаңданат.
Эр Күлчоро кеп айтат:
Улуу кары абалар
Чогулуп келген абалар
Айткан сөздүн баары чын,
Айтканыңар баары чын,
Карыларды боздотуп,
Катын-кызын сыздатып,
Жаккан оту өчө элек,
Согуштун заары кетелек,
Аскерди алып нетебиз,
Жол көрсөтүп берүүгө,
Абамды алып кетебиз.
Адис болуп жол көрүп,
Барбай кайра келебиз.
Атабыш Манас баатырдын
Бастырган жолун көрөбүз.
Байгамбар батып келбеген,
Биз эмес Азиретаалы барбаган,
Атабыз Манас жүрбөгөн,
Барган жан тирүү калбаган,
Бээжинге кантип барабыз.
Жол жолоочу өңдөнүп,
Эл көрүп жатып алабыз.
Урушар болсок Бээжинге
Жашым жетет жыйырмага
Эми алты жылда барабыз».
Эр Күлчоро кеп айтат
Элди эритип эми айтат:
Аскерди жыйып алгыча
Мурун калган бүлөнү
Катын менен баланы
Как саноого койгону.
Эр бүлөдөн айрылып
Катты алып барабыз».
Бала жинди Күлчоро
Калкка айтып турган жер,
Баланын кебин уккан жер,
Кулагына жуккан жер,
Чуркурап бата берген жер,
Баланын кебин алган жер.
Жол баштатып Бакайга
Эки чоро, бир төрө
Мына аттанмак болуп калган жер.
Сай күлүктү тандайбыз
Аттанууга шашпайбыз.
Буурул ат калды семирип,
Тап эбине келтирип,
Ат кермеге салабыз.
Так бир айга калабыз.
Ат табына жеткенде
Анан кийин барабыз.
Адам угар көп айтып,
Бала жетим эр айтып,
Айткан кебин укканда
Аттанып жолго сен салсаң
Чалгын чалып, жол көрүп,
Сапарга чыгып барарда
Чакырганга келгиле,
Келип бата бергиле,
Кан Бакай тапкан эп эмес
Бу Семетей айткан кеп эмес
Алмамбеттин баласы

Бала эмес журттун даанасы
Күлчоро Бакайга кеп айтып:
Агала сакал Айкожо
Атама жолдош кан кожом
Барамын Бээжин деп айтып.
Эки жерден экөөнө
Эл чогулуп барганы.
Кара жолтой жетимге
Эбин таап Бээжинге
Бармак болуп калганы.
Баланын сөзүн макул деп,
Бакай айткан акыл деп,
Жиндетип сөзүн «макул» деп,
Семетей айткан акыл деп,
Калалуу коргон чарбакка
Эки чоро, бир төрө
Айланса болот арбакка,
Бээжинден чалгын чалмакка,
Айткан сөзү бир башка,
Калк чогулуп кайткан жер.
Тилегин кудай берсин деп,
Катын-бала айткан жер.
Асыл Бакай, Семетей
Эбин Чоро тапкан жер.
Энекеси Каныкей
Уядан учкан канаттуу
Канаттарын тарайт деп,
Ар кандай ишке жарайт деп,
Таш эмчекти бошотуп,
Тар курсактты кеңейтип,
Бу Каныкей баккан эр.
Асыл Бакай абасы
Бараңын мылтык аттырып,
Машыктырган башында.
Алтын жаа, болот ок
Муну кошо тарттырып,
Катыктырган жашында.
Көргөн жолу бир башка
Жараткан кудай баланы
Жоо дегенде турбаска
Келген элди таратып,
Айзанын учун майтарып,
Абакеси Айкожо,
Акыл кылган жер ошо.
Бакайдын колун кайтарып,
Бара бергин элге деп,
Барып жерди жерде деп,
Кайра тартып баргыла,
Ыйлап калган элдерге,
Барып кабар салгыла,
Күлүктү таптап мингиле,
Күлдүү тонду кийгиле,
Ойноп-күлүп жүргүлө,
Берип кабар баргыла,
Оң кулакты салгыла,
Элди жолго салган жер.
Бала чунак жинди кул
Бакай колун таратып,
Абасын алып калган жер.
Манастын уулу Семетей
Акылы бар, эси жок
Аттар менен иши жок
Эрдиги бар, эси жок
Эчтеме менен иши жок
Эр Күлчоро тентек кул
Эл таратып токтолуп,
Канчорого барыптыр.
Сай күлүктү алыптыр
Барабыз деп Бээжинге
Даярланып калыптыр.
Семетейдин бууданы
Айдарыма оң тартат.
Айдаарыма жыйырма беш
Сопол куйрук, сом туяк
Аттан тандап алыптыр.
Буура көкүл, борук баш,

Буурулду тапка салганы.
Жолго жүрсө чарчабас,
Жоого кирсе тартынбас,
Он төрт атты алыптыр.
Атты тапка салганы
Кара жолтой чунакты
Баарын даяр алганын.
Манастын уулу Семетей
Абасы билбей калыптыр.
Өзүң айткан өлчөгө
Так бир айга барыптыр.
Ок-дарысын белендеп,
Жоо-жарагын даярлап,
Зootторун камынтып,
Жоболоңду жинди кул
Бармак болду Бээжинге.
Кабылмак болуп кечилге
Ат табына келгиче
Манастын уулу агасы
Аттын дайнын билген жок.
Атты басып көргөн жок.
Айкожо-Бакай абасы
Семетей, Чоро ал эмес
Калың журттун агасы
Мурутун сыйпап күлчү экен.
Күлчоронун кылганы
Мурун байкап билчү экен.
Күн убагы бүткөндө
Ат табына жеткенде
Кашка тиштер качканда,
Казы болчу боор эттер.
Калган экен аттардын
Сүбөөсүнө жабышып.
Бала чунак жинди кул
Болоттон така кактырып,
Туягына жаткырып.
Так бир жылга жетем деп,
Темирден така кактырсам,
Ал түгөнүп кетем деп,
Такасы жок ат жүрсө,
Ташыркап баспай калат деп,
Күлчоронун кылганы,
Даяр кылып турганы,
Эр Күлчоро жинди кул
Эртеңки намаз маалында,
Абакеси кан Бакай
Каныкейдин жанында,
Манастын уулу Семетей
Айкожосу жанында,
Даарат алып боюна,
Бала чунак жинди кул
Каныкей, Бакай башына
Барды Чоро астына.
Энеси менен абасы
Бул экөөнө кеп айтып,
Ат табына келди деп,
Аттанабыз деп айтып.
Каныкей камынтып,
Арстан Бакай абасын
Кабар айтып жалынтып.
Манастын уулу Семетей
Бала Чоро келди эми,
Басып үйгө кирди эми,
Колун алып бооруна
Баатырга салам берди эми.
Абакем Бакай келгени
Барабыз Бээжин дегени.
Ай караңгы түн өттү,
Так эле бир ай күн өттү,
Айкожо абам кеп айтты,
Оңго жылдыз келди дейт,
Чыгалы жолго деп айтты.
Бала төрө кеп айтат,
Аттанар убак боло элек,
Ат табына келе элек,
Семетей айтып турганда,

Ат табына жетти деп,
Аттанып жоого чыкпасак,
Табынан өтүп кетсин деп.
Ак көйнөгүн кийгизип,
Алача жорго мингизип,
Ат байлаган сарайга
Эр Күлчоро жинди кул
Алып келип агасын
Манастын досу абасын.
Келип атты көргөнү
Алтын мамы, жез керме
Атты тапка салыптыр,
Жүрө турган кезине
Аттар келип калыптыр.
Өзү минчү Тайбуурул
Кудай билет чын болсо
Кең соорусу кетмендей
Кебез өңдүү көкүлү
Эки көздүн ортого
Кайчы менен керткендей.
Тегеренип олоңдоп
Узак жолго чыгаарда
Жер тепкилеп чунаңдап.
Турган экен байбиче
Алтын туяк, жез канат
Күлчоро минчү Суркоен
Жеткен экен табына.
Кашкулактын жүнүндөй
Зоор жүнү кулпунуп,
Жолго чыгар кезинде
Коен турат жулкунуп.
Канкор уулу Семетей
Ат табына жетти деп,
Күн убак өтүп кетти деп,
Каалгадай кашка тиш
Катуу тиштеп капшырып,
Аттарды көрүп жактырып,
Бала төрө камынып,
Айчүрөккө кеп айтып,
Аттанам жолго деп айтып,
Абакем айткан кеби деп,
Ай он бири болуптур,
Желкебизге келди деп.
Арстан төрө эр баатыр
Аттанууга камынды.

## СЕМЕТЕЙ АТАСЫНЫН КУНУН КУУП, КАЗАТ БАШТАЙМ ДЕП ДАЯРДАНЫП ЖАТЫШЫ

Аттанам жолго деп айтып,
Абакем айткан кеби деп.
Ай он бири болуптур,
Желкебизге келди деп.
Арстан төрө эр баатыр,
Аттанууга(Бээжинге) камынды.
Канкордун уулу Семетей,
Аттанмак болду казатка.
Аргын, ногой калың журт,
Калдык деп элим азапка.
Каныкей жакка жетелеп,
Кечээги уруштун тагы кете элек.
Шумдукту бала баштайт деп,
Ырысы жок көп журтту,
Катын-кызды сыздатып,
Карынын көөнүн муздатып.
Калың-калың көп журтту,
Бул талаага ташта деп.
Ал жерде баатыр курганда,
Катын-кыз ыйлап турганда.
Ошондо чунак чоро кеп айтып,
Кайраттанып бек айтып.
Абакем Бакай акылман,
Элди жыйып алгыча,
Кары менен картаңдын,
Катын менен баланын,
Убалына калгыча.
Күн жолоочу бололу,
Түн уурусун кылалы.
Бала-чака барында,
Жол көрсөтүп берсин деп,
Жолоочу болуп баралы,
Бээжинден чалгын чалалы.
Каканчылуу Бээжинден,
Барып кабар алалы.
Он эки капка Бээжиндин,
Даңкын көрүп келели.
Бээжиндеги калдайдын,
Баркын көрүп келели.
Урушар болсок Бээжинге,
Аскерди калың алалы,
Аскер жыйып калалы.
Кангылуу Бээжинге,
Анан кийин баралы.
Баланын үнүн укканда,
Баарысы ыйлап буркурап,
Баланын кеби акыл деп,
Батасын берип чуркурап.
Күлчоронун айтканын,
Эки абасы макул деп,
Бул айтканың акыл деп.
Аттанып жолго салмакка,
Айланса болот арбакка,
Бээжинден чалгын чалмакка.
Ат көкүлүн түймөккө,
Бээжинди көздөй жүрмөккө.
Арстан Бакай баатырга,
Жол баштатып алмакка,
Бээжинден чалгын чалмакка.
Берендин уулу эр Семең,

Эки бала ээрчитип,
Бул Бээжинге бармакка.
Даярланып камданып,
Жараткanга жалынып,
Калың элди токтотуп.
Чоронун кеби акыл деп,
Бул айтканың макул деп.
Ат тизгинин бургун деп,
Кары менен картаңды,
Кеңколдон өтпөй тургун деп.
Алаканды жайгын деп,
Бата берип калгын деп.
Чоронун сөзү макул деп,
Адам таппас акыл деп.
Ат табына келе элек,
Өрүштөгү бууданды,
Мине турган тууганды,
Аттан алып келгин деп.
Алып келип бергиле,
Камгак учуп калыптыр,
Мыйзам учуп асмандап,
Зыркар жүрүп калыптыр.
Көк-Жайыкты жайлаган,
Көп күлүктү байлаган,
Башка жерге конбогон,
Жанында киши болбогон.
Аттын табын билчү эле,
Буга кабар салгыла.
Таптап берсин аттарды,
Төлөгөндү алгыла.
Бала төрө Семетей,
Балдарына кеп айтып,
Дархан уста Төлөгөн,
Алып келгин деп айтып.
Болоттон калган тукул деп,
Ал калайык калың журт,
Арта тууган атадан,
Алмаңдан калган тукум деп,
Акыл табат ушул деп.
Калк чуркурап жар кылып,
Айланса болот алдагы,
Күлчорого жалбарып,
Семетей айтып турганда.
Олуязаада жинди кул,
Оң жагына барды эми.
Канкордун улуу төрөсүн,
Оң колунан алды эми.
Айланайын абаке,
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок.
Акылың бар, эсиң жок,
Ар деме менен ишиң жок.
Абакең Бакай келгени,
Баралы бизге дегени,
Ай караңгы түн өттү,
Алда нече күн өттү.
Жыйгын калың тууганды,
Көргүн эми бууданды.
Деп ошентип Күлчоро,
Олуязаада абасын,
Өзү баатыр абасын,
Оң колунан алды эми.
Кең-Колго салган чоң сарай,
Алып басып барды эми.
Семетей барып караса,
Он төрт атты байлатып,
Калды кызыл жалдуу көк,
Кара кандын Туучунак,
Кан Бакайдын Көкчолок,
Кашка тиши кагышып,
Казы чарым казык эт,
Сүбөөсүнө жабышып.
Ат табына жетиптир,
Бектер минген боз жорго,
Табынан өтүп кетиптир.
Эчтемени билбеген,

Эрдиги бар,эси жок,
Манастын уулу Семетей,
Кара мүртөз жинди кул.
Атты жыйып алганы,
Ат табына келгенин,
Күлчоронун билгени.
Манастын уулу биле элек,
Мурун атты көрө элек,
Буура көкүл, кунан жал,
Кайра тартып Семетей,
Буурулга тердик салчудай.
Атты көрүп алганда,
Аттанып жолго салчудай.
Бала төрө барбактап,
Атасы Манас баатырдай,
Элге келип дардактап.
Аттанып жолго салабыз,
Алыска сапар барабыз.
Улуу, кары, аксакал,
Баарың басып келгиле!
Көптү көрүп жашаган,
Карың басып келгиле,
Батаңарды бергиле.
Семетей элге кеп айтат,
Жолго чыгам деп айтат.
Ошондо Бакай күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп.
Эчтемени билбейсиң,
Атты жыйып келгин деп,
Атты таптап бергин деп.
Алыста жаткан Төлөгөн,
Аны алып келгин деп.
Табына келген бууданды,
Билбейсиң эгер тууганды.
Эсер десе арданып,
Оң саамайың өрүлдү.
Береги баатырдан калган көпөлөк,
Мына сени шордуу энең,
Баккан эле жетелеп,
Мунун кылган ишин көрдүңбү?
Айдын бүгүн тогузу,
Жылдызды оңдоп алалы,
Ай он бири болгондо,
Атка токум салалы.
Каныкей кебин угалы,
Анан аттанып сапар кылалы.
Айкожо-Бакай кан айтып,
Ала көөдөн дардаңпоз,
Кан Коңурбай баатырга,
Сапарга чыгып барасың.
Сактап жүргүн жетимди,
Мына Алмаңдан калган баласын.
Өткүрлүгү бар эле,
Балтыр эти толо элек,
Балбан чагы боло элек.
Жашы он төрткө ооду эле,
Чакмак эти толо элек,
Чалышар чагы боло элек.
Аттанмак болдуң сапарга,
Алда таала кудурет,
Кошор бекен катарга.
Айзага таккан желек деп,
Асылдан калган белек деп.
Соготко таккан кыяк деп,
Баатырдан калган туяк деп.
Көлдөн калган чалчык деп,
Баатырдан калган күчүк деп.
Өлбөй тирүү чоңойсо,
Коңкордон калган курбуңун,
Башына койгон жаздыгы.
Капа болуп кетемин,
Бу баланын жаштыгы.
Барам деп дегдеп калды деп,
Байкай жаткан уулуңду,
Атказмак болуп калды деп.
Алда таала дем берсин,

Аттанып жолго чыкканда,
Атаң маркум кол берсин.
Энекеси бейтаалай,
Эр Бакайга кеп айтып.
Жоо көрө элек жаш эле,
Жол көрө элек бас эле.
Мен жаштыгын санасам,
Жоголуп кетем деп айтып.
Энекеси бейтаалай,
Бакай айтып турду эми,
Каныкей, Бакай сүйлөшүп,
Ушу сөздү курду эми.
Адамдан башка түрү бар,
Эл аралап келатса,
Чагылгандай үнү бар,
Бендеден башка сүрү бар,
Бериштедей түрү бар.
Ак көкүлү жайылып,
Жанындагы секелек,
Садагасы кетейин,
Балалыгы кете элек.
Барамын деп Бээжинге,
Бала чунак энтелеп.
Жылкыларын айдатып,
Аш-тамагын жайнатып,
Телкүрөңдүн үйрүнөн,
Он эки бээни карматып.
Ак боз бээ алдырып,
Атасы Манас баатырдын,
Эшен, молдо чогултуп,
Күмбөзүнө бардырып.
Ак боз бээни сойдуруп,
Арбагында колдо деп,
Келген элди тойдуруп.
Жоо дегенде дегдеген,
Жол дегенде жатпаган,
Ичиндеги жүрөгү,
Аттай туйлап батпаган.
Дин мусулман көп журту,
Өз атасы Алмамбет,
Бир кишидей сактаган,
Кылганын кудай актаган.
Калк жыйылып толгон жер,
Караламан калың эл,
Баары келип болгон жер.
Аксарыбашыл кой союп,
Ак боз аттуу тай союп,
Карып менен безгинди,
Энекеси Каныкей,
Кашына жыйып алган жер.
Жамбынын оозун ачтырып,
Сары алтын дилде чачтырып,
Садагасын бердирип.
Эртеси күнгө шейшемби,
Күн жаңысы дечү эле,
Аттанып жолго салабыз.
Атабыз көргөн Бээжинге,
Сапар тартып барабыз.
Ажал жетип күн бүтсө,
Кайрылып келбей калабыз.
Ат куйругун өрөбүз,
Жараткан Алда кудайдын,
Жазганы болсо көрөбүз.
Тараза жылдыз батканда,
Таң агарып атканда,
Күн кызарып чыкканда.
Аргын, ногой толгон журт,
Жаздыкка башы тийбеген,
Басканыңар келгиле,
Келип бата бергиле.
Кол кармашам коштошуп,
Көптү көргөн энекең,
Капа болуп ыйлай кой.
Колунан кармап токтотуп,
Бээжинге барып келгиче,
Алагар көзүн алайтып,

Асыл жүзүн кылайтып,
Карып энең бейтаалай,
Көзүңөрдү салгыла,
Көп ыйлатпай энемди,
Көптү көргөн карыңар,
Уккула сөздү баарыңар.
Кайраттуу бала кеп айтат,
Каалгадай кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырып.
Калайык эл-журтуна,
Каныкейди тапшырып.
Оң саамайын жыттаткан,
Оң төшүнө уктаткан,
Ак саамайын жыттаткан,
Айры төшкө уктаткан.
Акырек сөөгүн сыздаткан,
Менин атым Күлчоро,
Сенин атың Канчоро,
Ак боз бээ сойгузган,
Ай ааламга той кылган,
Атын уйкаш койдурган.
Кагылайын энеке,
Тай кулундай тебишкен,
Талаада чуркап желишкен.
Талашып эмчек эмишкен,
Ак эмчегин эмизген.
Ак түймөнү чечкин деп,
Акыңды бизден кечкин деп.
Каныкейди кейитип,
Тулку боюн эритип.
Чыйырдыны боздотуп,
Бактыканга коштошуп.
Энесине кеп айтат,
Акыңды кечкин деп айтат.
Кайраттанган жинди кул,
Жаккан оттой чамынып.
Күн кызарып чыкканда,
Таң агарып атканда,
Аттанам деп камынып.
Бул ачуулу жинди кул,
Баатыр төрө абасы,
Бул балдардын агасы.
Акундун кызы Чүрөккө,
Аркар менен кулжадай,
Айкалышып жатышып,
Аркага колун артышып.
Бото менен тайлактай,
Моюн алышып жатышып,
Мойнуна колун артышып.
Таң агарып сөгүлүп,
Таң шоокуму көрүнүп.
Эшендер салган чоң мечит,
Эки бала жарышып,
Эшигине барды эми.
Эшен, молдо чогулуп,
Эл чогулуп калды эми.
Ак кулжадай даңкайып,
Алтындан кылган селдесин,
Жаратат кудай ар кандай,
Ар бир түрлүү бендесин.
Тапырайта чалынып,
Садагасы кетейин,
Эл чогулуп толду эми.
Эшендер азан койду эми,
Калк чогулуп толду эми,
Намаздын маалы болду эми.
Бала төрө Семетей,
Калк чогулуп толгондо,
Намаздын маалы болгондо.
Азандын үнү чыкканда,
Чоочуп кетти болк этип,
Ыргып тура калды эми.
Боюн сууга салды эми,
Бой дааратын алды эми.
Башына селде чалды эми,
Калың элдин артынан,

Бала төрө эр жалгыз,
Семеңе басып барды эми.
Экөө сүрнөт, экөө парз,
Моюндагы катуу парз.
Төрт ирекет таң намаз,
Шашпай окуп алышып.
Алаканын жайышып,
Алда деп зикир чалышып.
Бала төрө кеп айтат,
Баарың чогуу баргын деп,
Кайра тартып алды эми.
Кары-картаң чал болуп,
Катын-кыз жайнап жык толуп,
Аттанып сапар чыгат деп.
Кол алышып көрүшпөй,
Туруп калсак уят деп,
Эл жыйылып толгон жер.
Эки чоро, бир төрө,
Баштап чыгып абасы,
Кан Манастын жолдошу,
Айтылуу Бакай абасы,
Жолго чыкмак болгон жер.
Ала кийиз, жайнамаз,
Аруу буюм бүктөтүп,
Намаз окуп туруууга,
Энекеси Каныкей,
Арчалууга жүктөтүп.
Өрүүн болсо сойсун деп,
Эттерине тойсун деп,
Эки бээ алдырып,
Энекеси Каныкей,
Сарамжалын жай кылып.
Манастын уулу Семетей,
Буурулга тердик салган жер.
Асманда жылдыз оң тартып,
Аттанып сапар жол тартып.
Ободо жылдыз оң тартып,
Оолугуп сапар жол тартып.
Калк жыйылып келди эми,
Канкордун уулу баатырды,
Кайран Бакай асылга,
Эрбеңдеген эки кул,
Калайык эл калың журт,
Эрип бата берди эми.
Талас менен Кең-Колдун,
Талаасында эл калбай,
Келип батат берди эми.
Балдарына жүктөтүп,
Алмамбашты асынтып.
Эки бирдей балага,
Ок дарысын артынтып.
Жан казанын жүктөтүп,
Жайнамазын бүктөтүп.
Төрт-Күлдүн төмөн жагынан,
Төрө Манас шаарынан,
Кайнардын кара көзүнөн,
Как чынардын өзүнөн,
Кең-Колго салган шаарынын,
Келбеттүү огой айлынын,
Ат куйругун түйгөн жер.
Айдап жолго салгын деп,
Балдарына айтып кеп,
Манастын уулу Семетей,
Союш кылчу аттарды,
Бабы менен жүргүн деп.
Жоого минчү аттарды,
Табы менен жүргүн деп.
Аттарыңды мингин деп,
Айдап жолго салгын деп.
Күлүктүн оозун кергин деп,
Экөөң кете бергин деп,
Манастын уулу Семетей,
Балдарын жолго салган жер.
Шабырдагы балыктай,
Шалкылдаган жиндилер,
Айбалта менен кылычтай,

Жаркылдаган жиндилер.
Асмандагы жылдыздай,
Кылактаган жиндилер,
Адырдагы бугудай,
Булактаган жиндилер.
Аттарды жолго салган жер,
Арстан Бакай баш болуп,
Бээжинди көздөй бет алып,
Берderште айдап жиндилер.
Эки бала, эр Бакай,
Мынабу үчөө мурун калган жер.
Кылычтар кында кыңгырап,
Айбалта санда шыңгырап,
Киселер бойдо шалпылдап,
Кылычтын кыны жаркылдап.
Карууда найза койкоюп,
Далыга мылтык асынып,
Ок-дарысын артынып,
Ак кулжадай маңкайып,
Эки бала артынан,
Эр Бакай жүрдү шаңкайып.
Канкордун уулу Семетей,
Буурулга тердик салганы,
Кечээ атасы кийген ак олпок,
Баласы кийип алганы.
Асынса далы айнеги,
Атса жандын эрмеги,
Ак келте мылтык асынып,
Манастын уулу Семетей,
Буурулду минип болкоюп,
Аттанды дейт соңкоюп.
Ат тизгинин бурган жер,
Канкордун уулу Семетей,
Эки энеси карыптан,
Бата сурап турган жер.
Чоң энеси Чыйырды,
Алаканын жайган жер,
Атадан калган жалгызым,
Анжыяндын Арстанбап,
Ага сени тапшырдым,
Эрдин пири Шаймерден,
Буга сени тапшырдым.
Ак пайгамбар Мустапа,
Арбагына тапшырдым,
Атаң менен бир жүргөн,
Алмамбет менен Чубактын,
Атактуу молдо Сыргактын,
Арбагына тапшырдым.
Саламат барып сак кел деп,
Жараткан кудай жол бер деп,
Эсен барып сак кел деп,
Эгем таала кудурет,
Үч атадан үч жалгыз,
Байгамбар сындуу жан эле,
Колдогону бар эле.
Колдосо кудай жардамы
Казат кылып жол кечкен,
Каза жетип окко учкан,
Колдосун шейит эрдин арбагы.
Бээжин деген кыйын жер,
Барган киши келбеген,
Басташып бенде жеңбеген.
Байгамбар батып албаган,
Үрүстөм дастан барбаган,
Искендер изин салбаган,
Сулайман сурак кылбаган,
Аксак Темир кирбеген,
Азиретаалы тийбеген.
Кечээ казатка атаң барды эле,
Казатка барган калың журт,
Кайрылып келбей калды эле.
Кайрылып кайра келүүгө,
Ортодон өтөт ак берген,
Бир жылда кайра келбеген,
Уктабай көзүм сүзөрмүн,
Күдөрүмдү үзөрмүн,

Семетей сени көрбөсөм,
Ажал жетип өлбөсөм,
Азапка тууган шордуу энең,
Түбү жок көлгө түшөрмүн.
Колунан кармап көп айтып,
Кош аман бол деп айтып,
Балача ыйлап бакырды,
Бала төрө чунакты,
Батасын берип энеси,
Жолго салды асылды.
Кечээ кан Манас баатыр барында,
Кан жүрбөгөн кан көчө,
Эл жүрбөгөн чоң көчө,
Семетей жолго салганы.
Акындын кызы Айчүрөк,
Каныкей бата бергенде,
Айчүрөк анда жок эле,
Баатырдын уулу төрөсүн,
Чылбырдан кармай калганы,
Абамдын уулу айжаркын,
Айта турган арзым бар,
Менин көкүрөктө дартым бар.
Мени жаңы алгансың,
Кандуу бут болуп калгансың,
Аптаба алтын жер эмес,
Сен быйыл алыска чабар кез эмес,
Бат эмес, алтын жез эмес,
Сен быйыл бастырып чыгар кез эмес.
Сен барамын деп дегдейсиң,
Барсаң аман келбейсиң!
Жортомун деп дегдейсиң,
Жолугуп кайра келбейсиң.
Мен түндө жатып түш көрдүм,
Чоң ажайып иш көрдүм.
Бууданың оозун буруп бер,
Түшүмдү айтам туруп бер,
Атыңдын оозун буруп бер,
Айтамын түштү угуп бер.
Бууданың оозун керип бер,
Менин түшүмдү жоруп бер.
Мына Кең-Кол, Талас жериңдин,
Күрдөөлдүү огой элиңдин,
Калаалуу коргон шаарыңдын,
Калың журт ойгут айлыңдын,
Башың ылдый сел жүрдү,
Аягы өйдө өрт күйдү.
Бууданың оозун буруп бер,
Менин бу түшүмдү жоруп бер.
Алтын чынар ай терек,
Айды карап жыгылды,
Жалбырагы жаркылдап,
Күмүш чапан өңдөнгөн,
Түптөп чыккан чоң терек,
Күндү карап жыгылды.
Алты мүйүз ак кулжа,
Асманды карап бакырды,
Күмүш мүйүз көк кулжа,
Көктү карап айкырды.
Ошону көрүп мен турсам,
Асмандан булут бурулду,
Сенин алтындай өңүң кубулду.
Эр камчысы эки кол,
Эки айрылыш кара жол,
Шалдайыңкы көрүндү,
Ат камчысы эки бут,
Далдайыңкы көрүндү.
Алтын чырай нур жүзүң,
Кубулуңку көрүндү.
Айнектей болгон эки көз,
Жумулуңку көрүндү.
Тултук мүйүз көк бука,
Туу түбүндө өкүрдү.
Алтын калмак бурма чок,
Башыңдан түшүп көрүндү.
Астыңда минген бууданың,
Коштолуңку көрүндү.

Үстүңө кийген олпогуң,
Бөктөрүңкү көрүндү.
Мен ошону көргөндө,
Аягым менен тик түштүм,
Жүк астына бүк түштүм,
Беселеңки беш тырмак,
Бетимди алып таштады.
Оңолбогон он тырмак,
Оозумду жыртып таштады.
Бууданың оозун буруп бер,
Атаңдан калган айжаркын,
Айтканымды угуп бер,
Бу түшүмдү жоруп бер.
Айчүрөк айтып турганда,
Чылбырынан бек кармап,
Кетирбейм сени деп кармап,
Түшүмдү жоруп бергин деп,
Айтканыма көнгүн деп.
Манастын уулу Семетей,
Эт жүрөгү селт этип,
Эси чыгып болк этип.
Жоруймун долу түшүңдү,
Менин кабыл келчү ишимби,
Алтын чырай нур жүзүм,
Кубулуңку көрүнсө,
Маңдайымда эки көз,
Жумулуңку көрүнсө.
Казат кылып кан төгүп,
Канча күнү жоо жоолап,
Өңүм азат турбайбы,
Күндөп-түндөп жоо сайып,
Уйку басат турбайбы.
Эр камчысы эки кол,
Шалдайыңкы көрүнсө,
Жоо беттешип эр сайып,
Экини катар бир сайып,
Колум талыйт турбайбы.
Ат камчысы эки бут,
Далдайыңкы көрүнсө,
Эки бутум камчылап,
Эчендер менен беттешип,
Эпең-тепең теминип,
Бутум талыйт турбайбы.
Талас, Кең-Кол калааны,
Башым ылдый сел жүрсө,
Аягы өйдө өрт күйсө,
Селдей болуп шаркырап,
Ээлеген ээси жаркырап,
Малы өсөт турбайбы.
Аягы өйдө өрт күйсө,
Өрттөй болуп күркүрөп,
Кечээ атам Манас барында,
Аргын, огой журтумдун,
Башы өсөт турбайбы.
Астымдагы мен иниме,
Коштолуңку көрүнсө,
Бээжиндин каны чоң манжуу,
Муну менен беттешеип,
Сайып алат экемин.
Астындагы кара атын,
Коштоп алат экемин.
Үстүмдөгү кийгеним,
Бөктөрүңкү көрүнсө,
Беттеше чыккан беренди,
Айза менен бир сайып,
Илип алат экемин.
Кийип жүргөн тондорун,
Кийип алат экемин.
Жоонун атын мингенде,
Жоонун тонун кийгенде,
Жонумдагы алтын тон,
Канжыгага тарттырып,
Жоону сайып талкалап,
Эки чоро кайда деп,
Эр абама эркелеп.
Бу да болсо пайда деп,

Кармашканда как кылып,
Беттешкенди берт кылып.
Тиштегени ок болуп,
Тиктегени жок болуп,
Алтын чынар ай терек,
Айды карап жыгылса,
Асыл аба Ажыбай,
Ошол өлөт турбайбы.
Жалбырагы күмүштөй,
Түптүү чынар чоң терек,
Түпкүлүктүү эр беле.
Кайгы туулган жан эле,
Баатырлыгы бар эле,
Баатыр агаң Түмөнбай
Бу да өлөт турбайбы.
Тултук мүйүз көк бука,
Туу түбүндө өкүрсө,
Кулунум деп бакырып,
Атаң ыйлайт турбайбы.
Алтын мүйүз ак кулжа,
Айды карап айкырса,
Бир тууган деп кайгырып,
Калк сураган кандарың,
Эл бийлеген бектерин,
Элин жыйып алганым,
Эки бирдей кайнагам,
Эки бирдей өлдү деп,
Эр төрөңдүн барганы.
Бетиңди тытып алганың,
Оңолбогон он тырмак,
Оозуң жырып алганың,
Бул эки агаңдын өлгөнү,
Эл чогулуп көмгөнү.
Кара жандар кыйнаса,
Капаланып кыйналсаң,
Атакең Акун өлгөнү.
Жорудум түшүң бузук деп,
Ушуну менен кетсин деп.
Сактаган капка сактаган,
Чапканы туруп коппогон,
Карагайдан саптаган,
өз жанындай сактаган.
Кармай калып имерди,
Коё бергин канчык деп,
Кармап турган Чүрөктү,
Тартып-тартып жиберди.
Бүлдүркөн ала көйнөгү,
Бүгүшүнөн сөгүлдү,
Айчүрөктүн кең соору,
Бүркүрөп каны төгүлдү.
Калдыркан ала көйнөгү,
Капталынан сөгүлдү,
Айчүрөктүн ак далы,
Карарып каны төгүлдү.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кырынан кетти кыйшайып,
Жамбашы жерге тийген жер,
Башы жерге кирген жер,
Кан жүрбөгөн көчөгө,
Семетей камчы чапкан жер.
Тай өлгөндөй суналып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Чоң көчөгө жаткан жер.
Акундун кызы Чүрөктү,
Канкордун уулу төрөсү,
Жыга чаап салган жер.
Буурул атка камчы уруп,
Балдарга шылдың болом деп,
Аткасып жолго салат деп,
Катыны менен коштошуп,
Аттанбай жатып алат деп.
Баатырдын уулу Семетей,
Ак булуттай Буурулду,
Көчөдөн узап чыга элек,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Алдага үнү угулду.

Колунан кармап беш киши,
Жатып калган Чүрөктү,
Азапка Чүрөк калган жер.
Акындын кызы Айчүрөк,
Тилинде кара сөөлү бар,
Баш көтөрүп бакырып,
Баатырды каргап калган жер.
Барганыңдан келбе деп,
Базарыңды көрбө деп,
Кеткениңден келбе деп,
Кербениңди көрбө деп,
Коңурбай кессин башыңды,
Сындырып ойсун көзүңдү.
Атакеңди алдаган,
Карагул сойсун жиликтеп,
Аппак айдай этиңе,
Кара жору консун деп,
Карганын богу болсун деп,
Айнектей эки көзүңдү,
Кузгун чокуп ойсун деп.
Кор кылдың менин өзүмдү,
Ак иштектей чачымды,
Азапка салдың башымды.
Менден көргөн күндү көрүп кал,
Оң саамайым өрдүм деп,
Олуязаада атаңды,
Уругуң сыйлап мен жүрүп,
Ушу күндү көрдүм деп.
Ак саамайым өрдүм деп,
Адамдан асыл атаңдын,
Арбагын сыйлап мен жүрүп,
Ушу күндү көрдүм деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Канкордун уулу баатырды,
Каргап калган жер ошол.
Айдай бети кубулуп,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Айткан кеби угулуп,
Ак жибек болуп бүгүлүп.
Кайненеси Каныкей,
Жаман жумуш болду деп,
Жаман каргап койду деп,
Каргышы кайра келбесе,
Бейтаалай тууган Каныкей,
Жаңгызынан түңүлүп,
Жанына келди жүгүрүп.
Жанаша басып сандалып,
Айланайын жарыктык,
Чыйырды келди жалбарып,
Каныкей келип кеп айтат,
Кагылайын кулунум,
Атасы чоркок жан эле,
Ошондон калган бала эле.
Менин атам Каракан,
Ойноо бала кезимде,
Кабарым угуп алыптыр,
Кайнатаң Манас зор маркум,
Аламын деп барыптыр.
Ойноо бала секелек,
Өрүмгө чачым жете элек.
Эркелиги курусун,
Чарбакты бөлөк салдырып,
Алыстан уста алдырып,
Мен үчүн атам кам кылып.
Болоттун учун кетилтип,
Мени өстүрүп жетилтип,
Кылычтын учун майтарып.
Эркелиги курусун,
Мен шордуу энең байкушту,
Бир күндө миң салдат кайтарып,
Башыма жаздык жазданып.
Колума алдым болотту,
Койнума каттым кылычты,
Башыма каттым мылтыкты.
Ойноо бала кезимде,
Атакемдин төрүндө,

Кыз күйөөнү сүйөбү?
Жаздыкка башым койгондо,
Эчтеме билбей эсиме,
Буту колум чойгондо,
Барып колун салыптыр,
Колдон кармай калыптыр,
Чоочугандан мен шордуу,
Шамшарды кармай калыпмын,
Билегин жара сайыпмын.
Кайнатаң Манас зор маркум,
Эрдиги эмей эмине,
Чоң өтүк менен сыйлады,
Оң жагымда кабыргам,
Бири калбай кыйрады.
Ошондо кармалган чачым жулунду,
Ошондо карарып көөнүм бурулду,
Кудайга үнүм угулду.
Эсим ооп эндиреп,
Көзүмдү ачып карасам,
Маңдайда жарык шам экен.
Колдогону бар экен,
Оң жагынан от күйөт,
Маңдайынан шам күйөт,
Караканга буулуп,
Кайнатаң Манас зор маркум,
Жайдак атка мингизди,
Жаман чапан кийгизди,
Колдогонун көргөндө,
Кайырбай айткан сөзүнө,
Убалым жетсин Манас деп,
Бир айтпадым өзүнө.
Оң жагымда кабырга,
Бүткөн экен чор болуп.
Кабыргасын көрсөтүп,
Олуязаада Каныкей,
Айчүрөккө жалбарып,
Ыйлап турат зарланып.
Уккан киши таң калып,
Эл чогулуп жарданып,
Эмине болуп кетти деп,
Карасаат жинди кул,
Айбалта менен чапкан го,
Өлөр-өлбөс жан менен,
Өпкө-боору кан менен,
Ооруган Чүрөк жаткан го.
Каныкей келет зарланып,
Айчүрөк тилин алган жок,
Акырын айтып буркурап,
Айчүрөктүн кашына,
Каныкейдин кебине,
Эл келди ыйлап чуркурап.
Тилин албай койгон соң,
Ак жибек көйнөк бүгүлүп,
Азапка туулган бейтаалай,
Жаңгызынан Каныкей,
Ошондо калды түңүлүп.
Эки сайдан өткөндө,
Эки чоро жеткенде,
Кең-Колдун суусун кечкенде,
Кубакыга жеткенде,
Астындагы Тайбуурул,
Баспай буту бүгүлдү.
Баатырдын уулу дардаңдын,
Айчүрөк оңой жан эмес,
Алты катар темири,
Үстүнө келип тигилди.
Акындын кызы Айчүрөк,
Камчы жебес Айчүрөк,
Семетейден камчы жеп,
Капталдан каны амчылап,
Семетей чапты кулатып,
Кан көчөгө сулатып,
Кабырга сөөгүн кыйратып,
Канкордун уулу Семетей,
Жыга чаап Чүрөктү,
Каныкейди ыйлатып.

Каныкей айтса болгон жок,
Каргышын кайра жандырып,
Бейтаалай тууган байкуштун,
Тилин алып койгон жок.
Кең-Колдун берки четинде,
Жолго чыккан кезинде,
Жоболоңдуу жинди кул,
Эмине токтоп калды деп,
Ошондо абасы Бакай эсинде,
Айдай бети кубулуп,
Алыста жүргөн Бакайга,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Чыңырган үнү угулуп.
Бул эмине болду деп,
Арстан Бакай кайран шер,
Кайра тартты бурулуп.
Минген атын камчылап,
Ыйлап келди кан Бакай,
Көзүнүн жашы тамчылап,
Калк чогулуп калыптыр,
Каныкей ыйлап алыптыр,
Ошондо Бакай барыптыр,
Эминеге ыйлайт деп,
Каныкейге барыптыр.
Каныкей байкуш кеп айтат,
Кагылайын Айкожо,
Аттандың сапар жол менен,
Арылбайт тура мен шордуу,
Баскан кайсы шор менен.
Он эки ай ыйлап кеп айтат,
Канкордун уулу жалгызды,
Бул Айчүрөк тапшырды,
Эрдин тиштеп капшырды.
Айтканын алып калбаса,
Бу Айчүрөк келиниң,
Келбес жолго тапшырды.
Каныкей кейип кеп айтып,
Жалгызың өлбөйт деп айтып,
Каныкейден кеп угуп,
Аксакалын жайган жер,
Айчүрөктүн жанына,
Абасы Бакай барган жер.
Оң мурутун бурган жер,
Айчүрөктүн астына,
Олуя Бакай кайран эр,
Буркурап ыйлап турган жер.
Кыл мурутун бурган жер,
Айчүрөктүн астына,
Айкожо Бакай кайран шер,
Кылгырып ыйлап турган жер.
О кулунум Айчүрөк,
Баш көтөрүп өйдө бол.
Айзага таккан желегим,
Атаңдын көрү жинди кул,
Менин Манастан калган белегим.
Зоотко таккан кыягым,
Менин Манастан калган туягым.
Семетейден айрылып,
Бул жалганчы дүйнөгө,
Кантип тирүү турамын.
Баш көтөрүп кебиңди айт,
Кагылайын кулунум,
Манастан калган жалгызды,
Алып калар жериңди айт.
Акундун кызы Айчүрөк,
Баш көтөрүп кеп айтат,
Кагылайын абаке,
Болбой калды деп айтат.
Арстан Бакай кеп айтат,
Сенин атың ургаачы,
Менин сөзүм тыңдачы.
Асылы эркек болгон соң,
Катынга камчы чабуучу,
Кайгырып ыйлап калуучу,
Кайтып эрин багуучу,
Бир камчыны жегенде,

Бир жегенге ардыгып,
Ак никелеш жолдошун,
Аны өлүмгө бергенде,
Анда ишиң оңчу эмес.
Кан Бакай айтса тил албай,
Айчүрөк мойнун толгоду.
Арстан Бакай көкжалың,
Көптөн кийин ойлоду,
Ай Айчүрөк кулунум,
Келбесе келбей калар деп,
Чын дүйнөгө барар деп,
Көп болсо бала өлөр деп,
Калк чогулуп баланы,
Караңгы көргө көмөр деп.
Мен айтамын кебимди ук,
Каргадың жалгыз чунакты,
Жалгызды каргап өлтүрүп,
Мен дагы сени каргайын,
Көрбөйсүң көрсөң туякты,
Менден деп кудай жасаса,
Мен да сени каргасам,
Айнектей көзүң жумулар,
Айдай өңүң кубулар.
Семетейди каргайм деп,
Айчүрөк сокур болду деп,
Калайыкка угулар.
Карыя Бакай Айкожо,
Оолугуп үндү салган жер,
Айчүрөк тура калган жер.
Айкожону караса,
Ажыдаар ок жылан,
Абасынын мойнуна,
Алты оролуп калыптыр.
Ал Бакайдын жолдошу,
Кемер болуп белине,
Ажыдаар курчап алыптыр.
Мүйүздүү алтын ак кулжа,
Бакай минген буудандын,
Оң жагына барыптыр.
Оомийин деп кол жайып,
Арстан Бакай Айкожо,
Асманды карап калыптыр.
Аны көрүп Айчүрөк,
Жылан көргөн немедей,
Жыйрыла түшүп токтолуп,
Чын жүрөгү козголуп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Тура калды октолуп,
Эт жүрөгү козголуп.
Эси чыгып Айчүрөк,
Бакайдын заарын көргөндө,
Эси чыгып токтолуп.
Баш көтөрүп бүгүлүп,
Араң жаткан Айчүрөк,
Айкожонун астына,
Тура калды жүгүнүп.
Алкап Бакай абасы,
Каргышын алып калар деп,
Турду Бакай сүйүнүп.
Кабыргасы сөгүлүп,
Калган экен бөлүнүп,
Кандуу көбүк кызыл жаш,
Эки беттин отуна,
Жаба коюп төгүлүп,
Кан Бакайга кеп айтат,
Кагылайын абаке,
Шылдың кылып көп элге,
Кан көчөгө кулатып,
Жыга чаап сулатып,
Кабыргамды кыйратып,
Көргөн элди ыйлатып,
Эч жазыгым жок эле,
Эрке өскөн Чүрөктү,
Элге шылдың кылды деп.
Капа болуп кеп айттым,
Кан абаңдын калаасын,

Кайрылып көрбө деп айттым.
Береги турган кашка тиш,
Бекем тиштеп капшырдым.
Кагылайын абаке,
Сенин уулуң жалгызды,
Берилерге тапшырдым.
Мынабу турган кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырдым,
Сенин уулуң жалгызды,
Кабыздарга тапшырдым.
Эки чаттан өткөндө,
Кубакыга жеткенде,
Ак-Кыяны ашканда,
Ак-Таңды басканда,
Балаңдын минген Буурулу,
Төрт аягы бүгүлдү,
Алты катар темири,
Үстүнө барып тигилди.
Кагылайын абаке,
Жаман айтып койдум деп,
Биерге турбай барыңыз,
Айтып берем белгисин,
Баланды көрүп алыңыз.
Айчүрөк айтып Бакайга,
Берер болсо перилер,
Шуру буйла, ак тайлак,
Алдыңа чыгып көрүнөр,
Ал белгини көрбөсөң,
Атадан калган жалгыздын,
Ажалынын жеткени.
Ушу белги көрүнсө,
Буйладан илип алыңыз,
Буурул атка барыңыз,
Моюнду кайра буруңуз,
Оң жагыңа айланып,
Ойлонуп карап туруңуз.
Кудай берсе баланды,
Кагылайын абаке,
Бүгүлүп жаткан Буурулду,
Бүк деп чапчып коюучу,
Буурул ат ыргып кобучу,
Үч силкинип алуучу,
Ыйык жалын жаюучу,
Кагылайын абаке,
Томогодой көрүнгөн,
Үйүң ошол үйдүн ичинде,
Буурул ат басып барганда,
Күнгүрөнүп үн берер,
Анда-мында бир сүйлөп,
Мен кандай күндө жатам деп,
Семетей уулуң тил берер.
Мойнуңа куруң салып тур,
Колуңдагы буйланы,
Коё бербей алып тур.
Ак тайлак боздойт букулдап,
Булбул сайрайт шакылдап,
Канатын күнгө каккылап,
Кашкалдак өңдүү көрүнгөн,
Ала моюн куш келет.
Кабыл келсе тилегиң,
Ошо куштун астына,
Бири-бирин жетелеп,
Алтын көкүл кыз келет.
Тегеренип айланып,
Сиз көрөсүз таң калып,
Темир үйгө баруучу,
Тегеренип калуучу,
Жерге баткан темирди,
Аны оодара салат деп.
Капаста жаткан жалгыздын,
Ар капкага калат деп.
Басып келип астыңа,
Кол куушуруп кол сунуп,
Сизге салам берет деп.
Мен байкуштун белгиси,
Ушул үч белгини көрбөсөң,

Жалгыздын жаны кеткени.
Эми кай жорукту айтайын,
Катындык ишти мен кылдым,
Жалгыздын катаалынын жеткени.
Үч белгини сен көрсөң,
Үчөөн бирдей тең көрсөң,
Балаңды атка мингизип,
Баатырдын тонун кийгизип,
Ат болушка салыңыз,
Аттанып сапар барыңыз.
Бул үч белгини көрбөсөң,
Аргын, огой калкыңды,
Калк чогултуп келиңиз,
Жалгызыңды көмүңүз.
Үч белгини көрсөңүз,
Турбай жолго салыңыз,
Туура суудан өтүңүз,
Чоң Кочкордун боюнда,
Ак мазардын оюнда,
Катарды кудай жеткирген,
Баарын шейит кетирген,
Атадан калган мурапы,
Баарын кырып салган жер.
Артында белги болсун деп,
Кыш жылытып кынатып,
Кырк шейиттин күмбөзү,
Молдолорду жыйган жер,
Тектек уулуң оолугуп,
Кырк чоросун койгон жер.
Ак боз бээ алыңыз,
Ай туякка чалыңыз,
Мынабу карып балаңды,
Ошерден күтүп алыңыз.
Артыңдан удаа барам деп,
Аркырап аккан суу болот,
Барып дубай салам деп,
Кабыл келсе тилегиң,
Жаман айткан сөзүмдү,
Кагылайын абаке,
Жаман көрдүң өзүмдү,
Беринин кызы мен болсом,
Берилте жолдош сен болсоң.
Кагылайын абаке,
Аттанып жолго салыңыз,
Ара конбой бейитке,
Ажалсыз өлгөн шейитке,
Кош түшүрүп конуңуз,
Таңдын элес-буласта,
Артыңдан ээрчип барам деп,
Кудайдан тилеп зарланып,
Оозумдан чыкты катуу кеп,
Ошерден алып калам деп.
Абаңдын түрүн көргөндө,
Түрүнөн коркуп кеп айтып,
Кудайдан зарлап тилесем,
Берер кудай деп айтып,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Айкожо-Бакай абасын,
Оң бутунан кучактап.
Абасына кеп айтат,
Кагылайын абаке,
Капа болбо деп айтты.
Бакайды жолго салган жер,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ыйлап турган энесин,
Колдон кармап турган жер.
Оң колунан жетелеп,
Ордосуна барган жер,
Арстан Бакай кайран эр,
Атка минип оолугуп,
Акундун кызы Чүрөктү,
Айткан жерге жолугуп,
Барды Бакай башына,
Буйласы шуру чубуруп,
Белги коштоп алыптыр.
Бакай жакын барганда,

Адамзаат бу пенде,
Кантер экен деп ойлоп,
Алып жүргөн берилер,
Таштап кетип калыптыр.
Пир колдогон кан Бакай,
Буйладан илип алыптыр,
Төрт аягы бүк түшүп,
Азуу жаагы арзайып,
Тумшугу менен жер сайып,
Чөгүп жаткан Буурулга,
Буйласынан жетелеп,
Кудай берер бекен деп,
Буурул атка барган жер.
Буйласынан бек кармап,
Жараткан кудай деп кармап,
Буйласын тайлак чойгон жер.
Олуя Бакай кайран эр,
Коё бербей койгон жер.
Чөгүп жаткан Буурулду,
Чү деп кармап койгон жер.
Семетейдин Тайбуурул,
Секирип өйдө болгон жер,
Жалын жерге жайган жер,
Тайлак чарпып койгондо,
Буурул ат тура калган жер.
Буурул атты жетелеп,
Томогодой бурулган,
Токсон түрдүү кубулган,
Туурдугу бүгүлгөн,
Алты катар темири,
Семетейге тигилген.
Батына адам баргысыз,
Барган киши өлчүдөй,
Катылып адам көрчү эмес,
Арстан Бакай абаңыз,
Аксакалын бурган жер,
Акка мойнун сунган жер.
Кудай берер бекен деп,
Бакай ыйлап турган жер.
Алтын көкүл секелек,
Бири-бирин жетелеп,
Жаагындагы өрүмү,
Жандан башка поруму,
Аркасында өрүмү,
Адамдан башка поруму.
Караса көзү тунарган,
Көргөн көзү кубанган,
Көөхар таштай көрүнгөн,
Бул Айчүрөк жолдошу,
Арстан Бакай абасы,
Семетейдин агасы.
Тилегим туура келди деп,
Кудайым чындап берди деп,
Атынан түшүп оңдонуп,
Кыбыла карап толгонуп,
Манастын уулу баатырдын,
Эсерлигин ойлонуп.
Асманды карап болкулдап,
Ыйлап турат солкулдап.
Айчүрөктүн жолдошу,
Арстан Бакай эр баатыр,
Атасы Манас баатырдын,
Бузулган ишин оңдоочу,
Айчүрөк айткан белги деп,
Капасын жазып кан Бакай,
Канкордун уулу Семетей,
Үстүндө турган темир үй,
Буйласы алтын ак тайлак,
Арстан Бакай баатырдын,
Эки кыз алды колунан.
Ак тайлакты жетелеп,
Тегеренип барган жер,
Араңжан жаткан Семетей,
Үшкүрүп кобо калган жер.
Баланы Бакай караса,
Сүлдөрү калган дарман жок,

Сүйлөөгө алы калган жок.
Арбагы калган дарман жок,
Айтарга алы калган жок.
Ошондо Бакай абасы,
Коңгуроосун каккан жер.
Канкорду уулу баатырды,
Оң далыга чапкан жер.
Далыга камчы баткан жер,
Айчүрөктү ыйлатып,
Шылдың кылып көп эле,
Жыга чаап сулатып,
Агасы Бакай болбосо,
Калбайт беле талаада.
Агасы Бакай баатырды,
Жеткирди кудай санаага.
Жанына келген эки кыз,
Семетейге көрүнбөй,
Арстан Бакай баатырды,
Айлана басып жүгүрөт.
А кудайлап кан Бакай,
Семетейге күүлөнүп,
Минат кылып сүйлөнүп,
Жарым күн узап чыга элек,
Эсерлиги кете элек.
Манастын уулу Семетей,
Катарга кошуп кан Бакай,
Бакпады беле жетелеп.
Тентип жүрүп келгенде,
Тентиген аты өчкөндө,
Аргын журтун бакканда,
Атасы Манас баатырдан,
Артык болот экен деп,
Эл сүйүнүп жатканда,
Бала чоро жинди кул,
Ээликтирип алганы.
Бээжинди көздөй жол жүрүп,
Күлчоронун салганы.
Билбейт мунун жардыгын,
Эсер өскөн канкорду,
Айчүрөк каргап койгону,
Канкордун уулу Семетей,
Алыска сапар барарда,
Кайра тартып алат деп,
Ажырабай Чүрөктөн,
Жылбай жатып алат деп,
Айланайын абаке,
Атты кайра бериңиз.
Мен кайрылып барайын,
Канкордун уулу абабыз,
Эмне келбейт кечигип,
Ээрчитип жолго салайын.
Канчорого кеп айтат,
Аттарыңды откозуп,
Биз келгиче токтотуп,
Жата бергин деп айтты.
Кактелки оозун жайган жер,
Кайрылып чоро барган жер,
Семетей менен Бакайга,
Күлчоро жакын калган жер.
Баланы Бакай караса,
Маңдайында шамы бар,
Бала чаар ак жолборс,
Бул жанында дагы бар.
Белинде кемер куру бар,
Абасы Бакай караса,
Берен Алмаң баатырдын,
Как ошонун нуру бар.
Беш оролгон белинде,
Оң ийнинен октолуп,
Ажыдаар жылан куру бар.
Күлчоро шаасы келгенде,
Чоңдун түрүн көргөндө,
Семетейге күүлөнүп,
Атка мин деп сүйлөнүп,
Манастын уулу Семетей,
Балпаң-балпаң баскан жер,
Баланы көрүп шашкан жер,
Эптеп атка минген жер.

Арстан Бакай ээрчитип,
Бала чунак жиндини,
Астын көздөй жүргөн жер.
Кичи пейил эр Чоро,
Абасы менен агасы,
Экөө жакын барганда,
Аттан түшө калган жер.
Мойнуна курун салган жер,
Эр Күлчоро жинди кул,
Араң жан болгон агасын,
Колдон кармай калган жер.
Колдон силкип койгон жер,
Колдон силкип койгондо,
Манастын уулу Семетей,
Көрбөгөн көзү ачылып,
Көңүлү ачып жазылып,
Күлчорого кеп айтып,
Эмине келдиң деп айтып,
Чоң найзаны асынып,
Аккелтени дарылап,
Ар кескен белде кыңгырап,
Айбалта санда шыңгырап,
Боз кисе бойдо шаңкылдап,
Манастын уулу Семетей,
Көңүл ачып жаркылдап,
Бастыргыла аба деп,
Атты жолго салалы,
Кең Кочкорго баралы,
Барып конуп өтөлү,
Бейит тайып кетели.
Эр Семетей оолугуп,
Абакеси Бакайдан,
Бала Чоро кеп сурайт:
Айланайын абаке,
Келбей жатып алдыңар,
Бизди жолго чыгарып,
Көп кечигип калдыңар.
Кандай ишти көрдүңөр,
Же барбайлы деп сүйлөнүп,
Ана-мына дедиңер,
Көп кечигип келдиңер.
Абасынан кеп сурап,
Айтчы аба деп сурап,
Бала чунак какылдап,
Бакайдан сурайт такылдап.
Абасы Бакай кеп айтат,
Күлүмсүрөп кан Бакай,
Мурутун сылап эми айтат.
Кара саат абаңдын,
Ала көөдөн агаңдын,
Эсиретип алды деп,
Кереметтүү жеңеңди
Жыга чаап койду деп,
Каарланып Айчүрөк,
Катуу каргап койду деп.
Кара мүртөз дардаңдын,
Жолуна каршы болду деп,
Каргап коюп агаңды,
Каныкейди ыйлатып,
Кабыргасын кыйратып,
Кан көчөгө сулатып.
Каныкей айтса болбоптур,
Каргышын алып койбоптур.
Чыңырган үнү угулуп,
Мен бардым кайра бурулуп,
Мен Чүрөккө жалбардым,
Айчүрөктүн кылганын,
Мен эми көрүп таң калдым.
Айчүрөк өңдүү жеңеңдин,
Астына барып ыйладым,
Каргышыңды жандыр деп,
Айчүрөктү кыйнадым.
Жыга чапкан жеринен,
Жер таянып буралып,
Мен жалынып турганда,
Коркту деймин уялып.
Айланса болот кудайга,
Каалгадай кашка тиш,

Капталга камчы батканда,
Семетей жыга чапканда,
Тиштеген экен капшырып,
Азирети кафызга,
Айткан экен тапшырып.
Көзүнүн жашын көл кылып,
Көңүлүн Чүрөк бөлдү дейм,
Аты Бакай Айкожо,
Каарына калам деп,
Каргышымды албасам,
Жаман болуп калам деп,
Каргышын кайра алгыча,
Бизди жолго салгыча,
өттү убак бир далай.
Айчүрөктүн белгисин,
Чоң Кочкордун боюна,
Ак-Базардын оюна,
Жете барып конолу,
Ат куйругун өрөсүң,
Мен садагаң кетейин,
Он үч менен он төрттүн,
Ортосунда жашың бар,
Секелек өскөн чачың бар.
Бала чунак жинди кул,
Бакайдан угуп таң калып,
Арстан Бакай абасы,
Араң келет агасы,
Түндүктөн төмөн эки жол,
Арстан Бакай абасы,
Бозчунакты моюндап,
Ок-дарысын коюндап,
Аттан түшүп кадуулап,
Актелкини жабуулап,
Ат токтотуп жаткан жер.
Канчоронун энеси,
Күлчоронун абасы,
Атты багып жаткан жер.
Артынан Чоро келгиче,
Камбардын уулу Канчоро,
Ээрин алып жазданып,
Көрпөчө алып төшөнүп,
Жаткан экен көшүлүп.
Асыл Бакай бир чоро,
Абакеси бир төрө,
Үчөө барды жарышып,
Үзөңгү бутта кагышып.
Оттоп аткан аттарды,
Тийип айдап алышып,
Жайнамазын бүктөтүп,
Жан казанын жүктөтүп,
Жөнөп жолго салышып,
Кара-Суунун четине,
Күн батарда барышты.
Күүгүм кире күн бата,
Элдин алды жуп жата,
Аккан сууну кечишти,
Көп күмбөзгө жетишти.
Кош-колоңун түшүрдү,
Торучаны алышты,
Шейитке атап чалышты,
Боорунан оюшту,
Жан казанга салышып.
Адис болгон жиндилер,
Казы менен картасын,
Таза жууп алышып,
Арбакка арнап ат союп,
Аш-тамакка чоң тоюп,
Коё берип аттарды,
Жинди бала Күлчоро.
Ат кайтарып аттанды,
Канчорого кеп айтат.
Катуу жүрүп алдык деп,
Ат сокту болуп калдык деп.
Мен багайын аттарды,
Абаң менен төрөңдү.
Ээр-токумун алгын деп,
Экөөн багып калгын деп.
Эр Күлчоро жинди кул,

Кайтарды буудан аттарды.
Кандай белги болот деп,
Арстан Бакай абасы.
Капа болуп жаткан жер,
Бакайдын капа болгону.
Абасына кеп айткан,
Жанар болсо каргышым.
Таңдын ала-селинде,
Артыңан барам деп айткан.
Агып аткан суусунан,
Алты айланып өтөмүн.
Ошо сууну кечемин,
Дуба салып көрөмүн.
Каргышым кайра келбесе,
Кагылайын абаке,
Мен силерди көрбөй өлөмүн.
Таң кылайып көрүнүп,
Атасынан баласы.
Беш убагын жазбаган,
Бейдаарат жерге баспаган.
Аттарды айдап барган жер,
Күлчоро даарат алган жер.
Канчоро тура калган жер,
Белги болор бекен деп.
Арстан Бакай абасы,
Даарат алып камынып.
Эр Семейтей абасы,
Боюн сууга салган жер.
Бой дааратын алган жер,
Азан маалы болду эми.
Күлчоро азан койду эми,
Азан айтып болду эми.
Кыбыла карап бет алып,
Эки чоро, бир төрө.
Башчы болгон бабасы,
Байгамбар сындуу абасы.
Жайдамасын жайды эми,
Экөө сүрнөт, экөө парс.
Ыйман болуп Күлчоро,
Төртөө окуп алды эми.
Мойнун акка сунганда,
Зикир чалып турганда.
Айланып учуп калкылдап,
Акундун кызы Айчүрөк,
Алтындан кылган жылансып,
Колтугунда жаркылдап.
Тегеренип конгон жер,
Билбейт муну эки эр.
Арстан Бакай Айкожо,
Айланса болот алдага.
Айчүрөгүм келди деп,
Эр Семейтей ойлобойт,
Эс болгонун болжобойт.
Алаканын жайганда,
Окуп бүтүп алганда.
Таманы жерге такылдап,
Ак жибектей бүгүлүп.
Ак коёндой жүгүрүп,
Айкожонун алдына.
Айчүрөк барды жүгүнүп.
Алкай албай Чүрөктү,
Бир кудайга жалынып,
Оң бөйрөгү былкылдап.
Оң муруту солкулдап,
Ошондо Бакай абасы,
Ыйлап ийди болкулдап.
Манастын уулу Семетей,
Алагар көзү алайып,
Ошондо көрдү Чүрөктү.
Кечээ камчы менен чапканда,
Айчүрөк каргап айтканда,
Каргаша угуп алыптыр,
Ошондо Чүрөктөн көөнү калыптыр.
Өзү турган немедей,
Акырайып бек тиктеп.
Бу канчык неге келди деп,
Чүрөктү карап көп тиктеп.
Сен эмине келдиң деп,

Кечээ кайырдың эле сөзүңдү.
Каргадың эле өзүмдү,
Барганыңдан келбе деп,
Базар үйүң көрбө деп.
Баатырдын уулу копол эр,
Дале Айчүрөккө оолугуп.
Ошондо Бакай бабасы,
Имере кармап чоң камчы,
Оң колуна алган жер.
Адамдын колу тийбеген,
Ачуу сөздү укпаган,
Кулагына жукпаган,
Манастын уулу дардаңды,
Баатыр Бакай абасы,
Камчы алып чапкан жер.
Жалган айтса кечирет,
Бендесинин кылганын,
Жараткан кудай кечирет.
Эгердин иши оңбойт деп,
Арстан Бакай абасы,
Кесирлигин койбойт деп.
Камчы алып каккан жер,
Канкордун уулу баласын,
Абасы жыга чапкан жер,
Бир чапкан камчы көтөрбөй.
Манастын уулу Семетей,
Талма тийген немедей,
Семетей кулап жаткан жер.
Айчүрөк турду кеп айтып,
Муңайып сүйлөп муну айтып,
Мууну бошоп көп айтып.
Айланайын абаке,
Атка тердик салыңыз,
Күлчороңу ээрчитип,
Артыман ээрчип барыңыз,
Агып жаткан кашка суу,
Айланып дуба салайын,
Алда таала кудурет,
Абаке берсе тилекти,
Каргадым төрө баланды.
Каргышым алып калайын,
Каргышым суугa тийбесе,
Кагылайын абаке,
Оң саамайым тарайын,
Астыңа өлүп калайын.
Айчүрөк ыйлап муңайып,
Аккуу болуп кубулду.
Айланып учуп чыкканда,
Ак шумкарды алганда,
Куркулдап үнү угулду.
Канкордун уулу Семетей,
Уктабай көзү жумулду,
Унчукпай тили буулду.
Арстан Бакай көкжалың,
Көкчолок минди закымдап,
Алмаңдын уулу Күлчоро.
Кошо жүрдү такымдап.
Семетейдин башында,
Канчоро калды кашында.
Акундун кызы Айчүрөк,
Оолугуп учуп алыптыр.
Он эки түрлүү дөө-пери,
Тегеректеп калыптыр.
Боз чолокко камчы уруп,
Агып жаткан кашка суу,
Акканы суудан башка суу,
Акундун кызы Айчүрөк,
Азыр учуп өттү эми.
Агып жаткан бу сууну,
Үйлөп өтүп кетти эми,
Бери учуп өттү эми,
Үйлөп өтүп кетти эми.
Абасы Бакай, Күлчоро,
Мойнуна курун салышып,
Кандай болор экен деп,
Кудайдан тилеп таңданып,
Жакасын бекем камданып.
Акундун кызы Айчүрөк,

Тегеренип айланып,
Ары учуп өткөндө,
Жети учуп жетерде.
Оргуштап аккан кашка суу,
Ошол жерде токтолду,
Жерге сиңип жок болду,
Айчүрөк конуп токтолду.
Адам кебин салынды,
Кагылайын уулуке,
Атамдан асыл абаке.
Капа болуп кайгырып,
Каргышым кайра келбесе,
Тилегим кудай бербесе,
Атадан калган жалгыздан,
Калмак элек айрылып.
Жүргүлө эми баралы,
Баш көтөрүп тургандыр.
Арбагы колдоп баатырдын,
Кырк баатырды кыргандыр.
Жараткан алда бир кудай,
Катары өзү жеткирди,
Баарысын ниет кечирди.
Бээжинге барар жол болсо,
Мен баарысын жасайын.
Көрдүм эле Бээжинди,
Кагылайын уулуке,
Мен жол маанисин айтайын.
Айчүрөк, Бакай, Күлчоро,
Канкордун уулу баатырдын,
Маңдайына барган жер.
Бала чунак эки кул,
Чатыр тигип салган жер,
Торучаны сойгон жер.
Жолго чыгып баатырлар,
Кечинде келип конгон жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Асылдын уулу баатырдын,
Астына басып барган жер.
Баатырдын уулу эр төрөм,
Саксаламат болдуңбу?
Санаага мени алдыңбы,
Эсен-аман болдуңбу,
Эсиңе мени алдыңбы?
Айчүрөк басып барганы,
Баатырдын уулу төрөсүн,
Оң колунан алганы.
Мен садагаң кетейин,
Жердеп жүргөн жери жок,
Ээлеп жүргөн эли жок.
Аркар-кулжа аралаш,
Аюлар жүрөт ала баш.
Адыр-адыр коо экен,
Айбандар жүрчү тоо экен.
Биерге алты түнөп өткүлө,
Абакең кырган кырк баатыр,
Куран окуп кеткиле.
Чөбү башка гүлдөгөн,
Биерди киши билбеген.
Кечээ канкордун уулу абакең,
Кырк баатырды кырганда,
Кандуу болуп калды деп,
Эл ээлебей жатыптыр,
Элдин баары качыптыр.
Адам конуп өттү деп,
Кандай адам келет деп.
Ат агытып, куш салган,
Мергендер келип көрсүн деп.
Жердей турган жер экен,
Жер маанисин билсин деп,
Айтып сөзүн бүтүрүп.
Айчүрөктүн кебине,
Күлчоро, Бакай түшүнүп.
Жан жүрбөгөн талаага,
Алты күнү токтолуп,
Аттарды жайып откоруп,
Баатырлар жатмак болду арага.

## АЙЧҮРӨКТҮН СЕМЕТЕЙГЕ АЙТКАН ОСУЯТЫ

Атамдын уулу айжаркын төрөм,
Камаган жоонун айынан,
Атамдын уулу арман төрөм,
Ак тасма белге сыдырдым төрөм.
Ат боройдун баарысын төрөм,
Айланып учуп кыдырдым төрөм.
Дүнүйөнү чалганмын төрөм,
Сен баруучу Бээжинди төрөм.
Мен сүрөткө тартып алганмын төрөм,
Ак саамайым өргөнмүн төрөм.
Антташкан сөздүн барынан төрөм,
Айтышкан сөздүн агынан төрөм,
Ак саамайым түйгөнмүн төрөм.
Акырет кеткен атаңдын төрөм,
Эсер десем арданба төрөм,
Арбагын сыйлап күйгөнмүн төрөм.
Семетей сени табам деп төрөм,
Шаарымдан учуп чыкканмын төрөм.
Күн чыгыш көздөй айланып төрөм,
Таластын дайнын биле албай төрөм,
Бээжинге учуп барганмын төрөм.
Бээжин деги калың эл төрөм,
Бээжин деп чыккан бектерди төрөм,
Какандан чыккан кандарды төрөм,
Атактуу туулган эрлерди төрөм,
Абаңды сойгон эрлерди төрөм,
Ошону көрүп алганмын төрөм.
Сен үчүн мен канчаны көрбөдүм төрөм,
Бээжинден көрдүм канчаны төрөм.
Он далысы кең экен төрөм,
Ай далысы кең экен төрөм,
Адамдын алы жеткисиз төрөм.
Айбалта чапса кеткисиз төрөм,
Кийгени темир чеп экен төрөм.
Бээжинди билген эр экен төрөм,
Мына ошону таштайын төрөм.
Мен көргөн жерди баштайын төрөм,
Кулагың салып угуп тур төрөм.
Береги байгамбар сындуу
абаңды төрөм,
Менин тилим сен алсаң төрөм,
Абаңдын көөнүн салбай жүр төрөм.
Жаш кезинде кан ичкен төрөм,
Кан ичер болуп аталган төрөм.
Канчалык элден бата алган төрөм,
Мына бу балаңдын көөнүн салбай
жүр төрөм.
Сен бул жерден көчөсүң төрөм,
Ысык-Көлгө жетесиң төрөм.
Көлдүн жайын айтайын төрөм,
Күнгөйдөн агат нечен суу төрөм.
Тескейден агат нечен суу төрөм,
Жеринин баары тар болот төрөм.
Кырк жылга жетип жердесе төрөм,
Текебери бар болот төрөм.
Адырдан чөбү жоошулат төрөм,
Ар түрлүү кийик кошулат төрөм.
Будурдун чөбү суюлат төрөм,
Бугусу чубап кошулат төрөм.
Адырдын чөбү суюлат төрөм,
Жарышып аркар чубулат төрөм.
Адырдын чөбү бураган төрөм,

Ар түрүлүү кийик чураган төрөм.
Чыккан жыгач башынан төрөм,
Алыс-алыс чураган төрөм.
Алмасы гүлдөп түптөгөн төрөм,
Кирген мал чыкпайт ичинен төрөм.
Түптөгөн чийи буралган төрөм,
Алдыңдагы буурулду төрөм,
Айкашка минип кош дөбө төрөм,
өрүн болуп токтобо төрөм.
Адыр-адыр жери бар төрөм,
Олуя менен коюлган төрөм.
Шайыктар түн өткөн жер төрөм,
Эчен түркүн эрендер төрөм,
Конуп-тайып кеткен жер төрөм.
Адырлуу жери тар экен төрөм,
Ала көөдөн эсерсиң төрөм,
Жерине арзып кетерсиң төрөм.
Менин тилим алып өт төрөм,
Шамы жүрүп дубана төрөм,
Аса уруп өтүптүр төрөм.
Мусулман аттуу менделер төрөм,
Тайысын деп кетиптир төрөм.
Манжалуу деген мазар бар төрөм,
Алдыңдагы бууданың төрөм,
Ак каңкы ээриң токуп өт төрөм.
Ак куран ачып түшүрүп төрөм,
Ошерге куран окуп өт төрөм.
Ар карын көрүп аалыба төрөм,
Эсер өскөн жан элең төрөм,
Жери башка экен деп төрөм,
Адырын көрүп таарынба төрөм.
Бууданыңды коштобо төрөм,
Бу мазарга сыйынып төрөм,
Эки күнү түнөп өт төрөм.
Аттанып жолго саларсың төрөм,
Айчүрөк качан көргөндө төрөм,
Көңүлүңө аларсың төрөм.
Айдаңды саптап бек карман төрөм,
Аркардын этин express кактап өт төрөм.
Балыкты көрсөң таштаба төрөм,
Эт кургатып сактаба төрөм.
Айдап чыккан аттарды төрөм,
Акырын айдап жүргүн төрөм.
Аз гана кайкан бели бар төрөм,
Тал-Мазар деген жери бар төрөм.
Астыңдагы бууданды төрөм,
Ооздугун чыгарба төрөм.
Тал-Мазарга конуп өт төрөм,
Тамак-ашка тоюп өт төрөм.
Бээжинге качан барам деп төрөм,
Акылыңдан адашпа төрөм.
Абаңдан жолду талашпа төрөм,
Абакеңе кеп айтпа төрөм,
өзүм билем деп айтып төрөм,
Айткан тилди ала жүр төрөм.
Менин бул айтканым осуят төрөм,
Кулагыңды сала жүр төрөм.
Айдаган буудан аттарды төрөм,
Аттап өтүп кетпегин төрөм.
Ар суусу сайын уктаба төрөм,
Аш-тамакка тоюп өт төрөм.
Алты ара конуп өт төрөм,
Белгилеп сайган үч терек төрөм,
Аккан суунун боюнда төрөм,
Боз тумшуктун оюнда төрөм,
Конбой өтүп кетем деп төрөм.
Каркырага жетем деп төрөм,
Конбой өтүп кетпегин төрөм.
Эки бирдей иниңе төрөм,
Жолду жакшы чалдыргын төрөм.
Ат суусунун кандыргын төрөм,
Абаңды багып сен сакта төрөм.
Алты күнү сен жатсаң төрөм,
Ысык-Көлдү айланып төрөм,
Балдарым чалгын чалсын деп төрөм.
Касиеттүү жер чалып төрөм,

Чалгынчы көзү кансын деп төрөм.
Конбой өтсөң болбойсуң төрөм,
Жаман ишке кабылып төрөм,
Жайылган торго чалынып төрөм,
Сен кабылбай койбойсуң төрөм.
Кызыл-Кыя бели бар төрөм,
Бээжиндин каны чоң манжуу төрөм,
Кароого койгон эри бар төрөм.
Кырымдын уулу Мурадыл төрөм,
Жол кайтарган жери бар төрөм.
Таш-Коргон деген чеби бар төрөм,
Жалыңды бекке салбасаң төрөм,
Сактанып аман калбасаң төрөм,
Ошого кабылып калсан өлөсүң төрөм,
Канчалык кордук көрөсүң төрөм.
Талаасы жайык түз болот төрөм,
Аркырап аккан суу болот төрөм.
Ат боорунун жиреген төрөм,
Байкаган киши кабылган төрөм.
Баабедин чалып кеткен жер төрөм,
Сары-Талаа түз деймин төрөм,
Токою болот түптөнгөн төрөм.
Чочкосу болот топтолгон төрөм.
Атыңы балдарыңа бактыргын,
Абаңды өз жолуна жаткыргын.
Андан алыс чыкпагын,
Биерге койбойм дебегин.
Жаман ишке кабылып,
Саргарып капа болосуң.
Күүгүм кирип күн бата,
Тамагын ичип эл жата,
Баарын чечип алыңыз,
Куржундарга салыңыз.
Күүгүм кире көчүңүз,
Былчакайдан өтүңүз,
Түндө өтүп кетиңиз.
Андан өтүп барсаңыз,
Сары-Талаа улуу чөл.
Улуу кары аксакал,
Ашын берген жери бар.
Атаңдан калган бир боор,
Ак олпогун кийген жер.
Атаң канкор өзү шер,
Капыр менен мусулман,
Баарын кармап билген жер.
өрүш алып токтолуп,
Аттарыңы откоруп,
Консоң конуп өткүн деп,
Конбосоң конбой кеткин деп.
Мен айтайын кайталап,
Боз-Учук деген жери бар,
Ошону болжоп кайтарган,
Мурадылдын эли бар.
Кокус барып конорсуң,
Береги турган балдарды,
Мине турган атынан,
Ажыратып коёрсуң.
Кечинде дүрбү салуучу,
Жер чалдырып алуучу,
Дүрбү салып албасын,
Бороон-шамал салбасын.
Жайчылары жанында,
Кар-борошо жаадырып,
Кайыктырып албасын.
Аттарыңы кокустан,
Тийип кетип калбасын.
Аны айтып өттү эми,
Арстан төрө көкжалың,
Атадан калган жалгызсың,
Энеден туулган элкинсиң.
Көргөнүмдү айтайын,
Үч-Капкактын оюу бар,
Үкүр суунун бою бар,
Дөбө-дөбө ташы бар,
Былкылдаган сазы бар,
Сары кайык керүү бар,

Сары талаа жери бар.
Улуу сууну бойлосоң,
Айлаңа таңданып,
Туйгун-тунжур балалап,
Балапанга каралап,
Кара карга казандап,
Ала карга азандап,
Кыргыйы учуп кыжылдап,
Турумтай учуп шыпылдап,
Кулаалы учуп элеңдеп,
Күйкөсү учуп тепеңдеп.
Айчүрөк качан көргөн деп,
Муну качан жердеп келген деп,
Ошол жерди көрөрсүң,
Койнуңдагы сүрөттүн,
Ким экенин билерсиң.
Бото менен Тайлактай,
Моюн алышып жатканда,
Моюнга колун артканда,
Көп катындай көрөсүң,
Ошо жерди көргөндө,
Менин ким экеним билесиң.
Аркар менен кулжадай,
Айкалышып жатканда,
Аркага колун артканда,
Жөн катындай көрөсүң,
Айткан жерге барганда,
Баарын көрүп алганда.
Алган зайып мен элем,
Ардактуу төрөм сен элең,
Ошо жерди көргөндө,
Ошондо менин ким экеним билесиң.
Жана айтсам жана көп,
Бөөт-бөөт чөлү бар,
Бөксөсүндө төрү бар,
Адырдуу кыя бели бар.
Көрөсүн эрдин амалын,
Тилге кийрип айбанды,
Жол кайтарткан жери бар.
Тегеренип аласың,
Айран калып барасың.
Колдо жаткан көп өрдө,к
Ошону көрүп желдейсиң.
Шумкарың турат табында,
Адам менен сүйлөшкөн,
Башы алтын дени жез,
Моюну узун өрүм кез,
Кокус муну куткарсаң,
Кабар салат Бээжинге.
Куткарбасаң аласың,
Куу өрдөктү алдырсаң,
Бээжинге анан барасың.
Алалбасаң өрдөктү,
Чоң балаага каласың.
Куткасып ийсең кайта кел,
үйүңдө калган Чүрөккө,
Көргөнүңдүн баарысын,
Бирин койбой айтып кел.
Адырда жаткан ак кулжа,
Ал Бээжинге кароолчу.
Адамды көрсө бакылдап,
Мүйүзү башка жаркылдап.
Маарап коёт бир убак,
Үнү чыгат баркылдап.
Эки кыя босого,
Эртең менен баргын деп,
Түн жамынып зарыгып,
Аңдып атып алгын деп.
Айттырбай кулжа кутулса,
Сен ары барбай кайтып кел,
Көргөнүңдүн баарысын,
Бирин койбой айтып кел.
Шум өрдөктү алдырсаң,
Алып жүргөн ак шумкар.
Алда таала кудурет,
Атакеңдин жолдошу.

Кокустан ушу жерден качырып,
Куткасып ийсең өрдөктү,
Төрөм мында ишиң бузулат.
Ак шумкарга алдырбай,
Шум өрдөк учуп кутулат.
Кабар түшөт Бээжинге,
Бу Бээжинге барчу кароолчу,
Бээжинге душман келет деп,
Кабар алса өрдөктөн.
Адамды кумдай чайнаган,
Аскерин койбой айдаган.
Жердеген элден башка жан,
Бир киши Бээжинге барбаган.
Какан менен Бээжинге,
Адамдын колу тийбеген,
Сен баруучу Бээжинге,
Азирет аалы кирбеген.
өрдөк менен кулжаны,
Куткасып ийсең кайра кел,
Көргөнүңдүн баарысын,
Төкпөй-чачпай айтып кел.
Атып алсаң кулжаны,
Алдырып алсаң өрдөктү,
Бастырсаң жолуң болуучу,
Маана берчү бир кудай,
Баатырым ишиң оңочу.
Андан ары жол жүрсөң,
Нечен-нечен чөл келет,
Бөлөк-бөлөк төр келет,
Агыны катуу суу келет,
Адыр ала жер келет,
Аскар чалчык чөл келет.
Кундузу кумдай суюлган,
Балыгы ойнойт бакылдап,
Чабагы сууда чалпылдап.
Кундузуна катылба,
Чабагын алып кактап өт,
Балыгын алып сактап өт,
Балыктын этин кактап өт.
Эч болбосо эки күн,
Өрүш болуп конуп өт,
Балык кармап тоюп өт.
Же болбосо жарым ай,
Айланасы баары май,
Аркар-кулжа топтошот,
Көпкө келип токтошот,
Адырдан аркар маарашат,
Түзүнөн торгой сайрашат.
Жарым ай токтоп көп жатсаң,
Ат семирип ык болот.
Бээжинге барып токтойт деп,
Эки чороң бук болот.
Ошо жердин баарысы,
Айкожо абаң келет деп,
Жердин баарын чиркеген,
Күндүн бетин бүркөгөн,
Кара жору калдактап,
Каз-өрдөк учат далдактап.
Ок сынатып ок бербе,
Атам десе эки иниң,
Атам десе айткырба,
Тынч уктатып жаткырба.
Жаныңдагы Айкожоң,
Аткын десе аткыла.
Атпа десе былк этпей,
Ат өргүтүп жаткыла.
Ат өргүтүп сен жүрсөң,
Айтканыма сен көнсөң.
Ат семиртип ык кылып,
Эр семиртип бук кылып,
Өзөн сууну бойлоп өт,
Өрдөк атып ойноп өт.
Жери сонун бир башка,
Ушу жерге конбой өт.
Жердин үстү кумурска,
Коёндор жүрөт куландай,

Кескелдирик көрөсүң,
Кере кулач жыландай,
Чымыны басат күчүктөй,
Чымчыгы болот бүркүттөй,
Жыланы болот аркардай,
Кумурска болот байгандай,
Бир кудай жасайт ар кандай.
Ошо жерге барганда,
Буурулуңду минип өт.
Жер маанисин айтайын,
Жемиши жерге төгүлөт,
Жерден башка көрүнөт,
Жапан алма аталат,
Жерге түшүп сакталат.
Жерге түшүп көң болот,
Жемишиң чирип дөң болот,
Алмасы чирип дөң болот,
Адам бою дөң болот.
Биерге жатып алсаң сен,
Кумурска келип жабылат,
Тайгандай болгон кумурска,
Кокустан кабылып калсаң көкжалым,
Сөөгүң кайдан табылат.
Уюктан чыкчу быкылдап,
Кумурска келсе жыкылдап.
Андан аман сен өтсөң төрөм,
Ат болушка саласың төрөм,
Ат аябай бек жүрсөң төрөм,
Алты конуп барасың төрөм,
Бурулуп учкан куу көрүп төрөм,
Булак кашка төр көрүп төрөм,
Таңдайын карап өтөсүң.
Талгар деген чоң дайра,
Как ошого жетесиң.
Таңдайын карап турасың төрөм,
Суудан коркуп таңданып,
Талгардын суусу ташкандыр,
Талдар агып жаткандыр төрөм,
Карагай кайың жыгылып төрөм,
Арал болуп жыйылып төрөм.
Аркары кечпей таңданып төрөм,
Эригип ойнойт ээлигип төрөм,
Ээн ойнойт семирип төрөм.
Жолборсу жолдо топтошот төрөм,
Атуучу мерген келбеген төрөм,
Адамзат менде көрбөгөн төрөм,
Айдаган койдой дүрдүлүп төрөм,
Айбандар үркөт сүрдүгүп төрөм,
Жолборсу жолдо топтошот төрөм,
Аюусу болот аскада төрөм.
Ок чыгарып окустан төрөм,
Эшип салат кокустан төрөм.
Бараңдын үнү барс этсе төрөм,
Мылтыктын үнү тарс этсе төрөм,
Ар түрдүү айбан табылат,
Тегеректеп жабылат төрөм.
Куйругу кулач айбан бар төрөм,
Сууну бойлоп жойлосо төрөм,
Куйругу менен тал жыгып төрөм,
Сууну бойлоп ойношот төрөм.
Карасаң көзүң тунарат төрөм,
Балдарым кантээр экен деп төрөм,
Айкожо абаң кубанат төрөм.
Тиктесең көзүң тунарат төрөм,
Жол баштаган абаңды төрөм,
Айткан тилин алып тур төрөм,
Кулагыңды салып тур төрөм.
Аттарың качат топтошуп төрөм,
Аттарыңды бош койбой төрөм,
Балдарыңды бош койбой төрөм.
Балдарыңды коштотуп төрөм,
Айкожо абам көп айтат төрөм.
Кечели сууну деп айтат төрөм,
Акканы кандуу суу төрөм,
Кечели деп кантип ойлобо төрөм.
Айкожо абаң көрсөткөн төрөм,

Ак олпок кийип чечпегин төрөм.
Кечүүсүн абаң көрсөтөт төрөм,
Көрсөткөн жерден кечкиниң төрөм.
Акундун кызы Айчүрөк төрөм,
Манастын уулу баатырга төрөм,
Азат кылып көп айтып төрөм,
Ар кандай сөздү көп айтат.
Оюна түшсүн деп айтып,
Денеме түшсүн деп айтып,
Жол маанисин билгизип,
Жортуул жолго салгандай.
Жоокер болуп калгандай,
Аттанып жолго салгандай.
Атышып жоону алгандай,
Бастырып жолго салгандай,
Басташкан жоону алгандай.
Ак саамайын түйгөндөй,
Атып жоого тийгендей.
Сууну бойлоп конгондой,
Жортуп адис болгондой.
Казат кылып кол алып,
Канча күнү жол алып,
Кармашып адис болгондой.
Канчоро менен Күлчоро,
Карап турат таңданып.
Айчүрөк качан көрдү деп,
Ошондо эки бала таңданып.
Ошондо абаң кеп айтат,
Кечели сууну деп айтат.
Айткан тилди алгын сен,
Тили менен баргын сен,
Үстүңдөгү кийимиң
Чечкин десе чечкин сен,
Чечпе десе чечпегин,
Абаңдан мурун кечпегин.
Ар немени ойлобос,
Аңыр өскөн киши элең,
Кокустан агып кетпегин.
Манастын уулу баатырга,
Ала көөдөн асылга,
Акыл кылып кеп айтат.
Ар маанисин көрсөтүп,
Атынын оозун буруучу,
Кантер экен балдар деп,
Айкожо абаң туруучу.
Сени сынап көп айтат,
Же кечелиби деп айтат.
Же ушул сууну кече албай,
Барчу жерге жете албай,
Кетелиби деп айтат.
Акылыңды токтотуп,
Айланайын аба деп,
Жол көргөзгүн аба деп.
Кечүүсү жок дайраны,
Кечели десең кечели,
Кечпейли десең кетели.
Абаңдын көөнүн улагын,
Ачык айтып турбагын.
Көңүлүңө албагын,
Абаңа каттуу кеп айтып,
Көтөрүлүп калбагын,
Абаң айтса мейли деп,
Айткан кебин угуп тур,
Кулагың салып туруп тур.
Жол баштаган Айкожоң,
Айтып сөздү билгизет,
Анан өзү көрсөтөт,
Бастырып кечүү чалат деп,
Кечерге кечүү табат деп.
Кадимкидей дардактап,
Атаңа катуу кеп айтсаң,
Бастырбай жатып алат деп.
Ар маанисин билгизип,
Акундун кызы Айчүрөк,
Жолго чыккан үчөөнү,
Айчүрөк айтып дааналап.

Жараткан кудай өзү жар,
Кудайдан кийин абаңды,
Айткан тилин алып жүр,
Абаңды жакшы багып жүр.
Бүркүт тууган зоокага,
Кашкалдактын ою бар,
Агып жаткан чоң дайра,
Үч айрылып бөлүнөт.
Үч-Арал деген жери бар,
Абаңдардан сурасаң,
Аттанып жолго салуучу,
Аттангыла балдар деп,
Өзү баштап баруучу.
Ат ойнотуп суу кечип,
Кечпейт абаң бут чечип.
Сууну кечип өтүүчү,
Алган зайбың Чүрөктүн,
Ошондо ким экенин билесиң.
Муну качан көргөн деп,
Мурутун сылап күлөсүң.
Ээ чал кечкин абаңды,
Кечели деп балдарды,
Аттан айдап киресиң.
Абаң кечкен жер менен,
Артынан өзүң кечесиң.
Үч-Аралдан кечкенде,
Алты-Аралга жеткенде,
Абакең айтат кыйкырып.
Бер жагында бир бөлөк,
Үзөңгүдөн өтпөйт деп,
Тердигиңе жетпейт деп.
Айкожо абаң айтканда,
Үстүңдөгү кийимиң,
Баарын чечип капшыр деп,
Канжыгага тапшыр деп.
Аттан түшө калгыла,
Канжыгага бөктөрүп,
Абакеңдин артынан,
Камоо кечип баргыла.
Орто жерде аралдын
Ат соорусун жашырат.
Астыңдагы ээриңдин,
Коңулунан коркурап.
Айдап ийген аттарың,
Ашып кетет зыркырап.
Аттар агып кетти деп,
Чочуп коркуп албагын.
Астыңдагы бууданга,
Баштаган абаң Айкожо,
Атка камчы салуучу.
Сууну бойлоп кыдырып,
Абакең келип калуучу.
Кош колуңу үстүңдө,
Асык-түлүк жонунда,
Аттарың аман чыгуучу.
Асыл абаң Айкожо,
Үчөөңдү карап туруучу.
Атыңа камчы салып өт,
Береги чоро иниңди,
Оң жагыңа алып өт,
Буурулга камчы салып өт.
Мына бу Чоро иниңди,
Сол жагыңа алып өт.
Айкожо билет ар жолду,
Андан кечип сен өтсөң,
Көрөсүң эчен тар жолду.
Айчүрөк айтып билгизип,
Арстандын уулу баатырга,
Ар маанисин көрсөтүп.
Төбөсү чаңдап кар болгон,
Үч-Ала деген тоосу бар,
Көк темирдей көрүнгөн,
Көргөндүн көөнү бөлүнгөн.
Көз жетпеген зоосу бар,
Адыр-адыр жери бар,
Ашууга кыя бели бар.

Менин тилим албасаң,
Как талаада кайгырып,
Каласың аттан айрылып.
Жүрөсүңөр кайгырып,
Жол көрсөтүп бергин деп.
Ат кадырын билбеген,
Атты багып минбеген,
Балдарыңды тилдейсиң.
Менин тилим албасаң,
Балдарыңдан айрылып,
Жортуул жолго саласың,
Жолдошуңдан айрылып.
Менин тилим албасаң,
Өзүң жалгыз каласың.
Намыңдан көк жалым,
Жол көрсөтүп бергин деп,
Атадан жалгыз туулуп,
Алыска сапар барасың.
Кош-Алага барганда,
Жол көрсөткөн абакең,
Жолго туруп калуучу.
Эки балам келет деп,
Абакең тосуп туруучу.
Ошондо Айкожоңдон бөлүнүп,
Аткасып жолго салгын деп.
Жол каттатып жаздырып,
Абакеңден алгын деп,
Айтканыңдай баргын деп.
Кыл-Эртыш деген суусу бар,
Карагай кайың тал агат,
Четине келген мал агат.
Суусаган айбан ичи албайт,
Агыны катуу чоң дайра,
Дабышы катуу доолдоп,
Сууну бойлоп жете албайт,
Абакеңден бөлүнүп,
Ал дайрага барасың.
Акылың кетет алдырап,
Суунун тилин көргөндө,
Эсиң кетет шалдырап.
Турасың токтоп шалдырап,
Ошо сууну кече албай,
Өйүзүнө жете албай.
Суу кыдырып каласың,
Өйдө-ылдый барасың,
Сууну бойлоп каласың.
Өйүздө турат жез мамы,
Бүйүздө болот беш мамы.
Момуну көрүп карасаң,
Айкожо абаң баатырдын,
Жазган каты Манастын.
Айтканың болсо эсиңде,
Кечүүсүн барып табасың.
Ошо мамы бетинде,
Жазып койгон каты бар.
Атакең маркум  баатырдын,
Алып жүргөн жолдошу,
Ошолордун аты бар.
Атын окуп зарланып,
Жакаңды бекем карманып,
Турасың анан таңданып.
Жан барбаган Бээжинге,
Атаң уруш салганда,
Аскер менен өткөндө,
Аскери кечип кеткенде.
Өйүз менен бүйүзгө,
Жез мамыны кактырган,
Бетине атын жаздырган.
Келген киши өтсүн деп,
Ушуну менен кечсин деп.
Аттан түшүп аласың,
Каттан окуп келгенде,
Үстүңдөгү чоң айдар,
Кайра байлап капшырып,
Канжыгага тапшырып.
Бутуңдагы жеке сан,

Буттан чечип аласың,
Куржунуңа саласың.
Туура кечип барасың,
Мамыны болжоп сен кечсең,
Ошо чоң дайра,
Тердигиңе жетчү эмес.
Ошондо ойлоп өзүмдү,
Байкайсың айткан сөзүмдү.
Ат жайдактап алганбы,
Айчүрөк кечип алганбы,
Кечүүнүн сырын билгенби,
Мурутун сылап күлөсүң,
Суу ортолоп барганда.
Жыга чаптың өзүмдү,
Ыйлаттың эки көзүмдү.
Атаңдан калган эр төрөм,
Менин ким экеним билесиң.
Ал дайрадан өткөндө,
Аман кечип кеткенде,
Мурапы тоосу көрүнөт,
Үстүнөн  туман бөлүнөт.
Ошондо дүрбүңдү алып колуңа,
Алдыңдагы Буурулду,
Аса байлап салгын сен,
Дүрбүнү колго алгын сен.
Дүрбү салса көрөсүң,
Кара зоонун түбүндө,
Карарып жаткан кара арча,
Кубарып жаткан куу арча,
Ар түрдүү болуп көрүнөт,
Ошондо көргөндө көөнүң бөлүнөт.
Какан менен Бээжиндин,
Кароолдоп турган жери бар,
Ошону кайтартып койгон чени бар.
Бээжиндин эли жыйылат,
Ай сайын келип сыйынат.
Бээжиндин эли сыйынган,
Буудандарын токунган,
Ай сайын келип чокунган,
Жасады деп табынган,
Кечили келип жалынган,
Аны көрүп аларсың.
Астына чыгып баргын сен,
Атаңдан калган Буурулду,
Аса байлап салгын сен,
Ошондо дүрбүңдү колго алгын сен,
Дүнүйө жүзү көрүнөт.
Жердин баарын чалгын сен,
Байкап карап олтур сен.
Дарыя сууну бойлогон ,
Сууга түшүп ойногон,
Жерге түшүп конбогон,
Тегеренип айланып,
Дарыя сууну бойлогон.
Алганыңдын жолдошу,
Ошону көрүп аларсың,
Ошондо көңүлүңө саларсың.
Чалкайып тоосу көрүнгөн,
Алооке жандын кериси.
Атышып ойноп бурулган,
Жылажын капкан немедей.
Дабышы башка угулган,
Мен чүрөктүн periси.
Бир кубулуп кубулат,
Ошерде көргөн адам шум болот.
Акылың айран бөлүнөт,
Атакең баатыр маркумду,
Жети алдаган шум эле,
Айдаркан кандын Токтосарт,
Адамдан чыккан куу эле.
Токтосарттын баласы,
Карагул деген бар эле,
Кабылып калсаң ошого,
Сүйлөшпөй башың алгын сен,
Башын алып салгын сен.
Сүйлөшүп койсоң кокустан,

Сени алдап алуучу,
Алдап жолго салуучу,
Ар кандай эбиң табуучу.
Баатырдын уулу көкжалды,
Акундун кызы Айчүрөк,
Колунан кармап капшырып,
Бир кудайга тапшырып.
Айкожого кеп айтып,
Кагылайын баатырлар,
Аттангыла деп айтып.
Баатыр менен коштошуп,
Айткан сөзүн токтотуп.
Кайнисине кеп айтып,
Абакең дардаң эси жок.
Ар кандай жүрө берчү эле,
Мен садагаң кетейин,
Капа болбо деп айтып.
Ак шумкарды салсаңар,
Куу өрдөктү алсаңар,
Төш этине тойдуруп.
Узун боосун алгыла,
Жаныбар Таласка учуп баргын деп,
Куйкусуна кут куюп,
Канатына кат жазып,
Коё бергин шумкарды.
Кеңколго өзү келет деп.
Кайрылып силер келгиче,
Багып турам шумкарды.
Төрөм келип салат деп,
Шуңкарың келсе алат деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ар жүргөнүн билгизип.
Жортуулга чыккан баатырды,
Эки чоро, бир төрө,
Баштап жүргөн бабасы,
Байгамбар сындуу агасы,
Колун сунуп кеп айтып,
Кош аман бол деп айтып.
Кандай заман күн болот,
Көңүлүңө ала жүр,
О кулунум Айчүрөк,
Кулагыңа сала жүр.
Атка тердик салышып,
Амандашып коштошуп.
Жолго чыккан берендер,
Айчүрөктөн кеп угуп,
Буудандарды токунуп,
Чатырларын бүктөшүп,
Тилгиремге жүктөшүп,
Шам казанын артышып,
Ала кийиз жайнамаз,
Акборчукка жүктөшүп.
Айчүрөккө кеп айтып,
Кош аман бол деп айтып.
Баатырлар жолго салган жер,
Бата берип жөнөтүп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Таласты көздөй бет алып,
Кайра келип калган жер.
Айчүрөк тилин алабы,
Манастын уулу Семетей,
Тилин алчу балабы.

## АЙЧҮРӨК МЕНЕН КОШТОШУП ТӨРТ БААТЫРДЫН ЖОЛГО ЧЫГЫШЫ

Ак куранды жайышып,
Арстан тууган төрт берен,
Атасынын жолдошу,
Куран окуп алышып.
Колдор бекен арбак деп,
Бээжинди көздөй бет алып,
Берендер жүрдү жарашып.
Башында селде казандай,
Арстан Бакай баатырдын,
Карып калган чагында,
Каканды барып көрөм деп,
Катарым жетсе өлөм деп,
Бээжинди барып көрөм деп.
Бээжинде турган чоң манжуу,
Бир беттешип кошулсак,
Арманым жок дүйнөдөн.
Ажал жетип күн бүтсө,
Кимдер тирүү жүрбөсүн,
Чатыры бар жүктөгөн,
Арстан Бакай эр баатыр,
Минген аттан түшпөгөн.
Шабырдагы балыктай,
Шалкылдаган эки кул.
Айбалта менен кылычтай,
Жаркылдаган эки кул.
Алтын желек сыр найза,
Баатырдын уулу дардаңдын,
Анын иши бир башка.
Алтын тээк болот ок,
Эки жинди колу шок,
Тартып ойноп келатат.
Астынан айбан кабылса,
Атып ойноп келатат.
Улуу жолго салышат,
Жолго чыккан төрт баатыр,
Башта мында келе элек.
Абасы мурда көргөн жер,
Эр Семетей баатыр эр,
Эки чоро жиндилер,
Ысык-Көлдү көрө элек.
Абасынан кеп сурап,
Бала төрө Семетей,
Мелтиреген кандай суу,
Агып жаткан жери жок,
Кандай сонун деп сурап.
Абасы Бакай кеп айтат,
Алганың Чүрөк жолдошуң,
Айтпады беле деп айтат.
Дайра келсе көл болот,
Ысык-Көл деген көл ошол.
Абасы салкын жел болот,
Айланып учуп алганбы,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кагасына салганбы,
Каттап алып барганбы.
Көлдү көрүп таңданып,
Каз-өрдөк учуп какылдап,
Аңыры учуп аңкылдап,
Балыгы сүзүп шаркылдап,
Куусу жүрөт куркулдап,
Көлдүн үстү былкылдап,
Канаттуу батпайт шылкылдап.

Эки чоро, бир төрө,
Мындан мурун көрө элек,
Көлдү көрүп таңданып.
Айланайын абаке,
Айчүрөк айткан кеп эле,
Олуя шайык коюлган,
Белгилүү мазар деди эле.
Андан аттап өтпө деп,
Конбой өтпөй кетпе деп,
Айчүрөк айткан кеп эле,
Ошо жери кайсы деп.
Жинди чунак чоролор,
Бакайдан сурап турду эле.
Бастырып ага барабыз,
Мына бул көлдүн ичинен,
Балык сайып алабыз,
Каз-өрдөктү аткыла,
Ак куржунга каткыла.
Барып түнөп өтөбүз,
Куран окуп кетебиз.
Агасы Бакай айтты эле,
Көлдү бойлоп жээктеп,
Балык сайып Семетей,
Кайра байлап капшырып,
Канжыгага тапшырып.
өрдөк менен каздарды,
Көлдө жүргөн кууларды,
Чоролорго аттырып.
Бакайдын тилин алды эми,
Манжаларга барды эми,
Чатыр тигип салды эми.
Балык салып бышырып,
Канаттуу жүнүн жулдуруп,
Канкордун уулу Семетей,
Алакан жайып кат окуп,
Ак куранды жат окуп,
Куран окуп түшүрүп.
Чүрөктүн айткан кеби деп,
Конуп өткүн деди деп,
Качан муну көрдү деп.
Тараза жылдыз батканда,
Таң агарып атканда,
Азан айтып аңылдап,
Арстан Бакай абасы,
Теспеси бар колунда,
Селдеси бар башында.
Бала чоро жиндилер,
Ыргып кобо калышып,
Даараттарын алышып,
Башына селде чалышып.
Манастын уулу Семетей,
Кабыл кылып ишини.
Атасы Манас эр канкор,
Чокчо сакал урду жүз,
Алмамбетти ээрчитип,
Атасы кирди түшүнө.
Түшүнө кирип кеп айтат,
Текеберлүү кысталак,
Айчүрөк кебин таштаба,
Кон деген жерден аттаба,
Акеңди сыйлап жүр,
Атасы айтып түшүндө.
Баатырдын уулу Семетей,
Эки чоро бир кары,
Ыйман болуп зоңкоюп,
Кыбыла карап чөк түшүп.
Бармак менен кыдыртып,
Сөөмөй менен сыдыртып,
Зикир кылып бой коюп.
Алаканын жайышып,
Атам кирди түшүмө.
Алмамбет менен Манаска,
Куран окуп алышып.
Эки чоро бир төрө,
Тамактанып тоюшуп,
Буудандарды токунуп,

Куран окуп олтуруп.
Чатырларын бүктөшүп,
Аттарына жүктөшүп.
Ысык-Көлдү төбөлөп,
Аттанып жолго алышып,
Атты айдап алышып,
Ысык-Көлдү бойлошуп.
Эки чоро жиндилер,
Оодарышып ойношуп.
Асты жагын карашса,
Адыры бар көрүнгөн,
Аркар кулжа бөлүнгөн,
Буткулу бар бөлүнгөн,
Бугу-марал көрүнгөн.
Адырдын чөбү суюлуп,
Аркар-кулжа аралаш,
Көлгө кирди чубуруп.
Будурдун чөбү суюлуп,
Бугу-марал топтошуп.
Бүрдөгөн бадал чөбүнөн,
Башынан үзүп оттошуп.
Аларды көрүп таңданып,
Жолоочулар таңдалып.
Башта, мурун келе элек,
Бакайдан башка көрө элек.
Манастын уулу Семетей,
Элди көрүп таң калып.
Бая болуучу жер алыс,
Атты катуу айда деп,
Биз ушинтип жай жүрсөк,
Бээжинге кантип барабыз,
Кантип кабар алабыз.
Дабулбасын карс уруп,
Камчы менен чапканда,
Тоо кулаган немедей,
Чымын консо зың эткен,
Капчыгай учуп заңк эткен.
Добулбасын каккылап,
Манастын уулу баатырдын,
Камчысынан чапкылап,
Эки сууну кечти эле,
Үчүнчү жерге жетти эле.
Айланайын абаке,
Бу Күлчоро иниси,
Аттын оозун бурду эле.
Бала төрө баатырга,
Күлчоро айтып турду эле.
Жери сонун бир башка,
Айланайын абаке,
Сен шашасың турмушка,
Айчүрөк айткан кеп эле,
Астынакай бел деген,
Тал-мазары бар деген,
Пир түнөгөн жер деген,
Ошого түнөп өткүн деп.
Шашакаланды кондуруп,
Добулбасты аласың,
Жоо көргөндөй чабасың.
Чоро айтып турганда,
Кызыталак оңбогур,
Катындын тилин алчу эмес,
Карыш жерге бир конуп,
Көбүрүп жатып калчу эмес.
Ушул белден өтөмүн,
Үч-Терекке жетемин,
Кош түшүрүп кономун,
Ошерге өрүү боломун.
Манастын уулу Семетей,
Арам өлгөн иттерди,
Айдагыла аттарды.
Белдүү жерге барбасак,
Катындын тилин алганда,
Карыш жүрбөй жай жүрүп,
Кокуй жатып калганда,
Бээжинге кантип жетебиз.
Манастын уулу Семетей,

Күлчоро айтса күүлөнүп,
Тилдеп койду сүйлөнүп.
Шатырата ат айдап,
Аттарды катуу бек айдап.
Семетейге таарынып,
Атка камчы салган жер.
Катуу айдап аттарды,
Балдар жөнөп калган жер,
Тал-Мазарга барган жер.
Жана Чоро кеп айтат,
Ай абаке Семетей,
Биз жөнөйлү деп айтат.
Семетей кайта сүйлөнүп,
Күлчорого күүлөнүп,
Бир жыгачка тайынып,
Конгонубуз болбойт деп.
Үйдө калган катындын,
Айтты деп тилин алгыча,
Карыш жерге жол жүрбөй,
Конуп жатып калгыча,
Эмне жолго салабыз,
Биз жортуулга барабыз.
Карыш жерге бир консок,
Жортуп жүргөн жоо болсо,
Чамында жүргөн эр болсо,
Биз сабылып калабыз.
Абасы келет былк этпей,
Кантээр экен эсер деп,
Арстан Бакай кыңк этпей.
Айчүрөк тилин алган жок,
Ал жерге конуп калган жок.
Мына бу буудандарды кууган жер,
Жолго салып кууган жер.
Катындын тилин албаймын,
Карыш жерге бир конуп,
Минтип жүрүп Бээжинге,
Эки жылда барбайм деп.
Канкордун уулу Семетей,
Карабады тууганга,
Камчы басып бууданга,
Көт жагымдан келгин деп,
Бастырып чалгын чалам деп,
Түнөчү жерди табам деп.
Баатырдын уулу эр Семең,
Буурулга камчы салды эми,
Бакай менен балдардын,
Бөлүнүп жүрүп калды эми.
Алтын ооз каркыттан,
Оозу менен алышып,
Канкордун уулу Семетей,
Канаттуу менен жарышып.
Эки тизгин бир чылбыр,
Эки колдо карышып.
Эр Семетей кайран шер,
Эки кулга кеп айтып,
Жол чаламын деп айтып,
Семетейдин шашканы,
Абасы менен балдарды,
Артына төрө таштады.
Астындагы Буурул ат,
Эти кызып калганда,
Таманы жерге тарсылдап,
Болоттон кылган ооздук,
Таңдайында карсылдап.
Алтын така болот мык,
Туягында жаркылдап,
Айры ташта жаркылдап.
Куюшкандын кошкону,
Соорусунда шартылдап,
Боз дөбөгө жетти эми.
Айдалыда ак келте,
Аны колго алды эми.
Алтын желек сыр найза,
Терекке жөлөп салды эми.
Алтын айдар чоң олпок,
Чоң далыдан алды эми,

Мойнунан чечип салды эми.
Кара чокту ай балта,
Кармап колго алды эми,
Карабалы тар күрмө,
Белден чечип салды эми.
Манастын уулу Семетей,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Белгилеген жер эле,
Ошо жерге барды эми.
Айчүрөк тилин алган жок,
Манастын уулу Семетей,
Минип алган бууданды,
Табы катуу суутуп,
Аса байлап салган жер,
Акккаңкыны алган жер.
Артымдан балдар келет деп,
Келип тамак берет деп,
Жөө басып айланып,
Тегерегин чалган жер.
Чөбү сонун бурулуп,
Алма кишмиш көң болуп,
Жыгачынын түбүнө,
Калган экен дөң болуп.
Кызыталак оңбогур,
Ара жерге коном деп,
Айткан кебин карачы,
Жемиши жерге гүлдөгөн,
Ченине адам келбеген,
Жер сорусу экен деп.
Эч болбосо бул жерге,
Ат күттүрүп откоруп,
Алты конуп өтөм деп,
Манастын уулу Семетей,
Айбалтасын таянып,
Ары-бери баскан жер.
Чалып турган чалгынчы,
Карап турган кароолчу,
Жол кайтарган көсөмдөр,
Жоо бөрүсү эчендер,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Кырдан дүрбү салыптыр.
Үч-Теректин  түбүнө,
Манастын уулу баатырдын,
Барганын көрүп алыптыр.
Манастын уулу экен деп,
Же Манастын элиби,
Бакай деген бар деген,
Шолор чыгып келдиби,
Бакай болсо кан келбейт,
Басташып киши чак келбейт.
Манастын уулу Семетей,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулуна тең болуп,
Эпейип атка мингенби,
Жортуулга чыгып келгенби.
Адис болуп жол көрүп,
Жер тааныйын дегенби.
Бурамасын имерип,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Оң колуна алган жер,
Ондон-солдон салган жер.
Жаңгыз жаткан баатырга,
Он төрт буудан ат айдап,
Эки чоро, бир кары,
Үчөө кирип барган жер,
Аттан жүгүн алган жер.
Чатыр тигип жай жатып,
Тамак-ашын жайнатып,
Куржун оозун сөктүрүп,
Тамак-ашын төктүрүп.
Жолго алган азыгы,
Кечээ кырк шейитти тайыган,
Жегенинен калганын,
Ак куржунга салганын,
Азык кылып алганын.
Казы-карта жалы бар,

Түрдүү тамак даамы бар.
Балларга атты айдатып,
Чайнеги бар жанында,
Чайнекке чайын кайнатып,
Чорого казан астырып,
Казы-карта алыптыр,
Жан казанга салыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Кош түшүрүп туу тигип,
Жайкын жатып алыптыр.
Эр Мурадыл көрүптүр,
Манастун уулу экен деп,
Өжөр өскөн неме экен,
Ажыратып атынан,
Атып алып кетем деп.
Жайчысы бар жаныныда,
Асмандан булут бөлүнтүп,
Жерге мөндүр төгүлтүп,
Кар борошо сыдыртмак,
Жайчыларга жайлатып.
Күн бүркөлүп тутулуп,
Күндүн көзү бузулуп,
Сыдырмак шамал бек жүрүп,
Борошолоп бурулдап,
Ак токтобой алкынып.
Кудай бетин көрсөтпө,
Кыңылдашып туйлашып,
Байлап койгон жыгачты,
Жара тиштеп кыйратып.
Аттарга жабуу жаптырып,
Манастын уулу дардаңдап,
Чоролорго бактырып.
Кайраты бар Күлчоро,
Агасы менен Бакайга,
Төшөк салып астына,
Каңкы жаздап башына,
Эки агасын жаткырып.
Отун алып от жагып,
Ай балтасын тагынып,
Алма башын асынып,
Кылычын белге чалынып,
Кош кайтарып камынып,
Эр Мурадыл чоң кытай,
Батынып колун сала албай,
Алапайын таба албай,
Күлчоро түрүн көргөндө,
Батынып жакын бара албай.
Топ киши бар жанында,
Күлчоро атты баккан жер,
Мурадыл аңдып жаткан жер.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Отту мыктап жаккан жер.
Көрүнүп калсак болбойт деп,
Көзү кандуу колу шок,
Капырай Күлчоро деген бар деген,
Ошол бала болбосун,
Көрүнүп калсак көзүнө,
Кабылып калсак өзүнө,
Майып кылып койбосун.
Чорону көрүп чочушуп,
Баланы көрүп коркушуп.
Таңга жуук болгондо,
Канчоро уктайт былк этпей,
Семетей жатат ырп этпей.
Арыстан Бакай абасы,
Өзү минген бууданга,
Өрө чидер салыптыр,
Балдар табын билбейт деп,
Өзү багып калыптыр.
Семетейдин Буурулу,
Тушоо салып баймактап,
Эки бутун бек тушап,
Салган экен бутуна,
Темир кишен салыптыр.
Таңга жакын болуптур,
Баскан туман ачылып,

Жааган күнү басылып.
Семетейдин бууданы,
Атаңдын көрү катуу күн,
Күлчоронун Суркоён,
Сууту канып тургany.
Таң шоокуму көрүнүп,
Баскан туман бөлүнүп,
Таң агарып сөгүлүп.
Бала чунак Күлчоро,
Аттын сууту канды деп.
Жамгыр жаап чөп бышып,
Жакшы болуп калды деп,
Аттар тоюп алсын деп,
Ыраңдуу чөптөн чалсын деп.
Чөбү жумшап суу болуп,
Үстү бутак буу болуп.
Аттар оттоп тойсун деп,
Кайтарып турган Кулчоро,
Атаңдын көрү караңгүн,
Агытып ийди бууданды.
Кайдан билет катыгүн,
Мурадыл аңдып турганды.
Талгандуу чөптөн үзбөгөн,
Чалчыктуу суудан ичпеген,
Башын жерге салды эми.
Атаңдын көрү катыгүн,
Суркоён баштап калды эми,
Суркоёнду баш кылып,
Аңдып турган Мурадыл,
Аттарды тийип алды эми.
Кырымдын уулу Мурадыл,
Канкордун уулу Семетей,
Айчүрөк тилин алган жок.
Бээжинге жортуул баралбай,
Белине таңуу Күлчоро,
Айласын чоро таба албай,
Алма баш алып жүгүрүп,
Артынан чоро барганда,
Карагайды аралап,
Аттарды таппай калганда.
Канкордун уулу Семетей,
Эки кул деп күүлөнүп,
Чоролорго сүйлөнүп.
Атты багып мине албай,
Ат кадырын биле албай,
Аттанып жолго сала албай.
Көк талаага калтырдың,
Кызыталак эки кул,
Ушул жерде каласың.
Бала төрө кеп айтып,
Бир баралы деп айтып,
Ала көөдөн эсер кул
Атка тердик салгын деп,
Аттардын изин чалгын деп,
Артынан издеп баргын деп.
Аттардын изин чалбасаң,
Атты таап албасаң,
Сен биерден кайткын деп,
Тилди албай көрдүң деп,
Айчүрөккө айткын деп,
Таласка барып жаткын деп.
Абасы Бакай күүлөнүп,
Ачуусу келип төрөгө,
Семетейге сүйлөнүп.
Канкордун уулу Семетей,
Бууданына аттанып,
Ак келте мылтык асынып,
Аттардын изин таба албай,
Алдырган жоону ала албай.
Ошондо билди Семетей,
Оюна алып Семетей,
Ушу күндү көрдүм деп,
Ысык-Көлдү айланып,
Абакеси кан Бакай,
Аттанып чалгын чалгын деп.
Аталган жоонун артынан,

Сени ээрчип жортуулга,
Эминеге келдим деп,
Капа болуп кан Бакай,
Кош кайтарып жаткан жер.
Манастын уулу Семетей,
Канчалык жерди кыдырып,
Алдындагы Буурулду,
Кара терге чумултуп,
Ооздугун кемиртип,
Шилекейин куюлтуп,
Тегеректи чалды эми.
Шаша келген Семетей,
Аттарынан айрылып,
Жети конуп калды эми,
Жинди бала Күлчоро,
Таманын жерге чапкылап,
Талаага көзүн саткан жер.
Жөө жүрүп сенделип,
Аттардын изин тапкан жер.
Ат-Айгырдын жонуна,
Атты катып баккан жер.
Манастын уулу Семетей,
Айчүрөк айткан сөзүнө,
Өз капасы ичинде.
Бууданынан айрылып,
Тууганымдан айрылып.
Каражолтой канкорго,
Кайрылып кантип барам деп,
Кандай айла кылам деп.
Алты күнү ат издеп,
Ачка болуп буралып,
Айткан тилди албайт деп,
Абасынан уялып.
Абасы Бакай билиптир,
Эки чоро жиндилер,
Ок-дарысы койнунда,
Жоо жарагы колунда.
Эриксе элик атсын деп,
Кайра үйгө кайтсын деп,
Бурулса бугу атсын деп,
Ушу жерден кайтсын деп.
Аттанып жолго салалы,
Эч болбосо манжуунун,
Куу өрдөгүн алалы,
Ак кулжасын аталы,
Экөөн алып кайталы.
Балдар кете берсин деп
Арстан Бакай абасы,
Акыл таап кеп айтып,
Биз баралы деп айтып,
Капа болгон канкордун,
Кабагын ачып кеп айтып,
Балдар барсын деп айтып.
Жан казанын астырып,
Балдарына тапшырып,
Бакай менен Семетей,
Азыктарын артынып,
Аттын жоого салган жер.
Канчоро менен Күлчоро,
Как талаада калган жер,
Эки чоро эр Бакай,
Бала төрө Семетей,
Балдар калды талаада.
Семетей Бакай жол жүрүп,
Жоо-жарагын артынып,
Жолго салып жөнөдү.
Кызыл-Кыя тал чоку,
Белге салып жөнөдү.
Жайык талаа сары түз,
Жерге салып жөнөдү.
Кызыл-Кыя бел ашып,
Сары талаа жер басып,
Алтын аяк, Көкчолок,
Кан казанат Тайбуурул,
Манастын уулу Семетей,
Ак шумкары колунда.

Эр Семетей кайран эр,
Айчүрөктүн айтканы,
Ошондо түштү оюна.
Абасынан кеп сурап,
Жол кайтарып жер чалган,
Өрдөгү бар дечү эле,
Ошо кайда деп сурап.
Бала төрө Семетей,
Бакайдан сурап турган жер.
Бөөт-бөөт кара көл,
Күндүн көзү көрүнбөй.
Каз-өрдөк качып калды эми,
Алтын баштуу шум чүрөк,
Канатын жайып калкылдап,
Куйругун жайып тырпылдап,
Канча атса туйган жок.
Башын сууга салыптыр,
Ар кайсы жерден жылт этип,
Жекендин башы кылт этип,
Куу өрдөк учпай калыптыр.
Алдырбайт экен өрдөк деп,
Семетей токтоп калыптыр.
Куу өрдөктү албасак,
Биз бекерден кайталы.
Куу өрдөк алдырсак,
Улуу жолго салалы.
Болобу уруш болбойбу,
Анан Бээжинге жакын баралы.
Куу өрдөк кетсе кутулуп,
Калабыз анда бузулуп.
Шумкарды мага бергин деп,
Барандын үнүн баскын деп.
Ар кайсы жерде көрүнсө,
Алтын жаа менен аткын деп,
Айтып турат баатырга.
Алтын жаак болот ок,
Бала баатыр эр төрө,
Жаа тартып атып турган жер.
Өрдөктү атып ала албай,
Өз айласын таба албай,
Канкордун уул Семетей,
Кайрылып мойнун бурган жер,
Бакайга айтып турган жер.
Семетей айтып турганда,
Атыңы алып мингин деп,
Мелейиңди алгын деп.
Колуңа кармап шумкарды,
Тетиги турган шабырга,
Ошо жерге баргын деп,
Мелейи жок салба деп.
Балтырында чагарак,
Кокустан илип алба деп,
Куу өрдөктү чыгарып,
Бөөдө убалга калба деп.
Мен да атып көрөйүн,
Мына ак шумкарды берейин.
Узун боосун алгын деп,
Кыска боодон бек кармап,
Кудай берип куу өрдөк,
Оболоп учуп калганда,
Шумкарды анан салгын деп.
Ошондой ишти көп кылып,
Адис болгон абасы,
Ак чыбык колго алган жер.
Ак чыбык менен бир атып,
Алтын жаак болот ок,
Кошо атып чубатып,
Кошто жүргөн өрдөктү,
Баарын атып кыйратып.
Аткан окко чыдабай,
Башын сууга ката албай,
Алтын баштуу шум чүрөк,
Айланып учуп калган жер.
Бакайдын тилин албаган,
Кара мүртөс оңбогур,
Куу өрдөк учуп калганда,

Ак шумкарды ыргытып,
Оң бутундагы чагарак,
Ортоң колго илиптир,
Каргып турган шумкарды,
Коё берем дегенде,
Чагарагы илинип,
Буурул аттын башына,
Ак шумкар келип тийиптир.
Куйругун жайып далдайып,
Ак шумкар жатып калганы.
Асмандан учуп куу өрдөк,
Кутулуп жолго салган жер.
Көк чолокту камчылап,
Көзүнүн жашын тамчылап,
Эмине болуп калды деп,
Баатыр Бакай абасы,
Семетейге барган жер.
Оозун ачып ырсайып,
Тумшугу менен жер сайып,
Канаты жерге сайылып,
Куйругу жерге жайылып,
Шумкар жатып калыптыр.
Эмне болуп калды деп,
Арстан Бакай барыптыр,
Көкөлөп учуп чыкканда,
Көтөрүлүп учканда,
Күүлөп кушту ыргыттың,
Оң бутунда чагарак,
Ортосуна илинип,
Атка тийип калды эми,
Абасына айткан кеп.
Кой-кой десе болбойсуң,
Кой-койдун тилин албайсың чунак,
Куу өрдөк кетти кутулуп чунак,
Бээжинге жортуп барбайсың.
Бээжинге жортуп сен барсаң,
Айтканча тилди албайсың чунак,
Мээлейин десе болбойсуң чунак,
Тилимди алып койбойсуң чунак,
Минтип бир жүрсөң оңбойсуң чунак.
Шумкарды колго алып Бакай,
Канатынан үч сылап,
Канатынан суу чыгат,
Тумшугунан буу чыгат.
Ак шумкарга чокутуп Бакай,
Карым эт тартып үч чокуп шумкар.
Канатын жайып алган баатыр,
Кармап бир турган Бакайдын баатыр,
Колунда турган жымыйып шумкар,
Жымырылып калган жер шумкар.
Эмнени көрдү деп Бакай,
Кайра тартып айланып,
Канатты күүлөп конгон жок.
Кара мүртөс оңбогур,
Адамдын тилин албаган,
Өз оюна келгенди,
Башка жанга бербеген.
Сааттууга кабылып,
Алат эле өрдөктү,
Каражолтой канкордун,
Калган экен катүгүн,
Ортонуна чалынып.
Капа болуп кан Бакай,
Кайгырып ыйлап турганы.
Алтын канат жез канат,
Колундагы акшумкар,
Канатын жайып каккылап,
Куйругун жайып жымырып.
Арпанын башы туюктан,
Ак жумуртка уюктан,
Атасы Манас алыптыр.
Артына калган жалгызга,
Атасынын керези,
Эрмек болуп калыптыр.
Эмне болсо барсын деп,
Чычканда болсо алсын деп,

Коё берди шумкарды,
Шумкар колдон чыкканда,
Көтөрүлүп учканда,
Канатынан үн чыгып,
Куйругунан буу чыгып,
Чалгынынан чуу чыгып,
Аткан октой жымылдап.
Кудай билет чын болсо,
Бээжинди көздөй бет алып,
Ак шумкар учуп жөнөдү.
Өрдөктү көрүп алды деп,
Жана колдо кармап турганда,
Шуңкардын көзү чалды деп.
Айланайын жаныбар,
Куу өрдөктүн артынан,
Ак шумкар учуп калды деп,
Берер бекен кудай деп.
Эрдигиң бар эсиң жок,
Эштеме менен ишиң жок,
Ар качандан бир качан,
Саласың башка убай деп.
Арстан Бакай арданып,
Кыл муруту кылайып,
Капа болуп турганда,
Семетей турат муңайып.
Семетей менен Бакайды,
Ушу жерге таштайлы.
Айбанда болсо жаныбар,
Ак шумкардын кылганын,
Ушу жерден баштайлы.
Үч-Алынын кара тоо,
Жерге койбой ак шуңкар,
Күүгүм кире күн бата,
Тамак иче эл жата,
Мунарык учкан бай терек,
Жапырагы жапырап,
Башынан жайын күйөт жаркырап,
Пери ойногон жер эле,
Шумкар барып конду эле.
Оноп турган перилер,
Канаттуу учуп келбеген,
Кандай келип конду деп.
Адамзат колуна,
Конуп чыккан куш экен.
Чарым тартып жем чокуп,
Токтоп чыккан куш экен.
Таң атканча барабы,
Же түндө кетип калабы.
Пери барбы жар кылып,
Ак шумкарга таң кылып.
Тараза жылдыз атканда,
Таң кылайып жатканда,
Коңуроосу шаркылдап,
Канатын жайып калкылдап,
Шумкар учту жаркылдап.
Аскер ойноп чыгарда,
Элдин асты турарда,
Бактын башын кыдырып,
Талдын башын сыдырып.
Оң канаты бурулуп,
Шаңгыраган коңургоо,
Турган элге угулуп.
Ар демени көргөндө,
Бээжинге кабар бергенде,
Куу өрдөк барып конуучу.
Көөкар коюп канаткан,
Жакут таштан бастырган,
Тышына алтын жаткырган.
Айза бою күч келген,
Белгилеген жер эле.
Кароолдогу куу өрдөк,
Ошо жерге келчү эле,
Бээжинге кабар берчү эле,
Барып конуп калчу эле,
Өрдөктөн кабар алчу эле.
Семетейдин шумкары,

Жер жарылып күн чыга,
Куу өрдөк кончу кароолго,
Барып конуп калыптыр.
Алып адам жүргөндөй,
Адамдын тилин билгендей,
Мурун конуп жүргөндөй,
Чокуп жемин жегендей.
Семетейдин шумкары,
Ошондо өрдөк бара элек,
Башын катып мойнуна,
Куу өрдөк кончу ордуна,
Ак шумкар конуп алган жер.
Куу өрдөк артта калганын,
Артына учуп келер деп,
Ак шумкар тосуп калган жер.
Эл жыйылып турганда,
Аскер чыгып шоодурап,
Шөлбө чапан бели узун,
Этеги тар жеңи кең,
Алтын айдар шуру чок,
Ордо кыздар топтошуп,
Бирин-бири коштошуп,
Жонго чыгып калганда.
Дабышы чыгып даркылдап,
Өрдөк учуп барганда,
Өрдөк учуп келди деп,
Бирдемени көрдү деп,
Кулак салып жарданып,
Карап калды таңданып.
Канатын жазып жайылып,
Куйругу менен сайылып,
Кончу жерге барды эми.
Тосуп турган ак шумкар,
Шар дедире өрдөктү,
Ошерден илип алды эми.
Жогдоруна салды эми,
Куу өрдөктү бөктөрүп,
Теректин башын сындырып,
Багынын башын кыдырып,
Куу өрдөк барат зырылдап,
Канатын кармап капшырып,
Болот текер үч тырмак,
Жүрөгүнө батырып,
Куу өрдөктү бөктөрүп,
Мыкчый кармап өлтүрүп,
Кайра тартып алган жер.
Бу кудайдын бергени,
Бээжинге кабар бергиче,
Акшумкар тосуп алыптыр,
Астынан тосуп калыптыр,
Тил түшүрбөй Бээжинче,
Акшумкар кармап бөктөрүп,
Алып кетти өрдөктү.
Өрдөк десе кушу жок,
Кандай шумдук болду деп,
Кандар карап таңданып,
Какан менен Бээжиндин,
Калкы карап таң калып.
Адамдын тилин албаган,
Бул атасынын арбагы,
Баатырдын иши бузулган,
Тил түшүрбөй Бээжинге,
Акшумкар албай кутулган.
Сары жайык талаага,
Саргайып өңү бузулуп,
Атаңдын көрү катуу күн,
Куу өрдөк кетти кутулуп.
Ак шумкар кетти артынан,
Ак шумкар кайта келеби,
Айланайын абаке,
Шумкарды кудай береби.
Атаңдын көрү катыгүн,
Жетим жүрүп жетилген,
Жаныңдагы жалгызың,
Ушинтип жүрүп өлөбү,
Айланып үйүн көрөбү.

Абасына кеп айтып,
Ошондо сыздап турат Семетей.
Тетиги мунарып турган эки жар,
Жараткан кудай жар болсо,
Колуңа дүрбү алгын деп,
Ошерге дүрбү салгын деп,
Тегерегин чалгын деп.
Арстан Бакай абасы,
Берер бекен кудай деп,
Ошерден белги көрбөсөң,
Оолукмалуу жинди элең,
Ошондо тарткын убай деп.
Бала төрө Семетей,
Бакайдын тилин алыптыр,
Семетей дүрбү салыптыр.
Дүрбү салып караса,
Ошо күнү кечинде,
Кеч убагы бешимде,
Семетей менен Бакайдын,
Амастары кезинде.
Чыгырыгын имерип,
Манастын уулу Семетей,
Чындап көлгө жүгүрүп.
Чагарагын имерип,
Бала төрө Семетей,
Чактап көзгө жиберип,
Бакайдын тилин алыптыр,
Семетей дүрбү салыптыр.
Дүрбү салып караса,
Канаты жерге сайылган,
Оң мүрүсүн көтөрүп,
Куу өрдөктү бөктөрүп,
Ак шумкар чыкты калдактап.
Канаты талып калыптыр,
Баштагыдай уча албай,
Салмагы алтын өрдөктү,
Көтөрө албай далдактап,
Кара жолдун боюна,
Тегеренип конгон жер.
Кагылайын абаке,
Чуңкур өңдүү көрүнөт,
Кара жору алганбы,
Көтөрө албай калганбы.
Кагылайын абаке,
Буурул атты минейин,
Муну барып көрөйүн.
Семетей атка мингиче,
Арстан Бакай абасы,
Көкчолокту моюндап,
Кудай берген экен деп,
Ок-дарысын коюндап.
Кара атка камчы басканда,
Каргадай учуп кетчү эле.
Абасы Бакай кайран эр,
Шумкарга мурун жетти эле.
Жем басарын баса албай,
Акшумкар чарчап калыптыр.
Этинен чокуп тарта албай,
Төш этин чокуп оё албай.
Күнү-түнү эки күн,
Өтүп кеткен арадан.
Куш табынан өтөт деп,
Табын Бакай билчү эле,
Бакай таптап жүрчү эле.
Барды Бакай жанына,
Болот текер үч тырмак,
Өпкөсүнө салыптыр.
Адамга тилмер куу өрдөк,
Эчак өлүп калыптыр.
Бу кудайдын бергени,
Эчак кеткен өрдөктү,
Шумкардын алып келгени.
Өрдөктү шумкар алганда,
Ак шумкар алып барганда,
Кудай берет экен деп,
Семетей чуркап далдактап,

Өрдөктү алса салмактап,
Салмагы оор алтындай.
Айланайын абаке,
Ак шумкар кантип алды деп.
Салмагы оор чоң экен,
Бул өрдөктү бөктөрүп,
Кантип алып келди деп.
Анда Бакай кеп айтат,
Кечээ Айчүрөк айткан кеп эле,
Көлдө жаткан куу өрдөк,
Ошого сак бол деди эле.
Өрдөктү шумкар алганы,
Асмандап кеткен өрдөккө,
Артынан шумкар барганы,
Бээжинге кончу жеринен,
Шумкарды тосуп калганы.
Баякы жүргөн Семетей,
Мына атакең Манас арбагы.
Өрдөктү шумкар алганы,
Бул Айчүрөктүн жардамы.
Манастын уулу Семетей,
өрдөктүн башын ал деди.
Тумшугун көсөп өрдөктүн,
Капчыгыңа сал деди,
Жемсөөсүн жарып ой деди,
Бул өрдөктү сой деди,
Канатын катып кой деди.
Жемсөөсүн жарып карасаң,
Ошондон белги көрөсүң.
Жемсөөсүн жарып караса,
Жемсөөсүнүн ичинде,
Бармагын басып койгондой,
Адам тилин билбеген,
Жазып койгон каты бар.
Адамдан чыгат ар кандай,
Окуп алып Семетей,
Баатыр Бакай караса,
Коңурбайдын аты бар.
Арстан Бакай Айкожо,
Акшумкар алган өрдөктү,
Семетейге сойдурса.
Мээсин алып кан Бакай,
Акшумкарга чокутуп.
Ак шумкар чарчап калыптыр,
Куу өрдөктү бөктөрүп,
Бээжинден алып барыптыр.
Канатын жайып калдайып,
Куйругун жайып далдайып,
Семетейдин ак шумкар,
Канатын тартып силкинип.
Чокуй албай жем берсе,
Манастын уулу Семетей,
Көрдү өрдөк салмагын,
Оюна түштү баатырдын,
Айчүрөктүн жардамын.
Манастын уулу Семетей,
Айтканын ката көрдүм деп.
Кечирер бекен кудайым,
Катыным деп урдум деп.
Жан казанын асышып,
Бакай менен Семетей,
Тамактанып жатышып.
Эрдиги бар эси жок,
Манастын уулу Семетей,
Балдар менен иши жок.
Акылы бар эси жок,
Манастын уулу Семетей,
Алар менен иши жок.
Айчүрөк айткан кеп эле,
Шумкарга өрдөк алдырсаң,
Узун боосун алгын деп,
Жанчыгыңа салгын деп,
Сактап катып алгын деп.
Колуңа алып шумкарды,
Таласка учуп барсын деп.
Бул Айчүрөк кеп айтат,

Куу өрдөктү алдырсаң,
Кое бергин деп айткан.
Канатына кат байлап,
Арстан Бакай абасы,
Айланайын жаныбар,
Айчүрөккө баргын деп.
Ак шумкар кайра келди деп,
Тилекти кудай берди деп,
Капасын Чүрөк жазсын деп,
Каныкей менен Чыйырды,
Бул экөөнө айтсын деп.
Кое берди шумкарды,
Асмандан учуп жылдыздап,
Ак шумкар учуп жөнөдү.
Айланып учуп Таласка,
Ак шумкардын барганы.
Канетсе шумкар келет деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Колуна далба алганы,
Шумкарды тосуп калганы.
Далба кагып Айчүрөк,
Дабышымды уксун деп,
Өз колума консун деп.
Далба кагып нукулап,
Бозжоргону минген жер.
Баатырымдын шумкары,
Кантсе бүгүн келет деп,
Жолун тосуп жүргөн жер.
Далба кагып турганда,
Канатынан чуу чыгып,
Куйругунан буу чыгып
Коңгуроодон үн чыгып.
Казга тийчү немедей,
Айчүрөктүн колуна,
Шумкар келип конгон жер.
Ак шумкарды кондуруп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кеңколдогу сарайга,
Кечке жуук барган жер.
Чоң энеси Чыйырды,
Өз энеси Каныкей.
Көсө куйрук тегерек,
Көп сүйлөсө не керек.
Каныкейдин кашына,
Акшумкарды кондуруп,
Барды Чүрөк кашына.
Катты алып окуса,
Айчүрөк тилин албаптыр,
Катка жазып коюптур.
Айчүрөк тилин албастан,
Конбо деген жерине,
Семетей болбой конуптур.
Буудандардан айрылып,
Ээн талаа эрме чөл,
Эки бала калыптыр.
Эр Семетей, кан Бакай,
Балдарды таштап талаага,
Чалың экөөн барыптыр,
Биз ушинтип калдык деп,
Арстан Бакай жазыптыр.
Капа болбой жүрсүн деп,
Каныкейге айтыптыр,
Боз ала адыр төрү бар,
Бээжиндеги баатырдын,
Болжоп койгон жери бар.
Кара тоонун оюнда,
Ошо тоонун боорунда,
Агарып аткан кары бар.
Ошо кардын үстүндө,
Ала салып ойногон,
Ак чатырдай көрүнгөн,
Ак кулжасы дагы бар.
Куу өрдөктү алдырдык,
Тетиги төргө баралы,
Тегеректи чалалы,
Көрүнүп калса көзүңө,

Сазын туман салуучу.
Осуруп койсо ак кулжа,
Туман каптап калуучу,
Бээжинге качып баруучу,
Барып кабар салуучу.
Бээжинге кабар барганда,
Кулжадан кабар алганда,
Бээжиндин каны чоң манжуу,
Астын тосуп калуучу.
Арстан Бакай кеп айтып,
Абдан байка деп айтып,
Ак кулжа жаткан чоң төргө,
Семетей Бакай барган жер.
Арстан Бакай кеп айтып,
Абдан байка деп айтып.
Ак кулжа жаткан чоң төргө,
Семетей Бакай барган жер.
Арстан Бакай кеп айтып,
Ак кулжага барба деп,
Амалы бар ак кулжа,
Көрүнүп калсаң көзүнө,
Билинип калсаң өзүнө,
Куюн шамал салуучу,
Кутулуп кетип калуучу.
Мен барайын кулжага,
Тээтиги боз ала адыр керүүгө,
Өтүктү бурган чечейин,
Күүгүм кире күн бата,
Өңүтүнө жетейин.
Тараза жылдыз батканда,
Кулжалар оттоп жатканда,
Боорум менен жылайын,
Көк чыбыкты алайын,
Өзүм жакын барайын.
Берсе кудай тилекти,
Ошерден атып салайын.
Барайын дейсиң атпайсың,
Жаткан жерин таппайсың.
Бараңга байлап саласың,
Милтени чертип кыйратып,
Ак келте колго аласың.
Атып адис боло элек,
Сен мерген атка коно элек.
Ак кулжаны көргөндө,
Жаңып атып саласың.
Оосурса туман басуучу,
Эки мойнок кош кыя,
Ошону көздөй качуучу.
Ата албасаң кулжаны,
Кутулуп жолго салуучу,
Бээжинге кабар салуучу.
Айтып турса абасы,
Ай абаке, абаке,
Адис мерген боло элек,
Беттешкен жоону мен аттым,
Ак келтени ката аттым.
Кармашканды кан кылдым,
Ак келте менен жай кылдым.
Оозуна ок берип,
Ак милтеге чок берип.
Кара жору кашкалдак,
Муну атып түшүрдүм.
Суу бойлогон ак чардак,
Аны атып түшүрдүм.
Ой абаке кан Бакай,
Каркылдаган каз аттым,
Куркулдаган куу аттым,
Эчендерди кулаттым.
Аталбас атка кондумбу,
Мени менен аң уулап,
Аттанып кошо чыктыңбы,
Аталбайт деген кабарды,
Сен кишиден уктуңбу.
Мен дүрбүнү алайын,
Кулжалар жаткан жерине,
Айланасын чалайын,

Абыдан көрүп алайын.
Көрүп алып кулжанын,
Өңүтүнө барайын,
Ак кулжаны атайын.
Айланайын абаке,
Ак келте болсо атканың,
Дөбөдө болгон ак кулжа,
Аны кантип жазайын.
Бакай айтса болобу,
Мен барам деп Семетей,
Болбой мойнун толгоду.
Мейлиң барсаң баргын деп,
Өз оюна койгону.
Аталбайт деп ойлоду,
Семетей дүрбү салганы,
Ак кулжанын жанында,
Алтымыш эки кулжа бар.
Кулжадан башка көрүнөт,
Манастын уулу С еметей,
Жакын барып атам деп,
Дөбөдөй болгон кулжаны,
Муну кантип жасам деп.
Арстан Бакай абасын,
Ат коштотуп койгон жер,
Адис мерген өңдөнтүп,
Семетей бармак болгон жер.
Эки мойнок үч кыя,
Эр Семетей барган жер.
Боз ала борчук түбүнө,
Кулжалар жуушап калган жер.
Күүгүм кирди күн батты,
Жуушап кулжа тим жатты.
Манастын уулу Семетей,
Тараза жылдыз чыкканда,
Таң кылайып калганда,
Жанындагы кулжалар,
Жайылып чыгып калганда,
Ак кулжа жатат даңкайып.
Манастын уулу Семетей,
Айчүрөк айткан канча кеп,
Ак кулжаны көрсөң сен,
Күн чыгыш карап ал жатса,
Ок чыгарбай кайт деген.
Көргөнүңдүн баарысын,
Абаңа келип айт деген.
Күн чыгыш карап суласа,
Өңүп жакын бар деген,
Кулжаны атып ал деген.
Ала көөдөн неме элең,
Мылтыкты колго аларсың,
Алыс атып саларсың.
Абаң менен балдардын,
Убалына каларсың.
Байкап аткын деп айткан,
Семетей жазып саларсың.
Кулжанын качып каларын,
Абасы Бакай билген жер,
Ат жетелеп жүргөн жер,
Көк-Мойнокту ашкан жер.
Олуязаада абасы,
Көкчолок менен Буурулду,
Бутуна тушоо салган жер.
Кулжа каччу Көк-Кыя,
Бакай тосуп калган жер.
Көк чыбыкка от берип,
Көк милтеге чок берип,
Арстан тууган эр Бакай,
Өрттөй көзү кызарып.
Кемерди белге курчанып,
Баш аттарын бек кармап.
Ушул жерге келер деп,
Арстан Бакай кайран эр,
Бугуп жаткан ошол жер.
Семетей баатыр барган жер,
Кулжалар жытын алган жер,
Кулжалар үркүп калган жер.

Дөбөдөй болгон ак кулжа,
үркпөй жатып калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Чатырдай болгон кулжаны,
Ак келте менен бир коюп,
Алыс атып калган жер.
Осуруп ийип ак кулжа,
Даң салып качып калган жер.
Жөө туман басып адырды,
Ак кулжаны таба албай,
Артынан кууп бара албай,
Баатырдын уулу Семетей,
Тегеренип калган жер.
Ак кулжа үркүп даң салып,
Ак-Кыяга чаң салып,
Төрт аягы бүгүлүп,
Аска-аска зоолорду,
Суу агып жаткан коолорду,
Аттап-аттап жүгүрүп,
Көк -Кыяга жетти эми.
Көсөм Бакай абасы,
Көк чыбыкка от коюп,
Өрттөй көзү кызарып,
Кулжа жакын барганда,
Өрдөктөй мойну узарып.
Кыя тартып аттарды,
Оң мүйүздүн түбү деп,
Оң кулактын өзү деп,
Көк чыбык менен бир коюп.
Көтүнөн келген кулжалар,
Үркүп кетти дыр коюп.
Ак кулжаны сулатып,
Ак чатырдай кулжаны,
Көк-Кыядан сулатып,
Кара кушун жара атып.
Адистигин көрдүңбү,
Артынан барган кулжадан,
Эки кулжа дагы атып.
Ак кулжаны кулатып,
Эки кулжаны дагы атып,
Каптал ылдый жолголоп,
Кармап колго алды эми.
Алтын мүйүз ак кулжа,
Башын кесип салды эми.
Көк чыбыкты таянып,
Багуудагы аттарга,
Бакай басып барды эми.
Көкчолок менен Тайбуурул,
Шибер оттоп майсаңдап,
Аттар отко тоюптур.
Ак кулжа атып ата албай,
Бала чунак Семетей,
Ак кулжаны ата албай,
Туман каптап калган соң.
Аттарына жете албай,
Аккан сууну кече албай,
Тегеренип жөө басып,
Ак келтени таянып,
Акылынан адашып.
Абасына бара албай,
Же атын таап мине албай,
Бакай айтса тил албай.
Басса бели буралып,
Манастын уулу Семетей,
Тилин албай койдум деп,
Абасынан уялып.
Бутунан өтүк чечкен жер,
Манастын уулу Семетей,
Муздак сууну кечкен жер.
Сууну кечип өткөндө,
Өйүзүнө жеткенде,
Аркы белди ашканда,
Манастын уулу Семетей,
Өтүк кийип бутуна,
Эр Семетей басканда.
Боз ала кыя боз сеңир,

Чыгып барды дөбөгө,
Баскан туман ачылып,
Кантер экен бала деп,
Калды Бакай жашынып.
Бала төрө караса,
Боз ала жардын түбүндө,
Эки кулжа жанаша,
Кулаган жерин көрдү эми.
Манастын уулу Семетей,
Ашып-шажып барбактап,
Катуу басып дардактап,
Кулжаларга келди эми,
Бакайдын атып салганын,
Бала чунак билди эми.
Эр Семетей ойлонуп,
Баштаганы ак кулжа,
Кутулуп кеткен экен деп.
Бөлөк кулжа атыптыр,
Бөдө атканы бекер деп.
Өзү мерген өңдөнүп,
Көк-Кыянын ашуу бел,
Көсөм Бакай жатыптыр.
Ак кулжаны сулатып,
Андан кийин эр Бакай,
Эки кулжа атыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Көк-Кыянын бурчукка,
Салынган адыр тумшукка.
Семетей барып караса,
Ак чатырдай ак кулжа,
Сулап жатат ал жерде.
Абасы Бакай кулатып,
Кара кушун сыя атып,
Эки кулжа кошо атып.
Кулжаны барып караса,
Эки мүйүз ортодо,
Алтындан куюп бастырган,
Катты көрүп болк этип.
Манастын уулу Семетей,
Кетти чочуп солк этип.
Абакем аткан экен деп,
Менин бу кылганым бекер деп.
Эки жагын караса,
Көчүгүн коюп как ташка,
Көк чыбык мылтык таянып,
Көкжал Бакай олтурат.
Манастын уулу Семетей,
Бакайдын барды кашына,
Семетей барды астына.
Эки жол айтса тил албай,
Кечээ ак шумкарды салганда,
Чагарагын колуна,
Семетей илип алганда,
Шумкарды кууга урганда,
Ат башына тийгенде,
Абасы Бакай болбосо,
Шумкар жатып калганда.
Кутулуп кетип куу өрдөк,
Салбайт беле кабарды.
Куу өрдөк кетсе кутулуп,
Кудай билет Семетей,
Бээжинге жортуул барарды.
Ала көөдөн Семетей,
Бакайдын тилин алган жок,
Ак кулжа атып салган жок.
Айчүрөк тилин алган жок,
Айткан жерге конгон жок,
Семетейдин иши оңгон жок.
Как талаада кайгырды,
Адамдын тилин албаган,
Кулагына салбаган,
Манастын уулу Семетей,
Балдарынан айрылды.
Семетей басып барганда,
Кабагын бүркөн болкулдап,
Ошондо Бакай абасы,

Ыйлап ийди солкулдап.
Курдашым Манас не өлдүң,
Курбусунан айрылып,
Азаптуу күндү мен көрдүм.
Кумга сиңген экенмин,
Айткан тилди албаган,
Мен кудайга жазган бекенмин.
Теминип атка минбеген,
Теңдешип кошо жүрбөгөн.
Буйругу экен кудайдын,
Өз тукумуң Байтайлак,
Жаман чыгып калганы.
Ошондо Семетейге таарынып,
Ошондо абакем Бакайдын,
Айтып турган арманы.
Капа болуп кеп айтып,
Манастын уулу балага,
Арстан Бакай абасы,
Буругуп ыйлап кеп айтып.
Арстаным Манас барында,
Бууданды миндим чалкалап,
Душманды сайдым талкалап.
Манастын көзү өткөндө,
Тээк болуп бере деп,
Сени бактып аркалап.
Асыл Манас барында,
Алмамбет менен Чубакты,
Атактуу молдо Сыргакты,
Аркалап жүргөн чагымда,
Алардын көзү өткөндө,
Атаңдын көрү дүнүйө күн,
Ошондо өлбөй не болдум.
Эч кызматым татыбай,
Эмгекке башым малынып,
Эсер атка мен кондум.
Ак кулжа атып салганда,
Абасынын астына,
Семетей басып барганда,
Бала төрө чунактын,
Адамдын тилин албаган,
Канчоро менен Күлчоро,
Кошулуп кошо барбаган.
Арстан Бакай кайран эр,
Ошол ишин өткөргөн,
Өз мойнуна көтөргөн.
Кечээ куу өрдөктү аларда,
Ак шумкарды саларда,
Мелейин менен жүргүн деп,
Мелейди бекем кийгин деп,
Куу өрдөк учса куркулдап,
Шумкарды коё бергин деп,
Бакайдын тилин албаган,
Тил алып шумкар салбаган.
Абалап өрдөк учканда,
Ала көөдөн дардаңбай,
Мелейин кийип алган жок.
Оң бутуна илинип,
Шумкарды коё бергенде.
Өрдөктү көздөй жутунуп,
Чагарагы чалынып,
Ат башына тийиптир.
Тилин албай койгонун,
Абасы Бакай билиптир.
Ошону ойлоп зарылып,
Ак кулжаны атарда,
Абасы Бакай кеп айткан,
Мен барайын деп айткан.
Колуна дүрбү алганда,
Ак кулжа жаткан адырга,
Семетей дүрбү салганда.
Жаткан жерин билдим деп,
Оттогон жерин көрдүм деп.
Ак кулжаны оңойтун,
Топтоп жаткан топ кулжа,
Тобун даабайт көп кулжа.
Ак келте болсо колунда,

Бирден атып берейин,
Мен барам деп болгон жок,
Абасы Бакайдын тилин алган жок.
Ак кулжаны ата албай,
Бала чунак барган жер,
Ак келте менен бир коюп,
Алыс атып салган жер,
Ак кулжага ок тийбей,
Кулжа качып кутулуп.
Абасы Бакай барыптыр,
Астын тосуп калыптыр,
Качып чыккан кулжаны,
Кара кушун талкалап,
Бакай атып салыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Жөө басып дардактап,
Каттуу чуркап барбактап,
Абасына барыптыр.
Ак сакалын бурган жер,
Арман кылып абасы,
Семетей басып барганда,
Бакай ыйлап турган жер.
Канкордун уулу Семетей,
Балалыгы башында,
Каныкейге кошулуп,
Байкуш Бакай бу кургур,
Калбады беле жашында.
Манастын уулу Семетей,
Айчүрөк айткан азаты,
Ошондо түштү оюна,
Кагылайын аба деп,
Ачууң келсе ургун деп,
Акка мойнум сундум деп.
Капа болсоң ургун деп,
Канча айтсаң тил албай,
Өзүмө-өзүм кылдым деп.
Бооруна кучактап,
Сакалынан бек жыттап,
Манастын уулу Семетей,
Ыйлап ийген жери ошол.
Көзүнүн жашы бургактап,
Абасы Бакай кеп айтып.
Биз алыска сапар барабыз.
Сен ушинтип жүргөндө,
Чалгынды кантип чалабыз.
Биз Бээжинге бармакка,
Бел байладык арбакка.
Бээжиндеги калдайдын,
Мунун дайнын билмекке,
Боз ала туйгун болпоңум,
Жүргөнүңдөн коркомун.
Минтип жүрсөң барбайлы,
Аттарынан айрылып,
Талаада калган балдардын,
Убалына калбайлы.
Баатыр айтат эр Бакай,
Айланайын абаке,
Аттанган сапар жолуңдан,
Ак чыбык аткан колуңдан,
Чыкпаймын сенин оюңдан.
Кеңколдон жөнөп биз келсек,
Эчен жерди биз көрсөк.
Бээжинге барбай биз кайтсак,
Барбай калдык деп айтсак.
Тууганың жаман жоо эле,
Аргын,оңой шум эле,
Эки энесин ыйлатып,
Барам деп кошо калат деп,
Элим шылдың кылат деп.
Мен Бээжинге барбасам,
Кагылайын абаке,
Сенин тилиң албасам,
Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү жайык жер урсун.
Тилиң менен жүрбөсөм,
Кагылайын абаке,

Ушул шартым мени урсун.
Арстан Бакай абасы,
Аттарынан айрылып,
Артында калды баласы.
Ак кулжаны союшуп,
Жан казанга салышып,
Бышкан этке тоюшуп.
Манастын уулу Семетей,
Бакайдын тилин алам деп,
Убадасын берген жер.
Арстан Бакай абасы,
Алтындан кылган селдесин,
Тыпырайта чалынып,
Бээжинди көздөй бет алып,
Экөө жөнөп калган жер.
Алтын ооз каркытын,
Оозу менен алышып.
Бири кары, бири жаш,
Бээжинди көздөй бет алып,
Эки шер жүрдү жарышып.
Семетей менен Бакайды,
Ушу жерге таштайлы.
Талаада калган жетимче,
Күлчоро менен Канчоро,
Эки кулдан баштайлы.
Аттарды алдырып ийгенде,
Семетей катуу тилдеген.
Атты багып минбеген,
Эриксен элик ат деген,
Ажалың жетсе жат деген,
Ушерден үйгө кайт деген.
Буулуксаң бугу ат деген,
өлбөсөң үйгө кайт деген.
Бакайды алып жанына,
Бала төрө барган жер.
Канчоро менен Күлчоро,
Как талаада калган жер.
Канчоро баатыр кеп айтат,
Жоо көрө элек боз элек,
Жол көрө элек жаш элек.
Мылтык атып жаа тартып,
Аркар келсе аталы,
Чарчаган жерге жаталы,
Жүргүн кайта кайталы.
Кеңколго өлбөй биз жетсек,
Тилди албай койду деп,
Айчүрөккө айталы.
Канчоро айткан ушу кеп,
Чогол чоро кеп айтып,
Чочуп кетип бек айтып.
Бул эмине дегениң,
Ак боз бээ сойдурган,
Ай ааламга той кылган,
Атты уйкаш койдурган,
Каныкейдин сүтү урган,
Кан Бакайдын күчү урган.
Ок-дарыны алалы,
Түгөнгүчө баралы.
Кабылан жанды аталы,
Ажал жетип күн бүтсө,
Экөөбүз өлүп жаталы.
Атты алдырып ийдик деп,
Жөө басып темтеңдеп,
Өлбөй кантип кайталы.
Белине кемер чалынып,
Бир кудайга жалынып,
Чарчагыча басалы,
Чаалыккан жерге жаталы.
Кийик көрсөк аталы,
Бутка кийген эки өтүк,
Жыртылгыча басалы.
Жинди бала Күлчоро,
Коркуп турат Канчоро,
Азык-түлүк алган жер.
Эки кеткен баатырдын,
Эр Күлчоро ээлигип,

Көт жагынан барам деп,
Басып жолго салган жер.
Кызыл-Кыя кырына,
Балдар чыгып барган жер.
Мурадылдын таш кала,
Муну көрүп алган жер.
Жинди чоро кеп айтып,
Чалгынчынын калаасы,
Көрүнбөй мунун көзүнө,
Түн жамынып баралы,
Дүрбөлөңдү салалы,
Кароолчусун өлтүрүп,
Байкап кармап алалы.
Атка жетип минели,
Абан кылып көрөлү,
Салса кудай оңуна,
Анан калаасына тийели.
Адамдан чыккан баланы,
Бакай баштаган,
Машыктырып таштаган.
Бакайдан бала окуган,
Алтымыш түрлүү тил билген,
Арстан Бакай баатырдын,
Өзүнөн бөлөк ким билген.
Астына бурак токуткан,
Адам болот чоро деп,
Абасы Бакай кайран эр,
Ар түрдүү тилди окуткан.
Бала чоро баатырдын,
Калмак менен кытайдын,
Абасы Бакай эр баатыр,
Мунун тилин үйрөткөн.
Ойноо бала Күлчоро,
Алтыга жашы чыкканда,
Алтымыш түрлүү тил билген,
Ал билген тилди ким билген.
Семетей окуп билбеген,
Канчоро угуп көрбөгөн.
Абасы Бакай кайран эр,
Асмандан булут карматкан,
Машыктырып чорону,
Кар-борошо урдуруп,
Асмандан булут бөлүнтүп,
Жерге булут төгүлтүп,
Булуттун тилин билдирип,
Жайчы кылып окуткан.
Таш калаага барганда,
Талаадан кармап алганда,
Канчоро коркуп калганда,
Агасы мойнун бурганда,
Күлчоро жайлап турганда,
Булуту ойноп бурулуп,
Буурчактай мөндүр чубуруп,
Ак булут ойноп кубулуп.
Асмандан чыккан мөндүрлөр,
Аткан октой чубуруп.
Булут ойноп буурчактап,
Кар борошо бургактап,
Ала кайыр салганы.
Асмандагы булутту,
Күлчоро кармап алганы,
Күн жаадырып салганы.
Кайтаруучу кароолчу,
Бала чоро күн жайлап,
Жаап жамгыр муз кылып,
Чалгынга чыккан кытайды,
Кайыктырып Күлчоро,
Кыңшылатып кыз кылып.
Бурама темир таш калаа,
Тышка чыкпай буюгуп,
Мөндүр түшүп тарсылдап,
Күн күркүрөп чакылдап.
Ошо Алакеңдин тукуму,
Ошо Башкалаага жакындап,
Эки жайсаң, төрт шибе,
Эшигинде туруптур.

Пир колдогон жинди кул,
Чоро басып барган жер.
Балдырашып сүйлөшүп,
Кытай болуп калган жер,
Бет алышып келген жер.
Кайдан келдиң дегендер,
Ажыдаардай айбаттуу,
Адамдан чыккан кайраттуу.
Темир эшик чоюн чеп,
Оозунда турган кароолчу,
Тегереги кыйын бек.
Кайраттуу бала Күлчоро,
Калмак болуп калжырап,
Кытай болуп чулдурап,
Аралап кирип алыптыр.
Ар жагында үч эшик,
Жаткандар туйбай калыптыр.
Көрдүңбү чоро жердигин,
Башкача кылган эрдигин,
Кылычын кындан алган жер,
Кыңк дедирбей Күлчоро,
Башын алып салган жер.
Чылбырын буруп бек кармап,
Темир эшик таш калаа,
Чалгынчы качып кирген жер,
Чалгынчыны аралап,
Жетимче кошо барган жер,
Бешөөнүн башын алган жер.
Көрдүңбү бала кылганын,
Кытайдын ээри токулуу,
Аттарынын турганын.
Беш жүзү өлдү баш кести,
Ошо бала жинди кул,
Коштоп алып аттарды,
Артында турган Канчоро,
Ат жетелеп бул жетти.
Токулуу турган Тайкашка,
Токуган жери бир башка.
Канчорого кеп айтты,
Айланайын абаке,
Канкордун уулу баатырга,
Абаңыз Бакай асылга,
Сары изине чөп салып,
Саргара жортуп алалы,
Көт жагынан баралы.
Куу изине чөп салып,
Кубара жортуп алалы,
Семетей менен Бакайдын,
Көтүнөн издеп баралы.
Өлсө өлүп калалы,
Өлбөй тирүү биз жүрсөк,
Экөөлөп издеп табалы.
Биерден кантип кайталы,
Атты алдырып ийдик деп,
Аргын, огой элине,
Кантип барып айталы.
Беш ат алып келдим деп,
Айланайын абаке,
Сүйүп бирөөң мингин деп.
Аз түлүк түгөнсө,
Чарчаган жерге соёлу,
Азык кылып коёлу.
Чарчаганча баралы,
Айкожо Бакай абамды,
Өлбөсөк барып табалы.
Таш-Калаадан ат минип,
Кандай заман күн болот,
Шибенин киймин алышып,
Шөкүлө кийген немедей,
Алтын калпак, жез телпек,
Башына кийип алышып.
Айланса болот арбакка,
Ак болоттун тукуму,
Алмамбеттин тукуму.
Атка тердик салышып,
Жолдо жүргөн жолоочу,

Кароолдо жүргөн чалгынчы,
Калмак экен десин деп,
Өзүлөрү келсин деп.
Кабылып калса соёлу,
Кытай болсо алалы,
Атабыз Манас маркумга,
Садага кылып салалы.
Коңуроолу Коёнбоз,
Ошону минтип Канчоро,
Октосу алтын чылбыр жез,
Туякка алтын бураган.
Бою күрөң маңдайы ак,
Жараткан берет таалай бак,
Күлчоро минди ошону.
Чылбырды колго алышып,
Айдай сары талаага,
Канчоро менен Күлчоро,
Ат жетелеп барышып.
Тараза жылдыз батканда,
Таң саргайып атканда,
Суу шыркырап акканда,
Аттан тушүп алышып,
Боюн сууга салышып,
Бой дааратын алышып.
Атадан калган беш убак,
Жол бакалап табабыз,
Абабыз минген буудандын,
Издеп изин чалабыз.
Кечээ Бакай Семетей,
Издеп табабыз,
Ат куйругун чалабыз,
Өлбөсөк издеп табабыз.
Артында калган чунактар,
Ак кемер белге бууган жер,
Семетей менен Бакайдын,
Артынан түшүп кууган жер,
Соколоп жолго салган жер.
Тогуз күндүк арада,
Канчоро менен Күлчоро,
Артынан издеп барган жер.
Аттар баспай сандалып,
Аттарын таштап талаага,
Жоо-жарагын көтөрүп,
Жаратканга жалбарып,
Жанага эки кул шаңданып.
Асасы менен агасы,
Алтындуу тоонун оюна,
Алыска сапар жүргөндөр.
Агындуу суунун боюна,
Семетей Бакай барган жер,
Ат агытып жай жатып,
Ат арытып конгон жер.
Баатырдын уулу Семетей,
Абасынанан кеп сурап.
Биз баруучу Бэжиндин,
Канчалык калды деп сурап.
Абасы айтат маанисин,
Биз баруучу Бэжиндин,
Ар түрлүү майып жери бар,
Ар кайсы жердин эли бар.
Ажыдарлуу тоосу бар,
Алтымыш эки коосу бар.
Ошондон өтүп барганда,
Мунарган талаа сары чөл,
Муну көрүп аласың.
Бурулуп аккан чоң дайра,
Сен боюна барасың,
Кечүүсүн таап кече албай,
Өйүзүнө жете албай,
Атындын оозун бурасың.
Агыны күчтүү чоң дайра,
Аркырап агып жаткандыр.
Жалгыздык түшүп башына,
Абакем Бакай болсочу.
Же эки чором келбеди,
Эрчип бирөө жүрбөдү.

Капа болуп турасың,
Кандуу көбүк чоң дайра,
Боюңду жыйнап алгын сен.
Кечүү чалып суу бойлоп,
Сууну бойлоп баргын сен,
Сууну бойлоп жол чалсаң,
Өйүздөн мамы көрүнөт.
Өйүзгө сайган жер мамы,
Бер жагында беш мамы,
Жез мамынын бетинде,
Алооке кандын аты бар,
Коңурбайдын аты бар,
Кытайча жазган жазуу бар.
Бээжинден чыккан баатырлар,
Ошондо кырк кишинин аты бар.
Бери жагында беш мамы,
Маркум атаң эр Манас,
Мамы сайып белгилеп,
Аскер кечип өтсүн деп,
Кечээ Алооке сайган жез мамы,
Маңдайлаш мамы сайган жер,
Алмамбет Чубак чалган жер.
Кече турган кечүүнү,
Барып таап алган жер.
Ошо суунун боюна,
Атаң баатыр маркумдун,
Аскери барып конгон жер.
Бер жагында беш мамы,
Атакең сайып койгон жер,
Аскер чубап өткөн жер,
Аман-эсен кечкен жер.
Айтпады беле Айчүрөк,
Ойлонуп таап алгын деп,
Ошо жерге баргын деп,
Мамыларды көргүн деп.
Ошо сууну кечкенде,
Ошондо менин баркым билгин деп.
Айчүрөк айткан белгиге,
Байкасаң көзүң саласың,
Айчүрөккө багынып,
Ошондо катынан окуп табасың.
Беш мамынын бетинде,
Берендер аты жазылган.
Башкы мамы бетинде,
Алмамбет менен Чубактын,
Атаңа жолдош Сыргактын,
Төртөөнүн аты жазылган.
Экинчи сайган мамыга,
Эр үрбү менен Ажыбай,
Экөөнүн аты жазылган.
Үчүнчү сайган мамыга,
Мажик аты жазылган.
Төртүнчү сайган мамыга,
Серек, Кочкор жазылган.
Аягында мамыга,
Абакең Бакай жазылган.
Каттан окуп турганда,
Калпагыңды чечерсиң,
Өйүздөгү жез мамы,
Ошону болжоп кечерсиң.
Болжоп кечсең мамыны,
Өйүзүнө жетерсиң.
Аттан түшүп аларсың,
Атакең маркум келди деп,
Артымда калган көпөлөк,
Аман болуп чоңойсо,
Ак кемер белге чалар деп,
Атымдан окуп табардеп.
Аман кечип алар деп,
Ат куйругун өрөр деп,
Артымда калган көпөлөк,
Бээжинди келип көрөр деп.
Андан аман сен өтсөң,
Асман сымал тоосу бар,
Ак кардуу бийик зоосу бар,
Катар-катар бели бар,

Каршы койгон чеби бар.
Бээжиндин каны манжуулар,
Сыйына турган пири бар.
Маңдай-тескей эки суу,
Адам басып өтпөгөн,
Кийиктер басып кетпеген.
Мунарыктап учтанган,
Асты жагы кызыл жар,
Үстү жагы кара жар,
Быяк жагы Ала-Тоо,
Адамдын көзү жетпеген.
Алмансынган Кара-Тоо,
Кара тоонун түбүндө,
Калдайган кара арча бар,
Бүрдөгөн чынар кайың бар.
Бээжиндеги кечилдин,
Сыйынып турган жери бар.
Береги мунар бөлүнгөн,
Чөбү гүлдөп көрүнгөн,
Ошо жерге баргын сен,
Ээр токум алгын сен.
Башыңа каңкы жазданып,
Күн батышты баштанып,
Чыканактап кыйшайып,
Чырм этип тынч алып,
Кирпигиңди илинтип,
Кудай берет билинтип,
Уктап уйку кандырып.
Буурул атты чалдырып,
Башыңдагы бөркүңдү,
Баштан алып койгун сен.
Койнуңдагы дүрбүңдү,
Колго кармап алыгын сен,
Ошо кара арчанын түбүнө,
Жакын басып баргын сен,
Шашпай дүрбү салгын сен,
Жерди жакшы чалгын сен.
Шашпай байкап сен көрсөң,
Боорунан агат көк булак.
Жылтыркан шыбак чөп болот,
Жалбырак болот жаргактай,
Карагат болот бармактай,
Ат башындай көрүнгөн,
Кокок деген жемиш бар,
Телегейи тегиз бар,
Анжыр менен алма бар,
Адам бенде көрбөгөн,
Түрлүү жемиш канча бар.
Жемиштерди аралап,
Жатып алба каралап.
Жемиш жерге төгүлгөн,
Жердеген киши жок болуп,
Жерден башка көрүнгөн.
Кечилдердин бурканы,
Анда-мында бир келет.
Бурканына чокунуп,
Кытай, калмак эл келет.
Абалкыдан калыптыр,
Көчө зор Алооке чапканда,
Мазар кылып сыйынып,
Зыяратка барыптыр.
Алооке көзү өткөндө,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Бул сыйынып калыптыр.
Айланайын жалгызым,
Муну көрүп турганда,
Ошо жерге барганда,
Атты байлап салганд,а
Дүрбүңдү колго алганда,
Айланасын чалганда.
Акылың айран бөлүнөр,
Ар түрдүү болуп көрүнөр,
Бугусу төрдө төлдөгөн,
Келип киши көрбөгөн,
Адырга аркар төлдөгөн,
Атуучу мерген келбеген,

Аскага эчки төлдөгөн,
Алдынан киши көрбөгөн.
Бикечине жазылган,
Калмак, кытай элине,
Мазары деп айтылган.
Дүрбү салып карасаң,
Адыр-адыр бел келет,
Ашуусу кыя жол болот.
Бүлдүркөнүн жан жебей,
Айланайын кулунум,
Муну көрүп аласың.
Көрүп көзүң талдырып,
Акыл айран каласың.
Жана болот эгиз төр,
Сала-сала көрүнгөн,
Зоонун башы тийишкен,
Оттоп айбан барбаган,
Кече Бээжиндин каны чоң манжуу,
Ошерден кулжа кармаган.
Зер окуган нечендер,
Кармап алган кулжага,
Адамдын тилин билгизген.
Кулжаларды ойнотуп,
Көчөсүнө жүргүзгөн.
Кароолчу кылып чалдырган,
Кулжадан кабар алдырган,
Бу кытайдын амалы.
Баягы аткан ак кулжа,
Бу Бээжинге кароолчу.
Айбандан кабар алдырган,
Амалы артык нечен бар.
Айланайын кулунум,
Эгиздүү ошол тармал төр,
Буга дүрбү салгын сен.
Мында болот көп жылкы,
Муну мурун чалгын сен.
Ак жайык деген талаа бар,
Ага дүрбү салгын сен.
Ошондо болот көп жылкы.
Анда жылкы жок болсо,
Кум-Арык деген кыя бар,
Калың жери кум болот,
Жалгыз аяк чөп болот,
Анда болот көп жылкы.
Анда жылкы жок болсо,
Эки тоонун ортосу,
Эки Чаткал кошулат,
Ортодон түтүн созулат,
Ошондо болот көп жылкы.
Анда жылкы жок болсо,
Эки тоонун ортосу,
Эки Чаткал кошулат,
Ортодон түтүн созулат,
Ошондо болот көп жылкы,
Анда жылкы жок болот.
Мелтиреген чоң талаа,
Башыңа түшөт көп санаа.
Безбелдеги жойлосо,
Жылкы жүргөн немедей,
Топурак учат буркурап.
Канаттуу барып конбогон,
Байырып адам барбаган,
Баарын көрүп аласың.
Жылкысы кандай болду деп,
Жер соорусу экен деп.
Жерин чалып мен көрсөм,
Каргалар учат каркылдап,
Кашкалдак учат шарпылдап.
Баскан айбан жок экен,
Баарын көрүп турасын.
Дүрбүңү тартып көз салып,
Далай жерди көрөсүң.
Ошол Кара-Арчанын,
Жазып койгон каты бар,
Эчендердин аты бар.
Ташка көчүк койгун деп,

Оңдоп дүрбу салгын деп.
Күрпүлдөгөн чоң талаа,
Кар жаагандай мунарган.
Караса көз жетпеген,
Шордуу талаа Ак-Жайык,
Мал аралап басканда,
Жөө туман баскан жер эле.
Чаң асманга чыкканда,
Кара туман кара сел,
Ошондо болот көп жылкы.
Ошону байкап сен турсаң,
Кара буурул көп жылкы,
Кайнаганын көрөсүң.
Калмак, кытай көп солон,
Айдаганын көрөсүң.
Кызыл буурул көп жылкы,
Жайнаганын көрөсүң.
Кытай калмак көп солон,
Айдаганын көрөсүң.
Тору аланы бөлгөндүр,
Тобун бөлбөй жүргөндүр.
Сараланы бөлгөндүр,
Сап-сап болуп жүргөндүр.
Жээрделерин бөлгөндүр,
Жерге батпай жүргөндүр.
Аргымагын бөлгөндүр,
Алар башка жүргөндүр.
Тобурчагын бөлгөндүр,
Тобун жазбай жүргөндүр.
Кулун-тайы курулуп,
Куландай ойноп алышып.
Тай-кулуну тебишип,
Энедерин эмишип.
Бука моюн кулжа сан,
Буудан болот ичинде.
Кара байыр жез канат,
Калбыр өпкө чоң таман,
Аты болот ичинде.
Атамдан калган жылкы деп,
Жылкыны көрүп алганда,
Көңүлүң көпкө бөлүнөт,
Санааң санга бөлүнөт.
Мунун барар жери кайсы деп,
Барар жери кайсы деп.
Чагарак ооз огу бар,
Бойтумар өңдүү кабы бар,
Бул дүрбүңдүн баасы бар,
Он эки катар ташы бар.
Чарайна менен чаптаткан,
Атаң баатыр эр Манас,
Сары алтын менен каптаткан.
Асмандан мурар бөлүнгөн,
Алыскы жерлер көрүнгөн.
Чагарагын бурагын,
Кудайдан чындап сурагын.
Бурамасын оңдогун,
Алыс салып койбогун.
Эки бийик кыр келет,
Ортосу жайык кең келет,
Ач чабуучу талаадай,
Тегереги кең келет.
Жасап койгон немедей,
Кош-Кырбы деген жер болот,
Оңдоп карап алгын сен,
Ошерге дүрбү салгын сен,
Жакшы көрүп алгын сен.
Кара таштан алдырган,
Катар-катар салдырган.
Кызыл таштан кынаган,
Кырына чоюн куйдурган,
Бооруна болот кактырган,
Сары жез коло жаткырган.
Биздин уста алдырган,
Бекитип сарай салдырган,
Жылкычынын сарайы.
Жылкычыны башкарган,

Каракулдун ордосу.
Кышынкысын токтоткон,
Сары -Төрдү откозгон,
Жайынкысын жайлаган,
Тизип кулун байлаган.
Кымыз ичип жай жаткан,
Алача деген бел ошо.
Калааны көрүп аласың,
Кандай айла кылам деп,
Жаныңда киши жогуңдан,
Капаланып каласың.
Жакшы байкап көргүн сен,
Жерге батпайт көп жылкы.
Жайнаганын көргүн сен,
Кара тору көп кечил,
Айдагынын көргүн сен.
Атаң Манас арбагы,
Бир кудайдын жардамы.
Кайра таанып алсаң сен,
Бармак болуп калсаң сен,
Ак келте үнүн чыгар сен.
Кокустан Коңурбай болсо,
Жүрөгүң дегдеп токтобойт.
Эчен акыл ойлонуп,
Барсамбы деп толгонуп,
Же барбайын деп ойлонуп.
Кызыл өңүң боз болуп,
Узун боюң пас болуп.
Ошондо түшөт оюңа,
Эки жиндим бар болсо,
Кылбайт белем кызыкты,
Атаңдын көрү дүнүйө күн,
Салбайт белем бузукту.
Саргарып өңүң кубулат,
Санаасы санга урунат.
Кубарып өңүң кубулат,
Көңүлүң көпкө бузулат.
Акылыңдын жогунан,
Айткан тилди албадың,
Мен кайсыны айтамын,
Эки бирдей жиндини,
Ээрчитип алып барбадың.
Ошондо эсиң жыйып токтолуп,
Акылыңдан адашып,
Көп санаркап калбагын.
Коңурбай болсо кокустан,
Кокустан кирип барбагын.
Ошо жерге сак бол деп,
Кокустан уруш сен салсаң,
Урушууга сен барсаң,
Астыртан арбак колдосо,
Үстүртөн кудай жөлөсө.
Атаң Манас арбагы,
Алмамбет, Сыргак баатыры,
Болуп калар жардамы.
Астыңдагы бууданды,
Ажырабай мингин деп.
Акылыңдан адашпай,
Кайраттанып жүргүн деп.
Кокустан уруш салсаң  сен,
Урушуп жыгып алсаң сен.
Астыңдагы бууданды,
Башка жанга карматпа.
Атаң Манас маркумду,
Канча алдаган каапыр бар,
Карагул деген баатыр бар.
Көрүнүп калса көзүңө,
Билинип калса өзүңө,
Бу жойпуга алдатпа.
Арстан Бакай абасы,
Кыл мурутун бурган жер.
Семетей барам дегенде,
Бакай айтып турган жер.
Бакайдын кебин кат алып,
Көкүрөккө жат алып,
Жөнөмөк болду Семетей,

Абасынан бата алып.
Арстан Бакай кайран эр,
Аксакалын шүйгөн жер.
Канчоро менен Күлчоро,
Канетсе экөө келет деп,
Арстан Бакай күйгөн жер.
Манастын уулу Семетей,
Буурулга тердик салган жер,
Жүрмөк болуп калган жер,
Алаканын жайган жер,
Мойнуна чылбыр салган жер,
Абасы бата берген жер.
Манастын уулу Семетей,
Бээжинден чалгын чалмакка,
Сыйынып кудай арбакка.
Какандан чалгын чалмакка,
Жалынып кудай арбакка.
Алтын жаак кош тепке,
Баатырдан калган Буурулга,
Ак каңкыны салды эми,
Бакайдан бата алды эми.
Арстан Бакай абасы,
Алаканын жайды эми,
Кашка тишин капшыра,
Каралды кылган жалгызы,
Арбак менен кудайга,
Бакай ыйлап тапшырып.
Кызыл чаар жолборсум,
Кырк чилтен болсун жолдошуң.
Кара чаар жолборсум,
Кайберен болсун жолдошуң.
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Асыл атаң эр Манас,
Артыңдан жүрүп колдосун.
Алакан жайып атказып,
Бакайдан бата алган жер.
Бала жолборс оолугуп,
Аттанып жолго салган жер.
Баатырдын уулу Семетей,
Аттанып жолго салган жер.
Ашуу ашып жол басып,
Адыр-адыр жер басып.
Атасынан бөлүнүп,
Астында минген буудандын,
Боюнан тери төгүлүп,
Арандай оозу ачылып,
Ак көбүк жерге чачылып,
Болотто кылган ооздук,
Азуусунда карсылдап,
Алтын така, болот мык,
Туягында жаркылдап,
Манастын уулу Семетей,
Астындагы буудандын,
Оозу менен алышып,
Эки тизгин бир чылбыр,
Оң колунда карышып,
Кыраң адыр кумдуу төр,
Каңкор көрүп барган жер.
Бозала адыр кош керүү,
Эр Семетей баатырың,
Асмандап учкан мунарык,
Канаттуусу көп экен,
Үркүп учуп калганда,
Айдын бети тунарып.
Бала төрө жиндинин,
Аскада аюу ойногон,
Арстан жолборс топтогон,
Арстан Бакай кеп айткан,
Айбан болсо атпа деп,
Атып салып кокустан,
Кылыч менен чаппа деп.
Бала төрө Семетей,
Абакем айткан кеп эле,
Ак келте атпа деди эле,
Ак келтени асынып,
Ок-дарысын артынып,

Үч Аралга барды эле.
Абасынан бөлүнүп,
Эки конуп калды эле.
Арстан Бакай көк жалың,
Эл жүрбөгөн жол менен,
Жан жүрбөгөн жер менен,
Улуу жолго салсам мен,
Жол жолоочу жолукса,
Кокустан кабар салат деп,
Бээжиндеги Коңурбай,
Кокус билип калат деп,
Адис туулган эр Бакай,
Башка жолго салыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Чоң Ыртыштын боюна,
Мунарган тоонун оюна,
Так ушунда барыптыр.
Эр Семетей жалгыз эр,
Сууга кирип барган жер.
Сууну байкап караса,
Агыны катуу дуулдап,
Өйүз-бүйүз токою,
Шамал болуп шуулдап,
Күкүк болуп күүлөнүп,
Киши өңдөнүп сүйлөнүп,
Чалма агып чаңыртып,
Таш аралаш калдырттап,
Омурулуп тал агып,
Оодарылып сал агып,
Карагай жыгач тал агып,
Ала салып сал агып,
Адырын түлкү жойлогус,
Адамзат менделер,
Кечемин деп ойлогус.
Абакең айткан кеп эле,
Агыны катуу деди эле,
Кечүүнү жакшы чал деген.
Сайып койгон мамы бар,
Чалып таап ал деген,
Өйүзүндө жез мамы,
Бүйүзүндө беш мамы,
Өйүзүндө мамыда,
Жакшы байкап карасаң,
Кытайлардын каты бар.
Бээжиндеги берендер,
Кан Коңурбай баштаган,
Баатырлардын аты бар.
Бер жагында беш мамы,
Атакен Манас барганда,
Барып уруш салганда,
Аскерин айдап кечирген,
Айдап аман өткөргөн.
Кытайга уруш салганда,
Атакең мамы кактырган,
Алып жүргөн 40 жайсаң,
Башчыларын жаздырган.
Буудандын оозун бур деген,
Байкап окуп тур деген.
Манастын уулу Семетей,
Барып кечүү чалган жер.
Белгилеген мамыны,
Семетей көрүп алган жер,
Өйүзүндө мамыга,
Семетей дүрбү салган жер.
Адалдан башка мамыны,
Алooke деген кактырган,
Бээжинди бекем кармаган,
Коңурбай турат жазылуу,
Көрүнө окуп алды эми,
Абакем айтып берди деп,
Аттан түшүп алды эми.
Алдындагы Буурулду,
Аса байлап салды эми,
Оттук чагып от жагып,
Чоң дайрадан суу алып,
Кол чайнекке кайнатып,

Энеси берген күлазык,
Чымчып салса ылайык,
Ботко болуп калчу эле,
Күлазыктан алган жер.
Семетей тамак ичкен жер,
Күндүн батып калган жер.
Буурул атты баймактан,
Каныкей кылган ак тердик,
Алып койду жайдактап.
Аюу көпчүк ак бурчтан,
Жамбашына салды эми,
Уктап көзү илинип,
Баштап келген немедей,
Атасынын арбагы,
Алмамбет баштап кырк чоро,
Тегеректеп калганы.
Ак кула минип болкоюп,
Семетейдин башына,
Менден калган бала деп,
Манас турат зоңкоюп.
Көкала минип маңкайып,
Алмамбет турат зыңкыйып.
Көктеке минип чойкоюп,
Көзүнөн заары куюлуп,
Атасынын жолдошу,
Эр Чубак турат маңкайып.
Сарала минип таптанып,
Сыр жакалуу алтын тон,
Туяк бойдо тапталып,
Кыл муруту өрүлүү,
Атасы Манас эр баатыр,
Алмамбет, Чубак жолдошу,
Атка жеңил, жолго сак,
Мусулмандын молдосу,
Арбагы келип көрүнөт.
Манастын уулу Семетей,
Баш көтөрүп толгонуп,
Чочуп кетти ойгонуп.
Жанындагы Тайбуурул,
Тегеренип токтобой,
Жер тепкилеп оттобой,
Арбактын шаңын көрүптүр,
Жерди чапчып тепкилеп,
Семетейдин буурулу,
Ат токтобой туруптур.
Манастын уулу Семетей,
Эминени көрдү деп,
Ак келте колго алыптыр,
Жөө басып айланып,
Тегерегин чалыптыр.
Караса көзгө илинбейт,
Эч-эчтеме көрүнбөйт,
Жана көргөн түшүм деп,
Жаман коркуп кеттим деп,
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Баш көтөрүп кокоюп,
Кыбыла карап чөк түшүп,
Олтурду бала золкоюп.
Теспеси бар колунда,
Кураны бар койнунда,
Кудурет алда оюнда,
Алаканын жайган жер.
Эр Семетей кайран эр.
Куран окуп калган жер.
Чоң куранды жат окуп,
Таң калгандай бат окуп,
Таң атканча түшүрүп,
Куран окуп бүтүрүп.
Тараза жылдыз батарда,
Тан кашкайып атарда,
Кашка тишин капшырып,
Алмамбет, Чубак жолборско,
Атасы күткөн жолдошко,
Арбагына тапшырып.
Колун суга салды эми,
Кол дааратын алды эми,

Жараткан алда жалгыз ак,
Мусулманга парз эле,
Экөө сүннөт, экөө парз,
Төрт ирекет төрт намаз,
Шашпай окуп алды эле.
Намаз окуп бүтүрүп,
Манастын уулу  баатырың,
Зикир айтып такылдап,
Амаз окуп алгыча,
Алда деп зикир чалыптыр.
Жердин жүзү мунарык,
Нуру жаап тунарып,
Манастын уулу Семетей,
Таң агарып атты деп,
Күн кызарып чыкты деп,
Жайнамазын жайган жер.
Ошо жаткан дайраны,
Кечмек болуп калган жер.
Абакем айткан кеп эле,
Жаңылба жолдон деди эле,
Ак келтени ал деген,
Кечүүнү барып чал деген.
Кечүү жерге сен барсаң,
Суудан өтүп сен алсаң,
Анан жортуп бар деген.
Күн кызарып чыкканда,
Буурулду кармап токунуп,
Баатырдын уулу эр жаңгыз,
Жараткан алда бир кудай,
Жазганы болсо көрөм деп,
Тагдырым жетсе өлөм деп,
Белине кынай чалынып,
Кечмек болду дайраны,
Эр Үрбүгө жалынып,
Олпогун кайра бөктөрүп,
Күнөөрүн белге кыстарып,
Айзасын кармап карууга,
Мылтыгын асып далыга,
Кылычын байлап кынына,
Балтасын байлап жанына,
Капшыра кармап курчанып,
Жез мамыны бет алып,
Буурулдун оозун жайган жер,
Сууга кирип барган жер.
Агыны катуу экен деп,
Ажал жетип күн бүтсө,
Агыны катуу дайрага,
Эми агып кетем деп,
Астындагы буурул ат,
Сууга бутун салган жер.
Суу ортолоп барганда,
Бурулуп аккан чоң дайра,
Үзөңгүдөн өткөн жок,
Тердигине жеткен жок,
Алган зайбы Чүрөктүн,
Айтканы түштү эсине,
Байкап сууну кечсең деп,
Мамыларга жетсең деп,
Барып сууну кечсең деп,
Мурутуңду бурарсың,
Айчүрөктүн айтканын,
Ошондо билип турарсың.
Айчүрөк менин катыным,
Ат жайдактап алган го,
Кечүү чалып чалган го,
Кесирдүү Чүрөк дечү элем,
Сууну кечип  көргөн го,
Бул кечүүнү билген го,
Айчүрөк жолдош экен го,
Суу кечкенде ойлойсуң,
Арстаным төрөм эр жангыз,
Катын туруп канчыктын,
Кандай айткан кеби деп,
Ошо жерде болжойсуң,
Акундун кызы Айчүрөк,
Айчүрөк айткан кеп эле,

Ошондо билерсиң мени.
Манастын уулу Семетей,
Алган зайбым Айчүрөк,
Акыреттик жолдошум,
Айтканы анык экен деп,
Манастын уулу Семетей,
Суу кечкенде билди эле.
Мурутун сыйпап күлдү эле.
Суудан чыгып алды эле,
Өйүзүнө барды эле,
Багалеги малынып,
Аман чыкты Семетей,
Баабединге жалынып,
Этеги сууга малынып,
Суудан чыгып Семетей,
Бир кудайга жалынып,
Ак куржунга кол салып,
Азыгынан колго алып,
Таңдайына салды эми,
Тамактанып алды эми.
Абаң айткан Кара-арча,
Эми жетип барайын,
Барып дүрбү салайын,
Жерди барып чалайын,
Эл жердеген жер болсо,
Элде жүргөн эр болсо,
Барып көрүп алайын.
Кача турган тоо болсо,
Кармаша турган жоо болсо,
Байкап уруш салайын,
Жайылып жаткан мал болсо,
Барып тийип алайын,
Атка минип алган жер.
Баатырдын уулу Семетей,
Ат бурушка салган жер.
Ошо күнү кечинде,
Кечке жакын бешимде,
Адырчага барган жер,
Арстаның анык көргөн жер.
Теңи кара теңи куу,
Түбүнөн агат кашка суу,
Тегерегин тордогон,
Темир тору бар экен.
Как түбүнө койдурган,
Сары алтындан куйдурган,
Сүрөттөрү бар экен.
Сүрөтүнүн бетине,
Жазгандары бар экен.
Жасаган кудай ушу деп,
Айткандары бар экен.
Шаарынын аттарын,
Токунганы бар экен,
Буркан коюп түбүнө,
Чокунганы бар экен.
Кара-Арчанын түбүнө,
Түлкү келип жойлобой,
Карышкыр жакын барбаган,
Айбан келип алат деп,
Тегерегин темирден,
Коргон кылып кармаган,
Бакайдын айткан кеби бар,
Байка деген жери бар.
Минип жүргөн Буурулду,
Алды ээрин жайдактап,
Тушады бутун баймактап,
Манастын уулу Семетей,
Бээжиндин эли келгенде,
Тамак-ашын жегенде,
Алакандын бетиндей,
Жасап койгон жери бар.
Семетей басып барды эми,
Кетмен өңдүү чоң дүрбү,
Капчыгынан алды эми.
Алтымыш эки бурама,
Алтымыш жерден кынама,
Болоттон кылган сабы бар,

Бой тумар деген кабы бар,
Бетинде жазган жазуу бар.
Беш миң аттык баасы бар.
Чыгырыгын имерип,
Чындап көзгө жиберип,
Бурамасын имерип,
Кыя тартып олтуруп,
Кынап көзгө толтуруп,
Чарайна менен саптаган,
Чаң тыгылып калат деп,
Кебез коюп бетине,
Сары алтын менен каптаган.
Башка киши албаган,
Билбеген киши салбаган,
Атадан калган мурасы,
Айнеги бар он эки,
Имерилип олтуруп,
Илебин көзгө толтуруп,
Оң колуна алды эми.
Бала төрө Семетей,
Адегенде дүрбүнү,
Чоң талаага салды эми,
Талаанын үстү мунарык,
Талаа жайык кең экен,
Жан жүрбөгөн жер экен.
Жерди көрүп кубанып,
Жердин үстү тунарып,
Мал жайлоочу талаага,
Мал жүрбөгөн эмине,
Эр Семетей таңданып,
Дүрбүнү колго карманып,
Кара-Төргө салды эми,
Дүрбү салып калды эми,
Кара-Төрдү караса,
Аркар-кулжа аралаш,
Аюу жүрөт алабаш,
Түлкүсү түздө жойлогон,
Жолборсу жондо ойногон,
Жыландары сойлогон,
Аны көрдү Семетей.
Туш-тушунан шаркырап,
Аккан суусу жаркырап,
Булагын көрүп Семетей,
Ар кайсы жерден куюлган,
Чоң Ыртышка кошулган,
Суусун көрдү Семетей.
Айланып учуп куркулдап,
Канаттуу учуп былкылдап,
Каз-өрдөгү кылкылдап,
Аны көрдү Семетей.
Эгиз кыя тармал төр,
Тегеренип алды эми,
Ошого дүрбү салды эми.
Чыккан чөптөн май аккан,
Оттогон малы бук болгон,
Мал семирип ык болгон,
Мал жатуучу жер экен,
Аны көрдү Семетей.
Ар жагында кашка суу,
Өйүздөн агат миң булак,
Бүйүздөн агат бир булак.
Таразага салгандай,
Киши өлчөп алгандай,
Ар кайсысы бир кулак.
Дагы көрдү Семетей.
Ашуу бийик зоосу бар,
Ар кайсы жерде тоосу бар,
Аны көрдү Семетей.
Адам алды салбаган,
Малын айдап бакпаган,
Киши жердеп жатпаган,
Кандай сонун жер деди,
Баарын көрдү Семетей.
Бакай айткан кеп эле,
Жакшы салып карасаң,
Жылкы болот деди эле,

Жылкы кайда болду деп,
Жери жайык кең экен,
Бу жылкысы кайда деп,
Эчен жерди көрдүм деп,
Табам кандай айла деп,
Бала чунак таңданып,
Колго дүрбү камданып,
Кумур Алай эки тоо,
Буга дүрбү салды эми.
Асты жагы ак талаа,
Ат чабуучу жер экен,
Аны көрүп алды эми,
Ошого дүрбү салды эми.
Дүрбү менен караса,
Чаң буркурап созулуп,
Туман болуп бурулуп,
Жылкы сууга чубуруп,
Манастын уулу Семетей,
Жылкы ушунда экен деп,
Абайлап дүрбү салды эми,
Абыдан байкап калды эми.
Олуя заада Семетей,
Оңдоп дүрбү салды эми,
Ошондо көрүп алды эми.
Дүрбүнү көздөн кетирбей,
Чыгырыгын имерип,
Чындап карап турду эми.
Жылкынын асты буркурап,
Кишинешип чуркурап,
Кара буурул көп жылкы,
Кайнап келет жыкылдап,
Кара тору калмактар,
Айдап келет быкылдап.
Кызыл буурул көп жылкы,
Кыяларга салышып,
Кызыл чийкил нур жүздүү
Кыйкырыгы таш жарып,
Кытай жүрөт жарышып,
Ар кайсы жерге токтолуп,
Тосуп коюп откоруп,
Айдаганын көрдү эми.
Кара чоктуу калмактар,
Айдаганын көрдү эми,
Кызыл буурул көп жылкы,
Жайнаганын көрдү эми,
Кызыл тору кытайлар,
Айдаганын көрдү эми,
Кулун-тайы бир бөлөк,
Кулун болуп көрүнөт.
Аргымагы бир бөлөк,
Айгырлардан бөлүнөт.
Жорголору жолунда,
Улуу суунун боюнда,
Ар түрлүү ай кашка,
Аргымагы бир башка,
Буудандары чууда жал,
Карыган жылкы бир башка,
Асый аты бөлүнүп,
Алты миңче көрүнүп,
Алар жүрөт бир башка.
Бала төрө Семетей,
Жылкы көрүп кызыгып,
Барсам ээ деп камынып,
Баабединге жалынып,
Кирсем ээ деп камынып,
Кырк чилтенге жалынып.
Кара буурул көп жылкы,
Кайнаганын көрдү эми,
Кара тору калмактар,
Жайнаганын көрдү эми.
Каңылдашып сүйлөшүп,
Кудай бетин көрсөтпө,
Жылкы баккан жылкычы,
Мылтыгы бар колунда,
Кылычы бар белинде,
Баары аскер экен деп,

Кайсы экени билинбей,
Кудай бетин көрсөтпө,
Атка камчы салышат,
Ат ойнотуп жарышат,
Үсөңгүлөр кагышат,
Кылычын кындан суурушат,
Кыя тартып ойношуп,
Кылычташып урушат,
Малакайын ыргытып,
Баары жорго мингени,
Жорго минип жылжытып,
Аркасында кара чач,
Алдындагы аттардын,
Соорусуна жайылат.
Жоо көргөндөй чамынат.
Кандай келер экен деп,
Эр Семетей көк жалың,
Доолбасты каксамбы,
Ак келтени атсамбы,
Бет качырып кирсемби,
Эми жылкы тийсемби,
Мунун барар жери кайсы деп,
Агасы айткан кеп эле,
Жылкычы келип жай жаткан,
Сарайы болот деди эле.
Алыска дүрбү салдымбы,
Аны көрбөй калдымбы,
Манастын уулу толгонуп,
Далайдан кийин ойлонуп,
Эки ташын кыскартып,
Ээк асты үч курбу,
Жасап койгон немедей,
Мелтиреген түз курбу,
Баатыр дүрбү салды эми.
Бозогосу борт алтын,
Чамгарагын кынаткан,
Чагарактап алтындан,
Түндүгүнүн жанына,
Жылажынын тактырган,
Жылкычыга кактырган,
Үйүн көрдү Семетей.
Кара таштан кынаткан,
Кызыл таштан ойдурган,
Сары жез менен колодон,
Ортосуна койдурган.
Кырына коюп бастырган,
Темирден устун жаткырган,
Тегерегин бекиткен,
Темир коюп чеп кылган.
Сарайды көрүп шаңданып,
Манастын уулу Семетей
Баарысын көрүп таңданып,
Байкап дүрбү салганы,
Он эки солон барганы,
Оң жагында алтоо бар,
Сол жагында алтоо бар,
Оолжутуп бирөөнү,
Тегеректеп алганы.
Чоң боз үйгө барганы,
Алаканга салышып,
Үйгө алып барышып,
Кудай бетин көрсөтпө,
Жылкычы келип жыйылып,
Кара боор кан жылкы,
Асты баштап буркурап,
Кишинешип тай-кулун,
Артынан ээрчип чуркурап.
Манастын уулу Семетей
Таң калып карап турган жер,
Кечээ абасы айткан кеп эле,
Жылкычыга баш болгон,
Карагул болот деди эле.
Бул Карагул экен деп,
Манастын уулу Семетей,
Жылкычысы көп экен,
Жети бөрү бир койду

Жесе тарпы калбайт го,
Өзүм жалгыз болгон соң,
Жетимиши жабылса
Менин алым калбайт го,
Алты бөрү бир койду
Таласа тарпы калбайт го,
Алтымышы жабылса,
Менин алым калбайт го.
Атаны арман дүйнө күн,
Кереги тиер чагында,
Керектүү бала Күлчоро
Жанымда болсо не болду.
Саймалуу калпак, сары шым,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Сандыргалуу Канчоро,
Башымда турса не болду.
Байгамбар сындуу жолборсум,
Абаке Бакай арстаным,
Карт бөрүчө чамынып
Келгиле деп камынып
Астымда турса не болду.
Эки жинди иниси,
Эр Семетей төрөнүн,
Ошондо түштү эсине,
Кабыргасын таянып,
Ошондо, маана кылган балдары,
Эки чоро жоктугу,
Эсине түшүп Семетей,
Энгиреп ыйлап  турган жер.
Эмине жаңгыз келдим деп,
Делбиреп ыйлап турган жер.
Жылкычы келип жыйылып,
Атты байлап салышып,
Сарайларга барышып,
Жайкын жатып калышып,
Жылкынын асты бурулуп,
Токмок жалдуу тор айгыр,
Казык жалдуу кара айгыр,
Үйүрүн айдап бөлүнүп,
Кара-Арчанын түз жайык,
Казы чайнап барган жер.
Астында келет бир жылкы,
Соорусунда агы бар,
Эки кулак ортодо,
Мөөр басып койгондой,
Алакандын отундай,
Ак тегерек тагы бар.
Оң жагында капталы,
Жылкыдан башка басканы,
Устара менен ойгондой,
Уста куюп койгондой,
Телине артта тарткандай,
Ыйык жалдын көтүндө,
Чоң далынын бетинде,
Аяккаптай агы бар.
Сол далынын үстүндө,
Киши коюп койгондой,
Айчык агы дагы бар.
Башын жерге салган жок,
Жерден оттоп калган жок,
Куйругун жайып булактап,
Чыгып барды арчага,
Үстү бийик жарчага,
Асты курбу түз экен.
Буурул ат оттоп турганда,
Басып чыгып барды эле,
Капталынан тиштешип,
Ыйык жалдан алышып,
Мойнун арта салышып,
Жал-куйругун чубалтып
Буурул ат менен ошол ат,
Бири-бирине ыкташып,
Кулун-тайдай ойношуп,
Көчүк салып тебишип,
Бир далай жерге келишип,
Кандай жылкы болду деп,

Семетей карайт таңданып.
Жердин чөбүн оттобой,
Чыгып келди токтобой,
Буурулдун жытын алганда,
Жайытка оттоп барганда,
Үйүрү адашып калгандай,
Тула бою ала экен,
Көгаласы бар экен.
Кандай жылкы болду деп
Кишинешип Буурулча,
Башын жерге салды деп,
Эми оттоп калды деп,
Эр Семетей баатырдын
Эсинен чыгып кетиптир,
Кечээ абасы айткан кеп эле
Таап алсаң жылкыны,
Алмамбет минген Көгала,
Ошо болот деди эле.
Берер болсо кудайым
Астымдагы Буурулдун,
Астына келет деди эле,
Кишинешип токтолуп,
Үйүрлөшүп калат деп,
Атакемдин Торала,
Ошондо түштү эсине,
Алакең минген Көгала ат,
Бакайдын кебин эстеген,
Тайбуурулдун жанына
Айдап койсо кетпеген.
Алмамбет минген Көгала,
Астына барып турган жер,
Семетей колун сунган жер,
Жалынан кармап калган жер.
Маңдайын сылап үч жыттап,
Манастын уулу Семетей,
Абамдын айткан кеби деп,
Айтканы туура келди деп,
Астыма буудан келген соң,
Белгини кудай берген соң,
Калмакка кыргын салам деп,
Кандай да болсо калмакты,
Жар болсо кудай, алам деп,
Канкордун уулу камынып,
Атасы баатыр шер өткөн,
Баатырдын уулу Семетей,
Ошондо качырмак болду калмакты.
Семетейдин барганыны,
Мазар деген арчага,
Кош түшүрүп салганын,
Баатырдын барып калганын,
Карагул билбейт ошону.
Баркылдап калмак бакырып,
Жылкычыны чакырып,
Жылкы салар жер чалдым.
Жылкы салар жер таппай,
Канчалык жерге мен бардым.
Катуу оору дарт тийип,
Жаман дартка кабылдым.
Кечээ Манастан жылкы калганда,
Ошондо кошо келди эле,
Тукуму өсүп миң болду,
Уй куйруктуу чууда жал,
Сексенге барды асыйы
Ошону кармап келгиле.
Кулун тууса эмизбей,
Кур кое берчү элем,
Тукуму өссүн дечү элем.
Алып келип сойгула,
Кара этине тойгула,
Мени казыга ороп койгула,
Омурткам сыздап бек ооруйт,
Он эки мүчөм тең ооруйт,
Капталым сыздап да ооруйт,
Кабырга сөөгүм баары ооруйт,
Омуртканын мууну ооруйт,
Кабыргамдын жаны ооруйт

Куйругумдун учу ооруйт,
Сүбөөлөрүм дагы ооруйт,
Тула боюм дагы ооруйт.
Күндөп-түндөп жер чалып,
Ичкен ашым түгөнүп,
Көөкөрдөгү арагым,
Түгөтө ичип алыпмын.
Сары жайык, муз төргө,
Чалгынга чыгып мен барып,
Талаага жатып калыпмын.
Катуу бороон муздак жел,
Кабылып калган окшоймун.
Бээни кармап келгиле,
Мага союп бергиле,
Карагул айтып турганда,
Баатырдын уулу эр Семең,
Атасынан бабасы,
Пир колдогон эр неме,
Жанында карап тургандай,
Барып кызмат кылгандай,
Баарын угуп алыптыр
Кулагына салыптыр.
Жараткан алда бир кудай,
Уктум калмак кебин деп,
Күүгүм кирип күн батса,
Жылкычы уктап жай жатса,
Табармын мунун эбин деп,
Бала баатыр камданып,
Малын көрүп таңданып,
Атка жолдош болгон соң,
Кудай арбак берген соң,
Кайсы жанды аяйын.
Кара тору калмакка,
Түн жамынып барайын,
Түндө уруш салайын.
Бала баатыр Семетей,
Барайын деп камынып,
Күндүз уруш салсам деп,
Аралап кирип барсам деп,
Калың калмак жабылып,
Кармап алса кантем деп,
Пейлине салды периште.
Эр Семетей көк жалың,
Эки чоро бар болсо,
Кылбайт белем кызыкты,
Салбайт белем бузукту,
Кырбайт белем кытайды.
Манастын уулу толгонуп,
Сабыр алтын – сары жез,
Жараткан берип акыл-эс,
Кара арчанын түбүндө,
Карап жатат Семетей,
Буурул атты бек байлап,
Кокус кетип калат деп,
Чылбырын колго бек кармап,
Ак келтеге ок салып,
Баатырдын уулу эр Семең.
Жылкы башы Карагул,
Ак боз бээни алдырды,
Жылкычыга чалдырды,
Кармап бээни сойдурду,
Казы менен картасын,
Бооруна койдурду.
Кесип алып казыдан,
Ичип алып арактан,
Казы соруп жатыр деп,
Жатып калды Карагул.
Өндүр-өндүр сай менен,
Өсөндү булак суу менен,
Мелтиреген бел менен,
Алача адыр төр менен,
Жылкы барып жатты эми.
Күн кызарып батарда,
Манастын уулу Семетей,
Ак келтени атарда,
Сары жайык талаадан,

Чаң уюлгуп бөлүнөт,
Бир карандуу адам көрүнөт.
Кандай адам болду деп,
Ала коюп дүрбүсүн,
Оң көзүнө салды эми,
Семетей байкап калды эми.
Адамдан чыккан шер экен.
Адам менде беттешкис,
Адамдан башка эр экен.
Сакалы бар саксайган,
Муруту бар үксөйгөн,
Буруп койсо мурутун,
Далысына жабылат.
Эгиндеги сакалы,
Жаш камыштай жайылат.
Мурду тоонун сеңирдей,
Көзү көлдүн буткулдай,
Жаткан иттей кашы бар,
Жан казандай башы бар.
Ай кулагы калкандай,
Ары-бери караса,
Эки көзү жаркылдап,
Таң астында чолпондой,
Очогор мылтык асынып,
Артынганы ок-дары,
Зоот экен кийгени.
Алдындагы мингени,
Желгенине жел жеткис,
Жебелеп аткан ок жеткис,
Басканына мал жеткис,
Мал эмес шамал, чаң жеткис,
Кармап турса тизгинди,
Колдорунун салаасы,
Айбалтанын сабындай,
Эки көзү жаркылдап,
Түнкү күйгөн жалындай,
Кудай бетин көрсөтпө,
Кабылган киши өлчүдөй
Бет алып адам баргысыз,
Адамдан башка түрү бар,
Жалаңкычтай сүрү бар.
Манастын уулу Семетей,
Жылан көргөн немедей,
Жыйрыла түшүп токтолуп,
Чын жүрөгү козголуп,
Боконо сөөгү болкулдап,
Мындайды мурун көрбөгөн.
Бала баатыр Семетей,
Коркуп калды солкулдап,
Сарай менен боз үйгө,
Бу Карагул Калмактын,
Салтанаты бир башка,
Айбанга тилмер жан эхле.
Кудай билет чын болсо,
Ар түрдүү тилди көп билген,
Билгирлиги бар эле.
Айбан менен сүйлөшкөн,
Айбандын тилин билчү эле.
Айдап жүргөн көп жылкы,
Айдагандай жүрчү эле.
Бу Карагул эр калмак,
Мал бакканга даң эле.
Жылкынын тилин билет деп,
Жылкы багып берет деп,
Кара чоктуу калмакка,
Бу Карагул даң эле.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Астындагы Алгара,
Бекем камчы салды эми,
Карагул жаткан сарайга,
Чоң калча чыгып барды эми.
Салынып жүргөн куржунга,
Чоң чеңгелин салды эми.
Оозу алтын, сабы жез,
Белиндеги чоң канжа,
Белден сууруп алды эми.

Чеңгээлинде тамеки,
Канжасына салды эми,
Ичине тартса кур этет,
Жанына киши бара албай,
Какап-чакап чур этет.
Кырдуу мурун, кызыл көз,
Кыйынды көрдү Семетей,
Жазы маңдай, жаргак көз,
Шерди көрдү Семетей.
Адам менде беттегис,
Эрди көрдү Семетей.
Канжасы аттын белиндей,
Канжа тартып оозунан,
Кое берсе түтүнүн,
Талаанын шамал желиндей.
Мурду тоонун бородой,
Эки көздүн чарасы,
Ачып койгон ородой.
Сакалы айгыр жалындай,
Муруту чөлдүн камыштай,
Алоокелеп бакырып,
Тилин билет Семетей,
Жана араң жатам дегенге,
Коңурбай жакын келгенде,
Басарына жер болбой,
Кирерине көр болбой,
Карагул чыкты жүгүрүп.
Улук келип калды деп,
Тизелери бүгүлүп,
Башкалары жүгүрүп,
Карагулга кеп айтат,
Кан Коңурбай эр айтат:
Канчалык жерге мен бардым,
Чоң-Кулжа учуна,
Чыга чалдым деп,
Ушуга чейин бардым деп.
Түптүү Бээжин Чоң-Кулжа,
Түбүнө чейин чалдым деп,
Аттанып атка мингеним,
Чалгын чалып жүргонүм,
Ай караңгы түн болду,
Так кырк эки күн болду.
Кызыл-Кыя белинде,
Былчакай деген жеринде,
Мурадыл жатат жайында,
Куу өрдөк жатат көлүндө,
Кулжалар жатат жайылып,
Боз ала адыр төрүндө.
Астыңкы кулжа арача,
Анын баарын мен көрүп,
Кайрылып жолг салдым деп,
Кербенчиге кабылып,
Өлтүрөм деп чамынып,
Буларды кармап алдым деп,
Кербенчиден кеп уктум.
Манастын уулу баланы,
Кары кеги бар экен,
Кармап кетти деп уктум.
Кой кайтартып алды дейт,
Таяк берип колуна,
Койчу кылып койду дейт.
Аргын менен огойдун,
Талабы менен канкордун,
Үрүп чыккан ити жок,
Касташа турган киши жок,
Күнү-түнү канча күн,
Аттанып чалгын чалдым деп,
Убал болду бууданга,
Араң чөптөн оттотуп,
Үстүнө чымын конбосун,
Жылкычы минип койбосун.
Кышынкысын болгондо,
Кар тепкизип оттотуп,
Бир жыл минбей койоун.
Бээжинден чыгып келгеним
Мен сагынып дегдедим,

Каным качан келет деп,
Кызды жыйып алгандыр,
Ар жүргөнү даң эле,
Бул сагынып калгандыр.
Токтобой жолго салайын,
Түн боюнча барайын,
Төрт аягы тең эле,
Ат соорусу кең эле,
Жоргосу катуу мал эле.
Жолго жорго салганда,
Үстүндө киши былк этпей,
Жорголугу бар эле.
Ошону кармап келгиле.
Алгараны агытам,
Жоргону кармап бергиле.
Алтымыш калмак жабылып,
Атка минип камынып,
Тоо түбүндө кер жорго,
Муну кармап келгиле.
Күүгүм кирди күн батты,
Элдин асты тынч жатты.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алгараны агытып,
Кер жоргону токутуп,
Карагулдун сары айза,
Куюп койгон буркан бар.
Ат үстүнөн чокунуп,
Коңурбай жолго салган жер.
Айтканынын баарысын,
Семетей угуп калган жер.
Буурулду минип белендеп,
Берди кудай берди деп,
Кара чоктуу калчага,
Кармашар кезек келди деп,
Бала жолборс камынып,
Топтон узап чыкканда,
Барайын деп кабылып,
Кыйгактуу найза сунушуп,
Кылычты кындан суурушуп,
Кыйындыгын көрөйүн.
Манастын уулу Семетей,
Жылкычыга кеп айтып:
Койчу, болду, – деп айтып,
Ушу кепти укканда,
Кантип жанды аяйын,
Барбай кантип калайын.
Коңурбайды кетирип,
Барбай токтоп калгыча,
Туубай туна чөгөйүн,
Бу дүнүйө жалганга,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Садагасы кетейин,
Асылдан калган шер эле,
Атасы Манас зор баатыр,
Алышып жүргөн эр эле.
Алмамбет, Чубак, атакем,
Арбагың менен колдо деп,
Манастын уулу Семетей,
Тулпарга тердик салган жер.
Коңурбайдын артынан,
Бөлүнүп узап чыксын деп,
Баатырдын уулу кайран эр,
Бармак болуп калган жер.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Камчы салды жоргого,
Чыкты жөнөп ордодон,
Манастын уулу Семетей,
Атка басып барганда,
Чуркап кобо калганда,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кара-Арчаны карады,
Кара-арчага чокунуп,
Менин барбай калганым
Калдай каткан чаар арча
Кузгун конгус куу арча,
Карга конбос куу арча,

Канкордун уулу баатырдын,
Караанын көрүп калды дейт.
Карга конбос Кара-Арча,
Калдай карга конду деп,
Кара-Арчага баргыла,
Тегерегин чалгыла.
Кузгун конбос куу арча,
Кулдуйуп кузгун конду деп,
Бул эмине болду деп,
Коңурбай коркуп калган жер.
Кайра тартып барган жер.
Эки солон камынып,
Дүрбөлөңдөп калмактар,
Жылкычынын башчысы,
Аттанчудай жабылып.
Манастын уулу Семетей,
Бакай аййткан кеп эле,
Байкагын бала деди эле.
Кысын чапкан Коңурбай,
Шек алып кайра келди деп,
Караанымды көрдү деп,
Жоо экенин билди деп,
Каныкей кылган кара бөрк,
Темир койгон тээктеп,
Кырына алтын жээктеп,
Жерди көздөй ыргытып,
Бала баатыр эр Семең,
Тып отура калды эми.
Карга конбос Кара-Арча,
Конбой турган эмине,
Кузгун конбой койгудай,
Кудай бекен бул арча
Карга экен карк этип,
Кара жарга барды деп,
Учуп кетип калды деп,
Коңурбайга барышып,
Баягы чаккан үч калмак,
Барды кайра жарышып.
Коңурбайга кеп айтып,
Карга экен каркылдап,
Учуп кетти деп айтып.
Манастын уулу Семетей
Башында бөркүн алганда,
Жарды көздөй ыргытып,
Жылаңбаш калганда,
Кароолчулар келген жер.
Карга экен учуп кетти деп,
Манжуга кабар берген жер.
Улуузаада чоң калмак,
Учуп жолго салган жер.
Кайсы жолго саларын,
Кандай жерге барарын,
Семетей көрбөй калган жер.
Күүгүм кирип күн батты,
Иңирт басып түн кирди,
Кандай жолго саларын,
Семетей кайдан ал билди.
Карагулга кеп айтып,
Кер жорго минип керилип,
Коңурбай жолго салган жер.
Манастын уулу Семетей
Артынан издеп бара албай,
Чоң Коңурбай манжунун
Бастырган жолун таба албай.
Коңурбайды табам деп,
Кызыталак калчаны
Манастын уулу Семетей,
Мына Буурулга камчы салган жер.
Чоң манжунун түшүнө,
Агала зоонун астына,
Адис болуп жол билбей,
Тетири жолго салыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Буурул ат оозун бурган жер,
Буйругу экен кудайдын,
Кабылбай калдым калчага,

Кара чоктуу чоң манжу,
Баатырлыгын көрбөдүм.
Бет алышып сайышып,
Балбандыгын көрбөдүм.
Көтөрдүм кудай салганын,
Дөөгүрсүгөн чоң манжу,
Көрүнбөй кетип калганы.
Көтүнөн кууп жете албай,
Манастын уулу Семетей,
Чоң манжу тийсе колума,
Кылбайт белем кызыкты.
Капа болуп токтолуп,
Астындагы Буурулду,
Түн ортосу маалда,
Түшө калып откоруп,
Ат чалдырып алган жер.
Кан чогулуп болгончо,
Канкордун уулу эр баатыр,
Кайрылып жолго салган жер.
Карагул жаткан сарайга,
Бала чунак барган жер.
Атты коюп арага,
Койду байлап талаага,
Кылычын илди белине,
Айбалта алды колуна,
Атам Манас эр баатыр,
Аккелте менен айзаны,
Буурулдун койду жанына.
Кылычын кыя кармаган,
Айбалта жанда кармаган,
Алтын жака жез олпок,
Аттын койду жонуна.
Манастын уулу Семетей,
Эрдиги бар эси жок,
Ээрчип жүргөн киши жок,
Акылы бар эси жок,
Артынан келген киши жок.
Соотун кийип доңкоюп,
Он эки бүчү жез топчу,
Кынап кийип алды эми.
Карагул жатат салкында,
Алтын айдар пормосу,
Салкындап жатчу ордосу,
Босогосу борт алтын,
Чамгарагы алтымыш,
Кара кундуз карматып,
Кармап жээк бастырган.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Жылкыга шерик Карагул,
Жайдын салкын күнүдө,
Карагул келип жатсын деп,
Боруму башка бир далай.
Кан Коңурбай жасаткан,
Киши көрсө таңданган,
Көргөн киши таң калган,
Керегесин көктөткөн,
Көгүнө күмүш бөрктөткөн.
Он эки калмак, эр жалгыз
Олуязаада Семетей
Ошондо келди жакындап.
Бала чунак барганда,
Байлап койгон аты жок,
Карап турган киши жок,
Эчтеме менен иши жок,
Жаздыгына жөлөнүп,
Башына мамык койдуруп,
Карагул жаткан чоң үйгө,
Кылычын кындан алган жер,
Семетей басып барган жер,
Тегеренип чалган жер.
Үрүп чыккан ити жок,
Басып чыккан киши жок,
Баары жатат былк этпей,
Баш көтөрүп тырп этпей,
Эшигинен канча күң,
Кылыч менен келем деп,

Түндүгүнүн бүркөсүн,
Айза менен чечем деп,
Бордомолуу боз үйүн,
Боорду жөлөй жыгайын.
Жайкын жаткан калмакты,
Бирин койбой кырайын.
Манастын уулу барган жер,
Зулпукор колго алган жер.
Карагул жаткан сарайды,
Түшүп тилип салган жер.
Айнектей көзү чачырап,
Арта тууган кайран эр,
Шыкаалап карап калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Көзүн салып караса,
Бир жаш бала жанаша
Семетей көзүн салганда,
Шыкаалап карап калганда,
Безгек тийген немедей,
Безилдеп тура калды эми,
Уу ичкендей саргарып.
Семетей көрүп таңданып,
Толуксунган калмакты,
Чапчып тартып ойготуп,
Сен Карагул абамсың,
Коңурбайдан кийинки,
Калк сураган абамсың.
Уктап кетип түш көрдүм,
Бир ажайып иш көрдүм,
Бээжин менен Какандын
Ортосунан өрт күйдү.
Байтерек күйдү күлдөдү,
Карагай жыгач калган жок,
Алма жемиш аралаш,
Алар күйүп кетти деп,
Уктап кетип түш көрдүм,
Түшүмдө жаман иш көрдүм.
Какан менен Бээжинден
Карарып күйгөн өрт көрдүм,
Каптап аткан сел көрдүм,
Түшүмдө кыйын эр көрдүм.
Кызыл буурул аты бар,
Кызыл тору бир жигит,
Асынганы алмабаш,
Артынганы ок дары,
Кармап алып доолбас,
Баатырдыгы бир башка,
Басып келип атыптыр,
Шыкаалап көрүп жатыптыр,
Аны көрдүм түшүмдө.
Бээжинди көздөй беттебей,
Какандан аскер камынбай,
Каптап жакын бара албай,
Ушу буурул атчан кишини,
Барып кармап ала албай,
Жүрөгүм чыгып болк этип,
Эсим жаман коркту деп,
Абаке жору түшүмдү,
Айткан түшүң туура деп,
Бээжиндин каны чоң баатыр,
Капталынан кан агып,
Ошо жаш бала менен кармашып,
Көчүгүнөн кан агып,
Оозунан зил агып,
Өлөр-өлбөс жан менен,
Өпкө боору кан менен,
Чыгар-чыкпас жан менен,
Тулку бою кан менен,
Алтын айдар шуру чок,
Айза тийип сүзүлүп,
Жүрүп кетчү немедей,
Алагар көзү алайып,
Аңтара карап жатыптыр.
Аягында мен көрдүм.
Баланын түшүн укканда,
Баш көтөрүп чочоюп,

Карагул калды очоюп.
Коркуп көргөн түшүңдөн,
Мен садагаң кетейин,
Кабыл кылчу ишиңден.
Какан менен Бээжинге,
Шаркырап каптап сел жүрсө,
Жаркырап каптап өрт күйсө,
Селдей болуп шаркырап,
Өрттөй болуп жаркырап,
Өсөт экен чоң Бээжин.
Какндын каны Коңурбай
Кара кан гып кансырап,
Жатып калса алсырап,
Кан куюлса оозуна,
Жин куюлса өтүнөн,
Кан куюлса этинен,
Алтын айдар шуру чок,
Айза тийип тешилсе,
Кылыч тийип кесилсе,
Кызыл буурул ат минсе,
Кыл куйругун бек түйсө,
Кызыл бала көрүнсө,
Манастан калган баланын,
Атасы күткөн арбагы,
Семетей бала деп угам.
Ал күтө албай калганы,
Атаны сойгон баатыр деп,
Колдогону келгени.
Биздин баатыр Коңурбай,
Жолдош болуп бергени.
Жоо Карагул жоодурап,
Чоочуп кетти бала деп,
Түш жоруду шоодурап.
Карап турса Семетей,
Эрдиндеги сакалы,
Жаш камыштай жайылат.
Эрдиндеги муруту,
Тикенектей сайылат.
Кызыл тору калмактын
Өңү башка көрүнөт,
Манастын уулу Семетей,
Алтын айдар нур жүздүү,
Айланайын аба деп,
Туура жору аба деп,
Эт жүрөгүм токтобой
Эсим чыгып мен турам,
Чоң жүрөгүм токтобой,
Чоочуп коркуп мен турам.
Уктап көргөн түшүмдү,
Түшүмдө көргөн ишимди,
Эт жүрөгүм болк этет,
Сезгендигим айтайын.
Ажалым туура жеткенби,
Ошо келген баланын,
Кылычы кындан суурулат,
Баланы көрүп баарысы,
Айланайын абаке,
Жаныңдагы жайсаңың,
Жүрөгү түшүп кырылат.
Ал түшүңдү жоруюн,
Айбалтанын мизиндей,
Сыр найзанын учундай,
Алакандын бетиндей,
Бол берет дүнүйө,
Корккон жүрөк басылат.
Маңдайын сылап Карагул,
Бу балага кеп айтып,
Жата бергин деп айтьып,
Уктум айткан сөзүңү
Колдоптур кудай өзүңдү.
Баркын богуш келиптир,
Балам сага баары-жокту бериптир.
Жанкөөкөрдө арактан,
Түшүн коруп баланын,
Жутуп коюп акырын,
Кертип койгон казыдан

Кашкулактын этинен,
Кошо кесип коюптур.
Ичкен арак артынан,
Оңолбогон калмактын,
Салтанатын көрдүңбү,
Оозуна салды эми,
Шимип соруп калды эми.
Манастын уулу Семетей,
Кайра тартып чалкалап,
Бала чунак эр Семең,
Жара тилген үзүктү,
Булкуп тартып койду эми.
Түш жоруткан жаш бала,
Ыргып өөдө болду эми,
Агылган жери жарк этип,
Бала көзүн салды эми,
Түшүндө көргөн баланы,
Өңүндө көрүп алды эми.
Ой абаке, Карагул,
Уйкуда жүргөн түшүм деп,
Туура келди ишим деп,
Жүрөгү чыгып кабынан,
Бакы-бакы-бакы деп,
Жан берди бала жакы деп.
Манастын уулу Семетей,
Атасы чапкан ар кесме,
Кындан суурул алды эми,
Көрчөгөлүү эшикти,
Кайра тарта салды эми.
Манастын уулу жалгыз эр,
Үйгө басып кирди эми,
Атасы баатыр эр Семең,
Камбыл тууган эр немең,
Кылычты кындан алган жер,
Кытайга кыргын салган жер.
Канкордун уулу эр баатыр,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Канга суусап калган жер.
Кылычы канга боёлуп,
Баатырдын уулу жалгыздын
Кылган иши оңолуп,
Кырк кулактуу казанга,
Атадан калган мал экен,
Асыл болуп кайыптан,
Бышып турган чагы экен.
Эттен алып сугунуп,
Карагул жатат былк этпей,
Өлүмүш болуп тырк этпей,
Кетер шайы калган жок,
Канкордун уулу Семетей,
Ошондо Карагул башын алган жок.
Сактыян коюп оозуна,
Сары алтын коюп бастырган,
Этке тоюп эр Семең,
Сабаны көрүп алды эми,
Аңдып атат Карагул,
Кандай ичер экен деп.
Төрт булуңдуу сабаны,
Бүйрө кармап олтуруп.
Байталдан кармап шимирди.
Жылкычы башы Карагул,
Бал салдырып коюптур,
Манастын уулу Семетей
Алтымыш киши тойчу эле,
Сабадагы кымызды,
Чогуу ичип коюптур.
Канкордун уулу эр Семең,
Жылкы баккан жылкычы,
Отун алган отунчу,
Бирин койбой чакырды.
Коңгуроону кактырды,
Манастын уулу Семетей,
Ат башындай жылаажын,
Камчы менен чапты эми.
Коңгуроо үнүн укканда,
Тамак бышып жай болуп,

Баатырдан кабар болду деп,
Коңгуроону кактырып,
Тамак даяр болду деп,
Уктап жаткан уйкучу,
Отун алган отунчу,
Жылкы айдаган жылкычы,
Жыйылышып калды эми.
Семетейди көрдү эми.
Бала жолборс эр Семең,
Кылычын кындан алды эми,
Такыр кыргын салды эми.
Кана жаткан калмагын,
Талаага жатып калганды,
Чакыр чогуу келсин деп,
Жылкы баккан жылкычы,
Уктап калган уйкучу,
Чогуу келип берсин деп.
Эр Семетей камданып,
Адамдан тойчу Карагул,
Алапайын таба албай,
Атасындай экен деп,
Амал кылып көрсөм деп,
Жылкы баккан жылкычы,
Уктап калган уйкучу,
Муну жыйып берсин деп,
Коңгуроону чаптырып,
Кайра-кайра кактырып,
Эки жайсаң, үч солоон,
Булар уктап калыптыр,
Коңгуроо үнүн укканда.
Баягы бешөө барыптыр.
Манастын уулу Семетей
Башын алып салыптыр.
Талаада киши калган жок,
Эр Семетей жалгыз эр,
Карагулдун жанында,
Жакын барып олтуруп,
Ээгиндеги сакалын,
Кармай калып жулган жер.
Барып жулуп койгон жер.
Муруту жок мулуюп,
Сакалы жок култуюп,
Эр Семетей көк жалың,
Карагулдун көөдөнгө,
Эми минди оңдонуп.
Манастын уулу Семетей,
Кулан минип куш салып,
Кутурасың жоо калмак,
Койго тийчң бөрүдөй,
Жутунасың жоо калмак.
Манастын уулу Семетей,
Карагулду басканын,
Камчы чапкан немедей,
Карагулдун жанына,
Салаасынын батканы.
Карагулдун жаагынан
Кан төгүлүп жатканы.
Көөдөнүнө мингени,
Жылкы болсо буудан деп,
Арак ичип мас болуп,
Бир далайды кылган деп,
Кейип-кепчип койду эми.
Манастын уулу Семетей,
Чычкан алган мышыктай,
Кыргый алган чымчыктай,
Эрмек кылмак болду эми.
Оозунан кетип кара кан,
Жин куюлуп артынан,
Оң кулактан алды эле,
Мына минтип ат минип,
Эчен жолго салдыңбы,
Карагулдун айры төш,
Муштуму менен сөктү эми.
Терилери бөлүнүп,
Төштүн сөөгү көрүнүп,
Чарым эти ачылып,

Чыркыраган Карагул,
Унчукпай үнү басылып,
Калкандай болгон кулагын,
Кармап жулуп алды эми.
Канкордун уулу Семетей,
Карагулдун жылкычы,
Баарын кырып тойду эми.
Бээжиндин канын алгандай,
Бээжинди сурап калгандай,
Чыканактап кыйшайып,
Бала төрө кайран эр,
Уктап калды тынч алып,
Чыканактап кыйшайып,
Жатты бала тынч алып,
Бала уктап калганда,
Карагулда арман жок,
Качар алы калган жок,
Жөөт кулда дарман жок,
Басар арга калган жок.
Эки көзү сүзүлүп,
Өлүүчүдөй үзүлүп,
Алагар көзү алайып,
Асыл жүзү тунарып,
Бери көздөй бет алып,
Келе турган жерде эле,
Кичинекей эс алып,
Адамдан жөөт Карагул,
Катыларга арга жок.
Кармашарга шайы жок,
Тура турган алы жок.
Урушууга шайы жок,
Адамдан жойку Карагул,
Баатыр бала барганда,
Калмак, кытай элде эмес,
Ошо барган баладан
Аман калчу жерде эмес,
Баланын жайын айтайын,
Атасынын бабасы,
Манастын жалгыз баласы,
Беш убагын жазчу эмес.
Бейдаарат жерди басчу эмес.
Бет алышып турганда,
Беттешип уруш кылганда,
Намаз окуп шашчу эмес,
Даараты жок талаада,
Ат жетелеп басчу эмес.
Эки жагын караса,
Калмакка кыргын салганда.
Кылычтап башын алганда,
Кийген кийми кан болуп,
Манастын уулу Семетей,
Боюн суруга салды эми,
Боюна даарат алды эми.
Кийимдерин караса,
Кан жабылып калыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Баарын чечип салыптыр.
Канын жууп кетирип,
Тазаланып алган жер,
Буурул атка бөктөргөн,
Атка басып барган жер.
Жайнамазын алган жер,
Эки сүннөт, эки парз,
Бала окуп алган жер.
Анысын окуп алгыча,
Карагулга баргыча,
Убагы өтүп кетти эми,
Кийимин жууп тазалап,
Күн кызарып чыгарда,
Бияк жагын караса,
Киши жасап койгондой,
Экөө бирдей боз дөбө,
Ак топурак алгандай,
Араң пенде салгандай,
Басып барды балпайып,
Ошондо ак олпок тонду жамынып.

Дөбөгө чыкты далкайып.
Эр Семетей баргыча,
Карагул барды камынып,
Кандай да болсо кетем деп,
Басташып жоону жеңе элек,
Бастырып жоону көрө элек,
Жоо көрө элек боз экен.
Эптесем эпке келчи деп,
Ардемени сурасам,
Барып айтып бергидей,
Карагул менен топ калмак,
Ойлонду аяр канча акыл,
Эчен санаа, эчен ой,
Карагул турат ойлонуп,
Калган экен ойлонуп.
Эр Семетей барганда,
Элдир-селдир эс алып,
Эсин жыйып алыптыр,
Караса көзү мончоктой,
Карагулдун жанына.
Семетей басып барыптыр.
Жоо калмак жайың кандай деп,
Семетей сурап калыптыр.
Кагылайын кулунум,
Кандайлыгың сурайын,
Кабыргам кыйрап курудум,
Бетиңдеги бедериң,
Эртеги өткөн баатырга,
Бедериң окшош көрүнөт,
Атанын көрү дүйнө күн,
Бедериңди мен көрүп,
Көңүлүм көккө бөлүнөт.
Маңдайыңда баргегим,
Көзгө тарткан айнегим,
Баштагы өткөн баатырга
Караң окшош көрүнөт.
Ошо Манас баатырга
Нуруң окшош көрүнөт.
Өтүп кеткен баатырга,
Өңүң окшош көрүнөт.
Жоо көрө элек жашсыңбы,
Жол көрө элек бозсуңбу,
Мен садагаң кетейин,
Айтчы атың угайын,
Атыңды угуп турайын,
Жараткан алда кудайым,
Кантер экен калмак деп,
Айбалтасын таянып,
Келди бала Семетей.
Карагулдун башына,
Кандай калмак ойлон деп.
Отурду төрө башына.
Оң көзүнөн кан агып,
Сол көзүнөн жаш агып,
Күбүрөнүп кеп сүйлөйт,
Жараткан алда кудайым,
Жаңгызым келип калганга,
Дин мусулман мен болсом,
Эртеги өткөн баатырга,
Окшошуп көзгө көрүнөт,
Көрүп көөнүм бөлүнөт.
Өзүнчө сүйлөп кеп айтат,
Жойкулугун көрдүңбү,
Айкөлүм менин жолборсум,
Акыреттик жолдошум,
Ала жаткын деп айтат.
Айта түшүп такалат,
Манастын уулу Семетей,
Баатыр атаң Манасты,
Айкөлүм деп ыйлайт деп,
Кулагын салып тыңшаса,
Муруту жок мулкуюп,
Жулунду менин мурутум,
Бу мурутум курусун,
Жараткан алда кудай деп,
Эми булас шаң көрдүм,

Мусулман өңдүү жан көрдүм.
Кечээ Каканга Манас келгенде,
Каза жетип күн бүтүп,
Айкөлүм Манас өлгөндө,
Какандагы калмактын
Колуна түшүп калганда,
Жайган торгго салынып,
Кордугун көрүп барганда,
Жайы-кышы он эки ай,
Кармап орго салганда,
Жебегеним бок болуп,
Көрбөгөнүм көр болуп,
Соорондук кандын азабы,
Чоң Коңурбай баатырды,
Согот сурап келди эле,
Соорондукка берди эле.
Мурутум чачым алынбай,
Астыма жылкы салганда,
Кара жанга күч келип
Мен кургур калмак болуп калганда.
Жылкынын жайын билгенде,
Жылдырып жорго мингенде,
Кабарыңды укканда.
Соорондук кандын колунан,
Коңурбай кайта алды эле.
Жылкы артына салды эле,
Жылкынын жайын билет деп,
Токсондон калмак токтотуп,
Бек кайтарып жүргүн деп,
Кечип кетип калат деп,
Солоонду коюп жаныма,
Аскерди коюп артыма,
Ушинтип багып жүрчү эле.
Мен садагаң кетейин,
Айдай бетиң жаркырап,
Айнектей көзүң тугарып,
Мээнетиңди алайын,
Мен көрбөгөн жан элең.
Дин мусулман өңдөнгөн
Сен кайдан келген бала элең?
Кыл мурутуң эрбейип,
Мен садагаң кетейин.
Кытай менен калмактан,
Сендей киши көрбөдүм.
Оң мурутум ирмедим,
Какан менен Бээжинден
Сендей киши көрбөдүм.
Белиме бекем кадаган,
Мээнетиңди алайын,
Берсе кудай тилекти
Жараткан алда бир кудай,
Сага кылсын садага,
Өңүң катык көрүнөт,
Чабуул көрүп жоо сайып,
Жоо беттешип эр сайып,
Өңүңдөн кандай аздың деп,
Кагылайын кулунум,
Айтсаң боло чыныңды,
Араң жан калмак кеп айтып,
Алдамак болду баланы,
Ар кандай кепти көп айтып.
Манастын уулу эсер кул,
Айчүрөк, Бакай кеп айткан,
Атаң Манас баатырды,
Алдаган киши деп айткан.
Как ошого сак болгун,
Бул Айчүрөк көп айткан.
Ала көөдөн дардаңдын
Түшкөнү жок эсине,
Карагулга жакындап,
Башын алып салчудай,
Айбалта алып колуна,
Жойкулаган жоо калмак,
Ойноп айтпай, чыныңды айтпай,
Өлтүрөмүн сырыңды айт,
Жасап айтпай чыныңды айт,

Жайлаймын сени сырыңды айт.
Менин жайым сурасаң,
Дин ислам жолунда,
Куралым бар колумда,
Жайымды айтып берейин.
Кең-Кол Талас жерденмин,
Аргын, огой элденмин,
Мен Бээжинге жортуп келгенмин,
Атам Манас маркумду,
Кечээ Какан менен кармашып,
Жазасы кетип өлтүрүп,
Мен Манастан калган баламын,
Калмагым айткын чыныңды,
Башыңды алып саламын.
Калмагым азыр сени соёмун,
Эки көзүң оёмун,
Калмагым карга менен кузгунга,
Кара жору кашкалдак,
Кара этиңи чокутуп,
Кара жору, ак жору
Жилигиңщди кемиртип,
Канаттууга той кылып,
Сени ушинтип коёмун.
Таластан келдим дегенде
Башын жерге бир коюп,
Көкүрөгүн каккылап,
Өз бетин өзү чапкылап,
Мен садагаң кетейин,
Кечээ Каркыранын сазында,
Көкөтөй хандын ашында,
Каапыр менен мусулман,
Калк чогулуп толгондо,
Баарысын Манас билди эле.
Кара кашка аргымак,
Мойнуна чылбыр салдыц эле,
Манастын зайбы Каныкей,
Каапыр менен мусулман,
Келип бата алды эле.
Мусулмандын карысы,
Кошой бата бергенде,
Калмак, кытай кошулуп,
Кошо бата бергенде,
Батадан бүткөн бала эле.
Бу Каныкей бейтаалай,
Каапыр менен мусулман,
Жараткан кудйа жар болуп,
Батадан сурап алды эле.
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулуна тең болуп,
Эпейип атка минди эле,
Эл аралап жүрдүбү,
Манасымдын барында,
Жоокер болуп жоо сайып,
Жоо келүүчү жол салып,
Бакай деген бар эле,
Бакай менен Манаска
Жолдош болуп бир жүргөн,
Алмамбет менен Чубагым,
Атаны кокуй арман күн,
Атактуу молдо Сыргагым.
Арстанымдын бири эле.
Аттанып жоого тийгени,
Аккула окко учту эле.
Ал үчөө шейит кетти эле.
Үчөөнүн көзү өткөн соң,
Жашынарга көр таппай,
Кутуларга жер таппай,
Үчөөнөн калган кырк чоро
Баатыр Манас көк жалым,
Балта тийип башына,
Жарадар болуп калды эле.
Атаны кокуй арман күн,
Алапайын табалбай,
Атка жетип мине албай,
Жүрөр жерди биле албай,
Башыма түштө безелик,

Басып калдым сенделип,
Асылдын көзү өткөн соң,
Атаны кокуй арман күн,
Баары өтүп кеткен соң,
Түштүм калмак колуна,
Жаттым казган оруна,
Каңырыгы бек түтөп,
Какшап турат Карагул,
Алмамбет менен Чубакты,
Манас менен Сыргакты.
Мактап айтат Карагул.
өтүп кеткен шерлерди,
Шейит кеткен эрлерди,
Баарын айтып турганда,
Манастын уулу эр Семең,
Эчтемени ойлобос,
Ала көөдөн эр немең,
Кандай айтып турат деп,
Кармап турган айбалта,
Жерге коюп Семетей,
Баары-жокту билесиң,
Алмамбет менен Чубактын,
Сыргак менен Серектин,
Баарын айтып жүрөсүң.
Абам Бакай асылды,
Аны айтып жүрөсүң,
Аларды кайдан билесиң?
Деп ошентип Семетей,
Карагулдан кеп сурап,
Калмагым билесиң кайдан деп сурап.
Карагул жойку кеп айтат,
Атаны кокуй арман күн,
Баатыр Манас барында,
Алмамбет тирүү чагында,
Аттанып чалгын чалчу элек,
Жоолоашкан жоону алчу элек,
Качыртып жоогго тийчү элек.
Атаны кокуй арман күн,
Сыргак, Серек барында,
Аттанбай жоого кирчү элек.
Кылымды билген жолборсум,
Атаны кокуй көр дүйнө,
Атакең Манас барында,
Алмамбет, Чубак жолдошум,
Манастын уулу Семетей,
Бакай менен Манасты,
Алмамбет менен Чубакты,
Баарылап жайын билгендей,
Пайгамбар сындуу сен белең,
Улар менен кошулуп,
Жоо жоолап жүргөн эр белең.
Калмагым ойноп айтпай чынын айт,
Оңолбогон калмагым,
Башың кетет бачырап,
Мээң кетет чачырап,
Бакай менен Манасты,
Алмамбет менен Чубакты,
Аларды кандай билесиң?
Мээнетиңди алайын,
Өлтүрөр болсоң өзүмдү,
Уккун айткан сөзүмдү,
Ак пайгамбар мустапа,
Чын үмөтү сен болсоң,
Чын мусаапыр мен болсом,
Келмеге тилим келтир деп,
Ыйман айтып өлтүр деп,
Каргага жаным чокутпай,
Жерди казып койгун деп,
Аларды жайын билгемин,
Аралаш бирге жүргөнмүн.
Бакайдын жайын билгемин,
Бастырып кошо жүргөмүн.
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Айкөлүм Бакай жолдошум,
Менин атым Акматбек,
Бул көрүнбөй кеткенде,

Колго түшүп калгамын.
Көтөрдүм кудай салганын.
Келмеге тилим келтирдим,
Кагылайын жалгызым,
Ыйман айтып олтургун,
Кан Манаска бир тууган,
Карындашы бар эле,
Алтын көкүл секелек,
Багып жүрдүм жетелеп,
Биз Бээжинге чыкканда,
Алты жашар бала эле,
Ушул Карлыгач аман бар бекен?
Акылга акыл кошолу,
Аттанып жоого тиерде,
Жолун айтып берчү эле,
Жолдоштугу бар эле.
Каныкейдин айтканын,
Баарыбыз кабыл алчу элек.
Кабылган жоону алчу элек,
Кабар алган кайыптан,
Билгилиги бар эле.
Пир колдогон жан эле,
Каныкей аман бар бекен?
Ак саамайын сылаган,
Жалгыз уулу Манастай,
Жараткан алда кудайдан,
Баарыбызды сураган,
Оң саамайын өрчү эле,
өзүнөн тууган Манастай,
Баарыбызды көрчү эле.
Ак сүтүн берген жан эле,
Карылыгы жеткендир,
Куудай чачы агарып,
Соорудай көзү кызарып,
Ажалы жетип өлбөсө,
Карып энең Чыйырды,
Ошол аман бар бекен?
Казат кылып кан төгүп,
Коштоп жүргөн жолдошум,
Арстан Манас баатырды,
Алып жүргөн жолдошум,
Бакай аман бар бекен?
Ажыбай, үрбү чеченим,
Атактуу Мажик көсөмүм,
Алар аман бар бекен?
Мен садагаң кетейин,
Баарысын айтып берейин,
Дин мусулман мендеги,
Кармап айтып берейин.
Дөөлөт хан менен Музбурчак,
Катагандын хан Кошой,
Эштектен чыккан эр эле,
Эр Манаска бел эле,
Жамгырчы аман бар бекен?
Эки Кемин жердеген,
Чендеп киши келбеген,
Эгиз күлүк байлаган,
Эрдиги ашкан жан эле,
Эр үрбү деген бар эле.
Жаман айткан карылар,
Төртөө аман бар бекен?
Айланайын ажлгызым,
Алла таала кудурет,
Сени алса оңуна,
Мына бу турган көп жылкы,
Алмак болдуң колуңа.
Атаң Бээжин барганда,
Бээжинге бузук салганда,
Колго түшкөн жак экен,
Акматбек деген бар экен.
Кармап өзүм сойдум деп,
Мен өлтүрүп койдум деп,
Баарысына угузгун,
Баары дайным билишсин.
Акматбек тирүү барбы деп,
Каапыр менен мусулман,

Кан төгүлүп турганда,
Алмамбет, Чубак өлгөндө,
Кайда экен дайны билинбей,
Таппай калган жан эле.
Аттарын оңдоп токусун,
Бала төрө барды деп,
Дайнын башта билбеген,
Эр Семетей эр баатыр,
Бул өлтүрүп салды деп,
үзбөй куран окусун.
Карагул какшап кеп айтат,
Каныкей деп көп айтат.
Айткан кебин укканда,
Мээнетиңди алайын,
Бээжин бекем жер болот,
Арта тууган эл болот.
Коңурбайга кабылбай,
Мен садагаң кетейин,
Жылкыны кайрып кайра кайт.
Байкуш Бакай бар болсо,
Акматбек досуң бар экен,
Аны өлтүрүп келдим деп,
Эр Бакайга салам айт.
Аман-эсен сен барсаң,
Байкуш энең Каныкей,
Дасторконун жайсын деп,
Молдого куран окутуп,
Мага атап койсун деп,
Келген киши тойсун деп,
Канкордун уулу дардаңга,
Карагул жойчу айткан кеп.
Манастын уулу Семетей,
Айчүрөк айткан кеп эле,
Кабылып калсаң кокустан,
Алдатып ийбе деди эле.
Семетей албай эсине,
Өңгүрөп ыйлап Карагул,
Манастын уулу дардаңды,
Алдап турган өңдөндү.
Ала көөдөн экен деп,
Алдай турган өңдөндү.
Манастын уулу Семетей,
Эчтемесин ойлобой,
Бу Карагул көп айтат,
Кагылайын кулунум,
Карыбым Каныкей барбы деп айтат.
Каныкейим бар болсо,
Жазбайт беле катына,
Айтпайт беле өзүңө.
Каныкей байкуш жок болуп,
Карагул ыйлап октолуп,
Карагул мойнун бурганда,
Каныкейди көп сурап,
Буркурап ыйлап турганда,
Манастын уулу Семетей,
Каныкей деп ыйлайсың,
Менин жаным кыйнайсың,
Какыраган бирөөгө.
Сенин ыйлаган үнүң укканда,
Менин жаным куурады.
Түкүрүгүң бурады,
Сенин муңдуу үнүң укканда,
Түтүндөй жаным бурады.
Жакшы ойлоп айтчы чыныңды,
Билейин сенин сырыңы.
Атакемдин жолдошу,
Анын баарын айтасың,
Өзүмдүн энем Каныкей,
Бул экөөнү айтасың,
Улуу эжекем Кардыгач,
Мунун баарын айтасың.
Коркконуңдан кеп айтпа,
Өлбөстүн жайын кылсам деп,
Буруп кепти сен айтпа,
Сурап турду Семетей.
Семетей кебин укканда,

Амалы бар бул жойчу,
Алагар көзү сүзүлүп,
Кетүүчүдөй үзүлүп,
Кыл муруту кылайып,
Эки бети кубулуп,
Эки көзү жумулуп,
Бала Семең чунагың,
Башына орун салды эми,
Карагулду кучактап,
Тизесине алды эми.
Карагул кайта оңолуп,
Калган экен каапырдын
Каны-сөлү жоголуп,
Мээнетиңди алайын,
Мен кудайга ыраазы,
Сага курман болоюн,
Оку аят кураның,
Сенден ыйман угайын,
Каныкей берген айдар тон,
Ушу менде арман чоң,
Кечээ Алмамбет, Чубак барында,
Атаңдын жүрдүм жанында,
үстүмдөн соот чечпедим,
Ошолорго кошулуп,
Окко учуп шейит кетпедим.
Бул арманым мындан чоң,
Акка моюн сунбадым,
Айлансам болот алдага,
Мен садагаң кетейин,
Сенин маңдайымда турганың.
Жолдош болсун ыйманым,
Кайра оңолуп кеп айтат,
Окугун ыйман деп айтып,
Бала чунак эр Семең,
Байкабаган эр немең,
Карагулдун кебине,
Калмактын тапкан эбине,
Карагулдун сөзүнө,
Канкордун уулу Семетей,
Канча алданып көзүнө,
Айланайын абаке,
Уктум сенин сырыңды,
Же оюнуңбу, чыныңбы,
Атаң Манас деп айттың,
Алмамбет деп көп айттың,
Билбестиги курусун,
Жулуп койдум мурутуң,
Сакалыңды жулдум деп,
Жаман ишти кылдым деп,
Жаагыңы талкалап,
Жаныңдагы кытайдын,
Баарын койбой кырдым деп,
Айланайын абаке,
Сени неге урдум деп,
Ошондо Карагулду кучактап,
Ыйлап ийди Семетей,
Чунактын көзүнүн жашы бурчактап.
Мен садагаң кетейин,
Катуу кирип кан кечип,
Канчалыктан жан кетип,
Топтоп аткан калмакты,
Тобу менен кырганда,
Кызыл тору кытайда,
Кыргын салып турганда,
Казандагы кайнаган,
Этке колуң салганда,
Сабадагы кымызды,
Баарын ичип алганда,
Коркуп жүрөк айрылбайт,
Сүйүнүп маңдай жарылбайт.
Этим калган көк жашык,
Каным калган бир кашык.
Бир мусулман экен деп,
Бисмилласы оозунда,
Дин мусулман экен деп,
Жүрөгүм дегдеп сүйүнүп,

Жаздыктан кобо кылгыча,
Сени менен көрүшүп,
Кучакташып калгыча,
Кара чоктуу кытайдын,
Арманымы айткыча,
Кызыл ойрот кытайдын,
Кылган ишин айткыча,
Көп калмактын бири деп,
Балакетиң алайын,
Көөдөнүмө миндиң деп,
Мурутум менен сакалым,
Бирден терип жулдуң деп,
Басып алып урдуң деп,
Эсим кетип эндиреп,
Алым кетип алсырап,
Жатып калдым кансырап.
Мен садагаң кетейин,
Биле албадым өзүңдү,
Айталбадым сөзүмдү.
Мойнумду өйдө буралбай,
Баш көтөрүп тура албай,
Мен садагаң кетейин,
Оозуман зил кетип,
Мен садагаң кетейин,
Кабыргам сынып кайышып,
Омурткам ооруп майышып,
Эсимен кетип эңгиреп,
Дем алганым биле албай,
Жулунган менен мурутум,
Менин мурутум курусун,
Баш көтөрүп эс алсам,
Мына кара боор көп жылкы,
Атаңдан калган мал эле,
Айдап жолго саларсың,
Арстан Бакай абаңа,
Мени ала барасың.
Абакеңе оо кеп айтып,
Бул Эртишти мен кечсем,
Арстан төрө Бакайга,
өлбөй тирүү мен жетсем,
Мына бу келген кишини,
Таанийсыңбы деп айтсаң,
Көптөн кийин билер деп,
Башымда көркүм кетирип,
Муну эмине кылдың деп,
Сага кеби тиер деп,
өзү аяр жан эле,
Байкап тиктеп олтуруп,
Бакай таанып алар деп,
Ошондо бакырып баса калар деп,
Оңолбогон Карагул,
Оодарып айтат нечен кеп.
Айланайын абаке,
Сени душман экен деп,
Кетирдим сенин айлаңды,
Артымда калган Бакайга,
Кантип алып жетем деп,
Кайгыланды камыгып.
Кечээ казатка Манас барганда,
Калмак менен кытайдын,
Колуна түшүп калган бар,
Ажалы жетип өлбөсө,
Кытайдын киймин кийгендир,
Кытай болуп жүргөндүр,
Акматбек деген бар эле,
Кытайга кыргын кылганда,
Каршылашып турганда,
Акматбек дайны билинбей,
Же ажалы жетип өлгөнүн,
Калмак менен кытайдын,
Кармоосуна кеткенин,
Манас менен Серекке,
Теңтуш болуп ат минип,
Тең бастырып жүрчү эле.
Теңдешип жоого түшчү эле,
Манастын көзү өткөндө,

Арстан Бакай жолборсум,
Акылынан адашып,
Карып болуп калгандыр,
Деп ошентип айтпагын,
Кабылса калмак көзүңө,
Кабылып калса өзүңө,
Калмак менен кытайдын,
Баарынын тилин билесиң,
Калмак, кытай ичинде,
Мусулмандан жан барбы,
Деп ошентип айтпагын,
Кагылайын абаке,
Убалым жетсин Бакайга,
Моюнунан кчактап,
Болбой калды Семетей,
Карагулга алдатып,
Оңбой калды Семетей,
Энеси менен Бакайга,
Экөөнө бирдей таарынып,
Айчүрөк болсо катын деп,
Билбесе билбей калгандыр,
Манастын уулу Семетей,
Калмактын тилин алган жер.
Кагылайын аба деп,
Семетей ыйлап келген жер.
Жоо калмак көзүн ачкан жер.
Алдадым деп эсерди,
Көңүлүн калмак баскан жер,
Көбүрөөк кыйнап айткан жер.
Кагылайын абаке,
Кабарыңы мен уксам,
Атың угуп мен чыксам,
Кара чоктуу калмакты,
Кансыратып турганда,
Мунун баарын кыргында,
Кармап алып мен сурап,
Укпайт белем атыңды,
Ошондо көрбөйт белем көзүңдү,
Ошондо кыйнайт белем өзүңдү.
Сенин жаның кыйнабай,
Кагылайын абаке,
Укпайт белем сөзүңдү,
Карагул кебин укканда,
Чын мусулман экен деп,
Коргошундай көйкөлүп,
Манастын уулу Семетей,
Эрип кете таштады.
Мусулманга кылдым деп,
Сакал менен мурутун,
Муну эмине жулдум деп,
Капа болуп кайгырып,
Канкордун уулу чунак кул,
Өлүп кете таштады.
Мен садагаң кетейин,
Жоо калмак туруп жойлонуп,
Нечен акыл ойлонуп,
Маңдайын сылап кеп айтат,
Балакетиң алайын,
Ыйлабачы деп айтып,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Жолоочусу жолдо көп,
Жортуулманы дагы көп.
Манастын уулу келди деп,
Кабар берип албасын,
Калмак менен кытайды,
Даярданган черигин,
Бу Бээжинге жыйбасын,
Аскер айдап кол болуп,
Атка минип албасын,
Кокустан келип албасын,
Биерге туруп нетели,
Кагылайын жалгызым,
Сенин түрүң көргөндө,
Кайра тартып оңолуп,
Кадимкидей болдум деп,
Мына бу тилеги жок жылкыны,

Тийип жолго салалы,
Өзүң кечкен дайраны,
Муну кечип алалы.
Баспаганын таштайлы,
Кулун, тайды бөлөлү,
Аргымагын айдайлы,
Жоргосун жолго салалы,
Чоңдорун айдап алалы.
Кокустан калмак кол келет,
Кан Коңурбай чоң келет,
Карагул калмак кеп айтып,
Биз кетели деп айтып,
Канкордун уулу эсерди,
Алдап турган жер ошол.
Манастын уулу Семетей,
Ак чайнекке суу алып,
Колодон кылган самоорго,
Колкосуна от салып,
Манастын уулу Семетей,
Ак келте белге бууган жер.
Абакем деп калмакты,
Каны-сөөлүн жууган жер,
Каныкей берген жел көйнөк,
Карагулга кийгизип,
Карагул жойчу кеп айтат,
Кийбейм муну деп айтат,
Дарбазаны тарткын сен,
Ичинде турган жалдан бар,
Барып оозун ачкын сен,
Кытайча кийген киймим бар,
Калмакча кийген кебим бар,
Жылкысын багып жакканда,
Менин Карагул деген ченим бар.
Кармалып колго түшкөндө,
Акматбек атым өчүргөн,
Мени Карагул атка көчүргөн.
Кечээ айчүрөк айткан кеп эле.
Кокустан алдатып койбо деди эле.
Ошону ойлонсо боло Семетей.
Кагылайын абаке,
Каныкей аман барбы деп,
Каңырыгын түтөтүп,
Какшап ыйлап турасың.
Колу менен жасаган,
О Каныкей жеңекең.
Мойнуңа муну салгын деп,
Каныкейди көргөндөй,
Кубаттанып калгын деп.
Карагул калмак ой ойлоп,
Муну кийип алганда,
Муну этиме салганда,
Манастын зайбы Каныкей,
Жазган каты болот деп,
Жаман кылып коёт деп,
Манастын уулу баатырдын,
Колдогону бар экен,
Койбой билип алат деп,
Дин мусулман пенденин,
Пир колдогон эр эле,
Бутума кишен салат деп,
Мен садагаң кетейин,
Өзүң кийчи көйнөктү,
Кантип кийип алайын,
Өлбөй тирүү мен жүрсөм,
Каныкейге барганда,
Кыналыган жел көйнөк,
Өз колунан киейин.
Кандай жаман күн болот,
Мен садагаң кетейин,
Кытай өңдүү жүрөйүн,
Көйнөгүңөн шек алат.
Кийбей койду Карагул,
Балакетиң алайын,
Баатырдан калган көп жылкы,
Доолбасың алгын сен,
Жатып алып нетели.

Чоң дайраны кечели,
Баспай калган жылкыны,
Жолго таштап кетели.
Чыйырчыктай Сарала,
Чыпка куйрук Карала,
Бачайыдан Сарала,
Балык окшош Карала,
Көгүчкөндөй Көгала,
Көп жылкынын көтү ала,
Ак олпокко ороюн,
Тайбуурулга өңөрүп,
Жаралы болуп калдың сен,
Доолбасты алайын,
Жайнап жаткан жылкыны,
Айдап жолго салайын,
Сени астыма өңөрүп,
Арстан Бакай абама,
Айтпай койдуң мурун деп,
Мен таарынып барайын.
Жойчуланган калмакка,
Кытайдын киймин кийгизип,
Көсөрлүгүн билгизип,
Бала төрө кеп айтат,
Айланайын абаке,
Багамын сени деп айтат.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Туу куйругун түйгөн ат,
Калбыр өпкө жез канат,
Туулгандан минген ат,
Калбыр өпкө жел таман,
Кытайдын тилин билген ат,
Алгара деп айтылган,
Өзү жойчу Карагул,
Көп жылкынын ичинде,
Жаңы бышты жазда асый,
Башына окто салынган,
Мен үйрөткөн мал эле,
Бир кара бышты бар эле.
Жолго салса былк эткис,
Жорголугу бар эле.
Минсе киши былк этпейт,
Чөптүн башы солк этпейт.
Алдыма олпок салайын,
Ошону минип алайын,
Артыңдан ээрчип сандалып,
Мына турган көп жылкы,
Тай куландар бөлүнүп,
Доолбасты какканда,
Күлдүрөгөн көп жылкы,
Логлоп жолго салат деп,
Көт жагынан бөлүнүп,
Кокустан кулун, тай жүрбөй
келет деп,
Мен ошону минейин,
Терме кечүү Кара-Суу,
Кагылайын жалгызым,
Бөлүнүп калган жылкынын,
Артын жыйып жүрөйүн.
Сен жылкыга барып кел,
Азыр бышты жазда асый,
Ошону кармап алып кел.
Каңкы токуп үстүнө,
Астыма олпок салып бер.
Жарадар болду капталым,
Мен садагаң кетейин,
Эки каңкы ортого,
Бекем мени таңып бер.
Жүрүшү бар жолго тынч,
Оозун жыйып жүрөйүн,
Мен ошону минейин.
Сууга жакын жеткенде,
Жылкынын асты кечкенде,
Мен агытып жиберейин,
Башка атты минейин.

## СЕМЕТЕЙДИН КОҢУРБАЙДАН АТАСЫ МАНАСТЫН КУНУН КУУШУ

Манастын уулу Семетей,
Жылкы аралап турган жер.
Абакемдин айтканы,
Кандай жылкы болду деп,
Барып көзүн салган жер.
Бала төрө Семетей,
Жылкы аралап барганда,
Капталында тагы бар,
өркөчүнүн үстүндө,
Алакандай жоору бар.
Жалы турат жайылып,
Туягы жерге сайылып,
Куйругу турат кубулуп.
Манастын уулу Семетей,
Белгиси бар мал экен,
Билет экен Абакем.
Ыйык жалы кундуздай,
Эки көзү жылдыздай,
Аркар аяк жаныбар,
Айбандан түрү бир башка.
Ала көөдөн Семетей,
Алгарага барган жер,
Коңурбайдын Алгара,
Ал кубулуп калган жер,
Семетей кармап алган жер.
Айтканың берсе экен деп,
Башына окто салган жер,
Карагулдун астына,
Кара атты алып барган жер,
Карагул көңүл баскан жер.
Алгара тийди колуна,
Карагул алды оюна,
Манастын уулу дардаңды,
Салармын деп жолуна,
Эр Семетей көсөр кул,
Акылы жок аңги кул,
Карагулду аба деп,
Алгарага мингизди,
Өзүнүн киймин кийгизди.
Бу Карагул кеп айтып,
Атаңдан калган жылкыны,
Асыйы канча болду эле,
Карып калган мал эле.
Бээжинге жылкы келгени,
Ыйыктыгы бар эле.
Жан кишиге тийгизбей,
Мен Кытайга билгизбей,
Багып жүргөн мал эле,
Тукуму өсүп миң болгон,
Карылыгы жеткенде,
Мен карматып сойдурдум,
Кытай менен калмакты,
Кара этине тойгуздум.
Казы карта жаясын,
Муну бөлөк алдырдым,
Жасаган калай челекке,
Туз септирип салдырдым.
Биз Бакайга жетсек деп,
Өзү көргөн мал эле,
Казыдан кесип алсын деп,
Таңдайына салсын деп.
Арстан Бакай абакең,
Бул ооз тийип калсын деп.
Ак боз бээнин казысын,

Семетейге алдырып,
Чын ишенип калсын деп.
Канкордун уулу баатырдын,
Куржунуна салдырып,
Алгараны мингенде,
Адамдан жойпу Карагул,
Ошондо көөнү ачылып,
Алдадым деп дардаңды,
Карагул көөнү жасылып.
Айланайын жалгызым,
Жер көрө элек жаш элең,
Үч арал деген жер ушу,
Бөлүнүп жылкы калбасын.
Ар түрдү айбан көп болот,
Семиз болгон кези эле,
Кокустан аюу жарбасын.
Жайыттагы жылкыны,
Жайып жолго салайын.
Ээрдин кашын таянып,
Өзүм айдап алайын.
Тетиги мунарган белге баргын сен,
Добулбасты алгын сен,
Добулбас кагып кыйкырып,
Добушту катуу салгын сен.
Өзү койчу Карагул,
Алгараны алганы,
Манастын уулу баланы,
Алдап жолго салганы.
Карагул айткан белеске,
Семетей чыгып барганы.
Желим менен чаптаган,
Бил телисин каптаган,
Чымын тийсе зыңкылдап,
Камчы тийсе даңкылдап,
Кагып койсо доолбас,
Тоо көчкөндөй тарсылдап.
Манастын уулу Семетей,
Доолбасын алган жер,
Капчыгай көчүн жаңыртып,
Жылкы үркүп калган жер.
Торучасы топтолуп,
Аргымагы бөлүнүп,
Ала мойнок кыяны,
Доолбас үнү чыкканда,
Аша койду жарышып,
Карабууруй көп жылкы,
Доолбасты какканда,
Улам-улам чапканда,
Кудай бетин көрсөтпө,
үркпү жылкы токтобой.
Тополоң жылкы жолго салганда,
Баары үркүп калганда,
Топурак учун боз болуп,
Жердин чаңы буркурап,
Кара буурул көп жылкы,
Токтобой үркүп чуркурап.
Манастын уулу Семетей,
Айдап жолго салган жер.
Кече Алмамбет минген Көгала,
Астын баштап барган жер.
Барган жерде токтобой,
Суута кирди буурулуп,
Көгаланын көтүнөн,
Көп жылкы кирди чубуруп.
Бу Карагул жойпу калмак,
Малга тилмер жан эле.
Алгара этин кызытып,
Адырлуу тоонун түбүнө,
Бу Карагул барды эле.
Ишенди дардаң бала деп,
Тубайт, тубайт деп.
Токтоп калган жылкыны,
Камчы менен чапкылап.
Алдындагы Алгара,
Эти кызып калды деп.
Кечсе Бээжин барбайбы,
Кетип калса Карагул,
Бээжиндеги Манжууга,

Барып кабар салбайбы.
Ала көөдөн эсерди,
Алдап жолго салам деп.
Минип жүргөн Буурулду,
Өзүм кармап алам деп.
Эсерлигин билген соң,
Малга тилмер Карагул,
Жылкынын теңин токтотуп.
Ары жагына бир чыгып,
Бер жагына бир чыгып.
Үч чокусу кумгандай,
Кечкен сууну бургандай,
үчкүрөң деген ат эле,
Карагул жетсе какайлап,
Жылкы кечпей жатты эле.
Манастын уулу Семетей,
Айдап кирген көп жылкы,
Теңи кечип теңи бар,
Бала чунак болду зар.
Кайра тартып буркурап,
Камаса кечпей чуркурап,
Кечпей жатып алды эми.
Манастын уулу жалгызы,
Кечире албай жылкыны,
Жаман чарчап калганы,
Эр Карагул жайчы кул,
Алгара этин кызытып,
Оозуна кыштан кынаткан,
Семетейге тарткан жер.
Мен садагаң кетейин,
Жаныңа жылкы топтогун,
Токтой калып оттогон,
Аккан сууну бойлогон,
Ал жыландай сойлогон,
Буурул адис мал эле,
Билген киши минчү эле.
Кечүүсү жок жер болсо,
Кайык болуп калдактап,
Сууну сүзүп жүрчү эле.
Алдыңдагы Буурулду,
Колуңдан кое бергин деп.
Тайбуурулдун көтүнөн,
Тетиги тор ала болуп топтогон,
Тобун жазбай токтогон.
Бөрү тийген немедей,
Бөлүнгөнүн көрдүңбү.
Тайбуурул баштап кечсин деп,
Тайбуурул баштап кечпесе,
Кечире албай талыктык.
Канкордун уулу эсерди,
Бала чунак көсөрдү,
Алдап турат калмак кул.
Адамга тилмеч союлгур,
Карагул тилин алды эми,
Семетейдин жанына,
Өзү басып барды эми.
Буурул аттын жанына,
Барып токтой калды эми.
Семетейдин Тайбуурул,
Чоң көчүгүн салды эми,
Тегеренип ороңдоп,
Тебүүчүдөй олоңдоп.
Семетей кармай калбаса,
Кар жилигин талкалай,
Тебет эле Тайбуурул.
Арам өлгүр кантет деп,
Оздугун бир кагып,
Соорудан нары бир салып,
Акканкыны алган жер,
Каныкей кылган ак тердик,
Чоң күрөңгө салган жер.
Кош алакан басмайыл,
Канкордун уулу Семетей,
Манас кийген олпокту,
Кармап колго бүктөдү,
Ак куржунун арткан жер.
Жык салган куржунду,
Тайбуурулга тарткан жер.

Дары салган чонтойду,
Колтугуна салган жер.
Берди кудай берди деп,
Айтты үнү жасылбай.
Манастын уулу Семетей,
Өлөр жерге келди деп,
Сууну бойлоп окулдап,
Алгараны койгулап,
Карагул калмак солкулдап,
Чоң күрөң атты мингенсип.
Атакем айткан кеби деп,
Ардактуу атты көрсөтүп,
Мени минсин деди деп.
Чоң күрөңгө камчы уруп,
Кайра тартып олкулдап.
Айланса болот айбанга,
Тайбуурул кечпей калганда,
Арам өлгүр кечпейт деп,
Карагул турат кайгырып.
Кагылайын жалгызым,
Бу союлган Тайбуурул,
Эминени көрдү деп.
Союлгур эти ачынсын,
Катуу-катуу чапкын деп.
Бу Карагул кыйкырса,
Канкордун уулу эсеркул,
Карагул тилин алганы.
Атаңдын күнү дүйнө күн,
Манастын уулу жер кул,
Эминени көрдү деп.
Жанга өлчөгөн Буурулду,
Соорусун жара сайганда,
Соорусунан кан чыгып,
Кайра тартып Тайбуурул,
Үч кишенеп алган жер.
Атаңдын көрү катуу күн,
Тайбуурул кечип калган жер.
Кечпей жаткан көп жылкы,
Көтүнөн чубап кирген жер.
Баатырдын уулу Семетей,
Көп жылкы чубап кечкенде,
Чоң өндүргө жеткенде,
Тайбуурул токтоп калганда,
Соорусун сууга салганда.
Манастын уулу Семетей,
Чоң күрөң минип болкоюп.
Ортосунда чоң коюн,
Бурулуп тийген жеринде,
Муз туруштук бергисиз,
Же сууну сүзгөн балыкбы,
Же сүзүп жүргөн кайыкпы,
Семетей минген Чоң күрөң,
Кайык болуп алганбы,
Суу ортолоп барганбы,
Соорусунан ашкан жок.
Манастын уулу Семетей,
Сонун жылкы экен деп,
Суу ортолоп барганда,
Баатырдын уулу чунактын,
Чоңдугу бар ошондой,
Багалеги малынбайт,
Баабединге жалынбайт.
Сонун деп атка ишенип,
Аркырап аккан дайранын,
Ортосуна барган жер.
Ала салып Чоң күрөң,
Чоң күрөң жата калган жер.
Манастын уулу калдактан,
Бир кудайдын бергени,
Карыдагы найзаны,
Катуу байлап салыптыр,
Ай балта менен кылычты,
Бек байланып алыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Кайыктай агып зыркырап,
Атаңдын көрү катуу күн,
Кудай кирбес оозуна,
Жаны кирди бакырды.

Сууга башы чумулуп,
Баатырдан уулу эр жаңгыз,
Жан талашып Буурулду,
Кыройт деп атты чакырды.
Ошондо чунак баатырдын,
Баабедин барды башына,
Атасы Манас баатырдын,
Арбагы барды астына,
Калың жердин баабедин,
Маана болгон жери ошол.
Атасынан бабасы,
Бар олуя биригип,
Баана берген жери ошол.
Коңурбай салган көпүрө,
Карагул калмак барган жер.
Жоо-жарагын алам деп,
Ар кескен менен кылычын,
Аккелте деген мылтыгын,
Бээжинге алып барам деп,
Көпүрөгө барыптыр.
Өзү жайчы Карагул,
Ушу жерге келет деп,
Карагул тосуп калыптыр.
Калалуу коргон чарбакка,
Айланса болот арбакка,
Манастын уулу Семетей,
Чоң дайранын үстүндө,
Үстүндөгү зооттун,
Аккан кайың жыгачтар,
Аралашып акканда.
Карагай чери сүзүлүп,
Манастын уулу Семетей,
Кетүүчүдөй үзүлүп.
Эки айрылыш кош арал,
Семетей агып барган жер.
Манастан калган Тайбуурул,
Астын тосуп калган жер,
Ай соорусун салган жер.
Агып келген баатырды,
Астын тосуп калган жер.
Карагай жыгач тал агып,
Аңтарылып сал агып,
Манастын уулу бала агып.
Тагдыр ошо жете элек,
Ажалы жетсе өлбөйбү,
Чын дүйнөнү көрбөйбү.
Атасынын жолдошу,
Кызыл чаар жолборсу,
Ушундай жерде колдоочу.
Тайбуурулду жетелеп,
Дал өзүнө барган жер.
Манастын уулу Семетей,
Куйругунан алган жер.
Куйругунан бек кармап,
Колдогун кудай деп кармап.
Атадан жалгыз жан элем,
Энеден элкин жан элем,
Манастын уулу Семетей,
Кара жандан түңүлүп.
Кыройт деп үндү салганда,
Тайбуурул тосуп калганда.
Куйругун кармап сүйрөлүп,
Семетей аман чыкканда.
Көпүрөдөн жол тоскон,
Жай Карагул оңбогур,
Эгерде жолуң болбогур.
Көпүрөгө барганын,
Семетейдин жоо-жарак,
Кармап чечип алууга,
Карагул тосуп калганын.
Семетей агып барганы,
Бул эмине болду деп,
Алгарага камчы уруп,
Сууга чөгүп кеткендей,
Коргошунбу ташбы деп.
Астынан туура жар келип,
Сууга чөгүп калдыбы.
Аккан жыгач сал келип,

Кошо жатып калдыбы.
Карагул калмак оюнда,
Кайра тартып келгенде,
Канкордун уулу эр Семең,
Чоң дайранын боюнда,
Буурул ат турат колунда.
Бутун чечип сыгынып,
Манастын уулу Семетей,
Башындагы кызыл бөрк,
Тамагынан тээктеп,
Энекеси Каныкей,
Бөркү кетсе башынан,
Ажалынын жеткени,
Абийиринин кеткени.
Оң жагынан капшырган,
Ийининин астынан,
Сары милте ак жибек,
Тамагынан тарттырган.
Жоого тийсең кийин деп,
Сол жагында тээкке,
Мына муну илгин деп.
Манастын уулу Семетей,
Агып кетпей тебейтей,
Аман чыгып барган жер.
Айбан эмес адамдай,
Манастын уулу эсерге,
Ат чыгарып алган жер.
Манастын уулу эсерге,
Айчүрөк айткан экен кеп,
Улуу суунун боюнда,
Чунактын ошондо түштү оюна.
Айчүрөк такай айткан кеп,
Дариянын четинде,
Ошондо түштү эсине.
Атаңдын көрү каран күн,
Бакайдын тилин албадым,
Же ушерде өлүп калбадым.
Жойпуланган Карагул,
Көрүнөр бекен көзүмө,
Тилинер бекен озума.
Суудан чыгып чыйрыгып,
Кийимдерин сыгынып,
Бутундагы жеке сан,
Буттан чечип алган жер.
Ак келте ичи суу болуп,
Дары жукпай калган жер.
Жойпу калмак Карагул,
Бурултуп чаңды ызгытып,
Алгара менен тызгытып,
Семетейге барган жер.
Манстын уулу Семетей,
Жараткан алда бир кудай,
Жазганы ушу экен деп.
Адамдын тилин албаган,
Кулагына салбаган,
Текебер кылган экенмин.
Манастын уулу Семетей,
Карагул барды башына,
Аккелте кармай ондонуп,
Эр Семетей турганда.
Жоо калмакты көрдүңбү,
Алгара менен бет албай,
Улам барды толгонуп.
Жоо Карагул экенин,
Манастын уулу Семетей,
Ошондо билди ойлонуп.
Айланайын абаке,
Мен ажалымдын жогунан,
Аккан дайра кулду суу,
Аман чыгып мен келдим.
Айланайын абаке,
Карааныңды мен көрдүм,
Мен кудайга ыраазы.
Манастын уулу Семетей,
Салса кудай оңуна,
Бу Карагул жоо калмак,
Абакелеп ыйласам,
Тиеби деп колума.

Семетей билип калганын,
Карагул калмак шек алат,
Жанына жакын барганы.
Мээнетиңди алайын,
Чоң найзаны карылап,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Каруун жооруп калгандыр.
Чоң мылтыкты асынып,
Далың ооруп калгандыр.
Мунун баарын мага бер,
Апакем минген Көгала,
Астын баштап алгандыр,
Чоң өндүргө баргандыр.
Эки балам бар деди,
Эр каныбыз эр Бакай,
Абакем көрүп алгандыр.
Атаңдан калган жоо-жарак,
Аны мага бергин деп,
Буурулга тердик салгын деп.
Мына бу турган жылкынын,
Артып жыйып алайын,
Акматбек деген жолдошуң,
Аны таап алдым деп,
Сен Бакайга баргын деп.
Карагул жойпу толгонуп,
Манастын уулу Семетей,
Ак келте мылтык аталбай.
Сүмбө салып кыргылап,
Даяр болсо Ак келте,
Суу болгонун билиптир.
Ак келтенин ичине,
Суу кирип толду деп,
Атылгысыз болду деп.
Таза болсо Ак келте,
Канкордун уулу балага,
Барсам атып салат деп.
Карагул жойчу карабай,
Алгара оозун бурганы,
Ат ойнотуп токтобой,
Жойчу калмак турган жер.
Манастын уулу Семетей,
Жойчу калмак Карагул,
Макул аба келгин деп,
Баарын берем алгын деп.
Атамдан калган олпокту,
Айдалыга салгын деп.
Айтын айта боз кисе,
Муну алып калгын деп.
Баатырдын тилин алабы,
Балага жакын барабы,
Эски жойчу Карагул,
Билип калган экен деп,
Башка чаап калсам деп.
Бала чунак байкабай,
Колунда кайың ак союл,
Имере кармап алыптыр,
Жанына барбай жакындап,
Эр жойчу кул Карагул,
Аңдып карап калыптыр.
Ой абаке келбейсиң,
Баатырдан калган мурапы,
Баарын мага бер дейсиң,
Сен Бакайга бар дейсиң,
Аттан түшө калбайсың,
Атаңдан калган мурапы,
Айбалта менен кылычты,
Ак келте менен айзаны,
Колуң менен албайсың.
Манастын уулу көп айтат,
Алгын баарын деп айтат.
Өзү койчу Карагул,
Кылган иши бир башка,
Манастын уулу Семетей,
Бараңды колго алгыча,
Ичине дүрмөт салгыча.
Ай далыны капшыра,
Карагул калмак колунда,
Билди деген оюнда,

Манастын уулу баатырды,
Кагып өткөн жери ошол.
Ай далыны капшырып,
Салып өткөн жери ошол.
Манастын уулу Семетей,
Карагулдан канча кеп,
Асылдын уулу жалгыз эр,
Айткан кепти уккан жок.
Астындагы Алгара,
Тулпарлыгы бар эле.
Туура баскан жол келсе,
Бийик-бийик тоо келсе,
Учуп кетчү мал эле.
Агып аткан чоң дайра,
Алгара аттап барган жер.
Кайра тартып кыйкырып,
Айрөк бурут айрөк деп,
Эсер бурут эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок.
Ат кадырын билбейсиң,
Анан жортуп келбейсиң.
Кызыталык көсөр кул,
Минип жүргөн атыңдын,
Алты күндүк сууту бар.
Менин атым сурасаң,
Атам калмак, элим сарт,
Бээжинди билип сураган,
Айдаркан кандын Токтосарт,
Токтосарттын тукуму.
Карагай найза жай кылдым,
Сениң атаң Манасты,
Ушул өзүм жай кылдым.
Канкордун уулу Семетей,
Карагул калмак сен болсоң,
Манастын уулу мен болсом.
Сен Бээжинге барарсың,
Бээжиндеги бегиңе,
Барып кабар саларсың,
Белиңе садак салгының,
Бээжинге келип калганың.
Ат көкүлүн жайганым,
Атамдын кунун алууга,
Мен Бээжинге келип калганмын.
Жоодураган жоо калмак,
Шок экениң билгенмин.
Мен кармашчу чоң Манжу,
Жок экенин билгенмин.
Мен мусулман сен капыр,
Астыма чыгар эр болсо,
Атымды сойгон жер болсо.
Ат куйругун түйөмүн,
Келип көрсүн эр болсо,
Алты күнү күйөмүн.
Алты күнү күйбөсөм,
Мусулман анты мени урсун,
Чоң Коңурбай манжуга,
Айтпай койсоң сени урсун.
Азыр менден кутулдуң,
Сенин акылыңдын жогунан.
Эчки сандуу чүкө баш,
Сени өлтүрүп кетемин.
Баатыр болсо келсин деп,
Маңдайлашып көрсүн деп.
Алым жетсе аламын,
Бээжиндин каны манжунун,
Ага алым жетпесе,
Көп жагыман келбесе,
Айдан чыктым жылкыны,
Алы жетсе алсын деп.
Акмак келип калсын деп,
Күчү жетсе алсын деп.
Күчү мага жетпесе,
Күрдөлү калмак келсин деп.
Кыйгачтуу майдан сунушам,
Кыя тартып урушам.
Карагай майда байлаймын,
Кан Коңурбай баатырдын,
Андан коркуп калбаймын.

## СЕМЕТЕЙ МЕНЕН КОҢУРБАЙДЫН САЛГЫЛАШЫ

Манастын уулу Семетей,
Карагулга кеп айтып,
Баатыр болсо чоң манжу,
Келип көрсүн деп айтып.
Алты күндө келбесе,
Келип мени көрбөсө,
Бурканына табынсын,
Бутундагы чаларын,
Төбөсүнө салынсын.
Эр Семетей эрдемсин,
Ант кылып айткан жери ошол.
Алгарага камчы уруп,
Каршы-терши койгулап,
Карагул качып жөнөдү.
Катуу жүрсө Алгара,
Жайкын жүрсө шалкара,
Жой Карагул чамынып,
Чоң Манжуга табынып,
Астындагы кара атка,
Төрт аягы тыбырап,
Канаттуу жетпейт кара атка,
Басканына мал жетпейт,
Мал эмес, машалуу аткан ок жетпейт.
Желегине жел жетпейт,
Жебелеп аткан ок жетпейт,
Оозуна ал жетпейт,
Туман шамал чаң жетпейт.
Түн күлүктүү Бээжинге,
Карагул барды жакындап,
Эр Коңурбай чоң манжуу,
Эл чогултуп алыптыр.
Алтымыш эки ордо кыз,
Тегеректеп калыптыр.
Чоң көчөдө тарсылдап,
Кудай бетин көрсөтпө,
Карагул барды жакындап.
Алгаранын табышы,
Туягы жерге тийгенде,
Каза мылтык аткандай,
Канчалык жерге угулду.
Чындап жүрө бергенде,
Чөптүн башы солк этпейт,
Шибердин башы былк этпейт.
Кудай бетин көрсөтпө,
Туягы жерге илинбейт,
Жүгүргөнү билинбейт,
Же басканы билинбейт,
Же учканы билиинбейт.
Чет Бээжинден өткөндө,
Чоң каканга жеткенде,
Таманы жерге тырсылдап,
Дабыш чыгып угула,
Эти кысып алганда.
Эр Коңурбай мингенде,
Тоодо болсо урунат,
Оозуна ал жетпей,
Эр Карагул койчу кул,
Кубалаган жан жетпей.
Оозу менен алышып,
Тизгин менен чылбырга,
Тартып коёт Карагул,
Эки колу карышып.

Ташка тиет экен деп,
Мен Бээжинге жетем деп.
Өкүм туулган союлгур,
Туягын жерге сайгылап,
Өлтүрүп кетер бекен деп.
Кароол кана сепилге,
Бийиги кырк кес темирге,
Барган экен Коңурбай,
Дүрбү алып колуна,
Салган экен Коңурбай.
Үч Бээжиндин оюна,
Каканга кирчү жолуна,
Душман өтүп кетет деп,
Жайган темир торуна,
Жүгүргөнү билинбей,
Бу союлган Алгара,
Туягы жерге илинбей,
Аңдап өтүп жыпылдап,
Артынан учкан жагалмай,
Жетпей калат зыпылдап.
Эминени көрдү деп,
Эр Коңурбай элеңдеп,
Кийген кийми жеңи узун,
Жалбыр чапан жеңи узун,
Көйнөгүндө жака жок,
Өтүгүндө така жок.
Аскерлерин чакырып,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Барабанын каккан жер,
Айбалта менен чапкан жер,
Коңгуроосун каккан жер.
Колу менен койгулап,
Чоң Коңурбай чапкан жер.
Кабарын угуп манжунун,
Айзанын учу калкылдап,
Кылычтын учу жылтылдап,
Желектүү айза алышып,
Желдеттер чыкты жарышып.
Солон желдет толгондо,
Бары келип болгондо,
Кандарга кабар салганда,
Каканчылуу Бээжинге,
Дүрбөлөң түшүп калганда.
Карагул карай барганда,
Муруту көк мунжуюп,
Сакалы көк кулжуюп,
Эр Карагул бакырат,
Алгаранын оозуна,
Оозу менен алышып,
Калган экен чочконун,
Эки колу карышып.
Кармай албай көк солон,
Карагул калмак өткөнү.
Коңурбайга күүлөнүп,
Эр Карагул сүйлөнүп.
Кучмактуу Бээжин чоң кулжа,
Ушуну барып салдым деп.
Учун көргөн чочконун,
Калп айтканын кантейин.
Түн күлүктүү чоң кулжа,
Мен кулжага бардым деп.
Кулжадан көк темир,
Мындан кабар алдым деп,
Мунун баарын чалдым деп.
Кайра айланып мен чыгып,
Кызыл-Кыя белине,
Кырымдын уулу Мрадыл,
Жол тосуп жаткан жерине,
Мурадылга бардым деп,
Мындан кабар алдым деп.
Куу өрдөктү көрдүм деп,
Кулжаларга келдим деп.
Жатыптыр өрдөк көлүндө,
Жайкын оттоп жай жүрөт.
Кулжаларым төрүндө,
Чалгында жаткан Мурадыл,
Таш каласын талкалап,
Кум калаасын кулатып,

Чебин жыра буратып,
Баарын кырып кыйратып.
Арамзада чочконун,
Кербенчиден кеп угат,
Манастын уулу баланы,
Анжыяндын Сынжыбек,
Алып кетти деп угат.
Жасап жалаа кеп айтат,
Ак кемер белги сыдырым,
Далай жерди кыдырып,
Барып келдим деп айтат.
Дүнүйөнүн баарысын,
Чалып келдим деп айтат.
Өрүштөн жылкы алдырып,
Өлдүң калча деп айтат.
Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун бек түйгөн,
Кызыл чийки жаш бала,
Бети жайык жаргак көз,
Айдап кетти жылкыңы.
Жылкычыңы бүт кырып,
Кыргын салып турду деп.
Айбалтанын мизиндей,
Алакандын бетиндей,
Канаттуу чымчык учурбай,
Жылкычыны качырбай,
Ителги тийген каргадай,
Ийрип айдап кирди деп.
Жагалмай тийген чымчыктай,
Жайып айдап кирди деп.
Айзасы менен бир коюп,
Сайып айдап кирди деп.
Кынынан кылыч алганда,
Кыргын салып калганда,
Сакалымды жулганда,
Жаагыма койгулап,
Колум менен урганда,
Жаагымдан каным төгүлүп,
Жаак тилим бөлүнүп.
Бейли жумшак жан элең,
Мен мусулман деп ыйладым.
Бала баатыр Чунакты,
Кечээ Манас келгенде,
Калмак кармап алды деп,
Кармап орго салды деп.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Мени ордон чыгарып,
Жылкычы кылып алды деп.
Жанымды жаман кыйнадым,
Бейли жумшак ичи кең,
Бааатырлыкка жаралган,
Түрү башка жан экен.
Турунадай дуңкуюп,
Кишиден башка булкуюп,
Айбалта арстан түрүндөй,
Ажыдар сүрү бар,
Адамдан башка түрү бар.
Менин албай калганым,
Бу баланы алдадым.
Жаңы асый жаш башты,
Алгараны мингеним,
Менин өлбөй келгеним.
Сен өңдөнгөн жан болсо,
Пейли жаман тар болсо.
Өлтүрөт эле өзүмдү,
Өчүрөт эле отумду,
Алат эле башымды,
Төгөт эле канымды.
Эр Карагул күүлөнүп,
Мурутумду жулдуруп.
Мен мусулман элем деп,
Жолдош болуп берем деп.
Алгара минип алдадым,
Ажалым жок Карагул,
Алдап билбей калганым.
Милтесине от берип,
Мылтыгына ок берип,
Атуучудай камынды,

Алгара оозун бурдум мен,
Айта турган кебимди,
Угайын деп турдум мен.
Тебетейим колго алып,
Белиме саадак буудум деп,
Атамдын кунун куудум деп,
Колума жарак алдым деп,
Атамдын жанын алууга,
Жортуп келип калдым деп.
Ат көкүлүн түйдүм деп,
Жаңгыз өзүм жүрдүм деп.
Жол көрө элек жаштыгым,
Эр көрө элек боздугум,
Адис болуп жол көрсөм,
Барат элем Бээжинге,
Бээжинде жаткан кечилге.
Кылат элем кызыкты,
Салат элем бузукту.
Мынабу турган көп жылкы,
Атамдан калган жылкым деп,
Жылкыны алып кайтам деп.
Баатыр болсо Коңурбай,
Жеке чыгып келсин деп,
Бир беттешип көрсүн деп.
Буурулдун оозун бурам деп,
Алты күнү жол тосуп,
Баатыр канча келер деп,
Ушу жерге турам деп.
Алты күндө келбесе,
Келип мени көрбөсө,
Жылкыны айдап алам деп.
Талас менен Кеңколго,
Таштабай айдап барам деп.
Дин мусулман журтумдан,
Аскер жыйып алам деп.
Какан менен Бээжинге,
Келип уруш салам деп.
Баатыр болсоң баргын деп,
Тосмок болду жолуңду,
Баланы сайып алгын деп,
Малыңы алып калгын деп.
Артынан куба барбасаң,
Малыңбы барып албасаң,
Атың өчөр бекен деп.
Манастын бала баатырга,
Мен мусулман болуп кетем деп,
Карагул кирди күүлөнүп,
Кан Коңурбай баатырга,
Эми кирди сүйлөнүп.
Карагул минген Алгара,
Түшүп жерге тура албайт,
Карагул жүзүн бура албайт.
Ары өтөт дуулдап,
Астындагы жыгачты,
Карамай албай чуулдап.
Эр Карагул жайчы кул,
Манастын уулу баласы,
Айтышып койгон антым бар,
Алышып койгон колум бар.
Барбаймын деп сен айтсаң,
Мен кайрылып жолго саламын,
Мен бу балага барамын,
Мен мусулман болуп аламын.
Эр Карагул жойлонуп,
Эчен түркүн ойлонуп.
Кармай албай чочкону,
Тор жайышып темирден,
Карагулду тоскону.
Жибектен аркан алганы,
Темирдин уулу Бооронччу,
Карагул турат карматпай,
Карагулдун моюнуна,
Аркан түшүп калганы,
Моюнуна аркан түшкөн соң,
Чоң манжундун жанына,
Карагул жойчу барганы.
Каарын чачып күүлөнүп,
Каканды билген калчага,

Карагул барды сүйлөнүп.
Эр Коңурбай кеп айтат,
Жылкыны жакшы бакканың,
Жылкы багып жакканың,
Акылга дыйкан эп элең,
Менден кийин эл болгон,
Калмактын башын кураган,
Кара калмак чегине,
Башын кармап сураган,
Бууданды бердим минсин деп,
Буларды бердим билсин деп,
Алтын чеп бердим кийсин деп,
Аларды сурап билсин деп.
Ачууланып кеп айттың,
Баккан жылкың алдырып,
Манастын уулу Семетей,
Алып кетти деп айттың.
Манастын уулу жаш бала,
Кабылса сени оң кылбайт,
Кармаса сени соо кылбайт,
Кезиксе сени оң кылбайт,
Келсе сени соо кылбайт,
Ачууң келип тутулдуң,
Манастын уулу баладан,
Кантип өлбөй кутулдуң.
Ойноп айтпай чының айт,
Кайра оңолуп сырың айт,
Жасап айтпай чының айт,
Жагалданбай сырың айт.,
Алгара мойнун оорутуп,
Адам бутун артпаган,
өзүмдөн башка минбеген,
Жанга өлчөгөн бууданым,
Кишинин колу тийбеген,
Баса минип алыпсың,
Алгара менен сыздырып,
Жаңгыз келип калыпсың.
Жылкы кайда эл кайда,
Жылкы жаткан жер кайда.
Багып жүргөн малчылар,
Жерди салып бергин деп,
Баатырды бердим колуңа,
Отун алып бергин деп,
Балбанды бердим колуңа.
Эр Коңурбай кеп сурап,
Айткын чының деп сурап.
Карагул жойчу кеп айтат,
Каарланбай коё тур,
Айтайын шашпай уга тур.
Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн,
Кызыл чийкил жаш бала,
Түн ортосу болгондо,
Жалгыз келип кабылды,
Жаттым эле ушерде,
Жанымдагы жайсаңдар,
Тегеректеп жыгылды.
Кылычын кындан алды деп,
Тырп эттирбей баарысын,
Жарым саат ичинде,
Башын алып салды деп,
Баарын кырып болду деп.
Казанга салган эттерди,
Колуна алып жеп алып,
Сабадагы кымызды,
Ажыдардай сорду деп,
Аш-тамак ичип тойду деп,
Көөдөнүмө минди деп,
Мурутуму жулду деп.
Калкандын учун кайырды,
Көрбөйсүңбү жаагымды,
Жаак тилим бөлүндү,
Жаагымдан каным төгүлдү,
Оозумдан кетти кара кан,
Ичимдеги тамагым,
Көчүктөн чыкты токтобой.
А дерге алым калган жок,
Жан серек кылып өзүмдү,

Жатып калды былк этпей.
Жатып уйку кангача,
Баш көтөрүп калганча,
Эс алып эске кирдим мен,
Жангызым деп жалынып,
Эңгиреп ыйлап ийдим мен.
Кайра оңолуп кеп айттым,
Эртеги өткөн Манаска,
Жеткен окшош бала элең,
Сен каерден келдиң деп айттым.
Менин жайым сурасаң,
Белиме саадак чалам деп,
Атамдын канын алам деп.
Өлтүрчүдөй камданып,
Өкүрдүм ыйлап жалбарып.
Кан Манас деп көп айттың,
Каныкей деп көп айттың,
Эр Бакайлап көп айттың,
Чыйырдылап көп айттың,
Кан Манаска бир туугàн,
Кардычач деп ыйладың,
Ошо жаш баланы кыйнадың.
Мындай үндү укканда,
Каныкей менен Бакайга,
Экөө айтып койбойт деп,
Колуңа жолдош болот деп,
Ат кошчу болуп берет деп,
Ар кандай жолду билет деп.
Кагылайын аба деп,
Сакалыңы жулдум деп,
Жаныңа жакын кылдың деп.
Ошондо көзүмүн жашы бурчактап,
Ошондо ыйлап кирди кучактап.
Каныкей кылган ак көйнөк,
Алып келип кийгизди.
Кийбей койдум амалдап,
Эсерирек жан экен,
Эр көкүрөк бала экен.
Жарадар болгон атама,
Тайбуурулга өңөрүп,
Асыл Бакай абама,
Алып барам деп айтты.
Алдадым ыйлап зыркырап,
Көзүмдүн жашы шыркырап,
Көп жалындым буркурап.
Алгарага жетсем деп,
Жаңы баштап жаздалып,
Эски жүнү түшө элек,
Басканы тынч өзү жоош,
Бу жылкынын ичинде,
Бир кара башты бар дедим,
Кармап алып кел дедим,
Ушул атты бер дедим.
Айткан тилим алды деп,
Мына бу турган союлгур,
Муну кармап барды деп.
Таза кийим кийгизип,
Так көтөрүп мингизген,
Бооруна жаздык бастырып,
Кол тырмачтан капталга,
Эки жакка тарттырып,
Алгара колго тийген соң,
Эсерлигин билген соң.
Мен балага кеп айттым,
Жылкыны тийгин деп айттым.
Менин тилим алганда,
Кара буурул жылкыңды,
Тийип жолго салганда.
Жылкыңдын теңин токтоттум,
Кайра тартып чуркурап,
Союлгур жылкы кечпейт деп,
Ыйламыш болдум зыркырап.
Амал кылып балага,
Агыттырып бууданын,
Чоң күрөңдү мингиздим.
Буурул ат минип кечпесе,
Атын суугa киргиздим,
Аты аяр мал экен,

Алгарача бар экен.
Чоң күрөңгө тил айттым,
Чоң дарыя кандуу суу,
Ортосуна барганда,
Жатып калгын деп айттым.
Бар экен бала жолдошу,
Айткан тилим алды эле,
Суу ортолоп барганда,
Чоң күрөң жатып калды эле.
Чоң күрөңдү мингенде,
Кантер экен бала деп,
Алтын кемер чоң күрөң,
Айбалта менен кылычты,
Капшыра кармап курганып.
Колдогонун мен көрдүм,
Бала чаар ак жолборс,
Буурул аттын жанына,
Буда барды токтолуп.
Алтын мүйүз ак кулжа,
Асманды карап аркырап,
Маарап ийди баркырап,
Семетей кетти баркырап.
Акты суудан чыкпайт деп,
Алооке салган көпүрө,
Тосуп кармап алам деп,
Манастан калган жоо-жарак,
Өзүңө алып барам деп.
Тосуп турсам келген жок,
Карагай менен кайың тал,
Аралашып калды деп.
Коргошун болуп чөктүбү,
Жабдыктары жанында,
Суугa чөгүп кеттиби,
Мен ошону ойлогом.
Жылкыны тосуп алам деп,
Кайра ордума барам деп,
Өзүңө катар салам деп.
Алгара этин кызытып,
Кайра чыгып мен бардым.
Бала чунак баатырдын,
Барып көзүм салсам мен,
Жоо-жарагы жанында,
Башын жерге салыптыр,
Коё берген буурулду,
Тегеренип ойноктоп,
Бул жанына барыптыр.
Калган экен шек алып,
Мылтыкка сүмбө ургулап,
Сүмбө салып сыдырат,
Милтелери от албай,
Калган экен аяк алып.
Мылтыкка майлык салат деп,
Ак мылтыгы ок берсе,
Мерген болчу бала экен,
Кишини атып алат деп.
Тегеренип бардым мен,
Баланы алдап көрөм деп,
Жабдыгыңы берсин деп,
Сен Бакайга баргын деп.
Кечээ жолдошум Манас барганда,
Таштап кеткен кишиңди,
Барып таап алдым деп,
Алданар бекен бала деп,
Барсам бала жанына,
Калган экен бузулуп,
Кабагын түйүп тутулуп.
Эптеп кармап мылтыгын,
Дооланга дары басканда,
Оозунан окту атканда,
Ок сүмбөлөп атканда,
Мылтыгына каралап,
Имерилип айланып,
Чабайын деп камданып,
Ак жыгачтан алганмын,
Катуу жыгач кара чок,
Далда кармап барганмын.
Ошо жерде баланы,
Айдалыга салганмын.

Аркырап аккан дайранын,
Чыктым суудан кутулдум.
Ошондо бала кеп айтты,
Баргын баатыр калчаңа,
Баатыр болсо келсин деп,
Басташып келип көрсүн деп,
Кыйын болсо келсин деп,
Кыйкырышып көрсүн деп.
Ат куйругун түйөм деп,
Ушу жерден мен кетпей,
Алты күнү күйөм деп.
Эрдиги бир бала экен,
Эсерлиги бар экен.
Алгара алып келдим деп,
Жанга өлчөгөн атыңды,
Алып келип бердим деп,
Барар болсоң баргын деп,
Баатырсынып мактанбай,
Баланы сайып алгын деп.
Алып кеткен жылкыңы,
Ажыратып калгын деп.
Кан Коңурбай кеп айтат,
Кайда экен Бакай деп айтат.
Кайда экен дайынын билбедим,
Артымда калган атам бар,
Эки окшошкон балам бар,
Аттарын жоого алдырып,
Балдарым калган талаада,
Балдарды күйүп алам деп.
Абакем калган арада,
Абакем жүрсө астыма,
Балдарым жүрсө кашымда,
Барар элем Бээжинге,
Ойронду салып мен барып,
Алар элем кечилди.
Ошол бала күүлөнөт,
Бала деп манжу укканда,
Эт жүрөгү болк этет,
Эси чыгып солк этет.
Эр Карагул кеп айтат,
Барчу болсоң баргын деп,
Барбасаң жатып калгын деп.
Манастын уулу Семетей,
Баатыр болсо келсин деп.
Атамды алган шер болсо,
Кан Коңурбай эр болсо,
Өйүз-бүйүз маңдайлаш,
Кыйкырып бала кеп айтат,
Келсин каның деп айтты.
Карагул айтып турганда,
Карагулдан камчы жеп,
Алакөөдөн абакең,
Балалыгы бар экен.
Убаданы кылыптыр,
Келсин деп күтүп туруптур.
Кан Коңурбай камынып,
Барайын деп чамынып,
Алгарасын алдырып,
Алтын абай жаптырып.
Кудай бетин көрсөтпө,
Ок-дарысын артынып,
Очогорун асынып,
Ай балта кылыч байланып,
Жаңгыз болсо баланы,
Аламын деп камынып.
Кан Коңурбай күүлөнүп,
Барамын деп сүйлөнүп,
Алтын желек сыр жоолук,
Айзасына таккан жер.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Ок-дарыны мол кылып,
Ай аппактай чоң керчил,
Омуроого тагынып.
Көп жылкынын көбүнөн,
Семетей айткан сөзүнөн,
Карагул айткан кебинен,
Кан Коңурбай эр баатыр,
Бөлүндү турган элинен,

Үч капканын түбүнөн,
Чыкты манжу үйүнөн.
Калмак жатыр жарзанып,
Кан Коңурбай чоң баатыр,
Чыкты жолго камданып.
Кытай чыгып кылкылдап,
Калмак кайнап калкылдап,
Кан Коңурбай баатырдын,
Алтын айдар шуру чок,
Айдалыры жаркылдап.
Он эки сайлуу очогор,
Далысында жаркылдап,
Кылычы кында кыңгырап,
Балтасы сынды шыңгырап.
Алдындагы Алгара,
Айза бою аң келсе,
Аттап кетет түйүлүп.
Кыл куйругу өрүлүп,
Байкабаган мендеге,
Коңурбайдын Алгара,
Кулан болуп көрүнүп.
Алтымыш арып Алгара,
Калбыр өпкө жез канат,
Эти кызып алганда,
Каргадай болуп учкан ат.
Эр Коңурбай болкулдап,
Жоо-жарагы жаркылдап,
Каруу жолго салды эми.
Кан Коңурбай чоң бааты,р
Чоң Ыртыштын боюна,
Жаңгыз жетип барды эми.
Эки кулжа, бир аркар,
Ашкан мерген Коңурбай,
Аны атып салды эми.
Улуу сууну бойлоду,
Минген аты Алгара,
Ок жыландай сойлоду.
Туура кечүү үч Арал,
Эр Коңурбай барган жер,
Кокустан Бакай барбы деп,
Тегеренип чалган жер.
Семетей жаткан талаага,
Кемерин белге сыдырып,
Сууну бойлоп кыдырып,
Агыны катуу чоң дайра,
Карагул айткан эр кайда,
Алтын айнек чоң дүрбү,
Оң колуна алган жер.
Чоң Коңурбай эр Манжу,
Бакай келсе оңбойт деп,
Барсам жолум болбойт деп,
Баласы майып кылат деп.
Шек алганы Күлчоро,
Эр Коңурбай чоң Манжу,
Чоң Ыртышка барган жер,
Чочуп дүрбү салган жер,
Манастын уулу баатырды,
Манжу көрүп алган жер.
Эр Коңурбай чоң Манжу,
Дүрбү салып караса,
Кызыл буурул түлкү жүн,
Ары басып кайсактап,
Ар чөптүн башын бир тиштеп,
Атын көрдү баланын,
Аты башка экен деп.
Эр Коңурбай чоң Манжу,
Чагарыгын имерип,
Чындап көзгө жиберип,
Бурамасын имерип,
Буруп көзгө жиберип.
Көөкар менен жээктеп,
Алтын менен тээктеп.
Кабын кооз салдырган,
Сары алтындан каптаткан,
Өз жанындай сактаткан.
Оңдоп салды дүрбүнү,
Дарыянын четинде,
Чоң талаанын үстүндө,

Кара  тоонун оюнда,
Чоң дайранын боюнда,
Аттын ээрин алыптыр,
Эрине жазданып,
Көрпөчө алып төшөнүп,
Көк жал бала Семетей,
Уктап жатып калыптыр.
Катуу уйкусу келгенде,
Карантүн баскан немедей,
Катуу уктап Семетей.
Чын уйкусу келгенде,
Түнөрүп уктайт Семетей.
Манастын уулу баланын,
Баарын көрдү Коңурбай.
Эр Семетей баланын,
Даана көрдү Коңурбай.
Алакөөдөн буруттун,
Жатып алган жери деп,
Жолго салып жол тосуп,
Урушам деп жоо тосуп,
Жатып алган неме экен,
Өзү эсер эр экен.
Кара-Сууга кан куйган,
Кан Коңурбай чоң Манжу,
Качырууга кам кылган,
Жаткан жерден алайын,
Так өзүнө барайын,
Кобо калса баланы,
Ошерге атып салайын.
Очогорго ок берип,
Милтесине от берип.
Кийген киймин чечпеген,
Коңурбайдын Алгара,
Суугa буту тийбеген,
Таманы жерге илинбей,
Туягы суугa малынбай,
Семетей жаткан өйүзгө,
Эр Коңурбай чоң Манжу,
Эси чыгып барды эми.
Эр Семетей жалгыз эр,
Турбай уктап калган жер.
Очогорго от салып,
Эр Коңурбай чоң Манжу,
Ушерден атсам тиет деп,
Жазып салсам болбойт деп.
Очогорун бек кармап,
Эр Коңурбай ойлонуп,
Астында атын деп кармап,
Алгара менен айланып,
Алтын саадак көк күпсөр,
Оң колуна карманып,
Бала баатыр жалгызды,
Аңдып жакын барган жер,
Атууга жакын барган жер.
Гүлдүү ыраң көбү чөп,
Манастан калган Тайбуурул,
Жоону көрүп токтобой,
Имерилип алган жер,
Семетейге барган жер.
Атын атып салам деп,
Качса кармап алам деп,
Кан Коңурбай чоң Манжу,
Атын атып соёюн.
Андан кийин баланы,
Кылычты кындан алайын,
Жөө калган баланы,
Башын алып салайын.
Милтени чертип кызартып,
Өрдөктөй мойнун узартып,
Коңурбай жакын барганда,
Семетейдин Буурул ат,
Ээсин чапчып алганда,
Эмне көрүп алды деп,
Манастын уулу Семетей,
Ыргып кобо калган жер.
Карышкыр аюу келдиби,
Же кармашчу жоону көрдүбү,
Алтын ооз ак жебе,

Кармап колго алды эми.
Очогор ооз чоң күпчөк,
Бат атары басылуу,
Удаа-удаа айтууга,
Жоону көрүп бет алса,
Кароолу алтын ак келте,
Оолонго болот бастырган,
Кароолго алтын жаткырган,
Эр Семетей көк жалың,
Бараң алып колуна,
Улуу суунун өйүзгө,
Атын атап ийген жер,
Ак келте огу тийген жер,
Ат белиндей чоң терек,
Сууну карап жыгылды.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Мерген экен бала деп,
Бурканына сыйынды.
Милтенин отун өчүрүп,
Очогор алып оңдолуп,
Кандай кылар экен деп,
Көрүп алып Коңурбай,
Токтоп калды ойлонуп.
Манастын уулу Семетей,
Маңдайга колун салган жер,
Бакыраңдап көк тиктеп,
Тегеренип чалган жер.
Улуу суунун боюнда,
Уларлуу тоо оюнда,
Чоң төөнүн нарындай,
Мурду тоонун сеңирдей,
Жан жасаган теңирдей,
Сакалы айгыр жалындай,
Муруту чөлдүн камыштай,
Көрө калды Семетей.
Бээжиндин каны Коңурбай,
Жан казандай башы бар,
Карап турса Семетей,
Алтымыш менен жетимиш,
Ортосунда жашы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Сакалы саксак көрпөдөй,
Өңү бышкан өпкөдөй,
Белиндеги канжасы,
Бээжиндин калчасы,
Ат белиндей көрүнөт.
Манастын уулу Семетей,
Баатырдын түрүн көргөндө,
Айбаты бар арстандай,
Капырдын түрүн көргөндө,
Салааларын караса,
Ай балтанын сабындай.
Имерип дагы караса,
Селебенин кабындай,
Эки көзүн караса,
Түнкү жаккан жалындай.
Эр Семетей баланын,
Эт жүрөгү сезген жер,
Эр Коңурбай манжуну,
Түрүн көрүп алганда,
Бала коркуп кеткен жер.
Очогорун асынып,
Айзага таккан немеси,
Манастын уулу Семетей,
Андай киши көрөлек.
Мурду тоонун кырындай,
Эки көзүн караса,
Ачып койгон ородой.
Жылан көргөн немедей,
Жыйрыла түшүп токтолуп.
Чын жүрөгү козголуп,
Кызыл өңү боз болуп,
Атын кармап токунуп.
Аят куран жат окуп,
Атты шашып бат токуп,
Кандай айла кылам деп,
Коңурбайды көргөндө,
Кантип аман калам деп,

Кызыл өңү кубарып,
Адамдан башка жаралган,
Артыма туулган шер экен.
Атам Манас баатырды,
Алып жүргөн эр экен,
Алдындагы бууданы,
Айбандан башка мал экен,
Үстүндөгү киши экен,
Адамдан башка жан экен.
Айбаты жерди жаргыдай,
Алда таалай бир кудай,
Жасайт экен ар кандай.
Чоңдугу төөдөй көрүнөт,
Адамдан башка дуңкуюп,
Манжуну көрүп турганда,
Баланын түрү көрүнөт.
Кестемин турса эмине,
Санжыргалуу Күлчором,
Жанымда турса эмине.
Манастын уулу Семетей,
Коркуп турду солкулдап.
Атасынын жолдошу,
Ар кандай жерде колдоочу,
Ажыдар ак жылан,
Манастын уулу Семетей,
Билинбей жакын барган жер.
Алты оролуп белине,
Кемер болуп калган жер,
Бейлине кудай салган жер.
Атасы Манас баатырдын,
Белгилери барган жер,
Кара чаар жолборсу,
Эр Манастын жолдошу,
Камалган жерде колдоочу.
Кызыл чаар жолборсу,
Кысылган жерде колдоочу.
Алчагай мүйүз ак кулжа,
Каныкейдин жолдошу,
Каалаган жерде колдоочу.
Атасынын жолдошу,
Тегеректен барган соң,
Кара буурул көп жылкы,
Кайра айланып топтошуп,
Ыраң чөптү оттошуп,
Удургушуп чубуруп,
Жатат жылкы бурулуп.
Азынаган айгырлар,
Кишенеген кулундар.
Манастын уулу Семетей,
Казам жетсе өлөйүн,
Кантер экен манжу деп,
Эми келген манжуга,
Белги кылып көрөйүн.
Доолбасын алган жер,
Айбалта менен салган жер,
Жер дүңгүрөп калган жер.
Токтоп калган көп жылкы,
Кайрылып жолго салган жер.
Канкордун уулу эр Семең,
Доолбас коюп каккылап,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
үркүп жолго салган жер.
Канкордун уулу эр келсе,
Көп жылкыны баарысын,
Айдап жүрүп калган жер.
Токтобойт жылкы дүркүрөп,
Доолбас үнү күркүрөп.
Аргымак күлүк бөлүнүп,
Астынан түштү жылкынын.
Тобурчак жорго топтошуп,
Булар турбай токтошуп.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Бакырып дабыш салган жер.
Бала чунак кайран эр,
Катуу айдап жылкыны,
Семетей жөнөп калган жер.
Кан Коңурбай эр айтат,
Канкордун уулу баатырга,

Бээ байтал кулун салат деп.
Ык семирген обого,
Кара казы болот деп.
Акырын айда жылкыны,
Мактанба эсер барбактап,
Доолбас кагып дардактап.
Мына бу падыша чапкан жол ошол,
Сен эмес атаңды сойгон кол ошол.
Мурунку өткөн адамдар,
Адепки чапкан жол ошол.
Сенин атаң жолдошу,
Алмамбет менен Сыргакты,
Аша баатыр Чубакты,
Баарысын сойгон кол ушул.
Жашап жашың толо элек,
Сенин чабышар маалың боло элек.
Жылкымы коюп өзүң кет,
Жылкы айдайм деп кыйылсаң,
Ажал өлүм сагынсаң,
Өлтүрөмүн өзүңдү,
Өчүрөмүн отуңду,
Кетирем сенин алыңы,
Кыямын сенин жаныңды.
Таштагып бурут малымы,
Көрдүм сенин алыңы,
Мойнуңдагы башыңы,
Билдим сенин жашыңы,
Аламын сенин башыңы.
Бала чунак Семетей,
Атамды алган сен болсоң,
Кан Коңурбай эр болсоң,
Алың жетсе алып кал,
Алың мага жетпесе,
Арсылдабай калып кал.
Күчүң жетсе алып кал,
Күчүң мага жетпесе,
Күрсүлдөбөй калып кал.
Билдиңби менин кылганым,
Жолго койгон чалгынчың,
Жылкы баккан жылкычың,
Билбесең калча угуп тур.
Мунун баарын кырганмын,
Айдаган жылкы өзүмкү,
Атамдан калган малым деп,
Арсылдаба чоң калмак,
Алың жетпей калгын деп.
Белине кемер курчанып,
Эр Семетей көк жалың,
Айдай бетин нур чалып,
Атасы Манас баатырдай,
Келди каары кумсарып.
Оңдон-солдон койгулап,
Оң колуна балта алып,
Доолбасын каккылап,
Айбалта менен чапкылап,
Айдап калды жылкыны.
Кылгаптуу найза каруулап,
Алтын ооз мылтык далылап,
Бээжиндеги манжуунун,
Беттешкенин көрөйүн,
Кызыталак манжунун,
Кыйындыгын көрөйүн.
Үстүнө кийген темир сөөт,
Кылыч менен бөлөйүн.
Кайраттанып алган жер,
Канкордун уулу баатырга,
Атасы Манас көк жалдын,
Колдогону барган жер,
Калдайдын түрүн көргөн жер.
Кантер экен калча деп,
Ийри суунун боюна,
Ит ичпестин оюна,
Талаага тайдан таштабай,
Шашпай айдайт жылкыны.
Бээжиндин каны манжынын,
Семетейге баталбай,
Очогор мылтык аталбай.
Очогорго от койсо,

Очогору от албай.
Кандай болуп калды деп,
Атып жүргөн мылтыгы,
Эмине үчүн от албай,
Жаман жумуш болду деп.
Алгара минип сенделип,
Эр Коңурбай кеп айтып,
Токто бала токто деп.
Алган жылкы сеники,
Атышчу жумуш меники.
Кечээ Манас атаңа,
Кылган туу найза сунушуп,
Кыя тартып урушуп.
Кылыч менен салышып,
Калканды жара чабышып.
Айза менен сайышып,
Милтелерге от берсек,
Мылтыктарга ок берсек.
Ат тизгинин бурчу элек,
Кезектешип атышып,
Атылган мылтык оозуна,
Төштү тосуп турчу элек.
Манастын уулу баатырды,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Эсерлигин билген жер.
Атасы Манас баатырдын,
Эр Коңурбай кеп айтып,
Эр Семетей эсерге,
Жашым улуу сен кичүү,
Кезекти бергин деп айтып.
Очогорго ок берип,
Манастын уулу Семетей,
Мен мусулман сен капыр,
Бербесем кезек мени урсун,
Алдасаң калча сени урсун.
Ак олпок тонду бүктөнүп,
Каныкей кылган жээктеп,
Алтымыш жерден тээктеп.
Ок тийсе өтүп кетет деп.
Кылыч тийсе кесет деп,
Ак була менен жибекти,
Алакандап таптатып.
Алганы Манас баатырды,
Сыртын чарайна менен чаптатып.
Төкөр уста Төлөгөн,
Майда кумдан эленди,
Көк темирдин өгөндү,
Таразалап теңдетип.
Каштан желим чаптатып,
Канкордун жанын сактатып.
Кудай билет чын болсо,
Кебез менен жибекти,
Ортосуна каптатып.
Сары желим куйдуруп,
Майда кум менен өгөндү,
Ортосуна тундуруп.
Кечээ канкор мүнөз баатырга,
Кан Бакай ойлоп олтуруп,
Купулуна толтуруп.
Бараңдын огу батпабаган,
Мылтыктын огу өтпөгөн,
Кылычтын мизи кыйраган,
Ай балта чапса сыйбаган,
Айзанын учу кыйраган.
Манастын уулу Семетей,
Ар кайсы жерин топчулап,
Боюна кийди соотту,
Бүчүлөрүн бек байлап,
Асили капыр чоң манжу,
Атсаң атып көргүн деп,
Кезегиңди бердим деп.
Коңурбай тилин алган жер,
Очогордун огуна,
Коркпой төшүн жайган жер.
Манастын уулу Семетей,
Ат тизгинин бурган жер,
Кезегиңе турдум деп,
Тайманбай тосуп турган жер.

Эр Коңурбай чоң манжу,
Очогор мылтык алган жер,
Бурутту кудай берди деп,
Астындагы Алгара,
Ыргып түшө калган жер.
Очогорго ок берип,
Милтесине от берип,
Келди кезек келди деп,
Көсөрдү кудай берди деп.
Ок жаңылып өлөт деп,
Өзү төшүн тосуп берет деп.
Алты ачтуу сырдалса,
Басмайылын бастырган,
Үстүнөн баса тартырган,
Очогорду алды эми.
Чоң Коңурбай эр манжу,
Манастын уулу Семетей,
Кароолуна көз салып,
Милтесине от салып,
Очогорго ок салып,
Атмак болуп калды эми.
Манастын уулу Семетей,
Пир колдогон эр эле,
Эси чыкпай дагдайып,
Төшүн тосуп турду эле.
Алдындагы Тайбуурул,
Оң кулагын бүктөтүп,
Сол кулагын тиктетип,
Буурул ат менен Алгара,
Бирин-бири тиктешип.
Куйрук жалын жапырып,
Жата калып жашынып.
Кобо кылып койколоп,
Коңурбай атты очогор.
Оозун карап былк этпей,
Семетейдин иши жок,
Аты менен иши жок.
Аттын антип турганын,
Эр Семетей билген жок.
Чоң Коңурбай эр манжу,
Бурканына табынып,
Атмак болду камынып.
Очогор ок тийсе,
Манастын уулу Семетей,
Калбайт сөөгү табылып.
Машага колун салган жер,
Манастын уулу баатырдын,
Как жүрөктүн тушу деп,
Өлөр жериң ушу деп,
Калалуу коргон чарбакка,
Канкордун уулу баатырды,
Алдап атып салмакка.
Дин мусулман алмакка,
Айланса болот арбакка,
Машадан сүмбө былк этип,
Басып калды Коңурбай,
Машадан колу былк этип.
Семетей минген Тайбуурул,
Оюн салды булт этип,
Ор коендой жылт этип.
Очогор огу тийип жер,
Буурул ат оюн салганда,
Жолум үйдөй боз дөбө,
Оодарылып калганда.
Топурак учуп төгүлүп,
үйдөй болгон даңкандар,
Учуп кетти бөлүнүп.
Манастын уулу Семетей,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Караганы кайтчу эмес,
Тиктегени кетчү эмес.
Айтканы кайра келчү эмес,
Аман элин көрчү эмес.
Топурак үчүн буркурап,
Тоо жаңырып дүңгүрөп,
Алыс атып салдымбы,
Айры төштү шыкалап.
Аттым эле бурутту,

Ок ордуна тийди деп,
Бир аралап кирди деп.
Акылы кетип алсырап,
Атканым аман калды деп,
Бул эмине болду деп.
Алгара минип алкынып,
Атка минип шалкайып,
Алтын айдар шуру чок,
Далысында жаркылдап.
Тоодой болгон бурутту,
Аталбай жасып салдым деп.
Кара көздү кан басып,
Кара кашты чаң басып,
Кандай жазып салдым деп.
Алгара минип толгонуп,
Эчен акыл ойлонуп,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Калуучудай оңдонуп.
Манастын уулу Семетей,
Жоо калмак бергин кезекти,
Атыңдын оозун бургун деп,
Кезегиңе тургун деп.
Ак келте колго алган жер,
Ичине дары куйган жер,
Кош муштумдай коргошун,
Бараңга салып турган жер.
Окту ордуна жеткирип,
Сүмбө менен урган жер.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кезегимди бергин деп,
Ак келте колго алган жер.
Атайын деп камынып,
Бала баатыр барган жер,
Коңурбайдын Алгара,
Айбандан башка мал эле,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Адамдан башка жан эле,
Берендиги бар эле,
Билгирлиги бар эле.
Билгирлигин айтайын,
Семетей туруп бергенде,
Аталбай жазып салды эле.
Атайын деп калсын деп,
Эр Семетей эсер кул,
Атыңдын оозун бургун деп,
Кезегиме турдум деп,
Эр Коңурбай айткан кеп.
Ала көөдөн ит бурут,
Ажалга токтоп беремби,
Көрүнөм сенин көзүңө,
Таанышам сенин өзүңө.
Баатыр болсоң келип көр,
Баш сайышка чыгып көр.
Бербеймин сага кезекти,
Окко туруп бергидей,
Обу жок киши мен эмесмин.
Ойносом билем өзүмдү,
Көп жылкыны кууганда,
Укканмын сенин сөзүңү,
Көрөмүн сенин көтүңү.
Манастын уул баатырдын,
Кезегине келген жок,
Эр Семетей баатырдын,
Кезекке туруп берген жок.
Коңурбайдан кеп угуп,
Баабедин деп бакырды,
Бала баатыр эр көк жал,
Камчы уруп бууданга,
Манастап ураан чакырды.
Эр Семетей көк жалың,
Мен мусулман сен капыр,
Капырдыгың ушерде.
Манастын уулу Семетей,
Сактай турчу бир кудай.
Баабедин деп бакырса,
Манастап ураан чакырса,
Конурбайды чакырса,
Бала жерден үн чыгат,
Беттешип айза саларда,
Манас деген чуу чыгат.

Буурулга камчы салган жер,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Кыя тартып бек кармап,
Кызы талак бурут кул,
Кылармын сага бек кармап,
Манастан калган тукум бол.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Колокту найза колунда,
Ок-дарысы койнунда.
Астындагы Алгара,
Баскан жери жарылып,
үстүндөгү Коңурбай,
Бурканына сыйынып,
Карагай найза алган жер.
Канкордун  уулу баатырдын,
Айзасын алып токтолуп.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Канкордун уулу эр жалгыз,
Тоо айлана бергиче,
Тоодой терек тал бүткөн,
Башынан кудай жол бүткөн.
Манастын уулу Семетей,
Эки көзү тунарып,
Сунган найза учунан,
Кызыл от күйөт чубалып.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Андан качып калганча,
Какан менен Бээжинге,
Мен кайрылып барганча,
Туубай туна чөгөйүн,
Же бул баладан өлөйүн,
Ушул жалгыз баланын,
Кыйындыгын көрөйүн.
Карагай найза бөрү тил,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кармап колго алган жер.
Семетей менен Коңурбай,
Катуу урушка киргенде,
Канкордун уулу Семетей,
Кайраттанып камданып,
Пир колдогон атасы,
Кан Манас өңдүү шаңданып.
Кытгаптуу найза бөрү бил,
Кыяр кармап алганы.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кыйындыгын көрөм деп,
Бек качырып калганы,
Манастын уулу Семетей,
Бакырып жоого тиерде,
Баабедин кирет оозуна,
Аттанып жоого тиерде.
Азирет кирет оозуна,
Колдогону көрүнөт.
Канкордун уулу батырдын,
Жөлөгөнү көрүнөт,
Манастын уулу баатыры,
Жөлөсө кыйын көрүнөт.
Качпа калмак, качпа деп,
Атамды сойгон сен болсоң,
Артында калган мен болсом,
Баатыр болсоң сойгун деп,
Кара этиме тойгун деп.
Качканына болбойм деп.
Канкордун уулу Семетей,
Кирер жериң Бээжинге,
Барар жериң каканга,
Кырдуу мурун кызыл көз,
Кебез өтүк кендир кез.
Келберсиген чоң Калча,
Баатырдын үнү чыкканда,
Баланын үнүн укканда,
Какандан чыккан эр эле.
Алооке кандын чоң манжу,
Кайсы эрден кем эле,
Атасын алган кул эле,
Айдап жүргөн кол эле.
Кызы талак буруттун,
Кыйындыгын карачы.
Алакөөдөн буруттун,
Асылганын карачы.

Айкырыгы басылбай,
Бакырса үнү жазылбай,
Качырганын кантейин,
Кыйкырыгы басылбай.
Кыйкырса үнү жазылбай,
Кысзталак буруттун,
Асылганын кантейин.
Кайраттанып чоң манжу,
Алгара оозун бурган жер.
Манастын уулу баатырды,
Качпагын деп бакырып,
Күңгүрөнүп үн берсе,
Күн жаагандай көрүнөт.
Каарланып бакырса,
Кайраттанып качырса,
Кар жаагандай көрүнөт.
Манастын уулу Семетей,
Алооке кандын Коңурбай,
Качырышып калганда,
Жердин үстү бөлүнөт.
Кайгактуу найза сунушат,
Айзалашып далайга,
Бири баатыр, бири шер,
Алышалбай турушат.
Карагай найза сунушат,
Айза менен урушат,
Качырып айза салышат,
Айзалашып сайышат.
Алгара менен Тайбуурул,
Балбандыгын көрдүңбү,
Жата калып майышып,
Айзаларын сындырып.
Кудай бетин көрсөтпө,
Качырышып сайышат,
Сайган айза бүктөлүп,
Айзадан айла кеткен соң.
Кылычты кындан суурушат,
Кызыл канга боёлуп,
Кылычташып урушат.
Кылычтын мизи майышат,
Эки эрди көрдүңбү,
Кылыч менен салышат,
Кындары жанда калышат.
Кийген сөөт кесилип,
Бутундагы жеке сан,
Найзалашып турганда,
Чулгоолору булайып.
Кудай бетин көрсөтпө,
Айза тийип тешилип.
Кылычташып турганда,
Кылычынын мизинен,
Кан куюлуп шаркырап.
Моюндагы тагынган,
Калкандары быркырап.
Кылычты кармап сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Кылычы белден бүктөлүп,
Семетей менен Коңурбай,
Алгара менен Буурул ат,
Ат үстүнө жүктөлүп.
Эр кайышса кубанган,
Тизеден чөбү буралган.
Буурусун чийген чийин жок,
Суур казган ийин жок.
Устаранын мизиндей,
Алакандын бетиндей,
Семетей менен Коңурбай,
Топчу бүтүн ак жака,
Койгулашып жан жака,
Айбалта кармап алышат,
Балта менен салышат,
Алгара менен Тайбуурул,
Аттар баспай майышат.
Чарчабаган эки дөө,
Күнү-түнү сайышат,
Алдындагы эки ат,
Жайкын талаа сары чат,
Баскан жери ор болуп,
үстү туман чаң болуп,
Аттын үстү кар болуп,

Ай балталап салышат,
Саптары колдо карышат.
Жоо-жарагы бүлүнөт,
Кудай бетин көрсөтпө,
Аттын буту бүгүлөт.
Алдырбайт экен булар деп,
Коңурбай жандан түңүлөт.
Манастын уулу Семетей,
Ай далыдан бек кармайт,
Коё бербейм деп кармайт.
Кармап койгон жеринен,
Кан Коңурбай белинен,
Кармаган бели бүгүлөт,
Кара кан агып төгүлөт.
Манастын уулу Семетей,
Каарланат күч алып,
Кара мүртөс калмактын,
Калканын жулуп ыргытат.
Ашталып алтын кынаган,
Ар кайсы жерден бураган,
Жакасын жулуп ыргытып,
Булчуң эттен бөлүнүп,
Булчуңунан чыккан кан,
Бүркүрөп жерге төгүлүп.
Алдындагы эки ат,
үстүндөгү эки эр,
Этек-жеңин жулушат,
Эңкейишпей турушат.
Бутундагы жеке сан,
Кудай бетин көрсөтпө,
Тигишинен сөгүлөт,
Чың машалуу зооттон,
Булайып кебез көрүнөт.
Алдындагы эки ат,
Оозунан көбүк чачылат,
Урушуп турган эки дөө,
Качан кармашканы басылат.
Теке тери чалбырын,
Сары боек салдырган,
Ашаткысын кандырган,
Бетине көк жал бастырган.
Кудай бетин көрсөтпө,
Ортосуна куйдуруп,
Коло менен сары жез,
Ок өткүсүз болсун деп,
Ортосуна жаткырган.
Кендир менен кебезди,
Кудай бетин көрсөтпө,
Балта менен бастырган,
Балка менен чаптырган.
Коңурбайдын зоотун,
Кудай бетин көрсөтпө,
Капталына каза чап,
Далысына бураган,
Бүчүлүгүн бүлдүрүп,
Бүчүшүнөн бүлүнтүп.
Семетейдин бармагы,
Эр Коңурбай киймин зоот,
Теңин жулуп алганы.
Атасынын арбагы,
Жараткан кудай жардамы,
Зоотторун жулушат,
Жабдык кетип колунан,
Муштум менен урушат.
Этек жеңин түрүшөт,
Күнү эки, түнү эки,
Эки эрди көрдүбү,
Алыша албай сүрүшөт,
Айласы кетип алсырап,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Кынап кийген зооттун,
Канкордун уулу Семетей,
Кармаган жерден бөлүнөт.
Капталы менен далыдан,
Эр Коңурбай манжунун,
Карарып каны төгүлөт.
Желелеген кара чач,
Баатырдын уулу Семетей,
Алгаранын үстүнөн,
Алуучудай баратат.

Оңолдой болгон кара чач,
Оң колуна алды эми,
Эки бөлөк кара чач,
Билегине чалды эми,
Кара чачын жулду эми.
Как далыга койгулап,
Канкордун уулу Семетей,
Алмак болуп турду эми.
Казандай болгон кара баш,
Айдалыда кара чач,
Билегине чалганда,
Эр Семетей жаш баатыр,
Бекем кармап алганда.
Желкесинен жулунуп,
Кудай бетин көрсөтпө,
Желкесинен аккан кан,
Алгаранын үтсүндө,
Агып атат чубуруп.
Алда кудай алда деп,
Алда Манас колдо деп,
Жараткан ишим ондо деп,
Артыңдагы балаңар,
Алуучу кыйын жолдо деп.
Манастын уулу бакырып,
Алманбет менен Чубактын,
Атасы менен Сыргактын,
Арбагын айтып бакырып.
Кестелүү калпак кең чал бар,
Керекке жарар жаш балдар,
Күлчоро болбой жанымда,
Саймалуу калпак сары шым,
Канчором болсо кашымда.
Кара чоктуу калмакта,
Албайт белем башын деп.
Арманын айтып кудайга,
Эр Семетей кайран эр,
Дөө Коңурбай баатырды,
Эңкейте тартып турган шер.
Манастын уулу баатырдын,
Эки колу талган жер,
Атасы алган манжуну,
Алмак болуп калган жер.
Алгара жалын кучактап,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кабырга менен капталдап,
Кан төгүлүп бурчактап.
Кан Коңурбай эр айтып,
Бала баатыр деп айтып.
Үзөңгү буттан тайышкан,
Чарчабай үч күн сайышкан.
Эки бирдей бууданды,
Убалына калышкан.
Ат откоруп эс алып,
Алты күнгө баралы.
Азык-тамак ичели,
Бойду суугa салалы,
Тазаланып алалы.
Буурул ат менен каратты,
Ат чалдырып тойгузуп,
Анан кармап минели,
Биз сайышып көрөлү,
Ажалдуубуз өлөлү.
Семетей кебим ук
Ат сергитип токтоп кет,
Өлтүрсөң менин өзүмдү,
Жанга шерик мал эле,
Тулпарлыгы бар эле,
Алтын така сом туяк,
Айбандан башка жаралган,
Өзү асыл мал эле.
Сууга кирсе чөкпөгөн,
Жерде жүрүп баспаган,
Жети аркан бою аң келсе,
Буйдалбастан аттаган.
Бул Алгара мындай мал,
Манастын уулу Семетей,
Айтасың калмак сөзүңү,
Оёмун сенин көзүңү,
Ойлонуп тапкан кебиңби,
Мени алдайын дедиби.

Болбой турат Семетей.
Жасап кебим мен айтсам,
О Семетей жаш бала,
Жараткан кудай мени урсун,
Ишенбесең сени урсун,
Төшү ачык жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун,
Алдайм десем мени урсун,
Ишенбесең сени урсун.
Мусулманча кеп айтып,
Сен мусулман мен капыр,
Айзалашып сайыштык,
Алышалбай калыштык.
Мен биерден барбаймын,
Сени кантип албаймын,
Бала сени албасам,
Же сенден өлүп калбасам,
Бээжинге тирүү барбаймын.
Кан Коңурбай шер айтып,
Эр Семетей баатырды,
Эптегендей кеп айтып,
Эр Коңурбай шер айтып,
Алгара оозун бурган жер,
Ат майышып турган жер.
Жибектей болгон кара чач,
Манастын уулу Семетей,
Билегине чалган жер.
Анча айтпаса Коңурбай,
Бала жолборс Семетей,
Алмак болуп калган жер.
Жоо калмак сөзүң макул деп,
Бул айтканын акыл деп.
Келбей калсаң сени урсун,
Кетип калсам мени урсун.
Кудай жалгыз куран ак,
Манастын уулу Семетей,
Кара чоктуу калмакты,
Капырда болсо чочкону,
Сыйлады кудай арбакты,
Коё берди калчаны.
Кудай билет чын болсо,
Алдындагы Буурулдун,
Кайра оозун бурганда,
Кара талаа сары түз,
Барайын деп турганда,
Амалы бар чоң калча,
Айза колдон алды эми,
Канкордун уулу эр Семең,
Бул байкабай калды эми.
Кара жолтой баланы,
Ай далыга салды эми,
Карачай найза батырып,
Манастын уулу баатырга,
Кайра өзү кабылып,
Баатырдын уулу Семетей,
Калды эби ачылып.
Кара мүртөз калмактын,
Алдаганын кантейин,
Манастын уулу Семетей,
Сабы сынган найзаны,
Эптеп кармап алган жер.
Эр Коңурбай манжуну,
Этегин түрө сайган жер.
Манастын уулу Семетей,
Кайра оңдонуп камынып,
Атасы Манас баатырдын,
Арбагына жалынып.
Калкан тарткан акырек,
Канкордун уулу Семетей,
Калканын жара сайган жер.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кочкор сүзгөн немедей,
Манастын уулу Семетей,
Коюп туруп калган жер.
Кашка жилик катуу эт,
Сайган найза жарган жер.
Эр Семетей жаш бала,
Эки жерге сайган жер,
Коңурбайды ант уруп,
Тоодой болгон чоң манжу,

Томолонуп калган жер.
Алгаранын үстүнөн,
Жар көчкөндөй кулады,
Эки жерден найза жеп,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Жер кучактап сулады.
Коңурбайдын Алгара,
Созулуп жолго салды эми,
Манастын уулу эси жок,
Барба деген киши жок.
Атын кармап алам деп,
Манастын уулу Семетей,
Кара атын түштү артынан,
Эки кыя капчыгай,
Эңкейишке салды эми.
Киши минген немедей,
Кара ат качып калды эми.
Капчыгайдын четине,
Семетейдин Тайбуурул,
Жакын жетип барды эми.
Манастын уулу Семетей,
Чап куйруктан алды эми.
Коңурбайды Алгара,
Салды билген жолуна,
Манастын уулу баатырдын,
Куйругу калды колунда.
Ылайлаган кара суу,
Буга кирип барды эми,
Семетейдин Тайбуурул,
Койбой жетип алды эми.
Кармарына куйрук жок,
Манастын уулу Семетей,
Алдындагы Буурулду,
Ак каңкыдан бөлүнүп,
Ыйык жалга минди эми.
Оң кулактан алды эми,
Орой кармай калды эми,
Сол кулагын бурду эми,
Бу союлгур буудандын,
Эки кулак колунда,
Жата калып майышат.
Амалы бар союлгур,
Башындагы балдырга,
Барып кармап аларда,
Буурул аттын чоң чылбыр,
Мойунуна саларда,
Кулагын жулуп кутулуп,
Куйругу жок чунуюп,
Чолок болду Алгара.
Кармай турган жери жок,
Кандуу көбүк дайраны,
Кайык болуп сүздү эми.
Атаңдын көрү катуу күн,
Семетейге карматпай,
Коңурбайдын Алгара,
Буда кетти кутулуп.
Аты кетсе мейли деп,
Куйругун чалып белине,
Кулагын катып койнуна,
Кайра тартып элеңдеп.
Кан Коңурбай баатырдын,
Казандай болгон кара баш,
Барып чаап салам деп.
Алдындагы Тайбуурул,
Манастын уулу Семетей,
Алгараны кууган жер,
Өпкө боору шалактап,
Качып калган кара аттын,
Куйругу менен кулагын,
Экөөн бирдей жулган жер.
Эр Семетей баатырдын,
Алдындагы Буурул ат,
Чаалыгып баспай турган жер.

## КҮЛЧОРО МЕНЕН БАКАЙДЫН ОКУЯСЫ

Алмамбет минген Көгала,
Күнү-түнү токтобой,
Ыраң чөп үзүп оттобой,
Аркардай болуп ат баштап,
Айбанда болсо жаныбар,
Көргөн экен жол жаттап.
Сөөнөрөр жолго салыптыр,
Көгаланын көтүнөн,
Тору айгыр үйрү токтобой,
Баары чубап алыптыр.
Сарaлалуу сан жылкы,
Санап көргөн киши жок,
Көгаланын көтүнөн,
Чыккан экен бөлүнүп.
Мусулмандын малы эле,
Кара калмак кан ташы,
Муну айдап күтүп алганда,
Баатыр Манас, Алмамбет,
Асыл Сыргак, эр Чубак,
Алар өлүп калганда.
Абыке, Көбөш эки арам,
Коңурбайды көтөрүп,
Алманкеч болуп калганда.
Манас күткөн көп жылкы,
Коңурбай кармап алганда.
Үйрү өсүп сан болуп,
Манастан калган көп жылкы,
Үстү бубак кар болуп.
Бөрү тийген немедей,
Бүлүнүп жолго салган жер.
Кечээ кытайлардын Бөрүчү,
Ошо чектен алган жер.
Ал жерге Бакай токтолуп,
Эки чоро баланы,
Бакай тосуп калган жер.
Семетей чалгын чалганда,
Чалгынга кетип калганда.
Кан Бакайдан бөлүнүп,
Карагулга барганда.
Карагулдун көп жылкы,
Барып тийип алганда,
Ай караңгы түн өтүп,
Ортосунан бир канча,
Так кырк эки күн өтүп.
Көкчолок оозун бурганда,
Эки бала келет деп,
Бакай тосуп турганда,
Кара талаа улуу чат,
Илбеңден каран көрүнөт,
Көрүп туруп Бакайдын,
Эр бала экен деп,
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Арстан Бакай абасы,
Улам-улам жакындап,
Барды эки баласы,
Кечээ жоонун атын мингенде,
Абакеме жетели деп,
Жолго чабуу жүргөндө.
Аттар баспай калганда,
Аттарды таштап талаага,
Эки чунак жетимдер,
Каныкей берген эки өтүк,

Таманынан жарылып,
Бармагы чыгып булайып,
Эр Күлчоро ойлонуп,
Көк чолок жалын жайгандыр,
Өлбөсө балдар келет деп,
Бээжинди аман көрөт деп,
Жолду тосуп алгандыр.
Тоону тиктеп жөө басып,
Аркар атып жиндилер,
Келе жаткан жери ошол.
Арстан Бакай абасы,
Көкчолоктун куйругун,
Көрөйүн кудай буйругун,
Түйүп турган жери ошол.
Эки жетим баланы,
Бөлүп Бакай санааны,
Манастын уулу баатырды,
Баргын деп жолго салыптыр.
Балдарды күйүп калыптыр,
Башына түшүп менделик,
Канчоро менен Күлчоро,
Абасынын астына,
Араң барды сенделип.
Кызыл өңү саз болуп,
Басканы канча жер болуп,
Калган экен жүдөнүн.
Балдарың аман барганда,
Бакай тосуп калганда,
Кучакташып көрүшүп,
Сагынышып саргарып,
Бирин-бири өбүшүп.
Абасы Бакай кайран эр,
Балдарым аман келди деп,
Буда жакшы белги деп.
Басып чарчап чалыгып,
Абакемди көрдүк деп,
өлбөй аман келдик деп.
Бир кудайга жалынып,
Абасына барганда,
Күнү-түнү былк этпей,
Балдар уктап калганда.
Уктап уйку кансын деп,
Садагасы кетейин,
Уйкулары канганда,
Баш көтөрүп турсун деп.
Уктады балдар тырп этпей,
Абасы турат кыңк этпей.
Абасы Бакай толгонбой,
Абасына барганда,
Талас менен Кеңколдун,
Калаасына жаткандай,
Булкунтуп буудан мингендей,
Бул үйүндө жүргөндөй,
Делбиреп уктайт эки кул.
Арстан Бакай абасы,
Талаага балдар жатканда,
Эки чоро баласын,
Балапандай бакканда.
Күн кызарып батарда,
Мына бу талаа чоң жайык,
Чаң созулуп көрүнөт,
Көрүп туруп кан Бакай,
Көңүлү нечен бөлүнөт.
Дүрбүсүн колго алган жер,
Созулган чаңга салган жер.
Сараланлуу сан жылкы,
Көгалалуу көп жылкы,
Түз талаага барган жер.
Баатыр Бакай оюнда,
Дүрбүсү бар колунда,
Дүрбүнү оңдоп салган жер.
Алмамбет минген Көгала,
Көк жылкынын астында,
Аркадай баштап алган жер.
Арстан Бакай кайран эр,
Көздүн жашы көл болуп,

Мурдунун суусу тамчылап,
Булак кашка суу болуп,
Атакем минген буудан деп,
Бир кудайга жалынып.
Эки беттин отунан,
Кан аралаш жаш агып.
Көгаланы көргөндө,
Коргошундай көйкөлүп,
Эрип кете таштады.
Алмамбет минген буудан деп,
өлүп кете таштады.
өткөндөрдү санаса,
Мурутун кармап бурган жер.
Арстан Бакай эр Көк жал,
Буркурап ыйлап турган жер.
Күүгүм кире күн бата,
Жылкынын асты барган жер.
Алмамбет минген Көгала,
Көк чолокко кошулуп,
Кишенешип калган жер.
Эки бала жетимдер,
Уктап уйку канган жер.
Эр Күлчоро элеңдеп,
Сезип кобо калган жер.
Күтүрөгөн көп жылкы,
Күлчоро көрүп калган жер.
Бул эмине жылкы деп,
Эр Күлчоро жинди кул,
Акылы айран калган жер.
Абасынан кеп сурап,
Как астына барган жер.
Эр Күлчоро кеп айтат,
Ээн талаа эрме чөл,
Ээлеп жүргөн киши жок.
Кагылайын абаке,
Бул эмине жылкы деп айтат,
Айбандан башка жылкы деп айтат.
Көгаласы бар экен,
өзүң минген буудандын,
Жал куйругу чубалат,
Жанына барып кыналат,
Ушу кандай жылкы деп.
Абакеси Бакайдан,
Күлчоро сурап турган жер.
Ошондо Бакай баатырдын,
Көзүнүн жашы төгүлөт,
Оң бөйрөгүн таянып,
Былкылдап ыйлайт эр Бакай.
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкулдап ыйлап эр Бакай.
Мээнетиңи алайын,
Береги турган Көгала,
Эмине ыйлайт абам деп,
Күлчоро тартат көп санаа.
Балакетиң алайын,
Аттын жайын сурасаң,
Тизгинди бирге түйчү элек,
Тизелешип жүрчү элек,
Маңдайлашып алчу элек,
Аттанып жоого барчу элек.
Ат тизгинин түйчү элек,
Тайманбай жоого кирчү элек.
Акырет кеткен маркумум,
Сенин атаң Алмамбет,
Минип жүргөн ат эле.
Айланайын жаныбар,
Карылыгы жетти деп,
Асыйы алтымыштан өттү деп.
Басып барып эр Бакай,
Балдарынан уялып,
Бакырып ыйлап ийе албай,
Алмамбет минген Көгала,
Мойнунан кармап кучактап,
Ыйлап турат кан Бакай.
Ошондо көзүнүн жашы бурчактап,
Арстан Бакай баатырдын,

Муңайган үнү бек чыгып,
Көзүнүн жашы көп чыгып,
Бакай ыйлап турган жер.
Кагылайын абаке,
Айбанды көрсөң ыйлайсың,
Балдарыңды кыйнайсың.
Айтсаң боло кебиңди,
Күлчоро сурайт Бакайдан.
Арстан Бакай абасы,
Көзүнүн жашын жашырып,
Мен садагаң кетейин,
Семетей кеткен көрүнөт,
Сакалымы түйгөнмүн,
Экөөңөрдү күйгөнмүн.
Ай караңгы түн өттү,
Семетей чалгын чалам деп,
Чалгын чалып барам деп.
Кой десем болбой абакең,
Болбой күнүм түгөттү.
Болбосоң бала баргын деп,
Алда таала кудурет,
өзүң сактай көргүн деп.
Айткан менен айла жок,
Батадан башка пайда жок.
Алаканым жайдым деп,
Бата берип жөнөтүп,
Мен ушерде калдым деп.
Абакең төрө Семетей,
Береги турган көп жылкы,
Айдап жолго салган го,
Артынан кууп жоо келип,
Кармашып жоого кабылып,
Эр Семетей жалгызың,
Келбей калды кечигип.
Атаңдан калган Көгала,
Каныкей берген көк чепкен,
Так үстүнө салгын деп,
Ушуну минип алгын деп.
Арстан Бакай атасы,
Жанына барды Бакайдын,
Бу Канчоро агасы,
Канчорого кеп айтып,
Кара кашка туу чунак,
Кагылайын кулунум,
Кармап мингин деп айтып.
Казат кылып жоо келсе,
өз колуңдан чыгарбай,
Арнап мингин деп айтат.
Абакеңер Семетей,
Келбей жатып алды деп,
Кечигип жатып алды деп.
Аттанып жолго салайын,
Семетейди табайын.
Кагылайын жетимдер,
Жылкы багып жай жатып,
Семизин кармап союптур,
Чайнегине кайнат деп,
Оңолуп этке тоюптур.
Арстан Бакай кайран эр,
Айтып коюп балдарга,
Аттанып жолго салган жер.
Бозжоргосун моюндап,
Ок-дарысын коюндап,
Кан Коңурбай келген го,
Кармалашып калган го.
Атын кармап алам деп,
Семетей кууп калган го.
Арстан  Бакай эр көк жал,
Көк чолокту камчылап,
Камчыны катуу урганга,
Санына каны тамчылап,
Эр Коңурбай кабылып,
Көрүнөр бекен көзүмө,
Кабылар бекен өзүмө.
Арстан Бакай ой ойлоп,
Ой мунарык чоң талаа,

Оюна түшүп көп санаа,
Ошо жерге барды эми.
Ар кай жерге токтошуп,
Андан аттуу кан Бакай,
Катуу жүрүп алды эми,
Үч Кошойго барды эми.
Сараларуу сан жылкы,
Көгаларуу көп жылкы,
Барып көрүп алды эми.
Семетей кайда болду деп,
Үч Кошойдун оюна,
Арстан Бакай эр баатыр,
Ошо жерге барганда,
Күүгүм кирди күн батты.
Элдин асты куп жатты,
Таң аргарып таң атты.
Арстан Бакай эр көк жал,
Баш көтөрүп турган жер,
Асан айтып алган жер,
Амас окуп калган жер,
Бир кудайга жалынып,
Бакай зикир чалган жер.
Амасын окуп алган жер,
Атын токуп минген жер.
Арстан Бакай эр көк жал,
Аттанып жолго кирген жер.
Ок-дарысын коюндап,
Көк чолокту моюндап,
Кудай билет чын болсо,
Ошо күнү кечинде,
Кечке жакын бешимде,
Кара тоонун оюна,
Чоң Ыртыштын боюна,
Бакай кирип барган жер.
Манастын уулу Семетей,
Коңурбайды сайган жер,
Алгара качып калган жер,
Чоң кемерге бурган жер,
Атын кармап алам деп,
Алакөөдөн Семетей,
Алгараны кууган жер,
Жал куйругун жулган жер.
Арстан Бакай барыптыр,
Бакай жетип баргыча,
Жараланган чоң манжу,
Ала салып калыптыр.
Очогорго от салып,
Кара үңкүдү бет алып,
Коңурбай басып калыптыр.
Асыл Бакай эр көк жал,
Кудай берген экен деп,
Аны көрүп алыптыр.
Арстан Бакай баргыча,
Аюу басып кирбеген,
Адам басып көрбөгөн,
Кара үңкүргө жакындап,
Коңурбай жетип калыптыр.
Баатыр Бакай кайран эр,
Үңкүргө кире бererде,
Жетти Бакай жакындап,
Бакай жетип баргынча,
Кара үңкүргө баш салып,
Дөө Коңурбай чоң манжу,
Кире берген жери ошол.
Арстан Бакай эр көк жал,
Үңкүргө кире бергиче,
Чала жетип сайган жер.
Чоң Коңурбай манжуну,
Милтесине чок коюп,
Очогорго от коюп,
Чоң Коңурбай кыйын жоо,
Жанын бекке салган жер.
Чала сайып кутултуп,
Арстан Бакай кайран эр,
Армандуу болуп калган жер,
Семетей кайда кетти деп,

Ат жетелеп жөө басып,
Арстан Бакай чалган жер.
Дөбө жерлер түз болуп,
Талаа жерлер жар болуп,
Коңурбай менен Семетей,
Кармалашып турганда,
Калган экен жоюлуп,
Жердин үстү оюлуп.
Коңурбайды сайганын,
Ат көтүнөн кубалап,
Семетей кетип калганын.
Күйбөгөн жери күл болуп,
Күйүп турат кан Бакай,
Жоону кудай берген соң,
Жоонун башын албайт деп,
Башын алып салбайт деп.
Ат көтүнөн кетет деп,
Айбандан башка союлгур,
Семетейдин Тайбуурул,
Атка кантип жетет деп.
Көгүчкөн конбос Көгала,
Суунун чети чоң талаа,
Кечээ казатка Манас барганда,
Алмамбет чалгын чалганда,
Көрүп жүргөн жер эле.
Ошо турган талаага,
Аскер кайнап толду эле.
Чатыр жайып туу жыйып,
Эр Манастын аскери,
Ошо жерге конду эле.
Арстан Бакай эр баатыр,
Минип барган көк чолок,
Ооздугун чыгарып,
Кестелеп атты сугарып,
Алгараны таба албай,
Кутулуп кетти Коңурбай.
Чаалыкканда келер деп,
Ачуусу келип тутулуп,
Алтын айдар нур жүздү,
Өңү кетип бузулуп,
Кыл мурутун түйгөн жер,
Семетейди күйгөн жер.
Арстан Бакай абасы,
Семетей баргыча,
Коңурбайды соём деп,
Казандай болгон кара баш,
Кылыч менен кыям деп,
Айчүрөк көргөн түш эле,
Алтын калпак жез телпек,
Башынан муну алам деп,
Алтын кыяк кызыл чеп,
Муну чечип алам деп,
Манастын уулу Семетей,
Талуу жерге сайдым деп,
Жабдыгын жарып өткөндүр,
Табарсыкка жеткендир,
Айсооруга сайдым деп,
Манастын уулу Семетей,
Капасы жок ичинде.
Алдындагы Тайбуурул,
Араң басып ымалап,
Тукул болуп туягы,
Калган экен тууралап,
Башын жерге салган жер.
Манастын уулу Семетей,
Бакайды көрүп алган жер,
Абакем келген экен деп,
Алакөөдөн чунак кул,
Алгаранын куйругун,
Колуна кармап алган жер.
Алгаранын кулагын,
Боз кисеге салган жер,
Эсерлигин көрдүңбү,
Ат кутулуп кеткен соң.
Кулагы менен куйругун,
Ажалы жок жан экен,

Бу кудайдын буйругу,
Олжо болду балага.
Олуя заада Бакайга,
Мактаныч кылып барганы.
Саламы жок кеби жок,
Алакөөдөн эси жок,
Алгаранын куйругун,
Булактатып бек кармап.
Баатырсынган калчаны,
Көмөлөтө сайдым деп.
Аты качып берген соң,
Көт жагынан кубалап,
Кууп кетип калдым деп.
Абасына айтып кеп,
Куйругунан кармасам,
Куйругун жулуп качты деп.
Басташып жүрүп калганы,
Бобу жерге сойдум деп.
Коңурбайдын Алгара,
Куйругун алып колуна,
Чолок кылып койдум деп,
Канкордун уулу шаттанып,
Абасына мактанып,
Абасына барган жер.
Ачуусу келип абасы,
Ыргып кобо калган жер,
Канкордун уулу баатырды,
Камчы менен салган жер.
Манастын уулу Семетей,
Бакай келип чапканда,
Астындагы Буурулдан,
Топудай учуп түшкөн жер.
Талма тийген немедей,
Талып жатып калган жер.
Бир кудайдын жардамы,
Семетейди жыга чаап,
Эми Бакайдын айткан арманы.
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Аңтарылып калсачы,
Бу көрөкчө шум дүйнө,
Жолборсум Манас өлбөй кал.
Акылы жок көсөргө,
Кеп укпаган эсерге,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Жолуктурду бир кудай.
Арстаным Манас өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө,
Кыл мурутум өрбөдүм,
Мен ошондо өлбөдүм.
Кыл сакалым түйгөнмүн,
Кызыталак оңбогур,
Сени киши болот деп,
Кысталып сени күйгөнмүн.
Атаңды сойгон манжуну,
Малын сайып аласың,
Атаң аттан өлгөндөй,
Ат кубалап каласың.
Кезекти кудай берген соң,
Кездешип кечил келген соң,
Тилекти кудай берген соң,
Атакеңдин алты пир,
Ошолор келип жеңген соң.
Калчаны сайып кулатып,
Башын кесип албайсың.
Кар жилигин сен кесип,
Жерге сайып салбайсың.
Качкан атты кармайм деп,
Кана кармап келгениң.
Сайган жоону кутказып,
Ырысыңы жегениң.
Ак була кийдим бырыш жок,
Семетей сага кабылган,
Мен Бакайда ырыс жок.
Кандагай кийдим тешик жок,
Сайган жоону кутказган,
Семетей сага кабылган,

Мен Бакайда ырыс жок.
Кана жоону жеңгениң,
Кана кара атты кармап келгениң,
Мына муну мингин деп,
Кана балдарыңа бергениң.
Кайсы жерге сайып кулаттың,
Кан Коңурбай манжуну,
Кандай сайып сулаттың.
Сайган жериң көрсөт деп,
Таарынып айтат эр Бакай,
Арстандын уулу Семетей,
Сайган жерде манжу жок.
Асмандан ай бүркөлүп тутулду,
Алакөөдөн ит дардаң,
Милтесине от коюп,
Мылтыгына ок коюп,
Аюу басып кирбеген,
Адам ичин билбеген,
Сайдым деген Коңурбай,
Кирип кетип кутулду.
Кызыталак эсер кул,
Сенин кылган ишиң ушубу.
Арстан Бакай жарылып,
Семетейге таарынып,
Эс алып туруп Семетей,
Арстан Бакай абасы,
Капалуу болгон агасын,
Ачууңуз келсе туруңуз,
Кагылайын абаке,
Эми дагы уруңуз.
Манастын уулу Семетей,
Абакеси мойнуна,
Кучактап турган жери ошол.
Бакай менен Семетей,
Капаларын жазгыча,
Билгендерин айткыча,
Көңүлдөрүн жазгыча,
Көргөндөрүн айткыча,
Алтын калпак бурма чок,
Кечээ Каныкей кылган ак калпак,
Баса кийип алыптыр.
Көгала минип созулуп,
Айланса болот алдага,
Күлчоро жетип барыптыр.
Күлчорону көргөндө,
Ак кула тону бүгүлүп,
А кудайлап сүйүнүп,
Эр Күлчоро баатырдын,
Астын тосо жүгүрүп.
Канчоро менен Күлчоро,
Бу канкордун иниси,
Иниси эмей кимиси.
Күлчоро Бакай Семетей,
Баш кошушуп калган жер.
Таштап кеткен баласы,
Артынан балдар барган жер.
Күлчоро келип кеп сурап,
Кагылайын абаке,
Канча жерге бардың деп,
Жылкыны кандай алдың деп,
Айчүрөк айткан кеп эле,
Адамдан жойчу калмак бар,
Кокустан алдатып ийбе деди эле.
Ат куйругун өрдүңбү,
Сен бул калмакты көрдүңбү.
Көрдүм деп баатыр айта албайт,
Абакем жаман көрөт деп,
Семетей баатыр айта албайт.
Калдайды кандай сайдың деп,
Жыга сайып манжуну,
Кайда кетип калдың деп.
Дагы бала кеп сурайт,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Ат тизгинин буруштум,
Күнү-түнү алты күн,
Талыкпастан уруштум.

Айзаны салдым жүрөккө,
Кан Коңурбай баатырды,
Кармап колго бек сайдым.
Өлчөлүнүп өзү деп,
Өлүүчү жери ушу деп,
Оң өпкөнүн тушу деп,
Дөгүрсүгөн калчаны,
Кара атынын үстүнөн,
Антара сайып салганым.
Чочконун аты качып калганы,
Кармай албай кутказып,
Армандуу болуп калганым.
Баатырдын уулу Семетей,
Күлчорого кеп айтат,
Айзага таккан желегим,
Алдымда чынар терегим,
Белиме чалган кемерим,
Бетиме түшкөн бедерим,
Менин көргөнүм ушу деп айтат.
Күлчоро Бакай Семетей,
Жоо кутказын жылкы алып,
Жолго салар кезим деп.
Ошондо кайраттуу чоро кеп айтат,
Абам менен абаке,
Адыр, адыр жер басып,
Алтымыш кайкы бел ашып,
Акылымдан адашып,
Башыма түшүп менделик.
Ээн талаа эрме чөл,
Калдым басып сенделип.
Кагылайын абалар,
Тоосу бийик жери түз,
Адыр-адыр чөлү бар.
Ар кайсы жерге токтогон,
Бөөт-бөөт көлү бар.
Жылкыны кудай берген соң,
Бөлүп айдап алалы,
Шашпай айдап баралы.
Бөлүнгөнүн жыялы,
Айланайын абалар,
Ушу жерден сүйлөшүп,
Убураны кылалы.
Жоону сайып жылкы алып,
Баштап келген сен элең.
Башыма түшүп менделик,
Тентип калган мен элем.
Башка түшсө үчөөбүз,
Эр Күлчоро кеп айтып,
Эмгекти кудай кайтарса,
Мына бу турган жылкыны,
Таштабайлы деп айтып.
Күлчоро айтып турганда,
Алтын туяк ай кашка,
Ат жылкыдан бир башка,
Канчоро минип алган жер.
Семетей, Бакай, Күлчоро,
Ушу үчөө турганда,
Эр Канчоро барган жер.
Беш сүйлөшүп бел байлап,
Абакем баатырды,
Астын айдап алгын деп.
Карыган абаң Бакайды,
Ортосуна калгын деп.
Канчородой абасын,
Кан Бакайдын артынан,
Жылкы айдап баргын деп.
А абаке Семетей,
Өзөндүү жерге конгун деп.
Карагулдун калча бар,
Чалгын чалган канча бар,
Кызыл өрттүү кыйын бар.
Бөлөк жолго сал басып,
Өзүң көргөн жол менен,
Өзөндүү булак жол менен,
Жайып айдап баргын деп.
Өз жаныңа сак болуп,

Чаалыктырбай жылкыны,
Багып айдап баргын деп,
Баланын айткан кеби деп,
Макул болуп дешкен жер.
Жерге батпай көп жылкы,
Семетей, Бакай, Күлчоро,
Бөлүнүшүп кеткен жер.
Жылкыны суга салышып,
Жоону жеңип салгансып,
Төрт бөлүнүшүп алышып.
Жоо-жарагы жанында,
Даярланып камданып,
Жылкы алган беренди,
Ошо жерге таштайлы.
Кан Коңурбай баатырдын,
Окуясын баштайлы.
Коңурбайдын Алгара,
Семетейге карматпай,
Кутулуп жолго салган жер.
Куйругу жок чолоюп,
Кулагы жок чунайып,
Бээжинге качып барган жер.
Алгара качып барганда,
Бээжиндеги калмакка,
Дүрбөлөң түшүп калган жер.
Коңурбайдын Алгара,
Каканга качып барган жер.
Какандагы калчалар,
Коңурбай өлгөн экен деп,
Каканды камап кол келип,
Казат кылар бекен деп.
Он эки кан чоң какан,
Ортосуна чогулуп,
Айгыр карап бээ тууган,
Алгара менен бир тууган,
Алооке кандын кенжеси,
Эшим деген эр чыккан,
Эскара деген дөө чыккан.
Карышкырдай кайраттуу,
Кармашып киши жеңбеген,
Кулачы чоюн өңү жез,
Дөө Жолой деген эр чыккан.
Адамдан чыккан кара көк,
Атышкан жоону мерт кылган.
Каканчылуу Бээжинди,
Коңурбайга баш бербей,
Мен билем деп асылган.
Айдыңынан жан чыккан,
Көкбөрү деген кан чыккан.
Кара атты кармап алышып,
Алтымыш солон кырк жайсан,
Коңурбай канын алам деп,
Манастын эли келген го,
Бээжинге уруш салмакка,
Кыл Эртыштын боюна.
Аскери келип конгон го,
Какан менен Бээжинге,
Кол кармашмак болгон го.
Эрени деген эри бар,
Көптү көргөн жери бар.
Чогулган канга кеп айтып,
Коңурбай аман деп айтып.
Береги турган кара атка,
Акбула абай жапкыла,
Алтындан кулак таккыла.
Жибектен абай жапкыла,
Күмүштөн куйрук таккыла.
Алгараны жетелеп,
Аман-эсен каныңар,
Ичтен барып тапкыла.
Эрине билгир кеп айтып,
Эр Коңурбай баатырды,
Таап келгин деп айтып.
Атка абай жаптырып,
Алтындан кулак тактырып,
Кара атка жабуу жаптырып,

Күмүштөн куйрук тактырып.
Күрдөлдүү кытай көп калмак,
Билерманы мындан көп.
Көктемир менен Эшимге,
Кечээ көк жал Манас баатырдын,
Каканга келип кармашып,
Урушканы эсинде.
Эки миң аскер кол алып,
Алгара коштоп ат алып,
Аттанып жолго салышты.
Коңурбайды тапмакка,
Көктемир менен эр Эшим,
Кара атты коштоп алышты.
Жагоолоп алтын тартышып,
Жабуулап алтын жабашып,
Артынан солдат жарышып,
Чет Бээжинден өткөн жер.
Ылабаска жеткен жер,
Алооке кандын сары өзөн,
Агызкан кандын Кан-Жайлак,
Алтын жоолук сыр желек,
Аскерлери бир бөлөк,
Кан Жайлакты ашкан жер.
Кан жөткүрүп тура албай,
Эр Коңурбай жаткан жер.
Кан Коңурбай баатырды,
Эр Эшим издеп тапкан жер.
Эминени көрдүң деп,
Эминени билдиң деп,
Эр Коңурбай баатырга,
Эли барып айткан жер.
Эр Эшим кеп айтат,
Жоо-жарагың колуңда,
Очогор мылтык жанында,
Кылычын турат жаныңда.
Кара атыңдан айрылып,
Калдың кандай кабылып.
Сайышкан киши ким экен,
Кара атыңдын куйругун,
Жулган киши ким экен.
Сайган жоого кайрылбай,
Астыңдагы кара атты,
Кудай берген кара тоо,
Кууган киши ким экен.
Куйругу менен кулагын,
Жулган киши ким экен.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Белги сурап турган жер.
Көргөнүңдү айткын деп,
Эли сурап турган жер.
Акырегиң жарган ким,
Аябай айза сайган ким.
Эли эми кеп айтып,
Чоң Коңурбай манжуга,
Кебиңди айтчы деп айтып.
Көргөнүмдү айтайын,
Манастан калган бала экен,
Толуп калган чагы экен.
Эрешен тартып эр болуп,
Болуп калган чагы экен.
Эрдиги бар эси жок,
Эсер өскөн жан экен.
Көп жылкыны алыптыр,
Көсөрлүгүн билдим мен,
Очогор менен бир аттым,
Ат болушун жазгырды.
Эсерлигин айтайын,
Найза алып качырды.
Айза менен уруштук,
Менин алым ага жетпей,
Анын алы маа жетпей,
Тең урушуп туруштук,
Кылчты кындан сууруштук,
Айза менен сайыштык,
Унгусунан кайрыштык.
Айбалта менен салыштык,

Калканды жара чабыштык,
Акылы жок оюу жок,
Алпка тууган жан экен,
Алдаган тилди билбеген,
Эсерлиги бар экен.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Манастын уулу канкорду,
Кандайда болсо алабыз,
Капа болбой тургула,
Алып кеткен жылкыны,
Ажыратып калабыз.
Эр Коңурбай шер айтат,
Көргөнүн баарысын,
Өлчү болсо Семетей,
Өлтүрөт эле деп айтат.
Алдыра турган кезимде,
Алдадым бала эсерди,
Ат откозуп токтолуп,
Тамактанып алалы.
Мынабу чачтан алганда,
Алмак болуп калганда,
Эсим кетти эңгиреп,
Айзаны колго кармадым,
Семетейди алдадым,
Менин өлбөй калганым,
Ушу сөздү макул деп,
Мингени Буурул ат экен.
Бура тарта бергенде,
Өлгөн жерге саям деп,
Өлтүрө сайып салам деп.
Кармап айза сунганмын,
Манастын уулу баланы,
Мени кудай урганы,
Жаса сайып кутултуп,
Эсалып уруш салмакка,
Ант амалды кылганмын.
Семетей мени сайган жок,
Айткан антка кабылдым,
Аман-эсен мен калдым,
Анты сайды өзүмдү.
Эсер кулду алдадым,
Өлтүрө албай баланы,
Жаса сайып салганым.
Баланын эти ачынып,
Кайра тартты качырып,
Кара атка камчы салгыча,
Жеткизбей качып калгыча,
Бери арам өлгөн Алгара,
Эти кысып жүргүчө,
Күнү-түнү алты күн,
Алышалбай туруштук,
Ат үстүндө уруштук.
Чаалыгып калган союлгур,
Бурулуп жолго салгыча,
Кайра тартып калгыча,
Аты өкүм мал экен.
Эсерлиги болбосо,
Менде барып беттешкис,
Балбандыгы бар экен.
Айза менен ыргыта,
Мени сайып өттү деп.
Мына бу турган Алгара,
Токтобой качып кетти деп.
Эсерлигин билгиле,
Качкан аттын артынан,
Бала түшүп алды деп,
Алгара оюн салды деп.
Мен жыгылып тургуча,
Ортобуздан эки күн,
Арабыздан өттү деп.
Дары салып таңдайга,
Жазыптыр тагдыр маңдайга.
Кайра тартып келгиче,
Кырма кызыл дарыны,
Кызыл кан агып салалап,
Калган экен кырк жерим,

Ошол бала баатырдын,
Айзасы тийип жаралап.
Жарама дары салганда,
Мен эсалып калганда,
Семетей кайра келгиче,
Очогорго от алдым,
Кара үңкүрдү бет алдым.
үңкүргө жетип кирдим мен,
Манастын уулу баланын,
Эсерлигин билдим мен.
Атты таптап алалы,
Башка жолго салалы.
Ак-Кыя деген ашуу бар,
Канкордун уулу эсерди,
Ошерден тосуп алалы.
Алакөөдөн эси жок,
Бээжинден жылкы алдым деп,
Белинен кемер чечкендир.
Жайкын басып жай түшүп,
Алтымыш асый бийик жал,
Астынан тосуп албасак,
Ушу келген буруттан,
Жылкыны алып калбасак,
Калмак менен кытайды,
Бул элден кетели,
Бээжинден көчүп кетели.
Жанжучу кытай көп айтат,
Алыстан келген жортуулчу,
Капырай алдырбайт жылкы деп айтат.
Мен билгеними айтайын,
Көптү көргөн шумдуу бар.
Кан төгүп казат көп кылган,
Эр Бакай деген кулу бар,
Болоттон калган тукул бар,
Айааламды буй кылган,
Алмамбеттин баласы,
Ошондон калган тукум бар.
Ошо бала бар болсо,
Мынабу Мансатын уулу баатырдын,
Айдап чыккан жылкысын,
Ажыратып калам деп.
Ошо бурут баатырды,
Алакөөдөн экен деп,
Аңдып атып салам деп.
Ошо бала жок болсо,
Семетейден жылкыны,
Алса алып каларсың.
Ошо бала бар болсо,
Адамдан башка жан экен,
Башкача өскөн бала экен,
Билдим ошол баланы,
Бир башында баланын,
Миң кишиге бар экен.
Ошо бала жүргөндө,
Айдап чыккан жылкысын,
Ажыратып албайсың,
Жылкыны алып калбайсың.
Билемин айтып турганды,
Доскара кеп айтат,
Жаш баладан коркпогун,
Алалбайсың деп айткан,
Ал эмес атышка чыгып келгенде,
Бээжинди алам дегенде,
Жери баткыс калкы бар,
Алтымышта алпы бар,
Кайратуу катуу жери бар,
Ошо Манас баатырдын,
Алмамбет Чубак эри бар,
Каканчынын Бээжинди,
Аламын деген ою бар.
Ошо Манас келгенде,
Айдаган калың колу бар,
Баатырсынган Манасты,
Балбансынган неченди,
Баарын кармап сойгонбуз.
Алып жүргөн алптарын,

Аны кырып койгонбуз.
Алмамбет менен Чубакты,
Кан Мансатын жолдошу,
Арбагы ашкан Сыргакты,
Буларды атып салганбыз,
Баарын кырып жайладык.
Ошо Манас баатырды,
Бууданына жүктөтүп,
Буту колун бүктөтүп,
Сүлдөрү кеткен Таласка.
Айтып турган баатырдын,
Айткан тилин алалы,
Жылкы айдаган буруттун,
Көт жагынан баралы,
Көп жылкыны кетирбей,
Барып алып калалы.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Айтканындай кылалы,
Атка мине чабалы,
Астын тосуп жол алып,
Атышарга жол алып,
Ак-Кыяга баралы.
Жылкы айдап жай жүргөн,
Ошерден тосуп калалы.
Манастын уулу эсерди,
Аркар үнүн бергенде,
Жери быткыл таш болот,
Тегереги саз болот.
Адыр-адыр жер болот,
Ашуу-ашуу бел болот.
Жолун мурун билбеген,
Ушу келген бурут кул,
Жол табалбай дел болот.
Муну аңдыган киши албайбы,
Ар кайсы жерден жол тоссо,
Байкатпай атып салбайбы.
Жайлактан жылкы өткөндө,
Кум-Арыкка жеткенде,
Ошерден алсак алабыз.
Он эки кырчоо бийик зоо,
Башына адам чыкпаган,
Жору айланып учпаган,
Жерден бийик башка тоо,
Жете барып конолу.
Астын тосуп жылкынын,
Барыбыз даяр бололу,
Акылдашып олтуруп,
Калмак менен кытайды,
Эр Эшим менен Чоң Жолой,
Эскара менен Коңурбай,
Кудай бетин көрсөтпө,
Какандан чыгып камынып,
Бурканына табынып,
Бээжинден чыгып толушуп,
Бурканына чокунуп,
Буркандан чубап болушуп.
Эки Алтын чоң буркан,
Коңурбай, эр Эшим,
Маңдайына жазылып,
Кара чокту калмактын,
Айткан сөзү басылып.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Айза тийген чоң жарат,
Дары салып олтуруп,
Кадимкидей болтуруп.
Чыкмак болду Бээжинден,
Акылдашып олтуруп.
Кан Коңурбай эр айтат,
Алгараны минейин,
Астыңарга жүрөйүн,
Чаңдатып туман салайын,
Береги турган Алгара,
Жал куйругун түйөйүн,
Жаман кийим кийейин,
Кайнап жаткан көп жылкы,
Мен ичине кирейин,

Баланын дайнын билейин,
Балага барбай качайын,
Барыңарга айтайын.
Манастын уулу дардаңды,
Алтымыш агар Ак-Кыя,
Ошерден тосуп атайын.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Баарысы укту макул деп,
Баатырдыкы акыл деп.
Жазайылын октотуп,
Жез казанын көмөртүп,
Желмаянды чөгөртүп,
Желмаянды берели.
Кудай бетин көрсөтпө,
Чоң Бээжиндин ээси бар,
Топтоп койгон капырдын,
Желмаян деген төөсү бар.
Бир желмаян өзүндө,
Тогуз пилдин күчү бар.
Жоо-жарагын алган жер,
Манастын уулу баатырдын,
Көт жагынан бармакка,
Он эки сан кытайдан,
Кара чокту калмактан,
Мергендерди алышып,
Алган жылкы артынан,
Манастын уулу Семетей,
Кечээ калдайды сайган дартынан,
Өлсө өлүп калалы,
Өлбөсөк өчтү алалы,
Алалбасак дардаңды,
Жылкыны алып калалы.
Калмак, кытай кандары,
Камынышып дуулдап,
Эрдемсиген эрендер,
Эчен кыйын берендер,
Атагы чыккан баатырлар,
Аттанып жолго салган жер.
Манастын уулу баатырдын,
Көтүнөн түшүп калган жер,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Өзүнөн башка аскерди,
Үч-Кошойго салган жер.
Манастын уулу баатырды,
Кайра жүрөт болду деп,
Коңурбай аңдып калган жер.
Үч-Кошойдун оюнда,
Бай каранын жолуна,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Жайнап жылкы жаткан жер.
Сараладуу көп жылкы,
Күлчоро багып жаткан жер.
Көп жылкыны токтотуп,
Чабырлары тойсун деп,
Жаткан экен оттотуп.
Аламандуу алты адыр,
Карагайлуу терең коо,
Чоң Коңурбай эр манжу,
Ошо жерге барган жер.
Жайкын жаткан жылкыны,
Бул аралап калган жер.
Эр Коңурбай билинбей,
Күлчорого көрүнбөй,
Тепкенин кара кайкыда,
Көгаланы жайдактап,
Койгон эле баймактап.
Көп жылкыны токтотуп,
Көгаланы оттотуп.
Байкап турса Коңурбай,
Минген атын айтайын,
Алмамбеттин Көгала,
Кызыл тору жаш бала.
Баланын түрүн караса,
Батынып киши баргысыз,
Барган жан аман калгысыз.
Бу баланын жанына,

Батынып киши баргысыз,
Барган жан аман калгысыз.
Көзү оттой мунарып,
Уурту жүзү кубарып.
Желеги бар колунда,
Жайкын жатып мал багып,
Жаткан экен Күлчоро.
Баргананын оюнда,
Көлчүк-көлчүк көлү бар,
Балчык-балчык сазы бар.
Жылкы барса кулдурап,
Өрдөк, чүрөк, казы бар.
Ошо жолдо баланын,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Баарын көрүп алды эми.
Адамдан башка жаралган,
Заарын көрүп алды эми.
Алтын айза жакалуу,
Тонун көрүп алды эми.
О Каныкей жасаган,
Башына кийген кызыл бөрк,
Бөркүн көрүп алды эми.
Адамдан башка жаралган,
Көркүн көрүп алды эми.
Атайын деп жакындап,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Аңдып жатып калды эми.
Коңурбайдын аскери,
Башка жолго салды эми.
Очогорду колго алып,
Малдан башка түрү бар,
Маңдайында сүрү бар.
Жылкы айдап кыйкырса,
Замбиректей үнү бар.
Үнү чыкса көп жылкы,
Догдоп жолго салган жер.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Батыналбай чорого,
Оолак качып калган жер.
Чорону көрүп болк этип,
Жылкы айдап кыйкырса,
Эт жүрөгү болкулдап,
Эси чыгып солкулдап.
Күлчорого бата албай,
Жакын барып ата албай.
Алгара минип жылжытып,
Алтын калпак жез телпек,
Колтугуна бек кысып,
Жөнөп жолго салган жер.
Кудай билет чын болсо,
Кара-Буурул көп жылкы,
Кара-Көлдүн жээгинде,
Кайнап оттоп жатышат.
Кулун, тайы бир бөлөк,
Жайнап оттоп атышат.
Аргымагы бир бөлөк,
Алар оттоп жатышат.
Тобурчагы бир бөлөк,
Топтобунан бөлүнүп,
Кетмен соору кунан жал,
Казатка минчү кунандар,
Алар оттойт бир бөлөк.
Эр Коңурбай билинбей,
Эч адамга көрүнбөй,
Астындагы кара аттын,
Туягы жерге илинбей.
Жылкы айланып алганда,
Айланасын чалганда,
Маңдайы жарык жал кашка,
Баланын жолу бир башка,
Оңкок мурун жаргак көз,
Этек-жеңин каккылап,
Кызыл буурул көп жылкы,
Доолбасын чапкылап,
Коңгуроодой үнү бар.
Көрүп турат Коңурбай,

Коркок болчу түрү бар.
Жылкы кууп айдаса,
Жылажындай үнү бар,
Жылан өңдү түрү бар,
Маңдайында тагы бар.
Балалыгы кете элек,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Канчорону көрдү эле,
Атсам атып кетем деп,
Бакай менен Күлчоро,
Экөөнүн бирөө болбосо,
Муну атып өтөм деп.
Буйтка жолго салам деп,
Бууралууга барам деп.
Семетей мында жок экен,
Алдын тосуп жол чалып,
Кудай берсе өзүмө,
Ал көрүнсө көзүмө,
Эсер көөдөк жан эле,
Эчтемени элебес,
Элди көрсө кенебес.
Жоону көрсө козголбос,
Жолборс жүрөк неме эле.
Канчорого бата албай,
Какандын каны Конурбай,
Кан Бакайды көргөндө.
Бакай журтка маана эле,
Капыр менен мусулман,
Барысына даана эле.
Эр Бакайды көргөндө,
Асыл Бакай баатырга,
Кечээ Манас барында,
Алып жүргөн жан эле.
Кан Мансатын аскерин,
Багып жүргөн эр эле.
Жолду баштап жер чалып,
Шумдуу Бакай экен деп,
Кармаганы жок болгон,
Караганы жок болгон.
Тиштеген ок болгон,
Тизелешип кармашкан,
Эсен киши жок болгон,
Айзанын учу кум болгон.
Эчен баатыр эчен эр,
Каканга казат кылганда,
Каапыр менен мусулман,
Карсылдашып турганда,
Баатырсыган калмактын,
Бир канчасы жай болгон.
Көрүп калса бу Бакай,
Көрсө мени койбойт деп,
Көрүп качып мен калсам,
Астындагы бууданы,
Абалы баштап жаралып,
Ушу Бакай баатырдын,
Ырысына тууганы,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Бу көрүнбөй кетейин.
Манастын уулу Семетей,
Ошону көздөй кетейин.
Бакайды таштап Коңурбай,
Алгара этин кызытып,
Алтымыш адыр жер басып,
Соолгурду тызгытып,
Семетейге бармакка,
Астын тосуп калмакка,
Коңурбай жолго салган жер.
Жылкы аралап жай жүрүп,
Шумду бала Күлчоро,
Коңурбай минген буудандын,
Изин көрүп калган жер.
Шумдуктуу аттын изи экен,
Бизди аңдып калган киши экен.

## СЕМЕТЕЙДИН АТАСЫ МАНАСТЫН КУНУН КУУШУ

Тепкедеги жылкыны,
Эр Күлчоро шумдукту,
Тийип жолго салды эми.
Башка аттын изи деп,
Билип жолго салды эми.
Аюулуу деген жери бар,
Ашуучу кыйын бели бар,
Билди бекен бул эми.
Кудай бетин көрсөтпө,
Көп жылкыны токтотпой,
Эр Күлчоро куу неме,
Кундуздууга жетти эми.
Кубалап айдап жылкыны,
Алакеңдин жетиче,
Семетейдин астына,
Айдап өтүп кетти эми.
Кундуздууну айтайын,
Кудай бетин көрсөтпө,
Бетеге белден бураган,
Эчки-теке тоо кийик,
Бадалынын башынан,
Алыс-алыс чураган.
Киши тиккен немедей,
Кайың чыккан бир башка.
Кабылып калар бекен деп,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Аңдып тосуп калыптыр.
Очогорун асынып,
Кумдактай боюн жашырып,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Күлчорого көрүнбөй,
Аңдып жүрөт жашынып.
Алмалуу деген тоосу бар,
Асты жайык жери түз,
Эр Күлчоро жинди кул,
Айдап барып жылкыны,
Астын тосуп токтотуп,
Жыйын салган жери ошол.
үч-Кыянын түбүндө,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алмадай башын ашырып,
Алгарага жашынып,
Ушу жерден албасам,
Ушерден атып калбасам,
Жылкы бербей кетет деп.
Тооруп-тооруп жер чалып,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Айт деп жолго салгыча,
Бет алып жылкы токтобойт.
Жылкы тосуп алгыча,
Кайыңдынын оюна,
Кара тоонун боюна,
Эр Күлчоро барды эми.
Кайыңдан кыйган укурук,
Кар жиликке сүйрөтүп,
Жылкы айдап жай жүрүп,
Мунардуу талаа сары чөл,
Буга дүрбү салды эми,
Жерди көрүп алды эми.
Какандан алган көп жылкы,
Аманат жанга күч келип,
Чогуу айдаса бата албай,

Койгон экен үч бөлүп.
Манастын уулу Семетей,
Сексен айгыр канча бээ,
Муну бөлүп алыптыр.
Миң сегиз жүз жылкыны,
Семетей айдап калыптыр.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Күлчорого баталбай,
Семетейге барыптыр.
Сабы тутам бир токмок,
Күлчоро жасап алыптыр.
Отко коюп бууданын,
Муну минип алыптыр.
Тегерегин чалыптыр,
Жата калып караса,
Баскан жерге маң болгон,
Туягы тийсе кара аттын,
Жерге батып кетүүчү,
Эр Күлчоро эр баатыр,
Кара аттын изин көрдү эле.
Канкор агам баатырдын,
Эсерлигин билген го,
Эчен баатыр жүргөн го.
Мергендери бөлүнүп,
Мен атайын деген го.
Батынып уруш салалбай,
Ушу турган жылкыны,
Ажыратып калалбай.
Туура жагын караса,
Эрдей кайкы бел турат,
Эр Күлчоро барды эми.
Жери шорлуу үстү түз,
Коңурчунун үстүнө,
Жылкы тосуп салды эми.
Эр Күлчоро элебей,
Жылкы буруп айдоого,
Токмок жасап алды эми.
Таң агарып атканда,
Азан айтып бакырып,
Илимдүү адам уксун деп,
Азанды бекем чакырып.
Экөө сүнөт эки парыз,
Эр Күлчоро окуду.
Минген атын агытып,
Көгаланы токуду.
Күн кызарып чыкканда,
Тамактанып олтурду.
Жел тийгендей селт этип,
Тоо көргөндөй булк этип,
Бүткөн бою солк этип.
Бала баатыр Күлчоро,
Көгаланы минди эми,
Көөкар жака бурма тон,
Эр Күлчоро кийди эми.
Астыңкы кыя аскага,
Бала чоро барды эми,
Коңурбай минген атты эми,
Изин көрүп алды эми.
Изи башка экен деп,
Кайсы жакка кеткен деп,
Из төтөлөп чалды эми,
Ак кемер белге бууду эми,
Бала баатыр Күлчоро,
Аттын изин кууду эми.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Бурулу деген тоо экен,
Ар кай жери зоо экен,
Ак-Кыя деген бел экен.
Кечээ Алооке кандын барында,
Жерге жемиш тиктирген,
өзөнгө алма сайдырган.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Терең казып аң кылган,
Кечээ Алооке барында,
Эки жагын жар кылган.
Алоокенин барында,

Калмак менен кытайды,
Айдап жерди казтырган.
Адам ашпас кайкыны,
Жолду кенен чаптырган,
Ак-Кыя деп айтылган,
Семетей баккан жылкыны,
Коңурбай көрүп алган жер.
Эр Семетей көөдөк эр,
Ушу жолго салат деп,
Алтын олпок ак жака,
Кенетсе чечип алат деп.
Багып жүргөн жылкысын,
Жайып айдап келет деп.
Манастын уулу баатырды,
Ушерден кудай берет деп.
Очогорго ок коюп,
Милтесине чок коюп.
Манастын уулу баатырды,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Аңдып калган жери ошол.
Коңурбайдын Алгара,
Союлгур түлкүдөй боюн жашырып,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Ошерде жатат жашынып.
Ажал өлүм ойдо жок,
Алакеңдин Күлчоро,
Аттын изин чалган жер,
Ак кайкынын астынан,
Жетим жолго барган жер.
Баскан изден адашып,
Бала баатыр Күлчоро,
Тегеренип калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Астындагы Тайбуурул,
Үстүндөгү Аколпок,
Ичиндеги темир соот,
Баарын чечип алган жер.
Жылкы айдап бек жүрүп,
Канкордун уулу эр баатыр,
Ак-Кыядан өтөм деп,
Бүгүн өтүп кетем деп,
Канкордун уулу баатырды,
Кара тер басып калган жер.
Кечээ Коңурбайды сайганда,
Дөөгүрсүгөн манжуну,
Муну сайып салганда,
Арстан тууган эр баатыр,
Атаңды сойгон манжуну,
Муну сайып алдым деп.
Бейлин берип шайтанга,
Текебер кылган жери бар.
Коңурбайды кууганда,
Астындагы Буурул ат,
Аты жетпей турганда.
Атаңдын көрү шум дүйнө,
Аңтарылып кетсечи,
А көрөкчө бу дүйнө,
Манастын уулу Семетей,
Алгарага жетпейт деп.
Буурулду башка бир чапкан,
Жанга өлчөгөн Буурулду,
Башка чаап Семетей,
Бул текебер эмеспи.
Бул кара буурул көп жылкы,
Кайнап чыга кетти эми.
Чапкан кыя кескен бел,
Өрүп өтүп кетти эми.
Көбүн айдап жылкынын,
Баатырдын уулу эр жаңгыз,
Аңдып аткан жерине,
Семетей жакын жетти эми,
Ок жетер жерге барды эми.
Оюп койгон кара таш,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Очогор арта салды эми.
Олуязада баатырды,

Аңдып жатып калды эми.
Манастын уулу Семетей,
Бээжиндеги бектерди,
Какандагы кандарды,
Алып келген немедей,
Кан Коңурбай баатырды,
Сайып келген немедей.
Каныкей кылган жел көйнөк,
Жылкы айдап бой тердеп,
Мойнуна түрүп салган жер.
Атаңдын көрү катыгүн,
Алдына жакын барган жер,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Берер кудай берер деп,
Ашып жүргөн жер эле,
Адис болгон бу чочко,
Өзү койгон белги эле.
Манастын уулу Семетей,
Ат тизгинин жайыптар,
Аңдып аткан калчанын,
Очордун оозуна,
Семетей жакын барыптыр.
Атаңдын көрү катыгүн,
Очогор менен атканда,
Очогор үнү даңк деди,
Манастын уулу Семетей,
Очогор тийип бооруна,
Ок жаңылып өзүнө,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Ошо жерден жалп этти.
Канкордун уулу Семетей,
Ок жаңылып кулады,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алгараны минген жер,
Айзасын колго алып,
Айза менен бир коюп,
Акырегин жарган жер.
Кылычын колго алгыча,
Канкордун уулу баатырдын,
Башын алып салгыча,
Очогор үнү угулуп,
Олуязада Күлчоро,
Кайдан үнү даңк этти,
Канетсе абам жалп этти.
Көгала менен ызгытып,
Көк жал бала эр чоро,
Семетей башын алгыча,
Башын чаап баатырдын,
Аттан түшө калгыча,
Ак келтени алгыча,
Ай дөбөдө кубулуп,
Жер жарылып үнүнөн,
Күлчоро жетти кубулуп.
Мылтыгына ок салбай,
Атанын көрү дүнүйө,
Жайкын жүргөн Күлчоро,
Күлчоро кирип келгенде,
Коңурбай чыдап туралбай,
Заарына чыдабай,
Кара атка камчы урган жер.
Колундагы токмокту,
Күлчоро кармап алыптыр,
Кара ат менен тыз коюп,
Коңурбай жолго салыптыр.
Токмок менен бир коюп,
Күлчоро жетпей калыптыр.
Казандай болгон кара баш,
Темир калпак жез телпек,
Күлчоро урган токмогу,
Башынан алыс кеткен жер.
Токмок катуу тийгенде,
Темир калпак жез телпек,
Күлчоро урган токмоктун,
Эпкинине кетти эми.
Желеген кара чач,
Күлчоронун токмогу,

Аны жулуп өттү эми.
Абасына карабай,
Качпа калмак качпа деп,
Абириңи ачпа деп,
Эр Күлчоро кайран эр,
Келгин калмак келгин деп,
Семетейди жедиң деп,
Мени кошо жегин деп.
Кайда барсаң анда бар,
Бер иштелүү Күлчоро,
Көп болсо Каканыңа барарсың.
Кубулар жериң кайда бар,
Күлчоро айтып турганда,
Көгала жетпейт кууганда,
Алгара башын бурган жер.
Сенин баштап жүргөн абаңы,
Очогор атып кулаттым,
Бу жарадан өлөт деп.
Сыр найза менен бир сайдым,
Бу жарадан өлөт деп.
Эки жарат бир болду,
Бу экөөнөн өлбөсө,
Кыйкырыгы таш жарган,
Кызыл бала оңбогур,
Кудай бардыр өзүңө,
Кайрат айткан сөзүңө.
Сени кандайда болсо аламын,
Сары изиңе чөп салып,
Көтүңөн кууп аламын.
Абалкы чапкан жол ушул,
Атаңарды жай кылган.
Коңурбайдын колу ушул,
Кара чачы жулунуп,
Алгарага камчы уруп,
Алып салып баатырды,
Коңурбай жолго салган жер.
Канкордун уулу эр жалгыз,
Сулап жатып калган жер,
Канкордун уулу эр Семең,
Каккандын каны кабылып,
Очогор огу жаңылып,
Ок жаңырып алсырап,
Айза тийип кансырап,
Баатырдын уулу жаткан жер.
Бала баатыр Күлчоро,
Башын жөлөп караса,
Агасында дарман жок,
Айтарга алы калган жок.
Бөрү тил найза тийиптир,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Кош колдоп айза салыптыр,
Акырегин жарыптыр.
Оң өпкөнүн четине,
Найза тийип калыптыр.
Жары бийик казган жер,
Ошо Кытай, калмак казган жол,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Күлчорого бет албай,
Минген экен чоң калмак,
Айбандан чыккан күлүктү.
Салып кетти бүлүктү,
Күлчоро тартып күйүттү.
Канчоро Бакай биле элек,
Манастын уулу баатырды,
Бир абасы бири ини,
Экөө келип көрө элек.
Эр Күлчоро олуя,
Периште салды оюна,
Семетейдей абасы,
Калган экен салаалап.
Айза тийип, ок тийип,
Кан Семетей көк жалдын,
Калган экен жаралап.
Бала чоро жинди кул,
Кудайдан башка баана жок,
Атаңдын көрү көр дүйнө,

Же арстан Бакай аба жок,
Бала чоро эр баатыр,
Манастын уулун Семеңди,
Бу дүнүйө жалганга,
Келет деген санаа жок,
Тийген экен катуу ок,
Очогор огу тийиптир,
Оң жагынан кириптир.
Манастын уулу Семетей,
Алгара көзү алайын,
Ак тамагы кылайын,
Семетейдин ичинде,
Ок коргошун бөгөлүп,
Кардындагы көк боору,
Көчүгүндө көрүнөт.
Арстаным абам өлдү деп,
Бала чоро баатырдан,
Көңүлү нечен бөлүнөт.
Өңгүрөп ыйлап Күлчоро,
Көздөн аккан кандуу жаш,
Көк мончоктой төгүлөт.
Ак-Кыянын үстүндө,
Чапкан жолдун түзүндө,
Айласы кетип ой ойлоп,
Ак болоттун тукуму,
Алмамбеттин тукуму.
Көптөн кийин ой ойлоп,
Тегеренип көп ойлоп.
Баатыр көсөр агасы,
Эр Күлчоро жаш бала,
Алмамбеттин баласы,
Буйрук болсо кудайдан,
Адамдын болбойт чарасы,
Бала баатыр чоронун,
Акылы ашкан карачы.
Бала төрө Семетей,
Алтындай жүзү кубарып,
Айнектей көзү тунарып,
Кыл муруту буралат,
Күлчоро турат жанында,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кыңылдап үнү угулат.
Элдир-селдир кеп айтат,
Эр Күлчоро баатырга,
Мени таштап токтобой,
Кете бергин деп айтат.
Казасы жетсе өлбөйбү,
Кайгыны менде көрбөйбү.
Айтып коюп Семетей,
Урдуу жүзү кубулат,
Кудайдан башка маана жок.
Ичиндеги турган ок,
Октолууга айла жок.
Айза менен сайыптыр,
Акырек сөгүн жарыптыр,
Манастын уулу баатырдын,
Жараты катуу болуптур.
Эр Коңурбай чоң баатыр,
Жаралантып коюптур.
Эр Күлчоро эр баатыр,
Ак олпок тонун алыптыр,
Семетейдин алдына,
Алып төшөп салган жер.
Суудан алып келген жер,
Семетейге берген жер.
Илеп тартып ууртаса,
Аман жаны кысылат,
Семетейдин санаасы,
Алда нече бузулат.
Бала чоро ой ойлоп,
Ой ойлосо көп ойлоп,
Ак килени салган жер,
Ак киле менен бууган жер.
Эр Күлчоро кайран эр,
Семетей канын жууган жер,
Кан аккан жерин бууган жер.

Ак-Кыянын үстүнө,
Ак өзөн жайык түзүнө,
Абакесин көтөрүп,
Алып барды Күлчоро.
Астына салып олпогун,
Башына жаздап каңкысын,
Бооруна басып көпчүгүн,
Эр Күлчоро жаш баатыр,
Буту колун чойдуруп.
Манастын уулу баатырды,
Ак каңкысын жаздантып,
Кыбыланы баштантып,
Манастын уулу абасын,
Жаткысып коюп агасын.
Көгаланы агытып,
Атасы ашкан эр баатыр,
Буурулду минип алган жер.
Ээн талаа эрме чөл,
Абакесин жаткызып,
Абасы алган доолбас,
Кар жиликке илген жер.
Каршы-терши токтогон,
Токтоп жатып оттогон,
Доолбас кагып карсылдап,
Ак келте атып тарсылдап,
Буурулдун оозун жайган жер.
Манастын эр баатыр,
Көк талаага калган жер.
Кайнаган жылкы калың мал,
Баатыр бала Күлчоро,
Тийип жолго салган жер.
Доолбас үнү заңкылдайт,
Мылтыктын үнү тарсылдайт,
Ак келте үнү болбосун,
Арстан Бакай абасы,
Канчорого кеп айтып,
Алма баш колго алыптыр,
Арстан Бакай кайран эр,
Айланасын чалыптыр,
Бакай барып көргөндө,
Баатыр бала Күлчоро,
Буурулду минип алыптыр.
Көп жылкыны бурултуп,
Чыркыратып кулун-тай,
Көт жагынан чубуртуп,
Жылкыны жолго салыптыр.
Абасы аткан келтени,
Абасы минген Буурулду,
Күлчоро минип алыптыр.
Ак келте атып жылкы айдап,
Эр Күлчоро жаш баатыр,
Семетейдин Буурулун,
Күлчоро минип жүрөт деп,
Жайкын жаткан жылкыны,
Карышкырдай тиет деп.
Манастын уулу өжөр кул,
Күлчорого ат берип,
Жатып алган турбайбы.
Аркар кулжа көп жүрөт,
Атып алган турбайбы.
Байрагын булгап бакырып,
Канчоролоп чакырып.
Селдесин алып бакырып,
Канчорону чакырып.
Көп жылкыны бат айда,
Жолдо жүрбөй калганын,
Кылыч менен кесип кет,
Мылтык менен атып кет.
Эр Күлчоро өнөгүң,
Буурулду кандай минди экен,
Ак келте кандай алды экен.
Сараласы сандан көп,
Көгаласы миңден көп,
Аргымагы алты жүз,
Жорголору тогуз жүз,
Уй куйруктуу чууда жал,

Эчен түркүн жылкы бар.
Айгыры ала бөлүнгөн,
Айдап чыкса көп жылкы,
Бачайыдай көрүнгөн,
Чыйырчыктай сарала,
Чыпка куйрук карала,
Бачайыдай сарала,
Бары окшош карала,
Мелтиреген түз талаа.
Башына селде чалынып,
Баабединге жалынып,
Арстан Бакай абасы,
Доолбасын каккылап,
Чапкан камчы басылбай,
Жер жаңырып дуулдап.
Доолбас үнү басылбай,
Бакай менен Канчоро,
Башын кошуп алган жер.
Улуу талаа жери кең,
Жылкы токтоп оттошу.
Кудай билет чын болсо,
Жарым күнгө токтосо,
Искерине чөп калбай,
Чаң айланып бөлүнөт,
Кара буурул жылкынын,
Жанында киши көрүнөт.
Арстан Бакай караса,
Семетейдин Ак келте,
Туура өңөрүп алыптыр,
өйдө-төмөн салыптыр,
Жылкы тийип айгайлап,
Эр Күлчоро жаш баатыр,
Канчоро менен Бакайды,
Бул экөөнү көргөн жер.
Буурул атты камчылап,
Салып кирип барган жер.
Саламдашып экөөнө,
Учурашып алган жер.
Жылкы тийип кыйкырып,
Кийген кийми чаң болгон,
Көздөн агып кандуу жаш,
Күлчорону көргөндө,
Бакайдын башы маң болгон.
Башы айланып оңолуп,
Баладан Бакай кеп сурап,
Ак келтесин алыпсың,
Атын минип калыпсың,
Көп жылкыны айда деп.
Баатырдын уулу Семетей,
Жаңгыз тегим кайда деп.
Эки чоро бир төрө,
Эр Күлчоро кеп айтып,
Манастын уулу абакем,
Ак-Кыянын үстүндө,
Жайык талаа түзүндө,
Буту колу буралып,
Ак каңкыны жазданып,
Ак олпокту жамынып,
Сунган буту талбады,
Уктап уйку канбады.
Абакелеп чакырсам,
Баш көтөрүп кеп айтпайт,
Же эмине болдуң деп айтпайт.
Ок тийгендей шалдайып,
Кагылайын Айкожо,
Ээн талаа эрме чөл,
Жатып калды кантейин.
Арстаным абам далдайып,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Атып салды кантейин.
Очогор тийип өзүнө,
Ок жаңылып ичине,
Арстаным абам эр жалгыз,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Атып салты кантейин.
Арстаным абам эр жалгыз,

Жатып калды кантейин.
Буурулду минип чыкканда,
Түштү менин жүрөгүм,
Жараткан алда бир кудай,
Менин ушундай беле тилегим.
Арстаным Манас барында,
Ат кошчу болуп бир жүрүп,
Аскерди баштап мен билип.
Казатка кирип кан кечип,
Канкорум Манас барында,
Кармашып турган чагымда,
Күчүм толуп күүлөнүп,
Мылтык атып жаа тартып,
Казаттан кудай бергин деп,
Жүрчү элем тиленип.
Как талаада айрылып,
Манастан калган жалгыздан,
Кагылайын күлүстөн,
Калганмын го айрылып.
Ардактап баккан жалгыздын,
Алтын чырай нур бетин,
Кубулганын мен көрбөй.
Айнектей болгон эки көз,
Жумулганын мен көрбөй.
Булбулдай мукам кызыл тил,
Бурулганын мен көрбөй.
Ок жаңылып боорума,
Жыгылганын мен көрбөй.
Карагай найза капталга,
Тыгылганын мен көрбөй.
Кандай заман кандай күн,
Кандай каран кандай түн.
Кыл мурутун өрдүмбү,
Манасымдан айрылып,
Баласына кабылып.
Алтындан чүкө аттырып,
Таштап кеткен турбайбы.
Манастын уулу Семетей,
Азабын мага тарттырып,
Кан Бакай ыйлап болкулдап,
Балача ыйлап бакырды.
Арстан Бакай кайран эр,
Ошондо көтөрдү заман акырды.
Ботосу өлгөн ингендей,
Семетейдин абасы,
Баарысынын абасы,
Боздоп ыйлап кан Бакай,
Эрте күн кечке Манасты,
Жоктоп ыйлап кан Бакай,
Мен ушуну көрдүм деп,
Ээлигип ыйлап кан Бакай.
Канчоро ыйлап бакырып,
Маңдайымда баргегим,
Тартып койгон айнегим.
Төбөмдө чолпон жылдызым,
Үстүмдө кийген кырмызым.
Түгөнүптүр ырысым,
Колума алган желегим,
Маңдайга бүткөн терегим.
Айзага таккан желегим,
Атадан калган белегим.
Жоого барсам жол башчым,
Доого барсам сүйлөшчүм.
Жаркырап тийген ай элең,
Күркүрөп жааган күн элең.
Күрөшө чыккан душманга,
Атпаган каран түн элең.
Жер бакалап жол чалбай,
Атаңдын көрү арман күн,
Абакем арстан Семетей,
Ажалына мен калбай.
Же каныбыз бирге төгүлбөй,
Же кабырга бирге сөгүлбөй,
Же жинибиз бирге төгүлбөй,
Же омуртка бирге сөгүлбөй,
Атылып окко бир кетпей.

Кагылайын абакем,
Кандай болуп калды экен,
Адамдан арстан абамды.
Кайсы жерге атып салды экен,
Же жол чалып кошо барбадым.
Атаңдын көрү арман күн,
Же абакеме кошулуп,
Же кошо өлүп калбадым.
Менин арылбайт экен арманым,
Ат жалын тартып мингенде,
Талас менен Кеңколдон,
Аттанып бирге жүргөндө.
Аттарды жолго салганда,
Калк чогултуп эл келип,
Баталарын алганда.
Бейтаалай энем Каныкей,
Энекем айткан кеп эле,
Бир жылдан өтүп кетсеңер,
Күдөрүм үзөм деди эле.
Атаңдын көрү арман күн,
Аттанып жолго чыкканы,
Тогуз айга толду эле.
Кайрылып жолго салгыча,
Кара жолтой Таласка,
Олжолоп жылкы алгыча,
Иркилтип айдап баргыча,
Каканчылуу Бээжинди,
Көрүп калбай не болдум.
Абакем менен бир жүрүп,
Өлүп калбай не болдум.
Жылкыны көрүп кубанып,
Атаңдын көрү арман күн,
Абакем жылкы алды деп,
Атадан калган бу жылкы,
Асип болуп калды деп.
Жылкы тийип айдадык,
Жылгындуу Кең-Кол, Таласка,
Жыргалдуу болуп барбадык.
Канчоро ыйлап бакырат,
Кайраттуу бала Күлчоро,
Каарланып кеп айтат.
Эр Күлчоро жинди кул,
Канчоро менен Бакайга,
Эр Күлчоро кеп айтат.
Айланайын абаке,
Көптү көргөн сен элең,
Көк түтөгөн мен элем.
Неченди көргөн сен элең,
Айланайын абаке,
Чырым тал жүнүм маңдайда,
Энении сүтү таңдайда,
Семетей менен экөөңдү,
Ээрчип жүргөн мен элем.
Биз Бээжинге келген соң,
Тилекти кудай берген соң.
Кара чоктуу калмактан,
Ак була тонду чечкен соң.
Арстан абам Семетей,
Атылып шейит кеткен соң.
Армандуу болуп ыйлабай,
Береги турган көп жылкы,
Айдап жолго салалы,
Биз Таласка баралы.
үзүлүп кетсе Семетей,
Буурулга жүктөп алалы.
Бузулман элдин ичине,
Өлбөсө аман баралы.
Дин мусулман калкына,
Кечээ кан көкөтөй наркына,
Калың элди жыйалы,
Семетей оңой эр беле,
Көкөтөйдөй кылалы.
Арстан абам эр жалгыз,
Ушул кара буурул көп жылкы,
Абакем айдап келгени,
Жылкыны жолго салалы,

Токтотпой айдап алалы.
Чоң Таласка баралы,
Ат чаптырып нарк кылып,
Кечээ Көкөтөйдөй даңк кылып,
Атасынын жанына,
Алып барып коёлу.
Талаага жатып ыйласак,
Ыйыбыз жолдош болобу.
Казасы жетсе өлүүчү,
Азапка менде көнүүчү.
Кайгырып ыйлап тургандай,
Кой деп кайрат кылгандай,
Аргын, огой эл барбы,
Талас Кеңкол жер барбы.
Биз биерде ыйлап жатканда,
Таласка кантип барабыз,
Кайнаган кытай калмактын,
Камоосунда калабыз.
Жараткан алда кудайдын,
Жазганы болсо көрөбүз,
Семетейге кайгырып,
Жатып алсак баарыбыз,
Үчөөбүз бирге өлөбүз.
Өлбөгөн киши болобу,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Өлтүрсө бизге тоёбу.
Бу дүнүйө жалгандан,
Үрүстөм дастан шер өткөн,
Эчен кылым ал өткөн,
Азиретаалы шер өткөн,
Ак пайгамбар дагы өткөн,
Ааламга жүрбөй жан өткөн.
Тилекти кудай бергенде,
Ок жаңылып капырдан,
Очогор огун жегенде,
Же ак олпок тонун чечкенде,
Айланса болот алдыга,
Абакем шеит кечкенде.
Көздүн жашын тыйгыла,
Кагылайын баатырлар,
Ыйлабай кайрат кылгыла.
Менин болду арманым,
Ара жолго келгенде,
Абакем айтса тил албай,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Суркоёндон ажырап,
Менин атсыз калганым.
Суркоён болсо астымда,
Кечээ карачокту чоң манжу,
Жулбайт беле чачын деп,
Кеспейт белем башын жеп.
Кетирбейт белем алын деп,
Чочконун чыгарбайт белем жанын деп.
Абамды атып турганда,
Келдим чаап жакын деп.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Алдындагы Алгара,
Кетти учкан куштай дакылдап,
Көт жагынан мен куусам,
Эки көзүн кал баскан,
Төрт аягын дөң баскан.
Кайсы арманым айтайын,
Көгала жетпей такымдан,
Атым жетпей калган соң.
Алгара менен ойнотуп,
Манастын уулу абаңды,
Очогор менен бир аттым,
Аткан жерде сулаттым.
Бул жарадан өлөр деп,
Ал жарадан өлбөсө,
Кандай болгон өзүңдү,
Кайраттуу бала өзүңдү,
Түлкүдөн кызыл бетиңди,
Абаңды жүктөп алгын деп.
Талас менен Кеңколго,

Сөөгүн жүктөп баргын деп,
Ат ойнотуп турганда,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Ушу кепти курганда.
Баатыр болсоң келгин деп,
Сенин басташар кишиң менмин деп.
Көсөм болсоң келгин деп,
Сенин кыйратар кишиң менмин деп.
Көсөм болсоң келгин деп,
Көрүшөр кишиң менмин деп.
Мылтык атып жаа тартып,
Кайраттуу болсоң келгин деп,
Касдашар кишиң менмин деп.
Кечилге кектей кеп айттым,
Келип көрчү деп айттым.
Келип мага кезиксиң,
Белине саадак кадаба,
Менин абам баатырга,
Сепил кылам садага.
Менден корксоң айткын деп,
Бээжинде жаткан элиңе,
Көргөнүңдүн баарысын,
Элиңе барып айткын деп.
Минген аты Алгара,
Аскер жыйып кол алып,
Атыша турган жериңе,
Чыдасаң чыгып келгин деп.
Келемин деп чоң манжу,
Убадаңы бергин деп.
Келбей койсоң сени урсун,
Тоспой койсом мени урсун.
Калмакты камап кеп айттым,
Кан Коңурбай баатырга,
Келип көрчү деп айттым.
Мен кыйкырып кеп айттым,
Берен болсоң чоң калмак,
Келип көргүн деп айттым.
Айткандан башка сөзү жок,
Айланайын абалар,
Калдайдан келер көбү жок.
Келсе калдай көрөбүз,
Кереметтүү калмактын,
Кыйындыгын билербиз.
Жарадар болгон баатырга,
Жылкыны жолго салалы,
Биерге бекер ыйлабай,
Семетейге баралы.
Үзүлүп кетсе Семетей,
Буурул атка таңалы,
Сөөгүн жүктөп алалы.
Биз Таласка баралы,
Тирүү болсо баатырды,
Жанга өлчөгөн бууданды,
Тилеген биздей тууганды,
Буурул атты мингин деп.
Жаны болсо баатырдын,
Сен өңөрүп жүргүн деп,
Канчорого кеп айтып,
Бала чоро бек айтып,
Абасына кеп айтып.
Кечээ казат чапканда,
Кагылайын абаке,
Калың колду алганда,
Ат болушка салганда,
Бээжинди камап барганда,
Адис болгон жан элең.
Ууру жолун билесиң,
Кагылайын абаке,
Аттанып жолду салып бер.
Айланайын абаке,
Ууру жолго салбасаң,
Жолду тосуп калбасаң.
Ушул жолго сак бол деп,
Араңдан жаткан баатырга,
Абаке мурун айтпайсың,
Адам басып чыккысыз,

Мелтиреген зоо элең,
Басып адам өткүсүз,
Көк тиреген тоо элең.
Бала баатыр чоронун,
Көрдүңбү айткан кайратын,
Ошондо абасы Бакай макул деп.
Мен садагаң кетейин,
Сенин бул айтканың акыл деп.
Айтканыңа кошулуп,
Жер чардап чалып берейин,
Келди бекен бар бекен,
Кагылайын каралдым,
Эр Семеңди көрөйүн.
Баатырдын уулу жалгызды,
Какандын каны чоң манжу,
Аткан экен кулатып,
Ажыратып абасын,
Бала баатыр Күлчоро,
Койгон экен сулатып.
Ак каңкысып жаздантып,
Кыбыланы баштантып,
үстүнө олпок жаптырып,
Бир кудайга тапшырып.
Эр Күлчоро жаш бала,
Канчоро, Бакай аттанып,
Күлчоро айткан кебине,
Арстан Бакай шаттанып.
Жылкы жатат жыбырап,
Мистей сары талаада,
Кара буурул көп жылкы,
Каршы-терши топтошуп,
Кара башыл ыраң чөп,
Жылкы жатат оттошуп.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Эми жолго салды эми,
Абакем кан Бакай,
Семетей жаткан жерине,
Үчөө чыгып барды эми.
Барса баатыр жанына,
Алагар көзү тунарып,
Алтын айдар нур бети,
Калган экен кубарып.
Абакеси кан Бакай,
Аттан ыргып чурады,
Семетейди көргөндө,
Канчоро аттан кулады.
Баатыр Бакай абасы,
Байгамбар сындуу агасы,
Бала төрө чунакты,
Басып жатып калды эми.
Оң бетинен бир жыттап,
Сол бетинен бир жыттап,
Кагылайын жарыгым,
Жатасыңбы карыбым.
Бакай үндү салганда,
Башын жөлөп калганда,
Күнгүрөнүп үн берди,
Араң жаткан эр жалгыз,
Эр Бакайга тил берди.
Кан Бакайга кеп айтты,
Айланайын абаке,
Кыйнабагын жанымды,
Кетирбегин алымды,
Очогор тийди боорума,
Ок жаңылды өзүмө.
Кагыйлайын абаке,
Оозум кургап баратат,
Алып келип суу бер деп.
Араң жан жаткан Семетей,
Абасы карап турганда,
Күнгүрөнүп үн берди.
Араң сүйлөп булдурап,
Абасына тил берди.
Манастын уулу Семетей,
Белине саадак чалган жер,
Бээжинге жортуп барган жер.

Бээжиндеги калдайдан,
Жарадар болуп калган жер,
Жылкыны айдап чыккан жер.
Баатырдын уулу Семетей,
Ок жаңылып бооруна,
Канчоро Бакай уккан жер.
Абасы Бакай кайран эр,
Капа болуп буркурап,
Канчоро ыйлап зыркырап.
Бала баатыр Күлчоро,
Ыйлап жатып алганда,
Ыйың жолдош болчу эмес.
Ажал жетип күн бүтсө,
Азирейил периште,
Адамзат пенденин,
Жанын албай койчу эмес.
Өлбөсө Манас эр кана,
Азиретаалы шер кана,
Алар тирүү жүрбөгөн.
Абаке Бакай, Канчоро,
Айткан тилди билбеген,
Биерге жатып алганда,
Семетейди аттырып,
Жарадар болуп калганда.
Какандан чалгын чалбайбы,
Береги турган жылкыны,
Ажыратып албайбы.
Белге белбоо чалалы,
Бул абакем баатырды,
Бекем таңып алалы.
Жылкыны жолго салалы,
Жылас болгон жылкыны,
Бул да болсо бизге олжо,
Кулун тайын таштабай,
Чогуу айдап алалы.
Буурул атты мингин деп,
Араң жаткан абаңы,
Астына олпок салгын деп,
Канчорого кеп айтып,
Сен өңөрүп алгын деп.
Айланайын абаке,
Адис болуп жер көргөн,
Аттанып чалгын чалгын деп.
Көп жылкыны тиейин,
Өзүм айдап жүрөйүн,
Ак келтени алайын,
Мына бу турган жылкыны,
Айдап өзүм багайын.
Айланайын абаке,
Түнүнкүсүн болгондо,
Түзүк жерге конгун деп,
Араң жан болгон уулуңдун,
Сен жанына жаткын деп.
О Канчоро абаке,
Семетейди баккын деп.
Абасы Бакай кеп айтат,
Жылкыны жалгыз бакканда,
Жылкы артына жатканда.
Астында минген Көгала,
Карылыгы жетти эле,
Жашы өтүп кетти эле.
Буурул атты мингин деп,
Буурулду минип жүргүн деп,
Анан жылкы айда деп.
Башка атты сен минип,
Бээжиндеги калдайга,
Сен кабылып калба деп.
Анда чоро кеп айтат,
О абаке, абаке,
Мына бу турган Буурул ат,
Жанга өлчөгөн жалгыз ат,
Бу Семетей абакем,
Жарадар болуп калганда,
Атын бала минди деп,
Аман-эсен биз болсок,
Мага калат жаман ат.

Аста-аста жүргөндө,
Басыгы жакшы жолго тынч,
Абакемдин алтын ээр,
Абасы Манас баатырдан,
Андан калган Буурул ат.
Атка өңөрүп алалы,
Өлүп калса абакем,
Буурул атка таңалы,
Таласка алып баралы.
Эр Күлчоро болбоду,
Болбой мойнун толгоду.
Манастын уулу баатырды,
Олпок коюп бооруна,
Кемер курчап белине,
Ак олпокту кийгизип,
Тайбуурулдун артына,
Канчорону мингизип,
Алтын ээр ак каңкы,
Буурул атка токушуп,
Кандай заман болот деп,
Араң жан жаткан баатырга,
Ыймандарын окушуп.
Анда-мында тил сүйлөп,
Бала төрө кеп айтат,
Айланайын абаке,
Менин жаным кыйнабай,
Коюп кеткин деп айтат.
Береги чыккан жылкыны,
Тандап жылкы алдырып,
Союп кеткин деп айтат.
Кара ашыма сен мыктап,
Тоюп кеткин деп айтат.
Семетей айтып турганда,
Ошондо Бакайдын көөнү бурулат,
Жаш күчүкчө кыңылдап,
Семетей үнү угулат.
Же Күлчорого баталбай,
Семетей үнүн укканда,
Жаталы деп айталбай,
Майышып Бакай турган жер.
Бала баатыр Күлчоро,
Кайратты катуу кылган жер.
Абакеси баатырга,
Эр Күлчоро кеп айтат.
Эл жердеген жер эмес,
Ой абаке Семетей,
Ээн талаа эрме чөл,
Таштап кетчү мен эмес.
Буту колуң бүктөймүн,
Буурул атка жүктөймүн.
Атка таңып аламын,
Таласка алып барамын,
Өлүп калсаң абаке,
Калың элди жыямын,
Мынабу турган жылкыңын,
Мүлдө учуна чыгамын,
Көкөтөйдөй кыламын.
Эр Күлчоро күүлөнүп,
Канчорого сүйлөнүп.
Араң жан жаткан баатырга,
Көтөрүп атка мингизип.
Кайра байлап капшыртып,
Аюу көпчүк ак быштан,
Тай буурулдун үстүнө,
Бек бөктөртүп тапшыртып,
Каныкей кылган кызыл бөрк,
Башына аша кийгизип,
Семетейдин артына,
Канчорону мингизип.
Бек кучактап алгын деп,
Асыл Бакай абакең,
Аттанып чогуу жер чалат,
Коно турган жер табат.
Кон деген жерге конгун деп,
Бала чоро жинди кул,
Баатырды атка мингизип.

Алтын кемер чоң күпсөр,
Канчоро менен баатырды,
Белине бекем чалган жер.
Айчүрөк берген ак жоолук,
Алда таала кудрет,
Берет кудай ден соолук,
Берен бала эр чоро,
Бариштелүү Күлчоро,
Ар кайсы жерден жоолукту,
Белинен таңып алгын деп.
Жел тийгизбей бетине,
Бекем таңып салгын деп.
Бериден белги болор деп,
Акундун кызы жеңемдин,
Периси кеми жөлөр деп.
Канчорого кеп айтып,
Алып жүргүн деп айтып
Күлчоро тилин алган жер,
Камбардын уулу Канчоро,
Семетейди өңөрүп,
Аттанып жолго салган жер.
Арстан Бакай абасы,
Жол бакалап чалган жер,
Алмамбеттин баласы,
Белине кемер бууган жер.
Доолбасты койгулап,
Жер жаңыртып урган жер.
Жайнап аткан көп жылкы,
Айдап жолго салган жер.
Кара буурул көп жылкы,
Баарын тийип алган жер,
Доолбас үнүн даңкылдап,
Бала чоро эр баатыр,
Жерге батпай жайнаган,
Асар түмөн көп жылкы,
Тай кулун койбой талаага,
Баарын тийип айдаган.
Түнүкүсүн оттотуп,
Күндүзгүсүн догдотуп,
Бала баатыр Күлчоро,
Жылкыны салды жолуна.
Жараткан алда бир кудай,
Мараны салды оюна,
Кумайлуу талаа сары чөл,
Ага сайдан барды эми,
Көп жылкыны катуу айдап,
Шатырата бат айдап.
Айгашка менен Телкүрөң,
Астын баштап алчу эле.
Мусулмандын жылкысы,
Догдоп жолго салчу эле.
Түнүнкүсүн от оттоп,
Күндүзгүсүн болгондо,
Бетеге башын тиштебе,й
Жерден оттоп искебей,
Киши айдаган немедей,
Кара буурул жылкыны,
Баштап жолго салчу эле.
Артынан жылкы калтырбай,
Күлчоро айдап алчу эле.
Үч Кара-Суу, Кара-Көл,
Арстан Бакай чалыптыр,
Бала төрө баласын,
Атка өңөрүп алыптыр.
Арстан Бакай көк жалың,
Бугу, марал топтогон,
Бугулар келип оттогон,
Улар тоонун арты деп,
Кара-Көлдүн жээги деп.
Канкор Манас жолборстун,
Кол топтоткон жери деп.
Ат чаалыгып калат деп,
Алты күнү кондурган.
Арстан Манас жолдошун,
Алачаны сойдурган.
Сапар тартып жүргөндө,

Ушу жерге той кылган.
Айдап жүргөн аскерди,
Алаканын жайдырган.
Кол топтотуп кам кылган,
Бата кылган жер эле.
Манастын уулу баатырды,
Буурул аттан түшүрүп,
Мамык жаздап башына,
Олпок төшөп астына,
Семетейди баккан жер.
Жылкы качан келет деп,
Жолун тосуп жаткан жер.
Баатыр Бакай абасы,
Жоо-жарагын асынып,
Тоо айланып чалчу эле.
Түнүкүсүн болгондо,
Семетейдин жанына,
Абасы Бакай барчу эле.
Күндүзгүсүн болгондо,
Аттанып чалгын чалчу эле,
Манастын уулу баатырды,
Канчоро багып калчу эле.
Оң мурутун түйгөн жер,
Жылкы айдаган чоронун,
Арстан Бакай абасы,
Алты күнү күйгөн жер,
Колуна дүрбү алган жер,
Жылкы качан келет деп,
Артына дүрбү салган жер.
Арстан Бакай көк жалың,
Жолду чалып жер артып,
Сакалын куудай кубартып,
Кузгундай көзүн кызартып,
Өрдөктөй мойнун узартып,
Арстан Бакай караса,
Кара тоонун оюнда,
Кайнап келет көп жылкы,
Доолбасын койгулап,
Көп жылкыны чубатып,
Карышкыр көрсө сулатып,
Аюу көрсө аны атып,
Жолборс көрсө дагы атып.
Карышкыр башын малдырбай,
Кара буурул жылкыга,
Бөрүнүн тишин салдырбай.
Бала баатыр Күлчоро,
Баарын жолго салган жер.
Жөө тумандай бурулган,
Кара буурул көп жылкы,
Догдоп жолго салганда.
Тизип койгон шурудай,
Бири калбай чубурган,
Кардуу бийик Ала-Тоо,
Эр Күлчоро жинди кул,
Жылкы айдап барган жер.
Арстан Бакай Айкожо,
Жолун тосуп калган жер.
Бозчолок минип моюндап,
Ок-дарысын коюндап,
Оронгон алтын чоң селде,
Тапырайта чалынып,
Бир кудайга жалынып.
Жылкы айдаган балага,
Барды басып агылып.
Ортодон өткөн эки күн,
Олуязада абасы,
Калган экен сагынып.
Айланса болот алдага,
Ак болоттун тукулу,
Алмамбеттин тукуму.
Аргын менен огойдун,
Ырысына кабылып,
Бакай менен Күлчоро,
Саламдашып көрүшүп,
Беттеринен өбүшүп.
Ат тизгинин бурушуп,

Амандашып көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп.
Эр Күлчоро кеп сурайт,
Айланайын абаке,
Алып жүргөн жаңсыгың,
Өлө элекпи деп сурайт.
Абасы Бакай кеп айтат,
Мен садагаң кетейин,
Жетим жүрүп жетилген,
Абакең аман деп айтат.
Кечээ атаңар Манас барында,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Булар жүргөн жанында.
Бээжинге казат барганда,
Белги кылган жер эле,
Телегейи тең эле,
Кара-Көлү бар эле.
Кагылайын жетимчем,
Кол токтотуп конду эле.
Алты күнү кондуруп,
Кошто аттан токсонду,
Түлө кылып сойду эле.
Аттанып жерди чалдым деп,
Атасы Манас айтчу эле.
Ардан жаткан абаңы,
Бала төрө абаңы,
Ошерге алып бардым деп.
Кызылы түлкү жүнүндөй,
Бир поруму чоронун,
Сулуу кыздын түрүндөй.
Айбаты башка арстандай,
Кайратту кылган бир кудай.
Тай-кулун койбой талаага,
Бээ таштабай арага,
Тийип айдап алыптыр.
Эр Күлчоро баатыр кул,
Бакай менен ээрчишип,
Семетейге барыптыр.
Айчүрөктүн жолдошу,
Перинин кызы чоң Сайкал,
Жара катуу жан таттуу,
Семетей жаткан жерине,
Сайкал баштап барыптыр.
Эки пери жанына,
Жолдош кылып алыптыр.
Эр Семетей баатырга,
Барып дуба салыптыр.
Эр Семетей эс алып,
Тынчып уктап уйку алып,
Чырм этип уктап тынч алып.
Оң мурутун сыланып,
Сол мурутун таранып,
Эки жагын каранып,
Эр Семетей баатырдын,
Боорунан кан агып,
Күлчоро Бакай барганда,
Баш көтөрүп муңайып,
Мурутун сылап кылайып.
Колун сунуп созулуп,
Манастан калган жети пир,
Калган экен кошулуп.
Элдир-селдир эс алып,
Болор-болбос тынч алып.
Манастын уулу Семетей,
Уктаган экен уйку алып.
Бакай барды башына,
Күлчоро барды астына,
Колун кармап кеп айтып,
Мейнетиңди алайын,
Күнгүрөнүп кеп айтып,
Амансыңбы деп айтып.
Саламат жанын сакпы деп,
Эсен жаның сообу деп,
Кайсы жерге келдик деп,
Кандай күндү көрдүк деп.
Көзүнүн жашы кылгырып,

Көк жал чоро эсер кул,
Көрүп туруп кеп айтат.
Мээнетиңи алайын,
Көрдүм сенин көзүңү,
Угайын сенин сөзүңү,
Жетим чоро өзүңдү,
Эки көзүм тунарып,
Тааный албай турамын,
Жара катуу жан татты,
Кагылайын жетимче,
Алагар көзүң аңтарып,
Акырет жөнөп кетчүдөй,
Күлчорого кеп айтып,
Көзүңдү көрдүм деп айтып.
Алагар көзү сүзүлүп,
Баатырдын уулу Семетей,
Кетүүчүдөй үзүлүп.
Эсинен танып эндиреп,
Бакай менен Канчоро,
Ооду эси эндиреп.
Кайраттуу чоро кеп айтат,
Кагылайын эки аба,
Болбогун капа деп айтат.
Кудайдын бизге бергени,
Периден кабар келгени,
Алланын бизге бергени,
Арбактан кабар келгени.
Элдир-селдир сүйлөгөн,
Бир кудайдын жардамы.
Кагылайын абалар,
Колдоптур арбак абамды,
Атасы Манас арбагы.
Канчоро менен Бакайга,
Кайрат берип кеп айтат,
Дүңгүрөгөн көп жылкы,
Астынакай токтосо,
Токтой калып оттосо.
Жердин чаңы бөлүнөт,
Дүңгүрөгөн көп жылкы,
Жөө туман баскан немедей.
Кара-Көлдүн жээгине,
Кудай билет чын болсо,
Тай-кулуну жарышып,
Кара -Көлгө барышып,
Көлдөн чөлдөн суу ичип,
Жылкы токтоп калган жер.
Күлчоро менен эр Бакай,
Телкүрөңдүн үйрүнөн,
Ак боз бээ алган жер.
Атасы  Манас баатырдын,
Алмамбет менен Чубактын,
Атагы чыккан Сыргактын,
Арбагына чалган жер,
Ак боз бээ сойгон жер.
Арбакка атап бээ союп,
Көп жылкыны токтотуп,
Канчоро, Бакай, Күлчоро,
Жай-жайына жаткан жер.
Жарадар болгон баатырды,
Канчоро, Бакай баккан жер.
Кудай билет чын болсо,
Казы кертип, жал алып,
Какандан канча мал алып.
Алакан жайып бээ союп,
Тамак-ашка чоң тоюп.
Манастын уулу баатырды,
Көтөрүп атка мингизип.
Көчүккө көпчүк бөктөрүп,
Канчорого өңөртүп,
Эр Күлчоро кайран эр,
Ара конбой ар жерге,
Кете бергин деп айтып.
Мени күйбөй абаке,
Чоң Илени кече көр,
Чоң талаага жете көр,
Барып конуп жата көр.

Айланайын абаке,
Ат куйругун түйбө деп,
Айланып мени күйбө деп,
Кыл куйругун түйбө деп,
Кылчаңдап мени күйбө деп.
Өлбөсөм айдап барамын,
Ушул жаткан жылкыны,
Айдап жолго саламын.
Аман-эсен мен болсом,
Артыңардан барамын.
Абасына кеп айтып,
Алмаңдан калган эр чоро,
Кете бергин деп айтып.
Араң жан жаткан Семетей,
Күңгүрөнүп кеп айтып.
Буурул атка мингизип,
Ар кай жерге токтотуп,
Бирөөңөр минип коштошуп.
Өзүмдү атка мингизип,
Каныкей айткан кеп эле.
Кандай заман күн болот,
Кан куюлса этиңен,
Алып кийгин деди эле.
Абаке Бакай эки кул,
Төртөөбүзгө тең эле.
Бар болсо алып келгин деп,
Башка кийим бергин деп.
Акундун кызы жеңеңер,
Акеле деген бар эле,
Ак куржунга салды эле.
Жарадар болсоң кийгин деп,
Айчүрөк айтып калды эле.
Бул аккеле бар болсо,
Жараландым кан агып,
Ушуну менен буугула,
Мени сууга жуугула,
Каттан таңып алгыла,
Буурул атка мингизип,
Анан жолго салгыла.
Ат мингизип жетелеп,
Чукул коштоп алгыла.
Жарадар болгон Семетей,
Кайраттанып көп айтып,
Колумду жуучу деп айтып.
Эки чоро эр Бакай,
Семетей тилге келди деп,
Бизге кудай берди деп.
Жан казанга суу куюп,
Айчүрөк берген дарыдан,
Ысык суугa салышты,
Эки бала иниси,
Эр Семетей баатырдын,
Аккан канын жуушуп,
Ак кете менен жуушуп,
Жылуу суу менен жуушуп,
Чырмап белин буушуп.
Айчүрөк берген дарынын,
Жыты барып мурдуна,
Каныкей берген каттама,
Кара жандын кооласы,
Канкордун уулу баатырдын,
Капчыгынан алды эми,
Эр Семетей баатырдын,
Ак көйнөгүн кийгизип.
Каныкей менен Айчүрөк,
Булар эрдин жолдошу,
Кереметин билгизип.
Кеңкол менен Таластан,
Пайдасын минтип тийгизип.
Манастын уулу баатырды,
Тайбуурулга мингизип.
Арстан Бакай баатырга,
Аттанып жолду чалгын деп,
Абакемди жетелеп,
Чукул коштоп алгын деп.
Күндүзгүсүн токтобой,

Түнүкүсүн уктабай,
Каркырага баргын деп,
Барып жетип конгун деп.
Аттарыңды откозуп,
Ошо жерге токтошуп,
Мени тосуп күткүн деп.
Канчоро менен баатырды,
Абасы Бакай асылды,
Күлчоро жолго салган жер.
Көгаланы агытып,
Жылкы менен жүрсүн деп,
Күрөңчө деген аты бар,
Айсоорусу талаадай,
Кара сан эти калаадай,
Булчуң эт бука мойнундай.
Тула боюн карасаң,
Буурул аттын жонундай.
Өзүн-өзү таптаган,
Табын киши таппаган.
Минген киши жок болгон,
Кашка тиши кагышкан,
Казы кылчу эттери,
Сүбөсүнө жабышкан.
Жалы жайык ак көкүл,
Жарашыктуу мал экен.
Байкап турса Күлчоро,
Бу жаныбар күрөң ат,
Буурул атча бар экен.
Көгаланы агытып,
Карткүрөңдү минген жер.
Арстан Бакай жер чалып,
Канбардын уулу Канчоро,
Күндөп-түндөп жүргөн жер.
Күрөңдү минип бургутуп,
Канчоро менен Семетей,
Абасын салып жолуна,
Көргөн киши корксун деп,
Аккелте асып жонуна.
Алмабаш алып колуна,
Баатыр бала эр чоро,
Карткүрөң минип оргутуп,
Башын жерге чулгутуп,
Туягын жерге мылгытып,
Туяктан топо бургутуп.
Минген жерин айтайын,
Жылкычы башы Карагул,
Карткүрөңдү таптатып,
Жүргөн экен саптатып.
Болоттон така кактырып,
Жылкыдан бөлөк бактырып.
Күрүчкө арпа коштуруп,
Күрүчтү жара чайнатып,
Табынан өтүп кетет деп,
Мамыга атты байлатып.
Кечээ Коңурбай минген кер жорго,
Карткүрөң андан кем эмес,
Күлчоро тердик салган жер,
Күрөң ат минип алган жер.
Күркүрөтүп жылкыны,
Айдап жолго салган жер.
Доолбас колго алган жер,
Доолбасы зыңкылдап,
Доолбастын дабышы,
Тоо көчкөндөй тарсылдап,
Тоо жаңырып каңкылдап.
Доолбастын дабышы,
Миң кишидей көрүнгөн,
Жолдоштугу бар эле,
Доолбас колдон түшүрбөй,
Ийнинен мылтык кетирбей,
Эр Күлчоро кайран эр,
Дүңгүрөтүп жылкыны,
Айдап жолго салган жер.
Карткүрөңдү мингенде,
Агайт үнү басылбайт.
Доолбаска кошулуп,

Кудай бетин көрсөтпө,
Жылкы жолго салганда,
Догдоп жүрүп калганда,
Чаң буркурап созулуп,
Белине кемер бууган жер.
Атасы кайып энелер,
Эр Күлчоро кайран эр,
Көп жылкыны кууган жер,
Эр Бакай жолду чалган жер,
Эчтемеси көрүнбөйт,
Ээн талаада сары чөл,
Арстан Бакай барган жер.
Семетейди жетелеп,
Эр Бакайдын артына,
Бу Канчоро калган жер.
Үч-Капкактын оюна,
Үкүрчүнүн жолуна,
Чоң Илени кечкен жер,
Семетейди жетелеп,
Үч-Капкакка жеткен жер.
Кырымдын уулу Мурадыл,
Кырдан көрүп алган жер,
Манастын уулу баатырга,
Көрүп көзүн салган жер.
Манастын уулу баатырдын,
Шаңын көрүп алган жер,
Оңбосун калча чоң манжу,
Таш калааны салдырып,
Мени чалгын чалдырып,
Жоону көрсөң тоскун деп,
Кайратты катуу кылган жер.
Кабылганды өлтүрүп,
Кезиккенди кыргын деп,
Кечээ боз тумшукка конгондо,
Жолго салган жортуулчу,
Атын тийип алдым деп,
Жортулчу десем эр экен,
Жоболоңдуу эр Бакай,
Баштап чыккан неме экен.
Кароолчу десем эр экен,
Канкордун уулу Семетей,
Бээжинден саадак чалыптыр.
Бээжинди билген калчаны,
Муну сайып алыптыр.
Калчаны сайып сойдум деп,
Каканды билген калчанын,
Кара көзүн ойдум деп,
Канын ичип тойдум деп,
Ар кайсы жерге токтотуп,
Алган тура коштотуп.
Кырымдын уулу Мурадыл,
Эси чыгып эндиреп,
Акылы кетип алсырап,
Мусулман болуп алсамбы,
Семетейге барсамбы,
Барып динге кирсемби,
Мусулман динин билсемби,
Ары кетип ойлонуп,
Мурадыл коркуп турганы.
Жараткандын жардамы,
Эр Манастын арбагы,
Эси чыгып Мурадыл,
Дүрбү салып токтолуп,
Кан ичмеси бар деген,
Барсам тилим албайт го,
Кабылса мени жайлайт го.
Алыстан туруп Мурадыл,
Арстан Манас баатырдын,
Арбагын көрүп токтолуп.
Ошондо Кырымдын уулу Мурадыл,
Денине түшүп бир кудай,
Манастын уулу баатырга,
Карагат сындуу кыл жейрен,
Атка тердик салган жер,
Жанына батып бара албай,
Канкордун уулу баатырга,

Жарадар болуп коштогон,
Коңурбайды жеңдим деп,
Балдарына коштотуп,
Жанында турган желдетин,
Көрүнбө деп токтотуп.
Манастын уулу баатырга,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Көрдү Манас арбагын,
Билди кудай бардыгын,
Жанын бекке салганын.
Арбагын көрүп баатырдын,
Тоо таянып таш басып,
Аттанбай жатып калганы.
Каркыранын түзүндө,
Кан Бакай чалгын чалган жер,
Жарадар болгон баатырды,
Канчоро алып барган жер.
Кош түшүрүп конгон жер,
Семетейди түшүрүп,
Олпокко ороп койгон жер.
Отун алып жаккан жер,
Манастын уулу баатырды,
Канчоро, Бакай баккан жер.
Баатыр бала Күлчоро,
Боз кисе белге бууган жер,
Жылкы айдап жай жүрүп,
Жерге батпас жылкыны,
Күлчоро айдап калган жер.
Бакай менен Канчоро,
Айткан жерге конгон жер,
Күрөң ат менен балкылдап,
Алмаш мылтык жаркылдап,
Доолбас үнү даңкылдап,
Чоң Иленин жээгине,
Аргымагы бир бөлөк
Алар чыгып бөлүнүп,
Жердин үстү чаң болуп,
Чаң топурак төгүлүп,
Жарадар болгон баатырды,
Жандап жүргөн Бакайды,
Коштоп жүргөн чорону,
Жылкы тийген баланы,
Ушу жерге таштайбыз.
Бээжиндеги кытайдын
Кылган ишин баштайбыз.

## КОНУРБАЙДЫН КӨП КОЛ МЕНЕН ЖЫЛКЫНЫ КУУП КЕЛИШИ

Эр Коңурбай чоң манжу,
Бээжинден аскер жыйган жер,
Бел байлап кайрат кылган жер,
Какандан аскер жыйган жер,
Кайратты катуу кылган жер.
Семетей атын жайладым,
Чоң найза учун каңдадым,
Бурутка жылкы алдырып,
Курусун менин калганым.
Бакайы тирүү бар экен,
Семетейдин жанында,
Эки бала жолдошу,
Айбаты жерди жаргандай,
Жаралат пенде ар кандай,
Кылыгы кындай кызарган,
Айзасын сунса узарган,
Оң бетинин астында,
Байкаганга калы бар,
Эки каштын ортосу,
Жаркырап күйгөн шамы бар.
Кабылган жанды оң кылбайт,
Калп айткан менен болобу,
Калп айткан менен соо кылбайт,
Кезиккен жанды соо кылбайт,
Кездешкен жанды соо кылбайт.
Мылтык атар мергенди,
Муну жолго салалы,
Алты миң мерген алалы,
Айзакерди бир бөлүп,
Аны жолго салалы.
Айза учу кылкылдап,
Аскердин башы былкылдап,
Кылычтын башы жылтылдап,
Өрүштөн жылкы алдырдым,
Өлбөй кантип калалы,
Бу буруттун артынан,
Кырк миң аскер кол менен,
Аттаналы жол менен.
Алдырып ийбей жылкыны,
Ажыратып калалы.
Алооке деген кан болгон,
Айдыңы журтка даң болгон,
Темир кулак дөө болгон,
Какан менен Бээжинге
Өзү жеке эр болгон.
Чоюн кулак чоң болгон,
Тукумунун баарысы,
Бээжинди билип кан болгон.
Аксакалы Азиз кан,
Андан кийин Коңурбай,
Ортончусу Нескара,
Эң кенжеси эр Эшим.
Каканды кармап сураган,
Калмак менен кытайдын,
Башын кармап бураган.
Мергенсиген беренди,
Бели катуу эренди,
Андан жыйды аскерди,
Алтын калпак, жез келпек,
Жоо дегенде баары элпек,
Мындан жыйды аскерди.
Сунган айза тартпаган,

Туулгандан кан кечип,
Кудай бетин көрсөтпө,
Беттешкен жоодон кайтпаган.
Жоо дегенде дегдеген,
Жакындап душман келбеген,
Жоо дегенде жатпаган,
Ичиндеги жүрөгү,
Аттай туйлап баспаган.
Аскерди жыйды алдына,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Эскара менен Жолойду,
Экөөн алды жанына.
Эрдемсиген буруттун,
Биз артынан баралы,
Атып салдым бурутту,
Бакай менен баласын,
Барып кармап алалы.
Эки тоонун арасы,
Ортосунда аласы,
Жердеп жаткан баласы,
Таш калаасын талкалап,
Кум талаасын кулатып,
Катын, кызын ыйлатып,
Эркектерин кыйратып,
Таласты барып чабалы,
Эки бала бир Бакай
Бул үчөөнү алган соң,
Баш кайтарар душман жок,
Таманга кирер тикен жок.
Бет алышар адам жок,
Бул үчөөнү биз алсак,
Манастын элин огойдун,
Беттешер киши калган жок.
Эр Коңурбай сөз айтып,
Турган элге бек айтып,
Калем алып кат жазып,
Кырк эки миң аскерди,
Какандан алды атказып.
Орто Бээжин чоң капка,
Ошо жерге жыйды эми,
Семетей менен Бакайдын,
Көт жагынан бармакка.
Талас менен Кең-Колго,
Барып чабуул салмакка.
Бектин баары белсенип,
Убаданы кылды эми,
Кара чоктуу көп калмак,
Кайнап жолго салды эми.
Кызыл ойрот кытайды,
Айдап жолго салды эми.
Жортуулчуга мал берип,
Калат деген эмине.
Жылкы алып мактанып,
Манастан калган буруттар,
Жылкы алып келдик деп,
Аман-эсен элине,
Барат деген эмине.
Жылкы алдырып Бээжинге,
Жүрөт деген эмине.
Жортуулга алдырып,
Какан менен Бээжинди,
Билет деген эмине.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кайрат айтып элине,
Жазайылын аттырып,
Замбирегин билерге,
Баарын даяр аттырып,
Жез казанын түптөтүп,
Желмаянга жүктөшүп,
Жан казанын көмөрүп,
Желмаянын чөгөрүп,
Айзанын учу кылкылдап,
Аскердин башы былкылдап,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Ок-дарыны мол алып,
Он эки түркүн кол алып,

Очогор мылтык асынып,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кандуу болгон кол менен,
Аттанды өзү жол менен.
Алтын айдар шуру чок,
Башка кийди жаркылдап,
Он эки сайлуу очогор,
Оң далыга салды эми,
Кудай бетин көрсөтпө,
Он эки түркүн кол менен,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Аттанып жолго салган жер.
Кудай бетин көрсөтпө,
Аскер жөнөп чыкканда,
Ат ойнотуп жарышып,
Калмак, кытай жыкылдап,
Кара курттай быкылдап,
Ат болушка салган жер.
Эки чоро бир төрө,
Баштап жүргөн эр Бакай,
Көп жылкынын артынан,
Караламан кол алып,
Коңурбай түштү артынан.
Жекендей найза кылкылдап,
Кудай бетин көрсөтпө,
Бээжинден аскер чыкканда,
Жерге батпай жыкылдап.
Шөлбө чапан жеңи узун,
Аскеринин кийгени,
Туягы жерге тийбеген,
Баарынын буудан мингени.
Дуудунун эли бөлүнүп,
Какандан чыкты камынып,
Кан Коңурбай чамынып,
Колу кандуу чоң манжу,
Бээжинден чыкты чамынып.
Бек Коңурбай чамынып,
Бээжинден чыкты эл менен,
Бели катуу эр менен,
Какандан чыкты кол менен,
Казылган кара жол менен.
Жердин жүзүн бүркөгөн,
Күндүн бетин чиркеген,
Манас барган кол менен,
Бээжинге уруш салганда,
Баатыр Манас барганда,
Камап туруп Каканды,
Аккула окко учканда,
Алмамбет шейит кеткенде,
Манаска балта жанганда,
Башына тийип калганда,
Алмамбет менен Чубакты,
Атактуу чыккан Сыргакты,
Жойкара атып кырганда,
Кыргын салып турганда,
Ошондо Бакай барды эле,
Мылтык атып ныкалып,
Атып турган шыкаалап,
Арстан Бакай барды эле,
Алптарды окко учурган,
Катарды кудай жеткирген,
Айкожо Бакай кан кошо,
Атып турган мергенди,
Айдалыны капшыра,
Сайган Бакай жапшыра.
Айза өтүп далыга,
Учундагы темирден,
Жыгачына жетти эле,
Баарысын аткан мергенди,
Бакай сайып өттү эле.
Ошо Бакай бар болсо,
Оң кылбайт бизди деп айтып,
Сынчыбек деген чечен бар,
Бакай болсо барбайлы,
Майып болуп калбайлы,
Сынчыбек айтып турган жер.

Бээжиндин каны чоң манжу,
Корксоң кайткын Бээжинге,
Алгын мени эсиңе,
Бир кишиден корком деп,
Бул айтканың эмине.
Эмеле коркуп түшүрүп,
Эл бузулсун дейсиңби?
Ошо баатыр Бакайдын,
Мурутун буурул чалыптыр,
Өлчү жерге барыптыр,
Өзү карып калыптыр,
Кадимки Манас барындай,
Кан Бакайда дарман жок,
Кармашар алы калган жок.
Ээрчиткени Семетей,
Эрмектеп эки баланы,
Чалгынчы болуп келиптир,
Жол көрсөтүп бериптир.
Айткан тилди албады,
Атырылып күүлөнүп,
Сынчыбекке сүйлөнүп,
Сынчыбек коркуп калганы,
Бээжинден аскер бурулуп,
Кудай бетин көрсөтпө,
Жерге батпай чубуруп,
Ак ойдун чөбү жырылып,
Аскерден учкан канаттуу,
Аскерден учуп өтө албай,
Айланып учуп кете албай,
Айзага тийип кырылып.
Бээжинден чыгып жол алып,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Кырк эки миң кол алып,
Алгара минип алкылдап,
Алтын көөхар шуру таш,
Айдалыда жаркылдап,
Калың кара кол менен.
Ат көкүлүн түйгөн жер,
Жылкы тийген баатырдын,
Артынан кууп жүргөн жер.
Ат болушка салышып,
Күч берди манжу калмакка,
Кечээ Семетей тийген жылкыны,
Барып алып калмакка.
Саарлуунун боюнан,
Сары алтын тоонун оюнан,
Кителүү калпак, кең чалбар,
Кенебей жүрдү Коңурбай.
Аскер жете баргыча,
Жетип уруш салгыча,
Жарадар болгон баатырды,
Тайбуурулга мингизип,
Атактуу Бакай жол чалып,
Пири тирүү жер эле,
Мусулманга бел эле,
Атка таңып алалы,
Көп жылкыны өткөрүп,
Ысык-Көлдүн жээгине,
Семетейди багалы.
Күлчоро менен эр Бакай,
Акылдашып алган жер,
Арстан Бакай эр баатыр,
Аттанып жерди чалган жер.
Түптүн ою Четинди,
Келип Бакай көргөн жер,
Манастын уулу баатырды,
Алып келип баккан жер.
Манастын уулу Семетей,
Алсыз болуп жаткан жер.
Кызыл-Кыя белести,
Жылкыны асты ашкан жер.
Көлдү бойлоп буркурап,
Жылкы чубап чуркурап,
Көбү өттү азы бар,
Көл үстүндө каркылдап,
Канаттары шарпылдап,

Учуп жүргөн казы бар.
Өйүз-бүйүз шаркырап,
Агып жаткан суусу бар.
Асмандап учуп айланып,
Куркулдап учкан куусу бар,
Манастын уулу баатырды,
Канчоро бала баккан жер.
Көкчолокту камчылап,
Баатыр Бакай Айкожо,
Жан бекитер жер таппай,
Тегеренип чалган жер.
Көп жылкынын артында,
Минип жүргөн Карткүрөң,
Ээри бар үстүндө,
Көгаласы жанында,
Моюн алышып тиштешип,
Кечээ дин мусулман келген жер.
Көкөтөй ашын берген жер.
Каапыр менен мусулман,
Баарын Манас билген жер.
Кара калмак, кытайды,
Жылкы айдап тийген жер,
Калкандын бетин каккан жер,
Каяша айткан кишини,
Арстан Манас эр баатыр,
Башын жара чапкан жер.
Атабыз Манас келди деп,
Кан Көкөтөй карынын,
Ушерге ашын берди деп,
Алда Манас алда деп,
Атабыз жаткан жер экен,
Арбагың да колдо деп,
Кабыланы баштанып,
Бир этегин жазданып,
Бир этегин төшөнүп,
Эр Күлчоро жаткан жер.
Тараза жылдыз батканда,
Жер жарылып буу чыгат,
Кудай бетин көрсөтпө,
Жер айрылып чуу чыгат.
Барандын үнү барсылдап,
Жаанын огу жаркылдап,
Кармаша чыккан киши жок,
Калмак кайнап толуптур,
Каркыранын түзүнө,
Эш ургандай болуптур.
Бакайы кайда болду деп,
Баласы кайда конду деп,
Көп жылкынын азы бар,
Муну эмине койду деп.
Эр Коңурбай баркылдап,
Алгараны камчылап,
Токтоп аткан жылкыны,
Тосуп ийрип алыптыр.
Мылтыктын үнү чыкканда,
Коңурбай үнүн укканда,
Бала баатыр Күлчоро,
Чоочуп кетти солк этип,
Кобо калып караса,
Кудай бетин көрсөтпө,
Кайнап калмак толуптур,
Эш ургандай болуптур.
Айдап чыккан жылкынын,
Астын тосуп алыптыр,
Кайсы экени билинбей,
Караса көзгө илинбей,
Жалгыз жаткан чорону,
Тегеректеп калыптыр.
Күлчоро минген Карткүрөң,
Алмамбет минген Көгала,
Ары-бери сойлоктоп,
Күлчоронун жанына,
Жакын барып калыптыр.
Жер айланган үн чыгат,
Союлгурду карма деп,
Дөө Коңурбай унчугат.

Бала баатыр Күлчоро,
Карагай найза алган жер,
Үзөңгүгө бут салып,
Карткүрөң минип алган жер.
Кудай билет чын болсо,
Кылычын белге салган жер,
Атка мине калган жер,
Саадакты санга илген жер.
Садагасы кетейин,
Күлчоро атка минген жер.
Тегеренип караса,
Кайнап аскер толгон жер,
Атаңдын көрү арман күн,
Эр Күлчоро кайран шер,
Кутулгусуз болгон жер.
Бейлине салды Күлчоро,
Берен манжу чоң калча,
Көт жагынан келишти,
Бала чоро баатырдын,
Бакбедин барды башына,
Баары кайып кырк чилтен,
Барды чоро башына,
Жараткан алда дем берип,
Кырк чилтен кайып жөн берип,
Баабедин деп бакырды,
Манастап ураан чакырды,
Кара чаар жолборсу,
Канкор Манас баатырды,
Камалган жерде колдоочу.
Жер жарылып күн чыкты,
Жөлөсүн деп үн чыкты,
Колдогону кожосан,
Кошо жүрдү баабедин,
Жөлөгөнү жөлөсан,
Жөндөп берди шаймерден.
Баабедин деп үн салса,
Калың колдун ичинде,
Баатыр бала чоронун,
Айзасынын учунда,
Кызарып аккан каны бар,
Бир өзүнүн башында,
Алтымыш эрдин шаңы бар.
Калмак кайнап толгон жер,
Бала Чоро баатырды,
Кармап алмак болгон жер.
Кырк чилтен болуп жолдошу,
Бузулган ишин оңдочу,
Кайберен болуп жолдошу,
Камалган жерде колдоочу.
Күлчоро минген Карткүрөң,
Казат кылып турганда,
Калмакты айдап кырганда,
Астында минген Карткүрөң,
Төрт туягы салынып,
Жерге башы тийген жер,
Жаңы тууган жаш берен,
Ажырап аттан калганы.
Кан Коңурбай көргөнү,
Карма, карма деп,
Калың кытай көп калмак,
Тегеректеп келгени.
Карткүрөң болуп турса да,
Эр Күлчоро жаш баатыр,
Жагалмай тийген чымчыктай,
Жайып айдап кытайды,
Бөрү тийген көп койдой,
Бөлүп айдап кытайды,
Пир колдогон чоронун,
Колундагы найзасы,
Темирди сайса тешти эле,
Карма, карма, карма, деп,
Сексендери бир келсе,
Тебетей сайган немедей,
Тегеретип кетти эле.
Күлчоронун найзасы,
Соотту сайса тешти эле,

Толукшуган калмакты,
Топтоп кирип келгенде,
Тоону сайган немедей,
Тоголотуп кетти эле,
Карткүрөң баспай калганда,
Камап аскер барганда,
Кылычын кындан алган жер,
Кырк чилтен деп бакырып,
Кыйкырыкты салган жер.
Кытай, калмак чогулуп,
Тегеретип калган жер.
Кылыч кармап жөө басып,
Жараткан Алда бир кудай,
Жазган ушул экен деп,
Болот кылыч колунда,
Баатыр бала Күлчоро,
Өлдүм деген оюнда,
Бир кудайдын жолунда.
Карма, карма, карма деп,
Кара чоктуу калмактын,
Башчылары бакырат,
Бири-бирин чакырат.
Көрдү калмак кылыкты,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Суркоёнду жетелеп,
Кырк анташкан анты бар,
Эр манжунун Коңурдун,
Келген экен астына,
Калмак, кытай жарданып,
Атып көрүп таң калсын,
Куйругу жок чолок деп,
Кулагы жок чунак деп,
Темир аркан алгын деп,
Тийип алат кокустан,
Аскер алат окустан,
Анда турат камалып,
Кармачудай сабылып.
Кырымдын уулу Мурадыл,
Темир чылбыр кош чынжыр,
Алтын ооз каркыттан,
Ооздукка карматкан,
Каапыр да болсо бу калмак,
Акыретке антташып,
Араң жан жаткан төрөгө,
Өзү айткан кеби бар.
Ант кылышкан жери бар.
Айткан анты урат деп,
Болоттон кылган ооздук,
Бурай кармап чыгарып,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Оромо камчы колго алып,
Айсооруга салган жер,
Коё берип Мурадыл,
Айбан да болсо, айта бар,
Семетей менен дос болдум,
Коё бердим бууданын,
Тил билбеген бууданга,
Эр Мураджыл кеп айтат.
Суркоён менен коштошуп,
Кош аман бол деп айтат.
Кылжейрен мойнун бурган жер,
Кудай бетин көрсөтпө,
Кылкылдаган көп аскер
Суркоёнду кууган жер,
Ташын жерге салган жер.
Калың колду көп жарып,
Камынып турган чорого,
Суркоён буудан барган жер,
Аты тийсе колуна,
Бала бизди оңдойт деп,
Барыбызды койбойт деп,
Баатыр Манжу чоң калча,
Алгараны койгулап,
Аты жетпей калган жер.
Садагаң кетейин,
Калемдей кашы чийилип,

Калган экен Күлчоро,
Кара жандан түңүлүп,
Кылычын кармап булгалап,
Эр Күлчоро кайран шер,
Аманат жанга иш түшүп,
Же басып келер жери жок,
Маана кылар жери жок,
Качып кетер жери жок,
Каралды кылар эли жок,
Теги кудайдан башка маанай жок.
Тегеренип турганда,
Туягы жерди жырыйтып,
Тулпар эле Суркоён.
Калың колду как жарып,
Күлчорого барыптыр,
Суржан кирип барганда,
Олуядай Күлчоро,
Колдогону Кожосан,
Коштогону Ак эшен,
Жологону Жолосан,
Жөндөгөнү баабедин,
Жөлөп жүргөн Шаймерден,
Имерилип айланып,
Жанына коен барганда,
Жаратканга жалбарып,
Эр токуп минүүгө,
Эми келбейт айласы,
Олуязаада Күлчоро,
Билгир адам дечү элек,
Касиеттүү абаңын,
Тиет качан пайдасы,
Жайдак ыргып имерип,
Суркоенду мингенде,
Жайлап айткан аскерге,
Баатыр бала Күлчоро,
Ителгидей тийген жер.
Бала баатыр Күлчоро,
Жараткан кудай жар болуп,
Камаган аскер колуна,
Жаман иш түшүп оюна,
Калмак менен кытайдын,
Камоосуна калдым деп,
Кылычтап башым кесилип,
Айбалта тийип тешилип,
Жеткен ажал бүткөн күн.
Куталбайт пенде алардан,
Баланын жаны кысылып,
Эр Күлчоро турганда,
Периште коштоп алгандай,
Суркоендун барганы,
Кылычын кындан алганы,
Кырк чилтен жакын барганы,
Кылычы кындан суурулуп,
Уй түгүндөй көп аскер,
Жүрөгү түшүп кырылып,
Бакырыгы таш жарып,
Бакырса үнү таш жарып,
Чылбырдан кармап жетелеп,
Алмамбет менен Сыргагы,
Жараткан кудай жардамы,
Суркоенго аткарып,
Коену тийип колуна,
Периште салып оюна,
Айкырыгы таш жарып,
Кыйкырса үнү таш жарып,
Кызыл ойрот кытайдын,
Кыйындары бөлүнүп,
Бу Күлчоро баатырдын,
Жоо аралап тийгенде,
Кырк кишидей көрүнүп,
Суркоенду мингенде,
Кытай, калмак бөлүнүп,
Алооке кандын чоң Манжу,
Очогор алып колуна,
Күлчорого беттебей,
Кара калмак кытайды,

Камап коюп Коңурбай,
Качуучудай өңдөндү,
Бээжиндеги Нескара,
Эр Эшим деген эри бар,
Качкан жоону алат деп,
Катында болсо саят деп,
Кылычтап колду токтотуп,
Бир кишиден качканда,
Кокон менен Бээжинге,
Качып барып жатканда,
Кара жанды бакканда,
Жылкы алдырып Бээжинге,
Эминеге келет деп,
Катын, кыз шылдың кылбайбы,
Беренсинген баатырды,
Камоону катуу салалы,
Казатты катуу кылалы,
Тегеректеп туралы,
Астындагы бууданы,
Жерден оттоп искебей,
Чөптүн башын тиштебей,
Ачка болуп майышып,
Башын жерге салуучу,
Баатырсынган баланын,
Аты баспай калуучу,
Кудай бетин көрсөтпө,
Качканыңар бекерден,
Канкордун уулу Семетей,
Ошо келген экен деп,
Береги турган көп жылкы,
Албай кантип кетем деп.
Калың аскер көп болгон,
Жалгыз бала Чорону,
Тегеректеп калган жер,
Баатыр Эшим кеп айтат,
Баштагы чапкан жол деди,
Ушу жалгыз бала эмес,
Манасты чапкан кол деди,
Мурунку чапкан жол деди,
Ушу жалгыз бала эмес,
Баатыр Манас жолдошу,
Алмамбет менен Сыргакты,
Кол баштаган Чубакты,
Буларды алган кол деди.
Кудай бетин көрсөтпө,
Камоону катуу салды эми.
Жалгыз Чоро баланы,
Тегеректеп калды эми,
Терс жагынан ок атып,
Бер жагынан жаа атып,
Замбиреги дүң этип,
Жасайылы күп этип,
Чолок куйрук ыйык жал,
Суркоендон жайылып,
Эр Күлчоро, жаш баатыр,
Айласы кетип турган жер,
Атасы Бакай койгон эр,
Жатып жанды болууга,
Жарадар болгон баласы,
Айыктырып алууга,
Боз чологун моюндап,
Белине болот байланып,
Ысык-Көлдү айланып,
Бекинер жерди чалыптыр,
Жан бекитер жер таппай,
Кайра тартып калыптыр.
Адыры бар тоосу бар,
Аккан булак суусу бар,
Эки жагы жар экен,
Булак суусу бар экен.
Биз өңдөнгөн карыптар,
Жан бекитчү жер экен,
Көрдү Бакай дааналап,
Өйүз менен бүйүздү,
Баарын көрүп аралап,
Дүрбү алып жол чалып,

Короол кылып туруучу,
Топудай кызыл тоосу бар,
Чыгып чалгын чалганга,
Жан бекитип калганга,
Качан Манас барганда,
Каканчылуу Бээжинге,
Казатка жүргөн чагында,
Коюп кеткен таман бар,
Кичинекей сазы бар.
Анын баарын чалды эми,
Баатыр Бакай абасы,
Жан бекитер жар көрүп,
Жарадар болгон баланын,
Бул жанына барды эми,
Бакай кайра барганда,
Ара жерде көп жылкы,
Алар келбей калганда,
Канчорого кеп айтып,
Жылкы артында калды эле,
Келдиби Чоро деп айтып,
Ай караңгы түн өттү,
Арадан нечен күн өттү.
Жылкы чубап соёлоп,
Өйүз-бүйүз чубуруп,
Береги турган Ысык-Көл,
Аягына барды деп,
Айдан баккан немедей,
Ала чачы көрүнүп,
Аргымагы бөлүнүп,
Айдан чыккан көп жылкы,
Жайытка киши салгандай,
Киши багып алгандай,
Жердин жайын алды деп,
Көпчүлүгү ай кашка,
Маңдайында агы бар,
Соорусунда тагы бар,
Жерге тийген жалы бар,
Жылкыдан башка жаныбар.
Жылкы баштай алды деп,
Баштаганын мен көрдүм,
Кең Кочкорго барды деп,
Бакай менен Канчоро,
Баталышып турган жер,
Баатыр бала Күлчоро,
Байкай болуп турган жер.
Талаасы жайык кең эле,
Каркыра деген жер эле,
Көкөтөй ашып берди эле,
Жайык жатып алган го,
Жерди көрүп кубанып,
Жылкы аябай калган го,
Кең чайнеке суу алып,
Канчоро алып келгиче,
Араң жаткан Семетей,
Алыстан келген хан Бакай,
Бул экөөнө бергиче,
Замирбек үнү угулуп,
Канчоро менен Бакайдын,
Заманасы куурулуп,
Кудай уруп салган го,
Атаңдын көрү арман күн,
Жалгыз Чоро баланы,
Аскер курчап калган го,
Ээн талаа, эрме чөл,
Эмне мылтык атылсын,
Кан Коңурбай чоң Манжу,
Кууп жете келген го,
Куруп калган чорону,
Келип кармап алган го.
Жылкы келбей калганы,
Арадан нечен күн өттү,
Мен жер чалып барганы,
Аш тамакка карабай,
Арстан Бакай, Канчоро,
Кудай билет чын болсо,
Башына селде чалынып.

Баабединге жалынып,
Семетейди жөн коюп,
Канчоро, Бакай камынып,
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Аңтарылып кетсечи,
Бу көрөкчө шум дүйнө,
Курган башка күч келип,
Үстүмдөгү желегим,
Астымдагы терегим,
Маңдайымда чырагым,
Бала Чоро чунагым,
Чунагымдан айрылып,
Кантип тирүү турамын,
Баатыр Бакай кайран шер,
Баатыр менде бар пайда,
Жанашып жүргөн жанында,
Качырганын кан кылып,
Кабылганын жай кылып,
Тиштегенин ок кылып,
Тиктегенин жок кылып,
Баатыр Бакай жанында,
Ат кошчу болуп жүргөндө,
Канкор Манас эр баатыр,
Кармашкан жоосун жеңчү эле,
Канды суудай агызып,
Казат кылып келчү эле,
Биз Бакайдын жогунда,
Жоого Манас кабылган,
Мылтыктын огу жаңылган.
Башына балта чабылган,
Арстан Бакай шер эле,
Атактуу Манас баатырды,
Алып жүргөн эр эле.
Дин мусулман Манжуга,
Калаалуу коргон чеп эле,
Арстан Бакай кайгырып,
Каралдым бала чородон,
Каламбы деп айрылып.
Канчорону ээрчитип,
Жүрдү Бакай камынып,
Арстан Бакай шер баатыр,
Анда-мында кыйкырса,
Замбиректин үнүндөй,
Батынып жоого тиерде,
Арстан Бакай баатырдын,
Азирет аалы түрүндө,
Астындагы Көкчолок,
Айбандан башка мал эле.
Анын сырын билбеген,
Көп айбандын бири эле.
Арстан Бакай баатырдын,
Канча шерик жолдошу,
Көкчолоктун жанына,
Кошо жүрчү жолборсу,
Аркыт ооз каркыттан,
Оозу менен алышып,
Болоттон кылган ооздук,
Жоону көздөй жүргөндө,
Таңдайында карсылдап,
Алтын така, болот мык,
Аягында жаркылдап,
Басканы малдан бир башка,
Маңдайынан бул басса,
Айбан эмес адамдай,
Жалт деп жата калуучу.
Мылтык аткан мергендер,
Атуучудай келгендир.
Алыс атып салуучу,
Атып турган мергенди,
Барып Бакай союучу,
Кызыл-Кыя белине,
Белге чыгып барган жер,
Пир колдогон эр Бакай,
Койнунан дүрбү алган жер,
Бурамасын имерип,
Бурап көзгө жиберип,

Көкчолок жүрдү закымдап,
Көзүнөн айнек кетирбей.
Бакай барды жакындап,
Арстан Бакай, эр баатыр,
Эр эмес адамдан чыккан шер баатыр.
Кыяны Бакай ашканда,
Кайра тартып бурулуп,
Жылкы токтоп жатканда,
Жылкыны көрүп эр Бакай,
Жылас болгон союлгур,
Жоону көргөн экен деп,
Атка камчы баскан жер,
Арстан Бакай шашкан жер,
Бек алып Бакай караса,
Кудай бетин көрсөтпө,
Ала-Айгырдын оюнда,
Ак сайкалдын боюнда,
Каркыранын түзүндө,
Кайнаган калың кол жатат,
Жыйылган калың эл жатат.
Аны көрүп алды эми,
Арстан Бакай эр баатыр,
Аттан түшүп калды эми,
Кароолу түз көк чыбык.
Оозунан дары куйду эми,
Көзүнөн огун алды эми,
Сүмбө уруп турду эми,
Шумурайыл Канчоро,
Кулду көрүп алды эми,
Кокуй аба карангүн,
Кандай заман кандай күн,
Кандай каран кандай түн,
Кол жыйылып толуптур,
Канатымдан кайрылып,
Кырылды жолдош жөлөгүм,
Өзүмдөн кичүү бөбөгүм,
Калган мыкты айрылып,
Куйругумдан айрылып,
Чолок болуп калдымбы,
Кулагымдан айрылып,
Чунак болуп калдымбы,
Канчоро ыйлап бакырды.
Арстан Бакай абасы,
Манастан ураан чакырды,
Кудай бетин көрсөтпө,
Көкчолокту камчылап,
Ошондо Бакай качырды.
Чаң созулуп бөлүнөт,
Бакырыкты салганда,
Бакай жакын барганда,
Арстан Бакай баатырдын,
Калмак менен кытайга,
Сан кишидей көрүнөт,
Башынан туман бурулат,
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Кудай бетин көрсөтпө,
Ошо Бакай артынан,
Аскер кайнап чубурап,
Алтын жоолук, сыр желек,
Канча, канча деп,
Атышчу аскер бир бөлөк.
Күмүш желек сыр найза,
Кудай бетин көрсөтпө,
Мунун түрү көрүнөт,
Арстан Бакай баатырдын,
Колдогону сан экен,
Кожосаны бар экен,
Үй айлана бергиче,
Үйдөй терек-тал бүткөн,
Бакай жоого кирерде,
Периштелер жар бүткөн,
Бел айлана бергиче,
Белдей терек-тал бүткөн.
Арстан Бакай баатырга,
Ак байгамбар жар бүткөн,

Көк чыбык мылтык атканда,
Көктөн мөндүр төгүлүп,
Күн жаагандай көрүнүп,
Бакай жакын барганда,
Бакырыкты салганда,
Камап жаткан калың кол,
Ошондо качып калды бөлүнүп.
Бакай деп атын айтчу эле,
Бакай эмес шер деген,
Басташып пенде келбеген.
Манасты Бакай сүрөгөн,
Душманды кардай күрөгөн,
Барып Бакай тийгенде,
Абасы Бакай киргенде,
Бакайдын үнүн укканда,
Астына минген куюнбу,
Күлчоро салат ойронду,
Бакай кирип барганда,
Кудай бетин көрсөтпө,
Ар Бакайдын жанында,
Канчоро келип калганда,
Кара аламан калмакты,
Кылкылдаган кытайды,
Арстан Бакай Айкожо,
Ар түрлүү тилди билүүчү,
Кара жанга күч келсе,
Күндү жайлап ийүүчү.
Булутту кармап бураган,
Бир кудайдан сураган,
Качып калган калмакты,
Кан Коңурбай, эр Эшим,
Кайра тосуп калыптыр,
Карышкырдай аралап,
Күлчоро карап калыптыр.
Жарым күндүн ичинде,
Кудай бетин көрсөтпө,
Асмандан булут бөлүнүп,
Мөндүр түшүп күпүлдөп,
Адам кулак койгондой,
Алты сан мөндүр төгүлүп,
Талаанын бети кар болуп,
Кардын үстү кан болуп,
Кардын үстү муз болуп,
Калмак, кытай аскери,
Кыңшылап ыйлап кыз болуп.
Баатырсынган итиңдин,
Мурутун бубак аралап,
Башындагы телпеги,
Баса кийсе токтобой,
Ок-дарысын чачкан жер,
Кудай бетин көрсөтпө,
Каркыра деген талаада,
Кан төгүлүп жаткан жер,
Күлчоро ойрон салган жер,
Суркоён минип оргутуп,
Кылычын кындан алган жер,
Абасы Бакай барганда,
Кыйкырыгы таш жарып,
Кырк чилтен колдон калган жер.
Кыргынды Чоро салган жер,
Аскерге койдой тийген жер,
Канчоро Бакай Күлчоро,
Ач бөрүчө кирген жер.
Үчөө ташып кошкондо,
Кудай бетин көрсөтпө,
Найзаларын сындырып,
Эптеп аткан андан көп,
Бир боорунан айрылып,
Өксөп аткан мындан көп,
Колу сынып чолоюп,
Чолок болгон мындан көп,
Көзү чыгып олоюп,
Сокур болгон мындан көп,
Буту чыгып чолоюп,
Мунжу болгон андан көп,
Ок-дарысын ыргытып,

Чачып аткан андан көп,
Өлүмүш этип былк этпей,
Жатып аткан андан көп,
Азууларын аркайтып,
Атынып өлгөн мындан көп,
Муруттарын эрбейтип,
Киши өлүгү мындан көп.
Күлчоро, Бакай, Канчоро,
Жеткен жерде эр сайып,
Эченди катар бир сайып,
Катылган жерден эр сайып,
Канчаны катар бир сайып,
Эр Эшим менен Коңурбай,
Эскара менен чоң Жолой,
Камап коюп аскерди,
Оолакка боюн салган жер,
Баягы Бакай экен деп,
Кытайлардын баатыры,
Оолактап качып калган жер.
Бул Бакайдын барында,
Бала баатыр жанында,
Урушуп уят болбойлу,
Кабылып бекер өлбөйлү,
Кармашып кордук көрбөйлү.
Жанды бекке салалы,
Бала менен Бакайга,
Катылбай кетип калалы.
Жылкысы менен курусун,
Каканга аман баралы,
Алса алып кетер деп,
Кабылбайлы бекер деп.
Какандан чыккан кандары,
Бээжинден чыккан берендер,
Бели катуу эрендер,
Кайрылып жолго салган жер.
Калың колду кырды деп,
Кан Коңурбай чоң Манжу,
Каканды көздөй бет алып,
Баштап качып калган жер.
Жана чалгынды Бакай алганда,
Күлчоро жалгыз калганда,
Караламан кол менен,
Кайнаган калың эл менен,
Ак асаба туу менен,
Айгайлаган чуу менен,
Жылкыны алып калам деп,
Жылкы эмес ары жакка,
Таласты барып чабам деп,
Таласта Манас элине,
Барып ойрон салам деп,
Бээжиндин каны чоң Манжу,
Коңурбай кылган кайратты,
Кудай билет чын болсо,
Талаага өлүк толтуруп,
Арык койдой кырдырып,
Күлчоро, Бакай, Жайнакты,
Бакай менен Күлчоро,
Бала чунак Канчоро,
Өлгөнүнөн калганын,
Жагалмайдай тийген жер,
Аты кеткен кытайда,
Сайып айдап жүргөн жер,
Ителгидей тийген жер,
Калмак-кытай аскерин,
Ийрип айдап жүргөн жер.
Өлгөнүнөн калганын,
Кудай билет чын болсо,
Чоң Илени кечирип,
Күлчоро, Бакай сүргөн жер.
Жылкы алуучу Коңурбай,
Качып жолго кирген жер.
Кара-Буура Чаткалга,
Кара жанын тапканга,
Кансырап аскер жаткан жер,
Жарадар жанын баккан жер.
Күлчоро, Бакай, Канчоро,

Чоң Илени кечирип,
Жолукканын өлтүрүп,
Үчөө кайра кайткан жер.
Кайра тартып сүйлөшүп,
Күлчоро, Бакай кеп айтат,
Кагылайын Канчоро,
Казат кылып кан төгүп,
Арадан өттү канча күн.
Бирге турбай баргын деп,
Сүлдөрү жаткан абаңдын,
Эр Семетей агаңды,
Семетей жаны бар болсо,
Барып багып калгын деп.
Канчорого кеп айтып,
Агаңа баргын деп айтып,
Абаң аман бар болсо,
Кан Коңурбай келди деп,
Тилекти кудай берди деп,
Калмакка кылдык казатты,
Кытайга кыргын салды деп,
Бээжиндин каны чоң Манжу,
Кабылбай кетип калды деп,
Көөнүнө тактап кылсын деп,
Семетей жаны бар болсо,
Көзүн ачып турсун деп.
Камбардын уулу Канчоро,
Мажиктин уулу Күлчоро,
Кожо деп чыккан кан Бакай,
Айкожо деген аты бар,
Маңдайында каты бар,
Тилине баскан мөөрү бар,
Арстан Бакай баатырдын,
Адам түрлүү жүзү бар,
Чорону атка мингизип,
Семетейге баргын деп,
Ардактап багып калгын деп.
Түшкөн атты жыялы,
Түрүлтүп айдан алалы,
Ат таштабай талаага,
Мына бу алып келген кан жылкы,
Кошуп айдан баралы,
Бакай менен Күлчоро,
Булар артта калган жер,
Араңжан жаткан баатырга,
Бу Канчоро барган жер.
Манастын уулу Семетей,
Баш көтөрүп эс алып,
Жакшы болуп калган жер.
Жанында жүргөн киши жок,
Эки жагын караса,
Эр Семетей баатырдын,
Кудайдан башка маана жок,
Кузгун, карга көрүнөт,
Булардан башка караан жок.
Жалгыздыгы курусун,
Өлдү деп мени талаага,
Семетей түшүп санаага,
Элдир-селдир эс жыйып,
Семетей жалгыз жатканда,
Канчоро жетип барганда,
Аман жатат абасы,
Аттан түшө калган жер,
Зарлап турган баатырдын,
Жанына Чоро барган жер,
Санаасын санга бөлгөн жер,
Таштап кеткен экен деп,
Семетей кетип эсинен,
Кан куюлуп боорунан,
Кайгыга башы чумулуп,
Айнектей көзү жумулуп,
Эңгиреп ыйлап турганда,
Канчоро бала барган жер,
Канчорону көргөндө,
Канкордун уулу шалдайып,
Үзүлүп кетчү немедей,
Эсинен кетип Семетей,

Жатып калды далдайып.
Канчородой бөбөгү,
Көтөрүп башын жөлөдү,
Канчоро ыйлап бакырды,
Кагылайын абаке,
Ала жат деп чыкырды.
Чыркырап үнү чыкканда,
Канчоро үнүн укканда,
Алагар көзүн ачкан жер,
Эр Семетей баатырдын,
Канчорону кучактап,
Кара кан агып боорунан,
Агып жатат бурчактап,
Оң бетинен бир сүйүп,
Сол бетинен бир сүйүп,
Тил келип кеп айтат,
Кагылайын жетимдер,
Абакем кайда деп айтат,
Канчоро бала кеп айтып,
Абакем менен Күлчоро,
Казатта жүрөт деп айтат,
Коңурбай камдап келиптир,
Күлчоро камоо көрүптүр.
Айкожо атам барыптыр,
Калмак камап турганда,
Ажыратып алыптыр,
Мен да барып кошулуп,
Казатка катуу чыгышып,
Калмак менен кытайды,
Кан жөткүртүп кырышып,
Буудандын оозун жайдык биз,
Талыкпай уруш салдык биз,
Казатты катуу кылдык биз.
Кагылайын абаке,
Сени эстебей унутуп,
Так бир айга бардык биз,
Ат көмүлүп шүйдүк биз,
Каркыра деген талаада,
Канча күнү кармашып,
Кытайдын канын төктүк биз.
Кан Коңурбай чоң Манжу,
Кезикпей качып калганда,
Биз кытайга кыргын салганда,
Чоң Илени кечирип,
Кыргынды салып кытайга,
Өйүзүнө жеткирип,
Кайра тартып келгенде,
Кырылган элди көргөндө,
Буудандын оозун бурдук биз.
Канчоро, Бакай, Күлчоро,
Баш кошушуп турдук биз,
Ээн талаа, талаада,
Эндиреп жалгыз жаттың сиз.
Ат чаалыгып баса албай,
Чарчап уктап жата албай,
Абакем Бакай күүлөндү,
Манастан калган жалгызым,
Баргыла деп сүйлөндү,
Көрөйүн деп мен келдим,
Абаке көзүңдү аман мен көрдүм.
Билейин деп мен келдим,
Абаке бетиңди аман мен көрдүм,
Айлана болот алдагы,
Карга айланып көнбөгөн,
Кагылайын абаке,
Араң жан болуп жатканда,
Бизге карашкан киши болбогон.
Жору айланып конбогон,
Абакем араң жатканда,
Сизге көз салган киши болбогон,
Жоону сүрүп жеңгенде,
Бизге кудай бергенде,
Окудук намаз бешимди,
Ойготтук сенин өзүңдү,
Уктум айткан сөзүңдү.
Белиңе саадак кадап ал,

Кагылайын абаке,
Болсомбу деймин садага.
Канчоро бала кеп айтат,
Агасын көрүп эреркеп,
Садага болом деп айтып,
Араң жан жаткан Семетей,
Күңгүрөнүп үн берип,
Канчорого сүйлөнүп.
Айланайын жөлөгүм,
Каралды эки бөбөгүм,
Пайгамбар сындуу бабамды,
Асыл Бакай абамды,
Буларды качан көрөмүн.
Мууну бошоп Семетей,
Канчоро кебин укканда,
Жашып ыйлап бул кулдан,
Ок тийген жери былкылдап,
Кызыл шүүшүм кан агып,
Найза тийип чоң жарат,
Омуроодон дагы агып,
Эндиреп эстен таныптыр,
Канчорого кеп айтып,
Күлчоро менен абамды,
Мен көрөмбү деп айтып,
Эси ооп калыптыр.
Жанындагы Канчоро,
Башын жөлөп баатырдын,
Айланайын абаке,
Айланып жалгыз мен калсам,
Дидарын мен көрсөм,
Кең-Колго сөөгүң жатабы.
Кагылайын абаке,
Таалай энем Каныкей,
Жалгыз балам Семетей,
О, кайда деп айтабы.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Бойду түзөп айттыңбы,
Кагылайын абаке,
Бу дүйнөдөн кайттыңбы,
Жанагы айткан кебиңи,
Керезим деп айттыңбы.
Ойлоп ийди Канчоро,
Канчоро ыйлап бакырды,
Которду заман акырды,
Алда таала күч берди,
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Бу дүнүйө жалганды,
Үч үзүлүп, үч келди,
Кайра оңолуп кеп айтат,
Күлчоро менен абакем,
Качан келет деп айтат.
Семетейди таштайлы,
Буурул аттан баштайлы,
Эр Манастан калган ат,
Бала чунак минген ат,
Манастын уулу баатырга,
Маана болуп жүргөн ат,
Канчоро, Бакай кеткенде,
Түнүңкүсүн болгондо,
Семетейдин жанына,
Үч айланып келгени,
Кудай таала кудурет,
Манастын уулу балага,
Аттан белги бергени,
Күндүзгүсүн болгондо,
Башын жерге салчу эле,
Семетейдин жанына,
Жуушап жатып калчу эле.
Жуушап өйдө турганда,
Өзү басып калчу эле.
Кагылайын каралдым,
Кудайдын көрдүм Манасын,
Буурулдун көрдүм пайдасын.
Күлгөн менин бөбөгүм,
Абакем менин жөлөгүм.
Күңгүрөнүп кеп айтып,

Качан көрөм деп айтып,
Канчоро менен Семетей,
Агып жаткан жаян кан,
Канчоро келип жууган жер.
Канчоро менен Семетей,
Жүз көрүшүп турган жер.
Бала менен Бакайды,
Баатырлардан баштайлы,
Жоону жолго салышып,
Бири бала, бири чал,
Күлчоро, Бакай кошулуп,
Беттешкен жоону жеңген жер,
Тилегин кудай берген жер.
Мелтиреген талаада,
Коёнду минип оргутуп,
Пир колдогон Күлчоро.
Жоодон калган аттарды,
Ылаачындай тийген жер,
Атты жыйып жүргөн жер.
Өргө чыккан аттарды,
Абасы Бакай бурган жер.
Бакай менен Күлчоро,
Аттарды жыйып алганда,
Жыйып айдап барганда,
Алты миңге барган жер.
Талаада калган мал барбы,
Бекинип калган жан барбы,
Айланайын абаке,
Издеп чалгын чалайын,
Элкин жүргөн мал болсо,
Эми барып табайын.
Бекинип калган жан болсо,
Айдап алып келейин.
Каныкей энем, Чүрөккө,
От жакчу кылып берейин.
Арстан Бакай, кайран эр,
Таш калаага барган жер.
Алты шибе үч солоон,
Аны айдап алган жер.
Арстан Бакай көк жалың,
Ак-Аялдын оюна,
Жана издеп барган жер.
Топтоп жүргөн топ атты,
Чогуу айдап алган жер.
Кундуздуунун боз дөбө,
Иленин берки боюнда,
Эр Күлчоро баатырдын
Алтымыш кытай жолунда.
Калмагы бар кагышкан,
Солону бар жарышкан,
Мылтыгы жок далыда,
Айзасы жок карыда,
Кылычы жок белинде,
Кылкылдаган топ кытай,
Күлчорону көргөндө,
Жылтылдаган көп кытай.
Дүрбөн жоого салышты,
Аккан сууга барышты,
Бутун чечпей өтүкчөн,
Кепич чечпей боюнан,
Аккан суугa барганда,
Чородон коркуп басынып,
Тура калып жалынып,
Эки калмак, бир кытай,
Астына келди багынып,
Өлтүрбө деп жалынып.
Багынган жоого тийчү эмес,
Башын алып ийчү эмес.
Эр Күлчоро кеп айтып,
Кете бергин деп айтып,
Атын айдап жөнөдү,
Ат чогултуп жыйган жер.
Абасы Бакай эр баатыр,
Күлчоро качан келет деп,
Жолун тосуп турган жер.
Кара жолду чаңдатып,

Жоону жеңип кандатып,
Жоргосу бар алдында,
Ээр токуму үстүндө.
Каркыранын түзүндө,
Ат чогултуп келгенде,
Абасы Бакай көргөндө,
Капталынан кан агып,
Жооруп калган андан көп.
Ат басалбай буралып,
Ооруп калган мындан көп.
Кар жиликке ок тийип,
Аксап калган андан көп.
Чакмак эти жарылып,
Булчуң эти бөлүнүп,
Кан бурчактап төгүлүп,
Айза тийип тешилип,
Кылыч тийип кесилип,
Баспай жүргөн андан көп.
Ээр-токуму үстүндө,
Үзөңгүлөр кагышып,
Кыйкырыкты укканда,
Сай күлүктөр жарышып,
Аксак атты бөлгөн жер.
Бакай менен Күлчоро,
Эсеп кылып көргөн жер,
Ок тийгенди көргөн жер,
Эр Күлчоро жинди кул,
Ооруганды билген жер.
Жайып айдап барган жер,
Ат эсебин алган жер.
Астына айдап салган жер.
Баспаган атты бөлгөн жер,
Жарадары мынча деп,
Абакеси Бакайга,
Ат эсебин берген жер.
Эсебин Бакай алганда,
Эр Күлчоро баатыр шер,
Абасын алып барганда,
Бакай окуп калганда,
Жарадар болгон аттардын,
Эсебин алып эки эр,
Айбан да болсо жаныбар,
Жайылып жатып берсин деп,
Бөрү кузгун жесин деп,
Кечээ кыргынды катуу кылганда,
Кыргын салып турганда,
Качырып Бакай кирген жер.
Баатыр бала Күлчоро,
Карышкырдай тийгенде,
Айза менен качырып,
Асты-астынан бөлгөндө,
Мингендин баары өлгөндө,
Жарадар болгон аттарды,
Каркыранын түзүнө,
Кудай билет чын болсо,
Жарадар аттар толуптур.
Бакай байкап караса,
Так тогуз миң болуптур.
Аламан уруш чоң казат,
Аман калган аттарды,
Анын жайын айтканда,
Жал куйругу жайылып,
Туягы жерге сайылып,
Бала төрө эки шер,
Аманатты алганда,
Айдап жолго салганда,
Так жетимиш отуз үч,
Кудай бетин көрсөтпө,
Талаага жылкы жык болуп,
Тай, кулуну бук болуп,
Курбу-Сайга жык болуп,
Суyга кирип чубуруп,
Айгырлары алышып,
Аргымагы жарышып,
Тообурчагы бөлүнүп,
Бээжинден келген көп жылкы,

Жоо жоолашып кармашып,
Кылычташып урушуп,
Урушту катуу кылышып,
Күлчоро, Бакай жеңгиче,
Так бир айга барыптыр.
Талаалап жаткан көп жылкы,
Ык семирип калыптыр.
Бакай менен Күлчоро,
Мал үстүнө мал кошуп,
Айдап жолго салган жер.
Кызыл-Кыя ашырып,
Кыя чокуну бастырып,
Айдап жолго салганда,
Жерге батпай көп жылкы,
Чаң созулуп буркурап,
Тай, кулундар чуркурап,
Бекинип жаткан Мурадыл,
Беттешип жоого келген жок.
Караанын көрүп камынып,
Коё берген коёнду,
Кошо түшкөн он төрт ат,
Соорусуна жайылып,
Муунуна май алып,
Акборчук менен Айбанбоз,
Актелки менен Суртелки,
Күрөңчө менен Бозжорго,
Алайгыр менен Карала,
Жарышып түшүп калган жер.
Жараткан Алда кудайга,
Манастын уулу эр баатыр,
Кырк антташып достошуп,
Кытай да болсо Мурадыл,
Убадасын берген жер.
Айдап ийип аттарды,
Аттарын аман алсын деп,
Жан бекитип жаткан жер.
Аттарды жакшы баккан жер,
Ат семирип ык болуп,
Баары семиз болгон жер.
Айбанбоз менен Сарала,
Куйругун алып сыртына,
Жарышып кирип барган жер.
Актелки менен Суртелки,
Кержорго менен Акборчук,
Суркоён менен Көгала,
Бакай минген бууданга,
Айланышып кишенеп,
Аттар келип турган жер.
Айланайын абаке,
Актелки келди кашыма,
Аман экен абакем.
Барайын мунун астына.
Суртелкини жетелеп,
Канчорого берейин,
Ысык-Көлгө жеткирип,
Атты айдап ийели.
Акбоз бээ алалы,
Садагасы кетейин,
Айтуякка чалалы.
Тирүү болсо Семетей
Аны ардактап багалы.
Дал ошентип Күлчоро,
Доолбасын каккылап,
Добушун катуу салды эле,
Чоң-Кыяны ашырып,
Көп жылкыдан аз калган,
Ысык-Көлгө барды эле,
Акборчук менен Көгала,
Астын баштап алды эле.
Ок жыландай сойлошуп,
Кудай билет чын болсо,
Ысык-Көлдү бойлотуп,
Кулун тайы ойношуп,
Өйүз менен бүйүзгө,
Жал куйругун жайышып,
Киши айдаган немедей,

Аргымагы жарышып,
Айдап ийип жылкыны,
Күлчоро менен эр Бакай,
Семетейге барышып,
Экөө барса жанына,
Семетейдин алдына,
Алагар көзү сүзүлүп,
Араң жатат Семетей,
Кетүүчүдөй үзүлүп,
Кыйналып жатат Семетей,
Кетүүчүдөй үзүлүп.
Алагар көзү алайып,
Айдай бети тунарып,
Манастын уулу Семетей,
Бакай, Чоро барганда,
Баш көтөрүп кеп айтпай,
Айза тийген жаратын,
Уусу тарап калганда,
Очогор оту боорунда,
Ок тийген жерди жаралап,
Жараты ырбап балаалап,
Кыл муруту бурулуп,
Айза тийген жеринен,
Сары суу агып чубуруп,
Арстан Бакай абасы,
Эки бала чорого,
Абасы Бакай кеп айтты,
Атаңдын көрү дүнүйө
Манастан калган баатырдан,
Айрылдыкпы деп айтып,
Башын жерге урган жер,
Бакай ыйлап турган жер.
Канчоро ыйлап булкулдап,
Кандуу жаш агып көзүнөн,
Ыйлап турат солкулдап.
Күлүстөн Чоро кеп айтат,
Күйүт тартчу жер эмес,
Күйүп ыйлап тургандай,
Күрдөөлдүү оңой эл эмес,
Азап тартчу жер эмес,
Ардыгып ыйлап тургандай,
Аргын, Ногой эл эмес,
Кең-Кол менен Таластай,
Талаасында тургандай.
Мурутуңду жулгудай,
Кагылайын абаке,
Аргын менен Ногойдун,
Арасында тургандай.
Сакалыңды жулгудай,
Ажалдуу киши өлүгү,
Алданын жеңген буйругун,
Пенделери көрүүчү,
Казасы жетсе кан өлчү,
Ажалы жетсе алп өлчү,
Азаптуу пенде дагы өлчү.
Кагылайын абаке,
Жылкы артында калдым мен,
Чалгынды кандай чалдың сен.
Мурутуңду ордуңбу,
Жарадар болгон абамды,
Тап бекитип багуучу,
Жатар жерди көрдүңбү,
Бакайдан сурап турганда,
Абасы Бакай кеп айтат,
Ысык-Көлдү айланып,
Айланасын чалдым деп,
Аягына бардым деп,
Кечээ Бээжинден кошуп келгенде,
Кайра тартып калдым деп,
Бээжинге каршы чапканда,
Айчүрөк айткан кеп эле,
Манжылы-Ата мазарды,
Тайып өткүн деди эле,
Тегеренип тең көрүп,
Чалып өткүн деди эле.
Кайра айланып мен келдим,

Ошо жерди мен көрдүм,
Адыр-адыр жер басып,
Жата турган жер таппай,
Тегеренип турганда,
Аттын оозун бурганда,
Бейлиме кудай салганын,
Бээжинге казат барарда,
Белги койгон жер эле.
Тамчылап аккан суусу бар,
Карагайы бетинде,
Топудай болгон тоосу бар,
Белги болгон жер экен,
Кароол карап жол чалып,
Карап турчу жер экен.
Казанчы деген бел экен,
Артыма белги болсун деп,
Белги кылып жүрсүн деп,
Манастан калган белги деп,
Дин мусулман билсин деп,
Аккуланын төрт аяк,
Атаңар койгон ташы бар.
Кагылайын жиндилер,
Ошо жерге бардым деп,
Жата турган жер таппай,
Тегеренип калдым деп.
Кайра тартып мен барсам,
Жана байкап жер чалсам,
Эки жагы жар экен,
Ортосунан шаркырап,
Аккан суусу бар экен.
Ат сугардым суусунан,
Абай кылдым тоосунан,
Кудай салган чеп экен.
Жан бекитер жер экен.
Бекер жерди көрдүм деп,
Муну көрүп келдим деп,
Араңжан жаткан абаңы,
Кантип алып барабыз.
Ошо жерге биз барсак,
Семетейди багабыз,
Талас менен Кең-Колго,
Аргын менен Ногойго,
Эптеп кабар салабыз,
Перизаада Чүрөктү,
Биз алдырып алабыз.
Канчоро уулу эр жалгыз,
Талас менен Кең-Колго,
Бара турган шайман жок,
Жете турган алы жок,
Мен көргөн жерге жетели,
Кагылайын эки кул,
Араңжан жаткан абаңы,
Эптеп алып кетели.
Бакай айтып турган жер,
Күлчоро кайрат кылган жер.
Айланайын абаке,
Ошо жерге баралы,
Аккан суусу бар дейсиң,
Абакеми тазалап,
Канын жууп алалы.
Ажалы жетсе кетээр деп,
Чындап ажал келбесе,
Бул абабыз жетээр деп.
Жатышыбыз бекер деп,
Өлүп калса баатырды,
Буурул атка жүктөйлү,
Жерге аттап түшпөйлү.
Кең Таласка жетели,
Сөөгүн алып кетели.
Атка таңып алалы,
Айткан жакшы жер экен.
Айланайын абаке,
Ошол жерге баралы.
Кайратты катуу кылышып,
Бакай менен Күлчоро,
Тамактанып алышып,

Баатырды алып жүрмөккө,
Даярданып калышты.
Ак олпок тонун кийгизип,
Баатырдын уулу жалгызды,
Көтөрүп атка мингизди.
Жарадар болгон жалгыздын,
Көзүнөн жашы бурчактап,
Бу Канчоро иниси,
Көтүнөн минди кучактап.
Арстан Бакай баатырдын,
Көргөн жерге барды эми,
Күлчоро менен Канчоро,
Экөө көрүп жактырып,
Манастын уулу Семетей,
Чыкпай жаны кысылып,
Эчен-эчен бузулуп,
Манжылыга келди эми.
Булагынан суу алып,
Семетейге берди эми.
Араңжан болгон Семетей,
Суудан ууртап алды эми,
Катуу чакап алды эми.
Кетет эми абам деп,
Акка мойнун сунду эми.
Бакай менен Күлчоро
Ыйман айтып турду эми.
Эр Күлчоро бат окуп,
Таберик менен жаасинди,
Таң калгандай бек окуп,
Аятты Бакай бек окуп,
Алагар көзүн ачты эми,
Араң сүйлөп айтты эми.
Суусап турам суу бер деп,
Күлчоро менен Бакайга,
Семетей баатыр айтты эми.
Арбаң-сарбаң түйүлүп,
Абакем тилге келди деп,
А кудайлап сүйүнүп,
Кудуктан сузуп алды эми,
Канчоро чуркап барды эми,
Белине таңган белбоону,
Күлчоро чечип салды эми.
Канчоро алып барганда,
Алып келдим аба деп,
Астына сууну койгондо,
Манастын уулу Семетей,
Сууну жутуп үшкүрүп,
Жер айлана келген жер,
Канкордун уулу баатырды,
Эки чоро, эр Бакай,
Тилегин кудай берген жер,
Аттанып атка минген жер.
Атты Бакай жетелеп,
Канчоро менен Күлчоро
Алмак-салмак өңөрүп,
Бакай чалган Кызыл-Жар,
Үчөө алып барган жер.
Канкордун уулу баатырды,
Багып жатып калган жер.
Абаке Бакай эр баатыр,
Мен чалгынды чалайын,
Мынабу тоого барайын,
Камап келген жоо болсо,
Издеп келген эл болсо,
Силерге кабар салайын.
Жарадар болгон жалгызды,
Жакшы багып тургула.
Мына айдап чыккан көп жылкы,
Кайра тартып калганын,
Токтоп жатып алгынын,
Жыйып жолго салайын.
Калбасын жылкы талаада,
Тоо таянып чөп издеп,
Оттогонун табайын.
Пайдасы тиер мал болсо,
Баарын жыйып алайын.

Ысык-Көлдөн өткөрүп,
Сары-Өзөнгө жеткирип,
Айдап барып салайын,
Кайра тартып келейин,
Силерге кабар берейин.
Эки чоро балага,
Семетейди бактырып,
Азиз болгон эр Бакай,
Атка минип жер чалып,
Тоо башына барган жер.
Олтуруп дүрбү салган жер,
Жерди көрүп алган жер.
Дүрбү салып караса,
Жылкынын асты өтүптүр,
Кең Кочкорго жетиптир.
Калган жылкы кайрылып,
Токтоп аткан жерлерде,
Арстан Бакай шер баатыр,
Оттоп аткан мал көрдү,
Оргуган кара чаң көрдү.
Бул эмине чаң болду,
Баатыр Бакай караса,
Кулун, тайы чубуруп,
Аккан сууну бойлошуп,
Тай кунаажын ойношуп,
Кара Буурул көп жылкы,
Кайра тартып алыптыр.
Каркыраны оттогон,
Бир ай жылкы токтогон,
Жери сонун жердеген,
Мал оттоого тердеген,
Жарым ай жатып оттосо,
Кара аты толуп семирген,
Аркардай болуп элирген.
Араң көрүп эр Бакай,
Тоодон түшө калган жер,
Бууданга камчы салган жер,
Токтобой Бакай барган жер.
Кайра тарткан жылкыны,
Айдап жолго салган жер.
Добулбасы даңкылдап,
Көк чыбык мылтык колунда,
Көк найза темир үстүндө,
Эн темир балта санында,
Болот кылыч жанында,
Боз кисе бойдо жалындап,
Баатыр Бакай олуя,
Талаага жылкы таштабай,
Айдап жолго салган жер.
Ысык-Көлдүн аттарын,
Сары-Өзөнгө барган жер.
Өйүз менен бүйүзгө,
Жалгыз жылкы таштабай,
Баарын жыйып алган жер.
Канчорого барган жылкыга,
Бакай барбай калган жер.
Күнү-түнү эчен күн,
Ортосунан өткөн жер.
Семетей кетти экен деп,
Кайра тартып келген жер.
Багып жаткан балдары,
Абабыз качан келет деп,
Элеңдешип жол карап,
Эки бала жаткан жер.
Эр Семетей баатырдын,
Эси ооп жаткан жер.
Кандай заман болот деп.
Алтын көкүл, жез туяк,
Айбандан түрү бир башка,
Бала баатыр Күлчоро,
Суркоён экөөн баккан жер.
Түн ичинде Коёнду,
Чоро минип алчу эле,
Жолоочу болсо алам деп,
Жортуулчу болсо көрөм деп,
Жоо болсо соём деп,

Жез туякты жетелеп,
Семетейге барчу эле.
Канчоро менен Күлчоро,
Жарадар болгон абасын,
Манастан келген абасын,
Балдар багып жаткан жер.
Абасы Бакай барыптыр,
Ысык-Көлгө мал койбой,
Такыр айдап алыптыр.
Сары-Өзөн менен Кочкорго,
Айдап барып салыптыр.
Кайра барып айланып,
Балдарына барыптыр,
Балдарынан кеп сурап,
Абаңар кандай деп сурап,
Эр Күлчоро кеп айтат:
«Айланайын абаке,
Маңдайдагы шам чырак,
Семетей көзү чачырап,
Айза тийген жараттар,
Жаман зилдер калыптыр.
Мына көргүн балаңы,
Өлүүчү жерге барыптыр».
Күлчоро айтып турганда,
Атасы Бакай кеп айтат,
Балалык кылып ыйлаба,
Абаңарды кыйнаба.
Менин тилим алгыча,
Атка тердик салгыла.
Айчүрөккө баргыла,
Туугандар жаман уу эле,
Элим жаман куу эле,
Манастын уулу Семетей,
Барба десе болбойт деп.
Акыл айтса адамдын,
Тилин алып койбойт деп.
Жарадар болуп алганда,
Жаман болуп калганда,
Каранды болуп абаңа,
Келип кабар алат деп,
Кечээ Айчүрөк аттанба деп айтса,
Сен барбагын деп айтса,
Каныкей ыйлап көп айтса,
Чоң көчөгө сулатып,
Каныкейди ыйлатып,
Чүрөктү жыга чабат деп,
Бүгүн маана болор Чүрөктү,
Келип кабар салат деп,
Ушак кылып чурулдап,
Катын-бала чурулдап,
Жаманатты кылат деп,
Кагылайын Күлчоро,
Суркоёнду мингин деп,
Бөлөктөп кийим кийгин деп,
Кең-Колго бүгүн баргын деп,
Түн жамынып алгын деп.
Жан кишиге билгизбей,
Чүрөккө кабар салгын деп.
Жарадар болду төрөң деп,
Бүгүндөн калбай баргын деп,
Дары-дармек алгын деп,
Жаратына салгын деп.
Алдадан ажал жетпесе,
Араң жан жаткан төрөңү,
Барып багып калгын деп.
Арстан Бакай кеп айтып,
Сен Таласка барып кел,
Айчүрөккө айтып кел.
Жан кишиге көрүнбө,
Кагылайын күлүстөн,
Кең-Колго барып кайтып кел.
Мына бу тоого барайын,
Башы бийик тоо экен,
Байкап дүрбү салайын.
Деп ошентип эр Бакай,
Эртеңки бээнин саанында,

Күн шашке маалында,
Баатыр бала Күлчоро,
Бакайдын тилин алган жер,
Аттанып жолго салган жер.
Таласты көздөй бет алып,
Күлчоро жүрүп калган жер.
Араң жан жаткан баатырды,
Канчоро багып жаткан жер,
Акылды Бакай тапкан жер,
Суркоён минип оргутуп,
Баатыр Чоро чапкан жер.
Астындагы Суркоён,
Желип кетсе жел жетпей,
Эти ысып калганда,
Басып кетсе мал жетпей,
Кудай билет чын болсо,
Кара терге түшкөндө,
Баатыр бала Күлчоро,
Оозуна ал жетпейт.
Ошо күнү кечинде,
Бакайдын кеби эсинде,
Кечки бээнин саамында,
Дигер убак маалында,
Жете барды Кең-Колго,
Кең-Колдун чети боз талаа,
Түн жамынып барам деп,
Айчүрөккө барбасам,
Абамдын тилин албасам,
Мен жамандык көрөм деп.
Эгиз сайдын боюна,
Аттан түшүп токтолуп,
Астындагы Коёндун,
Ооздугун чыгарып,
Ат жетелеп откоруп,
Эр Күлчоро турган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кантсе кабар келет деп,
Келип кабар берет деп,
Кытайдын кызыл дарысын,
Даяр кылып белендеп,
Асыл төрө баатырды,
Айыктырып келем деп,
Кайнатма кара дарыны,
Каттамага салган жер.
Алтымыш түрлүү дары алып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Даярданып аткан жер.
Пери Чүрөк байкушум,
Элдин астын жатканда,
Катуу уктап атканда,
Суркоён минип жылжытып,
Саамайын түйгөн жер.
Айбалтасын таянып,
Ат жетелеп жөө басып,
Бала баатыр Күлчоро,
Айчүрөк жаткан сарайга,
Акырын басып кирген жер.
Алтын эшик дарбаза,
Оозуна барган жер.
Семетейдин чоң мамы,
Коёнду байлап салган жер.
Дарбаза оозун каккан жер,
Алакан менен чапкан жер.
Дарбаза оозу зыңк этип,
Жеңекеси Айчүрөк,
Эми кабар келди деп,
Ак эле көйнөк суп чапан,
Жаткан экен Айчүрөк,
Бутун чечип кыйшайбай,
Жаздыгына баш койбой,
Астына олпок төшөнбөй,
Башына мамык жазданбай,
Кантсе да кабар келет деп,
Жаткан экен Айчүрөк.
Дарбазаны чапканда,
Күлчоро келип какканда,

Акундун кызы жеңеси,
Ак жибектей бүгүлүп,
Эки бала баатырдын,
Кимиси келди экен деп,
Чуркап чыкты жүгүрүп.
Дарбаза ачып караса,
Эки көздөн от жанган,
Эр Күлчоро кайниси,
Караса көздөн кан тамган,
Кармаса колдон от тамган,
Кайраты бар бала эле,
Жүзүндө сүрү бар эле.
Акундун кызы жеңеси,
Чорону кармап кучактап,
Оң бетинен бир жыттап,
Сол бетинен бир жыттап,
Оң колунан алды эми,
Олуязаада Айчүрөк,
Күлчорону жетелеп,
Ордосуна барды эми.
Кайнисин байкап караса,
Шам чырактай кызыл жүз,
Кубулуп жер көрүндү.
Түрүн көрүп баатырдын,
Чүрөктүн көөнү бөлүндү.
Кагылайын уулуке,
Түрүңдү көрүп токтобой,
Эт жүрөгүм болкулдайт.
Эсим чыкты эң жаман,
Көргөндө көөнүм бөлүнөт,
Мен садагаң кетейин,
Айтчы бала сырыңы,
Жашырбай айткын чыныңы.
Айчүрөк сурап турганда,
Айчүрөктү кучактап,
Ыйлап ийди Күлчоро,
Көзүнөн жашы бурчактап.
Маңдайымда баргегим,
Тартып койгон айнегим,
Бир Бээжинге бардык деп,
Бээжинден жылкы алдык деп,
Жылкыны алып кайтканда,
Кагылайын жеңеке,
Жерге батпай көп жылкы,
Асты-астынан бөлдүк деп,
Абакем жүрдү бир башка,
Жолго салдык турбаска,
Бээжиндеги Коңурбай,
Ал ошо тосуп алыптыр.
Абакем баатыр жалгыздын,
Астын тосуп алыптыр.
Абайлабай абакем,
Жакын чыгып барыптыр.
Асыл абам баатырдын,
Ок жаңылып бооруна,
От чагылып көзүнө,
Бээжиндин ханы Коңурбай,
Абакем жатып калганда,
Атканына арзыбай,
Айзасы менен сайыптыр.
Акырегин жарыптыр.
Кайсынысын айтасың,
Очогор үнүн укканда,
Тарс деп үнү чыкканда,
Бул эмине болду деп,
Абакемди каралап,
Эмине атып койду деп,
Ак келтенин үнү эмес,
Башка мылтык экен деп,
Салып чыгып бардым деп.
Алгара менен айланып,
Асыл абам баатырдын,
Кылычын кындан алыптыр,
Башын чаап салам деп,
Даярданып калыптыр.
Мен чунак жакын барганда,

Астымда Коён жок болуп,
Алгараны койгулап,
Астымда Коён жок болуп,
Коңурбай качты октолуп.
Бала жашып турганда,
Буйругу экен кудайдын,
Абамдын барсам жанына,
Араң жан болуп жатыптыр.
Араң жан болгон абамды,
Атка өңөрүп алдым деп,
Канчоро менен Бакайга,
Абакем минтип калды деп,
Аларга кабар салдым деп.
Атадан жалгыз төрөлдүң,
Сүлдөрүн алып келдим деп,
Барып жүзүн көрүңүз,
Төрөңдү атка жүктөдүм,
Эки жагы жар экен,
Ортосунда шыркырап,
Аккан суусу бар экен.
Канчорого бактырдык,
Алып келип төрөңдү
Ошо жерге жаткырдык.
Айза тийсе кебелбес,
Айчүрөктү көргөндө,
Эси ооп эндиреп,
Акылы кетип алсырап,
Ыйлап ийди Күлчоро.
Жеңеси Чүрөк кеп айтып,
Мен садагаң кетейин,
Мени көрүп ыйлаба,
Бейтаалай жеңең Чүрөктүн
Жанын бекер кыйнаба.
Жан кишиге билинбей,
Абакең айтып бергендир,
Аттанып жолго салгын сен.
Кайра тартып баргын сен.
Катар сууну кечкин сен,
Араң жан жаткан абаңа,
Түн боюнча жеткин сен.
Акундун кызы Айчүрөк,
Албан-албан дем берип,
Кайниси Чорого,
Сыр аякка бал берип,
Кагылайын уулуке,
Минип жүргөн бууданың,
Алла таала бир кудай,
Таалайыңа туулган,
Талыкпай жолго салгын деп,
Алты кочуш жем берип,
Бууданыңы чалдырып,
Эс алдырып алгын деп,
Түн боюнча баргын деп,
Акундун кызы Айчүрөк
Акыл айтып турган жер,
Аш-тамакка тойгон жер.
Тараза жылдыз батарда,
Намаз убак болордо,
Өзүн басар коёрдо,
Алда деп зикир чаларда,
Эки чоро бир абаң,
Намаз окуп аларда,
Ак саамайын оюп ал,
Мен Айчүрөк жеңеңи,
Маңдайыңан көрүп ал.
Турбай уул жолго сал,
Акундун кызы Айчүрөк,
Билгирлиги бир башка,
Периден кабар алган жер,
Жаратка салчу дарыны,
Кол куржунга баскан жер.
Ак куржунга салган жер,
Атка минип чыгууга
Ак куржунду көтөрүп,
Күлчоро чыгып барган жер.
Суркоёндун жанында,

Пир карап турат кылайып,
Кара чачы булайып,
Семетейге казанчы,
Анын аты Быйты күң,
От жагуучу тыйты күң,
Ошол туюп калыптыр.
Канетсе кабар келди деп,
Суркоёнду суулуктан,
Бекем кармап алыптыр.
Атсам деп баланы,
Айчүрөк кошо барыптыр,
Кишиге айтып коёт деп,
Эр Күлчоро кеп айтып,
Санга батпас көп жылкы,
Алып келдим деп айтып.
Күлчоро бала келди деп,
Чүрөккө кабар берди деп,
Катынга кабар салды деп,
Кайра кетип калды деп.
Оозунан чыгарып,
Ой байбиче кыңк этпе.
Эр Күлчоро муну айтат,
Жылкы берем деп айтып.
Акундун кызы жеңеси,
Ал да басып барды эми.
Жез табакка дилдени,
Салып берип салганы,
Уулунун тилин алгын деп,
Кайра ордуна барсын деп,
Айчүрөк тилин алды эми.
Этекке дилде салды эми,
Эч кимге айтпайм ишен деп,
Быйты күң кетип калды эми.
Кагылайын Күлчоро,
Айтып койсоң мени ургур,
Ишенбесең сени урар,
Быйты кетти жайына.
Коёнду Чоро минген жер,
Кайра тартып койгулап,
Эр Күлчоро жүргөн жер,
Коёнго камчы салган жер.
Тараза жылдыз батарда,
Таң кашкайып атарда,
Араң жан жаткан абасы,
Айтылуу Бакай абасы,
Эр Семетей жарадар,
Бала кайра барган жер,
Барып даарат алган жер.
Түн боюнча келди деп,
Эминени көрдү деп,
Бакай менен Канчоро,
Акыл айран калган жер.
Азан айтып Күлчоро,
Ыйман болуп экөөнө,
Эки сүннөт, эки парз,
Төрт ирекет багымдат,
Төрттөн окуп турган жер.
Намазын окуп алганда,
Алаканын жайганда,
Канчоро, Бакай эки жан,
Экөө билбей калганда,
Жардан боору шарп этип,
Канатын жайып жарк этип,
Айчүрөк келип конгондо,
Канчоро коркуп болк этип,
Бакай чоочуп солк этип,
Бул эмине болду деп,
Экөө чоочуп калган жер.
Таң жаркырап атканда,
Ак уруп ийип бүгүлүп,
Абасы Бакай баатырдын
Акундун кызы Айчүрөк,
Барды астына жүгүнүп.
Таманы жерге такылдап,
Тизеси менен бүгүлүп.
Жерге мойну салынып,

Акундун кызы Айчүрөк,
Арстан Бакай баатырдын,
Алдында турду жүгүнүп.
Баатырдын уулу Семетей,
Баш көтөрүп калган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Көрүнүп калды көзүнө.
Кечээ аттанып жолго чыкканда,
Айчүрөк каргап кеп айткан,
Келбегин кайра деп айткан.
Араң жан жаткан баатырдын,
Айчүрөктүн айтканы,
Оюна түшүп калыптыр.
Канчык кайдан келдиң деп,
Канкордун уулу Семетей,
Алагар көзүн аңтарып,
Жаман айтып салыптыр.
Абакеси кан Бакай,
Оңолбогон эсер деп,
Өлсө мейли көрөр деп,
Чүрөктү көрүп сүйүнүп,
Манастын уулу баатырга,
Абакеси кан Бакай,
Чыгуучудай камынып.
Камчы ала жүгүрүп,
Атасынын жолунан,
Манастын уулу баатырдын,
Акылынын жогунан,
Абакеси Бакайды,
Баатыр бала Күлчоро,
Колдон кармай калган жер.
Маңдайын сылап алдына,
Байкуш Чүрөк барган жер.
Очогор огу батыптыр,
Зилдеп ырбап жатыптыр,
Атуучу окко уу тартып,
Ырбап жүрүп өлсүн деп,
Амал менен атыптыр.

Уусу тарап салаалап,
Калган экен балаалап,
Ок түшпөсө болбойт деп,
Оң жагына толгонуп,
Башын жөлөп Күлчоро,
Көтүн жөлөп Канчоро,
Акундун кызы Айчүрөк,
Перилигим чын болсо,
Берегөр кудай тилекти.
Катындыгым чын болсо,
Кабыл кыл кудай тилекти.
Оң жагынан бир аттап,
Зайыптыгым чын болсо,
Акундун кызы Айчүрөк,
Зарын айтып кудайга,
Оң жагынан эки аттап,
Сол жагынан бир аттап,
Күлчоро турат шолоктоп,
Семетейдин боорунан,
Ок түштү жерге болк этип.
Очогор огу түшкөн соң,
Араң жаткан Семетей,
Бутун жыйып солк этип,
Кырма кызыл дарыны,
Кырып ийип салган жер.
Адам көрбөс ок-дары,
Айчүрөк кайдан алды экен,
Аны Чүрөк салган жер.
Очогор огун түшүрүп,
Акындын кызы алганы,
Багып калган жалгады,
Айчүрөк багып калган жер.

Канкордун уулу эр Семең,
Жаракатты жан тапты,
Жарнага кан батты.
Баатырдын уулу жалгыз эр,
Араң жан болуп бул жатты.

Акундун кызы Айчүрөк,
Кечээ аттанып жолго салганда,
Бээжинди көздөй бет алып,
Семетей жөнөп калганда,
Акундун кызы Айчүрөк
Чылбырдан кармап кеп айткан.
Төрөм Бээжинге барсан келбейсиң,
Сен Чүрөктү аман көрбөйсүң.
Катындын тилин албайм деп,
Камынып чыктым Каканга,
Кайрылып токтоп калбайм деп,
Алган зайыбы Чүрөктү,
Кансыратып жыга чаап,
Кечээ баатырдын жолго салганы.
Ок жаңылып бооруна,
Бу жарадар болуп калганы.
Чапты деп Чүрөк ойлобой,
Эки тоонун арасы,
Акундун кызы Айчүрөк
Эр Семетей жатканда,
Айчүрөк издеп тапканда.
Бооруна баткан коргошун,
Айчүрөк келип түшүрүп,
Манастын уулу Семетей,
Айчүрөк жолдош экенин
Ошондо билди түшүнүп.
Алсырап жаткан баатырды,
Ар түрлүү дары алган жер,
Жарасына салган жер.
Баш көтөрүп эсейип,
Семетей аман калган жер.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Кудайга иши жаккан жер.
Баатырдын уулу жалгызды,
Айчүрөк багып жаткан жер.
Агасы Бакай кайран эр,
Тилекти кудай берди деп,
Баатырдан калган жалгыз эр,
Өлүмдөн кайра келди деп.
Айчүрөктөн кеп сурап,
Атка минип эшейип,
Атадан калган жалгызым,
Жоо-жарак алып колуна,
Болобу киши деп сурап,
Кагылайын кулунум,
Жараты оор болду эле,
Канчоро менен Күлчоро,
Атка минип жол баштапП
Калыбына келеби,
Айткын Чүрөк чыныңды.
Агасы Бакай көп айтып,
Айткын сырын деп айтып.
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Кантер экен деп ойлоп.
Көңүлү эчен бөлүнүп.
Агасын көрүп кеп айтып,
Кагылайын абаке,
Болбогун капа деп айтып.
Эки жагы жар экен,
Булак суусу бар экен.
Биз өңдөнгөн карыптар,
Жан бекитчү жер экен.
Жараткан алда бир кудай,
Өзү салган чеп экен.
Береги жалгыз уулуңду,
Апаптап  алты ай багайын.
Найза тийген жаратка,
Ар түрлүү дары салайын.
Кагылайын абаке,
Көк боору түшүп калыптыр.
Жеткиздиң кайра ордуна,
Килеп болуп чоңоюп,
Боорун шишик алыптыр.
Боор ордуна келгиче,
Кагылайын абаке,
Эки түрлүү дары бар,

Түрлүү дары дагы бар.
Көтөрүп салып көрөйүн,
Айланайын абаке,
Жардам болсо кудайдан,
Ар түрлүү дары салайын,
Талыкпай алты ай багайын.
Талозго кабар салып тур,
Аргын менен ногойдон,
Ай сайын кабар алып тур,
Айланып жерди чалып тур.
Кагылайын абаке,
Кең-Колго кабар салып тур.
Энем менен кеңешип,
Ай сайын кабар алып тур.
Бээжинден келген жылкыны,
Таштабасын талаага,
Жеткизет кудай санаага.
Эки балаң баксын деп,
Жарадар болгон жалгызың,
Ушу жерге жатсын деп.
Бакайга Чүрөк кеп айтып,
Баатырдын уулу жалгызды
Багамын алты ай деп айтып.
Торучанын өрүнөн,
Ай туякка чалдырып.
Абасы Бакай кеп айтып,
Жатабыз алты ай деп айтып.
Талаада жалкы калбасаң,
Бөрү чөгүп бөлбөсүн,
Бөөдө жалкы өлбөсүн.
Семетейге душман көп,
Башкадан ууру келбесин.
Береги турган баатырды,
Өлүптүр жарым дебесин.
Бээжинден келген жылкыны,
Бөлүп бөлүп албасын.
Бөөдөсүнөн олжолоп,
Малга тоюп калбасын.
Жалгызды Чүрөк багат деп,
Бээжинден барып жылкы алып,
Жарадар болуп калат деп,
Эл ичинде эчен бар,
Өлсө мейли деп айтар.
Тору алалуу топ жылкы,
Топ-тобунан бөлбөсүн,
Сары алалуу сан жылкы,
Асты-астынан бөлбөсүн.
Бекер олжо кылбасын,
Мен чалгынга чыгайын,
Чалгын чалып турайын.
Жылкы эсебин алгыла,
Элчибек менен Бөжөккө,
Буга кабар салгыла.
Карабек катуу уйкучу,
Ошолор болсун жылкычы.
Алтымыш киши келсин де,
Алты жерге бөлсүн де.
От-от кылып баксын де.
Жылкынын жайын куп билет,
Жайытка жылыкы салгын де.
Семетей киши болгуча,
Жарым жыл өтөт арадан.
Аргын менен ногойго,
Малдын жайын куп билген,
Атка жеңил, уйкуга сак,
Курманкожо бар эле,
Түн уйкуга сак эле.
Курманкожо келсин деп,
Жылкычыны чогултуп,
От-от кылып берсин деп,
Карысы Бакай абасы,
Балдарына айтып кеп.
Кечээ Бээжинге Манас барарда,
Белги койгон жери бар.
Казанчы деген бели бар,
Төшү жайык тоосу бар.

Чөбү белден буралган,
Түрлүү-түрлүү кийиктер,
Марамадары башынан,
Алыс-алыс чураган.
Жылкыдан айдап келгиле,
Мага өткөрүп бергиле.
Тай кулундан мал болсун,
Билериктүү турлардан
Жорго түшкөн актардан,
Бөлүп алып келгиле.
Эки жүзгө толтуруп,
Алып келип бергиле.
Мен тегеректи чалайын,
Мен бу жылкыны багайын.
Семетейди багайын.
Анысы Бакай Айкожо,
Канчоро менен Күлчоро,
Эки эрге ал айтып,
Менин айткан сөзүмө,
Кулак салгын деп айтып.
Тууганы жанга уук эле,
Тукуму жаман куу эле.
Эл ичинде эчен бар,
Шатемирдин Чачыкей,
Эр көңүлдүү жан эле.
Кесирети бар эле,
Айчүрөктү алганы,
Карабай койгон жан эле.
Береги жалгыз абаңа,
Жарадар болуп калды деп,
Колкус огу болбосун,
Эл дүрбөгөп калбасын.
Агасы Бакай Айкожо,
Эки кулга кеп айтып,
Жылкы баккын деп айтып.
Көкчубакты асынып,
Ок-дарысын артынып,
Алтындан кылган селдесин,
Тапырата чалынып,
Чалгыч алды камынып.
Күндүзгүсүн болгондо,
Тараза жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда,
Намаз окуп алуучу.
Манастын уулу баатырды,
Айчүрөккө тапшырып,
Абасы  чалгын чалуучу.
Күүгүм кирди күн бата,
Арстан Бакай келүүчү,
Семетейдин жанына.
Акундун кызы Чүрөккө
Карал болуп берүүчү.
Күлчоро менен Канчоро,
Атка тердик салган жер,
Эки бала барган жер.
Сараласы сандан көп,
Көк аласы мындан көп,
Тобурчагы топтошуп,
Чонун чөптү оттошуп,
Кең Кочкорго токтошуп.
Сарала-Саз Шамшыда,
Жайнап жатып калыптыр.
Бир канчалык көп жылкы,
Ошо жерге барыптыр.
Артынан калдай келгенде,
Баатырсыган төрөсүн,
Жайлап салдык дегенде,
Айдап кеткен жылкысын,
Ажыратып алам деп,
Ак асаба кол менен,
Баш адашкан чоң жоого,
Ошо келген жол менен,
Кыйгаптуу найза сунушкан,
Баатыр бала Күлчоро,
Жалгыз өзү урушкан,
Болоттун мизин майтарган.

Күлчорого ээ бербей,
Коңурбай жеңер кезинде,
Абасы Бакай кайтарган.
Карача уктап ал бактын,
Кандары кеткен кутулуп,
Кызыл кырыт кытайдын,
Кыйыны кеткен кутулуп.
Кара боло жөө солдат,
Күлчоро Бакай эки шер,
Каралды экөө салган жер.
Кара талаа деген талаага,
Алмак турсун жылкыны,
Бээжинден келген чоң манжу,
Өзү араң кутулуп.
Кайра кетип калган жер,
Канкордун уулу батардан,
Буту,колун бүктөшүп,
Буурул атка жүктөшүп,
Айчүрөк багып жаткан жер,
Акылды Бакай тапкан жер.
Олуязаада Күлчоро,
Алмабаш мылтык асынып,
Ок дарысын артынып.
Кындан кылыч байланып,
Ысык-Көлдү айланып.
Карагйда калган жылкыны,
Күлчоро айдап жыйган жер.
Астында минген Суркоён,
Айбандан башка жаралган,
Жел таман деген мал эле,
Жел кайып өңдүү жан эле.
Күңгөйдөгү жылкыны,
Жыйып айдап алган жер,
Капчыгайдан өткөрүп,
Сары-Өзөн чүйгө жеткирип,
Айдап барып салган жер.
Аргын менен ногойго,
Күлчоро кабар берген жер.
Жылкы багып бергин деп,
Аргын менен ногойдон,
Алтымыш киши алган жер.
Сары талаа жайык түз,
Мен кайрылып Бээжин барам деп,
Какандагы манжудан,
Мен атамдын канын алам деп,
Бээжиндин беги Коңурбай,
Берсе кудай соём деп,
Атамдын канын алам деп,
Эр Күлчоро кеп айтпай,
Канкордун уулу табасын
Жарадар болду деп айтпай,
Оторо жылкы салган жер.
Жылкы багып бергин деп,
Алтымыш киши алган жер.
Алтыга жылкы бөлгөн жер,
Ондон кылып жылкычы,
Ой-кыр менен баккын деп,
Кудай билет чын болсо,
Алты миңден берген жер.
Бөөдө айып болбосун,
Бөрү жарып койбосун,
Бээ байтал кулун салбасын,
Чабыр болуп калбасын.
Баатыр бала Күлчоро,
Темирбекке тапшырып,
Кайра жолго салган жер.
Канчорого калган жер,
Кала жерге топтотуп,
Эр Канчорого агасы,
Көп жылкыны откозуп,
Сээри шаптай Сарала.
Алды бөлүп Канчоро,
Ардай менен Букарга,
Башчы кылып кеп айтып,
Колуңарда жылкыны,
Бээжинден кайра келем деп,

Мынагы турган жылкыны,
Аргын менен ногойго,
Өзүм бөлүп берем деп.
Какандан кайра келем деп,
Камчыга ченеп бөлөм деп.
Аргын менен ногойго,
Өзүм бөлүп берем деп.
Каалгадай кашка тиш,
Катуу тиштеп купшуруп,
Кайраттуу бала Күлчоро,
Жылкычыга тапшырып.
Ары кетсем бир жылда,
Бери келсе алты айда,
Бээжинден кайра келем деп.
Эр Күлчоро көп айтпай,
Манастын уулу абакем,
Жарадар болду деп айтпай.
Жылкы баккан кишиге,
Жаман кийим кийгизбей,
Баатырдын уулу оңолсун,
Жарадар болуп калганын,
Жан кишиге билгизбей,
Элди бекке салган жер,
Эр Семетей көк жалдын,
Эч кимге билгизбей.
Эр Күлчоро болгон жер,
Алмамбеттин Көкала,
Алтымыш атка баш кылып,
Анык айдап алган жер.
Сараланы Койгүрөң,
Токсон атты токтотуп,
Кечээ жоодон түшкөн аттарды,
Бөлүп айдап топтотуп,
Камбардын уулу Канчоро,
Мажиктин уулу Күлчоро,
Ок-дарысын шайланып,
Канкордун уулу баатырга,
Көп жылкыны башкарып,
Барды кайра айланып.
Акундун кызы жеңече,
Манастын уулу абасы,
Арстан Бакай абасы,
Текминеп тергебес жер,
Телкүрөңдү минген жер.
Кандай заман болот деп,
Темир зоотун кийген жер.
Көкчолокту агытып,
Аттарды отко салган жер.
Арстан Бакай абасы,
Барып чалгын чалган жер.
Дүрбү кетпей колунан,
Тастар-Ата жолунан,
Артынан келген эл болсо,
Кан Коңурбай эр болсо,
Кытайдан келген эл болсо,
Эскара кышым шер болсо,
Аскер жыйып келет деп,
Урушууга камынып,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Башчы болуп берет деп,
Кароол карап жол чалып,
Арстан Бакай жаткан жер.
Канчоро менен Күлчоро,
Айда барып чалган жер.
Жылкычыга барган жер,
Бээжинден келген көп жылкы,
Кулун тайы семирип,
Кулан болуп элирип,
Шай күлүгү бөлүнүп,
Жал куйругу төгүлүп,
Малчабары бак болуп,
Арага жылкы жык толуп,
Аргын, ногой айбы жок,
Арстан Бакай, Күлчоро,
Акылы жандан бир башка.
Жөө барганга билгизбей,

Көп ногойго көргөзбөй,
Манастын уулу баатырды
Багып жаткан жер ошол.
Ушу жерге таштайлы,
Бээжиндеги чоң манжу,
Хан Коңурбай чоң калча,
Эми айтып баштайлы.
Какандан калың кол жыйып,
Кара аламан эл жыйып,
Бээжинден калың кол жыйып,
Кара чоктуу калмактан,
Канча аскер алды эми.
Казы болот кытайдан,
Кыйнап аскер алды эми.
Жез казанын көмөрүп,
Жел маянын чөгөрүп,
Жазайылын бүктөтүп,
Замбирегин жүктөтүп,
Айзакерин бир бөлүп,
Айдап чыкты Бээжинден.
Кудай бетин көргөзбө,
Сунса найза тартпаган,
Турганда жоодон качпаган
Бетине пенде келбеген,
Беттешип киши жеңбеген.
Өткөрө баатыр мыктууну,
Жоого тиер ыктууну,
Кайраты бар белдүүнү,
Качырса кайра тартпаган,
Беттешкен жоодон качпаган,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Берендерди алган жер.
Кызыталак буруттун,
Кылганы кыйын болду деп,
Жылкыны айдап алды деп.
Эки тоонун арасы,
Таштан салган калаасы,
Ташын талкан кылалы,
Кан Манастын элинин
Калганын барып кыралы.
Алкы чапкан жол деген,
Кызыталак буруттун,
Атанзогу кул деген.
Мурунку чапкан жол деген,
Кызыталак буруттун,
Атасынын элдерин,
Алмамбет, Чубак эрлерин,
Атаңуу тууган жерлерин,
Алгара минип шаңданып,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Караламан эл алып,
Калың кара кол алып,
Коңурбай чыкты камданып.
Көп жылкынын көтүнөн
Коңурбай кобо келгиче,
Талаага аскер толгуча,
Урушууга камынып,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Ысык-Көлгө конгуча,
Ай караңгы түн өтүп,
Арадан алты ай дагы өтүп,
Манастын уулу эр Семең,
Атасынан бубасы,
Бир кулдугун элимин,
Жараты баатыр айыгып,
Шер колдогон эр жаңгыз,
Аттанууга камынып.
Буурулду алып келгин деп,
Атымды токуп бергин деп,
Буурулга тердик салган жер,
Манастын уулу Семетей,
Эрешен тартып эр болуп,
Кадимкидей какайып,
Канкордун уулу Семетей,
Ай тийген тоодой шаңкайып,
Буурулду минип маңкайып,

Ак келте алып аңылып,
Аркар, кийик сулатып,
Мергендиги бир башка.
Мен деген артык көй кашка.
Буурулду минип кыңырып,
Садагасы кетейин,
Атадан калган эр жалгыз,
Калган экен чамынып.
Аккелте мылтык алынып,
Манастын уулу Семетей,
Очогор тийип бооруна,
От чагылып көзүнө,
Текебер тийип өзүнө,
Калган экен жаңылып.
Жараткан алада колдо деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Манастын уулу жалгыздын,
Таалайына кабылып.
Айчүрөк багып ат минип,
Ат куйругун шарт түйүп,
Азат десе эр деген,
Канкордун уулу эр жалгыз,
Калган экен Семетей
Кадимкидей демденип.
Чоң дүрбүнү колго алып,
Калың кара жоо көрүп,
Калдайган калың эл көрүп,
Жайылган кызыл тоо көрүп,
Ач кыйкырык чуу көрүп,
Калган олду кырды деп,
Айлансам болот алдагы,
Жалгызым аман турду деп.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Бел байлап аскер жыйды деп.
Кармашууга камынып,
Казатка чыккан экен деп.
Мен кудайга ыраазы,
Жалгызым атка мингенге,
Атка минип эрбейип,
Аскерин баштап жүргөнгө,
Беттешип жоого барганга.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Бет алышып калганга,
Буурулдун оозун бурганга,
Мен кудайга ыраазы,
Жалгызым аман турганга.
Аскерди көрүп чамданып,
Арстан Бакай абасы,
Атка минип камданып.
Манастын уулу катарга
Келип кабар бермекке,
Боз чолок минип алкылдап,
Башында селде жаркылдап.
Көк чолок мылтык колго алып,
Арстан Бакай, баатыр шер,
Салса кудай оңуна,
Бээжиндин каны чоң манжук,
Тиер бекен колуңа.
Калдай менен кармашып,
Түшүп кетсем арман жок,
Акыреттин жолуна.
Аскерди көрүп алган жер,
Бала төрө баатырга,
Агасы Бакай барган жер.
Айчүрөк менен Семетей,
Абакем катуу келди деп,
Эминени көрдү деп.
Буурул атты булкунтуп,
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Койгон экен жулкунтуп.
Аттанып жоого тиерде,
Таманы жерге тарсылдап,
Көкүлүнөн шам күйүп,
Кулагынан атынын,
Мунар чакча жаркылдап.
Буурул ат белги берди деп,

Эминени көрдү деп.
Атыңа белги болду деп,
Айчүрөк айткан кадыр кеп.
Ала көөдөн жан элең,
Ар демени билбеген,
Абакең жүргөн жетелеп.
Артыңдагы өбөгүң,
Эки бала жөлөгүң.
Балдардын бирин саласың,
Момундай ишке кабылып,
Жаман болуп каласың.
Атың турат камынып,
Өзүнөн өзү чамынып.
Жоо жарагың кийгин деп,
Буурулуңду мингин деп,
Абаңдан кабар алгын деп,
Карачы калмак жоо келди.
Кан Коңурбай чоң келди.
Бээжинден каптап эл  келди,
Бели катуу шер келди
Эскара, Жолой дөө келди,
Көкбөрү, Эшим чоң келди,
Кайнаган калың кол келди,
Балдарыңды алгын деп,
Атаңдан калган жалгыз сен,
Айлыңа кабар салгын деп.
Аскер жыйнап кол курап,
Бак келген калмактын,
Астын тосуп калгын деп.
Айчүрөк айтып турган жер,
Аңгыча Бакай барган жер,
Аскерди көрүп алган жер.
Арстан Бакай абасы,
Пир колдогон агасы.
Белине кылыч чалыптыр,
Агасы Бакай барыптыр.
Семетей менен Чүрөккө,
Агасы Бакай барыптыр.
Арстан Бакай кеп айтып,
-Какандан кайнап кол келди,
Кан Коңурбай чоң келди,
Бээжин кайнап эл келди,
Бели катуу шер келди,
Аттанып жолго салалы,
Аргын менен ногойдон,
Жыйып аскер алалы.
Каркыранын чоң талаа,
Кайнап алып толду -деп.
Караламан көп аскер,
Асты келип конду -деп.
Жерге батпай быкылдап,
Желектин шаңын көрдүм -деп.
Талаага батпайт быкылдап,
Аскердин түрүн көрдүм -деп.
Астынан тосо барбасак,
Түзүн кууруп салбасак.
Камынган аскер койбойт -деп,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кармашкан менен болбойт -деп.
Жоого баатыр шер Бакай,
Акыл айтып турду эми.
Манастын уулу Семетей,
Жүрөгү калды бекилдеп.
Айчүрөк сынап турду эми,
Эр Семетей кеп айтып,
-Кан  тамгандай көзүңөн,
Кагылайын абаке,
Ушул айткан сөзүңөн.
Тилекти кудай берген го,
Эл козголуп Бээжинден,
Кармашууга келген го.
Кечээ Капыядан кабылып,
От жагылып көзүнө,
Ок жаңылып бооруна,
Берсе кудай тилекти,
Бээжиндин каны чоң манжу,

Көрүнөр бекен көзүмө,
Кабылар бекен өзүмө.
Кынтактуу найза сунушсам,
Кылычташып урушсам,
Бет алышып сайышсам,
Арманым жок кудайга,
Бээжиндин каны манжуга,
Бир беттешип калышсам.
Баатырдын уулу Семетей,
Кайраттанып кеп айтып.
Кадимкидей чамынып,
Кайраттанып камынып.
Кудай берген экен деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
-Мен Кең-Колго кетем-деп.
Мен элиңе жетем-деп,
Калкыңа кабар салам-деп,
Катарласа аскериң,
Барып кабар берем -деп,
Алган зайбы Айчүрөк.
Аскер кылып кол жыйып,
Атышууга мол кылып,
Абасына кеп айтып,
-Мен кабарчы болоюн,
Таластагы элиме,
Кабар берип коёюн.
Алган зайбы Айчүрөк,
Агасы менен төрөгө,
-Айтканыңды айтчы -деп.
Аскер жыйып келгин -деп,
Мына кагазыңа жазгын -деп.
Канкордун уулу Семетей,
Касиеттүү кан Бакай,
Калемын колго алышып,
Кагаздарын жазышып.
Аскер башы Темирбек,
Аскерди даяр кылсын -деп.
Аргын ногой колуңды,
Эр бүлөнүн баарысы,
Бирин койбой жыйсын -деп.
Айланайын энекем,
Дарбаза оозун ачсын деп,
Ок дарыны чачсын -деп.
Олжо алып толгондо,
Жоо кийимин берсин -деп.
Жоо жаракты калтырбай,
Телегейин кийгизип,
Тегиз атка мингизип,
Кечээ баатыр Манас барында,
Баарына жарак берсин -деп,
Энекем билгир киши эле,
Атакемдин элеси,
Карып калган киши эле,
Кокус угуп албасын,
Анда жаман болду -деп,
Кайгыланып калбасын,
Кара чачын жулбасын,
Башын жерге урбасын,
Чоң энеме билгизбе,
Камынып жаткан аскерге,
Карыларга туйгузбай,
Бата берип энекем,
Баарын жолго салсын деп.
Семетей, Бакай эки шер,
Кагазына жазган жер.
Сарала минип Бөкөйгө,
Салам кылып айткан жер.
Борончу менен Үрбүгө,
Бозкертик менен Маңгиге,
Тайлак менен Бошкойго,
Жатып албай келсин -деп,
Манастын уулу Семетей,
Элге кабар берсин -деп.
Көп коркпой келсин -деп,
Айзакерди бир бөлүп,
Аны жолго салсын -деп.

Карыларды жөн коюп,
Жаш баланын баарысын,
Аскер жыйып алсын деп,
Семетей Бакай кат жазып,
Коё берди Чүрөктү,
Бара кой деп атказып.
Семетейдин Айчүрөк,
Колго түшкөн Койбурул,
Жоодо түшкөн Айкашка,
Аны минип алды эми.
Койбурулду жетелеп,
Кудай билет чын болсо,
Айчүрөк жолго салды эми.
Семетей Бакай эки шер,
Ысык барып окушуп,
Буудандарын токушуп.
Ачыкка койгон жылкыны,
Айдап жолго салышып.
Эки зоонун ичине
Атка минип алышып.
Эки жагы жар эле,
Булак суусу бар эле.
Ушу жерге келдим деп,
Манастын уулу Семетей,
Жан бекитип жайланып.
Жакшылыкты көрдүм деп,
Атасы арстан болгон соң,
Баатыр бала Семетей,
Боюн суугa салган жер,
Боюна даарат алган жер,
Ак денесин жууган жер,
Тазаланып турган жер.
Берекелүү жер экен,
Айланайын жарыктык,
Кантип куру таштайын,
Торучаны алган жер,
Бир жолуна чалган жер,
Башын кесип койгон жер,
Кашка тишин кырктырып
Алсанат кылып кудайга,
Артып башын кескен жер.
Баабединге тапшырып,
Кайрылып киши болдум деп,
Кызыл каным төгүлүп,
Кысталып киши болдуп едеп.
Айланайын жарыктык,
Көрдүм сенин пайдаңды,
Жараткан алда бир кудай,
Өзү табар айламды.
Каалгадай кашка тиш,
Кайра тиштеп капшырып,
Кайра атка миндим деп,
Тору чаардын денесин,
Бирлерине тапшырып.
Аккуладай манкайып,
Билди жолго алам деп,
Ай тийгендей заңкайып,
Атка минип алган жер,
Семетей Бакай эки шер,
Үзөңгүсү кагышып,
Манжылыга барышып,
Атын оңдоп токушуп,
Куран аят окушуп,
Кечээ мен Бээжинге барарда,
Көрдүм эле белгисин,
Тиер бекен пайдасы,
Ак куран жайып кат окуп,
Табарик менен жасынды,
Таң калгандай жат окуп,
Ат болушка салган жер,
Семетей, Бакай эки шер,
Аттанды калың калмакка,
Жолун тосуп алмакка,
Беттешип жоого барамакка,
Жалынды кудай арбакка.
Семетей, Бакай эки шер,

Какандан келчи калың жоо,
Кармашууга жол тосуп,
Даярланып калган жер,
Канчоро менен Күлчоро,
Жылкы багып жай жүргөн,
Агасын көрүп алмакка,
Атка минип жарышып,
Баатыр төрө жалгыздын,
Жаткан жерге барышып.
Жаткан жерде дайна жок,
Баатырдын уулу жалгыздын,
Жаткан орду калыптыр.
Чалгынга чыккан абакем,
Бирдемени көрдү -деп,
Манастын уулу эр жалгыз,
Эсейип атка минди -деп.
Эмине элине барып киргенде,
Акундун кызы Айчүрөк,
Айтып кеткен кеби жок.
Мына эмине болду -деп,
Торучаны союшуп,
Төш этине тоюшуп,
Жан казанга салышып,
Эки жинди чунактар,
Болот менен Чолоктун,
Экөө бирдей чалышып,
Изди чалып кыбалап,
Семетей, Бакай баатырдын,
Изин чалып кубалап.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Чобурдагы балыктай,
Шалкылдаган чунактар
Айбалта менен кылычтай,
Жаркылдаган кылычтар.
Койго тийчү бөрүдөй,
Эки аттын изин тапкан жер.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Абакеси Бакайдын,
Артынан издеп чапкан жер.
Жол баштаган абасы,
Кызалгаяк эл деген.
Кечээ Кырымдын каны Мурадыл,
Ошо жердеп жаткан жер деген,
Кечээ Бээжинге жортуп барарда,
Манастын уулу тил албай,
Айчүрөк айткан кеп эле,
Кокустан конуп калба деди эле,
Консоң жолуң болбойт деп,
Кароолдоп жаткан эчен бар
Айдап жүргөн буудандан,
Конуп калса кокустан,
Сен ажырап каласың,
Ак таамайга сыздатып,
Ээрчип жүргөн эки иниң,
Убалына каласың.
Катындын тилин аламбы,
Касиеттүү жер болсо,
Конбой кетип каламбы.
Манастын уулу Сементей,
Болбой жатып алган жер.
Мурадылга алдырып,
Канчоро менен Күлчоро,
Кан талаада калган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кереметин билгизип,
Алдырып ийди бууданды,
Манастын уулу Семетей,
Мылтык тартты тийгизип.
Эки бала жиндилер,
Аттарынан айрылып,
Кан талаада калган жер.
Бакай менен Семетей,
Ат кадырын билбейт деп,
Атты багып минбейт деп,
Аттанып жолго салган жер,
Эр Семетей кан Бакай,

Белге чыгып барышып,
Кудай бетин көргөзбө,
Белден дүрбү салышып,
Колду көрүп алышып,
Чалгын чалып эл көрүп,
Кан Коңурбай эр көрүп,
Басып жүргөн жөө көрүп,
Балбан Жолой дөө көрүп,
Чыларыгын имерип,
Чындап көзгө жиберип.
Адам барар жер эмес
Аман коёр эр эмес,
Мелтиреген талаада,
Айзанын учу кылкылдап,
Адамдын башы былкылдап,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Кишинин башы кылкылдап,
Алайдын чөбү жырылып,
Асмандап учкан канаттуу,
Айзага тийип кырылып.
Алтын айчык кызыл туу,
Жерге батпай ызы-чуу.
Алтын көкүл Туучунак,
Атка минип алышат.
Кудай бетин көргөзбө,
Аскер оонап жарышат.
Жердин жүзүн чиркеген,
Күндүн озун бүркөгөн,
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Бакай менен Семетей,
Аны көрүп таңданып,
Айла кандай болот деп,
Бир кудайга жалбарып.
Жакаларын карманып,
Айланайын абаке,
Эсейип атка миндим мен,
Элдин түрүн көрдүң сен.
Кандай айла кылалы,
Манастын уулу Семетей,
Кайра жолго салалы.
Кең-Кол менен Таласка,
Бүгүн жете баралы.
Турган менен пайда жок,
Эки кулдан айла жок.
Жылкычыга баш болуп,
Кымыз ичип мас болуп,
Жыргап калган эмедей,
Эки кулдун жатканы,
Семетейдин айтканы,
Колду көрүп коркушуп,
Аскерди көрүп чочушуп,
Элди көрүп чыйрыгып,
Тула бойдо тарамыш,
Эси чыгып жыйылып,
Элеңдешип турганда,
Кайра тартып жол чалып,
Качуучудай эки шер
Беленденип турганда.
Ат болушка салган жер,
Жиндиленген эки кул,
Эр Күлчоро, Канчоро,
Экөө чыгып барган жер.
Эки бирдей баатырга,
Салам алып кеп айтып,
Эр Күлчоро жинди кул,
-Эминени көрдүңөр,
Эмине чыгып келдиңер,
Уруга турган тоо барбы?
Уруша турган жоо барбы?
Андып келген эл барбы?
Кан Коңурбай эр барбы?
Чоро сурап турганда,
-Оңолбогон эки кул,
Кайнап калың эл жатат,
Кан Коңурбай шер жүрөт,

Кадимки берен эр жүрөт.
Манастын уулу Семетей,
Балдарга айтып турган жер,
-Бал тилдүү Күлчоро,
Ал айтканың чын болсо,
Тилекти кудай бериптир,
Бексиндин каны чоң манжу,
Тизелешип келиптир.
Бет ала уруш салайын,
Пенделерим жалгыз ак,
Жанымы барып тилейин.
Жайнаган аскер көп колго,
Өзүм барып кирейин.
Эки кабак эл беле,
Экөөнө бата бергиле,
Аттардын оозун бургула,
Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер,
Ушерден карап тургула,
Кайнаган кытай калмакка,
Түн жамынып тептейин.
Кабылар бекен чоң манжу,
Бир кудайдан тилейин.
Деп ошентип Күлчоро,
Кайрат кылып турган жер.
Ошорндо абасы Бакай кеп айтат,
-Акылыңдан адашып,
Кагылайын жетимче,
Сен кетпегин алыс –деп айтат.
Жети бөрү бир койду,
Жесе тарпы калчу эмес.
Жер союлган көп колго,
Жеке башың кабылса,
Сенин алың калчу эмес.
Алты бөрү бир койду,
Таласа тарпы калчу эмес.
Ак асаба кол болсо,
Сен кабылсаң алың калчу эмес.
Бекер кайрат кылба –деп,
Менин айтканымды сында –деп.
Аргын, ногой элиңе,
Айчүрөк кабар салгандыр,
Манастан калган калың журт,
Кабар угуп калгандыр.
Камынып кайрат кылгандыр,
Аттанууга камынып,
Даярданып тургандыр.
Аргын менен ногойдон,
Аскер менен кол келер,
Капыр менен мусулман,
Кан төгүшүп туруууга,
Алаа таала жол берер.
Мен садагаң кетейин,
Пери тирүү жердеген,
Аты жакшы коюлган,
Айланайын Ысык-Көл,
Абасы башка кызыл көл,
Кайра тартып алалы,
Калың кара көп калмак,
Шаркырап аккан суусу бар,
Кара жанга күч келсе,
Качып чыгар тоосу бар.
Дарыяга сыйынып,
Кагылайын эки кул,
Боомдун оозун буралы.
Ысык-Көлдүн боюнан,
Какандан келген аскердин,
Жолун тосуп туралы,
Анан уруш кылалы.
Бээжинден келген беги бар,
Бели катуу эри бар.
Жыйган аскер колу бар,
Эчен түркүн чоңу бар.
Биз бу жерде турганда,
Жер жарылса күү чыгып,
Жеке сандан чуу чыгып,

Калмак кайнап толгондо,
Кагылайын жинди кул,
Биз төрт киши болгондо,
Жерге аскер толгондо,
Жеке киши болгондо,
Урушсак уят болобуз,
Капыя жолдо өлөбүз.
Аскердин асты келегенде,
Берсе кудай тилекти,
Ошондо ат куйругун түйөлү,
Ошондо аттанып жоого тиели.
Белгиге берч алалы,
Беттешип жоого баралы.
Кан төгүшүп өтөлү,
Жараткан кудай жар болсо,
Каза жетип күн бүтсө,
Кармашып шейит кетели.
Акылман Бакай кайран эр,
Акылын айтып турган жер.
Кичи пейил Күлчоро,
Абакеси Бакайдын,
Айтканын макул кылган жер.
Ат тизгинин жайышып,
Мынабу Барскоон деген жерине,
Келди төртөө жарышып.
Ат тизгинин бурушуп,
Урушпай турган эр бекен,
Маңдай-тескей турушуп
Төрт бөдөнө көрдүңбү,
Минип жүргөн буудандын,
Атты аяктап салышып,
Ээр токум алышып,
Артынан келчү аскердин,
Мына жолун тосуп калышып.
Бала жинди Күлчоро,
Кан Бакайдан кеп угуп,
Арстан агаң Семетей,
Абамдын кеби ырас деп,
Буудандын оозун буруптур,
Аккелте атып жол тосуп,
Эки абаке, Канчоро,
Ушу жерге туруптур.
Коёнду минип койгулап,
-Мен бүгүн Таласка жете барайын.
Жайылып жаткан эл болсо,
Чакчелекей түшүрүп,
Аргын менен ногойго,
Түн ичинде бүтүрүп,
Аскерди айдап чабайын.
Кагылайын абаке,
Калмактын канча колу бар,
Кан Коңурбай чоңу бар.
Кытайдын эчен эли бар,
Абадан берки канкордун,
Эрегишкен жери бар.
Аскерди алып келгиче,
Абаке сени көргүчө,
Качырып жоого барба-деп,
Кагылайын абаке,
Калмактын арбын амалы,
Сен кабылып калба-деп,
Менин айткан сөзүмө,
Кулагыңды салып тур.
Айкожо абам Бакайдын,
Айткан тилин алып тур.
Жан калкалап жер чалып,
Сактанып жанды багып тур.
Кызыталак манжунун,
Амалы бар ар кандай,
Кокустан колго кабылсаң,
Кагылайын абаке,
Жүргөн жолдон кабылсаң
Бепайга мени саласың,
Бекер өлүп каласың.
Жер жарылса боо чыгар,
Аргын, ногой калың журт,

Ач кыйкырык чуу чыгар.
Аскер чабып камынып,
Кармашууга чамынып,
Капыр менен мусулман,
Бет алышар кез болчу.
Баатырдын уулу төрөнү,
Колго кармап кеп айтып,
Бала чоро ар айтып,
-Мен келгиче кол салып,
Жоого кирбе –деп айтып.
Каалгадай кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырып,
Эр Семетей агасын,
Эр Бакайга тапшырып.
Жинди чоро, баатыр эр,
Таласка жете бармакка,
Жалынып кудай алмакка,
Аргын менен ногойдун,
Аскерин жыйып алмакка,
Атка камчы баскан жер,
Астындагы Коёндун,
Санына камчы баскан жер.
Кудай билет чын болсо,
Эти кызып алганда,
Оозунан көбүк чачылып,
Араандай оозу ачылып,
Кашка тиши канышып,
Канаттуу менен жарышып,
Эр Күлчоро баатырдын,
Эки тизгин бир чылбыр,
Эки колдо карышып,
Алтын кароол алмабаш,
Ай далыда шакылдап.
Алтын айчык чоң күүсөр,
Айры төштө жаркылдап.
Асыл баатыр Күлчоро,
Ошо күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Кең-Колго барды жакындап.
Качкан аңды бүлдүрүп,
Шашкан аңды мөңдүрүп,
Баатыр чоро барганда,
Эл чогулуп жарданып,
Эминени көрдү деп,
Жакаларын карманып.
Күлчоронун Суркоён,
Жүргөнүнө таң калып,
Баатыр чоро баргыча,
Калган экен жыйылып.
Аргын менен ногойдун,
Карылары бөлүнүп.
Жоо дегенде дегдеген,
Казат деесе жатпаган,
Ичиндеги жүрөгү,
Аттай туйлап батпаган.
Канаттуулар көрүнүп,
Кайраттуулар бөлүнүп,
Мылтык атар мергендер,
Жазбай атып бергендер,
Айза саяр ыктуулар,
Жоо союучу мыктуулар.
Кыйкырып жоого тийгенде,
Кылычын алып киргенде,
Кыргын салчу эптүүлөр,
Топ-тобунан бөлүнүп,
Тараза жылдыз батканда,
Таң агарып атканда,
Калган экен камданып,
Кудай бетин көргөзбө,
Аттанып жоого тиерде,
Баары башка шаңданып.
Айчүрөк кабар салганда,
Аскерди жыйып алганда,
Карагай найза колунда,
Кол токтоткон баатырлар,
Өткүр чечен тилдүүлөр,

Өлүмдөн кайтпас жиндилер,
Казганактап кылкылдап,
Калган экен камынып.
Кең-Колдун ичи былкылдап,
Караңгыда карасаң,
Асмандагы жылдыздай.
Айбалта кылыч жылтылдап.
Акундун кызы Айчүрөк,
Эсебин алып болуптур.
Аргын, ногой аскери,
Он эки миңге толуптур.
Жараткан алда бир кудай,
Жан кырсыкты көрөт деп,
Азапка элди күн этип
Эртеги өткөн эр Манас,
Дарбазасын тарттырып,
Кереметтүү Каныкей,
Кошту атка жүктөтүп,
Ок-дарысын арттырып,
Баарына зоот кийгизип,
Башынан берки кесиби,
Кечээ баатыр Манас барында,
Пайдасын элге тийгизип.
Кудай бетин көргөзбө,
Боз аттуусу бир борум,
Көрүп турсаң эң сонун,
Кара аттуусу бир борум,
Карап турса да сонун.
Агала моюн ак күрмө,
Баары кийип алган жер,
Айза тийсе тешпеген,
Кылычтын мизи кеспеген,
Барандын огу батпаган,
Келтенин огу өтпөгөн,
Кереметтүү Каныкей,
Чыкты аны кийгизип.
-Таң ата жолго салгын-деп,
Күндү-түндү жол жүрүп,
Ысык-Көлгө жеткин-деп.
Кол башкарып кеп айтып,
Семетейдин энеси,
Эр Манастын эркеси,
Алганы Манас барында,
Калың элди таңдантып,
Айтып жүргөн кеби бар.
Башынан берки байбиче,
Кол башкарган жери бар.
Алмамбет менен Чубакты,
Ажыбай менен Үрбүдөй,
Кызыл кыян үч кашка,
Аскердин түрү бир башка.
Камынышып турбаска,
Сарала чапан жел көйнөк,
Какчыгына каттырып,
Аласа да Каныкей,
Жараткан кудай баана деп
Аргын, ногой эл журтун,
Арбак менен кудайга,
Турган экен тапшырып.
Эр Күлчоро барганда,
Эли дүрбөп калганда.
Бала чоро барганда,
Баары дүрбөп калганда.
Энелерди көрдү деп,
Олуязаада Каныкей,
Саамай чачы чубалып,
Чыкты эшикке буралып.
Карап турса Каныкей,
Ак саамайын жыттаткан,
Акырек сөөгүн сыздаткан,
Айры төшкө уктаткан,
Аңса моюн жыттаткан,
Омуртка сөөгүн сыздаткан.
Сото төшкө октоткон,
Ак боз бээ сойдуруп,
Канчоро менен Күлчоро,

Атын уйкаш койдурган.
Атадан калган жалгызга,
Жөлөк болор бекен деп,
Кереметтүү Каныкей,
Так бир той кылдырган,
Күндө бээден сойдурган.
Аксарбашыл кой сойгон,
Ай мүйүздүү уй сойгон.
Бала чунак барыптыр,
Каныкей барып караса,
Адамзатта бир башка,
Канга пайда жери бар.
Оң бетинин үстүндө
Алакандын отундай,
Мөөр басып койгондой,
Периште жазган калы бар.
Эки көздүн отунда,
Канча жандын малы бар.
Төбөсү көзүндө мунары
Ошо баатыр бала чорону,
Күйүп турган шамы бар.
Айлансам болот алдага,
Канга тууган көпөлөк,
Баскан экен жетимчем,
Атанын жолун төтөлөп.
Кээ бир киши кеп айтса,
Мажиктин уулу деп айтчу,
Кээ бир киши кеп айтса,
Болоттон калган тукум деп,
Алмамдан калган тукум деп,
Алда таала кудурет,
Тилегеним ушул деп,
Кечээ Каканга жортуп барарда,
Канчоро менен Күлчоро,
Ат алдырып кытайга,
Как талаада калаарда,
Каныкей кайып түш көргөн,
Түшүндө жакшы иш көргөн.
Каныкей көргөн түшүндө,
Кайдагы жоонун ичинде,
Кылычы кындан суурулуп,
Кынынан кылыч алганда,
Кызып келген аскерлер,
Жүрөгү чыгып кырылып.
Кечээ кан Семетей жалгызы,
Жарадар болуп ок тийип,
Жаткан жерин билиптир.
Бала чоро баатырдан,
Баатырсыган чоң манжу,
Качкан жерин билиптир.
-Балама кудай берди-деп,
Маңдайынан шам күйүп,
Жараткандын жардыгы,
Жандап алган экен-деп.
Атасынын арбагы,
Олуязаада Каныкей,
Баланын түрүн көргөндө,
Он эки ай өткөн ортодон,
Оң колунан алган жер.
Оң бетинен бир сүйүп,
Олуязаада Каныкей,
Учурашып калган жер.
-Багыңды кудай ачыптыр,
Басташкан душман качыптыр.
Жолуңду кудай ачыптыр,
Жоолашкан душман качыптыр.
Акундун кызы жеңече,
Каныкей кайын энеси,
Оң колуна дан алып,
Сол колуна бал алып,
Сыр аяка куйган жер,
Аттан түшө муну ороп,
Жинди чоро баланын,
Эки көзү тунарып,
Караса көздөн кан чыгып,
Тиктесе баштан буу чыгып,

Күлчоронун жанында,
Эчен түркүн чуу чыгып.
Эр Күлчоро, баатыр шер,
Айчүрөктүн колунан,
Сыр аякты алган жер.
Кудай билет чын болсо,
Жерге төгүп ийгендей,
Көмөкөйгө куйган жер.
Олуязаада Каныкей,
Эр Күлчоро баатыр шер,
Бата сурап турган жер.
Каныкей колун жайган жер,
Арбак менен кудайга,
Күлчорону тапшырып,
Бата берип калган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Доолбасын каккылап,
Камчы менен чапкылап,
Эр Күлчоро кайран шер,
Айкырыгы таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Аттан түшүп жөө жүргөн.
Аскерди айдап аткарып,
Кудай бетин көргөзбө,
Кош колоңу артылуу,
Ок-дарынын баарысы,
Ошо атка тартылуу.
Жибек аркан бүктөлүү,
Тамак-аштын баарысы,
Аттарына жүктөлүү.
Күлчоро үнүн укканда,
Доолбас үнү чыкканда,
Аргын, ногой аскери,
Жөө тумандай созулуп,
Күүгүм кире күн бата,
Элдин алды тим жата,
Жалпы жолго салган жер.
Садагасы кетейин,
Сандыргалуу Күлчоро,
Аскер айдап дүрбөтүп,
Өзү баштап калган жер.
Бала чоро жиндинин,
Баатырлыгы бир башка.
Тепейип аттан түшкөн жок,
Каныкей берген тамактан,
Башка тамак ичкен жок.
Жер маясы дүңгүрөп,
Жердин чөбү бөлүнүп,
Жекенден найза кылкылдап,
Жердин үстү былкылдап,
Кудай билет чын болсо,
Талас менен Кең-Колдон,
Аскер жүрдү бөлүнүп.
Ак асаба кызыл туу,
Жер майышкан ызы-чуу.
Ат куйругун түйүшүп,
Түн ичинде жүрүшүп,
Жолго катуу салышып,
Айбалта сындап алышып.
Тойго барчу немедей,
Күлчоронун аскери,
Ат ойнотуп жарышып.
Баатыр бала Күлчоро,
Суркоёнду жылжытып,
Үстүнөн чаңын бургутуп,
Токтоп жатпай келгин деп,
Тараза жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда
Ысык-Көлдү көргүн деп,
Бели түздүү жер экен,
Дарыяны бойлогон,
Аттын оозун бурбаган,
Айтканыңды тыңдаган,
Күн кызарып чыкканда,
Өйүз менен бүйүзгө,
Турбай жолго салгыла,

Тең бөлүнүп алгыла.
Семетей менен Бакайга,
Аман болсо бул экөө,
Учурашып алгыла.
Баатыр бала Күлчоро,
Суркоёнго камчы уруп,
Тараза жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда,
Капчыгайдан өттү эми,
Ысык-Көлгө жетти эми.
Аттан түшүп алды эми,
Шашпай даарат алды эми.
Экөө сүннөт, экөө парз,
Моюндагы калчу карыз.
Төрт ирекет багымдат,
Катар окуп алды эми,
Алаканын жайды эми,
Кайра тартып ат минип,
Күлчоро жолго салды эми.
Эки жагы жар болгон,
Ортосу аккан суу болгон.
Эртеңки бээнин саамында,
Күн шашкедей маалында,
Канчоро менен Семетей,
Алтын желек сыр жоолук,
Экөө колго алыптыр.
Бозчолокту моюндап
Кудай бетин көргөзбө,
Калың кара көп колду,
Бакай тосуп калыптыр.
Эл кысылып турганда,
Коёнду минип койгулап,
Эр Күлчоро барыптыр.
Эки чоро, эр Бакай,
Маана кылган Семетей,
Баш кошушуп турган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Жөө тумандай бурулуп,
Кайнаган аскер көп соло
Каршы-терши чууруп,
Жазайылын комдошуп,
Замбирегин оңдошуп,
Шилбе чапан бели узун,
Балык калпак, жез телпек,
Жоо дегенде баары элпек.
Кызыл шайы, жаңы таар,
Ошо колдун ичинде,
Кыйындары дагы бар,
Кара шайы жеңи тар,
Ошо колдун ичинде,
Кан ичмеси дагы бар.
Айдары алтын шуру чок,
Аттанып чыкча колу шок.
Бээжинди кармап сураган,
Алооке кандын Коңурбай,
Ааламда андай киши жок.
Аттанып чыккан жолум деп,
Кызыталак буруттун,
Атасын сойгон колум деп.
Бастырып чыккан жолум деп,
Атасынын жолдошу,
Баарысын сойгон колум деп.
Алгара минип алкымдап,
Кудай бетин көргөзбө,
Алтын айдар шуру чок,
Төбөсүндө жаркылдап.
Баатырдыгы бир башка,
Жан казандай башы бар,
Алтымыш муун жетимиш,
Ортосунда жашы бар.
Анда таза буркурап,
Канжыганын түтүнгө
Калмак, кытай чуркурап.
Эл чогулуп кеп айтат,
Кызыталак буруттун,
Элин чаап алалы,

Жерин басып калалы.
Токою бар, тоосу бар,
Кара бадал чери бар,
Жан бекитер жери бар.
Көлдү бойлоп алгандар,
Кылыч чабар кыйындар,
Көлдү бойлоп келгиле.
Айза саяр мыктуулар,
Така менен жүргүлө,
Мылтык атар мергендер,
Тоо таянып жүргүлө.
Кызыталак бурутту,
Ортоңорго алгыла,
Тегеректеп калгыла.
Колго тийсе бурутту,
Эки көзүн жайнатып,
Эки колун байлатып,
Какан менен Бээжинге,
Кармап алып баргыла.
Кээ кытайдын шеги бар,
Кечээ Бээжинге Манас келгенде,
Кол башкарып Урумкан,
Бакай деген эри бар.
Урушуп уят болбойлу,
Ошо Бакай бар болсо,
Катылып кордук көрбөйлү,
Кабылып бекер өлбөйлү.
Кечээ жылкы артынан келгендер,
Семетей алган жылкыны,
Алып калам дегендер.
Бир кишиден качтың деп,
Айдап койдой кырды деп,
Яа алда деп бакырса,
Жайнап калат бир киши,
Тегеректеп эл барса,
Жайлап салат бир киши.
Оозунан ок кетпейт,
Эки беттен от кетпейт.
Мунар болуп бурулат,
Бир кыйкырып ийгенде,
Миң кишидей угулат.
Ошол аман бар болсо,
Катылып кордук көрбөйлү,
Кагылып бөөдө өлбөйлү.
Кол салышып нетели,
Ошо киши бар болсо,
Урушпай кайра кетели.
Сорондуктун азабы,
Кечээ ат куйругун түйгөндө,
Манастын уулу Семетей,
Бээжинден жылкы тийгенде,
Айдап жолго салганда,
Астын тосуп чоң манжу,
Коңурбай аңдып калганда.
Очогор атып кулатып,
Семетейди сулатып,
Башын кесип кетерде,
Манастан калган жалгызга,
Чындап ажал жетерде,
Бала чоро кабылан,
Дин мусулман элдери,
Урушуна табылган.
Ошол аман бар болсо,
Колдон келбейт өзүнө,
Жараткан алда бир кудай,
Жардам берет өзүнө.
Адамдан башка жан экен,
Кындан алса кылычы,
Темир эмес кан экен.
Бир өзүнүн башында,
Он беш менен он төрттүн,
Ортосунда бала экен.
Балапан жүнү маңдайда,
Балалыгы кете элек,
Бар болсо бизди соо кылбайт,
Ошо бала оң кылбайт.

Манастын уулу Семетей,
Эрдиги бар эси жок,
Эчтеме менен иши жок.
Элди сурап кан болуп,
Эн түшкөн жан экен.
Ат тизгинин бурушат,
Күлчоро менен Бакайлар,
Калмак, кытай кандары,
Кудай билет чын болсо,
Экөөнөн коркуп турушат.
Алооке кандын кенжеси,
Жараткан кудай жасаган,
Бир өзүнүн милдети.
Айгыр болуп бир тууган,
Алгара менен бир тууган,
Кылдай болуп суурулган,
Коёндой болуп бурулган.
Жал, куйругу жайылган,
Төбөсү жерге сайылган.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Эр Коңурбай баатырдан,
Ал да тууган эр экен.
Алооке кандын кенжеси,
Эскара деген шер экен.
Какандан чыкты аттанып,
Калың кол айдап жол бөлүп,
Кара аламан кол көрүп.
Эки эрден киши качабы,
Жылкыны эмес буруттун,
Шаарына чабуул салалы.
Кыз катынын алалы,
Бордомолуу боз үйүн,
Боорго желе жабалы.
Эркек киши калтырбай,
Бирин койбой кыралы.
Ургаачысын алалы,
Какан менен Бээжинге,
Баарын алып баралы.
Кайрат кылып камынып,
Катырчуудай чамынып.
Аз кишиден көп киши,
Коркот деген эмине.
Тетиги турган төртөөнү,
Барып кармап алалы.
Кайраттуу тууган баланы,
Муну өлтүрүп салалы.
Баштап жүргөн Бакайдын,
Мунун башын алалы.
Манастын уулу эр Семетей,
Байлап алып Бээжинге,
Кудай бетин көргөзбө,
Мергени тоодо жыкылдап,
Басып чыккан жан койбой,
Жебенин огу жалтылдап,
Жаанын огу шаркылдап,
Асты астынан бөлүнүп,
Аң чөнөккө жамынып,
Кудай бетин көргөзбө,
Бакай менен төрөнү,
Эки бала чорону
Кермек болду камынып.
Чоң Иртыштын боюнда,
Бээжиндин каны чоң Манжу,
Семетей менен сайышып,
Алгарадан аңтара,
Семетей сайып салганда,
Алдындагы Алгара,
Катуу качып калганда,
Атын кармап алам деп,
Ала көөдөн Семетей,
Алгараны кууганда,
Чоң манжуну жөн коюп,
Манастын уулу баатырды,
Капары жок капырды,
Кууган атка жете албай,
Тоо таянып сенделип,

Баатырсыган Коңурбай,
Калк сураган кан эме,
Башына түшүп менделик,
Очогорго от алып,
Оозунан ок салып,
Кара-үңкүрдү бет алып,
Манастын уулу Семетей,
Коңурбайды сайганда,
Алгараны алам деп,
Атты кууп бузулган
Бээжиндин каны чоң манжу,
Жарадар болуп алсырап,
Тоо таянып жөө басып,
Кара-үңкүргө куурулган,
Алып жүргөн колум деп,
Айдап жүргөн жолум деп,
Атасын сойгон жерим деп,
Коркпо менин элим деп.
Добулбасын заң уруп,
Добул уруп бакырып,
Жоодон коркуп турба деп,
Ат тизгинин бурба деп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Аттым эле дардаңды,
Эшейип атка мингениң,
Эки бала ээрчитип,
Семетейдин жол менен,
Кандай болсо алам деп,
Эзелден эбин табам деп,
Желбиреген кызыл туу,
Жерди жарып ызы-чуу.
Кызыл желек сыр найза,
Кыты-кыты кытай деп,
Айкырыгы бир башка.
Ала желек сыр найза,
Калмак, калмак, калмак деп,
Анын жолу бир башка.
Карагай найза бөрү тил,
Аштап калган жери ошол.
Семетей, Бакай балдардын,
Аптап калган жер ошол.
Абасы Бакай, Семетей,
Алмаңдын уулу Күлчоро,
Камбардын уулу Канчоро,
Калмак камап толгон жер,
Каршыгандай болгон жер.
Кытай кырып толгон жер,
Жер шыбактай болгон жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Бакай менен Семетей,
Башташып жоого тийишип,
Күлчоро менен Канчоро,
Экөө эки жерде жүрүшүп,
Ок мөндүрдөй чачылып,
Кудай бетин көргөзбө,
Тынбай мылтык атынып,
Коңурбайдын кылганы,
Тоонун боору дүпүлдөп,
Жебенин огу жаркылдап,
Мылтыктын үнү тарсылдап.
Кудай бетин көргөзбө,
Жоого колу байланып,
Астындагы мингени,
Аты баспай калат деп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кылган ишин окшотуп,
Кытай менен калмакты,
Качпагын деп токтотуп.
Семетей менен Бакайга,
Кан Коңурбай беттебей,
Оолакка моюн салыптыр.
Кудай бетин көргөзбө,
Бир кишини миң киши,
Тегеректеп калыптыр.
Берендерин кыйкырып,
Эр Коңурбай чоң манжу,

Келгиле деп чыкырып.
Тетиги турган Бакайдын,
Пир колдогон жан эле.
Бо кабылып калба деп,
Кызыл чырай най жүздүү,
Алтын чырай нур беттүү,
Бир баласы бар эле.
Бо кабылып калба деп,
Эр Эшим менен бегине,
Дөө Жолой деген төрөнү,
Аңга тууган капырды,
Эр Эскара баатырды,
Байгана деген мыктууну,
Бардык жерде ыктууну,
Алтымыш оюн сыр найза,
Санатын жүзгө толтуруп,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Алды жактын жанына,
Кудай бетин көргөзбө,
Жерге батпай жыкылдап,
Жердин үстү кылкылдап,
Тоо таянып ок атып,
Тоого батпай толуптур.
Кудай бетин көргөзбө,
Кудайдан башка маана жок,
Качып чыгар талаа жок,
Качарына чара жок.
Семетей менен Бакайды,
Тегеректеп алыптыр.
Аскерди андан чеп кылып,
Кудай бетин көргөзбө,
Темир коргон бек кылып.
Кылычын кындан алышып,
Кырганына түгөнбөй,
Кыйкырышып калышып.
Үстү-үстүнө урушуп,
Карыга найза жабышып,
Канча урушса болгон жок,
Семетей менен Бакайды,
Тегеректеп калышып.
Кийгени телпек сары жез,
Кудай бетин көргөзбө,
Манастын уулу Семетей.
Баштап жүргөн кан Бакай,
Колу машта чагында,
Кол токтоткон Күлчоро,
Бөрк ал десе баш алган
Жол чал десе кан ичкен,
Жоболоңдуу Канчоро,
Ар кай жерде бөлүнүп,
Темир соот кийгени,
Аткан окко көмүлүп,
Бараңдын үнү барсылдап,
Кудай бетин көргөзбө,
Күн жаагандай күркүрөп,
Күндөн күнгө күч алып,
Ай экени билинбей,
Арасы көзгө илинбей,
Бакай менен Семетей,
Бирин-бири каралап,
Бир кудайды мааналап.
Айла кетип алсырап,
Жебенин огу жеткенде,
Зооттон өтүп кеткенде,
Жарадар болуп кансырап,
Сайыша түшүп токтолуп,
Эр Семетей кан Бакай,
Каралар адам жок болуп.
Камбардын уулу Канчоро,
Жар башына барыптыр.
Күлчородон бөлүнүп,
Жалгыз кетип калыптыр.
Кытай калмак аскери,
Аны кармап алыптыр.
Сөөгүн сөпөт кыларда,
Устуканын бөлөрдө,

Бу Канчоро өлөрдө,
Каныкей берген ак оро,
Калмак алып киерде,
Семетейдин энеси,
Канчородой баатырдын
Башын алып иерде.
Жер жарылса буу чыгып,
Кудай бетин көргөзбө,
Жер майышкан чуу чыгып,
Казан алса буу чыгып,
Кайнаган калың чуу чыгып,
Баабедин деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Жер дүңгүрөп жарылып,
Аргын, ногой аскери,
Кирип келди жабылып.
Кудай бетин көргөзбө,
Ысык-Көлдүн боюнан,
Кыйкырыгы басылбай,
Кыйкырса үнү жазылбай,
Ар кай жерден үн чыгып,
Желекти жерден түрүшүп,
Ошондо Семетейдин аскери,
Жете келди жакындап.
Капыр менен мусулман,
Карчалышып алган жер.
Кан төгүлүп баш  кетип,
Мына казат болуп калган жер.
Кылычты кындан суурушуп,
Кыя тартып урушуп.
Кызыл канга боёлуп,
Сунган найза майышып.
Капыр менен мусулман,
Аралашып сайышып.
Барандын огу басылып,
Келтенин огу түгөнүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Кан төгүлүп жошулуп,
Аккан  сууга кошулуп.
Кудай бетин көргөзбө,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүмү жык толуп,
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүмү жык толуп.
Капталынан кан болуп,
Карысынан жин болуп,
Какырганы кан татып,
Канчоро менен Күлчоро,
Түкүргөнү жин татып.
Ошо Бакай менен Семетей,
Арстан Бакай эр баатыр,
Пайгамбар чалыш эме эле,
Баатырлыгы бар эле,
Кечкени кызыл кан эле.
Манастын уулу Семетей,
Жетим жүрүп жетилген,
Ак болоттой кетилген.
Эзил өскөн бала эле,
Мажиктин уулу Күлчоро,
Жараткан алда бир кудай,
Жасайт экен ар кандай.
Кадап койгон ок эле,
Ааламда андай жок эле.
Булуттай өңү бурулуп,
Кылычы кындан суурулуп.
Канжар менен кармашып,
Айбалта менен салышып,
Калканды жара чабышып,
Саптары колдо калышып,
Бөрү тийген эмедей,
Бөлүндүрдү кытайды.
Жагалмай тийген эмедей,
Жайылдырды калмакты.
Ителги тийген таандай,
Ийребеди кытайды.
Баатырсыган эчэнди,

Асты-астынан бүлүнтүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Ат кесердеп кан болуп,
Эр Күлчоро тийгенде,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Баягы айткан баласы,
Элин кырып жүргөндө.
Капыр менен мусулман,
Карчалышып калганда,
Агып аткан сууларга
Кан кошулуп калганда.
Кан кошулуп кошо акса,
Сууду сүзгөн бозодой.
Эзип койгон жошодой.
Эрдик кылып турганда,
Эр Күлчоро кырганда.
Баатырдын беш мүнөт колу бошобой,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Баатырды көрүп алды эми.
Корккон эмей эмине,
Жан жолдошу эченди,
Алган экен жанына.
-Көрдүңөрбү тигини,
Булуттан жааган жамгырдай,
Асмандан түшкөн мөндүрдөй,
Жүргөнүн адам жан билбей,
Айласын адам таба албайт,
Астына киши бара албайт,
Ага кабылган оң болбойт,
Кабылган киши соо болбойт.
Кармашкан киши кан болот,
Катылган киши жай болот.
Эр Күлчоро жиндинин,
Тиштегени он болуп,
Тиктегени жок болуп,
Кармаганы ок болуп,
Качырганы жок болуп.
Күлчорого беттешип,
Келбейт киши токтолуп.
Жеткен жерден эр сайыш,
Эченди катар бир сайып,
Зоот кийген эченди,
Жоодон качпас көсөмдү,
Кудай бетин көргөзбө,
Ылаачындай тийген жер.
Бөрү тийген көп койдой,
Баатыр бала Күлчоро,
Кайнаган калмак кытайды,
Кайра айдап сүргөн жер.
Күлчорого жолго салган соң,
Капыр менен мусулман,
Аралашып калган соң.
Манастын уулу Семетей,
Баштаганы эр Бакай,
Камбаркан уулу Канчоро,
Калың колдун барганын,
Какандан келген көп аскер,
Кайра тартып калганын.
Мурутунан буу чыгып,
Көт жагынан чуу чыгып,
Көк чолоко кан чыгып,
Көк жал  Бакай, шер баатыр,
Кечээ баатыр Манас барында,
Манас менен бир жүрүп,
Жоого тийген чагында.
Кадимкидей түрдөнүп,
Ошондо кан Бакай кирди күүлөнүп.
Ошо Манастын уулу Семетей,
Муругуп турат бакырып,
Атасы Манас баатырдын,
Арбагын айтып чакырып.
Оңдон, солдон камчы уруп,
Оолугуп жоого тийгенин
Камап аткан калмакты,
Кызыт аткан кытайды,
Ат тизгинин бурушпай,

Ат откозуп урушпай,
Дасторконун жайышпай,
Тамактанып алышпай.
Кудай бетин көргөзбө,
Кайнап эли барган соң,
Капыр менен мусулман,
Аралашып калган соң.
Канчоро менен Күлчоро,
Семетейдин бөбөгү,
Эсаламдын жөлөгү.
Бээжиндин каны Коңурбай,
Кудай бетин көргөзбө
Баланын түрүн көргөндө,
Элине кабар салган жер.
Алам деп келген чоң манжу,
Алтымыш солоп, кырк жайсаң,
Ээрчитип качып калган жер.
Баатыр бала Күлчоро,
Басташкан манжу келбейт деп,
Касташкан калмак келбейт деп,
Калмкты кудай  бербейт деп,
Олуязаада шер ошол,
Шойроңдогон шер ошол.
Алдыңдагы багыңды,
Куйругун өйдө түргөн жер,
Же калмакты алам деп,
Ажал жетип күн бүтсө,
Калмактан өлүп калам деп,
Белинен кемер чечем деп,
Мурун калмактан барып бел алса,
Ажал өлүм кайда жок,
Өлсөм шейит кетем деп,
Жаркыны кудай көрүнүп,
Садагасы кетейин,
Калайык эл калкынан,
Калың аскер жалпынан,
Семетей Бакай жанынан,
Ат куйругун бууган жер,
Оолакка кудай салды деп,
Чоң Манжу качып калды деп,
Көтүнөн түшүп кууган жер,
Сары талаа жайык түз,
Дегендин саны миң жайык.
Күлчоро жетти артынан,
Алтымыш солоп кырк жайсаң,
Кийгени темир чоң сеңир,
Дөө Жолой деген эр жүрөт,
Эскара деген чоң жүрөт,
Эр Эшим деген эр жүрөт.
Беттешип айза тартпаган,
Бет алып жоодон качпаган,
Сунушуп найза тартпаган,
Суналып жоодон качпаган,
Кудай билет чын болсо,
Келди кезек келди деп,
Баланы кудай берди деп,
Кайра тартып камынып,
Кан Коңурбай баш болуп,
Кармачудай чамынып,
Кылкара минип октолуп,
Эр Эшим деген баатыры,
Кыя тартып алыптыр.
Жалгыз турган баатырды,
Кармачудай камынып.
Баары кирип калыптыр,
Карап туруп Күлчоро,
Периште салып белине,
Бир кудай салып денине,
Колдогону сан болуп,
Кечээ казаттан өлгөн шейиттер,
Алмамбет баштап жар болуп
Буудандын оозун бура албай,
Качпай токтоп тура албай,
Жети бөрү бир койчу,
Жесе тарпы калбайт ко.
Жеке башым болгон соң,

Баары баатыр калмакка,
Жетишсем алып калбайт ко.
Алты бөрү бир койчу,
Жалгыз башым болгон соң,
Баатыры бар, шери бар,
Баштап жүргөн дөөсү бар,
Кабылсам жаным калбайт ко.
Кештелүү калпак кең чалбар,
Атка минип бир жүргөн,
Аттанып жоого бир тийген,
Жан жолдошум Канчоро,
Жанымда болсо не болду.
Саймалуу калпак сары шым,
Пайгамбарга чалышым.
Айтылуу абам эр Бакай,
Астымда болсо не болду.
Бозо тонуп болпонум,
Маңдайымда чолпонум.
Манастын уулу Семетей,
Бу жанымда жок болду.
Перишште салып белине,
Эр Күлчоро жинди кул,
Качырбай жоону токтолду.
Алтын ооз алмабаш,
Кудай билет чын болсо,
Аны менен бир атып,
Огу болот жаасы алтын,
Улам-улам эл тартып,
Сургунун уулун урган жер.
Шумурайып жинди кул,
Батынып жоого бара албай,
Барууга айла таба албай,
Мылтык атып, жаа тартып,
Күлчоро токтоп калган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Караганга бай болуп,
Канча десе жоголуп,
Капыр менен мусулман,
Кармаган тоосу жыгылып.
Каршылашып кан төгүп,
Калган экен кырылып.
Кызыл кыя бел ашып,
Кылымдан калган калмактар,
Атып таштап жөө качып,
Кара жолду ташташып.
Кудай бетин көргөзбө,
Канчалары жөө качып.
Мусулмандын аскери,
Баабедин кетпей ооузунан,
Баары келет бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Белде эңкейе бергенде,
Кудай бетин көргөзбө,
Семетей Бакай келгенде,
Жер жарылып буу чыгып,
Жеке ызылдап чуу чыгып.
«Эр Манас» деп унчугуп,
Башына селде чалынып,
Алаярдын оюна,
Аксакалдын боюна,
Бакай андан алыптыр,
Аттан түшкөн калмакты,
Арык койдой иргелтип.
Айдап жолго салыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Алтын кемер белинде,
Сары-Талаа жеринде,
Кудай бетин көргөзбө,
Буурул ат минип булкунтуп,
Буура төөчө жулкунтуп.
Баатырдын уулу Семетей,
Кылычы кындан суурулуп,
Кыйкырыгын уккандар,
Жүрөгү чыгып кырылып.
Короо сайдын чоң талаа,
Кууп кирген жери ошол.

Каркыранын кең талаа,
Айдап кирген жери ошол.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Өлгөнүнө карабай,
Өлүмдөн эми аябай,
Жеткенине карабай,
Кудай бетин көргөзбө,
Житүүдөн элин аябай.
Үркүп калган калмакты,
Качып калган кытайды,
Калган ээсин окшотуп,
Кырылып калса мейли деп,
Кылычтап элди токтотуп.
Ар кылганын окшотуп,
Атылып кетсе мейли деп,
Качып калган кытайды,
Айбалталап токтотуп.
Эрендерин ээрчитип,
Баатырларын баштатып,
Башка сереп таштатып.
Кудай бетин көргөзбө,
Ала байрак сыр найза,
Аттан түшпөйт көй кашка,
Мусулман колу бир башка.
Айкырыгы таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып.
Кудай бетин көргөзбө,
Капыр менен мусулман,
Кармаган туусу жыгылып,
Кан төгүшүп урушуп,
Атын койдой кырышып.
Мелтиреген талаада,
Ат карыдай кан болуп,
Канжар менен кармашып,
Какырганы кан татып,
Түкүргөнү жин татып,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүмү мындан көп.
Муруттарын сербейтип,
Кулактарын калкайтып,
Жаш өлүмү мындан көп.
Айзаларын сындырып,
Эптеп жүргөн мындан көп.
Аттарынан айрылып,
Жетпей жүргөн мындан көп.
Көоу чыгып олоюп,
Олоктогон мындан көп.
Колу сынып солоюп,
Чолок болгон мындан көп.
Буту сынып тунжурап,
Мунжу болгон мындан көп.
Ок дарысын ыргытып,
Чачып аткан мындан көп.
Өлүктөргө кошулуп,
Жатып аткан мындан көп.
Малакайы жоголуп,
Басып жүргөн мындан көп.
Жоо жарагын жоготуп,
Арбаң-сарбаң түйүлүп,
Аркадан катуу жүгүрүп,
Качып жүргөн мындан көп.
Жер майышып турушуп,
Кудай билет чын болсо,
Капыр менен мусулман,
Каркыра деген талаага,
Жети күнү урушуп,
Жеңише албай турушуп.
Манастын уулу Семетей,
Аккелте колго алган жер.
Мусулмандын элине
Кыйкырып кабар салган жер.
Добулбас алып каккылап,
Манастын уулу Семетей,
Токто,токто,токто» - деп,
Мусулмандын элине,
Эр Семетей айткан жер.

Капталынан кан болуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Кара карга жайдары,
Карга айланып конгону,
Кудай бетин көргөзбө,
Талаага өлүк толгону,
Күлдүрөп учуп алышса,
Күндүн көзү көрүнбөйт.
Айланып учуп алышса,
Айдын бети көрүнбөйт.
Кишинин көзүн ойгону,
Киши этине тойгону.
Канаты менен каккылап,
Бири-бирин чапкылап,
Айланып учуп кылкылдап,
Кудай бетин көргөзбө,
Кара жору, ак кажыр,
Жерге жатпай чыкылдап.
Капыр менен мусулман,
Кан төгүшүп урушуп,
Кечээ Манастын уулу Семетей,
Бээжинден жылкы алганда,
Муну ыргыта сайганда,
Алгара качып калганда,
Коңурбайды бир сайып,
Манастын уулу Семетей,
Ээсин сайып салдым деп,
Текеберди кылганда,
Адамдан эстүү Алгара,
Буурул ат жетпей качканда,
Дөгүрсүгөн калмакты,
Боорго Жолой жыктым деп,
Боорго найза тыктым деп,
Качкан атка жете албай,
Кайра тартып алган жер.
Сайган жерден Коңурбай,
Тирүү кетип калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Текебер кылып койгон жер,
Атамды сойгон манжунун
Кабыргасын сөккүн деп,
Кара канын төккүн деп,
Атасы Манас баатырдын,
Баласы жалгыз өзү өсүп,
Жоого сайган жерге жаңылган,
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Ошондо текеберге кабылган.
Кечээ жылкыны жолго салганда,
Жылдырып айдап калганда,
Алмалуу төрдү басканда,
Баатырдын уулу эсерди,
Аңдып туруп Коңурбай,
Семетейди атканда.
Буурул аттан кулаган,
Ок жаңылып бооруна,
Тилге келбей сулаган.
Коңурбай өчүн алаарда,
Башын алып салаарда,
Пир колдогон Күлчоро,
Эр Күлчоро кабылан,
Коңурбай жолго салганда.
Ошо шору баатырдын,
Дидарына чыдабай,
Алгарага камчы ууруп,
Чоң манжу качып калганда.
Баатырдын уулу дардаңдын,
Текебер кетип башынан,
Тентектик кылган жашынан.
Кыйгактуу найза кармаган,
Кыйылыша тийгенден,
Өлбөй тирүү калбаган.
Айчүрөк келип сактаган,
Манастын уулу Семетей,
Колтуктата жоо сайып,
Канча түркүн кул сайып,
Буурулдун оозун бурган жер,

Мурунку кылган иштери,
Канкордун уулу Семетей,
Оюна алып турган жер.
Жаңылып калса кесири,
Жараткан кудай кечирет,
Каркыранын боюна
Кан төгүшүп урушуп,
Канкордун уулу Семеңдин,
Мурунку кылган иштери,
Ошондо түштү оюна.
Айгактуу найза таянып,
Канкордун уулу Семетей,
Кыргынды көрдү таңданып.
Арстандын уулу эр Семең,
Абасы Бакай баатырды,
Токтогун деп бакырып,
Дин мусулман аскерин,
Келгиле деп чакырып,
Бурулдун оозун бурган жер,
Бурулуп сабыр кылган жер.
Мурунку кылган иштери,
Баатырдын оюна түшүп турган жер.
Канкордон калган баатырлар
Казатты катуу кылышып,
Кан төгүшүп урушуп,
Канчанын каны төгүлүп,
Капыр менен мусулман,
Кармашкан казат басылып.
Ажырашты бөлүнүп,
Абалды арстан шер,
Айтылуу Бакай кайран эр,
Манастап Бакай сүрөгөн,
Капырды кардай күрөгөн.
Арстан Бакай шер баатыр,
Кармаганы ок болгон.,
Караганы жок болгон,
Тиштегени ок болгон,
Тиктегени жок болгон,
Арстан Манас баатырга,
Акыреттик дос болгон.
Баатыр Манас өткөндө,
Алмамбет, Чубак. Сыргактар,
Баарысы шейит кеткенде,
Каныкей тентип калганда,
Каракандын шаарына,
Семетейди калкалап,
Каныкей качып барганда,
Кичине барып чоңоюп,
Киши болуп оңолуп,
Жетим жүрүп жетилип,
Ак болоттой кетилип,
Кайра элге келгенде,
Ак шумкардай бөпөлөп,
Абасы Бакай көтөрүп,
Балапандай таптап,
Канаттуу кагып коёт деп,
Манастан калган жалгызек,
Жаш бала опа болот деп.
Канаттууга кактырбай,
Тумшуктуугa чоктурбай,
Арстан Бакай оңолткон,
Манастан калган баланы,
Адам кылып чоңойткон.
Темир тонду кийүүчү,
Арзан Бакай, эр баатыр,
Эчен эрди билүүчү,
Ар кылганын окшотуп,
Аман калган аскерди,
Баарын жыйып токтотуп,
Атты чөпкө чалдырып,
Ат суутусун кандырып,
Семиз атты сойдуруп,
Арстан төрө, эр Бакай,
Казат кылган аскерди,
Тамак-ашка тойдуруп.
Калмакты сүрүп салган жер,

Капыр менен мусулман,
Ажырашып калган жер.
Ат куйругун бууган жер,
Аман калган кытайды,
Чоң Илени кечирип,
Өлгөндөн калган калмакты,
Оң орошко жеткирип,
Ай бүркөлүп тутулуп,
Бээжиндин каны чоң Манжу,
Аман кеткен кутулуп.
Арстан төрө, эр Бакай,
Аскерин айдап жыйганда,
Ажал жетип өлгөнүн,
Эсеп кылып турганда,
Эренчи деген мыктуу бар,
Молдолугу дагы бар.
Курманбек менен Шайыка,
Окко кеткен аскердин,
Эсебин алып келгин деп,
Канча киши өлдү экен,
Каттап келип бергин деп,
Төрт кишиге чалдырып,
Эсептерин алдырып,
Эр Семетей элебейт,
Ал эмне болгонун,
Жерге өлүк толгонун,
Семетей ойлоп кенебейт.
Сагызганча такылдап,
Суркоёнду такымдап,
Жараты жок аскерди,
Жан жолдош кылып алыптыр.
Садагасы кетейин,
Шай колдогон Күлчоро,
Өлгөндөрдүн эсебин,
Бакайга алып барыптыр.
Билгилигин көрдүңбү,
Баатыр бала Күлчоро,
Мусулмандын эр чоро,
Кан төгүлүп сел болду,
Айланайын абаке,
Алып келдим эсебин,
Ажал жетип өлгөнү,
Так төрт миңге так толду,
Каргага көзүн ойдурбай,
Карга, жору, кузгунга,
Тамак кылып тойдурбай,
Кузгунга көзүн ойдурбай,
Айланып учкан кажырга,
Тамак кылып тойдурбай.
Мусулман сөөгүн алалы,
Өлгөндөр шейит болгондур,
Жер каздырып көмөлү.
Эр Күлчоро кайран эр,
Өлгөнүнөн калганды,
Жарадар болбой аманды.
Кагазына салган жер.
Көрдүңбү бала билгенин,
Баарын каттап алган жер.
Эсебин кылып болгон жер,
Жарасы жок аманы,
Он эки миң болгон жер.
Топ-тобунан болгон жер,
Талаага өлүк таштабай,
Мусулмандын баарысын,
Жыгылган жерге көмгөн жер.
Бакайдын кебин уккан жер,
Баатырдын кулагына жуккан жер.
Арбактуу болуп атанып,
Ошо олуязаада Күлчоро,
Баштагыдан канчалык,
Баатырдын аты чыккан жер.
Каркыранын талаада,
Кудай билет чын болсо,
Калмакты койдой тийгенде,
Өлгөнүнөн калганын,
Каканга сүрүп ийгенде,

Кытайды койдой тийгенде,
Өлгөнүнөн калганын,
Бээжиинге сүрүп ийгенде.
Тоо тоонун топтогон,
Кудай билет чын болсо.
Ооздук менен оттогон,
Туягы жерге сайылган.
Тоо кийиктей жайылган,
Кыска куйрук мукур жал,
Кара баатыр туу чунак,
Калмак менен кытайдын,
Аскери минген аттарды,
Мусулмандын аскери,
Талаага жалгыз мал койбой,
Такыр жыйып алган жер.
Кудай билет чын болсо,
Атты эсепке салган жер.
Капталына кадалган,
Кабыргага жабышкан,
Ээрин алып салган жер.
Ат семиртип баккан жер,
Семетей Бакай эки шер,
Кара аламан кол менен,
Калдайган калың эл менен,
Дин мусулман жаткан жер,
Жыйып атты баккан жер.
Аккан суусу дагы бар,
Жарат болсо салуучу,
Баарысынын белинде,
Түрлүү дары дагы бар.
Кечээ Каныкей катын башкарган,
Жаралуу болсоң салгын деп,
Калың аскер элине,
Дары берип аткарган.
Кырма кызыл дарыны,
Кылыч тийсе этине,
Бу дарыны салгын деп,
Кармап кара дарыны,
Сактап катып алгын деп,
Айза тийген жаратка,
Бу дарыны салгын деп,
Билте деген дары бар,
Түрлүү дары дагы бар.
Кан куюлса куйгун деп,
Кан чыккан жерге сыйпа деп,
Кереметтүү Каныкей,
Качантан берки дары эле,
Кечээ кан Манастын барында,
Дары жыйып топтогон,
Башка киши кошпогон.
Токсон киши бар эле,
Казатка Манас чыкканда,
Дарыкечти жыйчы эле,
Алган жары жалгыздын,
Атагы чыгар бекен деп,
Баарын даяр кылчы эле.
Айза тийип алсырап,
Эчендери кансырап,
Каныкей берген дарыны,
Жарасына салышты.
Эки айга жетпей жарадар,
Айыгышып алышты.
Мына Ысык-Көлдүн башына,
Күрмөнтүнү бойлотуп,
Кудай билет чын болсо,
Күлүктөрдү ойнотуп,
Түптүн суусун бойлотуп,
Кудай билет чын болсо,
Ат семиртип ойнотуп.
Түргөндүн суусун кечирип,
Күлүк айдап аттарды,
Семетей, Бакай баш болуп,
Ысык-Көлгө жеткирип,
Жыйып атты санаса,\
Кудай билет чын болсо,
Атты жыйып алган жер,

Атты эсепке салган жер.
Талаага баскан жан койбой,
Жалгыз аяк мал койбой,
Баарын жыйып алган жер.
Жерге батпай чыкылдап,
Талаага батпай быкылдап,
Атты катка салганда,
Жоодон түшкөн аттарды,
Ат эсебин алганда,
Он алты миңге барган жер.
Канкордун уулу Семетей,
Казатка чыкты шаттанып,
Бээжинди көздөй аттанып.
Белине саадак бууган жер,
Бээжинден жылкы кууган жер.
Капыр менен мусулман,
Кан төгүшүп турган жер.
Мусулмандын аскери,
Кытайды койбой кырган жер.
Жоо калмак качып калган жер,
Айдаган колун кырдырып,
Кутулуп жолго салган жер.
Жоонун атын жыйган жер,
Канкордун уулу Семетей,
Бу кудайдын бергени,
Аргын, ногой элинде,
Аскери чыгып келгени.
Жоодон түшкон аттарды,
Жер чалдырып күздөтүп,
Садагасы кетейин,
Жердебей турган жер бекен.
Эр Семетей, кан Бакай,
Ысык-Көлдү көздөтүп,
Мал семиртип ык кылып,
Эр семиртип бук кылып.
Жоо-жаракты толтуруп,
Келип ооз мылтыкты,
Кенен жыйган жер ошол.
Ээринин кашына,
Жапкычтап алтын бастырган.
Куюшкандын кошконго,
Кош алакан тарттырган.
Ат жетпеген жөө болсо,
Атка токуп минсин деп,
Көсөм Бакай абасы,
Талаага дүйнө таштатпай,
Такыр алды жыйдырып.
Көлдү бойлоп буругуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Жоодон түшкөн көп жылкы,
Кулан болуп элирип,
Калган экен семирип.
Баштагы Манастан калган көп жылкы,
Семетей тийип келгенде,
Күлчоро барып башкарып,
Жылкычыга бергенде,
Мына алакан тайпын алачык,
Мына адамдан башка жол ачып,
Мына бастырып чыкса сан колдой,
Мына баарысы тегиз ак жолтой,
Мына аттанып чыкса сан колдой,
Мына абалдан бери ак жолтой.
Кечээ Каканга Манас барганда,
Катары жетип канчанын,
Кайрылып келбей калганда,
Ак кемер белге бууганы,
Атасы Манас канкордун,
Мына балдары куугун кууганы.
Мына боз кисе белге чалганы,
Мына Бээжинден жылкы алганы,
Мына кан төгүп казат кылганы,
Канкордун уулу чунактар,
Калмак, Кытай аскери,
Мына айдап жүрүп кырганы.
Мына дүнүйөнү алганы,
Калың кара кытайды,

Мына айдап жолго салганы.
Мына жоодон түшкөн аттарды,
Чогуу жыйып алганы.
Ысык-Көлдүн боюна,
Аскерди кайра кетирбей,
Мына баатырлар багып калганы.
Жоонун аты сонун деп,
Калмак менен кытайдын,
Ошолор кийген борум деп.
Алтын жака, жез этек,
Аларды берди аскерге,
Манастын уулу Семетей,
Атакеси кан Бакай,
Аскерди жыйып кеп айтып,
Жоо сайуучу эрендер,
Аттарды минип деп айтып,
Чобур атты сойдуруп,
Өз аскерин тойдуруп,
Кара байыр казанат,
Бакай сынап берген жер.
Жоодон түшкөн аттарды,
Аскерине бөлгөн жер.
Кең-Колдо жүргөн чагында,
Таластын суусун бойлогон,
Урунарга мал болбой,
Киерине тон болбой,
Казатка чыгып барганда,
Барып уруш салганда,
Бей-бечара карыпка,
Атаң менен энеңе,
Барып союп бергин деп,
Ондон берди Семетей.
Дүнүйөсү бар болгон,
Ар түлүгү шай болгон.
Оокаты бар аскерге,
Алтындан берди Семетей.
Кудай билет чын болсо,
Орол-Төбө Туучунак,
Манастын уулу Семетей,
Токсон бөлүп топтотуп,
Аскереине коштотуп,
Алып жүрдү Семетей,
Жоого минчү бууданды,
Аскерине кеп айтып,
Жоо келсе кокустан,
Кармап алып мингиле,
Жакшы багып жүргүлө.
Сай күлүк буудан аттарды,
Аскерине коштотуп,
Арстан Бакай абасы,
Айдап жолго салган жер,
Атышкан жоону жеңишип,
Көөнүн басып калган жер.
Канкордун уулу Семетей,
Канга тууган эки кул,
Баштаганы эр Бакай,
Аргын, ногой баары бул.
Кең Таласка бармакка,
Элин жыйып алмакка,
Ат жеткен жерди жыймакка,
Барып турду калмакка.
Көңүлдөрү жазылып,
Кабактары ачылып,
Кара буурул көп жылкы,
Сары-Өзөнгө салган жер.
Торучаны бир бөлүп,
Акыр ташка токтотуп,
Чобурларын бир бөлүп,
Убакымдан өткөзүп,
Жылкысына башкарып,
Семетей, Бакай эки шер,
Каныкейдин кашына
Чыйырдынын астына,
Баатырдан калган жалгыз эр,
Абасы Бакай жанында
Ойноктогон эки кул,

Ойнок тентек атанган.
Карылардан бата алган,
Атка минип жол чалган.
Бөрк ал десе баш алган,
Жол чал десе кан ичкен,
Бала десе бала эмес,
Төрө десе төрө эмес,
Келбети журттан бир башка,
Эки жинди көй кашка.
Кечээ Айчүрөктү аларда,
Ойноо бала чагында,
Он экиде жашында,
Кырк чилтен кайып жар болуп,
Кылганы журтка даң болуп,
Азада кайып жар болуп,
Жүргөнү элге даң болуп.
Канга тууган бала деп,
Кай жеринде чала деп.
Маңдайында шамы бар,
Бир кудай билген багы бар.
Он экиде кезинде,
Кол токтотуп жоо сайып,
Баатыр атка конгон шер.
Балапан жүрүп чоңоюп,
Адамдан башка ат минип,
Кылычы канга боёлуп,
Баатыр бала чунактын,
Он бешке жашы толгон жер.
Он үч менен он төрттүн,
Ортосунда кезинде,
Жайкын жаткан элине,
Адам менде таң калып,
Күлчоронун эбине,
Алыста жаткан Бакайды,
Алдап алып келгенин
Кең-Колдо жаткан абасы,
Абакем Бакай кеп айтат,
-Аттанам казат-деп айтат.
Баланын кабар бергенин,
Жинди чоро оолугуп,
Абасы менен агасын,
Алдап жолго салганы.
Каканчынын Бээжинге,
Казат кылып барганы.
Калдай менен беттешип,
Кабылышпай калганы.
Кара саат чунактын,
Же калдайды сайып өлтүрбөй,
Армандуу болуп калаганы.
Кең-Колго элдин толгону,
Жетимиш эки үй тигип,
Алыстан конок келет деп,
Айчүрөк менен Каныкей,
Даяр кылып койгону.
Кудай билет чын болсо,
Дасторконун жайдырып,
Каныкей менен Айчүрөк,
Ар бир түрлүү даң кылып,
-Балдар жоону жеңди –деп,
Койгон экен кан кылып.
Эр Семетей, кан Бакай,
Каралап ага кат жазып,
Анжияндын Сынжыбек,
Сынжыбектен Темирбек,
Карылардан ал тургай,
-Калкын алып келсин  -деп,
Келип түлөө жесин –деп.
Бака баш койго шерти  бек,
Маргаланда Малабек,
Кокондогу Кожобек,
Баарына кабар салдырды.
Манастын уулу Семетей,
Калк сураган кандарды,
Эл бийлеген бектерди,
Баарын жыйып алдырды.
-Алыстан конок келет –деп,

Жалпы ногой кан кылды,
Алтын така, жез өкчө,
Айдаркандан кан Көкчө,
Карын бөлөң Үмөтү,
Канкордун уулу Семетей,
-Жездем Көкчө келсин –деп,
Келе албаса бу жерге,
Үмөтөй бөлөм келсин –деп,
Ээр менен токумдан,
Чоң атасы Манас барында,
Эл сураган эчен кан,
Артындагы балдарды,
Атка минген чалдарды,
Баарын жыйып алдырды.
Манастын уулу Семетей,
Жер айрылып дүңгүрөп,
Жер союлуп эл келди.
-Бээжинге жортуп барды -деп,
Жеке барып кармашып,
Бээжинден жылкы алды-деп.
Каканга жортуп барды –деп,
Какан менен кармашып,
Каршылашып турушуп,
Коңурбайдын колуна,
Кыргынды катуу салды-деп.
Эл чогулуп толгон жер,
Манастын уулу Семетей,
Атасындай арбактуу,
Баатыр атка конгон жер.
Мамыга күлүк байлатып,
Башына аркан кердирип,
Манастын уулу Семетей,
Алыстан келген конокко,
Атты бирден бердирип,
-Жоодон түшкөн олжо-деп,
Алтын  така, жез этек,
Ар бирине бердирип.
Манастын уулу Семетей,
Эл чогулуп той кылып,
Эр Семетей баатыр-шер,
Калың элге кеп кылып.
-Кан Каканга бардым-деп,
Каны менен кармашып,
Жарадар болуп калдың-деп.
Этегиңди түрүшүп,
Коңурбай деген эри бар,
Эчен түркүн эли бар.
Кара чоктуу каны бар,
Канча түркүн калмактын,
Эр Коңурбай баатырдын,
Алардан башка шаңы бар.
Аны менен сайышып,
Кылычын кындан суурушту,
Кытайдын каны чоң Манжу,
Муну менен урушту.
Канды суудай төгүштү,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кечээ атакем Манас баатырды,
Ажалы жеткен кезинде,
Мен Манасты алдым деп,
Көтөрүлүп оолугуп,
Мен жылкыны тийип чыкканда,
Манастан алган колум деп,
Келди мага жолугуп.
Кыйгактуу найза сунушуп,
Күнү-түнү төрт күнү,
Аттан түшпөй урушуп.
Кылычты кындан суурушуп,
Кыя тартып урушуп,
Айбалта санадан алышып,
Калканды бөлө чабышып.
Айзанын учун майтарып,
Балтанын мизин кетилтип,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Пендеден чыккан эр экен,
Чоң далысы кең экен.

Чочкону сайып кулаттым,
Тоодой болгон кара аттан,
Ыргыта сайып сулаттым.
Манжуну сайып турганда,
Аты андан бир башка,
Качып жолго салганы.
Атын кармап алам деп,
Артына түшүп калганы.
Ат жеткизбей кутулуп,
Кайра тартып келгиче,
Сайдым эле сулата,
Тоодой болгон чочкону,
Ат үстүнөн кулата.
Кайра келип карасам,
Жыгылган жерде жок болду.
Кеткен экен кутулуп,
Атын куубай чочконун,
Башын албай ошерде.
Мына ошо жерден бузулуп,
Кечээ атаңар Манас баатырдан,
Артында калган сан дүйнө,
Талоонду калмак койгондо,
Олжого калмак толгондо,
Жылкыны тийип алганда,
Бээжинге келип калганда.
Ошо баатырдан калган мүлкүңдү,
Моминтип алып келдим жылкыңды.
Канкордун уулу Семетей,
Барбактап турган жери ошол.
Дин мусулман келген журт,
Арбактап турган жери ошол.
Сай күлүктү такалап,
Санатын алып жылкынын,
Жылкысы жок ногойго,
Жүздөн берди Семетей.
Минерине ат болгон,
Сабасынын кору бар,
Киерине тону бар,
Аярына малы бар.
Манастын уулу Семетей,
Ондон берди аларга,
Бээжинден келген көп жылкы,
Аргын менен ногойдун,
Түтүнүнө бөлгөн жер.
Атасы Манас болгон соң,
Баатырдын уулу Семетей,
Баарына бөлүп берген жер.
-Алыстан келген мейманга,
Кермеге күлүк байлатып,
Ат мингизип кан кылып,
Атасындай болду -деп,
Калайык эл калың журт,
Баары кетти даң кылып.
Адамдан башка бу бала,
Арктуу кылды -деп айтып.
Калайык эл журтуна,
Барктуу кылды-деп айтып.
Пендеден башка бу бала,
Берешен болду-деп айтып.
Атасынан бул артык,
Көрөсөн болду-деп айтып.
Манастын уулу Семетей,
Ок жаңылып бооруна,
От чагылып көзүнөн,
Сүлдөрү бар дарман жок,
Сүйлөй албай шайман жок.
Кечээ кан Манас барында,
Бакты күндүн кези эле,
Этек жеңин түрчү эле.
Каныкей менен Чыйырды,
Кызмат кылып жүрчү эле.
Сырын киши билбеген,
Сын айтышып келбеген.
Алдап сырын билбеген,
Адам менен сүйлөшүп,
Арсаң этип күлбөгөн.

Отун алып от жаккан,
Казан асып эт баскан,
Кечээ Манастын уулу Семетей,
Эл кор кылып жатканда,
Эч адамга билинбей,
Энекеси Каныкей,
Ого келип көрүнбөй,
Эр Күлчоро кайран эр,
Айла  болоор бекен деп,
Айчүрөккө келген жер.
Катыны келди кырылып,
Калды төрөм жыгылып.
Катындан пайда көрөт деп,
Аргын, ногой шум эле,
Айлым жаман куу эле.
Эр Күлчоро келгенде,
Эч кишиге билгизбей,
Чүрөккө кабар бергенде.
Башынан берки Быйты күң,
Ошо билип калыптыр.
-Элге айтып койбо -деп,
Эч кишиге билгизбе,
Бейзат энем байкушка,
Кокус айтып койбо -деп.
Эр Күлчоро баатырдын,
Айтып кеткен кеби бар,
Убада кылган жери бар.
Кечээ улук Манас барында,
Ар пайдасы көп тийген,
Белгилүү тууган жан эле.
Агылды берки казанчы
Этек жеңин түрчү эле,
Кызмат кылып жүрчү эле,
Каныкей сырын билчи эле.
Баатырдын уулу Семетей,
Күлчородон кеп угуп,
Быйты күңгө кеп айткан.
-Ой бечара карыбым,
Бактылуу болгун-деп айтып.
Күрмө бууп кийгизип,
Күлүк жылкы мингизип.
Асыл булдан кийгизип,
Атка шаасын мингизип.
Алтын дилде пул берип,
Булум менен тон берип.
Талас менен Кең-Колдун,
Талаасына кондуруп,
Аргын менен ногойдун,
Арасына кондуруп.
Өрүшүн малга толтуруп,
Манастын уулу Семетей,
Түрлүү кийим кийгизип.
Төрөлүгүн билгизип,
Ак ордодон үй берип,
Ак чардактай бал берип,
Жээрине дан берип.
Манастын уулу Семетей,
Быйты күң сыйлап арбакты,
Эр Семетей көк жалы,
Арбак сыйлап мал берип,
Торучаны бөлдүрүп,
Аргын менен ногойго,
Үйүндө жүргөн казанчы,
Быйты күңдү көрдүрүп.
Бекзаада Семетей,
Алып келди жылкыдан.
Жүз токсон жылыкы бөлдүрүп,
Талаага жылкы салган жер.
Абалдан берки казанчы,
Каныкейдей шаңданып,
Байбиче болуп калган жер.

## СЕМЕТЕЙДИН ЖООНУ ЖЕҢИП ТЫНЧ АЛЫП ЖАТКАНДАГЫ ОКУЯСЫ

Канкордун уулу Семетей,
Кечээ Бээжинди жеңип келгенсип,
Аргын менен ногойго,
Баарысын бирдей бай кылып,
Түтүнгө бөлүп бергенсип,
Байпак чечип бут сунуп,
Ит агытып куш салып,
Илимди силеп көп угуп,
Айчүрөк менен Күлчоро,
Бузулуп жүрөт деп угуп,
Катындан ушак кеп угуп,
Айчүрөк менен Күлчоро,
Катышып жүрөт деп угуп.
Кара мүртөз оңбогур,
Күлчородой баатырды,
Өлтүрсөм деп оолугуп.
Баатырдыгы бар эле,
Байкуш энем Каныкей,
Ардактап баккан бала эле.
Эмчек сүтүн берди эле,
Эрке кылып чоңойтуп,
Өбөк болгон жалгызды,
Жолдош болот деди эле.
Саамай чачын жыттатып,
Мамык салып уктатып.
Балага болот жолдош деп,
Кичине кирип чоңойтуп,
Киши кылып оңолтуп.
Балапандай талпынтып,
Азаматтай алкынтып,
Энекем баккан бала эле.
Азили арам оңбогур,
Айчүрөккө кол сунуп,
Жаман ишке барганы.
Өлтүрөм деп кол барбай,
Өчөлөнүп келгенде,
Өз атасын өлтүргөн,
Өзү чунак шок эле,
Ногойдо андай жок эле.
Аяктанып келгенде,
Кара шорону айдаткан.
Кайып чунак шок эле,
Кылымда андай жок эле.
Капаланып күүлөнүп,
Кайгыланып сүйлөнүп,
Ачууланып кеп айтып,
Арамдан бүткөн Күлчоро,
Атамдан калган шаарыма,
Арамдык кылды деп айтып.
Белине шайтан толуптур,
Манастын уулу жалгызга,
Адамдан чыгып азгырма.
Бузуп айтып коюптур,
Ак боз бээ союлган,
Канчоро менен Күлчоро,
Аты уйкаш коюлган,
Ак жибектей чоюлган.
Жолдоштугу бар эле,
Жоого жолборс жан эле.
Манастын уулу Семетей,
Сары кан менен Бөкөйдү,
Актасма менен Бекказы,

Аргынды бөлгөн эл эле.
Кан Семетей эсер кул,
Чакыртып алып көп айтат,
Астыма келген төртөөнү,
Арамдык кылып айныба,
Күлчоро деген кулуңу,
Өлтүрөмүн деп айтат,
Көкбөрү деген агасы.
Ал эмине дегениң.
Анда бокту жегениң.
Ай ааламды билгенсип,
Бээжиндеги калдайды,
Муну жеңип келгенсип,
Бу баладан айрылсаң,
Көрөсүң канча кордукту.
Какандан жыйып эл алып,
Коңурбай кылат зордукту.
Өлтүрөмүн дегенче,
Атаңдан калган көп жылкы,
Астына айлап салып бер.
Жылкычыга баш кылып,
Жылкычыга багып келгин де,
Жылкычы болуп бергин де,
Жатакка жылкы салгын де,
Жайы-кышы сен келбей,
Чоң Ополго баргын де,
Жайыгы кенен деп угам,
Барып жылкы салгын де,
Сен жылкыга баргын де,
Өлтүрөм деп күүлөнбөй,
Ал өлүп калчу бала эмес.
Жылкычы кылып айдап сал,
Кан Сарыкан күүлөнүп,
Семетейге күүлөнүп,
Семетейи сүйлөнүп,
Эр Семетей кеп айтат.
-Мен эминеден коркомун,
Бээжинге жортуп бардым мен,
Кечээ жоого кеткен жылкыны,
Бээжинден барып алдым мен.
Бээжинден келген аскерди,
Башын талкан кылдым мен.
Бектери качан кутулуду,
Аскерин койдой кырдым мен.
Казатты кылдым арман жок,
Калжырайсың кан ага,
Какан менен Бээжинден,
Кармашар ишим калган жок.
Эр Семетей күүлөнүп
Сары кан менен Бөкөйгө,
Экөөнө бирдей сүйлөнүп,
Эшимбек келип кеп айтат,
Эр Семетей баатырга
Эркечтенип бек айтат.
-Күлчородон бөлүнсөң,
Сенин күнүң көчпөйт-деп айтат.
Кара дейсиң баланы,
Бөлөсүң канча санааны.
Атаң Манас баатырдын,
Арта тууган эр эле.
Көрүнүп жүрүп өткөрдүм,
Алмамбет менен Чубактан,
Күлчоро кайдан кем эле,
Кызыл куйрук ал эле.
Кырк чилтен жолдош бала эле.
Сен сураган элиңе,
Кыналуу коргон жар эле.
Кара куйрук ал эле,
Кайберен жолдош бала эле.
Сен сураган элиңе,
Калалуу коргон жар эле.
Бу баладан айрылсаң,
Көрөсүң канча кордукту,
Эчен түркүн зордукчу,
Айтканыма кулак сал,
Ат кетпесин жаныңан.

Сен Кең-Колго жатып келберсип,
Сен жоону жеке жеңгенсип,
Сен менен үйгө киргенсип.
Манастан калган журтуңду,
Өзүң жеке билгенсип.
Келер ишти ойлобой,
Кенен акыл болжобой.
Айтканың жакшы кеп эмес,
Сенин бу кылганың эп эмес.
Өз акылың өзүңдө,
Мынабу Каныкейди алалы,
Каныкейге сүйлөшүп,
Анан айла табалы.
Эшимбек баштап бүлүнүп,
Манастан калган сарайга
Дарбазаны кайтартып,
Каныкей күткөн малайга,
Каныкейдин кашына,
Барды төртөө астына.
Эр Эшимбек кеп айтып,
-Катындан ушак угуптур,
Кулагына жугуптур,
Балаңды кудай уруптур.
Балапан багып чоңойткон,
Өлтүрөм деп балдарды
Каарланып туруптур.
Кечээ агабыз Манас барында,
Эл бузулуп турганда,
Айласын тапкан сен элең,
Балаңды кудай урабы.
Көт жагында жөлөгү,
Ылдый басса өбөгү,
Маңдайында баргеги,
Эки көздө айнеги.
Төбөсүндө жыылдызы,
Жакасында кырмызы,
Белиндеги кемери,
Бетиндеги бедери.
Бу балаңдан айрылса,
Өзүң тууган Семетей,
Көрбөгөндү көрөт-деп,
Бөөдөсүндө өлөт-деп.
Айлакер тууган жан элең,
Эшимбек Бөкөй көп айтып,
Энекеси Канышка,
Айласын тапкын деп айтып.
О Каныкей туя элек,
Мындай ишти уга элек.
Олуязаада Каныкей,
Өзүнөн болгон Семетей,
Оңолуп орун баса элек,
Олуязаада Каныкей,
– Балам улук болду – деп,
Ак мамыкка жата элек.
Келдиңер баарың каныңар,
Эл бийлеген каныңар,
Тууган балам Семетей,
Тутунган балам Күлчоро,
Өзөк балам Семетей,
Өзүм багып чоңойткон,
Канчоро менен Күлчоро,
Акаарат кылса экөөнү,
Семетейдин өлгөнү.
Кайсы бирин айтайын,
Кечээ канкорум Манас өлгөндө,
Жараткан алда бир кудай,
Буйругуна көнгөндө.
Маңдайга жазган шор экен,
Балаң чоро өлгүчө,
Айтса каным айтайын,
Денемен чыккан Семетей,
Эшимбекке кеп айтып,
Семетей өлсүн деп айтып.
Бу Каныкей биле элек,
Акундун кызы Чүрөктү,
Шаатемир кызы Чачыкей,

Муну кайра алыптыр.
Эркелиги элде жок,
Эр Семетей кайран эр.
Кереметтүү Чүрөктү,
Салбар кылып коюптур.
Тойчубекке айдатып,
Шаардан бөлүп салыптыр.
Жылгандуу коого барыптыр,
Жарты кара үй берип,
Жырык кара уй берип,
Жалгыз музоо уй берип,
Жан жолдошу Чүрөктү,
Каарын казап кылыптыр.
Камчы менен уруптур,
Чачыкей ордун басыптыр,
Чалкалаган Чачыкей,
Айчүрөк жаткан ордого,
– Мен бу жерге жатпайм – деп,
Башка сарай салгын-деп,
Эрке катын Чачыкей,
Шаарат Кең-Кол калаадан,
Мени бөлүп алгын-деп,
Карып калган энекең,
Эси кетип кеп айтар,
Эпсиз кепти көп айтар,
Жаак эти бырышар,
Айчүрөккө болушуп,
Мени менен урушуп.
Деп ошентип Чачыкей,
Алыстан уста алдырып,
Алты бөлөк сыр сарай,
Кең-Колдун башы Чаткалга,
Бармолотуп салдырып.
Кудай билет чын болсо,
Манастын уулу Семетей,
Катындын тилин алган шер,
Сарайды бөлөк салган жер.
Манастан калган сарайдан,
Бөлүнүп чыгып барган жер.
Сары кан менен Бөкөйгө,
Кылган иши эп келбей,
Көңүлүн башка бурган жер.
Эки чоро баланы,
Жылкы бак деп турган жер.
Тайбуурул менен Коёнду,
Жайы-кышы алты жыл,
Башына жүгөн сукпасын,
Үстүнө киши чыкпасын.
Жылкычы минип койбосун,
Жоого минер буудандар,
Экөө арык болбосун.
Айбан да болсо жолдошум,
Жайы-кышы алты жыл,
Жайынкысын курутуп,
Кышынкысын кар өтпөй,
Семетейдин оюнда,
Балдар тилим алабы,
Тайбуурул менен Коёнго,
Минип тердик салабы.
Минбе деген эки атты,
Тилимди албай минет деп,
Эки кулду соёюн.
Эр Семетей ойлонуп,
Каалгадай кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырып,
Манастан калган көп жылкы,
Канчоро менен Күлчоро,
Эки кулга тапшырып.
– Жылкычыга баш бол – деп,
Кымыз ичип мас бол-деп,
Ополго жылкы салгын-деп,
Он эки ай жердеп алгын-деп,
Жылкыны багып төлдөтүп,
Мага кабар бергин-деп,
Белине кемер бууган жер,
Бейлин шайтан бурган жер.

Периштелүү балдарды,
Эр Семетей кууган жер.
Көөнүнө шайтан толгон жер,
Күлчоро менен Канчоро,
Экөө макул болгон жер.
Манастын уулу Семетей,
– Жоош атка тийбе – деп,
Жорголорду минбе-деп,
Күлүккө тердик салба – деп,
Этин бузуп алба-деп.
Алтын туяк ай кашка,
Ал жылкыдан бир башка,
Андан кармап минбе-деп,
Манастын уулу Семетей,
Балдарына айткан кеп.
Жылкы айдап аларда,
Алыска кетип каларда,
Каныкей келип кеп айтат.
-Кара жолтой оңбогур,
Азабыңды көп тарттым,
Эгерде жолуң болбогур,
Эмгекке салдың энеңди,
Эки уулумдан айрылтып,
Азапка салдың элиңди.
Капа болуп Каныкей,
-Сени тууган мен элем,
Жалгыз балам сен элең,
Эми тапсын кудай эбиңди.
Эмгекке тууган мен болдум,
Эси жок бала сен болдуң.
Эсейип атка мингенде,
Чунагым сен эминеден кем болдуң.
Азапка тууган мен болдум,
Акылсыз бала сен болдуң.
Алда деп атка мингенде,
Сен эминеден кем болдуң.
Жалгызым жаман болот деп,
Жалгыздык кылып коёт деп,
Буурул ат өңдүү бууданды,
Кечээ атакең Манас барында
Күтпөдүм бөтөн тууганды.
Айзага таккан желегим,
Ошондон калган белегим.
Тигилүү чынар терегим,
Ошол асылдан калган белегим.
Маңдайга тийген күн эле,
Башыма тийген ай эле.
Өңсө моюн жыттайын
Өзүм баккан бала эле
Ошо колуңдагы
Атаңдан калган шумкарды,
Айчүрөк келип алганда,
Артынан издеп барганда,
Күлчоро жетим жок болсо,
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Анан тирүү Карыбек,
Калк сураган баары бек.
Кан Акундун баласын,
Айчүрөктү алам деп,
Ошолор камап жатканда,
Мынабу турган жетимче,
Эбин бала тапты эле.
Жоокер келип жоо сайып,
Атасынын арабагы,
Жаш кезинде конду эле.
Сен Күлчородон бөлүнсөң,
Азапка башты саласың,
Сен бир балаага каласың.
Сен бул ишиңди койбосоң,
Бекер өлчү баласың.
Коңурбай тирүү чагында,
Бээжинде элдин барында,
Тууганың жаман уй болот,
Тукумуң жаман куу болот.
Күлчоросу кетти деп,
Каканга кабар салуучу,

Какандан аскер кол менен,
Он эки капка Бээжинден,
Каптап келчү жол менен.
Күлчоросу кетти деп,
Коңурбай аман барында,
Чунагым,
Сенин калкыңа кыргын салбайбы.
Капа болуп Каныкей,
Кайгырып ыйлап көп айтат.
– Күлчородон айрылсаң,
Бир балаага каласың.
Кара чунак оңбогур,
Бөлүнбөгүн-деп айтат.
Ошондо эси жок арам Семетей,
Эненин кебин укпаган,
Кулагына жукпаган.
Ачуусу келип күүлөнүп,
Арага келген төртөөнө,
Ачууланып сүйлөнүп,
– Атасы башка баланы,
Муну багат тууган ден,
Бул арамдыкты кылган-деп.
Кең-Кол менен Таластын,
Калаасына тургузбайм
Аргын менен ногойдун,
Арасына тургузбайм.
Кылбаганы жок эле,
Мени кармап көп айткан,
Сен келбегин кайра деп айткан.
Ошол эч кетпейт эсимен,
Акундун кызы канчыкка,
Чолок байтал мингизем,
Эл кадырын билгизем,
Эр таап тийип алган деп,
Бу Кең-Колго тургузбайм.
Эр Семетей булкунуп,
Каныкей  кайрып кеп айтса,
– Күлчоро менен Чүрөктөн,
Айрылбагын деп айтса,
Олуязаада Каныкей,
Семетей мойнун бурганда,
Тилин албай турганда,
Пайгамбар сындуу зор абаң,
Бу да кетти алыска.
Акундун кызы Айчүрөк,
Акыреттик жолдошу,
Бул экөөнөн айрылып,
Тилимди албай турасың,
Мойнуңду кайра бурасың.
Көрбөгөндү көрөсүң,
Ажалдан мурун өлөсүң
Кара чунак оңбогур,
Эгерде жолуң болбогур.
Кечээ каптап кара шаарыңды,
Калдайдын каны келүүчү.
Калың кара калкыңа,
Ошондо Айчүрөк кабар берүүчү.
Ошондо буудандын мойнун буруучу,
Ошондо Күлчоро кабар угуучу,
Ошондо атка тердик салуучу,
Айткан тилди албасаң,
Ошондо камаган калың көп жоодон,
Ошондо кан Коңурбай манжуудан,
Сени өлө турган ажалдан
Ажыратып алуучу.
Эркелеткен катының,
Чарбакты бөлүп аласың,
Сарайды бөлөк саласың.
Элден элди бөлөсүң,
Эмгекти башка түшүрүп,
Көргүлүктү көрөсүң.
Муңканып ыйлап Каныкей,
Манастын уулу Семетей,
Эненин тилин алган жок.
Эне талааң бүт өлсүн,
Энекеси Каныкей,

– Кара чунак жайрагыр,
Сен эмгекти башка жүктөйсүң.
Каныкей ыйлап болкулдап,
Чакыртып алган төрт киши,
Баары ыйлап солкулдап.
Семетей тилин алган жок,
Беккожо уулу Асылбек,
– Айдап жылкы алгын-деп,
Эки чоро чочкону,
Жылкы артына салгын-деп,
Чоң Ополго баргын-деп,
Жайыңкысын болгондо,
Тарагайды жайласын,
Жери салкын чөбү ыраң,
Бээлер кулун салбасын.
Күзүңкүсүн болгондо,
Ашуусу бар Ала-Тоо,
Ала-Тоону ашырып,
Мал жайытын түздөсүң,
Кышыңкысын болгондо,
Ысык-Көлдү күздөсүн,
Чоң Ополду кыштасын,
Жорго менен күлүктүн,
Суркоён менен Буурулдун,
Башына нокто сукпасын.
үстүнө чымын конбосун,
Киши минип койбосун.
Канчоро менен Күлчоро,
Кармап минем дебесин,
Кара жолтой эки кул,
Бөөдө өлүм көрбөсүн.
Манастын уулу Семетей,
Жылкычыны жыйдырып,
Канчоро менен Күлчоро,
Бул экөөнү алган жер,
Көп жылкыны айдатып,
Семетей жолго салган жер.
Бар-Көлгө Бакай барган жер,
Манас алчу абасы,
Бул алыска барган жер.
Канчоро менен Күлчоро,
Экөө бирдей эр чоро,
Ат куйругун түйгөн жер,
Манастын уулу Семетей,
Жылкыга айдап ийген жер.
Эки жинди чунак кул,
Жылкы багып жүргөн жер.
Жан жолдошу Айчүрөк,
Салбар болуп калган жер.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Эрке болуп алчактап,
Элди билип талтактап,
Элдин үйүн бүлдүрүп,
Семетейди көндүрүп,
Айылдан айыл бүлдүрүп,
Ала көөдөн дардаңды,
Айтканына көңдүрүп,
Баатырга шумкар салдырып,
Кемегесин жай кылып,
Түрлүү-түрлүү дан кылып,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Эр Семетей эсерди,
Эптеп колго алган жер.
Канкордун уулу Семетей,
Чачыкей кебин уккан жер.
Шаарынан бөлүнүп,
Эгиз торго чыккан жер.
Байпак чечип бут сунуп,
Баатыр сымак жаткан жер.
Кең-Колдон элди бөлгөн жер,
Кесиреттүү канчыкты,
Муну жакшы көргөн жер.
Айылдан айыл болгон жер,
Арамзаада канчыкты,
Артык жакшы көргөн жер.
Байпак чечип алган жер,

Манастын уулу Семетей,
Шумкар салып эс алып,
Эчтемени элебей,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Өз боюна теңебей,
Чалгынды киши чалдырбай,
Аскер жыйнап кол жыйбай,
Атасы Манас баатырдын,
Анын аркын таштады.
Манастын уулу эсер кул,
Жолду башка аштады.
Арбадагы мусулман,
Атасы Манас барында,
Кармап кеткен эл эле.
Канкор Манас атасы,
Дин мусулман журтуна,
Калаадан курган чеп эле.
Атанын аркын таштады,
Манастын уулу Семетей,
Башка жолду баштады.
Өз билгени өзүнө,
Эр Семетей көк жалдын,
Эл көрүнбөйт көзүнө.
Адам барбайт астына,
Киши барбайт кашына.
Кыз-келинди толтурат,
Кызыкса төрөм жатсын деп,
Касиеттүү Каныкей,
Күндө жайып олтуруп,
Манастын уулу Семетей,
Кежир болуп кетерин,
Башына балаа жетерин,
Манастан калган калың журт,
Бир көзүнө илген жок,
Эр Семетей билген жок.
Семетей дуулап жатканда,
Кыз-келинди чогултуп,
Кызыгына батканда,
Кара чоктуу калмакка,
Кат буралып барыптыр.
Какандын каны чоң манжу,
Кабар угуп алыптыр.
Бээжин деген бекем жер,
Бирөө кабар салыптыр.
Какан менен Бээжинге,
Кабар түшүп калыптыр.
Жазган катты караса,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Ойлоп жүргөн жери бар.
Бакай тирүү барында,
Күлчоро жүрсө жанында,
Тирүү пенде барбайт-деп,
Бакай менен баланын,
Тиктегени тирүү калбайт-деп.
Капкасына бекинип,
Какандын каны чоң манжу,
Күлчоро менен Бакайдан,
Коркчу экен шекшинип.
Кат оролуп барганда,
Каттан окуп алганда,
Кагазына жазганда,
Окуп киши айтканда,
Кабарды катуу жазыптыр,
Жазган киши дайны жок,
«Эки бирдей баладан,
Айрылды-деп айтыптыр.
Жол баштаган Бакай да,
Жолго салды-деп айтат.
Жан көчүргөн эки сарт,
Кошуп ийди жылкыга.
Манастын уулу Семетей,
Акыл табар Айчүрөк,
Салбар болду деп айтат.
Айчүрөк көөнү калды-деп,
Мурунку зайбы Чачыкей,
Буга бөлүнүп барды-деп,

Чарбакты бөлөк салды»-деп.
Жазган экен мааналап,
Манастын уулу дардаңдын,
Бары жогун дааналап.
Калктан окуп күтүнүп,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Жазган катка түшүнүп,
-Кызыталак мусулман,
Семетей Манас барында,
Кылбаганы жок эле.
Кызыл бала Күлчоро,
Кылымдан башка шок эле.
Күлчородон айрылып,
Сынды сымап кылалы,
Мен мусулман дегенди,
Эр бүлөсүн калтырбай,
Бирин койбой кыралы.
Таш калаасын талкалап,
Кум коргонун кулатып,
Бак-терегин кыйратып,
Мен мусулман дегенди,
Дым чыгарбай чабалы.
Таласка шаар салалы,
Өлгөндөн калган кишини,
Багындырып алалы.
Кызыталак Манастын,
Калаасына кирели,
Семетейдин Чүрөгүн,
Кайда экенин билели.
Ар кимдин айткан кеби бар,
Айчүрөктөн айрылып,
Манастын уулу Семетей,
Калды деген кеби бар.
Айчүрөк аман бар болсо,
Арка чачын жаялы,
Аман кармап алалы.
Бээжинге алып баралы,
Ордо кулга кошолу,
Каканда Манжу оолугуп,
Жазган кагаз олугуп,
Кумбароюл капкадан,
Бого кабар салдырып.
Кара чоктун ыктуудан,
Кырк миң киши алдырып.
Мусулманды чабууга,
Эр Коңурбай кан кылып,
Кудай бетин көргөзбө,
Аскер жыйып толтуруп,
Кара чоктуу калмакты,
Кансыратып болтуруп.
Кызыл шайы жеңи тар,
Кызыл ырат кытайдын,
Кыйындарын алган жер.
Кара шайы жеңи тар,
Кара чоктуу калмактын,
Калдайларын алган жер.
Алтымыш алты көчөгө,
Ар бир түрлүү капкага,
Аскер жыйнап толгон жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Жоокерлердин баарысын,
Коңурбайдын башына
Эр Эшимдин астына,
Көкбөрүнүн өзүнө,
Эскаранын көзүнө,
Жыйылышып толгон жер,
Жин ургандай болгон жер.
Салдары канча сан болуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Көчөнүн ичи чуркурап,
Эр Коңурбай манжунун,
Мусулманды кырууга,
Оозунан түтүн буркурап,
Жыйып алган аскерди,
Эсебин элге кылдырып,
Алтымыш санга барды деп,

Аттанууга кам кылып.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Ар түлүгүн шай кылып,
Кудай бетин көргөзбө,
Жез казанын көмөрүп,
Желмаянын чөгөрүп,
Жалаң пилден кырк миңди,
Так астына жыйдырып.
Бээжинге дүрбөп салган жер,
Бели катуу беренди,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Баарын жыйып алган жер.
Пилге мылтык жүктөтүп,
Аскерди жолго салган жер.
Шаардан аскер чыкканда,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Чуркураган аскердин,
Мунун үнүн укканда,
Астында кара ат бурулуп,
Атандын көрү дүйнө күн,
Азганакай мусулман,
Аламын деп кубанып,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Аңдап чыккан аскерди,
Ойногону кундуздай,
Бопоросу жылдыздай.
Эскара менен Коңурбай,
Экөө жүрөт айрылбай.
Канжасы аттын белиндей,
Мурдунан чыккан таноосу,
Талаанын бороон желиндей.
Айзанын учу кагышып,
Кылычтын мизи кетилип,
Кудай бетин көргөзбө,
Каканга чалган капканы,
Күнү-түнү он төрт күн,
Аскер чубап өткөн жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Бээжиндин каны манжуунун,
Өлчөөсүнө жеткен жер.
Жолго салып жөнөсө,
Коңурбайдын колуна,
Аскерин жолго салганда,
Калмак кытай чуркурап,
Баары ырдап калганда,
Жер жарылып дүңгүрөп,
Жебенин огун алышып,
Жерге батпайт жарышып,
Үзөңгү бутта кагышып,
Катар-катар жүргөндө,
Бир канжыга жол тийбейт,
Ат откозуп түшкөндө,
Бир бетеге чөп тийбейт,
Жердин үстүн тиркеген,
Күндүн бетин бүркөгөн,
Коңурбайдын аскери,
Кудай бетин көргөзбө,
Алтын айчык туу алып,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Аскер курап кол алып,
Алтын китеп топ алып,
Карагай найза бөрү тил,
Аштап чыккан жери ушул.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Калың аскер көп колду,
Баштап чыккан жер ошол.
Карагай найза бөрү тил,
Сунуп чыккан жер ошол.
Калың аскер көп колду,
Курап чыккан жер ошол.
Жекенде найза желбиреп,
Жер солкулдап кол жүрсө,
Аскер чубап жол жүрсө,
Жердин үстү жырылат.
Жерге конгон канаттуу,
Коноруна жер таппай,

Кудай бетин көргөзбө,
Кишиге тийип кырылат.
Кара чоктуу чоң манжу,
Карагай саптуу чоң найза,
Аштап чыккан жер ошол.
Калың аскер көп колду,
Баштап чыккан жер ошол.
Кудай бетин көргөзбө,
Түтүн болуп созулуп,
Куюн болуп кубулуп,
Жөө тумандай бурулуп,
Какандын аскер бөлүнүп,
Кара курттай көрүнүп,
Жолго салган жери ошол.
Бээжинден чыккан берендер,
Бели катуу эрендер,
Казатка тууган канкорлор,
Олжолочу камкорлор,
Түркүн-түркүн бөлүнүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Түн жамынып жол жүрүп,
Кара аталаа жайык төш,
Кайнап жерге толгон жер.
Кан Коңурбай аскери,
Баары келип конгон жер.
-Аттан түшүп жөө басып,
Бөөдө айрылып калба -деп,
Ат чылбырын карма -деп,
Ат которуп мингизем,
Көп олжого киргизем,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Аскерди алып жол баштап,
Жүрүп калган жер ошол.
Какандан кайнап кол чыкты,
Кан Коңурбай чоң чыкты.
Бээжинден жайнап эл чыкты,
Эскара Эшим шер чыкты.
Аскерди жолго салышып,
Улуктары кеп айтып,
Ар кайсы жолго бөлгөн жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Ар түрлүү жерди көргөн жер.
Аскердин аты буркурап,
Алтын айчык кызыл туу,
Асмандатып аштады.
Кудай бетин көргөзбө,
Эскара  баатыр баштады.
Алтын така жез өкчө,
Айдаркан кандын кан Көкчө,
Күмүш така каш өкчө,
Манаска душман эр Көкчө.
Аскер камап киргенде,
Алдына кыргын салганда,
Айылын камап барганда,
Ала көөдөн казак кул,
Айлына түшкөн азап кул.
Ат жетелеп жөө басып,
Колду жайып буркурап,
-Багындык-деп чуркурап,
-Багынбасаң көрөсүң,
Бириң калбай өлөсүң.
Карагай найза кызыл туу,
Айдап кирди Эскара,
Караламан аскерди,
Баштап кирди Эскара.
Эр бүлөнүн баарысын,
Кырып кирди Эскара.
Катын менен баланы,
Жыйып кирди Эскара.
Казактын каны кан Көкчө,
Астынан чыгып багынып,
Калмак менен кытайга,
Кара чоктуу чоңуна,
-Багындым-деп жалынып.
Кечээ Какан менен Бээжинге,
Кат оролуп барганда,

Кан Көкчөнүн колу бар,
Кан Көкчөнүн калкына,
Кечээ аскер кыргын салганда,
Теңи өлүп, теңи бар.
Кан Көкчөнү эр кылып,
Кудай бетин көргөзбө,
Кан жүргүзүп сел кылып,
Аны таштап өткөн жер,
Эштектердин элине,
Түн жамынып жеткен жер.
Кара чактуу калмактар,
Кароолго кирип барган жер.
Кансыратып калааны,
Чыркыратып баланы,
Кудай бетин көргөзбө,
Эр бүлөнү кыйратып,
Катын-кызды чубатып,
Талаага жалгыз жан койбой,
Жайылып чыккан мал койбой,
Үрүп чыккан ит койбой,
Кармашша чыккан жан койбой,
Казатты катуу кылган жер.
Мусулман атын өчүрүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Сыпты сымал кылалы,
Эр бүлөнүн баарысын,
Дың чыгарбай кыралы.
Күнү-түнү эчен күн,
Жайылып чыккан мал койбой,
Кудай бетин көргөзбө,
Баарын айдап талаада,
Жан казанын астырып,
Түндүгүн жерге түшүрүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Аскерине жыктырып,
Күнү-түнү эчен күн,
Анда-мында серендеп,
Тоо жамынып түн басып,
Атка жетпей жөө качып,
Ар кай жерде темтеңдеп,
Энеси өлүп алсырап,
Атасы өлүп кансырап,
Жетим калган мындан көп.
Жамгырчынын Шайымбет,
Карындашын жетелеп,
Кудай бетин көргөзбө,
Казып койгон үңкүргө,
Күнү-түнү жаткан жер,
Эптеп жанын баккан жер.
Он төрттөгү Шайымбет,
Он үчтөгү Акбала,
Экөө удаа туулган,
Шаарына болду чуулган.
Кары, картаң жан калбай,
Калмактардан кырылган.
Ажал туура жете элек,
Жамгырчынын Шайымбет,
Аман калды кутулуп.
Байтерек, чынар жыгылып,
Атаңдын көрү дүйнө күң,
Жамгырчынын калың эл,
Калды баары кырылып.
Бу Семетейдин кесири,
Каныкей айткан кеп эле,
Кара чунак оңбогур,
Сен калкыңа кылдың деди эле.
Калк сураган Эскара,
Тишинен башка агы жок,
Чоңдугу дөбө сеңирдей,
Бети кара көмүрдөй,
Пенделерге боору жок,
Капталы кара караны,
Кансыратып алды эми.
Калың кара көп журтту,
Көбүн кырып салды эми.
Элдин четин кырдым деп,

Доолбасын каккылап,
Өз аскерин жыйды эми.
Кудай бетин көргөзбө,
Жыйып алып аскерин,
Андан алып жөнөдү.
Ой башыга барды эми,
Кожобек сурап кан болгон,
Муну басып калды эми.
Кудай бетин көргөзбө,
Эр бүлөнүн баарысын,
Такыр кырып салды эми.
Айдап жүргөн аскерин,
Кызыл канга кечирип,
Күнү-түнү эчен күн,
Кыргын салып болду эми,
Кызыл канга тойду эми.
Аскерин жыйып алды эми,
Кудай бетин көргөзбө,
Андан жөнөп калды эми.
Мусулманды алдым деп,
Желеги желге жаркылдап,
Жерге тийбейт көп аскер,
Күлүп ойлоп шалкылдап.
Айбалта менен кылычы,
Аскеринин баарысы,
Баары ойноп жаркылдап,
Анын андай бүттү деп,
Элеман кандын эр Төштүк,
Ошол элге жетти эми,
Аны басып өттү эми.
Эки Кемин ээлеген,
Манастан башка башка жан,
Жанына жакын келбеген,
Эр үрбү эми алды эми.
Калаанын ичин кан кылып,
Көчөнүн бетин чаң кылып,
Кудай бетин көргөзбө,
Үрүп чыгар ит койбой,
Басып чыгар мал койбой,
Эркек адам жан койбой,
Аны кырып өттү эми.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Кайра жолго салыптыр.
Кашкарга кирип барыптыр,
Кашкарды кармап сураган,
Канчанын башын кураган,
Бээжинге теңдик бербеген,
Эр Манаска таарынып,
Башынан киши жеңбеген,
Кылымга чапкан жол менен,
Коңурбай чыкты талкалап,
Кудай бетин көргөзбө,
Кашкарды чаап бүтүрүп,
Калың аскер солонду,
Кара жолго түшүрүп,
Ар кай жерде жай жаткан,
Кандарды алып бүтүрүп,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Талас менен Кең-Колду,
Эми барып чабабыз,
Мен мусулман дегенди,
Дым чыгарбай алабыз.
Динге кирбей койгонду,
Башын кесип соёбуз.
Катын, кызды өлтүрбөй,
Аларды аман коёбуз.
Ар кай жерде баштагы,
Калктын баары келген жер.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Буйрукту катуу берген жер.
Сары жонго толгон жер,
Сапырылып баарысы,
Чогулушуп болгон жер.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Каратты катуу кылган жер.
Эки тоонун арасы,

Элдин баарын алдым деп,
Кечээ канкор Манастын,
Таштан салган калаасы,
Таласты чаап алалы,
Түн жамынып баралы.
Кызыталак дардаңды,
Түндө басып калалы.
Бээжиндин каны Коңурбай,
Ар кылганын окшотуп,
Аскерин жыйып астына,
Кудай билет чын болсо,
Акыр ташка токтотуп,
-Обого жылдыз толгондо,
Түн ортосу болгондо,
Жайнап атка мингиле,
Жайкып жаткан Таласка,
Чабуул коюп киргиле.
Тараза жылдыз батканда,
Канкордун уулу дардаңдын,
Сарайды басып калгыла.
Семетейди алсаңар,
Талас менен Кең-Колду,
Жайнап басып калгыла.
Алоокенин кенжеси,
Эр Эшим деген иниси,
Коңурбайга кеп айтат,
-Коё тургун-деп айтат.
Кароолу коргон кеп болсо,
Менин сөзүм эп болсо,
Таластан чалгын чалбасам,
Манастан калган жер болсо,
Мурун көрүп албасак.
Камынып калган жоо болсо,
Урушуп уят болобуз,
Кармашсак кордук көрөбүз.
Канкордун уулу дардаңга,
Кабылып калсак өлөбүз.
Кан чогулуп кеп кылып,
Түн жамынып барууга,
Убаданы бек кылып,
-Эр Эшим айтса макул-деп,
Бул айтканы акыл-деп.
Эскара менен Байкоңур,
Мурадыл менен эр Эшим,
Чалгында төртөөң чалгын-деп,
Чалып көрүп билгин-деп.
Жайкын деген бек бекен,
Баарын байкап көргүн-деп.
Чалгынды жакшы чалсаңар,
Кабарды катуу алсаңар,
Мен Таласты жеңем-деп,
Акундун кызы Чүрөктү,
Мен силерге берем-деп.
Алгара минип болкулдап,
Мусулманды жеңдим деп,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Кабар салып калкына,
Буйрук берип зоңкулдап,
Кудай бетин көргөзбө,
Төртөө чалгын чалган жер.
Куру кыя чоң белес,
Бого чыгып барган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кудай билет чын болсо,
Айланып учуп калган жер.
Кайнаган аскер көп колго,
Аралап Чүрөк барган жер.
Кароолу болуп конгон жер,
Кол башкарган чоң манжу,
Кебин угуп болгон жер.
Атабыздын арбагы,
Болсо кудай жардамы,
Канкордун уулу баатырды,
Буга кабар салам деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Дөгүрсүгөн манжуну,

Берсе кудай алар деп,
Тегеренип бурулуп,
Аңыр болуп кубулуп,
Кара аламан калмактын,
Калкын көрүп алган жер.
Кан Коңурбай баатырдын,
Даңкын көрүп алган жер.
Баарын көрүп Айчүрөк,
Таласка кайра барган жер.
Аргын менен ногойго,
Барып кабар салган жер.
Кудай билет чын болсо,
Канкордон калган кыз алма,
Айчүрөк оозун ачкан жер.
Казынада ок дары,
Айчүрөк барып чачкан жер.
Элден эси чыгат деп,
Эптеп Чүрөк айткан жер.
-Атадан жалгыз төрөңөр,
Калк чогулуп келсин дейт.
Түн боюнча чогулуп,
Казармада болсун дейт.
Казарманы ачсын дейт,
Жазайылды жаткырып,
Замбиректи чөгөрүп,
Баарын даяр кылсын дейт.
Күн кызарып чыкканда,
Жайылып келген эл болсо,
Даярланган кол болсо,
Оюн салып берем дейт.
Атамдан калган калың журт,
Кимиси шер, кимиси эр,
Өзүм барып көрөм дейт.
Он эки бээ алдырды,
Баатыр жаңгыз төрөңөр,
Аргын менен ногойго,
Оюн салып берүүгө,
Эр Семетей кам кылды.
Канкордун уулу Семетей,
Акундун кызы Чүрөктү,
Ким экенин билген жок.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Же Каныкей тилин алган жок.
Көрдүңбү Чүрөк байкушту,
Жоодон кабар алган жер,
Аргын менен ногойдон,
Аскер курап барган жер.
Баарын жыйып толтуруп,
Саноочуну айдатып,
Чайын даяр кайнатып,
Кайраттанып кирсин деп,
Аш казанын астырып,
Даярланып тамакты,
Кудай билет чын болсо,
Түн уйкусун алдырбай,
Катындарга тапшырып,
Замбиректин баарысын,
Көчөлөргө жаткырып,
Билген адам мен дейт,
Билбегендер Чүрөк дейт.
Манастын уулу дардаңга,
Өзү сүйүп келди дейт.
Билген адам кайып дейт,
Билбегендер Чүрөк дээр.
Манастын уулу баатырга,
Издеп келген зайып дейт.
Кечээ Манас баатырдын,
Каныкей болгон жолдошу.
Кудай бетин көргөзбө,
Бул Айчүрөк болбосо,
Канкордун уулу эсердин,
Кетет эле айласы.
Күүгүм кирип күн батты,
Эл жымырап тынч жатты.
Манастын уулу баатырга,
Батынып киши бара албайт,

Барууга айла таба албайт.
Жана чалгынга чыккан төрт киши,
Канкордун уулу эсерди,
Баласы бөлө экенин,
Баарын көрүп алыптыр.
Таласта жаткан калың эл,
Шаарын көрүп алыптыр.
Чалгын чалып чалгынды,
Улуу Кадыр болду деп,
Катынга тайлак байлаган,
Карала куйрук чайнаган,
Келиндер тайлак байлаган,
Кемпирлер куйрук чайнаган.
Суудa жекен көгөндөй,
Сымбаты элдин бегиндей.
Көлдү жекен көгүндөй,
Көркөмү элдин бегиндей.
Алтын ээр сырдуу каш,
Катын кызы аралаш.
Баары бирдей эр сабаш.
Базарга малды салышып,
Жыргап жаткан эл экен,
Катын кызы калаага,
Шалкылдашып барышып,
Эчтеме менен иши жок,
Кароол карар жер чалып,
Талаада жүргөн киши жок,
Ар деме менен иши жок.
Калааны багып кайтарган,
Аскер солоп киши жок.
Барып көрүп алды эми,
Түнөрүп аткан түптүү бак,
Түбү ийилген алма шак.
Дүңкүйүп аткан Таластын,
Шаарын көрүп алды эми.
Кең-Колдун башы эгиз төр,
Эрке катын Чачыкей,
Ою менен салдырган,
Алыстан уста алдырган.
Тышына тарткан сазы бар,
Кырына койгон чыны бар.
Билиги кырк кез мамы бар,
Мамысынын башында,
Байлануу чыны дагы бар.
Тегереги жаркырап,
Күйүп турган шамы бар.
Бу сарайдын жанында,
Упа эндик жабынган,
Бермет шуру тагынган,
Ала тамак, бураң бел,
Кыз-келиндер ойногон,
Аккан сууну бойлогон.
Ал калаанын жанында,
Эркек киши болбогон.
Чачыкейден калганы,
Кудай билет чын болсо,
Тилин алып катындын,
Семетейдин турганы,
Чыгырыгын имерип,
Чын көзүнө жиберип,
Күн кызарып батарда,
Жоргонун өөдө белинен,
Жылгандуу конуш четинен,
Элестеп караан көрүнөт,
Кандай караан болду деп,
Карап турган кароолчу,
Дүрбү менен караса,
Бала төрө Семетей,
Ошонун шаңы көрүнөт.
Кудай бетин көргөзбө,
Көнөктөй шумкар колунда,
Бир боз бала жанында.
Күн кызарып батканда,
Ээн талаа көчөдөн,
Бу Чачыкейдин ордосу.
Сарайды башка салдырган,

Кудай билет чын болсо,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ургачынын жоргосу.
Семетейге калганда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Күнү болуп калганда,
Мамыга атын чалдырып,
Манастын уулу дардаңдын,
Катын кыз тосуп жолунан,
Баатырдын атын алдырып,
Астынан келин чубуруп,
Жандап басып жаркылдап,
Манастын уулу Семетей,
Сарайга келди жакындап.
Сарайда киши болот деп,
Аяр кылып коёт деп,
Адамдан билгир эр Эшим,
Абайлап дүрбү салган жер.
Канкордун уулу баатырдын,
Атын катып алган  жер.
Эркек киши көрүнбөй,
Катын-кыз болуп жолдошу,
Канкордун уулу баатырдын,
Текебер басып калган жер.
-Ээн талаа жер экен,
Манастын уулу дардаңды,
Ушу жерден соёбуз,
Кара көзүн оёбуз.
Асты-астынан бөлөбүз,
Тегеректеп барабыз,
Катын-кызын олжолоп,
Колубузга алабыз.
Кайра тартып жарышып,
Канкордун уулу чунакты,
Жайын көрүп алышып.
Ат болушка салышып,
Кан Коңурбай баатырдын,
Астына кирип барышып.
Эр Эшим баатыр кеп айтып,
-Элин көрдүм-деп айтып.
Бастырып чыккан киши жок,
Жай жай жатат-деп,
Эчтеме менен иши жок.
Канкор уулу жесир кул,
Сарайды жалгыз салыптыр.
Жолдошу катын кыз экен,
Өзү жалгыз калыптыр.
Элге кабар салган жер,
Эр Коңурбай баш болуп,
Аскер дүрбөп калган жер.
Жабуу, жабуу дегендер,
Жабылып жолго кирген жер.
Мөндү, мөндү дегендер,
Бөксө жолго киргендер.
Кудай бетин көргөзбө,
Жайнап жолго салган жер.
Түн жамынып Таласка,
Жакын кирип барган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Алмамбет минген Көкала,
Ак каңкыны салган жер.
Абайы жаап үртүктөп,
Ат жабуулап калган жер,
Канкордун уулу баатырга,
Айчүрөк кабар барган жер.
Катуу уйкуда жатканда,
Мемиреп уктап жатканда.
Жалаган айтса кетирет,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Манастын уулу баатырдын,
Кызыгына батканда.
Акундун кызы Айчүрөк,
Тушунан кирип үн берип,
Айчүрөк биле калган жер.
-Атадан жалгыз бул төрө,
Баш көтөрүп өөдө бол,

Какандан калың кол келди,
Кайнай турган шор келди.
Казылган терең ор келди,
Кан Коңурбай чоң келди.
Бээжинден калың эл келди,
Эскара Эшим шер келди.
Арстаным жалгыз төрөгө,
Жатып калсаң былк этпей,
Сенин каның калат чачылып,
Абийириң калат ачылып.
Алып келдим атыңды,
Кийиминди кийгин-деп,
Бу кудайдын буйругу,
Буурул аттын жогунан,
Ат кордугун көрөсүң.
Көкаланы мингин -деп,
Канкордун уулу баатырга,
Айчүрөк кабар салган жер.
Айчүрөк кабар салганда,
Канкордун уулу дардаңга,
Кабар айтып барганда,
Баатырдын уулу балк этип,
Эт жүрөгү солк этип.
Ыргып кобо калганда,
Кежиреттүү Чачыкей,
Кармай алып кеп айтат,
-Ала көөдөн жалгызек,
Сен эмне көрдүң-деп.
Канчыктын тилин сен алсаң,
Сенин ажалыңдын жеткени,
Сенин абийириңдин кеткени.
Атаңдын тонун кийгени,
Арбактуу атты мингени,
Түн ичинде келгени,
Сага кабар бергени,
Ушу бүгүн кечинде,
Минбе деген Буурулуң,
Күлчороң минип алыптыр,
Кең-Колго келип ат байлап,
Айчүрөк менен сүйлөшүп,
Акылдашып кеп айтып,
Эшикке чыксаң эсердин,
Алайын башын-деп айтып.
Айчүрөк, чоро кеп кылып,
Сени өлтүрмөк болду мерт кылып.
Обдулуп тура каласың,
Чүрөктүн тилин аласың.
Бөөдө өлүп каласың,
Арстаным төрө турба-деп,
Белинен кармап кучактап,
Ыйлап ийди Чачыкей.
Көзүнөн жашы буурчактап,
Чачыкей тилин алган жер.
Канкордун уулу Семетей,
Айчүрөккө күүлөнүп,
-Кылбаганды кылбасам,
Канчык сени тыйбасам,
Олоңдой кара чачыңды,
Тутамга ченеп кырктырып,
Арка чачың түйдүрүп,
Көргөн элди күлдүрүп,
Арбактуу буудан атыңы,
Кандай минип алдың сен.
Караңгыда каңшылап,
Кандай келип калдың сен.
Канчык эминени көрдүң сен.
Манастын уулу Семетей,
Чачыкей тилин алган жер,
Турбай жатып калган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
-Олпок тонду бүктөйсүң,
Арам өлсөң көк жалым,
Абалың кимге жүктөйсүң.
Менин тилим ала жат,
Кулагыңды сала жат.
Жер жарылса буу чыгат,

Жер майышып туу чыгат.
Кан Коңурбай эр келет,
Кайнаган аскер эл келет.
Суу кайнаса буу чыгат,
Эр Коңурбай унчугат.
Таңдын жарык шоокумда,
Алдакы жаткан дарбаза,
Көрсө көөлү каалгаң,
Аскер келип толуучу,
Чыга турган эшикти,
Таппайсың качар тешикти.
Коңурбай алып коюучу,
Абийириң калат ачылып.
Арстандан калган жалгыздын,
Канчык убалы сенин мойнуңа.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кайрылып жолго салды эми.
Манастын уулу Семетей,
Тил албай жатып калды эми.
Айчүрөк Кең-Колго кайра барды эми,
Желке чачын түйдү эми.
Алтын калпак, жез телпек,
Башына кыса кийди эми.
Кан Манас аткан Аккелте,
-Арбагында колдо-деп,
Аны колго алды эми,
Ичине бугуп алды эми.
Катагандын кара уста,
Кармап соккон темир-деп,
Карылар айткан кеп эле,
Мылтык эмес Аккелете,
Мусулманга сеңир-деп.
Оозу орус уруму,
Түб кытай кырымы.
Олоңу болот Аккелте,
Азат кылып турганда,
Бат атарын бастырган,
Ай аппактай көчүккө,
Алтымыш окту жаткырган.
Түтүнгө түтүн кошулуп,
Алтымыш удаа атылган.
Айчүрөк колго алган жер,
Ичине майлык салган жер.
Кечээ кайнатасы кан Манас,
Ошо кирген зоотту,
Кайра байлап капшырып,
Канжыгага тапшырып,
Манас чапкан кылычты,
Кабылгага чалган жер,
Аккелтеге ок салып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кайра айланып канкордун,
Сарайга жакын барган жер.
Сактап калар бекемин,
Адим болгон мергендей,
Алдындагы буудандын,
Үстүндөгү Акканкы,
Арта салып бек кармап,
-Алда таала кудурет,
Берер бекен-деп кармап.
Ай аппактай чоң көчүк,
Колтугуна баскан жер.
Кандай болоор экен деп,
Өзү пери Айчүрөк,
Даярланып жаткан жер.
Көгала мойнун бурган жер,
Акундун кызы Айчүрөк,
Алмадай боюн жашырып,
Көгалага жашынып,
Аккелтени бек кармап,
-Берер кудай-деп кармап,
Айчүрөк аңдып турган жер.
Тараза жылдыз батаарда,
Таң агарып атаарда,
Кудай бетин көргөзбө,
Алгара минип алкылдап,

Ок жамгырдай тарсылдап,
Мөндүрдөй жерге төгүлүп,
Таң агарып сөгүлүп,
Кан Коңурбай, эр Эшим,
Келди астына бөлүнүп.
Жээрде минип камчылап,
-Келди кезек келди-деп,
Эчен мурут өлдү-деп,
Аскер ойноп барган жер.
Алтын ооз дарбаза,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Оозун ачып калган жер.
Шыкааларга тешик жок,
Чыга берер тешик жок.
Качып чыгар эшик жок,
Супуй көйнөк, ак дамбал,
Баатырдын уулу Семетей,
Ок тийгендей түйүлүп,
Ордосунун ичине,
А бурчуна бир тийип,
Бу бурчуна бир тийип.
Алапайын таба албай,
Ары-бери жүгүрүп.
Чачыкейди караса,
Алагар көзү алайып,
Ак тамагы кылайып,
Булгун жууркан ак жака,
Бура карамап жамынып.
Семетей менен иши жок,
Өлсө мейли өлөр деп,
Жаккан оттой жагылып,
Жатып калды Чачыкей.
Манастын уулу Семетей,
Каалганы карс муштап,
-Андай болсо өлдүм-деп,
Жараткан алда кудайдын,
Жазганы болсо көрдүм-деп.
Эми чыгып келер-деп,
Чоң Коңурбай эр манжу,
Болотту колго алган жер.
Канкордун уулу баатырды,
Башын чаап салууга,
Кылычын алып кынынан,
Даярланып калган жер.
Каалга тартып шарт этип,
Кудай билет чын болсо,
Аккелете үнү заңк этип,
Алгаранын үстүнөн,
Коңурбай түштү жалп этип.
Акундун кызы Айчүрөк,
Пир колдогон жан эле.
Арбак менен кудайга,
Айчүрөк ыйлап жалынып,
Кайнатасы Манастын,
Арбагында конор деп,
Жалгыздын башын аларда,
Башын алап саларда,
Аккелте аткан колунан,
Манастын уулу  баатырдын
Акылынын жогунан,
Катындын тилин алам деп,
Эр Семетей бузулду.
Мына салбар кылган Чүрөктүн,
Жалыда тээп кутулду.
Коңурбай аттан түшкөн соң,
Жакын келген капырлар,
Жандап келген баатырлар,
Зоотунан ок өтпөй,
Аккелетенин огунан,
Эпкинине кетиптир,
Кудай бетин көргөзбө,
Аттан түшө калышып,
Жатып калган манжуну,
Колдон, буттан алышып.
Алгарага мингизип,
Алмак турсун баатырды,

Алууга келген берендер,
Мына качып калды жарышып.
Манастын уулу эр Семең,
Арбаң-сарбаң түйүлүп,
Аркардан катуу жүгүрүп,
Ак мүчөсү бүгүлүп,
Эрбең-сербең түйүлүп,
Эликтен катуу жүгүрүп,
Тарамышы түйүлүп,
Камап келген калың жоо,
Айчүрөк атып токтолуп,
Үйлүү көчө үч сарай,
Манастын уулу Семетей,
Баатыр жакын барган жер.
Жоо токтоткон Айчүрөк,
Көтүнөн жакын калган жер.
Камалып жаткан калың эл,
Кудай бетин көргөзбө,
Жазайыл атып күпүлдөп,
Замбиректин үнүнө,
Жер айрылып жарылып,
Калмак, кытай калың кол,
Талас Кен-Кол калаага,
Келген экен жабылып.
Жер союшуп майышып,
Балтыр бешик баланы,
Ат жалына салышып,
Аккан канды сорушуп,
Кара канга тоюшуп,
Айчүрөктүн жардамы,
Кайнатасы Манастын,
Колдогон экен арбагы.
Семетейди өлтүртпөй,
Айчүрөк алып калганы.
Аргын менен ногойдун,
Эр билчүүсүн жыйганы,
Баарын даяр кылганы.
Жазайылды жаткыртып,
Замбиректи аттыртып,
Жарадар болуп алсырап,
Айза тийип кансырап,
Казарманы каралап,
Качып кирген андан көп.
Манастын уулу Семетей,
Дарбазаны тартаарда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Жетти артынан кубалап.
Кудай билет чын болсо,
Семетей аман экен деп,
Энекеси Каныкей,
Эмгекке тууган жан эле.
Кара тору ат кубалап,
Айчүрөк келди артынан.
Семетейди кубалап,
Дарбазаны шарт коюп,
Оозун ача берээрде,
Манастын уулу баатырды,
Акундун кызы Айчүрөк,
Аттан түшө калган жер,
Колунан кармап алган жер.
-Арстаным төрө сабыр кыл,
Казат болсо табылат,
Энекең турат астыңда,
Абийириң качан табылат.
Акундун кызы Айчүрөк,
Катындын тилин аласың,
Мен да болсом ургачы,
Тилин алып катындын,
Элиңди кантип багасың.
Атадан калган эр  жалгыз,
Бир атадан мен жалгыз,
Бир кудайдын жардамы,
Никелешип баш кошкон,
Атабыздын арбагы.
Деп ошентип Айчүрөк,
Оң саамайын бурган жер,

Капыр менен мусулман,
Карчалышып урушуп,
Кан төгүшүп турган жер.
Манастын уулу дарданды,
Айчүрөк сактап калган жер.
Акундун кызы Чүрөккө,
Түштү эми жүрөккө,
-Айчүрөк сенин жардамың,
Аман сактап калганың.
Кудайга ишиң жаксын-деп,
Атам Манас арбагы,
Айчүрөк сени баксын-деп.
Баатырдын уулу Семетей,
Каныкей айткан кеп эле.
Эки бирдей жиндиден,
Айрылбагын деди эле.
Манастын уулу баатырдын,
Башына мүшкүл түшкөн жер,
Жанына жапаа жеткени,
Аргын, ногой калың журт,
Бул Айчүрөк болбосо,
Каласынан чаң чыкпай,
Качып киши жан чыкпай,
Кетет эле кыргынга.
Аз да болсо Таластын,
Бул Айчүрөк бир күң,
Аскерди жыйып алганы.
Талас менен Кең-Колдун,
Акундун кызы Айчүрөк,
Аскер курап эл жыйып,
Элди сактап калганы.
Бир кудайдын жардамы,
Кайнатасы Манастын,
Бу Манастын арбагы,
Чаңы асманга созулуп,
Канкордун уулу Семетей,
Казармада аскерге
Араң жетти кошулуп.
Бир кудайдын жардамы,
Семетей аман калганы.
Атасы Манас арбагы,
Мына Айчүрөктүн жардамы.
Казармага барганда,
Кайрылып артын караса,
Көкала минип балкайып,
Аккелте алып заңкайып,
Айчүрөк көзгө көрүнөт,
Айчүрөктү көргөндө,
Канкордун уулу баатырдын,
Көңүлү канча бөлүнөт,
Көзүнөн жашы төгүлөт.
-Атаңдын көрү дүнүйө,
Жараткан алда бир кудай,
Жасабай койсо не болот.
Не жасады башында,
Эки бирдей жөлөгүм,
Энекем баккан бөбөгүм.
Бул экөөнөн айрылып,
Жараткан алда бир кудай.
Мени албаган дүйнөдөн,
Балтыр бешик жашымда,
Энекемдин тилин албадым.
Акыреттик жолдошум,
Атаны арман дүнүйө,
Муну салбар кылып салганым.
Чүрөктүн көрдүм жардамын,
Жаш алганым Чачыкей,
Душман карап турганда,
Турбай жатып алганың.
Канкордун уулу баатырга,
Кайгы түшүп калганы,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кештелүү калпак чоң чалбар,
Жерге тиер кезинде.
Манастын уулу Семетей,
Ошондо баатыр эсинде.

Саймалуу калпак сары шым,
Пайгамбарга чалышым.
Ошо баатыр дардаңдын,
Абасы түштү эсине.
Толгон элге кеп айтып,
Тумшугу жок мен шордуу,
Өзүм кылдым-деп айтып.
Ыйлаган элге көп айтып,
Ырысы жок мен шордуу,
Өзүм кылдым-деп айтып.
Абакем турса башында,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Күлчором турса  башымда,
Кылычым турса боюмда,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кыргынга кеткен кыран журт,
Убалы менин мойнумда.
Манастын уулу Семетей,
Турган элге кеп айтып,
-Тууганынан айрылган,
Ушул ишке кабылган,
Акка мойнум сундум-деп,
Өзүмө өлүм кылдым-деп.
Бу дүйнөдөн безейин,
Талак кылып кетейин.
Туулбай туна чөгөйүн,
Атаңын көрү дүнүйө,
Бу көрөкчө өлөйүн,
Күлчоро турса башымда,
Буурул ат турса астымда,
Кылбайт белем кызыкты,
Салбайт белем бузукту.
Кагылайын тууган журт,
Бу кудайдын буйругу.
Аттан уруп салайын,
Ажалым жетип өлгүчө,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Калмак менен кармашып,
Арманы жок калайын.
Манастын уулу Семетей,
Карып кеткен Көкала,
Канкор бузуп салды эми.
Кудай билет чын болсо,
Кансыраган калың журт,
Семетей бата алды эми,
Далыга мылтык салды эми,
Колтуктан айза алды эми.
Энекеси Каныкей,
-Атадан жалгыз жетимче,
Кара чунак жайрагыр,
Эрдемдүүсүн карасаң,
Жардамыңа тапшырдым,
Эртеги кеткен атаңдын,
Арбагына тапшырдым.
Жараткан алда бир кудай,
Жалган экен дүнүйө,
Маанайына тапшырдым.
Алакан жайып алган жер,
Каныкей берген батасын,
Кара чунак уккан жер.
Көкала минип далбактап,
Колдоочу кудай арбактап.
Семетей жоого чыккан жер,
Баабедин деп бакырып,
Ак пайгамбар Мустапа,
Арбагына жалынып.
Канкордун уулу Семетей,
Атасынын арбагын,
Кечээ бала төрө Семетей,
Күлчорону кууганда,
Бузук кыл деп турганда,
Жараткан алда бир кудай,
Эсинен чыгып калганын,
Эми көрөт Семетей,
Элге тийген жардамын.
Көкала минип балкылдап,

Баатырдын уулу эр Семең,
Качырып жоого бет алып.
Аккелте мылтык үч атып,
Кудай бетин көргөзбө,
Жер дүңгүрөп заңкылдап,
Карагай найза алган жер,
Канкордун уулу эр жалгыз,
Кабыл болуп тобосу,
Качырып жоого барган жер,
Кызыктуу найза алган жер.
Канкордун уулу эр жалгыз,
Кылычын кындан алган жер,
Болду кудай жардамы,
Манастын уулу эр жалгыз,
Жанына барды ошондо,
Атасынын арбагы,
Жеткен жерден кулатып,
Манастын уулу Семетей,
Кудай бетин көргөзбө,
Астындагы Көкала,
Араандай оозу ачылып,
Кайнаган кытай калмакты,
Карышкырдай качырып.
Аралап жоого тийгенде,
Манастын уулу Семетей,
Качырып өзү киргенде,
Кудай бетин көргөзбө,
Капканын ичи кан болуп,
Көчө ичине кан толуп,
Баатырдын үнүн укканда,
Артынан ээрчий чыкканда,
Өлүмдөн калган аскери,
Жараткан кудай жар болуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Жаалданып бакырып,
Баарысынын оозунда,
Манастап ураан чакырып.
Эр Семетей кан ичме,
Таңдын эле челинде,
Кең-Кол, Талас жеринде,
Качырып жоого тийген жер,
Карышкырдай кирген жер,
Асты-астынан бөлгөн жер.
Манастын уулу Семетей,
Камаган аскер көргөн жер,
Канкордун уулу чыкканда,
Жүрөгү түшүп өлгөн жер.
Эр Семетей ээлигип,
Кудай бетин көргөзбө,
Аралап жоого тийгенде,
Алты жүздү майдалап,
Айлымды чапкан чоң манжу,
Дөө Коңурбай байдалап.
Жетип жоого тийгенде,
Жети жүздү майдалап,
Элимди кырган чоң манжу,
Мунун эрендери байдалап.
Колдогону Кожосан,
Ошондо баатыр дардаңдап,
Коштогону Ак эшен,
Кошо жүрөт баабедин,
Жөлөгөнү Жолосан,
Жөн бергени Ак эшен,
Жөлөп жүргөн баабедин.
Айзасынын учунда,
Агып турган каны бар.
Бир Семетей башында,
Алтымыш киши шаңы бар.
Кылычынын мизинде,
Кызарып аккан каны бар,
Айланса болот арбакка,
Бир Семетей башында,
Кырк кишинин шаңы бар.
Көт жагында чуркурап,
Көрүнгөн эчен эли бар.
Кудай бетин көргөзбө,

Канкордун уулу Семетей,
Арбак колдоп, пир жөлөп,
Көтөрүлгөн жери бар.
-Карма, карма, карма-деп,
Астында аты башка-деп,
Ала көөдөн дардаңды,
Өлтүрөт-деп, качпа-деп.
Калмактын дөөсү кабылып,
Кудай бетин көргөзбө,
Кайра кирди жабылып.
Көчкөн жоону алам деп,
Кайраттуу катын саят деп,
Качкан жоону алат деп,
Кара атты минип чамынып,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Калың колго жамынып,
Кол салчуудай камынып,
Тегеректеп алган жер,
Канкордун уулу баатырдын,
Колундагы найзасы,
Темирди сайса тешти эми.
Колдогону Кожосан,
Сексенге өзү кабылса,
Кытай менен калмактын,
Тегеректеп жабылса,
Тебетей сайган немедей,
Тегеретип кетти эми,
Колундагы найзасы,
Сооту сайса тешти эми.
Толукшуган калмактын,
Токсон дөөсү кабылса,
Топу сайган немедей,
Тоголотуп өттү эми.
Качырып айза сала албай,
Канкордун уулу баатырды,
Тегеректеп ала албай,
Эч айласын таба албай,
Ок тийгендей кулатып,
Канкордун уулу Семетей,
Канчасын сайып сулатып,
Карагайдай кыйратып,
Семетейге беттебей,
-Аты башка экен-деп,
Алакөөдөн эр бурут,
Алгарага жетем-деп,
Катуу кирип алат-деп,
Алдындагы карыган ат,
Алмамбеттен калган ат,
Башын жерге салат-деп.
Манастын уулу ит мурут,
Өргө чаап алат-деп,
Аты баспай калат-деп,
Кайкалаган кыра түз,
Муну көздөй салды эми.
Күнү-түнү алты күн,
Алып барган аскерди,
Аман калган кол менен,
Семетей айдап алды эми.
Кансыраган канчаны,
Ажыратып алды эми.
Асмандан мөндүр жаагандай,
Кудай бетин көргөзбө,
Шаарга кытай калтырбай,
Манастын уулу Семетей,
Кең-Кол, Талас калаадан,
Сүрүп чыккан жери ошол.
Манастын уулу Семетей,
Айдап чыккан жери ошол.
Кара курттай аскерди,
Жайлап чыккан жери ошол.
Кең-Кол менен Таласты,
Алып калган жери ошол.
Ак кемер белге бууган жер,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Жоо калмакка жетем деп,
Артынан түшүп кууган жер.

Канкордун уулу эр жалгыз,
Амалы артык чоң манжу,
Ат тизгинин бурган жер.
Аңдыган жерден сайчудай,
Аял кылып турган жер.
Алдындагы кара аттын,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Ат соорусун салган жер,
Аяңдап качып калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Аңдап жетип саям деп,
Мындан жетип саям деп,
Өөдө-өөдө жер келсе,
Өксүн сайып кутулуп,
Бу Коңурбайдын амалы.
Ак-Талаага жеткенде,
Ок дарысын чачканда.
Кайыр тартып кармашып,
Качырып кайрат кыла албай,
Семетейди көргөндө,
Каарына чыдап тура албай,
Аскер жолго салыптыр.
Канкордун уулу эсердин,
Кырып кеткен бу бала.
Астынкы буту чалышып,
Тоборсугу майышып,
Азуусу чыгып ырсайып,
Атаны арман дүйнө күн,
Тумшугу менен жер сайып,
Башын жерге салган жер.
Манастын уулу баатырдын,
Аты баспай калган жер.
Качты деген жоо калмак,
Кайра тартып камынып,
Кудай бетин көргөзбө,
Тегеректеп барган жер.
Теминип айза сала албай,
Пир колдогон баатырды,
Тегеректеп ала албай,
Алаарга айла таба албай,
-Жаралуу камап койбойт-деп,
Жакын барса болбойт-деп.
Алгара менен ойнотуп,
Манастын уулу Семетей,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кылычын кындан алышып,
-Кыйналып жатып өлсүн-деп,
Кылкылдаган көп кытай,
Кудай бетин көргөзбө,
Тегеректеп барышып,
Айбалта сандан алышып,
Кан Коңурбай, эр Эшим,
-Ачка жатып өлсүн-деп,
Өлөрүндө бу мурут,
Багындым деп келсин-деп.
Коңурбайдын амалын,
Канкордун уулу Семетей,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Колго түшүп калганын,
Кудай билет чын болсо,
Басып кирер токой жок,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Маана кылар ногой жок.
Качып кирер токой жок,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Каралды кара ногой жок.
Маңдайында багы жок,
Атаны арман дүйнө күн,
Күлчоро, Бакай дагы жок,
Күрдөөлү ногой эли жок.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Канкордун уулу Семетей,
Кутула турган жери жок.
Тегерегин чеп кылып,
Аскерди жыйып бек кылып,
Арка мойнун сунган жер,

Манастын уулу Семетей,
Наркесме колго карманып,
Аккелте атып таянып,
Өз арманын өзү айтып,
Жараткан кудай жалгызек,
Каалгадай кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырып,
-Ыйманыңды бергин-деп,
Ушундай жерде өлдүм-деп.
Канкордун уулу Семетей,
Ак олпок тону бүгүлүп,
Атаны арман дүйнө күн,
Аманат жандан түңүлүп,
Оозуна келме алып,
Мойнун акка сунган жер.
Кыбыланы бет алып,
Канкордун уулу Семетей,
Кыйын күндө турган жер.
Какандын каны канча шер,
Калың колду токтотуп,
Кудай бетин көргөзбө,
-Эми өлөт-деп айтып.
Ишенгени Семетей,
Бу баатыры өлгөндө,
Чала калган Таласты,
Кайра барып чабабыз,
Катын кызын алабыз.
Күнү-түнү эчен күн,
Канкордун уулу Семетей,
Колго түшүп калганы.
Адам менде кутулгус,
Торго түшүп калганы.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Эми тиет жардамы.
Кудай бетин көргөзбө,
Асмандан булут бурулуп,
Айчүрөктүн периси,
Келди эми чубуруп.
Ободон мөндүр төгүлүп,
Кудай билет чын болсо,
Камап жаткан аскердин,
Кабагына кар тоңуп,
Мурутуна муз тоңуп,
Ак шыргалаң муз болуп,
Узун чапан бели узун,
Кара чоктуу эчендер,
Кыңшылап ыйлап кыз болуп,
Жерге мөндүр төгүлүп,
Семетейди камаган,
Калың аскер көп солоң,
Асты-астынан бөлүнүп.
Эл башкарган эчендер,
Калк башкарган чоң манжу,
-Бул эмне болду-деп,
Күнү-түнү баса албай,
-Койду чаян алды деп,
Тоого мөндүр жаады-деп,
Алгараны жабуулап,
Ак атаңды кадуулап,
Семетейдин үстүнө,
Карарып булут бурулуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Касамыкты куугандай,
Мөндүр түшүп чубуруп
Бул Чүрөктүн жардамы,
Перилердин барганы.
Семетей минген Көкала,
Аты эс алып калыптыр.
Эси оогон баатырдын,
Туягын жерге сайылтып,
Жал-куйругун жайылтып,
Көкала басып барыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Көтөрүп тонду кийген жер,
Көкаланы минген жер.
Бул Айчүрөктүн жардамы.

Асмандан жамгыр жаадырып,
Алдыра турган кезинде,
Семетей аман калганы,
Алып тонду кийген жер.
Айчүрөктүн кылганын,
Канкордун уулу эр неме,
Ошо жерде билген жер.
Караланы минген жер,
Атка бутун салган жер.
Алмамбет, Чубак арбагы,
Бир алданын жардамы,
Шейит колдоп калганы.
Манастын уулу Семетей,
Аккелтеге ок салып,
Уда-удаа койгулап,
Калмакты көздөй бет алып,
Кайра тартып калганы.
Кудай билет чын болсо,
Калмактын иши бузулуп,
Асманда булут тутулуп,
Манастын уулу Семетей,
Калмак болду кутулуп.
Ободо булут тутулуп,
Коңурбай иши бузулуп.
Өлөт деген Семетей,
Кетмек болду кутулуп.
Аккелте үнү заңкылдап,
Манастын ууулу Семетей,
Алтын жаа, болот ок,
Кошо тартып жаркылдап,
Кайра жолго салды эми,
-Семетей өлүп калды –деп,
Калкы ыйлап буркурап,
Турган экен чуркурап.
Таластын башы талаада,
Күн ачылып арада,
Жолдун берки четинде,
Көкала минип далдактап,
Көкжалдын уулу Семетей,
Аккелтеси колунда,
Ат кесмеси белинде,
Айбалтасы санында,
Ок дарысы койнунда,
Чөн күнсөрү боюнда.
Кең-Колдун чети кургак сай,
Манастын уулу Семетей,
Элестеп шаңы көрүнөт.
Энекеси Каныкей,
Кароолкана себилге,
Кан Манас салган темирге,
Каныкей барып караса,
Канкордун уулу Семетей,
Кынынан кылыч алыптыр,
Кудай бетин көргөзбө,
Колго түшкөн кишини,
Коё берген болобу.
Камоого түшкөн кишини,
Качырып ийген болобу.
Чоң Коңурбай эр манжу,
Алгара минип алкылдап,
Манастын уулу баатырдын,
Артынан келди жакындап,
Кылычтын мизи жаркылдап.
Кудай бетин көргөзбө,
Канкордун уулу Семетей,
Көкала баспай ылаалып,
Ай далыда Аккелте,
Карамап колго алган жер.
Мылтык атып жаа тартып,
Ит урушун салган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Ат жетелеп жөө басып,
Баатырдын уулу Семетей,
Казармага барган жер.
Асмандан булут тутулуп,
Эр Семетей жалгызек,

Энесинин жанына,
Эми барды кутулуп.
Казармага камалып,
Калгандары жыйылып,
Калган экен тыгылып.
Аргын менен ногойдун,
Кеткен экен өлүмгө,
Бир канчасы кырылып.
Канкордун уулу Семетей,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Камоосуна калган жер,
Кайрылып аман барган жер.
Манастын уулу баатырга,
Баабединге чалууга,
Кармап союп алууга,
Казармада малы жок.
Казат болгон ушунда,
Бышыраргa даны жок.
Камаган жоону көргөндө,
Камап кирип келгенде.
Кудай бетин көргөзбө,
Өлүмдөн калган курган журт,
Баарысынын мууну жок,
Нан кыларга уну жок.
Канкордун уулу дардаңга,
Каныкей келип кеп айтат.
-Сенин атакең Манас өлгөндө,
Абыке, Көбөш эки арам,
Айдап малды бөлгөндө.
Айылды билип алганда,
Атаны арман дүйнө күн,
Атакең качкан Кыргыл чал,
Аш таппай тентип калганда.
Атасы башка арамдар,
Малды алды анда.
Береги турган шордуу энең,
Аш таба албай калганда.
Аргын менен ногойду,
Өз жолуна салганда.
Өзү улук кан болуп,
Элди билип алганда.
Энеңдин кеткен дарманы.
Бу бейтаалай байкуштун,
Элди көрүп буркурап,
Какшап сөөгү зыркырап,
Бу Каныкейдин арманы,
Айылдан талап малды алып,
Атасы башка арамдар,
Алтын, күмүш зарды алып.
Муну бейтаалай энең сандалып,
Болоттон тукур калат деп,
Баатырдан тукум калат деп,
Туруп алсаң Таласка,
Өрт өчкөндөй кылат деп,
Жаш балапан баланы
Кайнатам какбаш күүлөнүп,
Кан ичменин тукумун,
Өлтүргүн деп сүйлөнүп.
Абыке менен Көбөшкө,
Атаңдын болгон жардамы.
Жаш балапан өзүңдү,
Өлтүрөм деп калганы.
Кылычын кындан алышып,
Мылтыктарын октошуп,
Убадасын токтотуп,
Жоого тийчү  немедей,
Кара көзүн ойгун деп,
Кара жолтой кан ичме,
Тукумун үзүп койгун деп,
Аман жүрүп чоңойсо,
Атасындай болот деп.
Айланайын балдарым,
Өзүң турган чагыңда,
Менин өлөр табымда.
Жаман кылып коёт деп,
Бу кудайдын жардамы,

Оңбогур сени калкалап,
Бакты күндүн баласын,
Муну сатып алгамын,
Койнума катып баргамын,
Сени үңкүргө баккамын,
Кара чунак оңбогур,
Азабыңды тарткамын.
Бакты күндүн баласын,
Жашы бирге туулган,
Өлтүрсөң бала мына деп,
Оң колунан алгамын.
Оолугуп турган арамдын,
Астына алып баргамын.
Оңолбогон арамдар,
Колдон-буттан алышкан,
Чоң көчөнүн ичине,
Көк бөрү тартып салышкан.
Кара чунак оңбогур,
Энекеңди жетелеп,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Ээсиз калган Таласты,
Мен ошондо таштадым.
Манастан калган тукум деп,
Жараткан алда кудайдын,
Жазган иши ушул деп,
Койнума катып көтөрүп,
Мен ошондо качкамын,
Сени ушинтип баккамын.
Айткан тилди албайсың,
Эрмек кылып ээрчиткен,
Жаш козудай телчиткен,
Эки уулумдан айрылып,
Өлмөк болдум кандайсың.
Мынабу мунарыктап көрүнгөн,
Атаңдын салган дубалы.
Айткан тилди албайсың,
Мына кыргынга кеткен калың журт,
Мунун сага болот убалы.
Канчороң турса кашыңда,
Айкожо турса башыңда,
Күлчоро турса астыңда,
Батынып душман келеби.
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Азапка тууган курган журт,
Ушу күндү көрөбү.
Канчыктын тилин аласың,
Кайгыга элди саласың.
Кемерге белиң чаласың,
Кейишке элди саласың.
Атаны кокуй дүйнө күн,
Кыл мурутуң өрөсүң,
Санааңды башка бөлөсүң.
Саргарып жүрүп мен бактым,
Азабыңды көп тарттым.
Өзүм тууган бала элең,
Сен ушинтип жүрүп өлөсүң.
Каныкей ыйлап болкулдап,
Канкор колу шогунан,
Жанында кайраттуу балдар жогунан,
Энекеси Каныкей,
Ошондо ээлигип ыйлайт болкулдап.
Каныкей зарлап айткан жер,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Таласта жаткан калың эл,
Өлгөнүнөн калганы,
Камоого түшүп жаткан жер.
Манастын уулу баатырдын,
Эркелеткен катыны,
Жоргону минип жодурап,
Коңурбайдын жанында,
Мына кошо жүрөт шоодурап.
Ошондо Чачыкейди көргөндө,
Баатырдын уулу Семетей,
Айчүрөккө багынып,
Кан куюлду көзүнө,
Текебер жетти өзүнө.

-Ошо жоодон мен калсам,
Устүнө катын албасмын,
Үйрүп камчы чаппасмын.
Артына катын албасмын,
Жоодон өлбөй мен калсам,
Артылтып камчы  чаппасмын.
Сенин кызматыңды билермин,
Катыным эмес Айчүрөк,
Мазарым деп жүрөрмүн.
Береги камап жаткан көп жоодон,
Өлбөсөм өчүм алармын.
Менден мурун сен өлсөң,
Айчүрөк башыңа чырак жагармын,
Эчен жерден жаңылдым.
Сенин тилиң ала албай,
Өлүмгө эчен кабылдым.
Манастын уулу Семетей,
Ошондо Айчүрөккө кабылып,
Акундун кызы Чүрөккө,
Ошондо байбиче деп жалынып.
Мына канкордун уулу баатырды,
Камалган жерге таштайбыз.
Кан Коңурбай баатырдын,
Кылган ишин баштайбыз.
Кудай бетин көргөзбө,
Желбиреген сары желек,
Желдеттин колу бир бөлө,
Кылкылдаган сары желек,
Кытайдын колу бир бөлөк.
Алтын желек сыр найза,
Аргындын уулу ар башка.
Кара желек сыр найза,
Калмактын колу бир башка.
Калалуу коргон чарбакка,
Камалып жаткан курган журт.
Камап жатып алмакка,
Эр Коңурбай Эскара,
Кайратты берип калмакка.
Өлгөндөн калган калмакка,
Өлгөндөн калган мусулман
Өлтүрүп кырып өтмөккө.
Учуна чыгып кетмекке,
Кан Коңурбай бекитип,
Кандардын баарын кекетип,
Дөө Коңурбай бекитип,
Улуктун баарын кектип,
Кара буура боз ала,
Туусун жайып түшүрүп,
Өзү жатты чалкалап.
Кең-Колдун чаты Үч-Ала,
Коңурбайды аркалап,
Эскара жатты чалкалап.
Арпанын бети Алача,
Кудай бетин көргөзбө,
Мурадыл элин алыптыр.
Кош түшүрүп туу тигип,
Муну тосуп калыптыр.
Жоргонун бети чоң талаа,
Эр Эшим баатыр барыптыр.
Тиккен терек кара бак,
Отун кылып жагыптыр.
Ойрон болгон курган журт,
Калың кара аскердин,
Камоосунда калыптыр.
Дарбазанын оозуна,
Алтын желек тагыптыр.
-Канкордун уулу эсерди,
Алдап жүргөн мен элем.
Токтосартым Карагул,
Дарбазасын талкалап,
Дарбазанын оозуна,
Карагул жатты чалкалап.
-Эсердин эбин табам -деп,
Келбей койсо кыйкырам,
Багынгын деп чыкырам.
Өлүмдөн корксо келер-деп,

Багындым деп жалынып,
Өзү келип берер-деп.
Айгактуу найза копшотуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Өз аскерин токтотуп.
-Алтын туу жыгылсын,
Кызыталак дардаңдын,
Камоодо жаткан аскери,
Ачкасынан кырылсын.
Ачка болуп өлсүң -деп,
Кудай билет чын болсо,
Жанында караан шери жок,
Баатыр чоро эри жок
Сарайга жаккан шамы жок,
Бар дөбөнүн оюна,
Эки Чаткал жолуна,
Кош түшүрүп туу тигип,
Көкбөрү тосуп жаткан жер.
Күркүрөтүп мылтыкты,
Күндө бир маал аткан жер.
Аскер кайнап толгон жер,
Семетейде шай калбай,
Кең-Кол менен Таласты,
Такыр алып болгон жер.
Күндө түтүн булатып,
Кудай бетин көргөзбө,
Салган уйку кулатып.
Казарманын оозуна,
Алып барган аскерин,
Каршы-терши чубатып,
-Аскеримди көрсүн -деп,
Жүрөгү чыгып өлсүн –деп,
Чыдаса чыгып келсин-деп,
Жыйылып аскер толгон жер,
Жыш ургандай болгон жер,
Калаага аскер толгон жер,
Каршы ургандай болгон жер.
Кең-Кол менен Таласты,
Басып чыгар мал болбойт,
Камоодо жаткан калың журт,
Атаңдын көрү арман күн,
Тиштеп жээр дан болбойт.
Коён жүрөк корккоктор,
Капыр ай ушу жоо жан койбойт.
Казарманын оозуна,
Куш алдырып чөгөрүп,
Калкалап жанын багышат.
Кара чоктуу калмактын,
Камоосунда калышат.
Кысылып жакын барышат,
Кызыл ойрот кытайдын,
Кыстоосунда калышат.
Кудай бетин көргөзбө,
Кытай, калмак аскери,
Көчөгө салып жарышат.
Күндө-күндө күч алып,
Бээжин менен Какандан,
Эр Коңурбай чоң манжу,
-Калгандары келсин-деп,
Жердин жүзүн чиркеген,
Күндүн жүзүн бүркөгөн,
Эрдигимди көрсүн-деп,
Калгандарың кел -деди,
Дин деп турган мусулман,
Кең-Кол менен Таласты,
Жердей турган жер экен.
Жергеме консун-деп,
Жерге ээ болсун-деп,
Коңурбай айтып канча кеп,
Кудай бетин көргөзбө,
Жайыттан жылкы алдырып,
Жерге урду байлатып.
Королотуп койду алып,
Бададагы уйду алып,
Талаадагы малды алып,
Манастын журту сандалып,

-Мен мусулман дегенди,
Бирин койбой алдым -деп,
Эр Коңурбай чамынып,
-Манастын уулу Семетей,
Баатыр болсо келер-деп,
Камап жатып биз алсак,
Жөн багынып берер-деп.
Талаага аскер толгон жер,
Мукураган Таласы,
Калмак,кытай аралаш,
Такыр алып койгон жер,
Сарасын манжу баскан жер,
-Мусулманды чаптым -деп,
Канкордун уулу дардаңдын,
Мунун эбин таптым-деп,
Жай-жайына жаткан жер,
Ак болоттун тукуму,
Алмамбет эрдин тукуму,
Жылкы багып ал жаткан,
Жылытып казы чайнаган,
Түтүнүнө тай сойгон,
Түндүгүнө бээ сойгон.
Securities
Ополдун шаары керүүдө,
Мал семирип ык болгон,
Эки бала бук болгон.
Ат күлүгүн тапташып,
Алыстагы кишиге,
Эр Күлчоро кат жазып,
«Түлөө берем келсин-деп,
Канчоро менен Күлчоро,
Тамашамды көрсүн-деп,
Анжыянга кат салып,
Анын элин чакырып,
Ак боз бээ союшуп,
Түлөө кылып коюшуп,
Таң-тамаша салышып,
Жылкычыга баш болуп,
Семетей берген жылкычы,
Жылкысын жыргап семирип,
Куландай ойноп кулуну,
Тебишип ойноп элирип.
Тамaны жерге таң ашып,
Кудай билет чын болсо,
Семетей салат айтты деп,
Суркоён менен Буурулду,
Үстүнө тердик салдырбай,
Башына нокто суктурбай,
Соруга чымын кондурбай,
Дардаң кылып эки атты,
Улуу-Төрдүн  Кашка-Суу,
Семетей берген жылкычы,
Ак дөбөдөй үй тигип,
Ак чардактай мал күтүп,
Көгүчкөндөй көк ала,
Чыйырчыктай сары ала,
Чыпка куйрук кара ал,
Тобурчагы тогуз жүз,
Толуп калган жери ошол.
Жылкы төлдөп көбөйүп,
Болуп калган жери ошол.
Аргымагы алты жүз,
Жоргосунда эсеп жок.
Канчоро менен Күлчоро,
Жылкы айдап имерип,
-Улуу-Төргө салгын -деп,
Жарым айга баргын-деп,
Астына жылкы салдырып,
Азык-түлүк алдырып,
-Арасы он күн өтсүн-деп,
Семирип калган бээлерди,
Кармап алып сойгула.
Кара этине тойгула.
Казы менен картасын,
Балга кошуп койгула.
Жылкычыга жан берип,
Жыргап жаткын деп,

Жээрине бал берип,
-Силерден кабар болгуча,
Анжыяндын Сынжыбек,
Арта тууган жан экен,
Ар түрдүү жабдык бар экен.
Шала кулак, кемпир ооз,
Мылтыктары бар экен.
Мындан сатып алабыз,
Ушу турган жылкыны,
Кең-Колдун жайык талаага,
Айдап барып салабыз.
Буурул ат менен Коёнду,
Канчоро менен Күлчоро,
Экөөбүз минип алабыз.
Бээжинди барып көрдүк биз,
Жылкы алып келдик биз.
Дагы жортуп барабыз,
Жылдырып жылкы айдатып,
Эки чунак жай жатып,
Олпокторун төшөнүп,
Мамык жаздык башына,
Башта шашып жүрчү эле,
Семетей кууп салды деп,
Эки чунак ойлобойт.
Талас менен Кен-Колдун,
Не болгонун болжобойт.
Бала баатыр Күлчоро,
Канга тууган Канчоро,
Казы, карта чайнашып,
Алышып ойноп мушташып,
Чарчаганда барышып,
Этке тойгон бөрүдөй,
Дардайып жатып калышып.
Обого жылдыз толгондо,
Түндүн жармы болгондо,
Бала баатыр чоро түш көрөт,
Чоң ажайып иш көрөт.
Талас менен Кең-Колдун,
Башы ылдый сен жүрөт.
Асманга чыгып бурулуп,
Аягы өйдө өрт жүрөт.
Аны көрдү Күлчоро.
Байкуш энем Каныкей,
Бир көзүнөн кан агат,
Бир көзүнөн жаш агат.
Абамдын эрке катыны,
Жорго минип созулат,
Чоочун элге кошулат.
Кең-Кол менен Таластын,
Көчөсүндө кан жүрөт,
Талаасында от күйөт.
-Эт жүрөгүм сезди-деп,
Кагылайын абаке,
Эсим чыгып кетти-деп.
Баш көтөрүп кеп айтып,
-Түшүмөн корктум-деп айтып.
Башташ жаткан Канчоро,
Баш көтөрүп өөдө бол.
Түштү көрүп коркомун,
Жүрөгүм туйлап токтобойт,
Айтайын сага баарысын.
Бир жаш улуу сен элең,
Бир жаш кичүү мен элем.
Олуязаада жинди кул,
Түшүнөн чочуп болкулдап,
Түшүн айтып солкулдап.
-Бекер коркуп нетесиң,
Туура келген түшүң-деп,
Кабыл келген ишиң-деп.
Сүйүнүп маңдай жарылбайт,
Коркуп жүрөк айрылбайт,
Мындай түш жанга кабылбайт.
Түшүң жакшы экен-деп,
Талас менен Кең-Колду,
Сел каптаса аркырап,
Жалын күйсө шыркырап,

Баатырдын уулу абаңды,
Дөөлөт басып толгону.
Абасынан канча өөдө,
Арбактуу киши болгону.
Сел каптаса шаркырап,
Башың өскөн турбайбы.
Өрт каптаса жаркырап,
Наамың өскөн турбайбы.
Бир жазылуу кагазы,
Түшүн жоруп көп айтып,
-Катуу чапчып аласың,
Жаткан жерде чочутуп,
Жакшы түштү сен көрүп,
Жаман жолго саласың.
Жатып уктай бергин-деп,
Алаканын жайыптыр,
Бата кылып кол жайып,
Маңдайын сылап Канчоро,
Катуу уктап калыптыр.
Жана чоро баатырдын,
Түшүнө кабар салыптыр.
Көзүн ирмеп түш көрдү,
Жаңкыдан башка иш көрдү,
Жаркыраган чок көрдү,
Күндө атылган  ок көрдү.
Кош жүктөгөн төө көрдү,
Кан Коңурбай дөө көрдү.
Талас менен Кең-Колдун,
Бир да бүтүн талы жок,
Дүмүрөйгөн тамы жок,
Сайып койгон багы жок.
Сакта самап болуптур,
Ким экени билинбейт,
Жерге аскер толуптур.
Караса көзгө илинбейт,
Аркыраган Таластын,
Кала шаар чоң капка,
Бар экени билинбейт.
Казарманын оозуна,
Алтын желек тагылып,
Манастын уулу Семетей,
Баатырдын дайыны билинбейт.
Устаранын мизиндей,
Алакандын бетиндей,
Казарманын ичинде,
Калкап айнек быркырап,
Каныкей ыйлайт зыркырап.
Тараза жылдыз батарада,
Таң агарып атарда,
Канчорого кеп айтып,
Кандай заман болот деп,
Ойлоп жүргөн Күлчоро,
-Айланайын абаке,
Жата бергин-деп айтып.
Кайра тартып келейин,
Кагылайын абаке,
Жылкы баккан жылкычы,
Башчы болгон Бекбосун,
Буга кабар берейин.
Буурул менен Коёнду,
Экөөнү алып келейин.
Биз Таласка барбасак,
Таластан кабар албасак,
Менин көргөн түшүм түш,
Башка түшкөн кыйын иш.
Абакебиз Семетей,
Жаман жолго салды эле,
Жалгыз жатып калды эле.
Кесиреттүү канчыкты,
Катын кылып алды эле.
Канчык жолго салды эле,
Ордосун бөлөк бөлдү эле,
Сарайды бөлөк салды эле.
Тууганы жок, душман көп,
Айланайын абаке,
Эрдиги бар эси жок,

Эчтемеге эби жок.
Катындын тилин алат-деп,
Бизди айдап салат-деп.
Капа болуп этели,
Кең-Кол менен Таласка,
Күндөп-түндөп жетели.
Аргын менен ногойдон,
Жетип кабар алалы.
Каныкей менен Чүрөктүн,
Амандыгын билели.
Манастын уулу абаңдын,
Жаткан жерин көрөлү.
Аман болсо кең Талас,
Зор атабыз эр Манас,
Күмбөзүнө баралы.
Алакан жайып кол жазып,
Куран окуп алалы.
Олуязаада Күлчоро,
Колун суга салган жер,
Бой даарatын алган жер.
Чымырканып калган жер,
Чындап даарат алган жер,
Телкүрөңдү минген жер.
Тараза жылдыз батарда,
Таң кашкайып атарда,
Жылкыны көздөй жүргөн жер,
Ат болушка салган жер.
Таң агарып атканда,
Жолум үйгө барган жер,
Жылкычылар былк этпей,
Кымыз ичип мас болуп,
Уктап атат тырп этпей.
Сары алалуу саны жылкы,
Көк тараша боз адыр,
Ар коктуга жык толуп,
Мал семирип ык болуп,
Чоң Ополдун сайында,
Жылкычылар жайында,
Эл жосуну бек болсун,
Эр Күлчоро кеп айтып,
-Буурул менен Коёнду,
Алып келгин-деп айтып.
Телкүрөңдү чалдырып,
Суркоён менен Буурулду,
Беккожого алдырып.
Коёнду минип камчылап,
Буурул атты жетелеп,
Канчорого барды эми.
Буурул атты алгыча,
Күлчоро кайра баргыча,
Канчоро уктап былк этпей,
Бутун жыйып тырп этпей.
Каңкыларын жазданып,
Эр Күлчоро жаш баатыр,
-Ай абаке, өөдө бол,
Алып келдим эки атты.
Буурул менен Коёнду,
Сүйгөнүңдү мингин-деп.
Биз Таласка барбасак,
Таластан кабар албасак,
Жакшылыгын көрбөсө,
Жамандыгын билбесек,
Каныкейдин сүтү урар,
Кан Бакайдын күчү урар.
Астына арбак салар-деп.
Төрдө турган сабадан,
Күлчоро кымыз куйган жер.
Жашың улуу эле-деп,
Канчорого сунган жер.
Жер таянып кеп айтып,
-Тилеги жок баласың,
Баатыр абаң эси жок,
Каарына каласың.
Минтип жүрсөң өлөсүң,
Бир жамандык көрөсүң.
Минбе деген бууданын,

Эмине алып келесиң.
Сүйгөнүңдү мингин деп,
Бекер жооп бересиң.
Кен-Кол менен Таласка,
Баралы десең баралы,
Башка ат минип алалы.
Манастын уулу баатырдын,
Минбе деген бууданы,
Аты ойноп тоюнсун,
Сорусуна жая алып,
Бооруна май алып,
Өлүп кетсе Семетей,
Кара ашына союлсун.
Деп ошентип Канчоро,
Абам мындан кем эмес,
Анча-мынча чарчабас,
Ат күрөңдү алгын-деп,
Тайкашканы жетелеп,
Муну алып келгин-деп,
Ала көөдөн абаңдын,
Минбе деген аттарын,
Бош агыта бергин-деп.
Агасы Чоро кеп айтып,
Семетейге таарынып,
Тайбуурул менен Суркоён,
Арам өлсүн деп айтып.
Айза кармап сындырбас,
Олуязаада жери бар.
Канчоро кебин макул деп,
Кайра жолго салды эми.
Жылкычыга барды эми,
Буурул ат менен Коёнду,
Мына агыта берди эми.
Айгашканы жетелеп,
Ат күрөңдү минди эми.
Канчоро менен Күлчоро,
Тамактанып алды эми.
Казы карта бышырып,
Куржунуна салды эми.
Таласты көздөй бет алып,
Кошул  таштан аттанып,
Эки кул жөнөп калды эми.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Чыбыр ала кен сайдан,
Чымылдын тартып өттү эми.
Суу акпаган чоң сайдан,
Сурнай тартып өттү эми.
Марал ойноп токтогон,
Келип мерген атпаган,
Кечээ Акшумкарды алганда,
Артынан издеп барганда,
Күлчоро катка салыптыр,
Жолду каттап калыптыр.
Адам жүрбөс жолдорго,
Адис болуп калыптыр.
Жан жүрбөгөн жол менен,
Башка жолго салды эми.
Күнү-түнү төрт күндө,
Таласка жакын барды эми.
Эки жинди токтошуп,
Бор дөбөнүн кара саз,
Ат жайдактап ойносун,
Азык-түлүк алышып,
Өз астына жайышып,
Тамагын жеп тоюшуп,
Атка минмек болушуп.
-Коён жүрөк коркок-деп,
Копол өскөн чоркок-деп.
Менин көргөн түшүмдү,
Өңүмдө көрчү ишимби,
Барса коркуп алат-деп,
Мандайы жазык ичи заар,
Башка өскөн жан эле,
Заарлыгы болбосо,
Баатырлыгы бар эле.
Баатыр шордуу толгонуп,

Башка акыл ойлонуп,
Канчородой абасын,
Өзүнөн сулуу агасын,
Агасына кеп айтып,
-Кагылайын абаке,
Минип келген Айгашка,
Басты беле солкулдап.
Сен кыйналып калдың го,
Ээр алып жазданып,
Канчорого көп айтып,
Жата бергин-деп айтып.
Бор дөбөнүн кош сеңир,
Эр Күлчоро жинди кул,
-Сен сеңирге барайын,
Кой кайтарган койчудан,
Бада бакаан уйчудан,
Четинен кабар алайын.
Жайкып болсо кең Талас,
Кабар угуп келейин,
Сизге кабар берейин.
Эр Күлчоро аттанып,
Канчорону жаткын деп,
-Атка минип  чайкалып,
Жаман болуп калдым-деп
Телкүрөңдү минген жер,
Кош сеңирге келген жер.
Мемиреген талаасы,
Күлчоро көрүп алган жер.
Көзүнө айнек салган жер,
Бээжинден аскер келиптир.
Кудай бетин көргөзбө,
Кара жолтой Таласты,
Кагыратып салыптыр.
Көрүп турса Күлчоро,
Катын менен кыздарды,
Олжо кылып алыптыр.
Караламан кол жатат,
Жайнаган калың эл жатат.
Жети асаба кол жатат,
Жерге батпай эл жатат.
Алты асаба кол жатат,
Таласка аскер толуптур,
Таласта жаткан көп журтту,
Такыр алып болуптур.
Салган үйдү талкалап,
Каңгыратып коюптур.
Кайнаган калың кол жүрөт,
Кан Эскара чоң жүрөт.
Жыйылган калың эл жүрөт,
Коңурбайдын иниси,
Эр Эшим деген эр жүрөт.
Жолой деген дөө жүрөт,
Кең-Кол менен Таласта,
Аскер ойноп жөө жүрөт.
Жерге батпай жайнаган,
Адамды койдой айдаган,
Атышкан аман калбаган,
Боз түшүрүп тоо тиреп,
Топчулап жерди алыптыр.
Кудай билет чын болсо,
Алакандай Таласка,
Аскер батпай калыптыр.
Баатыр жинди чоронун,
Жүргөнүнүн айбы жок,
Аргын менен ногойдун,
Кайда жүргөн дайны жок.
-Башы ылдый аркырап,
Сел каптаган ушу -деп,
Аягы өйдө жаркырап,
От каптаган ушу -деп.
Уйкуда көргөн ишим-деп,
Уктап көргөн түшүм-деп.
Атаны арман дүнүйө,
Аскер келип жабылган,
Манастын уулу эр абаң,
Кандай күнгө кабылган.

Мен Бээжинден кайтам-деп,
Канчорого айтам-деп.
Акылы көп Күлчоро,
Кайра алып кетем -деп.
Суркоён менен Буурулду,
Мен өлбөсөм жетем-деп.
Кайра тартып алган жер,
Канчорого барган жер.
Күлчоро кайра баргыча,
Атка тердик салыптыр,
Жатат деген Канчоро,
Артынан ээрчий барыптыр.
Баарын көрүп Күлчоро,
Канчорого кеп айтып,
-Кайталы аба-деп айтып.
Агасына дагы айтып,
Тилеги жок дардаңдын,
Тиштегени ун болгон,
Тиктегени жок болгон.
Кармаганы ун болгон,
Караганы жок болгон.
Катыны күлүк байлаган,
Казыдан куйрук чайнаган.
Кең-Колго кербен коннуптур,
Соодагер кербен көп келип,
Базар ачып коюптур.
Келин-кыздын баарысы,
Кой жетелеп мал сайып,
Баары келип буралып,
Башайы барча бул алып,
Эрке жеңем Чачыкей,
Каалганына кубанып,
Жүрү көйнөк желбегей,
Асыл көйнөк ак жака,
Ай далыга салыптыр.
Соодагер кербен аралап,
Сооп кылып калыптыр.
Аны көрүп этели,
Жүргүн кайра кетели.
Жылкыбызга баралы,
Жорго менен күлүктөн,
Бөлүп айдап алалы.
Сыйыналы Мустапка,
Анжыянга саталы.
Биз да базар ачалы,
Ополдун сары талаага,
Оюбуз менен жаталы.
Жүргүн аба кайталы,
Деп ошентип Күлчоро,
Канчорого кеп айтып,
-Кайталы аба -деп айтып.
Бу Канчоро оңбогур,
-Ойноп айткан кебиңби,
Сен көргөндү мен көрсөм,
Бузулуп калат дедиңби,
Жасап тапкан эбиңби
Сен көргөндү мен көрсөм,
Жаман болот дедиңби.
Канчоро коркуп кеп айтып,
Адам шагын сындырбас,
Күлчорого бек айтып.
Эмине мени алдайсың,
Дардайсың эр десе,
Акмак бала кандайсың.
Абаңды кудай урганда,
Кең-Колдон бизди кууганда,
Кабарды калдай алганбы.
Эси жок абаң Семетей,
Эчак алып калганбы.
Кырган экен элиңди,
Капкандай чаап белиңди.
Кытай алган турбайбы,
Кең-Кол, Талас жериңди.
Кан Коңурбай чоң көрүп,
Кайнаган калың кол көрүп,
Мени кантер экен дедиңби.

Жашың кичүү сен элең,
Сенден улуу мен элем.
Бет алышып жоо сайсак,
Оңолбогон Күлчоро,
Сенден кайдан кем элем.
Талас бизге жер болбойт,
Келген жоо соо койбойт.
Кайра тартып кетели,
Биз Ополго жетели.
Көп жылкыны чачалы,
Жылкынын көбүн саталы.
Биз турбайлы бу жерге,
Күн батыш көздөй качалы.
Камбардын уулу Канчоро,
Кайраттанып кеп айтып,
Күлчорого бек айтып.
Мажиктин уулу эр бала,
Белге жашык садага,
Манастын уулу абама,
Мен боломун садага.
Бул эмине дегениң,
Канчоро бокту жегениң.
Таласты душман алды деп,
Семетей өлүп калды деп,
Өлсө кунун куубасак,
Кан Бакайдын күчү ургур,
Каныкейдин сүтү ургур.
Келген  жоодон бир коркуп,
Кетебиз деп айтасың.
Ажал жетсе өлөрбүз,
Акыретти көрөрбүз.
Тагдыр этсе жетербиз,
Кармашып аткан калдайдын,
Огуна учуп кетербиз.
Өлсөк шейит кетербиз,
Маңдайында багы бар,
Баатырлыгы дагы бар.
Кайра тартып баралы,
Буурул ат менен Коёнду,
Бул экөөнү алалы.
Эбин тартып келели,
Баатырысынган калмактын,
Эрегишин көрөлү.
Казармада эл жатат,
Кайраттанып кеп айтат.
-Оңолбогон Күлчоро,
Бул айтканың эп эмес,
Мен угуучу кеп эмес.
Жети боору бир койду,
Жесе тарпы калабы.
Айбалта, кылыч колдо жок,
Атуучу мылтык жондо жок,
Же зоот чопкут ойдо жок.
Адырандап күүлөнүп,
Бөөдө өлүмгө барам деп,
Барып уруш салам деп,
Өлүп калса эсердин,
Барып өчүн алам деп.
Бул айтканың жаман кеп,
Башка түшкөн мүшкүл –деп.
Кармап кытай колуна,
Кайраттанып айтасың,
Түшөсүң жайган торуна.
Чогоол чогоол кеп айтып,
Канчоро чочуп бек айтып,
Кармап турган Күлчоро,
Бир жаш улуу Канчоро,
Жаман сөзүн уккан жер.
Кудай билет чын болсо,
Камчы кармай калган жер.
Эр Күлчоро кашка шер,
Канчорону салган жер.
Талма тийген эмедей,
Канчородой абасы,
Талып жатып калган жер.
Башка бала эрдигин,

Баатыр чоро шердигин,
Жаман сөзүн уккан жер,
Угуп жаны чыккан жер.
Канчоро айткан жаман кеп,
Сөөгүнө баткан жер.
Бала чоро эр баатыр,
Бир жаш улуу агасын,
Камчы менен чапкан жер.
Эр Канчоро агасы,
Кан четине баткан жер.
Эси ооп эндиреп,
Эр Канчоро жаткан жер.
-Мен келгиче жатсын-деп,
Канчорону байлады.
Эки колун капшыра,
Эр Күлчоро жинди кул,
Эси чыккан абасын,
Жыга чаап жайлады.
Аткүрөң менен Телкашка,
Байлап салып агасын,
Кайрылып жолго салган жер.
Жылкыны көздөй бет алып,
Күлчоро жүрүп калган жер.
Кара жанга күч келип,
Күнү-түнү төрт күндө,
Жарым айлык жолго,
Күлчоро жетти ошондо.
Тайкашка менен Телкүрөң,
Соорусунан тер агып,
Таманынан кан агып,
Оңдо солоп ат минип,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Ополго жете барганда.
Экөө көздөй калганда,
Жылкычыга кеп айтып.
Мынабу эки бирдей бууданды,
Каргага канын чокутпай,
Итке сөөгүн кемиртпей,
Жегиле этин –деп айтып.
Көрдүм аттын пайдасын,
Аттын башын алдырып,
Атасы Манас баатырдын,
Арбагына чалдырып.
Баатыр бала Күлчоро,
Жылкычыга кеп айтпай,
Жыргай бергин-деп айтпай.
Буурулга тердик салган жер,
Коёнду коштоп алган жер.
Кичинекей уйку албай,
Жатып уктап тынч албай,
Жоону көрүп дегдеген,
Атасынан абасын,
Жоолашып киши жеңбеген.
Калмакты көрүп дегдеген,
Атасынан абасы,
Кармашып киши жеңбеген.
Ак болотту дат алган,
Ак эшен деп аталган,
Жашынан баатыр атанган,
Улам алып учуртуп,
Айтып жүргөн кеби бар.
Колтурмачта чагында,
Кол токтоткон жери бар.
Ополдон кайра жүргөн жер,
Катуу жолго салган жер.
Жол бааналап алган жер,
Арстан бала Күлчоро,
Өрүү болуп токтолуп,
Коён менен Буурулду,
Азганакай оттотуп.
Жалынып кудай арбакка,
Эти оор эки аттын,
Этин тартып алмакка.
Айбандан башка мал эле,
Эр Күлчоро баатырдын,
Билгендиги бар эле.

Чоң Үргөнчтөн өттү эле,
Куру сайга жетти эле.
Шамалы бар шуулдап,
Камыштын башы шарпылдап,
Сары ташка салды эле,
Алты күнү токтолуп,
Атты байлап калды эле.
Астына ээри тартылып,
Коён менен Буурулдун,
Ичи ачылып калды эле.
Суркоёнду минди эле,
Буурул атты жетелеп,
Туура жолго кирди эле.
Кашка жолго салды эле,
Кара жолду бойлобой,
Башка жолго салды эле.
Эгиз-Төргө барды эле,
Эки конуп калды эле.
Чыйырчыктан өттү эле,
Чыбыр ала адырга,
Баатыр чоро жетти эле.
Тереги бар мунарга,
Токою бар тынарга,
Жекени бар бурулган,
Камышы бар кубулган.
Шибери бар жайылган,
Арка, кулжа топтогон,
Ар түрлүү кийик оттогон.
Баатыр бала Күлчоро,
Кудай билет чын болсо,
Ошо жерге токтогон.
Аттын этин ачырып,
Баатыр бала Күлчоро,
Анда конуп өттү эле.
Кара шаар Таласка,
Он алты күндө барды эле.
Канчоро аман барбы деп,
Тегерегин чалды эле.
Баатыр бала чоронун,
Кылганынын айбы жок.
Байлап кеткен агасы,
Кайда кеткен дайны жок.
Кайсы жакка кетти деп,
-Абакелеп бакырып,
Маа таарынып алдыбы,
Жашынып жатып калдыбы,
-Кел бери –деп чакырса,
Суур казган ийин жок,
Чечип койгон кийим жок.
Бу Күлчоро кеткенде,
Байлаган жиби үзүлүп,
Камбардын уулу Канчоро,
Басып жолго салыптыр.
Бакайды көздөй бет алып,
Канчоро кетип калыптыр.
Байлаган жиби чечилип,
Жаткан жерде калыптыр.
Баатыр бала, эр чоро,
Жолдошунан айрылып,
Жоону көрүп камынып,
Же сая турган айза жок,
Же чаба турган  кылыч жок,
Манастын уулу Семетей,
Эки кулду кууганда,
Жолооруна жоосу жок,
Элдерине эли көп,
Каш кайтарар душман жок,
Таманга тиер тикен жок,
Кабарды калдай алганы.
Эки кулдан айрылып,
Семетей жалгыз калганы.
Бээжинден колду жыйганы,
Жайкын жаткан көп журтту,
Коңурбай келип кырганы.
Семетей колу жогунан,
Күлчоро менен Канчоро,

Бул экөөнүн жогунан,
-Эми барсам алам -деп,
Кең-Таласты жер кылып,
Кан көтөрүп келем-деп.
Мурадыл деген балага,
Бу жерди билип жаткын деп,
Бого буйрук берсем деп,
Калдайдын келип калганын,
Буралып барган кагазды,
Кабарды алды жалганын.
Жайкын жаткан көп журтту,
Камкыратып  салганы,
Калдайдын келип турганын,
Көрдүңбү мунун кылганын.
Эр Күлчоро баатыр кул,
-Атаңдын көрү дүнүйө,
Зоотум болсо боюмда,
Жоо жарак болсо колумда.
Дөгүрсүгөн калмакка,
Жалынбайт белем арбакка.
Кылбайт белем кызыкты,
Салбайт белем бузукту.
Колунда жабдык жогунан,
Семетей колу шогунан,
Жогору токтойт Күлчоро,
Карагайлуу Чаткалды,
Кара-Суу адыр жатканды.
Буурул менен Коёнду,
Муну байлап салды эми.
Жоруп аттар калды эми,
Аттарга баткак жапты эми.
Эр Күлчоро жинди кул,
Ары басып толгонуп,
Ойлонуп акыл тапты эми.
Карагайлуу капталга,
Кырктан аскер жатканда,
Эр Күлчоро акылман,
Абакеси кан Бакай,
Жаш кезинде маш кылып,
Куйругунан токуткан,
Ар түрлүү тилди окуткан.
Ээрчитип кийик аттырган,
Ар түрлүү ишке маш кылган.
Которуп кийим кийгизген,
Абакеси кан Бакай,
Тумандын тилин билгизген.
Карыга айза сүйрөткөн,
Жайчынын жолун үйрөткөн,
Садагасы кетейин,
Адамдан башка эби бар,
Айбакеси үйрөтүп,
Атакеси Алмамбет,
Ошонун жайын үйрөтүп,
Окуп калган жери бар.
Эр Күлчоро толгонуп,
Көптөн кийин ойлонуп,
Асмандан булут бурултуп,
Алты сай мөндүр төгүлтүп,
Жаан жаап муз болуп,
Жайдын күнү кыш болуп.
Бөксөсүн мөндүр каралап,
Жакасын жамгыр суу алып,
Күн бүркөлүп жылбай,
Жаан жаап басылбай,
Асманда булут бурулуп,
Кудай билет чын болсо,
Жаандын түрү бузулуп.
Аккан сууну муз кылып,
Жайкын жаткан аскерди,
Кыңшылатып кыз кылып,
Ат кесерден кар кылып,
Адамдын баарын таң кылып.
Жерге мөндүр толтуруп,
Жер жайнаган аскерди,
Кайыктырып болтуруп.
Калмак кытай аскери,

Ат жалын тартып мине албай,
Айгайлашып жүрө албай.
Башындагы малакай,
Баса кийип алган жер.
Мөндүр жаап кар түшүп,
Алмамбет жайын үйрөнүп,
Баатыр чоро салган жер.
Арча менен карагай,
Аралап басып барган жер.
Калмак менен какылдап,
Кытай менен кыңшылап,
Күлчоро ырдап калган жер.
Кайнап аткан көп аскер,
Калмактын ырын уккан жер.
Айбалта алып колуна,
Жип курчанып белине,
Арча  аралап баруучу,
Барып отун алуучу,
Эки кытай, үч шибээ,
Бешөө чыгып барган жер,
Барып отун алган жер.
Айбалта менен чапкылап,
Жыгач чаап каккылап,
Бешөө чыгып барганда,
Баатыр бала Күлчоро,
Барып кармап алганда,
Атабыз Манас баатырдын,
Алмамбет менен Чубактын,
Серек менен Сыргактын,
Ажыбай менен үрбүнүн,
Таманынан чыкпа деп,
Айланса болот алдага,
Мойнун толгоп өлтүрүп,
Бешөөнү кармап жай кылып,
Берен чоро шер баатыр,
Өзү башка кам кылып,
Аскердин киймин кийген жер.
Адегенде Күлчоро,
Бешти өлтүрүп ийген жер.
Башына телпек алган жер,
Баатыр бала Күлчоро,
Калп эле калмак болуп калган жер.
Калмак болуп какылдап,
Кайгайлап ырдап жакындап.
Кытай болуп кыңылдап,
Мөндүдөн башка эби бар,
Кайнаган калмак кытайды,
Жөө басып аралап,
Баатыр бала Күлчоро,
Ичине кирген жери бар.
Тайбуурул менен Коёнду,
Баткак шыбап боюна,
Баатыр бала чоронун,
Ар кандай түшүп оюна,
-Абакең дардаң болбосо,
Жоо-жарак болсо колумда,
Зоотум болсо боюмда.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Минбейт белем Буурулду.
Баатыр бала Күлчоро,
Батынып жоого кире албай,
Баягыдай тил албай.
Качырып жоого кире албай,
Кадимкидей тил албай.
Кара жанга күч келип,
Буурул менен Коёнду,
Аса байлап салган жер.
Калың кара кытайды,
Жөө аралап барган жер.
Жөн аскер өңдөнүп,
Күлчоро кабар алган жер.
Баатырына бара албай,
Барарга айла таба албай.
Кокус билип коёт деп,
Төбөсүнө шоңшойтуп,
Телпек кийип алган жер.

Баатыр бала Күлчоро,
Абасынан дайны жок,
Калаа саала көп аскер,
Бу Күлчоро барган жер.
Акташтын асты оюнда,
Аккан суунун боюнда,
Жабуулап алтын жаптырган,
Замбирегин жаткырган.
Мубаласын чыгарган,
Жер көрүнүп турсун деп,
Жерге батпай жайнаган.
Эл көрүнүп турсун деп,
Калмактан чыккан Эскара,
Калаасына барсам- деп,
Айбалтабы, кылычпы,
Бирөөнү эптеп алсам -деп,
Кайрылып атты минсем -деп,
Калмакка анан кирсем -деп,
Көп аскерди аралап,
Бир кудайды мааналап,
Барар жерин дааналап,
Калмак болуп каңкылдап,
Катуу ырдайт Күлчоро,
Кыздай болуп кыңкылдап,
Жер коңуздай шыңкылдап,
Кыйын ырдайт Күлчоро.
Калмак менен кытайча,
Баатырдын дайны билинбейт.
Эр Күлчоро баатырдын,
Эки көздө каны бар,
Кокус билип коёт деп,
Башындагы телпекти,
Баса кийип алган жер.
Калың аскер солонду,
Күлчоро барып аралап,
Барып чалгын чалган жер.
Эскараны көргөн жер,
Эптеп жетсем жанына,
Даяр жаткан замбирек,
Так он эки бир катар,
Жана кошо дагы атар.
Жазайылды жаткырып,
Даяр кылып салыптыр.
Кашкулак менен суурдан,
Азык кылып алыптыр.
Майын шимип ал деп,
Алтын ооз көөкөрдө,
Арак жутуп алгын деп,
Адамдан арагы көп экен,
Жаткан экен чалкалап,
Мусулманды талкалап.
Азили арстан баатыр шер,
Атасы жандан артык эр.
Көзүн кытай көрөт деп,
Көрсө билип коёт деп,
Көп көрүнбөй көзүнө,
Кайра басып барган жер.
Калмак менен кытайдын,
Караламан аскердин,
Казармага барарга,
Калган элди табарга,
Барар жерин дааналап,
Бир кудайды мааналап,
Суркоёнду токунуп,
Күн баткыча отуруп,
-Түн жамынып барам -деп,
Караламан аскерди,
Түз аралап алам-деп.
Жабдык тийсе колума,
Жараткан салса оңуна,
Анан уруш салам-деп,
Даарат алып камынып,
Беш убакты намазды,
Бешим окуп бүтүрүп,
Периште мунун жолдошу,
Мемиреген аскерге,

Кирмек болду күтүнүп.
Куптан окуп камданып,
Кудуретке жалбарып,
Намаз окуп камданып,
Жаратканга жалбарып,
Кайнап аткан аскерге,
Ат жетелеп шаңданып,
Жаңы жетти камданып.
Аты башка экен деп,
Көргөн аскер таң калып.
Катуу сүйлөп баркылдап,
Катуу сүйлөп даңкылдап,
-Алакандай Таласты,
Албайт  деген эмине.
Манастан калган сарайга,
Кирбейт деген эмине.
Алакандын бетиндей,
Кызыталак ит мурут,
Казармага барды-деп.
Жакын бекке салды-деп,
Жайкып жаткан болобу,
Жан бекитип жатат-деп.
Барбаса иши оңобу.
Эр Күлчоро жинди кул,
Алмак болуп бакырып,
Суркоёнду токунуп,
Түшө калып Күлчоро,
Калмак менен кытайдын,
Жүктөп жүргөн бурканы,
Бурканына сыйынган,
Эр Күлчоро жинди кул,
Кытай болуп чокунуп,
Кайра атка минген жер,
Бекемилди салган жер.
-Кара алмага киремин,
Кызыталак бурутту,
Кармап алып келемин.
Өлтүрөбү коёбу,
Коңурбайга беремин.
Түмөндөгөн калмактын,
Түгөл деген уулу бар.
Баатыр жинди салганда,
Кайнап аткан аскерди,
Бул аралап барганда,
Деп Эскара кеп айтат,
-Кайсы калмак уулу-деп,
Коё бергин муну-деп.
Кайраты бар жан экен,
Өлсө өлүп калар-деп.
Өрт күйгөндөй күчөгөн,
От жаккандай түтөгөн,
Өткүрлүгү бар экен,
Баатыр болчу бала экен.
Дөө Эскара жар салып,
Кабар айтып турган жер.
-Кандай күндө болом-деп,
Кундак алып колуна,
Токмок катып койнуна,
Карашыдан алыптыр,
Жыгач токмок манжалап,
Колтугуна колтуктап,
Жабдык кылып алган жер.
-Жабуу, жабуу, жабуу-деп,
Жайнап аткан кытайга,
Кайнап аткан калмакка,
Баатыр чоро барган жер.
Кендир чатыр, кош чогуң,
Эскаранын элине,
Эптеп жакын барган жер.
Алты аскер, төрт жайсаң,
Эскараны кайтарып,
Мылтык асып ийнине,
Кылыч алып колуна,
Дөө Эскара чоңуна,
Замбиректин жанында,
Алтымыштан аскер бар,

Бала Чоро, эр баатыр,
Ат жетелеп окшондоп,
Жакын барды соксондоп.
Чатырына жетүүгө,
Айбалтабы, кылычпы,
Эптеп алып кетүүгө,
Айла кылды Күлчоро.
Айланса болот алдага,
Эр Эшим деген калмакка,
Эскараныр жолдошу,
Этеп жетип жакындап,
-Капырай түрү башка экен-деп,
Колуна чынжыр алдырбай,
Коштоосуна бардырбай,
Астындагы минген ат,
Жанындагы башка ат,
Ажырабай такылдап.
Айланайын Буурул ат,
Бирге жүрөт жакындап.
Эр Эшим кыйкырат.
-Токто,токто,токто-деп.
Күлчорону чакырат.
Эр Күлчоро турабы,
Айткан кебин угабы.
Тегеренип толгонуп,
Терең акыл ойлонуп,
Кайра айланып толгонуп,
Садагасы кетейин.
Канча акыл ойлонуп.
Атаганат дүйнө күн,
Он жетиде жашында,
Балтыр эти толгондо,
Багалеги бутуна,
Батпай турган чагында
Жоболондуу Күлчоро,
Жатпай турган чагында,
Кара жерди кар кылып,
Кардын үстүн кан кылып,
Жүрө турган чагында.
Дин мусулман пендеси,
Биле турган чагында.
Кайра тартып камынып,
Какан менен Бээжинге,
Кире турган чагында.
Семетейдин кылганы,
Күлчорону кууганы,
Чоң текебер кылганы.
Баатыр бала эр чоро,
Кайра тартып алган жер.
-Сен эмине дейсиң-деп,
Эр Эшимге барган жер.
Жаркыны күндөй көрүнүп,
Жакын жетип калган жер.
Оң көзүндө себи бар,
Сол көзүндө айнек бар,
Баатыр Чоро экенин,
Билип койду Эскара.
Колуна мылтык алгыча,
Ыргып кобо калгыча.
Койнундагы токмокту,
Оң колуна алды эми.
Олуя пири жанында,
Эскаранын жолдошу,
Ишин кудай оңдочу.
Токмок менен урду эми,
Төбөсүндө шокшойгон,
Алтын калпак, жез телпек,
Алыс уруп коюптур,
Кара чачын жулду эми.
Кабар берип бакырып,
-Баягы Чоро экен-деп,
Кармагын-деп чакырып,
Ала моюн жез таман,
Кудай бетин көргөзбө,
Эскара атка минди эми.
Эр Күлчоро олуя,

Кудай салып оңуна,
Алмак болуп бакырып,
-Мына Чоро, мына-деп,
Эр Күлчоро шер баатыр,
Астынан кирип келгенин,
Камчы менен жыга чаап,
Бура тартып камчылап,
Буурул атты минген жер.
Баатыр бала Күлчоро,
Туура сууга келген жер.
Белине кур чалган жер,
-Мына Чоро, мына-деп
Карма. Карма-деп,
Калмак болуп кыйкырып,
-Дарба, дарба, дарба-деп,
Келип калган экен-деп,
Кан Коңурбай чоң манжу,
-Эскара уруш салды-деп,
Эл удургуп калды-деп.
Асманга жылдыз толгондо,
Түн ортосу болгондо.
Бу аскердин чоңдору,
Катар угуп козголуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Асмандагы жылдыздай,
Ок атылып чок болуп,
Олуязаада Күлчоро,
-Мына Чоро, мына-деп,
Как астына келгенин,
Капталынан качырат.
-Карма, карма-дегенин,
Камчы менен сулатып,
Канчаларын кыйратып,
Кудай бетин көргөзбө,
-Мына чоро, мына-деп,
Анда Чоро, анда-деп,
Кыйгактуу найза алышып,
Калмак кытай аскери,
Ушу Чоро экен деп,
Бири-бирин сайышып.
Кыйгактуу найза кыйылып,
Ушу Чоро экен деп,
Айза тийип этине,
Бири-бирин жыгышып.
Түн ичинде буркурап,
Кудай бетин көргөзбө,
Мылтык атып тарсылдап,
Замбирек атып заңкылдап.
Калдайдын айткан кеби бар,
Кан Коңурбай баатырдын,
Күлчородон шеги бар.
-Элчи бала оң кылбайт,
Жанындагы дөөлөргө,
Кайраты катуу шерлерге,
Жоо дегенде дегдеген
Жолдош болчу эрлерге,
Чоң Коңурбай эр манжу,
-Күлчорого сак бол-деп,
Айтып жүргөн кеби бар.
-Семетей деген бир неме,
Күлчоро деген эр неме.
Келип калган экен-деп.
Алгара минип алкылдап,
Алтын айдар кара чач,
Аркасында жаркылдап.
Очогор аты тарсылдап,
Алыста жаткан чоң манжу,
Жете келди Кең-Колго.
Кең-Колдун бою кара суу,
-Мына Чоро, мына-деп,
Айгайлаган ызы-чуу.
Алгарага камчы уруп,
Шер Коңурбай караса,
Айза тийбей, ок тийбей,
Сулап жаткан эчен бар.
Атка минип жоо тийбей,

Кулап жаткан эчен бар.
Маңдайына келгенди,
Баатыр Чоро кулатып,
Кармай албай kутказып,
Кетмек болду Чоро деп,
Калмак кытай аскери,
Бири-бирин кыйратып,
Баатыр Чоро, шер баатыр,
Эчендерин өлтүрүп,
Чапкан экен кулатып.
Кең-Колдун чети боз талаа,
Буурул атты такымдап,
Эр Күлчоро шер баатыр,
Кудай билет чын болсо,
Кирип барды жакындап.
Жакын жетип калганда,
Таң агарып атканда,
Казармада дарбаза,
Карагул тосуп жатканда.
Алгара минип созулуп,
Аман кирсе оңбойт деп,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Астындагы Алгара,
Туу куйругу жайылып,
Туягы жерге сайылып,
Жал куйругу жайылып,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Жакын жете камынып,
Жетип айза саларда,
Зооту жок чорону,
Айдалыга саярда,
Жагалмайбы чымчыкпа,
Жалаган айтып койбосок,
Жандап жүргөн Суркоён,
Ыргып мине калган жер.
Суркоён атка жеткизбей,
Жанындагы Тайбуурул,
Капталынан кабышып,
Кармаймын деп жабышып.
Оро төбө жел туяк,
Асыл мингич Тайбуурул,
Астынан чыга калганда,
Минип жүргөн аттарды,
Кере чапчып белинен,
Көтүнөн келген кишини,
Кош аяктап тепкилеп,
Кудай бетин көргөзбө,
Дарбазага жете элек,
Тайбуурулду жетелеп,
Кара жанга күч келип,
Канга тууган шер баатыр,
Баабедин деп бакырды,
Ошондо Манастап ураан чакырды.
Акундун кызы Айчүрөк,
Мунарга чыгып алыптыр.
Ошондо жайкып жаткан көп аскер,
Кудай бетин көргөзбө,
Будуң чаң түшүп калыптыр.
Айчүрөк чыгып караса,
Чан созулуп асманга,
Суркоён минип бакырып,
Олуязаада атасы
Атын айтып чакырып,
Акундун кызы Айчүрөк,
-Баатыр уул келди-деп,
Бир кудай чындап берди-деп,
Чыңырып үндү салган жер.
Түшүмө кирген кеп эле,
Күлчоро кайдан келсин деп,
Канкордун уулу Семетей,
Ыргып кобо калган жер.
Семетей кийим кийгиче,
Алда деп атка мингиче,
Акканкы токуп камданып,
-Кудай уруп салды -деп,
Казармада турган журт,

Аскер дүрбөп калды деп,
Эси чыгып солкулдап,
Эл жүрөт коркуп болкулдап.
Жер жарылып буу чыгып,
Кудай бетин көргөзбө,
«Карма» деген чуу чыгып.
«Баабедин» деп бакырып,
Баягы баатыр Чоро унчугуп.
Канкордун уулу Семетей,
Аккелте мылтык алган жер,
Сепилге чыгып барган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Семетей чыгып караса,
Пир колдогон Күлчоро,
Алгара менен созулуп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Беттеше жүргөн эр эле,
Кездеше турган неме эле.
Эр Күлчоро баатырдын,
Көтүнөн түшүп калган жер.
Канкордун уулу Семетей,
Ажал жетпей киши өлбөйт,
Мунарадан учуп түшкөн жер.
Бу Күлчоро экен деп,
Энекеси Каныкей,
Башын жөлөй калган жер.
Баатыр Чоро бакылдап,
«Манас» деп үнү жазылбай,
Кыйкырыгы басылбай,
Кыйкырган үнү жазылбай,
Күлчоро жетип жакындап,
Айдалыга салууга,
Казармага жеткизбей,
Чорону сайып алууга,
Коңурбай жетти такымдап.
Эми жетип киреерде,
Казарманы кайтарган,
Кадимки баатыр Карагул,
Алтын жаа болот ок,
Тартып турган жери ошол.
Жанындагы Чорону,
Атып турган жери ошол.
Сол колунун булчуң эт,
Таарый атты Карагул.
Оң жагында кабырга,
Каарый атты Карагул.
Жетип Калча саярда,
Коңурбай сайып каларда,
Каалга тартып шарп этип,
Аккелте алып заңк этип,
Көкала минип балкылдап,
Баатырдын уулу Семетей,
Көчөгө чыкты жаркылдап,
Көтүнөн Айчүрөк келди такылдап.
Асманда булут бузулуп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ала көөдөн төрөсүн,
Чылбырды кармай калган жер,
Чыркырап үндү салган жер.
Капталынан кан агып,
Айланса болот арбакка,
Күлчоро кирип барган жер.
Семетей, Чоро баш кошуп,
Экөө чыкса койбойт деп,
Караламан көп аскер,
Дүрдүгүп качып калган жер.
Семетейди жетелеп,
Акыреттик жолдошу,
Кайра алып барган жер.
Эр Күлчоро кайран шер,
Энеси чыгып астынан,
Баатыр бала Күлчоро,
Каныкейди көргөндө,
Эси ооп жатып калган жер.
Казармада жаткан эл,
Кагылышып аткан эл,

-Берди кудай берди-деп,
Периште Чоро келди-деп.
Чуркурашып жүгүрүп,
Жоону жеңип алгандай,
Жоболоңдуу чоң кытай,
Муну жеңип салгандай,
Чуркурашып ыйлашып,
«Баабедин» деп бакырып,
Баары калбай ыйлашып,
Курган журтту көргөндө,
Энесин көрүп алсырап,
Жатып калды дүйнө күн,
Баатыр Чоро кансырап.
Мына камаган жоонун кордугу,
Мына кан Коңурбай чоңдугу,
Мына калмактын кылган зордугу.
Баатыр Чоро келгенде,
Баабединге чалууга,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Басып жүргөн мал таппай,
Кордукту көргөн эл ошо.
Манастын уулу Семетей,
Каныкейге ээ бербей,
Калың элге баш бербей,
Араңдан жаткан Чорону,
-Эгизим сенден айрылып,
Мен ошону көрдүм-деп,
Белиме саадак кадалат,
Жараткан алда бир кудай,
Пендем деп мени жасасаң,
Мына бу Чорого кылган садага,
Жаныма саадак кадаба.
Жаратканың чын болсо,
Мына бу Чоромо кылгын садага.
Коргошундай көйкөлүп,
Эрип ыйлайт Семетей.
Семетейди көргөндө,
Араң жан болгон калың журт,
Кейип ыйлайт буркурап.
Акундун кызы алганы,
Астына Каныкейдин барганы.
Бу кудуреттин буйругу,
Манастын уулу баатырды,
Акундун кызы Айчүрөк,
Колдон тартып алганы.
Баатыр бала Күлчоро,
Баш көтөрүп кеп айтат,
-Кагылайын  абаке,
Жана эмине дедиң сен,
Эминени көрдүң сен.
Болсо күндү байладың,
Өлүп кете таштадың.
Кайратыңды кылгын-деп,
Кайраттанып тургун-деп,
Жаш кезинде кан ичкен,
Садагасы кетейин,
Пендеден башка жаралган,
Энекеси Каныкей,
Оң эмчегин эмизген.
Канчоро менен Күлчоро,
Билбегенди көп айткан,
Эгиз туудум деп айткан.
Баш көтөрүп Күлчоро,
Каныкей колдон алганда,
Мандайын сылап энеси,
-Ыраазымын кудайга,
Каныкей басып барганда,
-Ажал жетип күн бүтсө,
Айланайын энеке,
Албай койбойт кара жер.
Бу дүнүйө шум жалган,
Өлбөй адам ким калган.
Ажалдуу киши өлүүчү,
Азапты киши көрүүчү.
Алда таала жалгыздын,
Жазганына көнүүчү.

Камоодогу калың журт,
Чуркурашып көрүшүп,
Күлчорону өбүшүп,
Катын абала буркурап,
Карылар ыйлап зыркырап,
Баарысы ыйлап чуркурап.
Кереметтүү Каныкей,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кан жабылган кийимди,
Баарын чечип алган жер.
Аккелеге салган жер,
Жарага адары куйган жер,
Билгир менен жууган жер,
-Күлчором кантер экен-деп,
Семетей ыйлап турган жер.
Баш көтөрүп кеп айтып,
Баатыр бала Семетей,
-Ыйлабагын-деп айтып.
Эптесек кекти аларбыз,
Кызыталак манжуну,
Жараткан кудай жар болсо,
Мунун эбин табарбыз,
Өлбөсөк өчтү аларбыз.
Айланайын абаке,
Өкүмсүгөн манжуну,
Мунун эбин табарбыз.
Эр Күлчоро кеп айтып,
-Кагылайын атаке,
Кайраттангын-деп айтып.
Баатырдын кебин укканда,
Кагылайын жетимче,
Кудайга айткан кебим бар.
Сенин көзүң көргөндө,
Жараткан жаңгыз кудайга,
Айтып койгон жерим бар.
Мен садага кетейин,
Мен болоюн садага.
Буурул ат колго тийгенде,
Муну эмне кылайын,
Кайнап аткан көп колго,
Барып уруш салайын.
Буурулдун оозун керейин,
Ажал жетип күн бүтсө,
Астыңдагы абакең,
Кагылайын жетимчем,
Саа курмандык болуп берейин.
Аттын оозун керейин,
Алдага бердим убада,
Мен садага кетейин,
Саа садага болуп берейин.
Канкордун уулу Семетей,
Кайраттанып камынып,
Күлчорого жамынып.
Кирүүчүдөй чамынып.
«Баабедин» деп баркылдап,
Бала чунак, эр төрө,
Күлчоросу барганда,
Бети айдай жаркылдап,
Буурул менен Суркоён,
Казармага киргенде,
Канга тууган Күлчоро,
Жөлөгү аман келгенде.
-Буурулдун оозун бурайын,
Мен садага кетейин,
Кантип чыдап турайын.
Эр Семетей кан ичме,
Кайрттанып турган жер.
Касиеттүү Каныкей,
Астына басып барган жер.
-Атадан калган жалгызым,
Ак болот кылып бүлөдүм,
Бир алдадан тиледим.
Аргымак аттай сүрөдүм,
Менин ушундай беле тилегим.
Айтсам тилди албадың,
Мына турган эгизим,

Жылкы артына салганың,
Аргын, ногой көп журтуң,
Атаны арман дүйнө күн,
Кырымга кетип калганым,
Айгыр болсо астымда,
Күлчором болсо кашымда,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Бээжинден келген чоң манжу,
Кылат беле кызыкты,
Салат беле бузукту.
Кесет беле белиңди,
Кетирет беле пейлиңди,
Кырат беле элиңди.
Эми аттанып уруш салам деп,
Аман келди бөбөгүм,
Урушка чыгып барам деп,
Бул айтканың кеп эмес,
Жарадар болуп ок тийип,
Береги турган жетимчем,
Жаралуу болуп калыптыр.
Жарасы кетип  айыгып,
Жоого кирер сен болсоң,
Ак панардай созулуп,
Бөбөгүң экөөң кошулуп,
Анан уруш салгын-деп.
Казганактап калкылдап,
Кара курттай былкылдап,
Кайнап аткан аскерге,
Кантип уруш саласың,
Жалгыз кантип барасың,
Барсаң өлүп каласың.
Алакан тайпы жүзу ачык,
Канкордун уулу баатырды,
Оң жагына бир коюп,
Сол жагына бир коюп.
Өлбөсөң мындай кылбай жүр,
Деп ошентип Каныкей,
Алтын жака ак бүчү,
Энекеси Каныкей,
Жаңы тууган энедей,
Семетейди урган жер.
Текебери кетсин деп,
Каныкей чапкан жаагына,
Кан төгүлүп турган жер.
Башынан пири колдогон,
Бусурман менен оң дөгөн.
Билгендери кың деген,
Билбегендер айтчу эле,
Сары таз болуп атанган,
Калбай жүргөн катардан.
Текебери кетсин деп,
Темир таяк колунда,
Кийиз куру мойнунда.
Сары таз басып келди эми,
Канкордун уулу баатырды,
Таяк менен сомдоду.
Каныкей менен Сары таз,
Экөө уруп койгону.
Канкордун уулу Семетей,
Калган экен текебер.
Энекеси Каныкей,
Абакеси Сары таз,
Экөө уруп койгон жер.
Оң эрини былк этип,
Оң бөйрөгү солк этип,
Текеберлүү канкордун,
Текебер кетер боюнан,
Түшөр атасы Манас жолуна.
Оң эрини кыйшайып,
Күлчоро күлүп турган жер.
Манастын уулу Семетей,
Жаагынан аккан кара кан,
Басып келип жууган жер.
-Кызыталак оңбогур,
Текеберди кыласың.
Казатка жортуп чыгарда,

Айчүрөктү урасың.
Шуркуя катын аласың.
Жан жолдошуң Чүрөктү,
Салбар кылып саласың.
Калың кара көп журттун,
Убалына каласың.
Бу Сары таз күүлөнүп,
Семетейи сүйлөнүп.
Ачууланып кеп айтып,
-Ала көөдөң акмагым,
Айтчы кебиң-деп айтып.
Манастын уулу Семетей,
Баарын алып мойнуна,
Энекеси Каныкей,
Жаакка чаап турганда,
Кан куюлган койнуна,
-Айланайын  абаке,
Кагылайын энеке,
Кайсы бирин айтайын,
Атка минип элирдим,
Арам ишке семирдим.
Мени кудай урганда,
Күлчоро менен Канчоро,
Бул экөөнү кууганда,
Кабар жеткен калың журт,
Каны болду мойнумда.
Акыреттик жолдошум,
Алдыңарда Чүрөктү,
Чүрөктүн сырын билбесем,
Мазарым деп жүрбөсөм.
Төшү ачык жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун.
Деп ошентип Семетей,
Сары таз менен Каныкей,
Бул экөөнө көп айтып,
Акыреттик жан жолдош,
Айчүрөк экен деп айтып.
Канкордун уулу Семетей,
Сары таз менен Каныкей,
Айткан кебин уккан жер.
Бир кудай өзү билбесе,
Кулагына жуккан жер.
Өзү кылган катасын,
Канкордун уулу Семетей,
Баарын алып мойнуна,
Сары таз менен Каныкей,
Алаканын жайган жер.
Агасы менен энеси,
Бата берип калган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
-Уул келди болбойт-деп,
Жоого чыкпай койбойт-деп,
Атты тапка салыптыр,
Буурул ат менен Коёнду,
Айчүрөк таптап калыптыр.
Баатыр бала Күлчоро,
Жара катып катайып,
Ооруган жери азайып,
Бурулуп жоого тиерде,
Булкунуп жоого киерде,
Аттанып жоого тиерге,
Аттанып жоого киерге,
Камаган жоого катылып,
Кан төгүшүп урушуп,
Кан Коңурбай манжуунун,
Бет алышып кез келбей,
Берер бекен кудай деп,
Семетей менен Күлчоро,
Бел байлашып турушуп,
Аттарына жете элек,
Айчүрөк жүрөт жетелеп.
Алты кочуш жем берип,
Буурул ат менен Коёнду,
Эки десте чөп берип.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Сөөгүн сары дат алып.

Бооруна казы алып,
Семиз кылып коюптур.
Сары сөөк болуптур,
Аттар келбей табына,
Кудай бетин көргөзбө,
Ат кара эти кете элек,
Соордо жая кете элек.
Бооруна казы тарта элек,
Иче-кардын арта элек.
Акундун кызы Айчүрөк,
Аттын жайын билүүчү,
Келбей аттар табына,
Көрүп турат Айчүрөк,
Капырай кырк күндө келет табына.
Кырк күндүк тапка жетпесе,
Баатыр менен кайниси,
Аттанып уруш салат деп,
Кызыгып уруш салганда,
Бир канча күнгө барганда,
Аттар баспай калат деп.
Билип турат Айчүрөк,
Күлчоро аман келгени,
Ай караңгы түн өттү,
Ортодон он беш күн өттү.
Баатыр чунак камынып,
Азирет пирге жалынып.
Аттанам деп камынып,
Тилек кылып камданып,
Тийген айдай шаңданып,
Бир кудайга  жалбарып,
Семетей менен Күлчоро,
Чыкмак болду камданып.
Семетей атка мингиче,
Күлчоро жоого тийгиче,
Калың аскер көп жайсаң,
Кайра кайнап толду эми.
Кең-Колдогу казарма,
Канча курчап койду эми.
Бектин баары белсенип,
Кайраттуулар камданып,
Кан Коңурбай эр айтып,
-Качпагыла-деп айтып.
Алакандай казарма,
Камап койдук бурутту.
Айла келбейт качарга,
Кокус чыгып урушса,
Коркуп качып калба-деп,
Корккон киши өлүүчү,
Коркок болгон эчендер,
Кордукту артык көрүүчү.
Эки киши болгон сон,
Уруш салар барбактап,
Семетей чыгар дардактап.
Кокус чыгып урушса,
Коркуп качып калгандын,
Тосуп башын аламын.
Өзүм кулду өлтүрүп,
Баарын кырып саламын.
Айзанын учу жаркылдап,
Капырай мылтыктын үнү арсылдап.
Казармага ок атып,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Кара курттай былкылдап,
Камады кайра шыкылдап.
Эскара, Эшим келатат,
Эки киши болгон соң,
-Кызыталак бу бурут,
Эмине кылат -деп айтат.
Камоону катуу салалы,
Кызыталак буруттун,
Камап жатып алалы.
Камоону кыйын көрсүн-деп,
Ичерине аш койбой,
Минерине ат койбой,
Баарын талап алдык-деп,
Багып турган бул эли,

Ачкасынан өлсүн-деп.
Кудай бетин көргөзбө,
Ак асаба кызыл туу,
Асмандатып аштады,
Караламан аскерди,
Кең-Кол менен Таласка,
Туман кылып таштады.
Алар турган казарма,
Алты курчап жаткaны.
Мажиктин уулу Күлчоро,
Киремин деп ээлигип,
Кудай бетин көргөзбө,
Казат десе дегдеген,
Каарын чачса Чорого,
Кашына киши келбеген.
Жоо десе дегдеген,
Жоболоңдуу Чорого,
Жанына киши келбеген.
Акундун кызы жеңеси,
Акылдашып кеп айткан,
-Аттанамын-деп айткан.
Бул Айчүрөк көп айткан,
-Кагылайын уулуке,
Ат табына жете элек,
Таптадым өзүм жетелеп.
Сөөк майы кете элек,
Эки бирдей бууданым,
Аттар келбейт табына.
Кагылайын уулуке,
Үч күндө жетет табына.
Ат табына келтирсем,
Кагылайын уулуке,
Табына атты жеткирсем,
Анан киргин казатка.
Ат табына жете элек,
Элиңди салба азапка.
Айчүрөк айтып турган жер,
-Кагылайын жеңеке,
Ай булутка кураса,
Айтканыңа ыраазы,
Камоодогу турган журт,
Кагылайын жеңеке,
Карып боло баштады.
Кары-картаң, жаш бала,
Өлүп кала таштады.
Суркоёнду минейин,
Көчөдөгү калмакка,
Мен ккачырып тиейин,
Колго түшкөн калмактын,
Атын алып келейин,
Кагылайын жеңеке,
Өлүп калчу журтуңа,
Азык кылып берейин.
Эр Күлчоро кайран шер,
Айчүрөк айтса болбоду,
Мойнун болбой толгоду.
Ачкалыктан өлөт деп,
Аттанса кууп жоо сайып,
Атын алып келет деп.
Өлүмдөн калган журтуна,
Араң турат сенделип.
Атын алып берет деп,
Акылды Чүрөк ойлоду.
Акундун кызы Айчүрөк,
Жылдыз оңдоп карады.
Кечээ Бакай эр баатыр,
Аттанып жолго чыгарда,
Жылдыз оңдоп алчу эле.
Ошентип жолго салчу эле.
Олуязаада Айчүрөк,
Жылдыз оңоп кеп айтып,
-Жылдызың туура-деп айтып.
Кагылайын уулуке,
Аттын оозун тартып кел.
Уруша түшүп кайтып кел
Алты күндөн өтпөй кел,

Жети күнгө жетпей кел.
Баатыр Чоро макул деп,
Ошо сөзүн акыл деп.
Манастын уулу барбактап,
Айчүрөк менен Күлчоро,
Айтканына кубанып,
Ак булуттай буралып,
Ак олпок кийген созулуп,
Жанына кайып кошулуп,
Аккелте алып камданып,
Ай тийгендей шамданып,
-Камалып кордук көрдүм -деп,
Буурул атты агытып,
Муну өзүм кылдым-деп.
Манастын уулу Семетей,
Айбалтасын таптатып,
Сыр найзасын учтатып.
Канкордун уулу эр неме,
Баатыр чоро келгенде,
Аттанууга камынып.
Алмамбет менен Чубактын,
Атасы Манас баатырдын,
Арбагына жалынып.
Семетей менен Күлчоро,
Аттанмак болду камынып.
Кудай бетин көргөзбө,
Буурулду төрө минген жер,
Коёнду чоро минген жер.
Зоот кийимин кийген жер,
Болот айза алган жер,
Белине кылыч чалган жер
Периште жакын барган жер.
Камап жаткан көп колго,
Кетмек болуп калган жер.
Бүгүн күнгө шейшемби,
Эртең күнгө шаршемби,
Шейшемби күндү жалгызы,
Семетей менен Күлчоро,
Экөө эки эрдин жалгызы.
Кудай билет чын болсо,
Атка тердик салган жер,
Жоо жарагын алган жер.
Камоо кылган аскерге,
Чыкмак болуп калган жер.
Буурулду минип бурулуп,
Кылычы кындан суурулуп,
Суркоён менен шаңданып,
Семетей менен Күлчоро,
Кудай билет чын болсо,
Чыкмак болду камданып.
Эсине келген жер ошол,
Манастын уулу Семетей,
Кайра тартып кеп сурап,-
-Кагылайын энеке,
Батаңды берчи-деп сурап.
Сары кан жатат жөткүрүп,
Бир кудайдын жолунда,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Чоң энеси Чыйырды,
Жоо калмактын колунда.
Жоо жоолорго алы жок,
Баса турган шайы жок.
Кытайдын казган торунда,
Чоң энесин эстесе,
Манастын уулу Семетей,
Өлүп кетчү немедей,
Камчы саптай толгонуп,
Канчалыкты ойлонуп,
Манастын уулу кан ичме,
Кудай бетин көргөзбө,
Буурулдун оозун бурган жер,
Мусапыр болгон журтунан,
Бата сурап турган жер.
Актыкка мойнун сунган жер,
Азабын тарткан Каныкей,
Бата берген эле деп,

Баарынан сурап турган жер.
Манастын уулу Семетей,
Жараткан алда жалгыздын,
Жардам сурап турган жер.
Эл чогулуп келген жер,
Эмгекке калган калың эл,
Алаканын жайган жер.
Энекеси Каныкей,
Бата берип калган жер.
-Айланайын жалгыздар,
Анжыяндын Арстанбап,
Ага сени тапшырдым.
Эр жолдошу Шаймерден,
Буга сени тапшырдым.
Эрдин пири баабедин,
Жолдошуңа тапшырдым.
Бабасына тапшырдым,
Шаамашырап дубана,
Атасына тапшырдым.
Азирети шер Аалы,
Жардамына тапшырдым.
Ак пайгамбар Мустапа,
Арбагына тапшырдым.
Атакеңдин жолдошу,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Казат кылып кан кечип,
Каза жетип окко учуп,
Шейиттерге тапшырдым.
Кан атаң сөөгү коюлган,
Бейиттерге тапшырдым.
Манастын уулу Семетей,
Балдарын кууп салды деп,
Жоодон өлүп калды деп,
Сөөгүмө калчу жаман ат,
Жараткан алда бир кудай,
Бир өзүңө аманат.
Алакан жайып буркурап,
Семетей менен Чорого,
Бу Каныкей баш болуп,
Батасын берди чуркурап.
Атка минип шаңданып,
Чыкмак болду камданып.
Баатыр Чоро кеп айтып,
-Берсе кудай тилекти,
Жеңербиз жоону-деп айтып.
Албан элге кеп айтып,
-Казатты катуу кылабыз,
Камап жаткан калмакты,
Азыр сүрүп чыгабыз.
Калмактан кордук көргөңдөр,
Капа болуп жүргөндөө.
Ачка болуп жаткандар,
Калмакты сайып биз куусак,
Атын кармап мингиле.
Ачка болуп калгандар,
Казармага киргиле.
Жоонун атын сойгула,
Тамактанып тойгула.
Семетей, Чоро камданып,
Дарбазаны тарттырып,
Чыкмак болду качырып.
Киреринде кеп айтып,
-Камаган жоо катуу жоо,
Айланайын абаке,
Бөлүнбөйлү-деп айтып.
Тору тилин колтуктап,
Атчан элден бата алып,
Эр Күлчоро, Семетей,
Буурул менен Коёнго,
Экөө окшош аттанып,
Башка кийип туулга,
Тамагынан тээктеп,
Бойго кийип зоотту,
Белдемчи деген бек темир,
Белдерине чалышып,
Бек курчанып алышып.

Туулга деген бой темир,
Тула бою чырмашып.
Топчуланып алышып,
Сөйкө деген семилде,
Башка кийген темирди,
Жоого бышык болсун деп,
Алтын менен жээктеп,
Аны кийди башына.
Алкымынан тээктеп,
Оозу орус орому,
Түбү кытай кырымы.
Оролго мылтык
Олоңго болот жаткырган.
Он эки сай бат атар,
Алыс кетсе замбирек,
Арага тийчү Койчогур,
Майлап атса сыр бараң,
Беш атарын бастырып,
Аяк башы чоң көчүк,
Көчүгүнө жаткырып.
Алтын кароол Алмабаш,
Аны чоро алган жер.
Эр Күлчоро, Семетей,
Чүрөккө эшик ачтырып,
Дарбазаны тарттырып,
Аккелте үнү күп этип,
Алмабаш үнү дүп этип,
Аттандырды сулатып.
Мергендиги жанда жок,
Баатыр төрө Семетей,
Мылтык атып кулатып,
Алтын оооз Акбараң,
Атка арта салган жер.
Мылтык атып койгулап,
Манастын уулу Семетей,
Дарбазанын оозунан,
Семетей менен Күлчоро,
Экөө чыга калган жер.
Көрбөгөнү мындан көп,
Камап аткан аскердин,
Билбегени андан көп.
Жер майышып жыйылып,
Кудай бетин көргөзбө,
-Мунун баласы кайдан келди -деп,
Баатырды айтып турду эле.
-Эр Семетей өлдү-деп,
Баабедин –деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Тизгин кошуп тизденип,
Семетей менен Күлчоро,
Берер бекен кудай деп,
Караламан калың кол,
Канга тууган жиндилер,
Качырып чыккан жери ошол.
Семетейдин башында,
Мунарык болуп бөлүнгөн,
Атасынын жылдызы,
Алты сан колдой көрүнгөн.
Ажыдаар Ак жылан,
Күлчоронун белине,
Алты оролуп калыптыр.
Оң ийнинен октолуп,
Мойнуна арта салыптыр,
Бул Алмамбеттин жолдошу.
Көсөө куйрук көк даңгыт,
Кошо жандап алыптыр,
Бул Аккуланын жолдошу.
Эр Семетей, Күлчоро,
Экөө бирдей тең келип,
Кан Коңурбай качабы,
Качып калган аскерди,
Кайра камап жатабы.
Балакерди Баабедин.
Маана берген баатырга,
Бар олуя биригип,
Даана берген баатырга.

Күлчоро менен Семетей,
Качырып жоого тийген жер,
Карышкырдай кирген жер.
Кара чоктуу калмактын,
Азабынан өлгөн жер.
Аргын менен ногойдун,
Семетей менен чоронун,
Артынан чыгып келген жер,
Атын кармап минген жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Айкырыгы таш жарып,
Кыйкырган үнү баш жарып,
Эки бирдей баатырдын,
Бакырыгы баш жарып,
Бакырганы таш жарып.
Кулун үнү чыккан жер,
Кудай үнүн уккан жер.
Катуу үнү чыккан жер,
Кайып үнүн уккан жер.
Бекем үнү чыккан жер,
Периште үнүн уккан жер.
Канкорлор кармашып,
Эки баатыр жагашып.
Алыс жоого тийгенде,
Биригишип жүргөндө,
Алты жүзү айдалап,
Кан Коңурбай кайдалап,
Бөрү тийген эмедей,
Бөлүндүрүп кирген жер.
Жамгыр жааган эмедей,
Кан көчөнүн ичине,
Кара канды агызып,
Төгүлдүрүп кирген жер.
Камап жаткан кытайды,
Жагалмай тийген эмедей,
Жайылтып солго салган жер.
Ителги тийген таандай,
Ийрип айдап алган жер.
Бөрү тийген эмедей,
Бөлүп-бөлүп тийген жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Какырганы кан татып,
Түкүргөнү жин татып,
Эки баатыр кирген жер.
Тополоңу тоз болуп,
Күн тунарып боз болуп,
Күрдөөлү калың көп аскер,
Семетей, Чоро киргенде,
Аскерге келип тийгенде,
Күнү-түндө козголуп,
Ок мөндүрдөй чачылды.
Пир колдогон эки шер,
Камап жаткан аскерди,
Күндөп-түндөп качырды.
Шааардан айдап бөлгөн жер,
Кудай бетин көргөзбө,
Калың аскер өлгөн жер.
Агандан калган канча эл,
Атка жетип минген жер.
Айза менен сайганда,
Бу арбыбайт экен деп,
Эр Семетей, Күлчоро,
Кылыч менен кирген жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Кылычы кындан суурулуп,
Ой түгүндөй көп аскер,
Жүрөгү чыгып кырылып.
Арадан аккан кара кан,
Камыр болуп жуурулуп.
Кара чоктуу калмактын,
Заманасы куурулуп.
Качканына жол бербей,
Какандын каны чоң манжу,
Качкан жоону алат деп,
Катын да болсо саят деп,
Эти семиз оордон,

Астындагы минген ат,
Аяктай жоого кирген ат.
Аты баспай калат деп,
Алгара менен ыргыштап,
Кудай бетин көргөзбө,
Качып калган аскерди,
Эр Эшим менен Коңурбай,
Эскара менен Байкоңур,
Жолой менен Көкбөрү,
Тосуп турат кылычтап.
Кара шаар Кең-Колду,
Кудай бетин көргөзбө,
Өндүр жайын Таласты,
Эр Семетей, Күлчоро,
Катуу кырып салган жер,
Колду сүйрөп алган жер.
Каралаган калың кол,
Сүрүлүп качып калган жер.
Кең-Колдун чаты Эки-Сай,
Кудай бетин көргөзбө,
Эр Семетей, Күлчоро,
Капталынан кан болуп,
Карысынан жин болуп,
Каткырыгы таш жарып,
Кылыч менен кырган жер,
Кыргын салып турган жер.
Кылычтын мизи кан болуп,
Кырк чилтен кайып жар болуп,
Айзанын учу кан болуп,
Азирет Аалы жар болуп,
Бир башы канча миң болуп,
Семетей менен Чорого,
Азирет Аалы пир болуп,
Кечкени кызыл кан болуп.
Кудай бетин көргөзбө,
Кылкылдаган кытайга,
Камап жаткан калмакка,
Ай караңгы түн болуп,
Чан созулуп буруоуп,
Шай колдогон эки  шер,
Унү башка угулуп.
Кыргынды катуу салган жер,
Кытай, калмак аскери,
Чыдабай качып калган жер,
Белин бекем бууган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Бекип жаткан аскерди,
Эки баатыр кууган жер.
Таластын бою талаада,
Айзаларын сындырып,
Эптеп жүргөн мындан көп.
Басмайылы үзүлүп,
Баса калып олоктоп,
Көктөп аткан мындан көп.
Жолдошунан айрылып,
Уялашым өлдү деп,
Өксөп аткан андан көп.
Ок дарысын ыргытып,
Чачып аткан андан көп.
Өлгөндөргө кошулуп,
Жатып аткан андан көп.
Көзү чыгып олоюп,
Олоктогон мындан көп.
Колу сынып чолоюп,
Солоктогон мындан көп.
Тизесинен кесилип,
Ичи карды эшилип,
Олоктогон мындан көп.
Жеткен жерден эр сайып,
Жетини катар бир сайып,
Кабылган жерден эр сайып,
Эр Семетей, Күлчоро,
Канчаны катар бир сайып,
Тайбуурул менен Суркоён,
Табына келсе эмине.
Кылбайт беле кызыкты,

Табында болсо эки ат,
Каран күн салбайт беле бузукту.
Кудай бетин көргөзбө,
Семетей менен Чоронун,
Каарына чыдабай,
Канга тууган экөөнүн,
Заарына чыдабай,
Таласка токтоп тура албай,
Кудай бетин көргөзбө,
Караламан көп кытай,
Качып чыкты бөлүнүп.
Кол токтотуп Коңурбай,
Аскерине аттырса,
Ок жамгырдай төгүлүп,
Алганы болот, кийип зоот,
Атканы өтпөйт этине.
Баатырлар кийген зоотко,
Барандын огу батпаган,
Келтенин огу кеспеге
Айбалта мизи сыйбаган,
Кылычтын мизи кыйраган.
Кийгени зоот көк темир,
Ок өткүс болсун деп,
Каныкей, Бакай ойлонуп,
Канча уста алдырган.
Көк темирди өгөтүп,
Кебез менен жибектен,
Майда кумду элетип,
Ортосуна салдырган.
Эки баатыр киргенде,
Кең-Кол менен Тааластан,
Жаткан жоону сүргөндө,
Кым кыяны ашырып,
Кубакыны бастырып,
Баатырдын уулу Семетей,
-Атаңдын көрү дүнүйө,
Коңурбайды алам -деп,
Ажалым жетип өлөм -деп,
Дөөгүрсүгөн манжунун,
Көтүнөн түшүп көрөм-деп.
Боз кисе бойго чалган жер,
Күлчородон бөлүнүп,
Семетей кетип калган жер.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Баатырдын уулу дарданды,
Муну көрүп алган жер.
Он эки баатыр, сегиз эр,
Канкордун уулу баатырды,
Сыртка салып жол тосуп,
Коңурбай качып калган жер.
Таластын чети талаада,
Токтоп калган аскерди,
Талкалап айдап Күлчоро,
Жаш кезинде кан ичкен,
Кудай билет чын болсо,
Жаратылган эр Чоро,
Беттегенин мерт кылып,
Качырганын кан кылып,
Алдындагы Сүркоён,
Басканына мал жетпей,
Машалап аткан ок жетпей,
Желгенине жел жетпей,
Жебелеген ок жетпей,
Кудай бетин көргөзбө,
Астындагы Коёндун,
Жал куйругун бууган жер.
Алмамбеттин Күлчоро,
Кыргын салып турган жер.
Кытай менен калмакты,
Карышкырдай кууган жер.
Кыргандан калган элинин,
Башына түшкөн пенделик,
Кудай билет чын болсо,
Ачкалыкка кабылган,
Өлүмдөн калган канча эл,
Алмамбеттин Күлчоро,

Ырысына табылган,
Кырылып жаткан аскерге,
Катын эркек жабылган.
Ок тийбеген аттарды,
Кармап алып минишкен.
Жарадар болгон аттарды,
Айдап барып союшкан,
Казы менен картага,
Эр Семетей баатырдын,
Ачка эли тоюшкан.
Аты жокко ат жеткен,
Ашы жокко аш жеткен.
Бу Күлчоро келбесе,
Өлүмдөн калган калың журт,
Өлбөйт беле ачкадан.
Пендеден башка туулган,
Периштеден куулган,
Бу Күлчоро башка жан.
Күлчоронун жогунда,
Манастын уулу эсер кул,
Элине кыргын салдырган.
Кең-Кол менен Таласты,
Коңурбайга алдырган.
Күлчоро келип тийгенде,
Семетей менен Күлчоро,
Күчтөп жоого киргенде,
Кең-Кол менен Таластын,
Жоону айдап сүргөндө,
Ок дарысын чачканда,
Качкан жоону калса деп,
Коңурбай камбыл жатканда,
Шилбей чапан бели узун,
Көйнөгүндө жака жок,
Өтүгүндө така жок.
Азык-түлүк түгөнүп,
Казат кылып кан агып,
Коңурбайдын аскери,
Калган экен жүдөшүп.
Өлгөнүнүн этин жеп,
Булчуң этин кескилеп,
Бу кытайдын жумушу.
Күлчоро менен Семетей,
Болду катуу урушу.
Кара-Булак кашка суу,
Кудай бетин көргөзбө,
Эр Күлчоро жүргөндө,
Ителгидей тийгенде,
Кара чоктуу калмактын,
Камалганын айтайын,
Кайра тартып Таласка,
Сабалганын көрдүңбү,
Манастын уулу Семетей,
Аттанып жоого тиерде,
Абасына кеп айткан,
-Айланайын абаке,
Ажыраба-деп айткан.
Каныкей катын дагы айткан,
Карыган Бакай баары айткан.
Кыйкырып жоого тийгенде,
Кызык жолго киргенде,
Таласта жаткан аскерди,
Кудай билет чын болсо,
Так эле кырк эки күндө сүргөндү.
Манастын уулу Семетей,
Коңурбайды алам деп,
Көт жагынан жүргөндө.
Кемерди белги бууган жер,
Кереметтүү оо калмак,
Бири-бирин коштошуп,
Качкан колду токтотуп,
Эр Семетей баатырга,
Кагырткы салып турган жер,
Ат куйругун салган жер.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Атыбызга калсын деп,
Күлчородон бөлүнүп,

-Көрдү менден көрдү –деп,
Көсөр бурут өлдү деп.
Өлчү жерге келди-деп,
Буурул ат баспай калды-деп.
Баатырсынган Семетей,
Эми өлүмгө барат-деп.
Узун жолго салгансып,
Узата качып калгансып.
Манастын уулу Семетей,
Коңурбайга жете албай,
Буурул атты камчылап,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Калган экен жарыктык,
Жар суу агат боорунан,
Ириң агып капталдан.
Кабыргасы көгөрүп,
Кара жолтой Семетей,
Калган экен дүйнө күн,
Күлчородон бөлүнүп.
Омуртка сөөгү оркоюп,
Кабырга сөөгү каркайып,
Ириң агып боорунан,
Сары суу агып соорунан,
Сарып болуп калыптыр.
Бек семирген сары сөөк,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Канча күнү кан кечип,
Семетейдин буурулу,
Булчуңунан кан кетип,
Бура тартпай калган жер.
Сарык болуп Тайбуурул,
Бек семирген сары сөөк,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Канча күнү кан кечип,
Семетейдин буурулу,
Тумшугунан кан кетип,
Бура тартпай калган жер.
Сарык болуп Тайбуурул,
Тумшугун жерге сайган жер.
Айчүрөк айтса тил албай,
Семетей менен Күлчоро,
Токтобой уруш салган жер.
Тумшук эти көрүнүп,
Терилери бөлүнүп,
Буурул ат баспай калган жер.
Манастын уулу канкорду,
Күлчородон бөлүнүп,
Ок жамгырдай төгүлүп,
Амалы артык чоң манжу,
Кайра камап барган жер.
Канкордун уулу Семетей,
Кан Коңурбай кеги бар,
Күлчородон шеги бар
Күлчородон бөлүнгөн,
Эр Коңурбай манжуга,
Семетей жалгыз көрүнгөн.
Кайра тартып камынган,
Кана бурут келчи деп,
Эр Семетей баатырга,
Кабыландай чамынган.
Манастын уулу Семетей,
Чындап ажал кабылган.
Семетейдин өзүнө,
Күлчоро айткан кеп эле.
-Бөлүнө көрбө-деди эле.
Күлчородон бөлүнүп,
Калмак болду караган,
Ушу жерге төгүлүп,
Манастын уулу Семетей,
Ат жетелеп жөө басып,
Айбалтаны таянып,
Алаң-булаң көз ачып,
Эки жагын каранып,
Кылычты кындан суурушуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Кыйынсынган бурут деп,

Кан Коңурбай баш болуп,
Тегеректеп турушуп,
Кебез өтүк, кендир бел,
Кереметтүү кайран эр.
Канга тууган чоң калча,
Аты болбой калган соң.
Семетейди алганча,
Кудай бетин көргөзбө,
Колуна болот кармашып,
Белине кылыч курчанып,
Табакери берип нур чалып,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Баатырдын уулу дардаңды,
Башын алып салууга,
Зоот чопкуту боюнда,
Баарын чечип алууга,
Алгараны жетелеп,
Кылычын колго алган жер.
Кысылып турган баатырга,
Коңурбай жакын барган жер.
Эр Семетей, эр жалгыз,
Өлүмгө жакын калган жер.
Жанга шерик Тайбуурул,
Башын жерге салган жер.
Эр Коңурбай кеп айтат,
-Колуңдагы кылычты,
Таштагын бурут-деп айтат.
Аккелтеңди аламын,
Боюңдагы олпокту,
Алгарага жабамын.
Кайра тартып шаарыңа,
Камап уруш саламын.
Катыныңды аламын.
Эр Коңурбай түрдөнүп,
Жакын келип күүлөнүп.
Манастын уулу Семетей,
Айдалыда Аколпок,
Чече турган өңдөнүп,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Акырет сапар жол тартып,
Кете турган өңдөнүп,
Кысылганы дагы ошол.
Тилин албай Чүрөктүн,
Бузулганы дагы ошол.
Айчүрөк билип алыптыр,
Ак куу болуп кубулуп,
Көкөлөп учуп бурулуп,
Көк куш болуп кубулуп,
Кысылып турган баатырдын,
Жанына коно калган жер.
-Айткан тилди албайсың,
Акылыңан адашпа,
Камап турган калмакты,
Ажыратып алам -деп,
Өзүң өскөн Таласка,
Өзүм алып барам-деп.
Семетейге айтып кеп,
Чүрөктүн үнү угулуп,
Калган экен Семетей,
Айдай бети кубулуп,
Кудай билет чын болсо,
Ал аңгыча болгон жок,
Жөө туман келди бурулуп.
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Басташып жоого барган жер,
Атасынан баласы,
Башынан бери касташкан,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Канкордун уулу эр жалгыз,
Камоосуна калган жер.
Капталынан кан агып,
Сары суу ириң кошо агып.
Манастан калган Тайбуурул,
Башын салып ырсайып,
Бутун керип тыртайып,
Буурул ат колго түшкөн ежер.

Баатырдын уулу жалгызек,
Буйругу экен кудайдын,
Арбаганды бас кылган,
Абалдан бери кас кылган.
Арбагы артык атаңды,
Бу Коңурбай манжу жай кылган.
Коңурбай кылды эсепти,
Жараткан алда бир кудай,
Дин мусулман пенде,
Бергениң кандай керекти.
Же белиме кемер чалбадым,
Же Коңурбайды албадым,
Менин ичиме кетти арманым.
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Өлүмгө мойнун бурганда,
Өлөмүн деп турганда.
Ажалга мойнун бурганда,
Өз ыйманын өзү окуп,
Алда кудай жалгызек,
Ыйман бер деп турганда,
Колундагы мылтыкты,
-Колуңа албай ташта-деп,
Белиндеги болотту,
-Белиңе чалбай ташта-деп,
Жанындагы Айбалта,
-Колго кармап алба-деп,
Кызыталак ит бурут,
Сени колдогонуң алда-деп,
Кезегимди берди-деп,
Зоот менен чопкутту,
Чогуу чечип боюңан,
Колуңа кармап кел-деди.
Баатырдын уулу Семетей,
Кудай билет чын болсо,
Алтын нурлуу кызыл жүз,
Асмандан булут бөлүнөт.
Коңурбайдын жанында,
Алмамбет өңдүү көрүнөт.
Бу Күлчородон айрылган,
Семетей кылчу иш эмес.
Акырет кеткен Алмаңды,
Же Семетей көргөн киши эмес.
Алгара минип толгонуп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Буруп, буруп мурутун,
Кулагына салган жер.
-Аколпокту чечкин-деп,
Чоң Коңурбай эр манжу,
Манастын уулу жалгызга,
Коңурбай жакын калган жер.
Жаанын огу жаркылдап,
Жебенин огу жылтылдап,
Жердин үстү былкылдап,
Кудай бетин көргөзбө,
Семетей колго түштү деп,
Баатырлары баркылдап,
-Семетейге баралы,
Кан түрү бар экен,
Артык баатыр дечү эле,
Тирүүсүндө баатырдын,
Түрүн көрүп калалы.
Көрбөгөн аскер камынып,
Көкбөрү келет чамынып.
Билбеген аскер камынып,
Манастын уулу баатырды,
Пирлери келди жабылып.
Кайберен колдоп, пир колдоп,
Канкордун уулу эр жалгыз,
Камалып турган жер ошол.
Кылычы бар колунда,
Кудай бетин көргөзбө,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Манастын уулу баатырды
Сойдум деген оюнда,
Батынып кылыч чаба албай,
Алгарага камчы уруп,

Манастын уулу баатырга,
Коңурбай кирип бара албай,
Алгара оозун бурган жер,
Атадан жалгыз баатырды,
Капыр каптап турганда,
Семетейдин үстүнө,
Ак булут ойноп турган жер.
Сары-Талаа керүүсү,
Сактап калчу баатырды,
Бул Айчүрөктүн белгиси.
Кызыл чаар жолборсу,
Кысылган жерде колдоочу.
Кара чаар жолборсу,
Атакеси Манасты,
Камалган жерде колдоочу.
Кожосанды көргөн жер,
Атадан жалгыз баатырды,
Пирлер колдоп келген жер.
Булут ойноп бурулуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Булуттан мөндүр чууруп,
Катуу бороон жел болуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Канкордун уулу баатырды,
Кара булут, жөө туман,
Караңгыдай кыскан жер,
-Кайда-кайда, кайда-деп,
Калың кара көп аскер,
Милтесине чок салып,
Мылтыгына ок салып,
Түз талааны аткан жер.
Манастын уулу Семетей,
Пейлин берип өлүмгө,
Кыбыланы баштанып,
Ээрин алып буурулудун,
Акканканы жазданып,
Алып көлчүк ак быштан,
Жамбашына төшөнүп,
Кудай билет чын болсо,
Атадан калган эр жалгыз,
Кар борошо урулуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Чуулдаган калмактын,
Кыйкырыгы угулуп.
Жамгыр жаап шаркырап,
Күн жаңырып жаркырап,
Мөндүр жерге төгүлүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Акундун кызы алганы,
Перилердин барганы,
Айчүрөктүн жардамы.
Айчүрөк жардам кылганы,
Дүнүйөнү куур кылган,
Капырды айдап ок урган.
Кайнатасы Манастын,
Бу Манастын арбагы,
Манастын уулу Семетей,
Күнү-түнү алты күн,
Баш көтөрбөй кылганы.
Тараза жылдыз батканда,
Таң агарып атканда.
Күн ачылып калганы,
Кара чоктуу калмакты,
Калтыратып буй кылып,
Кызыл чоктуу кытайды,
Кыңшылатып кыз кылып,
Жердин үстүн муз кылып,
Жараткан алда бир кудай,
Жараткан экен Чүрөктү,
Семетейге туш кылып.
Манастын уулу Семетей,
Баш көтөрүп турган жер,
Эки жакты чалган жер.
Камап турган эли жок,
Кан Коңурбай эри жок.
Курчап турган эли жок,

Кан Коңурбай деги жок.
Эки жагын караса,
Эчен киши жөө жүрөт.
Ат жетелепп жөө басып,
Кыңшылашып ыйлашып,
Кудай билет чын болсо,
Таластын берки керүүсү,
Айчүрөктүн жолдошу,
Келген тура периси.
Бул Айчүрөк болбосо,
Канкордун уулу эр жалгыз,
Калган экен өлүмгө,
Мына камаган душман калың жоо,
Кайда жүрөт экен деп,
Эки кайсы жака  кетем деп.
Канкордун уулу Семетей,
Эки жагын чалган жер.
Манастан калган Тайбуурул,
Жал куйругун жайган жер.
Кабырга сөөгү көрүнүп,
Семетейдин жанына,
Буурул ат басып барган жер.
-Буурул атты алды -деп,
Манастын уулу Семетей,
-Атым колдон кеткен соң,
Жаным кошо кетет-деп.
Алдыга келсе бүгүлгөн,
Канкордун уулу Семетей,
Кара жандан түңүлгөн.
Барды буурул жанына,
Манастын уулу Семетей,
Каныкей кылган ак тердик,
Жалаң жибектен кыйып жасаган,
Кудай билет чын болсо,
Атка салчу куш жердик,
Жердикти жерден алган жер,
Тайбуурулга салган жер.
Манастын уулу Семетей,
Буурулду токуп алган жер.
Кудай билет чын болсо,
-Жа алда –деп буурулга,
Бутун артып салган жер.
Мылтыгын алып колуна,
Сундуруп кармап алган жер.
Кылычын кыя байланып,
Алдыга айза колтуктап,
Айбалта санда шыңгырап,
Муз жарылып шылдырап,
Канкордун уулу Семетей,
Таласты көздөй бет алып,
Талканын баарын чалган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Жабык бою кар кылып,
Жандын баарын зар кылып,
Аса бою кар кылып,
Адамдын баарын зар кылып,
Кокту жерди муз кылып,
Кар жаадырып толтуруп,
Күндү жайлап олтуруп,
Күн бүркөлүп тутулуп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Күндүн түрүн бузултуп,
Камоодо жаткан төрөсүн,
Аман-эсен кутултуп.
Манастын уулу Семетей,
Таласты көздөй бет алып,
Милтесине от коюп,
Мылтыгына ок коюп,
Атка минип оштонуп,
Ар кайсы жерге Буурулду,
Түшө калып откоруп.
Кабыргасы каркайып,
Ооруп калган Тайбуурул,
Омурткасы оркоюп,
Жооруп калган Тайбуурул,
Капталга каңкы баткан жер.

Канкордун уулу Семетей,
Минсе Буурул баса албай,
Аккелте мылтык аткан жер.
Ат жетелеп жөө басып,
Кең-Колду көздөй бет алып,
Эр Семетей качкан жер.
Жердин жүзүн бүркөгөн,
Калмак кытай калың кол,
Жерге батпай жаткан жер.
Манастын уулу Семетей,
Жебени колго алган жер.
Колундагы Аккелте,
Анда-мында бир атып,
Кабылганды кыйратып,
Манастын уулу Семетей,
Кең-Колду көздөй качкан жер.
Эр Семетей жалгызга,
Баабедини башында,
Тентип кеткен Семетей,
Чоң элечек ичигин,
Жаш козудай телчиген,
Жетим жүрүп оңолгон,
Кичине жүрүп чоңойгон,
Катылган киши болгондо,
Башына арбак конгондо,
Аргын менен ногойго,
Падыша бала болгондо,
Ошол ишке кабылып,
Элди барып койгонго.
Эр Семетей жалгызга,
Текебер эрге жарашпайт,
Чоң текебер болгонго,
Аркырап аккан Таластын,
Суусуна бараган жер.
Жамгыр жаап шалбырап,
Бу Таластын суусунда,
Кардуу көбүк муз агып,
Канчасы кеткен өлүмгө.
Кан аралаш кошо агып.
Манастын уулу баатырдын,
Барган жерин айтайын,
Бул  Айчүрөк калкалап,
Калган жерин айтайын.
Өрүшү жайык жери түз,
Кудай бетин көргөзбө,
Манастан калган Аккелте,
Анда-мында бир атып,
Ат жетелеп жөө басып,
Адамдын тилин албаган,
Какандын каны манжудан,
Кордук көрүп Семетей,
Кара чоктуу калмактан,
Зордук көрүп Семетей,
Эчен түркүн кытайдан,
Жоо кордугун көргөн жер.
Жоого жалгыз чунак кул,
Манастын уулу эр дардаң,
Бул айылына келген жер.
Арстандын уулу баатырдын,
Атактуу Чоро асылдын,
Эр Семетей дардаң эр,
Ошондо түштү эсине.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
-Маңдайымда чырагым,
Боюма таккан тумарым.
Жоого тийсе бир эле,
Эл бийлеген бул эле.
Эрмек кылып чоңойгон,
Эрчигенде оңолгон.
Атаны кокуй дүнүйө,
Жанымдагы жалгызек,
Жоого тийсе кара көк.
Семетей бою шалдырап,
Күлчоро түштү эсине.
Ыйлап ийип жалдырап,
Баатырдын уулу Семетей,

-Күлчородон айрылып,
Каныкейдин кашына,
Кантип барам дүйнө күн.
Тирүү элдин астына,
Кабыргасы сөгүлүп,
Кандуу көбүк кара жаш,
Кара жерге төгүлүп,
Канкордун уулу баатырдын,
Көңүлү канча бөлүнүп.
-Жараткан алда бир кудай,
Кабылды эле Коңурбай,
О дүнүйө жалганда,
Ошерде өлбөй не келдим.
Ойрон болгон канкорду,
Эмне өлбөй мен көрдүм.
Баатырдын көөнү бөлүнүп,
Басылбай жашы төгүлүп.
Күлчоро түшүп эсине,
Эми Күлчорону баштайлы.
Кара-Буура чоң кыя,
Канкордун уулу Семетей,
Кечээ качырып жоого тийгенде.
Бөлүнбө десе болгон жок,
Баатырдын кебин уккан жок.
Кош колдоп найза алганда,
Кысылып жоого барганда,
Манастын уулу Семетей,
Күлчородон бөлүнүп,
Жалгыз кетип калганда.
Буурул ат болбой бурулуп,
Манастын уулу дардаңды,
Кайнап калмак толгондо.
Кан Конурбай чоң манжу,
Кармап алмак болгондо.
Атасы Манас арбагы,
Айчүрөктүн жардамы,
Ажалы жок баатырды,
Ажыратып алганы.
Баатырдын уулу Семетей,
Ажалы жетпей калганы.
Күлчоро түшүп эсине,
Семетей зарлап ыйлады.
Акундун кызы жеңеси,
Асылы пери болгон соң,
Жердин үстүн чаң кылып,
Жоону сайып кан кылып.
Суркоёнго камчы уруп,
Кудай билет чын болсо,
Казатка Чоро киргенде,
Карышкырдай тийгенде,
Кылычы кындан суурулуп,
Кылычынын мизине,
Кызыл кан агып жуурулуп,
Кызып турган аскердин,
Заманасы куурулуп.
Камап жаткан аскерди,
Айдап жолго салганда,
Ак кыянын үстүндө,
Кум кыянын астында,
Эти оор Суркоён,
Эр Күлчоро баатырдын,
Ошондо аты баспай калганда.
Баатыр бала Күлчоро,
Ак кыянын астында,
Кым кыянын үстүндө,
Ак кемер белге бууганда,
Камаган калың аскерди,
Арык койдой кырганда,
Көкбөрү менен Эшимди,
Көтүнөн түшүп кууганда.
Эти оор Суркоён,
Жайы-кышы эчен жыл,
Жайкын жүрүп ойногон,
Картага мыкты толгон жер,
Соорусу калың болгон жер.
Ат табына келсин деп,

Айтса Чүрөк байкуштун,
Тилин албай койгон жер.
Манастын уулу Семетей,
Баатыр өскөн Күлчоро,
Камап жаткан аскерди,
Алды алдынан бөлгөн жер.
Айчүрөк айтса тил албай,
Ат кордугун көргөн жер.
Эти оор Суркоён,
Капталынан кан агып,
Боорунан суу чыгып,
Соорусунан буу чыгып,
Кудай бетин көргөзбө,
Туягынан тер чыгып,
Күнү-түнү токтобой,
Кирип уруш салган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Канга тууган Чоронун,
Коёну баспай калган жер.
Кан Эскара, дөө Жолой,
Тегеректеп барган жер.
Алмабаш атып, жаа тартып,
Атаӊдын көрү дүйнө күн,
Эр Күлчоро баатыр шер,
Эптеп жанын баккан жер.
Чорону кармап алууга,
Кудай бетин көргөзбө,
Чоросу колго түштү деп,
Качкан кытай кабылып,
Кайра тартып жабылып,
Канга тууган Чорону,
Алуучудай камынып,
Олуязаада Чоронун,
Бууданы баспай турганда,
Кордукту калмак кылганда,
Кайнап аскер толгондо,
Олуязаада Чорону,
Кармап алмак болгондо.
Айчүрөктүн барганы,
Атасы баатыр шер өткөн,
Колдоп калган турбайбы.
Алмамбеттин арбагы,
Айчүрөккө кошулуп,
Болду мунун жардамы.
Булут ойноп бурулуп,
Муз болуп мөндүр чубуруп,
Кара булут жөө туман,
Каптап басып жаткан жер.
Суркоёнду жетелеп,
Сыр найзасын таянып,
Эр Күлчоро баскан жер.
Күлчоро кайда кетти деп,
Кара аламан көп кытай,
Тегерегин чалган жер.
Баатыр бала Чорону,
Камаган жоого көргөзбөй,
Туман басып калган жер.
Таластын суусун жээктеп,
Алмабашты асынып,
Кылычын колго алган жер.
Семетей менен Күлчоро,
Кудай билет чын болсо,
Кырк күнү уруш салган жер.
Эки бөлөк айрылып,
Экөө кетип калган жер.
Аттар баспай бурулуп,
Кара кан агып боюнан,
Калган экен жуурулуп,
Туяктары туурулуп.
Бир кудайдын жардамы,
Манастын уулу Семетей,
Айрылам деп Чородон,
Бакырып ыйлап барганы.
Кароолкана сепилге,
Манастан калган темирге,
Каныкей ыйлап болкулдап,

-Каралдым-деп солкулдап,
Сары кан ыйлап бакырып,
-Жалгыздар-деп айкырып.
Кан төгүлүп көзүнөн,
Каныкей баштап болкулдап,
Калк чуркурап турганда,
Кудай билет чын болсо,
Айчүрөк келип кеп айтып,
-Айланайын энеке,
Уулуң аман-деп айтып.
Жакын келип кеп айтып,
-Балаң аман-деп айтып.
Уктаганын ойготуп,
Ыйлаганын сооротуп,
Айчүрөк айтып турганда,
Ошо күнү кечинде,
Кең-Колдун берки чатында,
Кудай билет чын болсо,
Буурул атты жетелеп,
Аккелтени көтөрүп,
Мына Семетей шаңы көрүнөт.
Бул Семетей экен деп,
Айтып турат Айчүрөк.
-Кагылайын калың журт,
Капа болбо бекер-деп.
Ак жибек көйнөк бүгүлүп,
Энекеси Каныкей,
А кудайлап сүйүнүп.
-Жалгызым аман экен-деп,
Астын тосо жүгүрүп.
Көчөнүн үстү көл болгон,
Калаанын үстү кан болгон,
Каныкей карап маң болуп,
Азууларын аркайтып,
Туяктарын тарбайтып,
Ат өлүмү андан көп.
Кулактарын далдайтып,
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүмү мындан көп.
Төгүлгөн канды кече албай,
Олуязаада Каныкей,
Семетейге жете албай,
Бутун тартып баса албай,
Каныкей келет алчактап.
Айчүрөк келет артынан,
-Кагылайын энеке,
Берекелүү Кең-Колго,
Береним аман келди-деп.
Бизге кудай берди-деп,
Касеттүү Кең-Колго,
Жалгызың аман келди-деп,
Жараткан алда бир кудай.
Эми бизге берди-деп.
Баса албаган Каныкей,
Барып колдон алган жер.
Өз күнүнө Айчүрөк,
Ай далыга салган жер.
Семетейди көтөрүп,
Сарайга кайра барган жер.
Өлгөндөн калган калың журт,
Өксөп ыйлап буркурап,
Астын тосуп жөө басып,
Келди баары чуркурап.
Манастын уулу баатырдын,
Өзүнүн колу жогунан,
Күлчоронун жогунан,
Жааган күндөй бүркөлүп,
-Жалгызды кудай не жасайт.
Жараткан койбой башында,
Албады кудай жашымда.
Кан уулу Семетей,
Калың эл келди топтошуп,
Бакырып ыйлап баарысы,
Баягы Күлчорону жоктошуп.
Эл топтошуп ыйлаган,
Эр Күлчоро, баатыр шер,

Эр Семетей жалгыз эр,
Элин ыйлап кыйнаган.
Жеңекеси Айчүрөк,
Эл чогулуп ыйласа,
Төрөсү элди жыйнаса,
Келе жаткан чоронун,
Астына Чүрөк барган жер.
-Кагылайын уулуке,
Абаң аман келди-деп,
Азапка элди салды-деп.
Жолборсум деп ыйлады,
Жоодон калган курган журт,
Абакең эл деп кыйнады.
Эгизим деп ыйлады,
Өлүмдөн калган курган журт,
Абакең эл деп кыйнады.
Канча айтсам уккан жок,
Кулагына жуккан жок.
Менин айткан кебимди,
Кулагына сыйган жок.
Кагылайын уулуке,
Коёнду өзүм алайын,
Көт  жагыңан барайын.
Үстүңдөгү күрмөңдү,
Соорусуна жабайын.
Белги берип баргын-деп,
Периштелүү чорого,
Перизаада жеңеси,
Акыл салып көп айтып,
Атаңдан калган Алмабаш,
Акты көздөн канча жаш.
Атып көрчү-деп айтып,
Коёнду колго алган жер,
Баатыр бала жинди кул,
Колундагы Алмабаш,
Колунан атып калган жер.
Алмабаш үнү угулуп,
-Атып турган ким болду?
Манас уулу баатырдын,
Алтындай жүзү куу болуп,
Эр Күлчоро мерген кул,
Ээлигип жоого кирген кул.
-Абакем ыйлап турат-деп,
Асманга түтүн булатып,
Алмабаш огун чубатып,
Атып кирген жери ошол.
Ат жетелеп жөө басып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Астындагы Күлчоро,
Атканына таң калып,
Садагасы кетейин,
Алмамбет менен Манастын,
Чубак менен Сыргактын,
Арбагына жалбарып.
Ок мөндүрдөй чубатып,
Олуязаада Күлчоро,
Кабылган жоону кулатып,
Басып кирген жери ошол.
Жоону сайып талкалап,
Кең-Колго салган казарма,
Качып кирген жери ошол.
Манастын уулу Семетей,
Күлчорону көргөндө,
Коргошундай көйкөлүп,
Эрип кете таштады.
Баатырдын уулу Семетей,
Өлүп кете таштады.
Эл чогулуп буркурап,
Энеси ыйлап зыркырап,
Камаган жоону кууган жер,
Эки шер аман турган жер.
Какандын каны чоң манжу,
Өлгөнүнөн калаганын,
Кайра жыйып алган жер.
Алакандай Кең-Колду,
Алтымыш курчап калган жер.

Күлчоро менен баатырдын,
Аты баспай калган жер.
Кең-Кол менен Таласка,
Кудай бетин көргөзбө,
Келип аскер толгон жер.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Каканга кабар салган жер.
-Камап жатып алам -деп,
Канкордун эбин табат-деп,
Эки жылда соём - деп,
Энесин  алып коём-деп,
Кылган ишим окшотуп,
Өлгөнүнөн калганын,
Кырамын деп токтотуп.
Каканага кабар салдырып,
Кудай бетин көргөзбө,
Каканда жаткан аскерди,
Кабар менен алдырып,
Кайра тартып кам кылып,
Алакандай Таласты,
Кытай алып болгон жер.
Канкордун уулу Семетей,
Ойротту бузган манжунун,
Камоосунда калган жер.
Буурул ат менен Суркоён,
Буруууларга айла жок,
Булуттуу күндөй бурулуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Муздуу кардай чубуруп.
Желкенди найза кылкылдап,
Жердин үстү былкылдап.
Жерге батпай жыкылдап,
Карагай найза кылкылдап,
Талаанын үстү быкылдап,
Калмак кытай  жыкылдап
Кош түшүрүп толгон жер,
Бээжиндин каны чоң манжуу,
Манастан калган казарма,
Өлгөнүнөн калганын,
Калмак камап койгон жер.
Же казат кылар чара жок,
Бастырарга алы жок.
Тайбуурул менен Коёндун,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Баса турган алы жок.
Кара чоктуу көп калмак,
Баскан жери дагы ошол.
Кан Семетей, Күлчоро,
Камоодон тышка чыга албай,
Казатты катуу кыла албай,
Жаткан жери дагы ошол.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Атактуу дөө Эскара,
Амалы бар Эр Эшим,
Кийген кийими көк темир,
Бээжинде элге чоң сеңир.
Чоң Жолой деген дөөсү бар,
Кең-Колду камап турганда,
Таласты ээлеп жерди алып,
Ээ Күлчоро жогунда,
Шаарда жаткан элди алып,
Жайытта жаткан малды алып,
Кудай бетин көргөзбө,
Кыргынды манжу салган жер.
Канчалаган калың эл,
Семетей колу  жогунан,
Күлчоронун жогунан,
Кыргынга кетип калган жер.
Калың журт карып болгон жер,
Кайнап аскер толгон жер,
Бексинген каны чоң манжу,
Бир канчалык мусулман,
Карып кылып койгон жер.
Семетей менен Чорону,
Жоого минер бууданы,
Жоо дегенде жинди кул,

Күлчоронун кол менен,
Айчүрөк айткан кеп эле,
Сөөк майы кете элек,
-Тура тур уул деди эле.
Буурул ат менен Суркоён,
Бу кудайдын буйругу,
Семетей менен Күлчоро,
Аттанып уруш салганы,
Баатырдын аттары баспай калганы.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Качып калган калың кол,
Кайра айдап келген жер.
Алакандай Кең-Колду,
Канча курчап конгон жер.
Семетей менен Чоронун,
Аттары карып болгон жер.
Булчуң эти жарылып,
Буурул ат менен Коёндун,
Чакмак эти бөлүнүп,
Калган экен буудандар,
Кабыргасы каркайып,
Омурткасы оркоюп,
Сөөктөрү көрүнүп,
Жоону койдой тийгенде
Казат кылып киргенде,
Талас менен Кең-Колдон,
Аскерди айдап сүргөндө,
Казатты катуу кылганда,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кайтмак болуп турганда,
Кыргынды кыйла салганда,
Бээжинди көздөй бет алып,
Кытайлар качып калганда,
Казатты катуу салганда,
Калмактар качып калганда,
Баатырлардын бууданы,
Аттары баспай толгоно,
Кайнаган аскер көп солоп,
Кан Коңурбай айныды.
Кайра барып Кең-Колду,
Калмак кытай камады.
Кан Коңурбай эр айтып,
-Ишенип минген бууданы,
Эми өлөт -деп айтып.
Калк чогултуп кеп кылып,
Алакандай Кең-Колду,
Албай кантип кетебиз.
Камап жатсак алабыз,
Казармасын чабабыз.
Айчүрөгүн баш кылып,
Олжо катын кылабыз.
Он беш менен он төрттүн,
Ортосунда кыздарын,
Ордо катын кылабыз.
Жамандарын өлтүрүп,
Башын кесип салабыз.
Манастын уулу дардаңдын,
Минерине аты жок,
Киерине эли жок,
Уруша турган жери жок,
Кармашарга калкы жок,
Канчалыгын биз кырдык,
Канкордун уулу Семетей,
Камоодогу көп ногой,
Камалып жатып өлсүн-деп.
Камоону катуу биз салсак,
Семетей менен Күлчоро,
Ээрчишип чыгып келсин-деп.
Кудай билет чын болсо,
Дөбө жерди түз кылып,
Таалаа жерди чаң кылып,
Кең-Кол менен Таласты,
Тегерегин аң кылып.
Терең казып ор кылып,
Темир жайып тор кылып,
Кудай бетин көргөзбө,

Семетейди кор кылып,
Баатырдын уулу Семетей,
Маана кылар эл таппай,
Басып чыгар жер таппай,
Каралды кылар эл таппай,
Качып чыгар жер таппай,
Кирерине төр таппай,
Аргын, ногой калың журт,
Өлгөнүнөн калганы,
Көчөлөрдүн боюна,
Жазайылын жаткырып,
Замбирегин чөгөрүп,
Казармага бата албай,
Барып мылтык ата албай,
Аскер камап быкылдап,
Кудай бетин көргөзбө,
Кырылды десе жыкылдап,
Кылымга кытай толуптур.
Манастын уулу Семетей,
Кыйын күндө болуптур.
Шаарына кытай толуптур,
Манастын уулу Семетей,
Жаман күндө болуптур.
Аттары соолуп шалдырап,
Кандай айла болот деп,
Өлгөнүнөн калган эл,
Баары ыйлайт жалдырап.
Кудай бетин көргөзбө,
Ай бүркөлүп чаңданып,
Калмак кытай камданып,
Казармага кирүүгө,
Кудай бетин көргөзбө,
Кара-Буура Чаткалга,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кол түшүрүп туу тигип,
Аскерин тосуп жатканда,
Тийилүү колдун четинде,
Кудай бетин көргөзбө,
Кызыл желек кылкылдап,
Кылычтын мизи жалтылдап,
Кытайлар ойнойт шыңкылдап.
Бор дөбөнүн оюнда,
Ошо тоонун боорунда,
Манастын уулу Семетей,
Аскерге бутун малдырбай,
Камалып жатат канчалык,
Казармасын алдырбай.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Эл чогултуп кеп айтат,
Эрендерге эп айтат.
Калк чогултуп кеп айтат,
Кайраттуууга эп айтат.
Кудай бетин көргөзбө,
-Таптым эми акылды,
Семетей менен Күлчоро,
Эми алабыз баатырды.
Тээтиги салаңдаган бурчукту,
Салынып келген тумшукту,
Муну кезип салалы,
Бууранын белин ашырып,
Сууну буруп салалы.
Ичерине суу таппай,
Жээрине дан таппай,
Камоодо жаткан ушул эл,
Ачкасынан өлсүн-деп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Акылы ташып кеп айтып.
Кан Коңурбай эр айтып.
Сом темирин жыйдырып,
Кетмен чотун алдырып.
Кудай бетин көргөзбө,
Таластын суусун бурмакка,
Кең-Кол менен Таластын,
Жерин кургак кылмакка,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Калың аскер солонду,

Айдап жолго салган жер,
Барып жатып алган жер,
Таластын суусун бурган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Караламан аскердин,
Кайнап жерге толгон жер.
Таш көтөрүп мойнуна,
Топурак басып бооруна,
Сууну бурмак болгон жер.
Айза бою ор казып,
Адам бою жер казып,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Аскерди койдой айдады..
Көрдүңбү манжу амалын,
Кудай бетин көргөзбө,
Таластын суусун байлады.
Чарчап калган аскерди,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кармап кетмен чаба албай,
Арык болгон андан көп.
Кудай бетин көргөзбө,
Калмак менен кытайдын,
Ачка болуп аш жетпей,
Кырылганы андан көп.
Кемегелеп жер казбай,
Жыгылганы мындан көп.
Өлгөнүнүн этин жеп,
Өөчүгөнү мындан көп.
Тетири буруп чоң сууну,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Белине белбоо чалган жер.
Талас, Кең-Кол талаасы,
Кең-Колдун бою туура суу,
Таластын бою Кең-Сайды,
Такыр кургак кылган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Өлүмдөн калган ногойлор,
Ууртарына суу таппай,
Өлмөк болуп турган жер.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алгараны алкынтып,
Айланып чалгын чалган жер.
Таластын суусун бойлотуп,
Тетири буруп салган жер.
Аргын, ногой кургап журт,
Армансыз дүйнө болобу,
Өлмөк болуп калган жер.
Коңурбайдын амалы,
Ошол элдин баарысы,
Күлчоро менен Семетей,
Ошол экөө дагы өлсө,
Талас менен Кең-Колду,
Калмак ээлеп калабы.
Айласы кетип алсырап,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Ачкалыктан жан берип,
Аргын менен ногойдун,
Асты өлө баштады.
Манастын уулу Семетей,
Айла таппай жатканы.
Таяк алып колуна,
Кытай болуп кийинип,
Арка чачын түйүнүп,
Телпек кийип башына,
Жез өтүк кийип бутуна,
Айбалтасын алган жер.
Түн жамынып жөө басып,
Кудай бетин көргөзбө,
Бурган жерге барган жер.
Кызылдай ташты жылдырып,
Катар-катар кармашып,
Кокус бузуп кетет деп,
Тушуна темир чырматып,
Бурган жерин чыңдатып,
Бек бекитип салыптыр.
Кудай бетин көргөзбө,

Периштелүү Күлчоро,
Айла таппай калыптыр.
Улуу сууну бекитип,
-Ачпа деп колду кекетип,
Бекер ойду ойлобо.
Мына бу турган казарма,
Канча деген дүйнө бар.
Киресиңер олжого,
Кан Коңурбай көп айтып,
Кан эр Эшим бек айтып,
Аскердин көөнүн тындырып.
Алапайын тата албай,
Агып кирер жер таппай.
Байкуш бала Күлчоро,
Арыктын кырын кыдырып,
Ары басып сыдырып,
Чалып турат Күлчоро.
Бир кудайды бааналап,
Барып турат Күлчоро.
Кайра басып айланып,
Байкуш бала Күлчоро,
-Кандай айла кылам-деп,
Жыбыраган көп кытай,
Жыбырашып укташат.
Байлаган жерди чалышат,
Шөкүлө баштуу калмактар,
Атка минип жарышат.
Колуна мылтык алышат,
Байкуш Чоро билинбейт,
Байлаган жерди чалганды,
Чалгынчылар барганда,
Асыл Чоро баатырдын,
Жакын барган аскерди,
Чап чылбырдан алган жер.
Баатыр бала Күлчоро,
Аттан алып салган жер.
Кармап атка минген жер,
Бурган сууга кирген жер.
Атка камчы урган жер,
Алачыктай бир ташты
Бу кудайдын жардамы
Аңтара салып турган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Бекитип койгон бек жерди,
Таш жылдырып кынаткан,
Эр Күлчоро байкуш жан,
Жыйган ташты кулаткан.
Кудай бетин көргөзбө,
Коңурбайдын кылганы,
Өлгөндөрүн алдырган.
Чалма уруп үстүнө,
Өлүк коюп бетине,
Таш кырдатып четине,
Сууну бекем байлаткан.
Кырдап койгон кырдуу таш,
Калап койгон канча таш,
Эр Күлчоро кайран эр,
Атын минип кытайдын,
Таштан тара салган жер.
Сайы менен суу агып,
Суу шаркырап калган жер.
Эч кишиге билинбей,
Эр Күлчоро жинди кул,
Эки аскер, бир жайсаң,
Башын алып салган жер.
Бир ат эмес эки атты,
Тараза жылдыз батарда,
Таң кашкайып атарда,
Казармага барган жер.
Ачкалыкка кабылган,
Ууртарына суу таппай
Баары ыйлап зарылган.
Сайдын үстү күркүрөп,
Жаңы суу жетти Кең-Колго,
Эки атты жетелеп,
Күлчоро келди Кең-Колго.

Сууну көздөй жүгүрүп,
А кудайлап сүйүнүп,
Идиштерин алышып,
Кудай билет чын болсо,
Сууну көздөй жарышып,
Суудан жутуп алышып.
Кудай билет чын болсо,
Куюп алар идиш жок,
Катып алар жери жок.
Өлүмгө барган курган журт,
Суудан жутуп эс алып,
Барган атты союшуп,
Тамактанып тоюшуп.
Кудай билет чын болсо,
Бээжиндин каны чоң манжу,
«Кандай болуп кетти» деп,
Алгара менен алкынтып,
Учкан куштай талпынтып,
Байлап койгон алышка,
Кан Коңурбай барган жер.
Улуу сайга суу агып,
Ташы кулап калган жер.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Бузулган жерин көргөн жер,
Буйрукту катуу берген жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Калың кытай, көп калмак,
Таш көтөрүп келген жер.
Бирден чалма, бирден таш,
Алып келип койгон жер.
Күн чекеге келгиче,
Кудай билет чын болсо,
Сууну буруп болгон жер.
Калың колду кекетип,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Байлатты кайра бекитип.
Кудай бетин көргөзбө,
Сууну байлап бек кылып,
Пенде бузгус чеп кылып.
Бек байлатып салган жер.
Аргын, ногой калың эл,
Эр Семетей баш болуп,
Бейпай болуп калган жер.
Суунун башын бекитип,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Эскараны баш кылып,
«Бек кайтар» деп кекетип,
Кудай бетин көргөзбө,
Болоттон бузуп май тартып,
Жалаң метиндерге кайтартып,
Таластын суусун бурган жер,
Адамдын алы жеткисиз,
Бек бекитип турган жер.
Дубалды бийик салган жер,
Суу бузулган жерине,
Дөө Эскара барган жер.
Кош түшүрүп туу тигип,
Бек кайтартып калган жер.
Кең-Колдон агып өткүчө,
Кең-Буурага жеткиче,
Калың аскер, көп жайсаң,
Кайра буруп салган жер.
Таласка тамчы суу барбай,
Кең-Колдогу курган эл,
Жаман болуп калган жер.
Эч айласын таба албай,
Же эр Күлчоро бара албай,
Кан Коңурбай кеп айтып,
-Күлчоро келет-деп айтып.
Кайнаган калың эли бар,
Башынан бери баатырдын,
Күлчородо шеги бар.
Бет алышып келе элек,
Беттешип айза бере элек.
Маңдайлашып келе элек,
Балага айза бере элек.

Атка минсе Күлчоро,
Башынан булут бурулат,
Кудай билет чын болсо,
Артынан адам чубурат.
Адам эмес көрүнгөн,
Алмамбеттин жолдошу,
Эр Күлчоро шер баатыр,
Ай ааламдын жолборсу.
Кайраттуу жүрөк күч билек,
Эки бирдей буудандар,
Экөө баспай калды деп,
Эр Күлчоро үшкүрөт,
Балапан жүнү маңдайда,
Эненин сүтү таңдайда.
Кудай билет чын болсо,
Эр Семетей баатырдын,
Эриген кудай таалага.
Качырганы кан болгон,
Катылганы жай болгон,
Беттешкени мерт болгон.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Баатыр бала Күлчоро,
Куралып аскер колуна,
Эр Коңурбай кеп айткан,
-Бу Күлчоро барында,
Барбагыла-деп айткан.
Камалган элдин коргону,
Канча болду өлгөнү.
Семетей катка сала албайт,
Казаттан өлгөн аргынды.
Эсебин эми ала албай,
Эч айласын таба албай.
Манастын уулу Семетей,
Капыр камап толгон жер,
Мусулман кырып болгон жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Суу жеткизбей койгон жер.
Таластын суусун бурган жер,
Ууртап ичер суу калбай,
Өлгөндөн калган курган эл,
Өлмөк болуп турган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Асмандан булут бурултуп,
Күн жаадырат куюлтуп.
Камоодо жаткан курган эл,
Жаан тийип бетине,
Ажалы жок адамдар,
Араң жан болуп турган жер.
Айланы Чүрөк тапкан жер.
Таласка тамчы суу барбай,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Өтмөк болуп жаткан жер.
Эр Семетей, Күлчоро,
Кудай бетин көргөзбө,
Чыгуучудай камынса,
Чыгалы деп чамынса.
Этине келбейт эки ат.
Өлүмдөн калган калың журт,
Кудайдан башка маана жок,
Жоого кирер айла жок.
Кудай билет чын болсо,
Жаткан жери дагы ошол.
Эр Семетей Күлчоро,
Кишини белге бууду деп,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Казып койгон ор болуп,
Калкты жыйып толуптур.
Манастан калган курган журт,
Күнү карып болуптур.
Ууртап ичер суусу жок,
Бээжинден келген аскердин,
Кудай бетин көргөзбө,
Алакандай Кең-Колго,
Тегерете каздырган,
Темирден тор тарттырган.
Манастан калган курган журт,

Эр Күлчоро, Семетей,
Алдага келсе бүгүлүп,
Кара жандан түңүлүп.
Астыга келсе бүгүлүп,
Аманат жандан түңүлүп,
Кудайдан башка маана жок,
Курчап аткан кытайдан,
Кутула турган айла жок.
Алтын калпак, жез телпек,
Баса кийип алышып
Шүмүрөндөп көп аскер,
Кең-Кол менен Таластын,
Көчөсүндө жарышып.
Буурул ат менен Коёнду,
Мине турган табы жок.
Семетей менен чоронун,
Уруша турган чагы жок.
Кары каратаң, жаш бала,
Өлө турган баштады.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кудай бетин көргөзбө,
Жан чыгарбай талаага,
Тегеректеп таштады.
Өрт күйгөндөй көчөдө,
Кудай бетин көргөзбө,
Семетей менен Чоронун,
Күйбөй сөөгү түтөдү.
Калмак менен кытайдын,
Бакырганы баш жарып,
Бала үстүнө таш жарып.
Алакандай казарма,
Ок жамгырдай төгүлүп,
Ала салып там көчүп,
Оодарылып жер көчүп.
Күркүрөгөн көп аскер,
Күчтөп мылтык атканда,
Кең-Кол менен Таласты,
Тегеректеп жыкылдап,
Аскер камап жатканда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Каныкейге кеп айтып,
-Калың колго камалып,
Өлмөк болдук деп айтып.
Мен жаныңан чыгайын,
Төрө менен балага,
Кокус айтып койбогун.
Канатымды кагайын,
Кан абама барайын,
Барып кабар салайын.
Атыбызды сүрөгөн,
Капырды кардай күрөгөн.
Каргаганы эп болгон,
Кармашкан жоодон качпаган.
Бет алганын мерт кылган,
Кабылганын кан кылган.
Андан айла болбосо,
Кара чоктуу калмактын,
Өтүп кетти зордугу,
Кыйын болду кордугу.
Ошо түнү Каныкей,
Көзү уйкуга илинип,
Көк жал Манас төрөсү,
Уйкусунда билинип.
Каныкейге кеп айтат,
-Акыреттик дос элек,
Алыстагы Бакайга,
Барып кабар берсин-деп.
Караламан көп кытай,
Какандын каны Коңурбай,
Кармашарга алы жок,
Катыларга шайы жок.
Камылгасын камданып,
Кары келсе жолдошуң,
Акырет жайда колдоочум.
Ушу жалган дүйнөдө,
Жараткан алда бир кудай,

Жасап койгон жолборсум.
Келсе жоого тиет-деп,
Мен Бээжинге баргандай,
Калың колго кирет-деп.
Камап жаткан калың кол,
Качып жолго салат-деп.
Дөгүрсүгөн манжунун,
Күлчоро башын алат-деп.
Кызыл канга тоёт-деп,
Кыйындарын соёт-деп,
Кара канга тоёт-деп,
Кара көзүн оёт-деп,
Канын баштап соёт-деп.
Капа болбо Каныкей,
Бекер жаның кыйнаба,
Безеленип ыйлаба,
Ай караңгы түн болот,
Камап жаткан калың  кол,
Таманга салган жүн болот.
Азирети шер келет,
Алмамбет, Чубак эр келет.
Караламан кол келет,
Алда таала жол берет.
Кайнага абаң кан Кошой,
Ошол абаң чоң келет.
Дүңгүрөгөн кытайды,
Дүмүрчөгүн казат-деп,
Бул Айкожо келгенде,
Түн жамынып качат-деп.
Семетейдин атасы,
Каныкейдин төрөсү,
Кечээ өткөн элдин бөрүсү.
Түшүнө кирип кеп айтат,
-Балдары атка минет-деп,
Басып жоого тиет-деп.
Каныкей уктап түш көрсө,
Канкор Манас төрөсү,
Колунан кармап кеп айтып,
-Кош, аман бол, Каныкей!
Ыйлабагын-деп айтып.
Олуязаада Каныкей,
Кудай берген ишинде,
Уктап көргөн түшүндө,
Өз келини Чүрөккө,
Акыл салып айткан жер.
Каныкей менен Айчүрөк,
Акылды экөө тапкан жер.
Түн уйкусун бөлгөн жер,
Түндө уктап көргөн жер.
Айчүрөккө кеп айтып,
-Алыста жаткан баатырга,
Айкожо аяш асылга,
Кабар бергин-деп айтып.
Айкожо абаң келбесе,
Камоодо жаткан балдарга,
Асманда булут сөгүлбөйт,
Жоо калмак качып бөлүнбөйт.
Акундун кызы Айчрөк,
Кайненеси Каныкей,
Түш жорутуп кеп айтып,
Алыста жаткан аяшка,
Кабарга баргын деп айтып,
Баатыр төрө, эр Чоро,
Ошол экөө билген жок.
Акундун кызы Айчүрөк,
Каныкейден кеп угуп,
Сары алтын тонун жамынып,
Ак куу кебин салынып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Учмак болду камынып.
Ак куу кебин кийген жер,
Асмандан желди минген жер.
Моюнун созуп алган жер,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак куу болуп күрпүлдөп,
Таластан учуп калган жер.

Баркөлдө жаткан Бакайга,
Байкуш Чүрөк барган жер.
Бакайдын шаары бир борум,
Башка жерден эң сонун.
Жемиши жерде бүрдөгөн,
Желдетин көрсө сүрдөгөн,
Алмасы жерде гүлдөгөн,
Аскерин көрсө сүрдөгөн.
Ай көрүнгүс багы бар,
Шаарынын четинде,
Кудай бетин көргөзбө,
Алты миң аскер дагы бар.
Кырка сайган мамы бар,
Мамысынын башына,
Байлап койгон чыны бар.
Чынысынын астында,
Тартып койгон зымы бар.
Алмасы жерге төгүлгөн,
Акундун кызы Чүрөктүн
Көргөндө көөнү бөлүнгөн.
Энекең айткан кеп эле,
-Бергин кабар -деди эле.
Абакем барса алат го,
Айдап жолго салат го.
Баатыр төрө Күлчоро,
Кармашып өчүн алат го.
Кумдуу бийик боз дөбө,
Кудай билет чын болсо,
Учуп барып конгон жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Аскерге көзү тойгон жер.
Кылычы кында жаркылдап,
Айбалта санда шалкылдап,
Кудай бетин көргөзбө,
Мылтык атып турганда,
Кан Бакайдын аскери,
Атка минип алышып,
Аскер ойноп жарышып.
Кудай бетин көргөзбө,
Кылычын кындан алышып,
Кыя кармап алышып,
Айбалта сандан алышып,
Айбалталап салышып.
Пендеден башка заары бар,
Кудай бетин көргөзбө,
Калаадан башка шаары бар.
Алтын өкчө, жез така,
Атка минип ойногон.
Шаарынын четинде,
Катындары дагы бар.
Он олоңдун Бээжинден,
Оодарышып ойношуп,
Ал олоңдун бетинен,
Аңрылып ойношуп.
Жабалаңдын бегинен,
Чапкылашып ойношуп.
Какылдашып күлүшүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Катындан жыйган аскери,
Эркек менен сүрүшүп,
Этек жеңин түрүшүп.
Кандагай бутка кийишип,
Камчы колго алышып.
Кудай бетин көргөзбө,
Канча катын, канча кыз,
Калаадан чыгып жарышып,
Камчы менен салышып.
Үйдөн чыгып жарышып,
Үзөңгү бутта кагышып,
Кылыч менен салышып,
Дарбазанын жолунда,
Жалаң кылыч колунда,
Адам болор жер эмес,
Башын салып кабылса,
Тирүү койчу эл эмес,
Кудай бетин көргөзбө,

Ат болушка салышып,
Аттан түшө калышып,
Намаз окуп алышып,
Абилл деген чоң мазар,
Зыяратка барышып,
Кудай бетин көргөзбө,
Пенде барар жер эмес,
Пенде барса бет алып,
Тирүү койчу эл эмес.
Акундун кызы Айчүрөк,
Аны көрүп олтурат,
Купулуна толтурат.
Абакеси Айкожо,
Адамдан башка экени,
Кабарды кандай салам деп,
Айланы кандай табам деп,
Кан абамдын астына,
Кандай кылып барам деп,
Айчүрөк мойнун бурган жер.
Аскердин түрүн көргөндө,
Абасына барууга,
Айласын таппай турган жер.
Чоң мазарга барышып,
Зыярат кылып алышып.
Кан Бакайдын шаарына,
Аскери келди жарышып.
Аскерди тандап бир бөлөк,
-Кабарды берсем барат-деп,
Кагылайын абакем,
Барса айла табат-деп,
Күрмөгүн алып киет-деп,
Күч алып жоого тиет-деп,
Талас Кең-Кол жер эмес,
Бээжинге барып келет-деп,
Айчүрөк турат толгонуп,
Алтымыш акыл ойлонуп.
Күүгүм кирди, күн батты,
Элдин асты тим жатты.
Карашаар, Баркөлдү,
Кайтарып аскер чыккан жер.
Караңгыда чуркурап,
Мылтыктан түтүн буркурап,
Кудай бетин көргөзбө.
Болот така, жез туяк,
Аскер минип алышат.
Карашаар Баркөлдү,
Тегеренип тарашат.
Айзанын учу жылтылдап,
Кылычтар белде кылтылдап,
Айбалта санда шарактап,
Бакан экен кан Бакай,
Аскер менен бууданды.
Жал куйругун тарашып,
Жоого тиер баатырды,
Жыйган экен жарыктык,
Таласты кытай алганын,
Кең-Кол менен Таласты,
Кытай басып калганын,
Баатыр Бакай биле элек,
Баштагыдай жүрө элек.
Беш убагын жазбаган,
Бей даарат жерди баспаган.
Бутунан өтүк чечпеген,
Бейдаарат тамак ичпеген.
Элин Бакай башкарган,
Эрендердин баарысын,
Жол кайтартып аткарган.
Жоо дегенде жатпаган,
Кайтарып калаа сактаган.
Жоо дегенде дегдеген,
Арстан Бакай баатырдын,
Ченине киши келбеген.
Казат десе камынган,
Жазгы кирген буурадай,
Аскерлери чамынган.
Акундун кызы Айчүрөк,

Алапайын таба албай,
Кан Бакайдын астына,
Айла таап бара албай,
Дубалы бийик мунаранан,
Казармасы тунарган.
Замбирегин белендеп,
Садагасы кетейин,
Арбагы артык Бакайдын,
Шаарына  киши кубанган.
Акундун кызы Айчүрөк,
Түн уйкусун бөлгөн жер,
Түнү имерип келген жер.
Тараза жылдыз батаарда,
Маасым азан коёрдо,
Азан маалы болордо.
Олуязаада пери күн,
Оюна салды бир кудай,
Каалгасы калайлуу,
Агасы Бакай баатыр шер,
Көп адамдан таалайлуу.
Мечиттерин сырдаган,
Кудай бетин көргөзбө,
Азанчылар турганда,
Чыдап пенде турбаган.
Жатып уйку албаган,
Таңдын элес биринде,
Турбай киши калабаган.
Каалгасын бордогон,
Кудай бетин көргөзбө,
Калай жайып бетине,
Акундун кызы Айчүрөк,
Перде тартып бетине,
Чоң мечитке барган жер.
Ак буладай бүгүлүп,
Намазга келчү кишинин,
Астын тосуп калган жер.
Азандын үнүн укканда,
Башына селде салышып,
Селделерин аркайтып,
Тигенеднй шаңкайтып,
Таяк алып колуна,
Кожо салып жолуна,
Молдолору келген жер.
Сыр мечитке кирген жер,
Экөө сүннөт,  экөө парз,
Шашпай окуп алган жер.
Олуязаада баатырдын,
Астын тосуп калган жер.
Күн кызарып чыгарда,
Намаз окуп кайткан жер.
Калың элдин артында,
Алты кожо топ молдо,
Теспе тартып жаткан жер.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Салды кудай денине,
Кечээ Каныкей кайып кеп айткан,
-Кагылайын кулунум,
Айкожонун астына,
Өзүң баргын-деп айткан.
Барып калсаң шаарына,
Арага киши салаба-деп,
Арачыга кеп айтып,
Андан кийин барба-деп.
Кайненеси Каныкей,
Ушу сөздү көп айткан.
Энемдин айткан кеби деп,
Ак куу кебин катканы,
Перизаада Айчүрөк,
Каалгага жашынып,
Кудай өзү билбесе,
Кайнагасы Бакайдын,
Жолун тосуп жатканы.
Молдо чубап өткөндө,
Көбү өтүп кеткенде,
Аса таяк колунда,
Ак кураны койнунда,

Теспеси бар мойнунда,
Муруту аппак бурулуп,
Арстан Бакай шер баатыр,
Аста басып жакындап,
Оозу калай чоң мечит,
Бакай жакын барган жер.
Бакай өтө берерде,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак жибектей бүгүлүп,
Абасы Бакай баатырдын,
Астынан чыкты жүгүрүп.
Кудай бетин көргөзбө,
Абакесин көргөндө,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Баатыр Бакакй канкорду,
Акундун кызы Айчүрөк,
Жалгыз келип көрүнүп.
Айчүрөк басып келгенде,
Аброй түрүн көргөндө.
Алкай албай кан Бакай,
Эт жүрөгү сезген жер,
Эси чыгып кеткен жер.
Ичинде жүрөк болк этип,
Арстан Бакай кайран шер,
Чочуп кетти солк этип.
Айчүрөктү караса,
Түн уйкусун бөлгөндөй,
Түйшүктү катуу көргөндөй,
Таң уйкусун бөлгөндөй,
Кайгыны катуу көргөндөй.
Кызыл өңү кубулуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Кабагы жаман катыптыр.
Төбө чачы үрпөйүп,
Асыл нуру түктөйүп.
Алагар көзу алайып,
Ак тамагы кылайып.
Башын жерге салган жер,
Басмырлаган көп жоонун,
Кайниси менен төрөсү,
Ортосунда калган жер.
Олуязаада Бакайга,
Айчүрөк кабар барган жер.
Мойнунна теспе бурган жер,
Өңүнөн азып келгени,
Кыйын жумуш көргөнү,
Селдесинин куйругун,
Аркасына салган жер.
Айкожо Бакай абасы,
Айчүрөктүн жанына,
Абасы басып барган жер.
Бакай басып барганда,
Тик карабай Айчүрөк,
Башын жерге салганда.
Абасы Бакай кеп айтат,
-Кагылайын кулунум,
Башыңды көтөр-деп айтат.
Кабагың жаман катыптыр,
Түн уйкуңду бөлгөндөй,
Кызыл өңүң азыптыр,
Кыйноону катуу көргөндөй.
Кагылайын кулунум,
Эмнени көрдүң-деп,
Сен эмне келдиң-деп..
Талас, Кең-Кол жайык жер,
Жерим аман жатабы?
Аргын, ногой калың эл,
Элим аман жатабы?
Баатырдан калган көпөлөк,
Бактым эле жетелеп,
Жалгызым аман жатабы?
Кичине кылып чоңойгон,
Катарга келип оңолгон,
Болоттон калган тукумум,
Бу дүйнөдө бир жүргөн,
Аттанып жоого бир тийген,

Качырганы кан болгон.
Бу дүйнөдө жолборсум,
Акыреттик жолдошум,
Берип кеткен бала эле,
Баатырлыгы бар эле.
Кагылайын кулунум,
Күлчоро аман жүрөбү?
Акылдашкан сырдашым,
Манастан калган курдашым,
Каныкей аман жүрөбү?
Ак эмчегин эмизген,
Тай кулундай тебишип,
Талаага барсак жарышып,
Энекелеп келишип,
Кан Манастын энеси,
Чыйырды аман жатабы?
Айкожо Бакай олуя,
Чүрөктү кармап колуна,
Сурап турган жер ошол.
Айкожо Бакай абасы,
Семетей, Чоро бул эмес,
Бакай мусулмандын агасы,
Дин мусулман пендеге,
Айкожо, Бакай арстан эр,
Алтын айчык жаркырап,
Жайып койгон туу болгон.
Кан Бакай сурап турганда,
Мууну бошоп болкулдап,
Айчүрөк ыйлап ийди солкулдап.
-Кең-Кол менен Таласты,
Талкалап кытай алды –деп.
Азганакай журтуңду,
Кытай кырып салды-деп.
Жалгызың менен жаш балаң,
Калың кара аскердин,
Камоосунда калды-деп.
Тун келиниң Чачыкей,
Капырга олжо болду-деп.
Бир кудайдын жолунда,
Карып энем байбиче,
Калмактардын колунда.
Казып койгон ор болду,
Кайнап турган шор болду.
Алакандай казарма,
Алты курчап тор болду.
Көрдүк дүйнө жалганын,
Көрүп чыдап тура албай,
Менин келип калганым
Олуязаада жан эле,
Ошондой жерге кан Бакай,
Өчпөгөн чырак шам эле.
Мурутун булкуп күүлөнүп,
-Аман болсо бу башым,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алармын-деп камынып.
Тилекти кудай бергени,
Жараткан алда жалгызек,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Аскерин айдап кол болуп,
Бу жерге чыгып келгени.
Жараткан кудай жар болсо,
Калмактын канын төгөрмүн.
Кара чоктуу калмакты,
Арстан Бакай Айкожо,
Чүрөктөн кабар алган жер.
Кайраты ташып кайран шер,
Айчүрөктү жетелеп,
Кош сарайга барган жер.
Бакай чыгып баркылдап,
Катуу чыгып табышы,
Бакайдын үнү заңкылдап,
-Эмнени көрдү –деп,
Эл чогулуп дүрдүгүп,
Бакайдын үнүн укканда,
Камдап койгон аскери,
Атка минип сүрдүгүп,

Аксарбашыл аладырып,
Асыл Бакай олуя,
Катуу коркуп калыптыр.
Баркын билет Чүрөктүн,
Садагасын чалдырып,
Айчүрөк түрүн көргөндө,
Ак байбиче энеси,
Ошо Каныкей кайып тууганда,
Манастан калган баланы,
Алаканга салган жер.
Ак моюнун жыттатып,
Акырекке уктатып,
Киндиктин канын бууган жер,
Көйнөктүн канын жууган жер.
Эне болуп Акбарча,
Оң колуна алган жер.
Манастын уулу баланы,
Оң колуна ойнотуп,
Сол колуна сооротуп,
Ак моюнун жыттатып,
Орто төшкө уктатып,
Кичине жүрүп чоңоюп,
Жетим жүрүп оңолуп,
-Келиним кайдан келди-деп,
 Ак жибектей толгонуп,
Ак байбиче Акбарча,
Башка акыл ойлонуп.
-Баланы кудай урган го,
Бээни шайтан бурган го.
Канчыктын тилин алган го,
Пирге тууган Чүрөктү,
Семетей кууп салган го.
Кагылайын кулунум,
Айчүрөктөн кеп сурап,
-Кандай келдиң-деп сурап.
Арстан Бакай кеп айтат,
Чүрөктүн кебин эми айтат.
-Какандын каны келиптир,
Канчалык киши өлүптүр.
Камоону катуу салыптыр,
Биргелешип бир өскөн,
Биттейинен тең өскөн,
Манасты тууган байбиче,
Колго түшүп калыптыр.
Семетей менен Күлчоро,
Калмак кармап алыптыр,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Алуучудай камынып,
Манастан калган казарма,
Темир курчап салыптыр.
Алдыңдагы келиниң,
Айла табар бекен деп,
Абакем айла таппаса,
Өлүп калар бекен деп,
Ай периси кымыңдап,
Көрмөк элең ушуну,
Камабардын уулу Канчоро,
Кайра жетти Бакайга,
Качып барган турбайбы.
Бу Канчоро кеп айтат,
Коңурбай келди деп айтса,
Арстан Бакай Айкожо,
Канкордун уулу баатырды,
Камаган калмак капырды,
Кылбайт беле кызыкты.
Арстан Бакай Айкожо,
Канчородон кеп сурап,
-Айланайын абаке,
Ал айтканың дагы чын,
Айтканыңдын баары чын.
Ополго жылкы салганбыз,
Кең Кашкардын нар жагы,
Кебез тоого барганбыз.
Жылкычы болуп мал багып,
Семетейден бөлүнүп,
Бөлөк кетип калганбыз.

Алдында турган жеңемди,
Асыла берди дебегин,
Айдап жолго салды да,
Кең-Колдун берки четине,
Ичерине аш бербей,
Киерине тон бербей,
Кордукту Чүрөк көрдү-деп,
Ала көөдөн уулуңдун,
Каарын катуу көргөнбүз,
Жылкы багып алыска,
Бөлүнүп эчак келгенбиз.
Камаган калдай кол көрүп,
Кан Коңурбай чоң көрүп,
Кызыл желек туу көрүп,
Ач кыйкырык чу көрүп,
Биз жылкыда жүргөндө,
Кең-Кол менен Таласты,
Тамын жыгып талкалап,
Дарагын жагап кыйратып,
Ургачыны чубатып,
Кабыланды сулатып,
Эшкожо менен Бектемир,
Экөөнү баштап кыйратып,
Таласка аскер толгондо,
Кабар албай калкынан,
Канчоро менен Күлчоро,
Кандай болуп калды деп,
Бор дөбөнүн үч-Кыя,
Ополдон чыгып он күнү,
Ошо чыгып бардык биз.
Кайнаган калың көп калмак,
Алтын айчык кызыл туу,
Асмандатып аштаган,
Жоого тиер баатыры,
Талас менен Кең-Колду,
Канча курчап таштаган.
Кабылган киши өлөт деп,
Кагылайын абаке,
Жинди Чоро балаңдан,
Катуу кебин мен уктум.
Камчы менен жыга чаап,
Байлап кетти талаага.
Ары качып жөө басып,
Ошондон качып мен чыктым,
Айланайын абаке,
Кесиреттүү эки кул,
Ким көрдү менин күнүмү.
Башыма түшүп пенделик,
Келдим араң селделип.
Жер чөбүн жедим аш болбой,
Бастым бутум ат болбой,
Этегимди түрдүм мен,
Өз инимден таяк жеп,
Эки айча жүрдүм мен.
Өлбөй араң келдим мен.
Кордукту көрүп канкордон,
Өлсө мейли дедим мен.
Айкожого кеп айтып,
Канчоро баатыр сыр айтып,
Аягында чын айтып.
Бу Канчоро барганда,
Арстан Бакай абасы,
Бир топ кийим кийгизет.
-Бели катуу улум-деп,
Астына тулпар мингизет.
Аркыратып аң уулап,
Адис болуп келгин-деп,
Жердин баарын көргүн-деп,
Жерди көрүп келгин-деп,
Арстан Бакай абасы,
Ардактап баккан баласы,
Кабылан Бакай кайран эр,
Астындагы Чүрөктөн,
-Бул айтканы чынбы-деп,
Чүрөктөн сурап турган жер.
Асылы пери Айчүрөк,

-Бул айтканы дагы чын,
Айканынын баары чын.
Арстан Бакай ой ойлоп,
Семетей атка мингени,
Аргын менен ногойду,
Башын курап билгени,
Кызыталак дардаңпоз,
Тентектерди тыйды эле.
Баатырдан калган мурапы,
Атасы өткөн кырк жайсаң,
Мунун баарын кырды эле,
Көрмөк эле ушуну.
Арстан Бакай Айкожо,
Ат чаптырып мал алып,
Короодон бөлүп кой алып,
Өрүштөн тандап жылкы алып,
Олуязаада эр Бакай,
Аз гана Мөңкүш өз журтун,
Калаасына жыйды эле.
Олуязаада Айкожо,
Кудай бетин көргөзбө,
Алыста жаткан мусулман,
Карала кагаз кат жазып,
Каныбек менен Бекчоро,
Кош ат берип атказып,
Кудай бетин көргөзбө,
Астына Моңкүш журтунун,
Эр бүлөсүн маштатып,
Катка жазып кеп айтып,
Баатырдан калган жалгызды,
-Камоодо капыр -деп айтып.
Тилекти кудай бергени,
Какан менен Бээжинден,
Кан Коңурбай келгени.
Каканга кайра кетирбей,
Берди бизге кудай-деп.
Арстан Бакай кайран шер,
Кан Коңурбай манжуну,
Бу жолдо алабыз.
Бели катуу манжунун,
Берсе кудай тилекти,
Коңурбайды биз алып,
Биз Бээжинге барабыз.
Кагазга катуу салган жер,
Алыста жаткан кандарга,
Кабарчылар барган жер
Кабар угуп Бакайдан,
Аскер айдап келген жер.
Кудай билет чын болсо,
Аскеринин эсебин,
Арстан  баатыр Бакайга,
Кан өткөрүп берген жер.
Шашпай аскер ыйган жер,
Кудай билет чын болсо,
Айкожо Бакай кайран эр.
Кайратты катуу кылган жер,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Калмак менен кытайдын,
Атка минген эркектер,
Мылтык атчу мергенди,
Найзакерди алган жер.
Бээжинге эркек калтырбай,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Таласка чабуул койгон жер.
Таласты алып болгон жер,
Улуу суунун боюна,
Эр Коңурбай конгон жер.
Арстан Бакай Айкожо,
-Берсе кудай алам -деп,
Дөөгүрсүгөн манжуну
Айкожо Бакай кайран эр,
Казат кылып кан төгүп,
Катуу уруш кылам-деп,
Какандан келген аскерди,
Айдап жүрүп кырам-деп.
Берен калча чоң манжу,

Берсе кудай тилекти,
Ушу жолдо алам-деп.
Олуя Бакай камынып,
Кудай бетин көргөзбө,
Меке менен Медина,
Периште жүргөн жанында,
Арстан Бакай эр баатыр,
Батыштагы мусулман,
Баарына кабар салган жер.
Аркой деген жеринен,
Айтылуу ойгут элинен,
Кан Чубактын калкына,
Алты миң аскер келген жер.
Арстан Бакай көк жалга,
Келип эсеп берген жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Бурамалуу чоң Букар,
Буга кабар алган жер.
Дин токтогон жер эле,
Кара кандын Ысмайыл,
Тогуз миң аскер алган жер,
Кан Бакайга барган жер.
Ашкабат менен Анжыян,
Андан аскер алган жер.
Шаакожо кандын айлынан
Аскер айдап кол жыйып,
Кан Бакайга барган жер,
Артынан аскер келген жер,
Келип эсеп берген жер.
Баскан жери жол болду,
Кудай бетин көргөзбө,
Бар көлгө кайнап эл толду.
Азыктарын артынып,
Кылычтарын чалышып,
Бир кудайга жалынып,
Он эки кан мусулман,
Келди баары камынып.
Караколдун жээгине,
Калың аскер конду эми.
Кан Бакайга эсебин,
Каны келип берди эми.
Арстан Бакай кайран шер,
Кудай билет чын болсо,
Аскер жыйып алгыча,
Казатка Бакай баргыча,
Он беш күндөн өттү эми,
Жыйырма күнгө жетти эми.
Кудай бетин көргөзбө,
Бакай кожо аскери,
Булут менен бурулуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Буругушкан жер ошол.
Куюн болуп кубулуп,
Жөө туман жайда созулуп,
Арстан тууган Бакайдын,
Аскерине кошулуп.
Ай караңгы түн болуп,
Айкожонун аскери,
Так кырк эки миң болуп.
Жоо жарагын камданып,
Садагасы кетейин,
Касиеттүү Айкожо,
Кечээ Каканга казат баргандай,
Жүрмөк болду шаңданып.
Көк жал Бакай кайран эр,
Катаган кабар алган жер.
Кармашууга камынып,
Карт буурача чамынып,
Урушууга камынып,
Жазгы кирген буурадай,
Арстан Бакай чамынып.
Ак Болоттун тукуму,
Аты Бакай болгону,
Азиреттин тукуму.
Арстан Бакай олуя,
Чүрөктү кармап колуна,

-Эр Семетей жалгызым,
Камактан кордук көргөндүр.
Бу Каныкей аяшым,
Кайгырып ыйлап жүргөндүр.
Кытайдан кордук көргөндүр,
Аман калган кыз-келин,
Кысылып ыйлап жүргөндүр.
Арстан Бакай эр баатыр,
Байбичеге барган жер.
Шаарындагы баарынан,
Садагасы кетейин,
Санаты журттан бир башка,
Баарын жыйып алган жер.
Баатыр Бакай кайран шер,
Атка минсе жоо сайып,
Үйдө жүрсө куш салып,
Бул Бакайдын барында,
Беттеген пенде болбогон,
Катылган жоону оңдогон
Дин мусулман пендени,
Арстан Бакай кайран шер,
Атасы болуп колдогон.
Байбичеге кеп айтып,
-Бата бергин-деп айтып.
Мен Таласка барамын,
Таластын эли калыптыр,
Барып уруш саламын.
Ак болот кармап имерип,
Кабарга келген Чүрөктү,
Таласка кайра жиберип.
Эч кишиге кеп айтпай,
Манастан калган жалгыздын,
Кайра барам кашына.
Жер жарылып суу чыкса,
Жеке сан деп чуу чыкса,
Баабедин деп бакырса,
Жайкын жаткан көп аскер,
Түн ичинде дүрбөтүп,
Ажыратып атынан,
Кудай берсе алам деп,
Айчүрөккө айтып кеп.
Арстан Бакай кан эме,
Касиети чоң неме.
Периште жолдош эр неме,
Пендеден чыккан шер неме.
Азыркы чыккан аскерге,
Арстан Бакай эр неме.
-Айдап жолго салам-деп,
Жердин үстүн чаң кылып,
Таластын ичин кан кылып,
Камаган жоону алам-деп,
Камбардын уулу Чорого,
Он атар мылтык асынтып,
Ок-дарысын артынтып.
Алты атар мылтык асынтып,
Азык-түлүк артынтып,
Канчорого кеп айтып,
-Кошо жүргүн-деп айтып.
Алтымыш бээ сойдуруп,
Шаарда калган көп журтка,
Кары-картаң элдерге,
Катын менен балдарга,
Тамак берип тойдуруп,
Алтындан кылган чоң селде,
Алып башка чалган жер.
Арстан Бакай Айкожо,
Караламан эл менен,
Калың кара кол менен,
Кызыл-Кыя бел менен,
Алкымдаган эл менен,
Арстан Бакай кайран эр,
Айдап жолго чыккан жер.
Кол башчыга күүлөнүп,
-Ажырабай кошо жүр,
Ажырап кетсең өлөсүң.
Деп ошентип кан Бакай,

Канчорого сүйлөнүп.
Колду баштап жоодурап,
Кудай бетин көргөзбө,
Кан Бакайдын аскери,
Жолго түштү шоодурап.
Этин бербей мал болбойт,
Кетмен чаппай дан болбойт.
Келген жоону кетирбей,
Берсе кудай алалы.
Белинде кемер куру бар,
Бетинде кызыл нуру бар.
Башына селде чалынса,
Пайгамбардай шаңы бар.
Арстан Бакай баатырдын,
Эки көзү мунарып,
Чырактай күйгөн шамы бар.
Айзанын учу кылкылдап,
Аскердин башы былкылдап.
Кылычтын мизи жылтылдап,
Арстан Бакай Айкожо,
Астына келген аскерди,
Асты астынан бөлгөн жер.
Алтымыш атчу мылтыкты,
Мергендерге берген жер.
Бала чаар жолборсу,
Башынан пери колдоочу,
Эр Бакайдын жолдошу.
Кудай бетин көргөзбө,
Кагып койгон темирдей,
Камынып жоого чыгарда,
Арбагы бар бир башка.
Арстан Бакай Айкожо,
Кара тоолуу сеңирдей.
Чоңдугу төөнүн орундай,
Толкуган көлдүн шарындай.
Башына селде чалган жер,
Доолбасты бир уруп,
Бакай кабар салган жер.
Караламан калың кол,
Жалпы жүрүп калган жер.
Бозчулугун моюндап,
Боз кисесин чалатып.
Бир кудайга жалынып,
Баабедин деп буркурап.
Айкожонун аскери,
Баары жүрдү чуркурап.
Ай асаба кызыл туу,
Жердин үстү ызы-чуу.
Жети асаба кол менен,
Жер майышкан эл менен,
Айкожо жолго салган жер,
Аскер айдап жол баштап,
Шер Бакай жүрүп калган жер.
Арстан Бакай Айкожо,
Шаарынан аскер бөлүнүп,
Ок аттырып, жаа тартып,
Жерге огу төгүлүп,
Арстан Бакай Айкожо,
Аскер айдап жол алып,
Кырк эки миң кол алып,
Кылычын чалып белине,
Кыйкырык салып элине,
Кармашып жоого баарыбыз,
Капыр менен мусулман
Курчалышып калабыз.
Келген жоону жеңебиз,
Кудай билет чын болсо,
Тонун тоноп киебиз,
Жоонун атын минебиз.
Үй үстүнө жоо келсе,
Жан аяган болбойт деп,
Жан аяган кишиден,
Мал аяган болбойт деп.
Аскер айдап жүрүүчү,
Астын баштап кирүүчү,
Тайманбай жоого тийүүчү.

Эрендерди бөлүүчү,
Эргип жоого кирүүчү.
Айзакерди алуучу,
Сунган найза тартпаган,
Туулуп жоодон качпаган,
Баштаганы алты жүз,
Арстан Бакай Айкожо,
Баарын жыйып кеп айтат,
-Узун чийген жериме,
Жүрүп келгин-деп айтат.
Кыска чийген жериме,
Конуп келгин-деп айтат.
Ат озунтуп баратып,
Атышар жерди чалайын,
Бастырып чалгын чалайын,
Астыңарга барайын.
Калың кара аскердин,
Дайынын  көрүп алайын.
Арстан Бакай Айкожо,
Кол башчыга кеп айтып,
-Туура чийген жериме,
Конуп өткүн-деп айтып.
Эл башчыга кеп айтып,
Узун чийген жериме,
Турбай өткүн-деп айтып.
Бозчолок минип алкылдап,
Башында селде чоң дастар,
Төбөсүндө жаркылдап.
Кылычы белде кыңгырап,
Айбалтадан үн чыгып.
Кара санда шыңкулдап,
Карысында айзасын,
Айзага таккан темирден,
Кудай билет чын болсо,
Жалын чыгып жылтылдап.
Астындагы Көкчолок,
Азоо аттай кылтылдап.
Түлкү кууган тайгандай,
Өзүнөн өзү мант берип,
Моюнун буруп жалт берип.
Жолго салса Көкчолок,
Таманы жерде тарсылдап,
Оозуна ал жетпейт,
Куюшкандын кошкону,
Үч-Кошкондо шакылдап.
Өтө кызып алганда,
Эки ууртунан ак көбүк,
Чачырайт жерге шарпылдап.
Арстан Бакай Айкожо,
Алган колдон бөлүнүп,
Алдындагы буудандын,
Тула бойдон аккан тер,
Жамгырдай жерге төгүлүп,
Жылгандууну басты эми,
Арстан тууган эр Бакай,
Көгүчкөндүү көк кыя,
Жалгыз келип жатты эми.
Тараза жылдыз батканда,
Азан окуп алды эми.
Атка тердик салды эми.
Адам эмес Айкожо,
Үзөңгү бутка салган жер,
Атки минип алган жер.
Аскер кандай жатат деп,
Айкожо жүрүп калган жер.
Ак кыяга барган жер,
Айнектүү дүрбү алган жер,
Айкожо дүрбү салган жер.
Камап аткан калың кол,
Барып көрүп алган жер.
Кең-Кол менен Таласты,
Кош түшүрүп туу тигип,
Кайнап аскер толгон жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Өлгөнүнөн калган эл,
Алакандай казарма,

Ортосунда болгон жер.
Бурулуп түйүн бөлүнөт,
Кудай бетин көргөзбө,
Алтын ээр кош каңкы,
Мыктуунун аты көрүнөт,
Асмандан түтүн бөлүнөт.
Аюу көпчүк куш желдин,
Аскердин аты көрүнөт.
Абалап түтүн бөлүнөт,
Он эки катар туу тигип,
Каңгыратып Таласты,
Такыр чаап салыптыр.
Алакандай Кең-Колду,
Тегеректеп калыптыр.
Арстан Бакай Айкожо,
Аны көрүп алыптыр.
Кудай билет чын болсо,
Эр Эшим менен Эскара,
Эрин көрүп алыптыр.
Кара-Буура, Чоң –Чаткал,
Сары-Булак жайкын жер,
Корксо качып калат деп,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Кош түшүрүп салыптыр.
Кубакынын белинде,
Жайган кызыл туусу бар,
Жандап аккан суусу бар.
Катар-катар замбирек,
Койгон экен чөгөрүп.
Кудай бетин көргөзбө,
Жазайылын көмөрүп,
Жазайылын кармаган,
Жанына киши барбаган.
Таш тулгадай шаңшойгон,
Нурдуу кырдай оңкойгон.
Кытайдын кыйын иши бар.
Жазайылдын жанында,
Кудай бетин көргөзбө,
Алтымыштан киши бар.
Замбиректин жанында,
Чоюнбашын алган бар.
Жоо дегенде токтобос,
Замбирек атып калган бар.
Тизелешип жүргөн бар,
Жазайыл менен замбирек,
Жакшы окуп билген бар.
Карап турса кан Бакай,
Кандай кылсам алам деп,
Айкожо Бакай толгонуп,
Ар кандай акыл ойлонуп,
Эбин кандай табам деп,
Атаны кокуй арман күн,
Кызарып күйгөн чок эле,
Кылымда элде жок эле.
Калмак минтип турганда,
-Күлчоро болсо жанымда,
Айла табар шер эле.
Арстан Бакай Айкожо,
Эсинен танып эндиреп,
Арстан Бакай Айкожо,
Элдин түрүн көргөндө,
Эси чыгып солкулдап,
Бакай коркуп турганда
Периште салып белине,
Кудайым салып демине.
Алмамбет келип жөнүнө,
Арстан Бакай Айкожо,
Алтымыш түрлүү тил билген,
Ал билгенди ким билген.
Асмандан булут бурган жер,
Булутту буруп турган жер.
Бурулуп учкан булутту,
Сай-сайлатып алган жер.
Садагасы кетейин,
Кошул Асан пири бар,
Кошо жүргөн жери бар.

Ошо жолдо Бакайдын,
Кайраттанып калганда,
Азирет Аалы деми бар.
Кудай бетин көргөзбө,
Шамал болуп бурулуп,
Жайлап койду эр Бакай.
Куюн болуп кубулуп,
Бастырып киши чыга албай,
Ат үстүнө тура албай,
Ат жетелеп баса албай,
Асмандап мылтык ата албай,
Кыбыла жагы кырданып,
Кудай бетин көргөзбө,
Кызарып булут сурданып.
Булуту ойноп бурулуп,
Муздай мөндүр чубуруп.
Жаак тоңур муз болуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Чилде түшүп кыш болуп.
Кытайлардын черүүсү,
Кыңшылап ыйлап кыз болуп.
Бул эмине болду деп,
Жетип атка минген бар.
Катуу тийген куюндап,
Башы жерге кирген бар.
Кудай бетин көргөзбө,
Айбалтасын таянып,
Ат жетелеп баскан бар.
Ар кай жерде кайыгып,
Кучакташып жаткан бар.
Жарагына карабай,
Кудай бетин көргөзбө,
Ыргытып ийип качкан бар.
Айкожо Бакай айласы,
Бакайдын тиет пайдасы.
Суук бороон салган жер,
Шамал кылып күн жайлап,
Арстан Бакай, эр баатыр,
Аскерге жакын барган жер.
Кан Бакайдын артынан,
Аскери келди сүрдүгүп,
Кол баштаган баатырлар,
Келди Бакай кашына,
Арстан Бакай астына.
Арстан Бакай кеп айтат,
-Карагайлуу капталга,
Тетиги карарып аткан Чаткалга.
Кызыл-Кыя капталга,
Тетиги мунарып жаткан Чаткалга,
Атты байлап салгыла,
Жыгач кыйып алгыла,
Баарын бекем таңгыла.
Бирден чырпык сүйрөтүп,
Камынып атка мингиле.
Чырпык таңып бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Мен айтканда киргиле,
Айкожо Бакай эр баатыр,
Аскерге жыгач алдырып,
Бир кишинин башына,
Алтыдан чырпык таңдырып.
Сүйрөсө чаңы бөлүнүп,
Арстан төрө Айкожо,
Камап жаткан көп жоого,
Бир киши он киши болуп көрүнүп,
Буйрукту Бакай берген жер
Караламан көп аскер,
Арстан Бакай баатырдын,
Буйругуна көнгөн жер.
Кайратты катуу берген жер
Арстан Бакай баатырдын,
Айтканына көнгөн жер.
Бир башына бир киши,
Ондон чырпык таңган жер.
Катуу шамал жел болуп,
Камап жаткан аскерге,

Кудай бетин көргөзбө,
Бул Айкожонун кылганы,
Бир аскер чырпык кыйганы,
Булутту буруп алганы,
Киши экен деп көрүнтүп,
Караламан аскерди,
Ар кайсы жерге бөлүнтүп,
Калмактан чыккан кароолчу,
Чалгындап чыгып жер чалып.
-Кайнаган аскер калың кол,
Жакын келип калды -деп,
Алышууга камынып,
Кудай бетин көргөзбө,
Удургуган көп аскер,
Атка минди жабылып,
Кармашууга камынып.
Калың кара көп аскер,
Кармашчудай камынып,
Айкожо Бакай кылганы,
Калың кол кирип келгенде,
Кайра колду токтотуп.
Бир аскердин башына,
Жолдош кылып коштотуп.
Тагып жыгач сүйрөтүп,
Бул Айкожонун кылганы.
Капыр менен мусулман,
Кырчалышар жери ошол.
Адамдан башка акылман,
Айкожо тапкан эби ошол.
Катуу бороон, суук жел,
Күнү-түнү басылбай,
Кайгырып ыйлайт канча эл.
Казарманын ичине,
Чаң-тополоң толду деп,
Кандай заман болду деп.
Молдолор окуп ыйманды,
Кудай бетин көргөзбө,
Тышка чыгып баса албай,
Казармага жата албай.
Баатырдын уулу Семетей,
Байлап башын өлүмгө,
Эси каны көңүлдө.
Аңтарылып дүнүйө,
Арбыды кытай күнүгө.
Ойлоп акыл жете албайт,
Калмак кытай түрүнө.
Кармаган коргон чебине,
Кайнап атат көп аскер.
-Манастын күткөн жерине,
Жоо келип калды -деп,
Чалгынчыдан кеп угуп,
Атка минип камданып,
Калың аскер камынса,
Айкожо Бакай баатырга,
Кайыптан акыл табылса.
Кире турган аскерди,
Кайра тосуп алган жер.
Түн жамынып кирүүгө,
Айкожо Бакай башка эр,
Кудай билет чын болсо,
Шамал бороон салыптыр.
Калмак кытай көзүнө,
Каптап келген көп аскер,
Жыгач болуп калыптыр.
Жыгачын жыйып ташташып,
Арстан Бакай көк жалың,
Чаңдуу бороон, муздуу кар,
Бурганактап төгүлүп,
Булут ойноп бөлүнүп.
Башчыларга кеп айтып,
Аскерди айдап башкарып,
-Тамак бергин-деп айтып.
Арстан Бакай Айкожо,
Кудай бетин көргөзбө,
Жайкын жаткан аскерге,
Түн жамынып кирмекке,

Кудай бетин көргөзбө,
Айкожо Бакай арстан эр,
Түн ичинде тиймекке,
Куран окуп арбакка,
Арстан Бакай кайран эр,
Түндөп уруш салмакка,
Кытай менен калмакка,
Кыргынды Бакай салмакка,
Адамдан башка айлакер,
Мусулманга пайдакер,
Айкожонун баласы,
Арстан Бакай кайран шер,
Мусулмандын мааниси,
-Мылтыктын үнүн уккула,
Менин үнүм чыкканда,
Бириң калбай чыккыла.
Карыга айза салгыла,
Белиңерде кылычты,
Бек курчанып алгыла.
Бек качырып тийгиле,
Айза менен киргиле.
Көйнөгүндө жака жок,
Өтүгүндө така жок.
Шоңшогой телпек, жез калпак,
Байкап таанып алгыла,
Жалпы кирип баргыла,
Кайра тартпай киргиле,
Арстан Бакай Айкожо,
Ат көкүлүн түйгүлө,
Түн жамынып киргиле.
Ар аскерин окшотуп,
Акыл берип бир кудай,
Анысы Бакай кайран шер,
Акыл менен аскерди,
Тосуп койду октотуп.
Жан казанын астырып,
Айдап жүргөн башчысы,
Аскерге отту жактырып,
Аш тамагын жедирип,
Аттар турат элирип.
Кудай бетин көргөзбө,
Түн ортосу болгондо,
Желим менен чаптаган,
Жети катар каттаган,
Эбин киши таппаган.
Алаш жүрсө аңылдап,
Колтуктаса каңылдап,
Чымын тийсе дыңкылдап,
Камчы чапса зыңкылдап,
Жер жарылып тарсылдап,
Доолбасы бир башка,
Айта турган Айкожо
Көкчолокту токуду,
Намазын да окуду.
Алты катар ак желден,
Аюу көпчүк ак туштан,
Баса тартып алды эми.
Арстан Бакай көк жалың,
Доолбасын каккылап,
Камчы менен чапкылап,
Айкырыкты салды эми.
Кудай бетин көргөзбө,
Баабедин деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Каптап аскер буркурап,
Кудай бетин көргөзбө,
Кожосан деп чуркурап.
Калың аскер көп солоп,
Келмеси бар тилинде,
Ыйманы бар дилинде.
Куралы бар колунда,
Кураны бар койнунда,
Ыйманы бар боюнда.
Мылтык атып, жаа тартпай,
Качырган жоого ок атпай,
Айкожо Бакай аскери,

Караңгыда тийген жер.
Кайра тартпай качырып,
Калмак, кытай колуна,
Бакайдын колу кирген жер.
Арстан Бакай Айкожо,
Бакырып үндү салган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Кан төгүлүп баш кетип,
Казат болуп калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Сепилге чыгып караса,
Жерге батпайт ызы-чуу.
Билекти кере түрүшүп,
Жер казылып аң болуп,
Жердин үстү чаң болуп,
Алда кандай болду деп,
Баатырдын уулу Семең,
Турду башы маң болуп.
Кайсы экени билинбейт,
Ким экени таанылбайт,
Калмак, кытай буркурап,
Айгайлашып чуркурап,
Атка тердик салгыча,
Атка минип камынып.
Кудай бетин көргөзбө,
Келген жоону сайгыча,
Айкожонун аскери,
Кирген экен камынып,
Киши калбай жабылып.
Узун чапан бели узун,
Кудай бетин көргөзбө,
Бооруна айза батырып,
Кабыргасын сөгүлтүп,
Канды суудай төгүлтүп,
Калмак, кытай аскерин,
Асты-астынан бөлүнтүп.
Бор дөбөнүн чатына,
Барган экен башына.

Арстан Бакай кайран эр,
Кайып жолдош болгон жер.
Тараза жылдыз батарда,
Таң агарып атарда,
Жер жарылып буу чыгат,
«Качпа» деген чуу чыгат.
«Я алда» деп бакырып,
Мусулман өңдүү унчугат.
-Бул эмине болду-деп,
Манастын уулу Семетей,
Эт жүрөгү болкулдап,
Камап жаткан калың жоо,
Эми алат-деп солкулдап.
Баатыр Чоро, кайран эр,
Жакасын кармап таңданып,
Ызы-чууга таң калып,
Айбаты бар арстан шер,
-Кандай айла болот -деп
Алакандай казарма,
Эми алып коёт -деп,
Эр Күлчоро, баатыр шер,
Ойлонуп акыл таба албайт.
Оолугуп уруш сала албайт.
Толгонуп акыл таба албайт,
Тосуп уруш сала албайт.
Эңкейип эшик ача албай,
Кармап мылтык ата албай,
Кайран Чоро турган жер.
Супу жылдыз батарда,
Суу агарып атарда.
Кудай бетин көргөзбө,
Жер жарылып бөлүнөт,
Ак селдеси шаркылдап,
Көк чыбык үнү зыңкылдап,
Чоң селдеси жаркылдап,
Доолбас үнү заңкылдап.
Дубалга чыгып караса,
Кең-Колдун башы кермеден,

Мал жайлаган жайыктан,
Кудай бетин көргөзбө,
Удургуп аскер бөлүнөт.
Карап турса Күлчоро,
Абасы Бакай баатырдын,
Арбагыбы, өзүбү?
Элес-булас көрүнөт.
Таң атарда буу чыгат,
Кудай бетин көргөзбө,
Таластын берки четинде
Күрөктүү адыр, шордуу көл,
Как ошонун бетинде,
Жаркылдаган туу чыгат,
«Баабедин» деп бакырган,
Манастап ураан чакырган,
Кудай бетин көргөзбө,
Ок жамгырдай төгүлөт,
Кайнап аткан калың кол,
Асты –астынан бөлүнөт.
Алтын айза сыр желек,
Кудай бетин көргөзбө,
Байлап койгон чоң мөдүр,
Сайга батпай суу келип,
Талас менен Кең-Колго,
Жараткан кудай жол берип,
Айкожо Бакай барыптыр,
Аскерди жыйып алыптыр.
Байлаган чебин бузуптур,
Кургап турган курган журт,
Куурап турган Таласка,
Кандай агып келди деп,
Өнөрүнө карабай,
Өлүмдөн жанын аябай,
Кетерине карабай,
Кетем деп жанын аябай,
Катын балдар жарышып,
Суудан сузуп алышып,
Кудай бетин көргөзбө,
Капыр менен мусулман,
Калган экен салышып.
Сунун үнүн укканда,
Мусулман деп чуу чыгып,
Ач кыйкырык, бек сүрөөң,
« Я алда» деп чыкканда,
Баатыр бала Күлчоро,
Барды аттын жанына.
Караса буудан Суркоён,
Кудай бетин көргөзбө,
Кабырга жагы семирип,
Кара эти толуп элирип,
Карчыңгуа куштай кагынып,
Ителги куштай чамынып,
Кудай бетин көргөзбө,
Тегеренип корсулдап,
Тээп койчу немедей,
Суркоён түрүн көргөндө,
Шумурайып чунак кул,
Тилегин кудай бергенде.
Күн кызарып чыккан жер,
Күркүрөгөн Бакайдын,
Күлчоро үнүн уккан жер.
Жер жарылып күн чыгат,
Жекесан деп унчугат.
Кан төгүлүп, буу чыгат,
Кудай билет чын болсо,
Канчоролоп чуу чыгат.
«Баабедин» деп бакырат,
-Түгөйүмү күтөм -деп,
Көрүп алып келсин-деп,
Канатымдан айрылып,
Түгөйүмдөн айрылып,
Тирүү жүрүп нетем-деп.
Куйругумдан айрылып,
Сопол болуп этем-деп,
Кулагымдан айрылып,
Чунак болуп этем-деп,

Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн.
Кудай бетин көргөзбө,
Баабедин деп бакырат,
Канчоро деген катуу үн,
Жер айрылып бек чыгат.
Жетим кулмун деп чыгат.
Коёнду колго алган жер,
Акундун кызы Айчүрөк,
Күлчоронун кашына,
Жеңеси басып барган жер.
-Айланайын уулуке,
Ак көйнөк кийсең жер болду.
Баабедин деп бакырган,
Казатты кылган ким болду?
Айчүрөк айтып турган жер,
-Мен садагаң кетейин,
Мен айланып баргамын.
Айкожого мен барып,
Барып кабар салгамын.
Кагылайын уулуке,
Билдиңби абаңдын келип калганын.
Ат тизгинин кыя жүр,
Асталап сабыр кыла жүр.
Мен айтайын бир кепти,
Көңүлүңө ала жүр,
Кулагыңа сала жүр.
Ала көөдөн дардаңпоз,
Атакең эзер киши эле,
Жаныңа коштоп ала жүр.
Айчүрөк келип кеп айтып,
-Кагылайын уулуке,
Сактанып жүргүн-деп айтып,
Каныкей келди кашына,
Семетейдин астына.
-Бир Семетей сен дедим,
Менин өлбөй келгеним,
Атакең Манас өлгөндө,
Өлсөмбү дедим арандан.
Өлбөй тирүү жүргөнүм,
Бу Семетей сенин барыңдан.
Кетсемби дедим ырымдап,
Кетпей тирүү жүрөнүм,
Семетей сенин барыңдан.
Тумшугу жок энекен,
Мусулманга берекем.
Сен ушуга сак болгун,
Жоого кеткен энекең,
Каныкей кайып көп айтып.
Атаңдан калган калың журт,
Айрылдым кандай-деп айтып.
Адамдын тилин албайсың,
Калың кара көп журтуң
Кордугун көрүп калмактын,
Камоодо калдым кандайсың.
Ал аңгыча болгон жок,
Жер айрылып жаркылдап,
Мылтыктын үнү тарсылдап,
Ач кыйкырык ызы-чуу,
Манас деп кабар угулат.
Алтоону калмак салдыбы,
Эр Семетей көп ыйлайт,
-Манастап ураан чакырсам,
Чыгып келер бекен  деп,
Какандын каны чоң манжу,
Алдап кабар салдыбы?
Кудай бетин көргөзбө,
Тополоң кыйнап чөп чыгып,
Топурак өтүп боз чыгып,
Бөлүнүп ыскып чаң чыгып.
Кара туман жөө күлүк,
Кактап калган эмедей,
Кадимки кожо барган жер.
Капыр менен мусулман,
Кан төгүшүп калган жер.
Айтылуу Бакай барган жер,

Капыр менен мусулман,
Аралашып калган жер.
Манастын уулу дардаңдын,
Кызарган өңү кубулат,
Немене болуп кетет деп,
Эр Семетей баатырдын,
Кыялы эчен бузулат.
Каныкей кайып кеп айтат,
-Ач кыйкырык ызы-чуу,
Кулагың салгын-деп айтат.
Ал аңгыча болгон жок,
Бакырган үндү уккан жер,
Кудай берген экен деп,
Баатыр Чоро чыккан жер.
Суркоён минип созулуп,
Жанына кайып кошулуп,
Арыштатып созулуп,
Астынан кайып кошулуп,
Алтын таяк, сур жебе,
Күлчоро колго алган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Капыр менен мусулман,
Кан төгүшүп турганда,
Баатыр Чоро барган жер.
Карууга айза илген жер,
Канга тойгон Күлчоро,
Караламан аскерге,
Ителгидей тийген жер.
Кылычты кындан алган жер,
Кылкылдаган кытайга,
Кыргынды Чоро салган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
-Күлчоро кайда кетти –деп,
Баатырдын уулу Семетей,
Айран болуп калган жер.
Кең-Колдун бою  Сары-Түз,
Бакырыгы баш жарып,
Бакайдын үнү угулат.
-Абакем келип калдыбы?
Кандай кабар болду-деп
Алтын чырай жарык жүз,
Семетей өңү кубулат.
Кудай бетин көргөзбө,
Капыр менен мусулман,
Кан төгүлүп кызыл кан,
Жанындагы Айчүрөк,
Манастын уулу Семетей,
Буурул атты керген жер.
Атасы салган дубалга,
Семетей чыгып келген жер.
Кагылышып кан төкмөк,
Капыр менен мусулман,
Кармап канын көргөн жер.
Кылычынан кан агып,
Кудай бетин көргөзбө,
Кыл мурутун имерип,
Кулагына салыптыр.
Калың колду как жарып,
Башында селде муну ороп,
Бакайдын түрүн көргөндө,
Манастын уулу Семетей,
Түшүмө кирбес ишимде,
Өңүмдө кандай көрүндү.
Көк жалдын уулу баатырдын,
Көңүлү эчен бөлүндү.
Кең-Колдун чаты Кара-Сай,
Кудай бетин көргөзбө,
Кан төгүлүп жошулуп,
Камбардын уулу Канчоро,
Катуу уруш салыптыр.
Суркоёнго камчы уруп,
Күлчоро эчак барыптыр.
Канчоро менен Күлчоро,
Бир-бирине жете элек,
Айзаларын таянып,
Түшүп атын жетелеп,

Мусулман колу көрүнөт.
Манастын уулу Семетей,
Кайра тартып кылчаңдап,
Кулач кербес дубалдан,
Куштай учуп барган жер.
Жан жолдошу Айчүрөк,
Кучактап белден алган жер.
-Аста төрө, аста-деп,
Акылыңан шашпа-деп,
Токто төрөм, токто-деп,
Тайбуурулу токулуу,
Акундун кызы Айчүрөк,
Колдон кармап турган жер.
Манастын уулу Семетей,
Сүйүнүп маңдай жарылбайт,
Коркуп жүрөк айрылбайт.
Кан Коңурбай манжунун,
Камоосунда турганда,
Жоо жарагы колдо жок,
Абакеси Бакайды,
Көрөм деген ойдо жок.
Кызыл булут куу туман,
Чаң тополоң топурак,
Чаң айланып бурулат.
Садагасы кетейин,
Замбиректин сүрүндөй,
Абакеси Бакайдын,
Ачуу үнү угулат.
-Берди кудай, берди-деп,
Бекем үнү угулат.
Кудай бетин көргөзбө,
Манастын уулу Семетей,
Арстан тууган Бакайдын,
Үнүн угуп шалдайып,
Эси ооп далдайып,
Кайра оңолуп кеп айтып,
-Кагылайын Айчүрөк,
Кандай заман, кандай күн,
Билсең ачык чыныңды айт,
Ай, Айчүрөк сырыңды айт,
Жан жолдошум Айчүрөк.
-Мен Баркөлгө баргамын,
Билесиң эми дардаңым,
Абаңа кабар салгамын.
Көрдүң абаң келгенин,
Билбесиң кудай бергенин.
Пайгамбар келип жол салды,
Түн ортосу маалда,
Айкожо келип кол салды.
Жердин үстү чаң болду,
Көрдүңбү көчөнүн ичи кан болду.
Кайраттансаң барарсың,
Мына камаган жоону аларсың.
Ойлонбой уруш сен салсаң,
Жаман ишке каларсың.
Айчүрөктү эл угуп,
Эр Семетей кеп айткан.
-Жана катын десем оңбоюн,
Мазарым болдуң-деп айткан,
Алтын жака чоң күрмө,
Айдалыга салган жер.
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Айзасын колго алган жер,
Аттанып жолго чыккан жер.
Абасынын кыйкырык,
Аныктап баатыр уккан жер.
Айланса болот алдага,
Кудай бетин көргөзбө,
Буурулга камчы салган жер,
Колуна кылыч алган жер.
Капыр менен мусулман,
Аралашып турганда,
Семетей баатыр барган жер.
Эр Семетей чыккыча,
Абасы Бакай тийген жер.
Караламан көп колду,

Бакай келип сүргөн жер.
Бозчолок оозун керген жер,
Адамдан башка акылман,
Арстан Бакай эр баатыр,
Бир аскердин башына,
Ондон чырпык берген жер.
Какандан келген Карачок,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кудай бетин көргөзбө,
Жер майышып бүлүнүп,
Мусулмандын аскери,
Бирөө келсе аралап,
Он кишидей көрүнүп,
Жоону Бакай сүргөн жер.
Кайнап аткан алың кол,
Качып жолго салган жер,
Жоо жарагын алган жер,
Ат куйругун түйгөн жер,
Адам эмес Айкожо,
Азирет Аалы бир кожо,
Бөлүп-бөлүп тийген жер.
Тоо таянып жөө качып,
Каканда кандын аскери,
Жоо жарагын чачкан жер.
Калың кол каптап келгенде,
Кудай бетин көргөзбө,
Сүйрөп келген чырпыкты,
Аскер экен дегенде,
Бакайды баатыр көргөндө,
Бет алышып кездешип,
Семетей менен беттешип,
Кан ичменин өзүбү,
Канкорго келип кол салып,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Бу калмактын көтүбү,
Белине белбоо чалган жер.
Бел кемерин белине,
Бекем байлап салган жер.

Манастын уулу эр Семең,
Буурул атка камчы уруп,
Буйдалбай жоого тийген жер.
Эр Семетей кайран эр,
Ээлигип жоого тийген жер.
Көчөдөн көк жал чыкканда,
Көк жал Бакай баатырдын,
Семетей үнүн укканда,
Кудай бетин көргөзбө,
Канды суудай чачканда,
Капыр менен мусулман,
Аралашып жатканда.
Эр Семетей кайран эр,
Ээлигип жоого тийген жер.
Асты-астынан бөлгөн жер,
Манастын уулу Семетей,
Кылычы кындан суурулуп,
Калмак менен кытайдын,
Заманасы куурулуп,
Коён жүрөк коркогу,
Жүрөгү чыгып кырылып,
Жекенден шамал сокондой,
Манастын уулу Семетей,
Кирди катуу токтолбой.
Айбалта бар санында.
Канкордун уулу Семетей,
Бул аралап киргенде,
Бир канчаны майдалап,
Бээжинден келген чоң манжу,
Коңурбайы кайдалап,
Ителги тийген таандай,
Ийрип жолго салган жер.
Манастын уулу Семетей,
Балапан алган кыргыйдай,
Капыр менен мусулман,
Эки айрылып бөлүнүп,
Ажырашып калган жер.
Кордун уулу Карабай,

Кара жанын аябай,
Баатырдын уулу Карабай,
Өлүмдөн жанын аябай,
Өсөлөнүп алган жер.
Көптү көргөн Семетей,
Көтөрүлүп калган жер.
Караламан көп калмак,
Кан жөткүртүп кырган жер.
Астындагы Тайбуурул,
Өлүк басып өтө албай,
Качкан жоого жете албай,
Канды кечип өтө албай,
Басарына тоо болбой.
Баатырдын уулу Семетей,
Басташканын соо койбой.
Кетерине жол болбой,
Семетей менен Күлчоро,
Кезиккенин соо койбой.
Таластын кокту боюнда,
Кудай бетин көргөзбө,
Жатчу эле камалып,
Өлүм кетпей оюнда,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алгара минип оштонуп,
Атышчудай камынып,
Алтымыш солон кырк жайсаң,
Жан жолдошун алган жер.
Семетейди көргөндө,
Сайышчудай камынып,
Эр Коңурбай барган жер.
Алгара оозун бурган жер,
Ат күрөшкөн  демиге,
Эсерлиги бар эле.
-Кыйгактуу найза алалы,
Кыя тартып жол чалып,
Качып калган өңдөнүп,
Кара талаа сары түз,
Как ошого салалы.
Алгара минип алкынтып,
Жоо жарагы боюнда.
Очогору колунда,
Бурулуп чыгып барган жер.
Эр Семетей баатырдын,
Жолун тосуп калган жер.
Канкордун уулу эр неме,
Кечээ кан Коңурбай келгенде,
Канчалык эле өлгөндө,
Камоону катуу көргөндө,
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Ат жетпеген жалгызек,
Алда деп атты мингенде,
Аттанып жоого тийгенде,
Бууруулдун оозун жыйганда,
Бээжиндин каны чоң манжу,
-Бергин кудай -деп тилеп,
Бет алышып келер-деп,
Өлсө кудай берер-деп,
Кармаша чыгып келер-деп,
Калса кудай берер-деп,
Чынарлуу булак байтерек,
Чындап уруш салган жер.
Бээжинден калган калың эл,
Асты-астынан бөлүнүп,
Тарап качып калган жер.
Алгара оозун бурган жер,
Какандын каны чоң манжу,
-Кантер экен бурут-деп,
Ат бастырып алыста
Коңурбай карап турган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
-Элкиндеп чыкса алам-деп,
Эрдемсиген манжуну,
Бир беттешип сайышсам,
Арманы жок калам-деп,
Манастын уулу Семетей,
Атасы Манас болгон соң,

Бээжинден келип калың кол,
Элин кырып койгон соң,
Семетей элин санаса,
Кабыргасы кайышып,
Кайгыланып майышып,
Атты үстүнөн бырышып,
Коңурбай менен Семетей,
Беттеше албай турушуп.
Кудай бетин көргөзбө,
Бу Күлчоро кулдун кылганы,
Камалып аткан аскерди,
Эркилтип айдап кырганы.
Канга тойбой Күлчоро,
Кара канга боёлуп,
Каарданып киргенде,
Качырып жоого тийгенде,
Калчу эле Күлчоро,
Каны-сөлү жоголуп,
Кылычтын мизи кан болуп,
Кыйкырыгы басылбай,
Кыйкырса үнү жазылбай,
Баабедин айтып бакырып,
Эр Күлчоро, шер баатыр,
Кармашкан жоону качырып,
Тирүү адам тик багып,
Тизелешип келген жок.
Арстан Чоро баатырга,
Бирөө айза берген жок.
Кыйгактуу найза колунда,
Бир кудайдын жолунда.
-Камаган калмак аскерин,
Какан менен Бээжинге,
Кайрылтып аман кетирбей,
Каканына жеткирбей,
Бурулуп мындан качырбай,
Кытай менен калмактын,
Кырып өчүм алам деп,
Кара чоктуу калмакты,
Кан Коңурбай баатырды,
Жараткан кудай жар болсо,
Мунун эбин табам –деп.
Тоо бузулуп түз болуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Топурак учуп боз болуп,
Жалган дүйнө козголуп,
Капыр менен мусулман,
Карчалышып урушуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Бири-бирин кырышып,
Чоң Коңурбай дөө манжу,
Бастырып кетпейт астынан,
Желдет кетпейт кашынан.
Солон менен жайсаңды,
Бөлүп алган жери бар.
Манастын уулу баатырды,
-Алам-деп айткан кеби бар.
Атасынын баласы,
Абалдан бери кеги бар.
-Семетейди албасам,
Кызыталак бурутту,
Карыя кыя катын кыз,
Кырдым муну талкалап.
Дин мусулман пендени,
Колго түшсө Семетей,
Септи саман кылбасам,
Бирин койбой кырбасам.
Кайра жашып токтолуп,
Канкордун уулу Семетей,
Алакөөдөн жан эле,
Семетейди өлтүрбөй,
Качканыбыз бекер-деп,
Кылычын алып имерип,
Кыйындарды бөлгөн жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Алгара мойнун бурган жер,
-Албай кантип кетем-деп,

Бээжиндин каны чоң манжу,
Айласын таппай турган жер.
Ушул кызыл бала болбосо,
Кылбайт белем кызыкты,
Салбайт белем ойронду.
Пендеден башка түрү бар,
Бетинде мар жыландын сүрү бар.
Ач айкырык кур сүрөөн,
Казатка бала киргенде,
Замбиректей үнү бар.
Кабылса бала оң кылбайт,
Кармашса бала соо кылбайт.
Кездешсе бала соо кылбайт,
Бул балага сак бол,
Астындагы бууданын,
Ат откозуп чалдырбайт.
Азыркы чыккан баланын,
Кармашкан менен алдырбайт.
Белесин ашпай жол болбойт,
Семетейдин энеси,
Ушул кызыл балага,
Беттешкен киши оң болбойт.
Кайкысын ашпай жол болбойт,
Ушу кызыл балага,
Кабылган киши оң болбойт.
Жаратылган бир башка,
Сөөгү болот көрүнөт,
Күлчорону эстесе,
Дөө Коңурбай манжунун,
Көзүнөн каны төгүлөт.
Карып калган Бакайга,
Кабылабыз дебегин,
Кан ичер болуп айыккан,
Кара канга  тойбойт ал,
Кара канга тойбогон,
Кармашканын койбогон.
Аккан канга тойбогон,
Алышканын койбогон.
Баатыр Манас канкорду,
Баштап жүргөн жан эле,
Эрдигин айтып этейин,
Мунун керемети бар эле.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Оолакка боюн салган жер.
Оолактагы баатырды,
Коңурбай бөлүп алган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Канчоро менен Күлчоро,
Бакай менен Эшимбек,
Баарын айтып өтүүгө,
Кечээ жарадар болуп ок тийген,
Өлгөндөн калган мусулман,
Күлчоро Бакай барганда,
Жараты катып камынып,
Жараткан пирге жалынып,
Кудай билет чын болсо,
Этек жеңин түрүнүп,
Катын кыз жүрөт жүгүрүп.
Ичи ачынган бечара,
Боору суук көп душман,
Булар камап келгенде,
Бир канчасы өлгөндө,
Мылтык атып, жаа тартып,
Быдыратып ок атып,
Кары дебей, жаш дебей,
Катын дебей, кыз дебей,
Кемпир дебей чал дебей,
Тегиз канат болгондо,
Теминип көлгө киргенде,
Колду Бакай сүргөндө,
Күлчоро менен Семетей,
Аттанып жоого тийгенде,
Кудай бетин көргөзбө,
Казармага жан калбай,
Эр бүлөнүн баарысы,
Тегиз атка минген жер.

Жети күнү кармашып,
Арстан Бакай Айкожо,
Талас менен Кең-Колдон,
Жаткан колду сүргөн жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Кара кузгун, жоон жору,
Өлүктөргө конгону.
Асмандап учса айланып,
Айдын жүзү көрүнбөйт.
Канга тоюп көкөлөп,
Кудай бетин көргөзбө,
Канатту учуп алганда,
Күндүн көзү көрүнбөйт.
Кан төгүлгөн кыргынга,
Карышкыр барып семирип,
Кишинин сөөгүн кемирип.
Кудай бетин көргөзбө,
Башын жара чайнашып,
Карышкырлар кармашып,
Кулактары кылкыйып,
Туяктары тарбайып,
Азуулары арсайып,
Аскер өлүп тыртайып,
Чала жан болуп жатканда,
Кудай билет чын болсо,
Катын, бала аралап,
Бычак менен бир сайып,
Алтын айдар чоң олпок,
Айдалыга түргөн жер.
Арстан Бакай Айкожо,
Кудай бетин көргөзбө,
Калмак менен кытайды,
Кармашып жатып сүргөн жер.
Талас менен Кең-Колго,
Кан төгүлүп толгон жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Капыр менен мусулман,
Катуу уруш болгон жер.
Семетей жоого тийген жер,
Күлчоро аман кирген жер,
Канчоро кайрат кылган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Жарадар болгон калмакты,
Катын бала кырган жер.
Жолунан жолборс качкан жер,
Жоо бөрүсү шерлерди,
Жолун кудай ачкан жер,
Ичинен илбирс качкан жер.
Ишин кудай оңдогон,
Дин мусулман пенденин,
Таалайына жаралган,
Ак булуттун тукуму,
Абалкы өткөн Алмамбет,
Чын өзүнүн тукуму.
Камбардын уулу Канчоро,
Кечээ калың колду көргөндө,
Качып кеткен шукулду.
Берендин уулу Күлчоро,
Периштелүү эр Чоро,
Беттешип жоого тийиптир,
Кең-Колду камап турганда,
Кудай бетин көргөзбө,
Баатыр бала Күлчоро,
Канкордун уулу Семетей,
Кайгыга башын салганда,
Каралды кылып Чорону,
Күлчоро аман барганда,
Жүз көрүүшүп ыйлаган,
Турган элди кыйнаган.
Оозунан түтүн бурулган,
Канкордун уулу баатырдын,
Кудайга үнү угулган.
Атадан калган эрмеги,
Баатыр жолборс Күлчоро,
Баланын аман келгени,
Бу кудайдын бергени.

Бээжиндин каны айлакер,
Кең-Кол менен Таласка,
Суу агызбай кургатып,
Кудай бетин көргөзбө,
Кырган экен канчаны,
Эр Коңурбай кыйратып,
Пайгамбар сындуу абасы,
Башынан пери жолдогон,
Аты Бакай абасы,
Кечээ кан Коңурбай келгенде,
Дин мусулман пендеден,
-Дым чыгарбайм-дегенде,
Атаңдан калган буруттан,
Айлантып чаап алам-деп,
Калган каткан мусвлман,
Дым чыгарбай чабам-деп,
Таластан элди мен алсам,
Дин мусулман таянган,
Букарына барам-деп.
Жердерине жер бербей,
Элдерине эл бербей,
Күтөрүнө мал койбой,
Эркек аттуу кишисин,
Тирүү кобой аламын.
Семетей колу шоктугун,
Күлчоро Бакай жоктугун,
Чоң манжу угуп алыптыр.
Карашаар канча эл,
Ойрон кылып салыптыр.
Канча элди кырыптыр,
Катын менен кыздарын,
Алып олжо кылыптыр.
Бейпайга элди салыптыр.
Бээжин каны чоң калча,
Дин мусулман пендени,
Дым чыгарбай алыптыр.
Замбирек мылтык атыптыр,
Алакандай Кең-Колду,
Жай алышып он эки ай,
Тегеректеп жатыптыр.
Кечээ эр Күлчоро келгенде,
Айчүрөк айтса тил албай,
Арты түбүн биле албай,
Аттанып уруш салыптыр.
Жайы-кышы алты жыл,
Бул оттогон буудандар,
Аттары баспай калыптыр.
Канкордун уулу Семетей,
Камоодо жаткан кезинде,
Айчүрөк учуп барыптыр,
Ажыратып алыптыр.
Буудандар баспай калган соң,
Булкунуп жоого тил албай,
Каныкей айтса тил албай,
Кара чоктуу калмактын,
Камоосунда калыптыр.
-Манастын уулу канкордун,
Суудан күнүн түгөтүп,
Кургак бака кылалы,
Анан алып тыналы.
Кең-Колду бузуп биз алсак,
Аскерди жыйып кол курап,
Анжыян менен Букарга,
Анан  кийин чыгалы.
Ушу келген аскерге,
Менем кылып бекитип,
Бээжиндей шаар салалы.
Мусулман деген жан койбой,
Астыга салып айдайлы.
Өлбөй тирүү калганын,
Кирбейм деп буйла чойгонун,
Динге кирбей койгонун,
Орго алпарып салалы.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Жердин үстүн тундуруп,
Таластын суусун буздуруп,

Талааны кургак кылдырып,
Аламын деп жатканда,
Айкожо эбин тапканда,
Айчүрөк учуп чыкканда,
Кабарды Бакай укканда,
Караламан кол болуп,
Кармашууга ал болуп,
Аскерди Бакай жыйганда,
Калмак кытай аскери,
Кең-Кол менен Таласты,
Кудай бетин көргөзбө,
Тегеректеп турганда.
Таласты манжу чапканда,
Козголбой кытай жатканда,
Кудай бетин көргөзбө,
Чачыкейди баш кылып,
Жорго минип жылжытып,
Олжо кылып алганда,
Канкорду тууган энеси,
Саамай чачы агында,
Сапарга кирер чагында,
Төбө чачы агында,
Дүйнөдөн өтөр чагында,
Камоону манжу салыптыр.
Манасты тууган Чыйырды,
Колго түшүп калыптыр.
Олойго ойрон салыптыр,
Кой кайтарган койчуну,
Жылкы баккан жылкычы,
Үйдө жаткан уйкучу,
Уй кайтарган бадачы,
Баарын бирдей алганда,
-Мусулманды алдым-деп,
Канкордон калган калың журт,
Каңгыратып салдым-деп,
Көңүлүн манжу басканда.
Арстан Бакай Айкожо,
Жараткан багын ачканда,
Эчтемени элебей,
Эр Коңурбай жатканда,
Бакай бузук салганы,
Кудайдын болуп жардамы,
Жалганда кеткен баатырлар,
Өлгөндөрдүн арбагын,
Бакай жоого тийгенде,
«Манас-Манас-Манас» деп,
Бакырып колго киргенде,
Бөркү кетип башынан,
Аты кетип астынан,
Кылычы кетип кынынан,
Мылтыгы кетип далыдан,
Айзасы кетип карыдан,
Канды суудай агызып,
Арстан Бакай Айкожо,
Казаттты катуу салыптыр.
Канкордун уулу Семетей,
Кайраттуу бала Күлчоро,
Камалып жаткан жеринде,
Кабарды экөө алыптыр.
Ат агытып катайын,
Суркоён менен Буурул ат,
Казатка жарап калыптыр,
Кайда кеткен дайны жок,
Кудай билет чын болсо,
Айкожого кошулуп,
Канчоро уруш салыптыр.
Камап жаткан көп калмак,
Кан Коңурбай дөө манжу,
«Качпа, качпа, качпа» деп,
Качып калган аскерди,
Кайра камап токтотуп,
Капыр менен мусулман,
Таластын суусу кан болуп,
Жерге өлүк жык толуп,
Жердин жүзү ачылбай,
Күчөп уруш басылбай,

Козголгон экен дүнүйө,
Адам пенде чыдабай.
«Жоо алды» деп бакырган,
Айкожо Бакай түрүнө,
Арстан Бакай Айкожо,
Адамдан башка түрү бар.
Алда деп жоого тийгенде,
Азирет Аалы түрү бар.
Кылычынын мизинде,
Кызарып аккан каны бар.
Айкожо Бакай башында,
Кыйкырып жоого тийгенде,
Кырк миң киши шаңы бар.
Басып жаткан калмакты,
Кызып аткан кытайды,
Айкожо Бакай сүргөн жер.
Семетей менен Күлчоро,
Аттанып жоого тийген жер.
Эр Семетей чорого,
Кабылганды кан кылып,
Канчалыкты жай кылып,
Оюнда жок калмакка,
Кең Таласты жер кылып,
Жатып шаар салмакка,
Айланса болот арбаккка.
Талас менен Кең-Колдун,
Аңдап колду сүрүптүр,
Айкожо Бакай абасы,
Кудай бетин көргөзбө,
Калдыраган калмакка,
Кыйынсынган кытайга,
Түн жамынып тийиптир.
Айкожо Бакай эр баатыр,
Талас менен Кең-Колду,
Жети күндө сүрүптүр.
«Баабедин» деп бакырган,
Манастап ураан чакырган,
Талас менен Кең-Колдон,
Аскер качып чыккан жер,
Семетей үнүн уккан жер.
Атылбаган Аккелте,
Алып жүрсө бир темир,
Мусулманга чоң теңир.
Аккелте мылтык атканда,
Жер жаңырып тарсылдап,
Кудай бетин көргөзбө,
Камаган аскер качканда,
Күлчоро менен Семетей,
Тизилишип тийгенде,
Тизгин кошуп жүргөндө,
Кара чоктуу көп аскер,
Кайнап качып калганда,
Жерге батпай жылкылдап,
Жайнап качып калганда.
Ат куйругун түйгөндө,
Алдык деген эки шер,
Асылып жоого киргенде,
Аттын оозун бурабы,
Күлчоро менен Семетей,
Кыйкырыгын укканда,
Чыдап калмак турабы.
Кум-Кыянын үч-Төбө,
Баатыр өскөн чоң манжу,
Баатыр менен Чорону,
Экөөнү көрүп алган жер,
Кудукка көөнүн алган жер.
Дөө Коңурбай чоң манжу,
Качкан колду токтотуп,
Кайра тосуп алган жер,
Кудай бетин көргөзбө,
Алгара мойнун бурган жер.
Жайсаң менен солонун,
Жоо бөрүсү ноктону,
Жанына алып турган жер.
Манастын уулу Семетей,
Акылы жок дардаңпоз,

Алакөөдөн жан экен,
Күлчоронун кайраты,
Башка экен айбаты.
Бетинде калы бар экен,
Пендеден башка жан экен.
Ажырашпай жүргөндө,
Аба кылар айла жок.
-Күлчорого кабылып,
Сайышам деп барба-деп,
Бекер өлүп калба-деп.
Күлчоро менен Семетей,
Экөө эки бөлүнөт,
Экөө эки бөлүнсө,
Мелтиреген талаага,
Ат соорусун салгыла,
Ар кайсы жерге бөлүнүп,
Абайлап качып калгыла.
Бууранын боюн бойлоюн,
Таластын суусун кечейин.
Чаткалга кирип кетейин,
Дардаңпоз бала көрөр-деп,
Алтын айдар шуру чок,
Салды манжу башына.
Эскара, Жолой эки дөө,
Байкоңур менен Көктемир,
Бээжинге белдүү чоң теңир,
Токтобой жолго салган жер.
Олуя Бакай, Күлчоро,
Артынан түшүп алган жер.
Кара чоктуу калмакты,
Койдой айдап кырган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Кыргын салып турган жер.
Атаңды Бакай ашкан жер,
Ачка болуп зарылган,
Жаман күнгө кабылган,
Алгоолого калган эл,
Атка минип элирип,
Баланын бугу ачылып,
Жоону Бакай качырып,
Катындын багы ачылып,
Кудай бетин көргөзбө,
Калмакты Бакай качырып,
Таластын суусу кир болгон,
Азирет Аалы пир болгон.
Кармаганы он болгон,
Катылган пенде жок болгон.
Тиштегени ок болгон,
Тиктеген пенде жок болгон.
Кураганы кол болгон,
Кайда барса жол болгон.
Жери жайык Таласты,
Бу Бакайдын барында,
Балдары чыгат алышып,
Балапандай жарышып.
Темене канат жаш балдар,
Телпек кийип башына,
Ат минишип астына,
Калды сууну кечишип.
Кырылып аткан кытайдын,
Келип башын кесишип,
Кудай бетин көргөзбө,
Күчөп уруш басылбайт.
Кан аралаш кошо агып,
Суунун бети ачылбайт.
Кудай бетин көргөзбө,
-«Алда, алда, алда» деп,
Атабыз Манас эр баатыр,
Арбагында колдо-деп.
Өлгөндөн калган эчен эр,
Таластын суусу кызыл сел,
Казаттан калган канча эл.
Катын бала элирип,
Кары-картаң семирип.
Жарадары айыгып,
Жаракаты катыгып.

Жоокер болгон атыгып,
Бакай келип тийгенде,
Күлчоро менен Семетей,
Экөө айдап сүргөндө,
Кудай бетин көргөзбө,
Буту сынып мулуюп,
Кулагы жок чунайып,
Көзү чыгып олоюп,
Колу сынып чолоюп,
Баш көтөрүп ыйлашып,
-Багындык-деп буркурап,
Араң жан болгон канча эл,
Алышкан Бакай кандуу сел.
Капыр менен мусулман,
Аралашып кагышкан,
Канча күнү сайышкан.
Өрүшү кенен Кең-Колдун,
Өрүүсүө ат батпай.
Жайыгы кенен Таластын,
Талаасына ат батпай.
Кыргынды Бакай салган жер,
Кытайды айдап алган жер.
Кебез тонун кийген жер,
Кең-Колдон айдап сүргөн жер.
Алакан тайчык алачык,
Аттанып чыкса жол ачык.
Бастырып чыкса сан колдой,
Басташкан жоого ак жолтой.
Аттанып чыкса сан колдой,
Атышкан жоого ак жолтой.
Асыл Бакай барында,
Манастын уулу Семетей,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Экөөнүн аман чагында,
Камаган кытай жеңеби.
Кабарын угуп экөөнүн,
Кармоодо жүргөн мусулман,
Калмакка дилин береби.
Кубакынын оюнан,
Курайлуунун боюнан,
Кудай билет чын болсо,
Он эки катын, сегиз кыз,
Ортосунда Чыйырды,
Чыккан экен кутулуп.
Садагасы кетейин,
Манасты тууган байбиче,
Ак саамайы өрүлүп,
Атанды кыя чоң кайкы,
Манастан калган жалгыздын,
Ошондо Семетей жаңы көрүнүп.
Бууранын ою кайкыдан,
Бурулуп туман чаң чыгат.
Кудай билет чын болсо,
Ошо чаңды караса,
Бурулуп туман бөлүнөт.
Алган байы Манасты,
Айдап жүрүп эр кылган.
Алда таала кудурет,
Айкожо Бакай баатырды,
Мусулманды эр кылган,
Бакайдын шаңы көрүнөт.
Канкорду тууган энеси,
Казанактуу байбиче,
Кармалып колго калган жер.
Айкожо шаңын көргөндө,
Кан Манас менен бир тууган,
Карлыгачка сүйлөнүп,
-Бейтаалай жеңем Каныкей,
Ар немени көп билген,
Адамы бар кеп билген.
Билгирлиги бар эле,
Бээ жандаган жан эле.
Ошол аман бар болсо,
Кырылган элди аралап,
Кырында кандай экен деп,
Келер бекен Каныкей,

Айкожо Бакай аяштын,
Шаңын көрүп алганда,
Манасты тууган байбиче,
Шаңын көрүп алганда.
Пир колдогон баатырдын,
Арбагын көрүп Чыйырды,
Алда таала кудайдын,
Бармагын көрүп Чыйырды.
Ак көйнөк кийип бүгүлүп,
Карлыгачты жетелеп,
Бууранын бою Эки-Чат,
Биерде жүргөн Чыйырды,
Этегин түрүп сүйүнүп,
Калган элди көрөм деп,
Кең-Колду көздөй жүгүрүп.
Канкорду тууган энеси,
Кайраттанып алган жер.
Кармап кеткей кытайдан,
Өлбөй аман калган жер.
Айланса болот арбакка,
Жаткан экен Чыйырды,
Кечээ канкордун салган чарбакка.
Камоону калмак салыптыр,
Чарбактан кармап алыптыр.
Чуркуратып айдаган,
Чындап өлүм барбаган,
Чарбактан басып чыгыптыр.
Жанындагы эченди,
Кытай кырып салыптыр.
Буйругу күчтүү кытайдын,
Чыйырды аман калыптыр.
Кең-Колду көздөй жөө басып,
Жарадар болгон дагы бар,
Араң жан жүргөн анда бар.
Ар кайсы жерде сенделип,
Айдай өңү кубулуп,
Аманат жаны кысылып,
Күзгүдөй өңү бурулуп,
Кармап жүргөн калмактын,
Бакай сүрүп калганда,
Күлчоро менен Семетей,
Кыйкырыгын укканда,
Аскерди айдап чыкканда,
-Жараткан кудай жөлөгүм,
Орто жашка келгенде,
Жалгызымды төрөдүм.
Казасы жетип жалгызым,
Жалгандан өтүп кеткенде,
Оң саамайым түйгөмүн,
Жалгыздан калган керээз деп,
Семетейди күйгөмүң.
Өлбөй тирүү жүргөмүн.
Колго түшкөн Чыйырды,
Карлыгачты жетелеп,
Калган эли канча экен,
Басып чыкты Чыйырды,
Кең-Колду көздөй жетелеп.
Өлүк басып, кан кечип,
Өйдө жерди баса албай,
Эки тизе бүгүлүп,
Ылдый-ылдый жеркелсе,
Чыйырды чуркап кетет жүгүрүп.
Бу калмактын кылган кордугу,
Кан Коңурбай зордугу.
Баатырды кудай бергени,
Бакай аман келгени.
Кылычы кындан суурулган,
Шабырды шамал соккондой,
Бакайдын үнүн укканда,
Калмак, кытай кырылган.
Олуязаада Чыйырды,
Оңолуп жолго салганча,
Кең-Колго басып барганча,
Ай карангы түн өтөт,
Арадан канча күн өтөт.
Кан Манастын алганы,

Атка тердик салганы.
Темирбекти ээрчитип,
-Энекем аман экен –деп,
Каныкей тосуп калганы.
Карлыгач менен Чыйырды,
Маңдайына барганы,
Ак булут болуп созулуп,
Кайын сиңдиси Карлыгач,
Кайненеси Чыйырды,
Жүз көрүшүп калганы.
Мойнун акка сунушуп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Таласты камап барганда.
Кара шаар Таласты,
Кансыратып салганда.
Кең-Колду камап барганда,
Кең-Кол менен Таласты,
Кейпине элди салганда,
Талаанын баары кан болуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Жан казанын астырып,
Аскерге катуу тапшырып,
Кемегесин каздырып,
Тамак-ашын бышыртып,
Жаткан экен Коңурбай,
Сактайт экен бир кудай.
Олуя пирлүү Каныкей,
Кайненеси Чыйырды,
Көтөрүп атка салган жер,
Кең-Колго алып барган жер.
Кемпир-кесик, чалдары,
Эки-үч жашар балдары,
Жүз көрүшүп калган жер.
Барып жанын баккан жер,
Кармашып аткан калың кол,
Айкожо менен Семетей,
Эки бала жиндилер,
Качан келер экен деп,
Саргайышып жаткан жер.
Каныкейден кеп сурап,
Кайненеси Чыйырды,
-Чачыкей кайда?-деп сурап.
-Айланайын энеке,
Баатырдан калган жалгызың,
Эрке болуп чоңойгон.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Муну ээрчип жоголгон.
Дайнын элге билгизбей,
Алыстан уста алдырган,
Кең-Колдун башы Эки-Чат,
Сарайды бөлөк салдырган.
Эрмектеп баккан эки жаш,
Жылкычы болуп бергин деп,
Ушу турган Кең-Колго,
Бир жылда кайра келгин деп,
Малды багып жүргүн деп,
Малдын баркын билгин деп,
Акундун кызы шеригим,
Перилиги бар эле,
Пери менен сүйлөшкөн,
Билгирлиги бар эле.
Жыртык үй берип  үстүнө,
Жырык уй берип колуна,
Акундун кызы Чүрөктү,
Жалгызым айдап ийди-деп,
Акылы болсо билет-деп,
Акыры Чүрөк пайда тийди-деп.
Торучаны алдырып,
Каныкей менен Чыйырды,
Баабединге чалдырып,
Талаасын байкап караса,
Талаада жаткан мал жүрөт.
Жолборсу жоону сүргөндө,
Жоо бөрүсү Айкожо,
Келип жоого тийгенде,
Семетей менен Күлчоро,

Кең-Колдон жоону сүргөндө,
Тополоңун тоз кылган,
Канча жылкы бош калган.
Аргын менен ногойдон,
Ат тийип айдап алышкан,
Айкожонун аскери,
Кара чоктуу калмакты,
Айдап жолго салышкан.
Ай караңгы түн болду,
Семетей менен Күлчоро,
Аттанып уруш салганы,
Абасынын жардамы.
Атасынын арбагы
Так он жети күн болду,
Айланайын энеке,
Ай булутка бураса,
Жалгызды тууган энекем,
Жүзүңдү көрдүм ыраазы.
Каныкей менен Чыйырды,
Бт алышып турган жер,
Бел байлап кайрат кылган жер.
Ачкасынан асты өлүп,
Өлгөнүнөн калганы,
Аттан кармап сойгон жер,
Казат катуу болгон жер.
Кудай билет чын болсо,
Эр Күлчоро баатыр шер,
Буюгуп жоого тийген жер.
Караламан аскерди,
Кан абасы кан Бакаай,
Кайраттуу бала Күлчоро,
Жалгыз туума жаш бөрү,
Манастын уулу Семетей,
Кең-Кол менен Таластан,
Жети күндө сүргөн жер.
Жетилип жоого тийген жер,
Канчанын башын алган жер,
Кыргынды катуу кылганла,
Кыйрап жаткан өлүк көп,
Ат аттап баспай калган жер,
Ак кемер белге бууган жер.
Бакайдын үнү бек чыгып,
Майда аскерди көп кырып,
Кара кулак шерлерин,
Чоюн кулак чоңдорун,
Арстан Бакай Айкожо,
Артынан түшүп кууган жер.
Күлчоро менен Семетей,
Экөө эки бөлүнүп,
Анда-мында элестеп,
Эр Эшим шаңы көрүнүп,
Ат соорусун салган жер.
Арстан бала Күлчоро,
Атына түшүп калган жер.
Белине кемер бууган жер,
-Баатырсыган шер кайда,
Балбансыган лөк кайда,
Кол айдаган бек кайда,
Олуязаада Чоронун,
Бакырыгы басылбай,
Кудай бетин көргөзбө,
Бакырыгын укканда,
Манас деп үнү чыкканда,
Кудай бетин көргөзбө,
Аттын оозун бура албай,
Аскер чыдап тура албай,
Тополоңу тоз болуп,
Ок-дарысын чачкан жер,
Аскер турбай качкан жер.
Коңурбайды алсам деп,
Жанындагы жолдошу,
Эскара элдин жолборсу,
Баштап жүргөн Байкоңур,
Эрегишкен эр Эшим,
Кара буура жөө аскер,
Кандын тилин алгандыр,

Аскер болуп калгандыр.
Бекер кырып нетейин,
Баатыр бала Күлчоро.
Колу сынып буркурап,
Буту сынып чуркурап,
Ыйлаганы мындан көп.
Кудай бетин көргөзбө,
Атка жетпей жөө басып,
Акылынан адашып,
Малга жетпей жөө басып,
Кудай бетин көргөзбө,
Ажал жетип өлүмгө,
Кабылганы мындан көп.
Эр Күлчоро баатырга,
-Өлтүрбөй аман койгун-деп,
Оозума келме келген көп.
Ошо болгон казатта,
Динге кирип берген көп.
-Багындым-деп буркурап,
Астына келсе чуркурап,
Баатыр бала Күлчоро,
-Багынсаң жата бергин-деп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Же чоң манжуну албасам,
Же чоң манжудан өлбөсөм,
Багынып жата бергин -деп,
Багынган жанды өлтүрбөй,
Эр Күлчоро таштады.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Кара-Буура Чаткалга,
Кечээ аргын ногой жатканга,
Кечээ өзү келип чапканда,
Семетей менен Күлчоро,
Эр Эшим көрүп алганда,
Кыргынды экөө салганда,
Бууранын көздөй бет алып,
Коңурбай качып калганда.
Кошо качкан аскерге,
Семетей уруш салганда.
Баатырлардан бөлүнүп,
Калган экен Коңурбай,
Кечил болгон эмедей,
Кертип койгон эмедей,
Кудай бетин көргөзбө,
Каарына тийгенди,
Күнөөкөр кылып кекеткен.
Кудай бетин көргөзбө,
Канкор Манас барында,
Кара жерди бастырган.
Алты аркан бою карагй,
Арстан Манас кынаткан.
Кынаган жерге буруттун,
Алып келип тактырган
Арстан Манас эр баатыр,
Бийик дубал салдырган.
Түн уруусун кылгандар,
Күн жолоочу болгондо,
-Барып көрүп берген -деп,
Чалгынды Манас чалдырган.
Ак секинин жээк жол,
Муну көздөй салды эми.
Канкордун уулу Семетей,
Какандын каны Коңурбай,
Кара жанга күч келип,
Калкылдап качып калды эми.
Канкордун уулу Семетей,
Бууурулду минип булкулдап,
Белине кемер чалынып,
Денине тумар тагынып,
Белине кисе чалынып,
Качып калган калмакты,
Кансыратып сайган жер.
Канкордун уулу эр жалгыз,
Кечээ камалып өчүн алган жер.
Бекинип калган эчен эрди,
Манастын уулу Семетей,

Белине саадак чалган жер.
Беттешип киши жеңе албай,
Кечээ бекинген өчүн алган жер.
-Улардуу тоону этектеп,
Ушуну менен кетет деп,
Качканы жолго салат-деп,
Кутулуп кетип калат-деп,
Астындагы Тайбуурул,
Жанга шерик жаныбар.
Айза бою аң келсе,
Ага буту илинбейт.
Бу Тайбуурул буудандын,
Аягы жерге илинбейт.
Туягы жереге илинбейт,
Же жүгүргөнү билинбейт.
Айтып жүргөн карылар,
Манастан калган буурулдун,
Башкалыгы дагы бар.
Айгыр койгон ат эмес,
Эне тууган мал эмес.
Тоо айланып таш баскан,
Тоо кайыптан жалгашкан,
Эки тоонун арасы,
Жел кайыптын баласы.
Буурул ат оозун жайганда,
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Ак булуттай чубалып,
Качып калган аскерди,
Сайганына кубанып,
Жөө тумандай бурулуп,
Көк жалдын уулу эр жалгыз,
Качкан жоону сайганга,
Астындагы буурул ат,
Качканга жетип алганга,
Качкын менен кутулбай,
Канкордун уулу Семетей,
Канды суудай төккөндө,
Тополоңун тоз кылып,
Топурагын боз кылып,
Жердин үстүн кан кылып,
Айгактуу найза майлаган,
Калмак менен кытайдын,
Аскерин койдой айдаган.
Кокту жерге кан толуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Туягы жерге илинбейт,
Же жүгүргөнү билинбейт.
Айтып жүргөн карылар,
Манастан калган буурулдун,
Башкалыгы дагы бар.
Айгыр койгон ат эмес,
Эки тууган мал эмес.
Тоо айланып таш баскан,
Тоо кайыптан жалгашкан.
Эки тоонун арасы,
Жел кайыптын баласы.
Буурул ат оозун жайганда,
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Ак булуттай чубалып,
Качып калган аскерди,
Сайганына кубанып.
Жөө тумандай бурулуп,
Көк жалдын уулу эр жалгыз,
Качкан жоону сайганга,
Астындагы буурул ат,
Качканга жетип алганга.
Качкан менен кутулбай,
Канкордун уулу Семетей,
Канды суудай төккөндө,
Тополоңун тоз кылып,
Топурагын боз кылып,
Жердин үстүн кан кылып,
Айгактуу найза майлаган,
Калмак менен кытайдын,
Аскерин койдой айдаган.
Кокту жерге кан толуп,

Кудай бетин көргөзбө,
Кармашып киши барбаган.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кара-Дөбө Чаткалга,
Кара-Кыя кескен жол,
Караламан калың кол,
Семетей кырып жатканда,
Алгара мойнун бурганда,
Качырганы кутулбай,
Астындагы Тайбуурул,
Ылаачын болуп көккө учпай,
Айбан болуп жер баспай,
Оозун ачып алганда,
Оозунан көбүк чачылып,
Эти кызып калганда,
Качып жолго салам деп,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кара мүртөз дардаңга,
Алсам өлүп калам деп,
Алгара мойнун бурам деп,
Кудай бетин көргөзбө,
Канкордун уулу дардаңга,
Айла кылып турам деп,
Эки бээ кошогу,
Бурулуп бойду салган жер.
Койчулар коюн баккан жер,
Кой кайтарып жаткан жер.
Орто жери от болгон,
Эки жагы соо болгон.
Бар мүйүзүн албаган,
Карышкыр басып барбаган,
Илбирс изин салбаган.
Короосу менен кой жатса,
Эзели илбирс барбаган.
Жараткан алда бир кудай,
Кудай билет чын болсо,
Аргын, ногой элине,
Көшөгөгө жаа таккан.
Семетей түрүн көргөндө,
Астындагы буурулдун,
Ысыганын билгенде,
Көрүнө басса дардактап,
Кутулбасын билди эми.
Кара жарга камалып,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кара ташка жамынып,
Кечээ баатырларын кууган жер.
Манастын уулу баатырга,
Кайрылып айза сала албай,
Айзалашып бара албай,
Алапайын таба албай,
Жоо жарагын чачкан жер.
Семетейди көргөндө,
Жолго салып качкан жер.
Жанында Чоро жогунан,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кебез өтүк, кендир бел,
Келбети журттан бир башка.
Кудай бетин көргөзбө,
Алтын айчык жаркылдап,
Кийгени журттан бир башка.
Мингени журттан бир башка.
Эки дөбө бурулуш,
Манастын уулу Семетей,
Барды баатыр жакындап,
Тайбуурулу закымдап.
Үч-Кыядан өткөн жер,
Кара-Кыя чоң кыштак,
Аскер качып ашкан жер.
Айла болор бекен деп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Манастын уулу баатырдын,
Жолун тосуп жаткан жер.
Адамдан билгич чоң калча,
Капырлыгы болбосо,
Бээжинден чыккан эр калча,

Астындагы Кара аттын,
Үстүнөн түшүп камынып,
Алтын айчык сары жез,
Кудай билет чын болсо,
Кебез өтү, кендир бел,
Келбети журттан бир башка.
Сары тонун жамынып,
Ат жетелеп жөө басып,
Ала көөдөн баатырдын,
Астынан чыкты жалынып.
-Багындым-деп зарылап,
Манастын уулу баатырга,
Ала албасын билген соң,
Жайы-кышы он эки ай,
Аламын деп жүргөн соң,
Таластын суусун бурган соң,
Канча элди кырган соң,
Канкордун уулу эр Семең,
Кабырышып калган жер.
Кан Коңурбай баатырды,
Манастын уулу Семетей,
Маңдайына барган жер.
Эр Семетей дардаңпоз,
Эшик эндүү эл темир,
Кудай билет чын болсо,
Жаза чапкан пендени,
Таамай чапкан пендени,
Таш баскандай оңдогон.
Кечээ капыр менен мусулман,
Карчалышып алганда,
Каканга Манас барганда.
Какан менен кармашып,
Кан Манас уруш салганда.
Кудай бетин көргөзбө,
Бээжиндин беги келгенде,
Айбалта алса колуна,
Бектер келсе астына,
Беттешкен жоону жеңгенде,
Атасы Манас баатырдын,
Казатка чапкан балтасын,
Канкордун уулу Семетей,
Кармап алды колуна.
Какандын каны чоң манжу,
Эки колу боорунда.
Кудай билет чын болсо,
Эр Семетей баатырдын,
Коңурбай турат жолунда.
Башын ийип багынып,
Манастын уулу баатырга,
-Багындым-деп жалынып,
Мойнун буруп багынып,
Манастын уулу баатырга,
-Өлтүрбө-деп жалынып.
Эр Семетей баатырдын,
Өлүшчү жоосу тоо кылып,
-Таласка чабуул саласың,
Калмак, кытай элинде,
Какан менен Бээжинден,
Барып жыйып аласың.
Элимди койдой кырасын,
Эрдемсиген чоң манжу,
Ат жетелеп жөө басып,
Сен эмине турасың?
Калкымды койдой кырасың,
Ат жетелеп жөө басып,
Астымды тосуп турасың.
Айбалта колго алган жер,
Башка чаап  салчудай,
Манастын уулу Семетей,
Эр Коңурбай манжунун,
Маңдайына барган жер.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Эби менен кеп айткан.
-Алуучу болсоң баш мына,
Кыюучу болсоң жан мына.
Кесүүчү болсоң баш мына,

Кетирчүү болсоң жан мына.
Кечээ атаң Манас баатыр да,
Каканга казат барды эле.
Жайы-кышы алты жыл,
Камап уруш салды эле.
Бээжинге сурак кыла албай,
Бет алышып тура албай.
Атаң Манас эр баатыр,
Бээжинден ажал жетти эле,
Бир аткан окко кетти эле.
Атаң Манас зор баатыр,
Анча өлүп калбаса,
Береги турган Алгара,
Үстүнө абай жапмакмын,
Мойнуна үртүк такмакмын.
Атаң Манас баатырдын,
Астына басып чыкмакмын,
Багынып Бээжин бермекмин.
Какан менен Бээжиндин,
Атаң Манас маркумга,
Кармап башын сура деп,
Капыр менен мусулман,
Экөөнүн башын кура деп,
Бээжин менен Каканды,
Улук болуп сура деп,
Бере турган кезимде,
Аламбет менен Чубакты,
Атаңа жолдош Сыргакты,
Аны да мерген атыптыр.
Атып окко учуптур,
Алар шейит кечиптир.
Менин колум тийген жок,
Алардын аткан мергенди,
Бакай башын алыптыр,
Айза менен сайыптыр.
Чет Бээжин деген шаарда,
Кулпулаган каалга,
Аркасынан бек сайып,
Ушу мерген баланы
Кызыл кышка тапшырып,
Сайып кеткен жашырып.
Жолдошу окко учканда,
Алмамбет, Чубак эки дөө,
Асылдар шейит кечкенде,
Атаң Манас кара көк,
Ак коён тонун жамынып,
Какан менен Бээжинди,
Алалбай атаң камашып,
Туура жолго салды эле.
Туйгунум Манас кара көк,
Мен элестеп көп уксам,
Балта тийип башына,
Жарадар болду деп уксам,
Кайра тартып кабылбай,
Атаң жолго салды эле.
Мен атам Алооке,
Ошонун башын алды эле.
Канкор болуп кан төгүп,
Каралып жетип кудайдан,
Атаң өлүп калды эле.
Багынган жоого баш кеспейт,
Кары кекти таштайлы,
Канкордун уулу Семетей,
Биз акылдан шашпайлы,
Капыр менен мусулман,
Бул да канын чачпайлы.
Аркырап атка минбейли,
Капыр менен мусулман,
Канын бекер төгүлтүп,
Казатташып жүрбөйлү.
Деп ошентип Коңурбай,
Манастын уулу Семетей,
Маңдайлашып багышып,
-Багындым-деп жалынып,
Бет алышып багышып,
-Мына өлтүрсөн мейли-деп,

Семетейге жалынып.
Канкордун уулу Семетей,
-Калп багынып турасың,
Кара чоктуу айбалта,
Кармап колго алган жер.
Айбалта менен бир салып,
Кара чоктуу манжууга,
Кан жөткүртүп салган жер.
Кан төгүлүп оозунан,
Какандын каны чоң манжу,
Өлүмүш болуп калган жер.
Башынан көжүр эр немең,
Буурулдун оозун бурган жер.
Айбалтасын колго алып,
Манастын уулу көөсөр кул,
Манжуну карап турган жер.
Көптөн кийин эс алып,
Чоң Коңурбай эр манжу,
Башын өөдө кылган жер.
Семетейге жалынып,
Мусулман тилин билүүчү,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Ыйлап турат зарылып.
-Алар болсоң баш мына,
Алуучу кезек келди-деп,
Оюна булут таштады.
Коё берип кара атты,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Болкулдап ыйлап басылбай,
Манастын уулу Семетей,
--Багынар болсоң айткын-деп
Багындым деп келгин –деп,
Лаи алда дегин-деп,
-Багындым –деген чоң манжу,
Корккконунан кеп айтып,
Илаилди-деп айтып,
Келмеге тилин келтирип,
Чоң мусулман болдуңбу,
Нан сындырып жедирип,
Колго түшкөн манжуну,
Амалы бар чоң манжу,
Алакөөдөн баатырды,
Алдамак болгон жери ошол.
Абалы кара чоң манжу,
Койнуна колун салган жер.
Кол башындай алтын мөөр,
Колтугунан алган жер.
-Капыр менен мусулман,
өлгөнүнөн калганын,
Кармап башын кура -деп,
Мына бу мөөрүмдү сен алып,
Билгениңдей сура-деп.
Бууданымды мингин-деп,
Мени менен бир жүрүп,
Бээжинге барып киргин-деп.
Какан менен Бээжинди,
Башын кармап билгин-деп.
Бээжинди мурун алгын-деп,
Капыр менн мусулман,
Башын кощуп сен сурап,
Каны болуп калгын-деп,
Амалы бар чоң манжу,
Алдаганын көрдүңбү?
Алтын мөөр чоң манжу,
Кармаганын көрдүңбү?
Канкордун уулу Семетей,
Кашына басып келген жер,
Алып мөөрүн берген жер.
Алакөөдөн дардаңпоз,
Мөөрүн колго алган жер.
-Коңурбады алдым-деп,
Коё берип манжуну,
Канкордун уулу Семетей,
Өзү жолго салган жер.
Кылган иши бузулуп,
Манастын уулу дардаңдын,

Какандын каны чоң манжу,
Мына кетти кутулуп.
Кара беттүү капырды,
Кан Коңурбай баатырды,
Канкордун уулу Семетей,
Кармап алган жери ошо.
Какандын каны Коңурбай,
Манастын уулу эсерди,
Алдап турган жери ошо.
Асили капыр болгон соң,
-Коңурбай динге кирет –деп,
Айткан тилди билет-деп,
Илаилда дедиртип,
Нан сындырып жедирип,
Коңурбайга кеп айтып,
Кызыталак чоң манжу,
Атамды жеңген сен элең,
Артында калган мен элем.
Кезекти кудай бергенде,
Өлүүчү кезек келгенде,
Бурканыңа табынып,
Айлаң кетип чоң манжу,
Турасыңбы жалынып.
Жалган айтсаң сени урсун,
Ишенбесем мени урсун.
Манастын уулу Семетей,
Касташып калдай келген соң,
Кабылтып кудай берген соң,
Алакөөдөн эр Семең,
Алдаган тилге кирген жер.
Арам кыял чоң манжу,
Ала келген Бээжинден,
Мөөрүн алып берген жер.
Ала салып багынып,
Эр Семетей баатырга,
Капыр менен мусулман,
Башын кармап кура деп,
Амалдуу калча жалынып,
Манастын уулу Семетей,
Калчаны кармап алган жер.
Коңурбай берген мөөрдү,
Жан капчыкка салган жер.
Атасын жеңген чоң манжу,
Өлүмдөн аман калган жер.
Кечээ өлүмгө көздөй барганда,
Кыргын салып турганда.
Таласты калдай алганда,
Жайы-кышы он эки ай,
Кара чоктуу калмактын,
Камоосуна калганда.
Эсинен чыгып эр Семең,
Коё берип калчаны,
-Сураймын -деп канчаны,
Бээжин менен Каканды,
Мен колума алам-деп.
Капыр менен мусулман,
Кармашканын токтотуп,
Кытай менен мусулман,
Кырылганын токтотуп.
Мусулманды жаям-еп,
Какандан келген капырды,
Азиз абам Айкожо,
Уруштурбай тыям-деп.
Мөөр алып барбактап,
Манастын уулу Семетей,
Бээжинге ойрон салгансып,
Бээжиндеги бектерди,
Какандагы кандарды,
Барып колго алгансып,
Буурулга камчы салган жер.
Капыр менен мусулман,
Карчалышып турганда,
Канкордун уулу Семетей,
Калк аралап барган жер.
Казат канын басылтып,
Бүркөлгөн күндү ачылтып,

Урушканын басылтып,
Манастын уулу барбактап,
Кылган ишин окшотуп,
Капыр менен мусулман,
Кырылышып турганда,
-Урушпа-деп токтотуп,
Ар кылганын окшотуп,
Капыр менен мусулман,
Казат кылып турганда,
Кан төгүшүн токтотуп,
Эл аралап кыйкырып,
-Урушпа-деп элдерин,
Эр Семетей чыкырып.
Арстан төрө бакырып,
Долбас алып колуна,
Кабарды төрө салганда,
Капыр менен мусулман,
Кан төгүшүп асылып,
Манастын уулу Семетей,
Барбактар жолго салган жер.
-Какандын канын алдым-деп,
Багындырып алдым-деп,
Бээжиндин канын алдым-деп,
Динге кийирип салдым-деп,
Кол токтотуп күүлөнүп,
Мусулманды токтотуп,
-Урушпа-деп сүйлөнүп.
Арчалуу адыр Ала-Тоо,
Алдам өзү билбесе,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Аяр алдап аман калды ошо.
Сары жайын чоң керүү,
Манастын уулу Семетей,
Салып чыгып келгени.
Сакалдарын жайылтып,
Муруттарын сайылтып,
Кабагын салып үксөйүп,
Каарланып түктөйүп,
Жумган көзү ачылбай,
Сунган найза тартылбай,
Кылычтын мизи кан болуп,
Кырылышып жатканда.
Кудай билет чын болсо,
Коңурбай манжу колдо жок,
Казат кылып турганда,
Калмакты койдой кырганда.
Иргелтип жоого салганда,
Ийри суугa барганда,
Буурулду минип бурулуп,
Бакырган үнү угулуп,
Канкордун уулу Семетей,
Айкожосу эр Бакай,
Камандай кашы чийилип,
Босундай колу ийилип,
Капырды жолго салган жер.
-Каканга чейин барам-деп,
Арстан Бакай, баатыр шер,
Берсе кудай тилекти,
Коңурбайды алам-деп.
Муруту муздай бурулуп,
Айгайды Бакай салган жер.
Мусулмандын аскери,
Айдаган койдой иргилтип,
Капырды кырып калган жер.
Канкордун уулу Семетей,
Калк аралап барган жер.
-«Болду.болду, балду» - деп,
«Аста, аста, аста» - деп,
Жоого мылтык атпа –деп,
Ат жетелеп жүрбө-деп,
Жоонун киймин кийбе-деп,
Манастын уулу дардаңдын,
Калың элди токтотуп,
Айтып турган жери ошол.
Аккан канга Бакайдын,
Ичсе суусун канбаган,

Пайгамбардан бата алган.
Кудай билет чын болсо,
Баатыр Бакай атанган.
Жер жарылып унчугат,
Кудай бетин көргөзбө,
Манастын уулу Семетей,
-Токто –деген чуу чыгат.
Эминени көрдү деп,
Аттын мойнун бурган жер.
Арстан Бакай аткан шер,
Семетей үнүн укканда,
Абай кылып токтолуп,
Манастын уулу Семетей,
Бакайдын барды кашына.
Салам кылып кеп айтып,
-Айланайын Айкожо,
Токтосун уруш - деп айтып.
Канды бардай күрөгөн,
Калмакты айдап сүрөгөн,
Жинди кумдай чачылткан,
Эчендин ичин ачынткан,
Эр Коңурбай бөрүнү,
Кармап колго алганы.
Атам Манас баатырдын,
Билгемин арбактын тийген жардамы.
Кошолонгон манжуну,
Колума кармап алдым мен.
Капыр менен мусулман,
Канчалыгы кырылып,
Моминтип иши бузулган.
Бээжиндин каны Коңурбай,
Мени атып койгондо,
Аламын деп кутурган.
Какандан аскер жыйнаган,
Кашына киши барбаган.
Киши жооп албаган,
Коңурбай тийди колума,
Салды кудай оңума.
Кара чачын жулдум мен,
Кармап алып манжуну,
Өлтүрмөк болуп турдум мен.
Акка мойнун сундурдум,
Ар таманды мен кылдым,
Кандай өлгөң кызатты,
Урушпа деп мен тыйдым,
Бармак болдум Бээжинге,
Убада кылдым кечилге.
Кирмек болдум Бээжинге,
Белги бербей кечилге.
Капыр менен мусулман,
Казатын басып келдим мен.
Багынган эмей эмине,
Какандын каны манжунун,
Мөөрүн алып колунан,
Капчыгыма салдым мен.
Казат кылган аскерди,
Кете бер -деп кеп айтып,
Басылды уруш-деп айтып,
Кайта бер-деп көп айтып,
Токтоду уруш-деп айтып.
Саламдан салоом алейкум,
Айкожо Бакай абакем,
Айланайын өзүңө,
Казатты катуу кылдым-деп,
Капырды койдой кырдым-деп.
Калчаны кармап алдым-деп,
Дүнүйөнү койбогон,
Аламын деп ойлогон,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Аккан канга тойбогон.
Айланайын абаке,
Кармап алып калдайды,
Келмеге тилин келтирдим.
Кесиреттүү кытайдын,
Бир канчасын өлтүрдүм.
Бакайга дардаң барган жер,

Арстан Бакай абасы,
-Элди кырып чаң салган,
Эр Коңурбай кан ичме,
Багып берчү эр эмес,
Багындырган сен эмес.
Эр Коңурбай манжуга,
Эч адам ага тең эмес.
Семетейдин айтканын,
Арстан Бакай уккан жок,
Кулагына жуккан жок.
Манастын уулу Семетей,
Капчыгына кол салып,
Кан Коңурбай манжунун,
Койнундагы мөөрдү,
Колуна кармап алган жер.
Кан Бакайга кеп айтып,
Кудай билет чын болсо,
-Алдым мөөрүн-деп айтып.
Кандын мөөрүн алдым-деп,
Кара чоктуу калмакты,
Кан төгүштү токтотуп,
Багындырып салдым-деп.
Манастын уулу дардактап,
Эчен түрлүү кеп айтып.
-Эрдемсиген манжунун,
Алдым мөөрүн-деп айтып.
Буурулдун оозун бурган жер,
Баатыр бала Семетей,
Бакайга айтып турган жер.
Коңурбайдан алган мөөр,
Колуна кармап алган жер.
Арстан Бакай баатырдын,
Астына алып барган жер.
Кабылан Бакай абасы,
Каарланып агасы.
-Кудай бардыр Байтайлак,
Бу дардаңга бир жүрбөй,
Кумга сийген бекемин,
Кудайга жазган экемин,
Ташка сийген бекемин,
Алдага жазган экемин.
Арстаным Манас не өлдүң,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Калкымды кырган калмакты,
Кармап алып өлтүрбөй,
Кара чунак оңбогур,
Ушу күндү не көрдүм.
Мөөрүн алып калчанын,
Канын ичкен канчанын.
Колуңа манжу тийгенде,
Коё берип манжуну,
Аттын жалын жаясың,
Атаңды сойгон чочкону,
Алдаса мөөрүн аласың.
Алдап мөөрүн бергенде,
Багынды деп келесиң.
Кызыталак дардаң кул,
Жоо калмактан көрөсүң,
Ушинтип жүрүп өлөсүң.
Катындын тилин аласың,
Капыр менен мусулман,
Капырды айдап сүргөндө,
Казатка катуу киргенде,
Кандай киши болосуң,
Кол токтотуп коёсуң.
Эр Семетей сен дедим,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Бар көлдөн колду мен жыйып,
Сен үчүн алып келгемин.
Канчык катын кеп айтса,
Айтканына көнөсүң.
Кызыталак дардаң кул,
Ушинтип жүрүп бир күнү,
Ыйманы жок өлөсүң.
Маана болгон баланы,
Кашыңа алып жүрбөйсүң,

Калайык эл калың журт,
Кырылганын билбейсиң.
Каары келип кан Бакай,
Как ыргайга саптаган,
Камчы алып имерди.
Дардаңдаган канкорду,
Тартып, тартып жиберди.
Чапкан жерден кан чыгып,
Кудай билет чын болсо,
Астындагы буурулдан,
Топудай учуп бат түштү.
Арстан абаң Айкожо,
Канкордун уулу Семетей,
Камчы  менен берген жер.
Эсин жыйып былк этпей,
Эки камчы жегенде,
Эр Семетей дардаң кул,
Өлүмдөн башы калган кул,
Жатып калды тырп этпей.
Буурул аттан кулатып,
Абакеси кан Бакай,
Манастын уулу дардаңды,
Чапты жыга сулатып.
-Кудай кылса айла жок,
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Жоо калмак колго түшкөн соң,
Эси жок эсер дардаң кул,
Элимден эчен кылган кул,
Кыл мурутун түйдүм -деп,
Меке менен Медийне,
Кирип кетпей а жерге,
Кызыталак оңбогур,
Сен үчүн күйүп жүрдүм-деп.
Ак сакалым түйдүм-деп,
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Сен үчүн өлбөй жүрдүм-деп.
Арстан Бакай болкулдап,
Ала көөдөн дардаңдын,
Акылынын жогунан,
Кан Бакай ыйлап солкулдап.
Манастын уулу Семетей,
Канкордон калган Аколпок,
Ар ким кийсе чак олпок.
Бакай камчы чапкан жер,
Манастын уулу дардаңдын,
Сөөгүнө баткан жер.
Асты-астынан бөлүнүп,
Камчы тийген жерине,
Кудай билет чын болсо,
Агарып кебез көрүнүп.
Касиеттүү кан Бакай,
Каары келген жери экен.
Канкордун уулу Семетей,
Ар кылганы кем экен.
Кечээ катындын тилин алганда,
Казат үчүн жаралган,
Канчоро менен Күлчоро,
Экөөн кууп салганы,
Эл ичинде душман көп,
Бээжиндеги калчага,
Кат боолонуп барганы.
Калайык эл мусулман,
Көбүн кырып салганы.
Арстан Бакай баатырдын,
Ичине толду арманы.
-Баатырым Манас өлгөндө,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Атасы башка арамдар,
Элди эки бөлгөндө.
Манастан калган сан дүйнө,
Талоосуна салганда.
Кең-Кол менен Таласты,
Ошолор билип алганда.
Чыйырдыны ээрчитип,
Каныкейди тентитип,
Кара чунак оңбогур,

Семетей сени калкалап,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Баатырдан калган бала деп,
Багып жүрдүм аркалап.
Баатыр минген бууданды,
Минип кетпей не жүрдүм.
Меке менен Медийне,
Кирип кетпей не жүрдүм,
Семетей сени не күйдүм.
Арстан Бакай Айкожо,
Мурутун буруп болкулдап,
Ботосу өлгөн ингендей
Ыйлап турду солкулдап.
Канга тууган Күлчоро,
Кудай бетин көргөзбө,
Белинен белбоо чечкен жер,
Канды суудай кечкен жер.
Кан Коңурбай айлалап,
Канчалыкты майдалап,
Эр Коңурбай кайдалап,
Эчендерин майдалап,
Дөө Коңурбай кайдалап,
Дөгүрсүгөн эченди,
Эр Күлчоро майдалап.
Сары жонго салыптыр,
Сапырылтып кытайды,
Көздөй айдап алыптыр.
Кылычы канга боёлуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Кылычы кындан суурулуп,
Эр Күлчоро жүргөндө,
Аралап жоого киргенде,
Жүрөгү чыгып эчени,
Кулап аттан жыгылып,
Өзүнөн өзү кырылып,
Ок дарысын чачышып,
Аттан түшө качышып.
Аңгекке боюн жашырып,
Жатып калган андан көп.
Күлчородон жашынып,
Алла таала жол берген,
Күлчорого кошулуп,
Абакеси кан Бакай,
Алты миң аскер кол берген.
Бу Күлчоро жүргөндө,
Бакай берген аскери,
Булар кошо киргенде.
Башындагы кийгени,
Бала баатыр Чоронун,
Суркоён экен мингени.
Өзүнөн улуу агасы,
Канчоро деген абасы,
Кара тоону этектеп,
Өлгөнүнөн калганы,
Качып өтүп кетет деп,
Эр Канчоро, баатыр эр,
Кылычын кынга салыптыр.
Качып калган калмактын,
Жолун тосуп калыптыр.
Ойрон кылып туруптур,
Кудай бетин көргөзбө,
Жыкылдаган аскерди,
Арык койдой кырыптыр.
Аскер толкуп качканда,
Канды суудай чачканда,
Кан төгүлүп жатканда,
Канга тууган баланын,
Казатынын айбы жок.
Канкордун уулу абасы,
Кайда кеткен дайны жок.
Кудай бетин көргөзбө,
Кулагын салып тыңдаса,
Бакайдын колу бакырат,
Казат кайдан басылат.
Манастап ураан чакырат,
Кара туман жөө булут,

Ачылгандай көрүнөт.
Кайлап аткан калмактын,
Кызып келген кытайдын,
Каны суудай төгүлөт.
Арстан баатыр Күлчоро,
Ат тизгинин жыйган жер.
«Аста, аста, аста» деп,
«Токто, токто, токто» деп,
Бакай берген аскерди,
-Жери жайык кең талаа,
Ат өргүтүп конгула,
Алты өрүш болгула,
Аш тамакка тойгула.
Жарадар жатып калсын-деп,
Жараты жок амандар,
Сүрүлүп калган аскердин,
Көт жагынан барсын-деп.
Калган эси бар жакшы,
Баатыр бала Күлчоро,
Аскерин жыйып бүлүнтүп,
Алган экен канчаны.
Кара канын төгүлтүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Түймө көкүл, кыл куйрук,
Жоонун атын алдырып,
Садагасы кетейин,
Сандыргалуу Күлчоро,
Өзү алган колуна,
Баабединге чалдырып.
Манастын уулу дардаңды,
Табайын деп кам кылып.
Коёндун оозун жайган жер,
Кол токтотуп Күлчоро,
Абакесин табам деп,
Эстеп жолго салган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Бакай байкап караса,
Оргуган кара чаң чыгат.
Ошо чаңдын ичинде,
Ойноктогон жан чыгат.
Чаң асманга бөлүнөт,
Арстан Бакай абасы,
Дүрбү салып караса,
Күлчоро өңдүү көрүнот.
-Кара чунак кан ичме,
Кайдан келип калды-деп.
Каары тийсе Күлчоро,
Бир Семетей дардаң кул,
Көрбөгөндү көргөзгөн.
Тилин алып катындын,
Балдарына кеп айткан.
-Арам кулдар-деп айткан,
Бу Семетей жатканда,
Кызыталак дардаңды,
Коё берип калчаны,
Кармап турган кан ичме,
Эки бирдей чорого,
Көргөзгөн дардаң канчаны.
Кайгыланып алар -деп,
Бөлөк элден кеп укса,
Колго түшкөн калчаны
Семетей коё берди деп укса,
Кармап турган кан ичме,
Канкордун уулу дардаңды,
Бөөдө өлтүрүп салар-деп,
Басып барып эр Бакай,
Семетей башын жөлөдү.
Жөлөсө башын абасы,
Үшкүрүгү таш жарып,
Баш көтөрүп эс алып,
Семетей өөдө болгон жер.
Арстан Бакай абасы,
Пир колдогон агасы,
Канкордун уулу баласы,
Катуу чаап койгон жер.
Чоро баатыр кан ичме,

Суркоён менен созулуп,
Булуттан жүзү бурулуп,
Күлчоро шаңы көрүнөт.
Алда нечен кубулуп,
Алакөөдөн канкорду,
Айтсам жаман көрөр деп,
Баатырлыгы маңдайда,
Балбандыгы билекте.
Бээжиндин каны манжуну,
Аламын деген тилекте,
Кармап коё берди деп,
Калмакка кезек келди деп,
Угуп калса Күлчоро,
Ак саамайын өрбөйбү,
Береги турган дардаңды,
Жетимчем жаман көрбөйбү.
Алакөөдөн дардаңпоз,
Баш көтөрүп алды кул,
Белиңе белбоо чаласың,
Бетиңе бедер Күлчоро,
Жылкы артына саласың.
Эки бирдей баладан,
Айрылып жалгыз каласың.
Күлчородой эр кайда?
Кылганынды санасам,
Күйүп кетет жүрөгүм.
Күрдөлүү калың эл кайда?
Канчородой эр кайда?
Кан ичкендей боломун,
Калың кара эл кайда?
Шаатемир кызы Чачыкей,
Он бештеги кыз болуп,
Сени жолго салдыбы?
Алакөөдөн оңбогур,
Калың кара көп журтуң,
Убалына калдыбы,
Айкожо Бакай абасы,
Мусулмандын абасы,
Манастын уулу баатырдын,
Башын жөлөп көп айтып,
Береги бала чорого,
Коңурбайды куткарып,
Коё бердим деп айтпа.
Манастын уулу Семетей,
Баш көтөрүп чочоюп,
Бакайга айткан кеби бар.
-Айланайын абаке,
Кандай заман, кандай күн,
Кандай каран кандай түн.
Азгырма тилге кирдим мен,
Айтканыңды билдим мен.
Атаңдын көрү дүйнө күң,
Күлчоро менен Канчоро,
Бул экөөнөн айрылып,
Жаман ишке кабылып,
Сары оору болгон эмедей,
Жаттым канча зарылып.
Бул кылганым дагы бар,
Эки бирдей бууданды,
Канчоро менен Күлчоро,
Минип койбо деп атты,
Тердик түшсө үстүнө,
Өлтүрөмүн деп айтып,
Казатка минген бууданым.
Табында болсо дүйнө күн,
Кара чоктуу калмакты,
Кансыратып киргенде,
Баспай эти оордоп,
Бууданым баспай калганы,
Буйругу эмес кудайдын,
Мен шордуунун кылганы.
Семетей айтып канча кеп,
Өлө турган кезимде,
Бир кудай кошкон мүчөлөш,
Пайгамбар кошкон жарым,
Бул Айчүрөк барды -деп,

Камап турган калмактан,
Ажыратып алды-деп.
Мынабу жалгызың аман калды-деп.
Эми арманымды айтайын,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Белине белбоо  чалынып
-Мен мусулман болдум-деп,
Келди астыма жалынып.
Агарып динге кирди деп,
Диндин жолун билди деп,
Кармап алып калчаны,
Нартеспе колго албадым,
Арылбас болду арманым.
Жетим калып жашымда,
Делбе тон болуп калганым.
Манастын уулу Семетей,
Кылганы түшүп оюна,
Бул жалганчы дүйнөгө,
Мени койбой абаке.
Арстан Бакай баатырдын,
Башын катып койнуна,
Кечээ баатырдын уулу Семетей,
Өткөрө кыйын иш кылган.
Ошондо алды оюна,
Айкожо баатыр абасы,
Маңдайын сылап кеп айтып,
-Баарын алдың мойнуңа,
Жалган айтса кечирет,
Жаалгачу өзү кечирет.
Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер.
Мен садагаң кетейин,
Капа болуп ыйлаба,
Абакеңди кыйнаба.
Алгара оозун керер-деп,
Агасынан Мустапа,
Алдап кеткен манжунун,
Жолун тосуп берет-деп.
Элге айткан турбайбы,
Жараткан алда бир кудай,
Чындап жетсе ажалы,
Кабылдырып берер –деп.
Бакай менен Семетей,
Акыл айтып абасы,
Балапандай өстүргөн,
Манастан калган баласы.
Акка мойнун сунган жер,
Кылган иштин баарысын,
Мойнуна алып турган жер.
Абакеси кан Бакай,
Семетейди урган жер.
Баатыр бала Күлчоро,
-Баликерде  Бабедин,
Маана берген башында.
Атка минип жоо сайып,
Баатыр болгон жашында.
Какандын каны чоң манжу,
Калгандарын чогултуп,
Айтып жүргөн кеби бар.
Кара мүртөз жиндиге,
Кабылып калсаң өлөсүң,
Катылсаң кордук көрөсүң.
Бет алып пенде барбайт-деп,
Беттешкен аман калбайт-деп.
Күлчородо шеги бар,
Канчоро болсо бир киши.
Манастын уулу Семетей,
Алакөөдөн эси жок,
Ар деме менен иши жок.
Сары талаа кең жайык,
Өлгөндөн калган элди алып,
Туура жолго салалы,
Бээжинге аман баралы.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Кара тону бүгүлүп,
Калган экен жанынан,

Кан Коңурбай түңүлүп.
Туура жолго салдым мен,
Бу Күлчоро болбосо,
Кең-Кол менен Таласты,
Чарба куруп там салып,
Күтпөй турган жер бекен.
Канкордун уулу Семетей,
Мен колуна түштүм-деп,
Өлтүрөм-деп күүлөндү.
Кандын башын кан кеспейт,
Бектин башын бек кеспейт.
Мен Бээжиндин канымын,
Сен мусулман канысың,
Капыр менен мусулман,
Каршылашып турдук-деп,
Канча элди кырдык-деп.
Акка мойнум сундум-деп,
Ак жолуна кирдим-деп.
Койнумдагы мөөрүмдү,
Колго алып кармадым.
Манастын уулу дардаңды,
Мөөр берип алдадым,
Минтип өлбөй калганым.
Атасындай көөдөн кул,
Адамдан башка жан экен.
Бу Күлчоро баласы,
Эки көзүн кан баскан,
Эки бетин кал баскан.
Канга тууган жан экен,
Бээжинге сурак кылам-деп,
Мен Бээжинге чыгам-деп,
Манастын уулу Семетей,
Жолго салар барбактап,
Бээжинге барар дардактап.
Барса эбин табарбыз,
Манастын уулу эсерди,
Барып калса Бээжинге,
Ошрден жайлап саларбыз.

Алгара баскан жол эле,
Мен Бээжинди алдым деп,
Атасы Манас эр баатыр,
Анда акыл жок эле.
Белги кылып Бээжинге,
Мен өткөрүп берем деп,
Аттын мойнун бурам-деп,
Атасы Манас канкорду,
Мен багынтып турам-деп.
Казынаны өткөрүп,
Каттап алып көргүн-деп,
Какан менен Бээжинди,
Жатып алып көргүң-деп,
Алтын сарай чоң кыштак,
Гөхар ооз дарбаза,
Оозун ачып киргин-деп.
Бээжин менен Какандын,
Барлыгын көрүп билгин-деп,
Айбалтаны кармадым,
Атасы Манас баатырды,
Мен Бээжинден жайладым.
Жолго салып чыгалы,
Жоон өпкө эсерди,
Атасындай кылалы.
Сайгылап оозун керели,
Кара жолго кат жазып,
Каканды колго алгын деп,
Сен Бээжинге баргын деп,
Манастын уулу дардаңды,
Аттын оозун кергин деп,
Бээжин менен Каканга,
Багындырган элиңди,
Алган Бээжин чебиңди,
Барып өзүң көргүн деп,
Жолго кагаз жазалы.
Капыр менен мусулман,
Каны ооруп билгин деп,
Кагазга жазып айталы.

Турбай жолго салалы,
Ар кай жерден жол тосуп,
Манастын уулу баатырдын,
Атын эптеп алалы.
Амалдуу калча чоң манжу,
Аман калган эл эле,
Эскара деген эрине,
Байкоңур деген баатырга,
Дөө Жолой дешет капырга,
Көкбөрү деген мыктууга,
Көптү көргөн ыктууга,
Асаба деген чеченге,
Айтты калча чоң манжу.
_Бул айтканы макеул-деп,
Айткан сөзү акыл-деп.
Кудай билет чын болсо,
Какандын калкы шоодурап,
өлгөнүнөн калганы,
Коңурбай тилин алганы.
Кара жолго кат жазып,
Калгандарын атказып,
Туура жолго кат жазып,
Туугандарын атказып.
Кудай билет чын болсо,
Катка салып кеп айтып,
Кан багынып берген соң,
Каканга баргын-деп айтып.
Сен мусулман, мен капыр,
Мен багындым-деп айтып.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Канын алып жанына,
Амалы башка чоң манду,
Башка чапчуу эренди,
Бели катуу эренди,
Каканды кармап билгенди,
Темир соот кийинди.
Алды манжу жанына,
Каны менен бектери,
Ыраазы болуп канына.
Аттанып жолго салган жер,
Бээжиндин каны чоң манжу,
-Канкордун уулу эсерди,
Акылы жок көөсөрдү,
Мөөр берип алдадым.
Алгаранын барында,
Жаным аман чагында,
Манастын уулу дардаңга,
Айланып амал салайын,
Эптеп эбин табайын.
Эч болбосо канкордун,
Буурул атын алайын.
Эр Коңурбай толгонуп,
Эчен акыл ойлонуп,
Кашкулактын сыртындай,
Кара чоктуу манжуунун,
Атка жапкан кеби бар.
Манастын уулу баатырдын,
Эсирлигин билген соң,
Аламын деген жери бар.
-Аттын оозун жайгыла,
Артыңарда каламын,
Кара-Буура Чаткалдан,
Чоң Илени кечкиле,
Кең оргошко жеткиле.
Аттын оозун бургула,
Артыңардан баргыча,
Жарым ай тосуп тургула.
Эр Коңурбай кеп айтып,
Эр жүрөктүү эрге айтып,
Кан Эскара зорго айтып,
Баатыр Жолой чоңго айтып,
Өлгөндөн калган баатырды,
Акылы башка капырды,
Айтып жолго салган жер.
Семетей сырын билген соң,
Бээжиндин каны чоң манжу,

Айланып жалгыз калган жер.
Азык-түлүк мол алып,
Какандын каны чоң манжу,
-Манастын уулу дардаңды,
Аңдап жүрүп алам-деп.
Калды жалгыз жол алып.
Коңурбайды ташталы,
Манастын уулу дардаңды,
Баатыр бала чорону,
Айкожо баатыр абасын,
Айтып эми  баштайлы.
Ак болоттун тукуму,
Алмамбеттин тукуму.
Аккула окко учканда,
Алмамбет шейит кеткенде,
Аруукенин боюнда,
Баатырдан каалган Күлчоро,
Манаска балта  тайганда,
Какан менен касташкан,
Бээжин менен басташкан.
Баатырлар өлүп калганда,
Алты айлык бала Күлчоро,
Мусулман болгон аяшка,
Баш аягын айтайын,
Коңурбайдын жаң-жуңу,
Айжаңдын жалгыз кызы эле.
Бээжинде жатып түш көргөн,
Арууке көргөн түшүндө,
Каныкейди үч көргөн.
Аруукенин түшүндө,
Каныкей кайып кет айткан.
-Динге кирсең агарып,
Болосуң шейит деп айткан.
Кечээ Каканга Манас барганда,
Эр Сыргакты ээрчитип.,
Кечээги өткөн заманда.
Алмамбет чалгын чалгынды,
Арууке менен Мыскалды,
Бээжинден барып алганда.
Кечээ Каканга Манас чыгаарда,
Каныкей кайып кеп айткан.
Бээжинде турган ургачы,
Береним Манас айкөлүм,
Менин айтканымды тыңдачы.
Салса кудай оозуна,
Ошо кыз тийсе колуңа.
Астындагы аяшка,
Андай киши кайда-деп,
Какан менен кармашып,
Кан төгүшүп сен турсаң,
Аяшка нике байла деп,
Ошондон калат бир тукум,
Мына бу турган жалгызга,
Ошондон тиет пайда деп.
Каныкей айткан кеп ошол,
Билбегендер көп айтат,
Мажиктин уулу деп айтат.
Өлгөндөн калган калың журт,
Сары кан Бакай жыйды эле.
Арууке менен Мажикке,
Алмамбеттин керээзи,
Никесиз жүрсө болбойт деп,
Мажикке нике кыйды эле.
Эр Күлчоро баатыр шер,
Алмамбеттин тукуму,
Энесин Мажик алган соң,
Мажиктин уулу Чоро деп,
Айтылып калган шүкүлдү.
Семетей Бакай Күлчоро,
Камбардын уулу Канчоро,
Үрбүсал менен Темирбек,
Канкожо менен Шайыкбек,
Ажалдан калган эчендер,
Акыл табар чечендер.
Өлүмдөн калган эчендер,
Көп сүйлөгөн чечендер.

Кыргынды кыйла көргөндүр,
Кысылышып жүргөндүр.
Ажалдан аман калгандыр,
Казармага жан багып,
Камалып жаткан эчендер.
Айкожо Бакай келгенде,
Айгайлап жоону сүргөндө.
Баатыр Бакай келгенде,
Басташкан жоону сүргөндө,
Күлчоро атка мингенде,
Семетей жоого тийгенде,
Канчоро уруш салганда.
Кудай билет чын болсо,
Кан Коңурбай баш болуп,
Калмактар качып калганда,
Жоодон түшкөн ат минип,
Жал куйругун шарт түйүп,
Казат кылып кан кечип,
Каапыр менен мусулман,
Канчасы өлдү жан кетип.
Кайнап аткан аскерди,
Кудай бетин көргөзбө,
Таласты барып кармаган,
Кара курттай жайнаган,
Кош түшүрүп туу тигип,
Кармашар жан калбаган,
Жайы-кышы он эки ай,
Кең-Кол менен Таласта,
Баласы жайык кең талаа,
Чоң кожоңго салышкан.
Кудай билет чын болсо,
Мусулманды жеңдик деп,
Сары өзөндүн талаага,
Аштык айдап алышкан.
Камап жаткан былк этпей,
Каш айтуучу киши жок,
-Бир мусулман тырп этпей,
Жерди жердеп алдык --деп,
Элин кырып салдык -деп,
Өлгөнүнөн калганын,
Казарманын ичине,
Киши чыкпай тышына,
Баарын камап койдук-деп.
Таластын суусун бурудуруп,
Байлоого темир курдуруп,
Таш кулатып бекитип,
Канкордон калаган Таласты,
Кечээги өткөн Манасты,
Жери менен алдык деп,
Ээлеп эли жердеген,
Эли менен алдык деп,
Калың аскер, калың кол,
Кан Коңурбай баатыр шер.
Жайкын жаткан ушул эл,
Бакай келип тийди эле,
Баарын айдап сүрдү эле.
Кең-Кол менен Таластан,
Келип жаткан аскерге,
Ителгидей тийди эле.
Аттанып чоро кирди эле,
Асты-астынан билди эле.
Кара чоктуу аскердин,
Канчалыгын көрдү эле.
Таласка өлүк толду эле,
Тай өлгөндөй болду  эле.
Баатыр Бакай келгенде,
Күлчоро менен Семетей,
Абасы Бакай келгенин,
Эки баатыр билгенде,
Аттанып жоого тийгенде,
Кудай бетин көргөзбө,
Жоо аралаш киргенде.
Кара чаар жолборсу,
Камалган жерде колдоочу.
Кайып болуп жолдошу,
Кызыл чаар жолборсу.

Кысылган жерде колдоочу,
Кырк чилтен болуп жолдошу.
Баштап Бакай киргенде,
Баатыр төрө Семетей,
Айбаттуу бала Күлчоро,
Ардактуу бала Канчоро,
Аттанып жоого тийди эле.
Келишип калган аскерди,
Кең-Кол менен Таластан,
Жатып айда сүрдү эле.
Кең-Кол менен Таласка,
Алган экен көп аскер,
Терек, чынар, тал койбой,
Кудай бетин көргөзбө,
Жайытына мал койбой
Баарын талап алган жер.
Талас менен Кең-Колду,
Калмак ээлеп калган жер.
Келип Бакай тийген жер,
Семетей менен Күлчоро,
Атка минип кирген жер.
Кудай билет чын болсо,
Таластан айдап сүрө албай,
Жарым айга барган жер.
Айдап чыгып аскерди,
Мусулмандын жерлери,
Арстан Бакай баатырдын,
Маңдайына барган жер.
Башын кошуп сүйлөшүп,
Дин мусулман  калың эл,
Акылдашып калган жер.
Мына ушунда Семетей,
Буурулдун оозун керген жер.
Бээжиндин каны манжуну,
Кармап коё берген жер.
Арстан Бакай абасы,
Кан Манастын барында,
Манасты Бакай сүрөгөн,
Капырды кардай күрөгөн.
Мусулманды баккан жер,
Манастын уулу баатырдын,
Семетейден кеп угуп,
Кан Коңурбай манжуну,
-Коё бердим-деп угуп,
Кудай билет чын болсо,
Манастын уулу дардаңды,
Бакай жыга чапкан жер.
Манастын уулу Семетей,
Талма тийген эмедей,
Кудай билет чын болсо,
Күнү-түнү жаткан жер.
Койдой айдап капырды,
Баатыр Чоро келген жер.
-Өлгөнүңөн калганың,
Келип уруш салганың,
Жыйылышып келгин-деп,
Күлчоро кабар берген жер,
Кол жыйылып толгон жер.
Дин мусулман аскери,
Жыйылышып болгон жер,
Эл жыйылып толгон жер.
Дин мусулман аскери,
Баары келип болгон жер.
Асыл Бакай Айкожо,
Баатыр бала Күлчоро,
Канча күнү кармашкан,
Кызыл өңдөн адашкан.
Атка минип тарыккан,
Кудай билет чын болсо,
Чоң казатка жолуккан.
Айкожо Бакай, Күлчоро,
Манастын уулу Семетей,
Өлгөнүнөн калганын,
Казат кылган аскерди,
Чогуу жыйып алганы.
Кечээ Таласты камап турганда ,

Арстан Бакай Айкожо,
Келди эле жол менен,
Кырк эки миң кол менен.
Алы жетпейт экен деп,
Бурутту кармап жайлаган.
Арстан Бакай Айкожо,
Кайнап аткан көп колду,
Шамал менен айдаган.
Кең-Кол менен Таласка,
Кайрылып бирөө барбаган.
Өлгөнүнөн калганды,
Барып кабар албаган.
Сары-өзөнгө толтуруп,
Семетей, Бакай, Күлчоро,
Казат кылган аскерди,
Баарын жыйып олтуруп,
Кол астына салган жер.
Кудай билет чын болсо,
Айкожонун аскерин,
Эсеп кылып калган жер.
Кош түшүрүп конгон жер,
Сарайга аскер толгон жер.
Ат семизин сойгон жер,
Азык ичип тойгон жер.
Баары келип болгон жер
Эсебин Бакай алган жер.
Айдап келгин элинин,
Эки миңи өлүп калган жер.
Аскер атты токутуп,
Арстан Бакай көк жалың,
Кан төгүлүп жошулуп,
Калган экен кошулуп.
Мусулмандын өлүгүн,
Ажыратып алышып.
Бурап атын токутуп,
Жаназасын окутуп.
Аман калган аскерге,
Өлүк жыйып тердирип,
Жер каздырып көмдүрүп.
Кайрылып Кең-Кол кире элек,
Кудай билет чын болсо,
Каныкей менен Чыйырды,
Кайда экенин биле элек.
Бурулуп Талас бара элек,
Кырып кеткен калың журт,
Эсебин булар ала элек.
Эр Күлчоро баатырды,
Манастан калган калың журт,
Теңи өлүп, теңи бар.
Калгандын баары жарадар,
Көбү өлүп, азы бар,
Жургөндүн көбү жарадар.
Кудай бетин көргөзбө,
Катын-бала, кары чал,
Какандан келген калың кол,
Казат кылып жоо сайып,
Кудай билет чын болсо,
Кечээ Акундун кызы Айчүрөк,
Манастын уулу Семетей,
Чарбакты бөлөк салдырган.
Аргын менен ногойдон,
Аскер жыйып кам кылган,
Аны менен жай кылган.
Камап калмак келгенде,
Замбирек атып турушкан.
Каршы чыгып урушкан,
Мылтык атып, жаа тарткан,
Эр Коңурбай манжуну,
Акундун кызы Айчүрөк,
Семетейди аларда,
Кудай кошкон никелеш,
Семетей өлүп каларда,
Алгаранын үстүнөн,
Аккелтени бир аткан.
Аттын оозун чубаткан,
Алгаранын үстүнөн,

Коңурбайды кулаткан.
Аскер жыйып эл курап,
Ак никелеш күйөөсүн,
Алып калган Айчүрөк.
Эр билесин кул жыйып,
Жоо-жарагын мол кылып,
Багып калган Айчүрөк.
Бу Канчоро жайда жок,
Эр Күлчоро анда жок.
Аргын, ногой көп журттун,
Эр бүлөсүн калкалап,
Алып калган Айчүрөк.
Какандын каны келгенде,
Балага кыргын салганда,
Какандан келген аскерлер,
Кызын катын кылганда,
Кыз, катынды кырганда.
Бул Айчүрөк болбосо,
Тынч уйкуда жатканда,
Баары уктап атканда,
Какандан келген калың кол,
Кыргынды катуу салбайбы,
Бул Айчүрөк болбосо,
Түн жамынып кол салган,
Камап келген аскердин,
Кырганында калбайбы.
Айкожо Бакай кеп сүйлөп,
Аягында бек сүйлөп,
-Атадан калган жалгызсың,
Сен мындай кылба-деп сүйлөп.
Бекер талаа жер эмес,
Ар коногу эл эмес.
Жайкын жаткан канча журт,
Баарына кыргын салыптыр,
Шаарын басып алыптыр.
Эчен калаа, эчен жер,
Калың кара кайран эл,
Элин кырып салыптыр.
Бээжиндин каны калчаны,
Кырган экен канчаны.
Ойронду салып эл кырган,
Какандын каны чоң манжу,
-Алыска Бакай барды –деп,
Балдарын кууп салды –деп.
Чүрөктү салбар кылды-деп,
Тууганынан айрылып,
Семетей жалгыз турду-деп.
Какандын каны манжуга,
Кабар берген ким болду.
Асили эч ким агарбайт,
Как ошону билгиле.
Элден кабар барбаса,
Эки бала жоктугун,
Коңурбай билип албаса,
Келет беле Бээжинден.
Кечээ Какандан жылкы алганда,
Сен атылып калганда.
Көп жылкынын көтүнөн,
Коңурбай кезип келгенде,
Кара жолтой шум чынак,
Күлчоронун барынан,
Көп жылкыны алганбыз.
Көтүнөн келген куугунду,
Кайра сайып салганбыз.
Калмак менен кытайдын,
Канчалыгын кырганбыз.
Карчалышып урушуп,
Жарым жылга турганбыз.
Ажалыңдын жогунан,
Сенин колуң шогунан,
Кең-Колго кабар салганбыз.
Бул Айчүрөк байкушту,
Кабар салып алганбыз.
Бу кудайдын барманы,
Ойлоп жүргүн Семетей,
Болгон Айчүрөктүн жардамы.

Эки тоонун ортого,
Айыктырып алганы,
Атказып жоого салганы.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Беттебей качып кетти эле.
Бул Айчүрөк болбосо,
Алакөөдөн акмагың,
Ажалың чындап жетти эле.
Арамдын тилин аласың,
Акылы жок баласың.
Эки кулдан айрылып,
Эл кадырын саласың.
Калайык эл, калың журт,
Убалына каласың.
Андан башка кеп айтпай,
Уятынан киши өлбөйт,
Күлчоро менен Канчоро,
Көрдү эле калың көп аскер.
Бээжиндин каны манжуну,
Коё берди деп айтсак,
Көңүлү кирдеп бөлүнөр,
Көпкө жаман көрүнөр.
Айтпастан Бакай акылман,
Айбаттуу бала Күлчоро,
Акылдашып токтошуп,
Өлгөндөрдү жоктошуп.
Сары талаа чоң дайык,
Кечээ камап жаткан калмактын,
Кыргынды баары салганда,
Кырылгандан калган эл,
Кан Коңурбай баш болуп,
Токтобой качып калганда.
Аскердин атын жыйганда,
Ат эсебин алганда.
Эр жыгылып бош кеткен,
Ээр токум жок кеткен.
Жоо жыгылып бош кеткен,
Башында жүгөн жок кеткен.
Минген ээси кыйраган,
Кудай билет чын болсо,
Какандан келген калың кол,
Өлгөнүнөн калганы,
Качып жолго салган жер.
Өлгөндөн калган аттарды,
Мусулман жыйып алган жер.
Сары талаа жайык түз,
Талаадагы жүргөн ат,
Аскер жыйып келген жер.
Арстан Бакай баатырга,
Ат эсебин берген жер.
Манастын уулу Семетей,
Чоң дептерге салган жер.
Туягы жерге сайылган,
Үстүндө минген ээси жок,
Талаага басып жайылган,
Айдап жыйып келгенде,
Бакай менен Семетей,
Эсебин алып көргөндө,
Өлгөндөн калган аттары,
Сары өзөнгө толгон жер.
Кудай билет чын болсо,
Талаага батпайт ат жыйса,
Канчалык кыргын кан төгүп,
Эр азамат эр өлүп,
Эки элден тең өлүп,
Кан кызына шер өлүп,
Кайраттуу тууган эр өлүп.
Кудай бетин көргөзбө,
Эл чогултуп ат жыйып,
Ат эсебин алганда,
Ат талаада калганда,
Манастын уулу Семетей,
Дептерине салганда.
Кудай билет чын болсо,
Ат жыйылып толуптур.
Кандай болгон кан төгүш,

Кудай бетин көргөзбө,
Алтымыш миң болуптур.
Текеберлүү калмактын,
Дин  мусулман пендеси,
Арстан Бакай Айкожо,
Мусулмандын шамы эле.
Алмамбеттин Күлчоро,
Шер жаралган абала эле.
Ойронду калча салганда,
Ара жерде канча журт,
Кыргынга кетип калганда.
Казатты калча кылганда,
Канча элди кырганда.
Айкожо Бакай келгиче,
Семетей менен Күлчоро,
Алабыз деп турганда,
Бу кудайдын бергени,
Аскер алып кол менен,
Айкожо Бакай келгени.
Текеберлүү манжуну,
Кан төгүшүп жеңгени.
Кудай билет чын болсо,
Талаага жылкы толгону,
Өлгөндөн калган калың журт,
Баары малдуу болгону.
Капкасын ачып талкалап,
Качкандар аман кутулган,
Аманат жанын калкалап.
Айкожо Бакай, Семетей,
Өлгөндөн калган эл жыйып.
Телегейин тең кылып,
Калган журтка кам кылып.
Кудай билет чын болсо,
Мусулман канын алган жер,
Капырга ойрон  салган жер.
Канга кеткен мусулман,
Кайнаган капыр кытайдын,
Канын алып калган жер.
Баатырлар жоону жеңген жер,
Башынан кудай берген жер.
Калмактан өчүн алган жер,
Кан төгүлүп калган жер.
Кытайдан өчүн алган жер,
Кыргын болуп калган жер.
Кол токтотуп туу тигип,
Мусулманга баш болуп,
Семетей, Бакай эки эр,
Бу Күлчоро башка жер.
Ар кай жерде сенделип,
Жараткан алда бир кудай,
Адамга берет пенделик.
Кудай бетин көргөзбө,
Талаада канча жан жүрөт,
Жарадар болуп айыкпай,
Кудай билет чын болсо,
Ичерине ашы жок,
Киерине кийим жок,
Шаарын алган талкалап.
Кудай бетин көргөзбө,
Аскери кыйын камынып,
Кан Коңурбай барында,
Алабыз деп чалкалап,
Семетей менен Күлчоро,
Арстан Бакай Айкожо,
Жеңген кайра талкалап.
Баатырлар кыргын салган жер,
Өлүмгө кеткен мусулман,
Өчүн алып калган жер.
Аскерди айдап кырган жер,
Дин мусулман чогулуп,
Акылдашып турган жер.
Канкордун уулу эр Семең,
Кан Бакайга кеп айтат,
-Каканга барам-деп айтат.
Турган элге кеп айтат,
-Бээжинге барам-деп айтат.

Мен Бээжинге барбасам,
Бээжинден өлүп калбасам.
Бээжиндеги калдайды,
Коңурбайдан албасам,
Арбак уруп кетпейби.
Канкордун уулу Семетей,
-Ат куйругун өрөм-деп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Артынан жүрүп өлөм-деп.
Кайраттанып камынып,
Кайыптан акыл табылып.
-Барамын-деп белсенип,
Манастын уулу Семетей,
Эр оолугуп турган жер.
Абасы Бакай күүлөнүп,
Жакшы көргөн катыны
Жанга күйгөн шеригиң,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Көрүндүбү көзүңө,
Билиндиби өзүңө.
Кирдиби түндө түшүңө
Уялып калсаң болбойбу
Мурунку кылган ишиңе.
Казаттын каны ката элек,
Кара жерге бата элек.
Кытайдын эли кете элек,
Чоң Бээжинге жете элек.
Өлүмдөн калган калың журт,
Амандыгын билели.
Каныкей менен Чыйырды,
Кайра тартып алалы,
Биз Кең-Колго баралы.
Капа болуп тургандыр,
Арстан Бакай акылман,
Биз баралы Таласка,
Окуйлу куран Манаска.
Бузулган шаар калаасы,
Аргын менен ногойго,
Калганына кеп айтып,
Шаарды оңдо деп айтып.
Арстан Бакай акылман,
Айтып турган жери ошол,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Манастын уулу Семетей,
Жакшы көргөн катыны,
Айчүрөктөн жакыны,
Айчүрөктөн бузду эле.
Канкордун уулу баатырды,
Бузуп алып чыкты эле.
Катын кылат кесир -деп,
Калайык эл көп журттан,
Канчасы калды жесир-деп.
Акылдашып сүйлөшүп,
Кечээ камалган элде жок эле.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Кайда жүрөт болду экен.
Муну таап келгиле.
Кечээ Семетей тентип келгенде,
Манастан калган курган журт,
Тентип келип көргөндө,
Аксарбашыл кой алып,
Ак чатырдай бээ алып,
Айдап калын мал алып,
Алтын, күмүш зар алып
Куда болуп бардым мен.
Куда болуп кой союп,
Кулдук уруп той союп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Келин кылып алдым мен.
Канкордун уулу эсерди,
Кандай жолго салды экен,
Ажыратып Чүрөктөн,
Кандай бузуп алды экен.
Акылы болсо Чачыкей,
Сага катын болот-деп,
Коңурбайга кеп айтып,

Кошомат кылып кеп айтып,
Амалдуу болуп келер-деп.
Акылы арамда болсо,
Желке чачын түйгөндүр,
Калмак, кытай колуна,
Эрке тон болуп жүргөндүр.
Арка чачын жайгандыр,
Калмак менен кытайга,
Катын болуп калгандыр.
Күлчорого кеп айтып,
Күлүстөн Бакай Айкожо,
-Шаатемир кызы Чачыкей,
Таап келгин -деп айтып.
Камбардын уулу  чорого,
-Кайда жүрөт болду экен,
Кең-Кол менен Таласка,
Барып келгин-деп айтып.
Чачыкей аман бар болсо,
Ушул элдин ичине,
Алып келгин-деп айтып.
Акыры кийим кийгизип,
Сур телкини мингизип,
Канчорого билгизип,
Эптеп айтар кеби бар,
Ургачыга эби бар.
Бу Канчоро барсын -деп,
Кандай болуп жүргөнүн,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Айтып берер көргөнүн.
Акылы болсо Чачыкей,
Кайрылып Талас баргандыр,
Каныкей менен Чыйырды,
Ардактап багып алгандыр.
Айкожо Бакай, Семетей,
Канчорону баргын деп,
Калың элге баш болуп,
Күлчоро мында калгын деп.
Бос кисе белге имерип,
Кудай билет чын болсо,
Канчорону жиберип,
Сурtелкини камчылап,
Кудай бетин көргөзбө,
Таласка барып караса,
Чачыкейдин дайны жок.
Көргөндөрү кеп айтып,
-Кечээ аскер амап турганда,
Эрке катын Чачыкей,
Жоо калмактын жолунда,
Тизелешип бир жүргөн.
Тизгин чылбыр колунда,
Бир баатырдын жанында,
Моюн алышып шыңкылдап,
Көрдүк эле көчөдөн.
Бу баатырдын алганы,
Пейлин шайтан бурганы.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алган экен имерип,
Чачыкей пейли ак болсо,
Келбейт беле Кең-Колго,
Кайда кетти болду экен.
Канчоро жолго салган жер,
Бу Чачыкей канчыкты,
Саргарып издеп калган жер.
Кудай билет чын болсо,
Чакмактын белин ашкан жер.
Чатыр-Көлдү баскан жер.
Качкан жоону малалап,
Аттарынан айрылып,
Араң жүргөн аскерди,
Атаңын көрү калмакты,
Канчоро сайып талкалап.
Кең өзөнгө келген жер,
Кечээ Алооке жаткан чоң Шамшы,
Баатыр Манас сойгон жер,
Алооке канды койгон жер.
Ошо келди Канчоро,

Кудай билет чын болсо,
Калмак кытай кол жүрөт,
Айгайлаган чоң жүрөт.
Качып жолго салышкан,
Жан бекитип калышкан.
Муруттары бурулган,
Сакалдары жайылган.
Кара чоктуу калмактын,
Кайраттуусу көрүнөт.
Кызыл ойрот кытайдын,
Кыйындары көрүнөт.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Бул айтып болгон кейиттир,
Булкунтуп буудан миниптир.
Калмак менен кытайдын,
Арасында жүрүптүр.
Аскерге жалгыз бата албай,
Эр Канчоро жалгыз эр,
Алып мылтык ата албай.
Кайра тартып алган жер,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Арка чачын өргөн жер,
Канчорону көргөн жер.
Кечээ көңүлда жаткан Семетей,
Кайнаган калың көп аскер,
-Манастын элин алдык -деп,
Таласты жердеп калдык –деп,
Кең-Кол менен Таласты,
Жердешип алган жери ошол.
Шаатемир кызы бу канчык,
Калмак менен кытайды,
Ээрчип алган жери ошол.
Канчоро көрүп кеп айтып,
-Токтобой жолго салгыла.
Кайраттуу баатыр балага,
Кабарды берет-деп айтып.
Бала келсе бап келбей,
Кармашууга чак келбей.
Кыргынды салып кыйратат,
Ушу жерге сулатат.
Пейлин берген калмакка,
Ок дарысын чачтырды.
Кудай билет чын болсо,
Бекинип жаткан калмакты,
Чачыкей айтып качырды.
-Жабы, жабы-дегендер,
Жабыла атка мингендер.
Тополоңу тоз болуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Турбай аскер качкан жер.
Бу Чачыкей айтпаса,
Семетей менен Бакайга,
Канчоро кабар салбайбы.
-Кайраттуу бала Күлчоро,
Казатты катуу кылат -деп,
Күлчоро келсе кырат-деп,
Түн жамынтып качырып,
Түндүктүн бийик тоосуна,
Шаатемир кызы Чачыкей
Калган экен жашынып.
Капчыгайга салган жер,
Ниети кара бу канчык,
Калк чогулуп жаткан жер,
Качырып элге айткан жер.
Бейлек киши өңдөнүп,
Чоң талаага салган жер.
Чогулушкан көп элге,
Бул Чачыкей барган жер.
Капыр менен мусулман,
Карчалышып басылып,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Калган экен жашынып.
Кантсе манжу кеткен жок,
Табалы деп иликтеп.
Баатыр чоро кайран эр,
Колго тийсе чоң манжу,

Соёлу деп жиликтеп.
Убаданы кылышып,
Чачылганды жыйнашып.
Чабылганды курашып.
Капыр камап келгенде,
Камоону канча көргөндө.
Айкожо  Бакай, Күлчоро,
Баатырдын уулу Семетей,
Кармашып атып жеңген жер.
өлүмдөн калган канча эл,
Күлчоро, Бакай баатырга,
Учурашып келген жер.
Талаага өлүк толгон жер,
Калдайып жору конгон жер.
Канча адам пенденин,
Карга көзүн ойгон жер,
Карышкыр бөрү тойгон жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Киши этине семирип,
Бөрүлөр бөлөк бөлүнүп
Туш-туштан чыгып көрүнүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Канга тоюп кабылан,
Адам пенде өлгөндө,
Мусулман деген пенденин,
Өлүгүн алып көмгөндө,
Талаада капыр калганда,
Бөрү, жору, кузгундар,
Тарпына тоюп алганда,
Камбардын уулу Канчоро,
Чачыкейге барганда,
Эки калмак бир шибээ,
Баатыр чоро эр неме,
Үчөөнү кармап алган жер.
-Кызмат кылып берсин -деп,
Отун алып, от жагып,
Кой кайтарып, мал багып,
Билсе динге кирсин -деп,
Өлгүчө  менде жүрсүн -деп,
Канчоро менен Чачыкей,
Пейли кара экенин,
Эми Айчүрөктү алат -деп,
Ажалдан алып калат -деп,
Мени салбар кылат-деп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Канчороо кеп айтып,
Сенден башка кара жок,
Астыма тийген Ай болгун,
Башыма тийген Күн болгун,
Кагылайын уулуке,
Кармашкан жоодон өч алгын.
Мынабу жаңыңдагы жеңеңи,
Кандай болот билбеймин,
Мен байкушка көз салгын.
Чачыкей кайра келген жер,
Камбардын уулу Канчоро,
-Байкап көзүм саламын,
Таштап койсо Семетей,
Өзүм багып аламын.
Эрке катын Чачыкей,
Камбардын уулу Канчоро,
Убадасын берген жер,
Канчоро элге барган жер.
Кан Бакай менен төрөгө,
-Чачыкейди көрдүм-деп,
Кошуп айдап келдим-деп,
Кызматкер кылып алгын -деп,
Эр Канчоро айтып кеп.
Олуязаада абасы,
Обу жок төрө агасы,
Баатыр бала Күлчоро,
-Кечээ калмак камап келгенде,
Кабарды Чүрөк бергенде.
Кең-Колдун башы Карасай,
Минбе деген буурулуң,
Чороң минип алды -деп,

Кесиреттүү канчыгың,
Жолун тосуп барды-деп.
Семетейди алдаган,
Турба деп белден кармаган.
Чачыкейдин шеги бар,
Баатырдын уулу Семетей,
Кудай билет чын болсо,
Семетейдин кеби бар.
Акундун кызы Айчүрөк,
Алып калган жери бар.
Капа болуп кайгырып,
Канкордун уулу Семетей,
Катындын тилин алган жер.
Калың журттан айрылып,
Калмак менен кытайдын,
Камоосунда калаган жер.
Өлө турган кезинде,
Алакөөдөн баатырдын
Ошо кеби ичинде.
Арстан Бакай Айкожо,
Ажыратып алган жер.
Камап келген калмактан,
Ажалы жеткен эл өлгөн,
Эр азамат эр өлгөн,
Казасы жеткен калк өлгөн.
Дин мусулман пенденин,
Багын кудай ачканда,
Бакай эбин тапканда,
Чоң манжу баштап качканда,
Капыр менен мусулман,
Карчалышып турганда,
Капырды койдой кырганда,
Таластан айдап сүргөндө,
Баатыр бала Күлчоро,
Манастын уулу Семетей,
Ителгидей тийгенде.
Кудай бетин көргөзбө,
Исламдын арбагы,
Көтөрүлүп алган жер.
Какандан келген калың эл,
Көбүн кырып салган жер.
Маңдайлашып беттешпей,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Эрдин баарын ээрчитип,
Калдай качып калган жер.
Казаттан түшкөн аттарды,
Мусулмандын аскери,
Айдап жыйып барган жер.
Ата келип алган жер.
Манастын уулу Семетей,
Ак кагазга салган жер.
Шай колдогон Күлчоро,
Жанындагы Семетей,
Маңдайында Айкожо,
Баатыр акыл салды ошо.
-Айланайын абалар,
Жашы улуу агалар.
Улуу кары кожолор,
Уламалуу молдолор.
Көптү көргөн карылар,
Көпчүлүктүн баары бар.
Каканга калдай жете элек,
Артынан изди салалы.
Алда таала жар болсо,
Какандын каны манжуну,
Бээжинге муну кетирбей,
Берсе кудай тилекти,
Муну кармап калалы.
Кылычтын мизин кайтарып,
Аскерди кайра кайтарып,
Жесир катын, жетимди,
Баккыла деп айталы.
Канчоро, Бакай, Семетей,
Какандан келген чоң манжу,
Артынан түшүп алалы.
Бээжинге чейин баралы,

Берсе кудай тилекти,
Мурунку өткөн баатырлар,
Мунун кунун алалы.
Кара дөөсүн соёлу,
Кагылайын абаке,
Башка сөздү коёлу.
Кылычты кынга салалы,
Жоо кийим кийип алалы.
Жонго тери жабалы,
Жол жолоочу өңдөнүп,
Жоо калмакты табалы.
Жоо калмак көзгө көрүнсө,
Берсе кудай тилекти,
Жолдон кармап алалы.
Арты тууган шер эле,
Ак болоттун тукуму,
Караганы ак болгон,
Пайгамбар өскөн диниң ак,
Атасы башка эр эле,
Туулгандан пейли ак,
Дин мусулман журтуна,
Салынган коргон чеп эле.
Атасынан артыкча,
Арта тууган эр эле.
Эр Күлчоро кеп кылып,
Кудай билет чын болсо,
Семетей менен Бакайды,
Бул экөөнү бет кылып,
Кан ичме бала кеп айтып,
-Каканга барам-деп айтып,
Чоро айтып турганда
Кудай билет чын болсо,
Чогулуп акыл кылганда,
-Айткан кебим макул-деп,
Атам тапкыс акыл-деп,
Баатыр чоро дагы айтат,
-Ажал жетип күн бүтсө,
Албайт бекен кара жер,
Кийирбейт бекен казган көр.
Белга саадак буубасак,
Бээжинге чейин куубасак.
Ат куйругун түйбөсөк,
Артынан издеп жүрбөсөк,
Арбак бизди урбайбы,
Ар бир сөздү ылгайлы.
Деп ошентип Күлчоро,
Дагы айтат акылдап.
Күлчоро айтып турганда,
Семетей, Бакай «макул»деп,
Караламан калың эл,
Калкын жыйып алган жер.
Урушка чыккан аскерди,
Жараткан алда бир кудай,
Талапка өзү жеткирди.
Канын төгүп канчанын,
Какандан келген калчанын,
Канды суудай агызып,
Казат кылып кан төгүп,
Казасы жеткен мусулман,
Кармап алып эчenди,
Ажалы жеткен мусулман,
Арбагына чалыштык,
Кылычты кындан суурушуп,
Кагылайын калың журт,
Кан төгүшүп уруштук.
Зоотту  байлап түрүштүк,
Күнү-түнү басылбай,
Капыр менен мусулман,
Эчен күнү сүрүштүк.
Айбалта сандан алыштык,
Айланайын калың журт,
Капыр менен мусулман,
Алдалашып салыштык.
Жараткан алда жарынан,
Мына Айкожо аба барынан,
Казаты жеткен мусулман,

Кандан алып калыштык.
Кийген темир зоотун,
Кармап алып бүктөдүк.
Казатка кылган жоо жарак,
Аттарына жүктөдүк.
Ат которуп минбедик.
Атышып манжу келген жок,
Жоодон түшпөй аттарды,
Жоо жоологон аскерди,
Семетей, Бакай бөлгөн жер.
Кудай билет чын болсо,
Бир кишиге ондон ат,
Каттап бөлүп берген жер.
Аскер атка тойгон жер,
Калмак менен кытайды,
Арык койчо сойгон жер.
Кан Бакайдын аскери,
Олжого мээсир болгон жер.
Коктуга күлүк толгон жер
Жылгага кызыл кан агып
Казат катуу болгон жер.
Какандан келген аскерди,
Мусулман жеңип алган жер.
Кудай билет чын болсо,
Өлгөнүнөн калганы,
Тоо таянып таш басып,
Айбалталап жер казып,
Анда-мында алган жер.
Семетей менен Бакайдын,
Дин мусулман калың эл,
Айткан тилин алган жер.
Жоодон түшкөн аттарга,
Түш тушоосун жүктөшүп,
Жоо жарагын артышып,
Кудай билет чын болсо,
Жоону сайып жеңишип,
Кудай билет чын болсо,
Кайра элине келишип.

Бакайдын айткан кеби бар,
-Кечээ Какандан калмак келгени,
Бирөө кбар бергени.
Бээжинден кытай келгени,
Семетей колу жок деген,
Жолдош болчу Чүрөктү,
Салбар кылып салды -деп,
Шаардын аркы башына,
Бор дөбөнүн чатына,
Сарайды бөлөк салды -деп,
Бээжинге кабар барды-деп,
Кудай билет чын болсо,
Алтын таажы, жез өкчө,
Айдаркандын кан Көкчө,
Элин сактап калыптыр.
Кудай билет чын болсо,
Бээжиндеги калдайга,
Кат оролуп барыптыр,
Каканга кабар салыптыр.
Алакөөдөн казак кул,
Айылга салган азап бул.
Элин сактап өлтүртпөй,
Көкчө алып калыптыр.
Көп жыйылып толгондо,
Кең-Кол менен Таласка,
Манастан калган баланы,
Аргын менен ногойго,
Кан көтөрүп койгондо,
-Кан көтөргөн бекер-деп,
Атасы эсер киши эле,
Каарланган кан ичме,
Кайраттанып кетер -деп,
Көкчөнүн айткан кеби бар.
Кудай билет чын болсо,
Канкордун уулу Семетей,
Жүрөгүндө кеги бар,
Айкожонун шеги бар.
Кең-Колго аскер барган жер,

Семетей, Бакай, Күлчоро,
Камбардын уулу Канчоро,
Төртөө барбай калган жер.
Кудай билет чын болсо,
Калын аскер көп солон,
Таласка барып конгон жер,
Олжого медер олгон жнр.
Ат семизин сойгон жер,
Багын кудай ачкан жер,
Манастан калган Каныкей,
Санаасын басып жаткан жер.
Эл жыйылып толгон жер,
Кадимки Кең-Кол Таласка,
Жоону жеңип келдик деп,
Мусулмандын аскери,
Куран окуп турган жер.
Куралып тилек алган жер,
Кудай бетин көргөзбө,
Кечээ аскер келгенде,
Мусулманды жеңгенде,
Таласка аскер толгондо,
Мусулман кырып болгондо,
Талаага баскан мал койбой,
Такыр алып койгондо.
Калмак кытай аскери,
Кудай бетин көргөзбө,
Чийки малдын этин жеп,
Кандарынын баарысы,
Ат жаясын соргондо.
Кудай бетин көргөзбө,
Камоодо калган кер жорго,
Каныкей минип алган жер.
Кең-Кол, Талас шаарына,
Аралап чыгып барган жер.
Өлгөндөн калган калың эл,
Каныкей менен көрүшүп,
Колунан кармап өбүшүп,
-Кагылайын байбиче,
Айкожо да аяшты,
Алып жүргөн жан эле.
Касиети бар эле.
Жайы-кышы он эки ай,
Камап жаткан канча жоо.
Арстан Бакай Айкожо,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Таластын суусун бурганда,
Кең-Кол менен Таласты,
Кургак кылып бурганда,
Ичерине суу таппай,
Өлүмгө жакын барганда.
Өлгөнүнөн калганы,
Өлмөк болуп калганда,
Кабылан Бакай келгенде,
Кайраттанып киргенде,
Качырып жоого тийгенде.
Мусулман багы ачылган,
Камап келген капырдын,
Каны суудай чачылган.
Казат кылып кармашкан,
Кудай билет чын болсо,
Күн кандай күркүрөп,
Күндүн жүзүн бүркөгөн,
Эрдин бетин чиркеген.
Топурак учуп боз болгон,
Бээжинден кытай козголгон,
Беттешер киши жок болгон.
Жер жарылып буу чыккан,
Жеке сан деп чуу чыккан.
Кудай билет чын болсо,
Капырды айдап сүргөндө,
Качырып жоого тийгенде,
Айкожо Бакай кайран эр,
Капырга уруш салган жер.
Капыр менен мусулман,
Карчалышып кармашкан,
Алтымыш күнгө барган жер.

Талаага өлүк толгон жер,
Коңурбай келип Бээжинден,
Катуу казат болгон жер.
Аккан суудай кан агып,
Адамдын башы дагы агып,
Кирген суудай кан агып,
Кудай билет чын болсо,
Кишинин башы дагы агып,
Талаага өлүк толгон жер.
Кудай билет чын болсо,
Арстан Бакай Айкожо,
Айдап жоону сүргөн жер.
Бакайдын башчы экени,
Дин мусулман калың эл,
Бакайдын баркын билген жер.
Айкожо уруш салган жер,
Камап келген кытайдан,
Казасы жеткен мусулман,
Канын алып калган жер.
Калың кара көп аскер,
Жай-жайына барган жер.
-Капырды айдап сүрдүк-деп,
Кудай билет чын болсо,
Жайкын жатып калган жер.
Семетей, Бакай, Күлчоро,
Камбардын уулу Канчоро,
Аттанып чалгын чалган жер.
Какандын каны манжуну,
Андымак болуп калган жер.
Эр Семетей баатырды,
Айкожо Бакай асылды,
Ушу жерге таштайлы.
Какандан келген манжунун,
Кылган ишин баштайлы.
Тоо таянып жөө басып,
Басып жүргөн андан көп.
Томурайып жыгылып,
Жатып аткан мындан көп.
Айзза тийип жырылып,
Кан куюлуп салаалап,
Өлүп аткан мындан көп.
Калмак, кытай кесиби,
Колу, бутун талкалап,
Сөгүп аткан дагы бар.
Өлгөнүнүн этин жеп,
Басып жүргөн дагы бар.
Күлчоро. Бакай, Семетей,
Кайраттуу бала Канчоро,
Бул үчөөнү көргөндө,
Кол көтөрүп багынып,
Кудай билет чын болсо,
Багындык деп жалынып,
Кармашкан жоого баш кетет,
Тил кесилбейт турбайбы.
Багынганын жыйган жер,
Баатырлар кайрат кылган жер.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Айла болор бекен деп,
-Калың элден айрылып,
Бээжин менен Каканга,
Кантип туруп этем-деп,
Ачкан көзүн жумултуп,
Алгараны кубултуп,
Жыртык тердик салган жер.
Бээжиндин каны Коңурбай,
Кудай билет чын болсо,
Манастын уулу эсерди,
Берер бекен көсөрдү.
Адамдан башка айлакер,
Аңдып катып калган жер.
Ат болушка салышып,
Семетей, Бакай жарышып,
Эки баатыр, эки эр,
Үзөңгүлөр кагышып.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Шайымбет менен Акбала,

Кечээ калмак кырганда,
Кыргын салып турганда.
Ата-энесин сойгондо,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Айлын кырып койгондо,
Ай бүркөлүп тутулган.
Шайымбет менен Акбала,
Жетелешип жөө качып,
Экөө аман кутулган.
Ашуу ашып, тоо басып,
Алда таала кудурет,
Асип берет ар кандай.
Эки жетим жөө качып,
Түндүктүн тоосу бийикте,
Бийикте жүргөн кийикти,
Балдар көзүн салган жер.
Жердин чөбү аш болуп,
Өлбөй тирүү калган жер.
Акбала менен Шайымбет,
Ак саамайын өргөн жер.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кылычы санда кылактап,
Астындагы аттардын,
Кыл куйругу булактап.
Айбалта санда шалкылдап,
-Абабыз Бакай экен -деп,
Ак сакалы жаркылдап.
Буурулду минип болкоюп,
Манастын уулу Семетей,
Адамдан башка зуңкуюп.
Алтын кемер курчанып,
Мажиктин уулу баатырдын,
Айдай бетин нур чалып.
Камбардын уулу Канчоро,
Уу ичкендей кумсарып.
Акбала менен Шайымбет,
Шаңын көрүп алган жер.
Ысык-Көлдүн четине,
Ошо төртөө барган жер.
Ат чалдырып токтолуп,
Коё берип откоруп.
Асманда жылдыз боз эле,
Жамгырчы менен Семетей,
Акыреттик дос эле.
Баатыр бала кан жолдош,
Көңүлү көпкө бөлүнөт,
Тентип жүргөн эки жаш,
Элестеп көзгө көрүнөт.
Экөөнү көрүп төртөөнүн,
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Эр Күлчоро кеп сурайт,
-Эмине көрдүң-деп сурайт.
Шайымбет бала кеп айтат,
-Айлыма чабуул салганда,
Караламан калың кол,
Келип каптап калганда,
Эр бүлөнүн баласын,
Көчөгө айдап кырганда.
Кыргын салып турганда,
Менин атам Жамгырчы,
Мылтык алып ок атып,
Катуу кайрат кылганда.
Түштү кытай колуна,
Эки колун байлады,
Байлап алып айдады.
Энем колдон кармады,
Экөөнү бирдей кылычтап,
Кан көчөгө жайлады.
Түнөргөн калың түптүү бак,
Бөбөгүмдү жетелеп,
Күнү-түнү үч күнү,
Жан калкалап мен жаттым.
Айдап элди кырышты,
Ошондо көрдүм кылычты.
Кырып коюп эченди,
Көчөгө өлүк жыйышты.

Ай бүркөлүп тутулуп,
Ата-энемден кутулуп,
Кылычтап башын алганда,
Кыла турган айла жок,
Кыйкырыкты салганда,
-Эр бүлөнү койбо-деп,
Эр Коңурбай барганда,
Атылып мылтык тарсылдап,
Айбалта кылыч жаркылдап.
Тал-теректи кыйратып,
Ургачынын баарысын,
Айдап чыкты чубатып.
Эркектердин баарысын,
Атып турду сулатып,
Дубалдарды кулатып.
Буйругу экен кудайдын,
Алакандай жер үңкүр,
Башын катып даладалап,
Элдин баарын талкалап,
Чаап кетти көп аскер.
Шаардын баарын талкалап,
Эл бүлөнүн баарысын,
Атып кетти талкалап.
Аскер жолго салган соң,
Эл кырылып калган сон,
Атам менен энемдин,
Экөөнүн каны төгүлүп.
Кабыргам жаман кайышып,
Омуртка сөөгүм майышып.
Бөбөгүмдү жетелеп,
Араң чыктым бөлүнүп.
Жүрбөгөнүм көр болду,
Жебегеним бок болду.
Бөбөгүдү коштодум,
Жердин чөбүн оттодум.
Өлөйүн дедим арымдан,
Бөбөгүмдү жетелеп,
Бу жанымда барынан,
Катар-катар тоо бастым,
Бир канчалык жол бастым.
Белес-белес бел аштым,
Бир канчалык жер бастым.
Өлөйүн деп ойлонуп,
Сабыр кылып токтодум.
Заман кандай болду деп,
Бөбөгүмдү жетелеп,
Зарылып ыйлап боздодум,
Талаанын чөбүн оттодум.
Жер чөбүн жесем аш болду,
Эки бутум ат болду.
Куурайды жесем төө болду,
Жалбырак жесем сүт болду,
Бассам бутум күч болду,
Деп ошентип Шайымбет,
Айтып турат көргөнүн.
Ата-энеси өлгөнүн,
Манастын уулу Семетей,
Эки бирдей жаш бала,
Шайымбет менен Акбала,
Кызыл өңдөн азышып,
Кыйла жолду басышып,
Кыйналып азап тартышып,
Булут ойноп бузулуп,
Ошо болгон казаттан,
Калган экен кутулуп.
Көп ойлонуп, зарланып,
Бакай менен Семетей,
Күлчоро менен Канчоро,
Жакаларын кармашып.
Баатыр Чоро кеп сурайт,
-Шай колдогон бала экен,
Капыр менен мусулман,
Казат кылып кармашып,
Бээжиндин каны манжуну,
Ала албадык адашып.
Капыр менен мусулман,

Ажырашып бөлүндү.
Кара жердин үстүнө,
Кара кан агып төгүлдү.
Көрөсүңбү өлүмдү,
Карга, кузгун тойду -деп,
Калаада иттин баарысы,
Баары бөрү болду -деп.
Мемиреп чети көрүнгөн,
Үстүнө ырыс төгүлгөн.
Мына бу турган Ысык-Көл,
Айланайын ыйлаба,
Абакеңди кыйнаба,
Кайда жатып келдиңер?
Бакай, чоро экенин,
Бизди кантип билдиңер?
Жетелешип алышып,
Кол кармашып жарышып.
Кантип басып келдиңер?
Чоро сурап турганда,
Мына бу турган кызыл туу,
Орто жери аккан суу.
Капчыгайы тар экен,
Ушу тоонун боорунда,
Карагайы бар экен.
Карап турсак ошерде,
Бири-бирин жетелеп,
Жөө басып темселеп,
Жыгылганды биз көрдүк.
Улуу суунун боюна,
Кызыл тоонун оюна,
Кырылганды биз көрдүк.
Түн жамынып биз келдик,
Муруттарын сербейтип,
Жыгылганды биз көрдүк.
Өлгөндөрдү карасак,
Арка чачы үксөйүп,
Муруттары сексейип,
Түрү башка көрүнөт.
Таң атканджа кайрылып,
Бир коктуга жашынып,
Карап жатсам ошерде,
Кара ат минген бир киши,
Далыга мылтык асынып,
Айзасы бар карыда,
Мылтыгы бар далыда.
Маңкаң-маңкаң бастырып,
Доңкөң-доңкөн желдирип,
Аккан сууну бойлоду.
Суу бойлогон буруттар,
Аны атып койгону.
Астындагы атынын,
Сорусуна салды -деп,
Аркар атып артынан,
Турбай кетип калды-деп.
Артынан ээрчий карасам,
Ажыдаар түрү бар,
Адамдан башка сүрү бар.
Мобу көлдүн четине,
Барды жакын жээктеп.
Карап турсам ошону,
Түшүп атын жетелеп,
Ошол ыраак кете элек.
Көрүп туруп ойлодум,
Коңурбай деп болжодум.
Дагы айтып Шайымбет,
Көргөнүмдүн баарысын,
Даана айтып Шайымбет.
Семетей менен Күлчоро,
Айкожо менен Канчоро,
Талаанын чөбүн оттогон,
Тизгиндери түйүлүү,
Ээрлери токулуу,
Кудай билет чын болсо,
Аркар, кулжа аралаш,
Аттын шаңы көрүнөт.
Талааны жойлоп эт жеген,

Мылтык атса кетпеген,
Иттин шаңы көрүнөт.
Карап турса баатырлар,
Аркар менен аралаш,
Канчоро менен Күлчоро,
Ат болушка салышып,
Атка минип жарышып,
Айбалта, кылыч кагышып,
Талаада жүргөн аттарды,
Матай менен Бакайга,
Айдап алып барышып.
Атты айдап токтотуп,
Кудай билет чын болсо,
Аркар моюн кызыл көз,
Ошол аттын ичинде,
Бир башка жылкы көрүнөт.
Жабуусу бар соoруда,
Ээри бар жонунда.
Арта салган куржуну,
Азык-түлүк дагы бар.
Аттын түрү бир башка,
Сопол куйрук туучунак,
Түрү башка жаныбар.
Аны кармап келди эми,
Шайымбетке берди эми.
Айдап кетсе жылжыган,
Туяктан ташы ыргыган.
Алтын ээр, камкор каш,
Пахта жибек бастырган.
Аккеле менен көк шалдап,
Ортосуна жаткырган.
Кош алакан басмайыл,
Арта салып тарттырган.
Ок дарысы артылуу,
Муну кармап келди эми,
Акбалага берди эми,
Балдар атка жетти эми.
Эр жалгызы Семетей,
Абакеси кан Бакай,
Арта тууган Күлчоро,
Баатыр бала Канчоро,
Шайымбет менен Акбала,
Уктаса уйку ачылып,
Бу төртөөнү көргөндө,
Көңүлдөрү жазылып.
Жоо мылтыгын асынып,
Шайымбет бала ойлонуп,
-Ата-энем өлгөндө,
Ичиме түштү убай-деп.
Берер бекен калчаны,
Жараткан алда кудай-деп.
Калча тийсе колума,
Кара жерге от жагып,
Майын кесип сызгырып,
Этин кесип бышырып,
Аяш ата Семетей,
Калдай камап келгенде,
Ай караңгы түн болбой,
Атка минер күн болбой,
Баса турган жер болбой,
Маана кылар эл болбой.
Кан төгүлүп жерге агып,
Басып жүрдүм саргайып.
Шайымбет айтып турган жер,
Семетей, Бакай эки шер,
-Айланайын жетимдер,
Бекинип каткан жер болсо,
Токтолуп аткан эл болсо,
Биз чалгынга барабыз,
Талаада калган ат болсо,
Айдап жыйып алабыз.
Аттын оозун бурба-деп,
Айланайын жетимдер,
Биерге токтоп турба-деп.
Аяш энең Каныкей,
Барып кабар салгыла,

Айчүрөк багат аркалап.
Аттанып чалгын чалабыз,
Оргун менен Илеге,
Ошого чейин барабыз.
Орун алган кытайды,
Ошерге атып салабыз.
Таза жүргөн калмакты,
Таласка айдап барабыз,
Малай кылып алабыз,
Баатырлар айтып турган жер.
-Кагылайын абалар,
Эки чоро абалар.
Атка минбей жөө басып,
Азапты көрдүм бир канча.
Жараткан кудай жалгыз ак,
Кабылар бекен чоң калча.
Мен да кошо барам-деп,
Чалгынды кошо чалам-деп,
Бала болбой дегдеди.
Ысык-Көлдү жээктеп,
Кудай билет чын болсо,
Акбаланы алышып,
Канчоро, Бакай калышып,
Семетей менен Күлчоро,
Жүрдү экөө жарышып.
Шумдукту баатыр көрүүгө,
Билгенин жанга береби.
Ысык-Көлдү бойлошуп,
Шайымбетти ээрчитип,
Мылтык атып ойношуп,
Бирге жолго салган жер.
Бээжиндин каны чоң манжу,
-Семетей дардаң киши эле,
Күлчоро кыяр ит эле.
Бакайы башка жан эле,
Билгирлиги бар эле.
Манастын уулу Семетей,
Көрүнөйүн көзүнө,
Ачып көзүн жумултуп,
Алгараны кубултуп,
Сактан кийип алган жер,
Жаман кийим кийинип,
Арка чачын түйүнүп,
Кудай билет чын болсо,
Жумган көзү ачылып,
Калган экен Коңурбай,
Акыл ойлоп жашынып.
Күлчоро менен Семетей,
Кошо жүрүп Шайымбет,
Кош басмайыл ак тасма,
Коңурбайдын амалы,
Чочконун ойлогон ою бир башка.
-Семетей коё берди –деп,
Бээжиндеги бектерим,
Какандагы кандарым,
Бели катуу шерлерим,
Кудай билет чын болсо,
Менин жолдош эрлерим,
Булар аман калды-деп.
Алдындагы кара атты,
Манастын уулу Семетей,
Какандын каны Коңурбай,
Кароoз калып алган жер.
Сынык мүйүз кара өгүз,
Алган аны кубултуп,
Амалдуу калча барган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Агарып аккан кашка суу,
Кара өгүздү камчылап,
Көзүнүн жашы тамчылап,
Кийген кийми салбырап,
Кудай бетин көргөзбө,
Буркурап ыйлап жалдырап.
Канкордун уулу дардаңдын
Как астында буркурап.
Амалдуу калча барганда,

Семетей баатыр кеп сурап,
-Тентип жүргөн сен кимсиң?
Минериңе ат болбой,
Киериңе тон болбой,
Азыгың жок жаныңда.
Кармап алып Семетей,
Калчаны сурап турган жер.
Калча сөзүн бурган жер,
Баатыр Манас чапканда,
Каканга казат барганда.
Он алты кан мусулман,
Он беш менен кырк бештин,
Аскер кылып алганда.
Англис менен Бараңдан,
Андан аскер алганда.
Аскер болуп барганы,
Баатыр Манас зор баатыр,
Бар экенин билбеймин,
Какандагы калмактын,
Колуна түшүп калгамын.
Мусулман болсо келер деп,
Таластын шаарын алам деп,
Барып шаар салам деп,
Аскерин курап турганда,
Коңурбай кайрат кылганда,
Жыйып аскер алганда,
Бээжинден чыгып жол жүрүп,
Мусулманды чабам деп,
Аскерин жолго салганда.
Мени кармар киши жок,
Мени менен иши жок,
Мен Бээжинде калганда,
Кара өгүз минип качтым мен,
Канча жолду бастым мен.
Кызыл өңүм саз болуп,
Кыйла жерди аштым мен.
Жайы-кышы бир жылы,
Кыналып азап тарттым мен.
Буурул сакал көк ала,
Менин атым сурасаң,
Угуп турчу жаш бала.
Менин атым Акылбек,
Бээжинге Манас барганда,
Мени аскер алганда.
Ак шайы кийип созулуп,
Аскерлерге кошулуп,
Казат кылып кан төгүп,
Катуу уруш болгондо,
Бээжинден чыгып бир мерген,
Аккула окко учурган.
Алмамбет менен Чубакты,
Атып шейит кечирген,
Ажалын кудай жеткирген.
Аман болсо ошолор,
Каканга сурак кылмакпыз,
Какан менен Бээжинге,
Кармап жыргап турмакпыз.
Баштап жүргөн эки шер,
Алмамбет, Чубак эгиз эр,
Ажалы туура жеткен соң,
Аткан окко кеткен соң,
Баатыр Манас асыл жан,
Балта тийип башына,
өлүм келип өзүнө,
Тополоңу тоз болуп,
Толгон киши жок болуп,
Калмак кытай колуна,
Кармалып калдым зарылып.
Кагылайын атың ким?
Мен кудайга ыраазы.
Оюу башка чон калча,
Семетейден кеп сурап,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Муңканып ыйлайт оңбогур,
-Суркоён болсо койбойт деп,
Суркоён минип созулуп,

Күлчоро келсе кошулуп,
Суркоён бутун байласам,
Аттанып жолго мен салып,
Семетейди алдасам.
Амалы бар чоң манжу,
Алдап турат баатырды,
Мен Акылбек дегенде,
Кудай билет чын болсо,
Ардеме түшпөй оюна,
Бээжиндин каны чоң калча,
Ошону менен баатырдын,
Эки жолу түштү колуна.
Манастын уулу дардаңдын,
Таш байланды жолуна.
Ал аңгыча болгон жок,
Суркоён минип созулуп,
Күлчоро келди кошулуп.
Сууруп кылыч аларда,
Шумурайтып калчаны,
Башын алып саларда.
Кылычын кындан аларда,
Кыя чаап саларда.
Суркоён менен демитип,
-Кайдан келген шумдуусуң,
Азгыруучу окшойсуң,
Эмине ыйлап боздойсуң.
Эр Күлчоро кайран эр,
Алдыга айза алган жок,
Айза менен сайган жок.
Кылычын кындан алганы,
Кыналып жакын барганы.
Алтымыш атын миң дуба,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Күлчоронун Суркоён,
Бутун байлап салганы.
Кылыч менен чабарда,
Канкордун уулу Семетей,
Эр Күлчоро баатырды,
Кучактап кармай калганы.
Кудай билет чын болсо,
Айбандан күлүк Суркоён,
Амалы бар чоң калча,
Бутун байлап салганы.
Кара өгүз минген Асылбек,
Андай-мындай дегиче,
Күлчорону токтотуп,
Манастын уулу Семетей,
Баатыр кебин айткыча,
Кара атты минип созулуп,
Качып калган жери ошо.
Суркоён буту байланып,
Будаланып калган жер.
Белине кемер бууган жер,
Кудай билет чын болсо,
Манастын уулу Семетей,
Амалы бар калчаны,
Артынан түшүп кууган жер.
-Кылдың эсер, кылдың-деп,
Күлчоро минген Суркоён,
Будаланып калган жер.
Арстан Бакай Айкожо,
-Алакөөдөн, ит дардаң,
Жоо калчага алданып,
Түшөт калча колуна.
Буурул атты карматып,
Бакай келет бакырып,
Кудай билет чын болсо,
Манастын уулу Семетей,
Көтүнөн түштү созулуп.
Жоо калмакты качырып,
Алгара минип мунарып,
Канкордун астындагы буурулду,
Аламын деп кубанып.
Колго тийсе буурул ат,
Кызыталак канкордун,
Ишенген атын алган соң,

Заманасы куурулат.
Канкордун уулу Семетей,
Кудай бетин көргөзбө,
Чоң манжуну кууган жер,
Туучунак минип кошулуп,
Шайымбет келет созулуп.
Кара сайдан өткөндө,
Этек жеңи жайылып,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Алгара оозун жыйган жер.
Ала көөдөн баатырга,
Ар түрдүү амал кылган жер.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Астындагы Алгара,
Суусун салып турган жер.
Андан жетип саям деп,
Мынданда өтүп саям деп,
Өйдө-өйдө жер келсе,
Өксүтүп кетет чоң манжу.
Ылдый-ылдый жер келсе,
Жаза-буза сайдырып,
Анда-мында бүгүлүп,
Астындагы союлгур,
Кээ жерде токтобой,
Ала качып жүгүрүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Буурул атты алам деп,
Бел байлаган жери ошол.
Ат тизгинин бурушуп,
Кудай билет чын болсо,
Аял кылып токтолуп,
Жаза-буза сайдырып,
Канкордун уулу Семетей,
Алдындагы бурул ат,
Кара терге чумулуп,
Омуроодон чыккан тер,
Жерге агып буурчактап.
Кудай билет чын болсо,
Манастын уулу Семетей,
Какандын каны Коңурбай,
Кантер экен бурут деп,
Куйругун жайып суналып,
Чарчап калган эмедей,
Коңурбайдын Алгара,
Төшү жерге кыналып,
Башын жерге салгансып,
Алгара баспай калгансып,
Амалы бар чоң манжу,
Баатырдын уулу Семеңдин,
Жанында Чоро жогунан,
Качып берип камданып,
-Аты баспай калды-деп,
Берди кудай, берди-деп,
Өлүүчү кезек келди-деп,
Манастан калган бөрү тил,
Катуу кармап сунган жер.
Канкордун уулу баатырды,
Жоо калмакка алдатып,
Баатырды кудай урган жер.
Кечээ атамды кармап жайлаган,
Айланайын абаке,
Айзанын учун майлаган,
Кылычтын мизин кандаган.
Жамгырчынын жалгыз эл,
Кыргын салып жайлаган,
Алдындагы Алагара,
Башын жерге салыптыр,
Аты баспай калыптыр.
Туучунак оозун буруптур,
Коңурбайды мен саям,
Кагылайын абаке,
Ат тизгинин керип тур,
Буурул атты берип тур.
Тээтиги турган манжуну,
Качырып айза салайын.

Айдалынын күзгүгө,
Чоң күрөктүн үстүнө,
Мен манжуну саяйын.
Жыга сайып чочкону,
Кара чоктуу калчаны,
Көргөздү мага канчаны.
Айзаңды бергин саяйын,
Атыңды бергин минейин.
Аты баспай калыптыр,
Кызыталак манжуга,
Баабединге жалынып,
Бакырып айза салайын,
Бир өчүмдү алайын.
Жаш бала жандап кеп айтып,
-Айза менен атыңды,
Айланайын абаке,
Мага бергин-деп айтып.
Эр Коңурбай чоң калча,
Эр Семетей жеткенде,
Кармаша турган ал канча.
Колундагы сыр найза,
Шайымбет колго алаган жер.
Өлүүчү жерге сайгын деп,
Манастын уулу көсөр эр,
Аттан түшө калган жер.
Шайымбет ыргып минген жер,
Кош колдоп айза алган жер.
Атаңдын көрү арман күн,
Чоң Коңурбай дөө манжу,
Созулуп качып калган жер.
Белине кемер бууган жер,
Бала чунак Шайымбет,
Карагай найза сундуруп,
Көтүнөн түшүп кууган жер.
Амалы бар чоң калча,
Шайымбетте ал канча.
Баскан жери жарылып,
Эр Коңурбай манжунун,
Кудай билет чын болсо,
Топурагы төгүлүп,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Оолактады чоң манжу.
Томуктай болгон баланы,
Семетейден бөлүнүп,
Он чакырым барган жер.
Бала чунак Шайымбет,
Жакын жетип калган жер.
Адамдан чыккан алп эле,
Капырлыгы болбосо,
Кудай билет чын болсо,
Шайымбет жакын барганы,
Жандап жетип калганы.
Томуктай болгон баланы,
Шап далыдан алганы.
Алдындагы Алгара,
Өйдө жолго салганы.
-Ай бекзат эсер-деп,
Ардансаң өлүп кетер-деп,
Тайбуурулду жетелеп,
Шайымбетти бөктөрүп,
Өрттөй көзү кызарып,
Өрдөктөй мойну узарып,
Шамдай бети кызарып,
Каздай мойну узарып,
Канкордун уулу дардаңдын,
Муунабай белин омурду.
Шайымбет менен Буурулду,
Экөөнү алып Коңурбай,
Бурулбай жолго салганы.
Канкордун уулу Семетей,
Бала менен Буурулдан,
Экөөнөн бирдей айрылып,
Кан талаада калганы.
-Өзүмө өзүм кылдым -деп,
Эмине өлбөй жүрдүм -деп,
Бул жорукту күйдүм-деп,

Буура төөчө буркурап,
Манастын уулу Семетей,
Муңканып ыйлап зыркырап,
Өлүмдөн калган баланы,
Жанга өлчөгөн буурулду,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Экөөнү бирдей алган жер.
Как талаада кайгырып,
Экөөнөн бирдей айрылып,
Манастын уулу калган жер.
Жаш бала айза салабы,
Коңурбайды саябы,
Манастын уулу дардаңдын,
Мүшкүл түшүп башына,
Кайгырып ыйлап атына,
Калды дардаң талаага.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кайгырып ыйлап балага.
Жеңген жоого алдырып,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Жараткан алда бир кудай,
Не жасаган башында,
Калдым жетим жашымда.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Алып койсо не болот,
Алты жашар жашымда.
Туучунак оозун бурган жер,
Тегеренип болкулдап,
Жер таянып солкулдап,
Семетей ыйлап турган жер.
Суркоён баспай сандалып,
-Эмине болду экен-деп,
Алакөөдөн жан эле,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Ар түрлүү амал бар эле.
Кээ жерде жөө басып,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кээ жерде ат минип.
Как талаада темселеп,
Суркоён баспай калган соң,
Жөө басып жетелеп,
-Канкор кайда барды экен,
Кудай бардыр канкорго,
Кара көзүн оёрдо,
Башын алып коёрдо,
Кайнаган менин шорума,
Кармады менин колуман.
Баатыр бала Күлчоро,
Муңканып ыйлап бурулуп,
Кудайга үнү угулуп.
Как талаада жаткан жер,
Канчоро, Бакай тапкан жер.
Суркоёнду караса,
Кайчы үйрүп салгандай.
Кармап кеткен Коңурбай,
Өрө чидер салгандай,
Байлап кеткен Коңурбай,
Канчоро, Бакай барган жер.
Байлап турган чородон,
Жайын сурап калган жер.
-Кара таштын үстүнө,
Как алтымыш бир көл четинен,
Кашаң кара уй минген,
Бир абышка кармадым.
Башын чаап салам деп,
Кылычты колго кармадым.
Оңолбогон жалгызың,
Колумдан кармай калганы.
Будаланып турганы,
Мага кудай кылганы.
Кайра карап тургуча,
Качырып башын алгыча,
Башын алып салгыча,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Бул кубулуп алыптыр.
Алгара менен созулуп,

Кара өгүз минген абышка,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Коңурбай болуп калыптыр.
Астындагы Коёндун,
Бутун байлап салыптыр.
Артынан түшүп кубарга,
Канкордун уулу Семетей,
О, каран күн абаке,
Моминтип калдым убалга.
Баатырдын уулу Семетей,
Ар качандан бир качан,
Адамдын тилин албаган,
Кечээ Коңурбай келип кабылып,
Өлтүрөм деп Күлчоро,
Кылычын алып чамынып,
Канкордун уулу баатырдын,
Кечээ Коңурбайды кармаган,
Мөөрүн берип алдаган.
Муну билбей Семетей,
Томуктай болгон балага,
Атын түшүп мингизип,
Амалы артык калчага,
Эсерлигин билгизип.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Шайымбет менен баланы,
Коңурбай кармап алган жер.
Манастын уулу Семетей,
Жалгыз шамдай кокоюп,
Как талаада калган жер.
Кайраттуу бала Күлчоро,
Бул жанына барган жер,
Канчоро, Бакай келген жер.
Канкордун уулу Семетей,
Киерерине көр таппай,
Басарына жер таппай.
Ок тийгендей шалдайып,
Калган экен далдайып.
Айкожо Бакай кеп айтат,
-Мен садагаң кетейин,
Канкордун уулу эсердин,
Ушуну менен үч кылды,
Жараткан кудай жалгызек,
Бизди кандай туш кылды.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Буурул атты алган соң,
Шайымбет кетип калган соң,
Артыкча жаман иш ошол.
өз билгенин кыласын деп,
Билгениндей жүрсүн деп,
Талас менен Кең-Колду,
Жердеп жүрүп нетейин.
Аргын менен ногойду,
Элдеп жүрүп нетейин.
Жүргүн чоро кетели,
Алакөөдөн чунактын,
Жанына турбай кетели.
Биз Таласка баралы,
Азапка тууган Каныкей,
Амандашып алалы.
Кол кармашып көрүшүп,
Эне болгон Чыйырды,
Жилик майын көп таттык,
Эмчегинен өбүшүп,
Аргындын эли карыга,
Амандашып баарына,
Кара тумшук огойдун,
Өлгөндөн калган карыга,
Учурашып баарына.
Кең-Кол бизге жер эмес,
Ай Күлчоро кебимди ук.
Манастан калган курган журт,
Ушу бизге эл эмес.
Кыл сакалым бурадым,
Касай арманым айтайын,
Бу Семетей сен үчүн,
Кысталып жүрүп куурадым.

Ак сакалым бурадым,
Бир Семетей сен үчүн,
Азапты тартып куурадым.
Манастан калган эл үчүн,
Жетим калган сен үчүн,
Сакалымдын агында,
Сапар кетер чагымда.
Мурутумдун агында,
Букар кетер чагымда.
Узарып жашым өткөндө,
Убагым жакын жеткенде.
Каныкей алган кара тон,
Эминеге кийдим мен.
Семетей киши болот деп,
Эмине ээрчип жүрдүм мен.
Канатыман кайрылып,
Караңгы түнгө кабылып.
Канкордун уулу Семетей,
Калган экен кайгырып.
Айбаты бар жан эле,
Алмаңдан калган бала эле.
Эр Күлчоро былк этпейт,
Оозун ачып тырп этпейт.
Акбала ыйлап бакырды,
-Жалгызымдан айрылып,
Кантип тирүү жүрөм-деп.
Көтөрдү заман акырды,
Канчоро ыйлайт буркурап,
Акбала ыйлайт чыркырап.
Аны көрүп турганда,
Кайраттуу баатыр Күлчоро,
Сыздайт сөөгү зыркырап.
Семетей кантер экен деп,
Акылдуу Бакай кеп айтат.
-Бизге кудай берет-деп,
Айланайын жетимчем,
Семетейге айтпагын,
Биз кайрылып алалы.
Кетебиз деп Таласка,
Береги турган алтымыш көл,
Тегеренип баралы,
Бастырып чалгын чалалы.
Манастын уулу эсердин,
Эптеп атып алдым деп,
Ээчип жүргөн баласын,
Ат сооруга салдым деп,
Алакөөдөн буруттун,
Атын алып келдим деп,
Буруттун белин сындырып,
Бакай деген абасын,
Маңдайында шамы өчүп,
Күлчоро деген баласын,
Күйгөн шамы дагы өчүп.
Айла кылбайт Канчоро,
Алдым бурут бууданын,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кара-Буура, Чаткалга,
Кудай билет чын болсо.
Өлгөнүнөн калганы,
Жыйылышып жатканда,
Какандын каны чоң манжу,
Бээжинге кабар салдырып,
-Талабыма жеттим-деп,
Азык-түлүк алдырып,
Эчтемени болжобой,
Күлчоро менен Бакайдын,
Бар экенин ойлобой.
Алгараны агытып,
Алты ай миндим казатка,
Эти качып калды-деп.
Кудай билет чын болсо,
Калмак, кытай бириксе,
Кан Коңурбай төрөсү,
Кытай калмак баарысы,
Жерди жердеп алгансып,
Буурул ат менен Шайымбет,

Бул экөөнү алганга,
Бакай менен Күлчоро,
Манастын уулу Семетей,
Камбардын уулу Канчоро,
Төртөөн жеңип салгансып.
Дөө Коңурбай чалкалап,
Кудай билет чын болсо,
Жатып калган жери ошол.
Манастын уулу Семетей,
Узун бою пас болуп,
Кызыл өңү саз болуп,
Эр Семетей абайлайт.
Бакай менен Күлчоро,
Ушул экөө кас болуп.
Бул экөөнөн айрылып,
Кантип барам кайрылып.
Атаны арман дүнүйө,
Каныкей менен Чүрөккө,
өлгөндөн калган элиме,
Талас, Кең-Кол жериме,
Талаада калган элиме,
Кантип барам кабылып

Коңурбайдын Семетейге кылган окуясынын жана Семетейдин Тайбуурулду алдыргандагы уландысы.

Семетей Тайбуурул менен Шайымбетти Коңурбайга алдырып жиберип, өзү жалгыз келет. Бул кабарды уккан Күлчоро аябай кайгырат да, Бакай менен Канчорого барып айтат, үчөө келип Семетейди жемеге алышат. Ошондо Күлчоро менен Бакай кеңеш куруп, менин оюма койсоң мен силерге бир сөз айтайын дейт. Бакай макул болот. Семетейге келгенде Күлчоро ачууланып, өзүңө өзүң кылдың менин тилимди албай калмак деп калдың, Шайымбет менен Буурулду алдырдың дейт. Эми мен калмак ата Коңурбайга кетемин сен өз билгениңди кылгын дейт да аттанып жөнөп кетет. Семетей чындап Күлчоронун кеткенине аябай ичи күйүп, ыза болуп ыйлайт. Үчөө издеп чыгат таппайт. Бакай гана Семетей менен Канчорого билинбей Күлчоро менен кеңешип акыл курушат. Күлчоро Коңурбайга барайын дейт. Балким алдынан колго түшөр деп ой кылат. Бакай бул оюн туура табат. Күлчоро Семетей менен Бакайды жамандап кат жазып алып, арык Суркоёнду коё берип жаткан жеринде Мурадылга кат келет. Мурадыл коркот. Күлчоро эч жараксыз жанына барып, Семетейден кеттим, мусулмандан кеттим деп кат берет. Катты алып Мурадыл Коңурбайга барат. Катты окуп чын эле Күлчоро өз дининен кетип, Семетей Бакайды таштаган экен деп ишеним кылышат.

Ошо катты бергенден кийин Күлчорого өзү да барып калат. Аттан түшүп Коңурбайга калмакча сүйлөп, таазим кылып баш урунат. Каттагы окуяны кайра баштан айтып, Коңурбайды ишендирет. Ошентип, Күлчоро алардын ишенимине өтөт. Коңурбай аны чалгынга жиберет. Анткени Коңурбай Бакайдан коркот. Жер чалып алардын кабарын алып кел дейт. Күлчорого Туучунакты берет Күлчоро Суркоёнду кое берип, Туучунакты

токунуп, аттанып жөнөйт. Бакайларга келип болгон окуяны түшүндүрүп, кайра кат жазат. Катта Семетей менен Бакай багындык деп жазышат да мөөрүн басышат. Күлчоро кайра кетет. Кайра барганда катты окуп дагы ишенет да эми экөөнү өзүң ээрчитип келгин дейт. Ошондо Күлчоро амал кылып Шайымбет менен Буурулду алып барбасам алар мага ишене бербейт дейт. Экөөнү берет бирок ишене бербейт. Күлчоро бутка жүгүнүп, чокунуп Коңурбайды ишендирет. Ошентип Күлчоро Шайымбет менен Буурулду алып чыгат. Күлчорону Семетей менен Бакайды алып келүүгө кайра жиберет. Шайымбетинин билген Күлчоро Суркоёнду агытып Телкүрөң атты токунат. Кайра да келип. Күлчорого жана төрт баатыры келип, өздөрү биз менен акылдашасың биз анык багындык силердин динге өтүп беребиз дейт. Бул катты алып барганда Коңурбай дагы ишенбей Мурадылды жиберет. Ал келсе куралган колу жок, өздөрү жайдак олтурат. Ошондо Коңурбай Нескара, Эшим, Байкоңурду ээрчитип, Семетейдин алдына келет. Аскери да барабыз дегенди Күлчоро токтотуп коёт. Алардан мурда Күлчоро Айчүрөк менен Каныкейди мага тартууга бересиң деп кат жазат Семетейге берип коёт. Келип отурганда Семетей катты берип өзүнүн таарынгандыгын айтат. Ушул жерден төртөө тең колго түшүп башы алынат. Мурадылды колго түшүрүп жеңип багынтат.

## МАЗМУНУ

Ажыбайдын Айчүрөккө айтып турган кези . . . 3
Күлчоронун окуясы . . . 156
Семетей атасынын кунун кууп, казат баштайм деп даярданып жатышы . . . 181
Айчүрөктүн Семтейге айткан осуяты . . . 204
Айчүрөк менен коштошуп төрт баатырдын жолго чыгышы . . . 215
Семетейдин Коңурбайдан атасы Манастын кунун куушу . . . 277
Семетей менен Коңурбайдын салгылашы . . . 285
Күлчоро менен Бакайдын окуясы . . . 307
Семетейдин атасы Манастын кунун куушу . . . 324
Коңурбайдын көп колу менен жылкыны кууп келиши . . . 347
Семетейдин жоону жеңип тынч алып жаткандагы окуясы . . . 415

*Көркөм-адабий басылма*

**СЕМЕТЕЙ**

**Баатырдык эпос**

**Мамбет Чокморовдун варианты боюнча**

Түзгөн *М. Садыров*
Корректору *М. Садыров*
Компьютерде тергендер *А. Бекболотов, Р. Меерканова,*
*Сабыр уулу Амангелди, М. Садыров,*
*Сагындык кызы Жанар, Өмүралиева Ж.*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Басууга 15.06.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x52 $^{1}/_{8}$. Офсет кагазы.
Көлөмү 72,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № 1649.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, Горький к., 1